Суранчы Жетимишов

# КАЛБАЛУУ КЫЛЫМ АЛАБЫ

## (Хан Кубат)

Тарыхый көркөм баян

***I-китеп***

**УДК 821,51**
**ББК 84 Ки 7-4**
**Ж 64**

Жетимишов С.
**Ж 64** Калбалуу кылым алабы, -Ош:
Кагаз ресурстары, 2016, -400-б.


**ISBN 978-9967-471-00-9**

XVII-XVIII кылымдар аралыгында Ала-Тоону басып кирген жоого каршы аттанып, элди-жерди коргоодо кыргыздын эчендеген эр азаматтары башын сайып, өмүрлөрүн арнаган. Алардын таңкы жылдыздай жарк эткен өлбөс-өчпөс эрдиктери, тарых баракта-рында, эл арасында жашап келет.

Кыргызстандагы айрыкча Фергана жана Чыгыш Түркстан аймагындагы элди ойрот-калмактардын баскынчылыгына каршы күрөшкө баштап, ак кызматын, терең акылын арнаган Кубат бий, Ажы бий өңдүү тарых күүсүндөгү инсандардын эрдиктерин, элди-жерди сүйгөн мекенчил каармандыктарын баяндаган китеп жаштарга, жалпы эле окурмандарга арналат.

**Ж 4702300100-16** **УДК 821,51**
**ISBN 978-9967-471-00-9** **ББК 84Ки 7-4**

© Жетимишов С., 2016



*-Ниети жолдош болсун! деген, элде сөз бар.*

*Ниети таза адамдын келечеги айкын.*

*Ал жаңы максаттар менен  жашайт.*

*Аны аткарууга ого эле түйшүктөнүп, тажабай мээнеттенет.*

*Ак дилден жаралган эмгектин акыбети жемиштүү.*

*Ийгилик менен жашаган адамдын көңүлү куунак, ой чабыты тунук, келечеги багыттуу.*

*Ар дайым жакшылыктарды жаратууга, коомго пайдалуу иштерди аткарууга чечкиндүү кирише алат.*

*Ар бир адам жакшылыкка умтулсун.*

*Ийгиликтердин ээси болсун!*

*Чыгармачылык иште албан түйшүк, чыныгы мээнет бардыгын баалайм.*

***Келдибек Түмөнов,***

*Келечек ААКунун президенти.*

## КААРДУУ ЗАМАНДАН КАБАР БЕРГЕН ЧЫГАРМА

### Баш сөз ордуна

Кылым карыткан кыргыз элинин улуу тарыхынын ар түрдүү доорлорунда, мезгилинде коомдук, саясий, социалдык-экономикалык жана маданий тармактарына өзгөчө салымын кошуп эли, жерине эмгеги сиңген, кадыр-барктуу, нарк насилдүү далай-далай мыкты, чыгаан инсандар болгон. Алардын көбү өздөрүнүн жеке сапаттары, өзгөчө көз караштары, курч, тунук акылы, бекем эрки, адамгерчилиги, тигил же бул татаал маселени чечүүдөгү жоопкерчилиги, жетекчилик жөндөмү, чоң ички жана тышкы саясаттагы көрөгөчтүгү менен айырмаланып келишкени белгилүү.

Кээ бир чыгаан инсандарыбыз кыргыз элинин тарыхый тагдырында бурулуш жасоого, тарыхый-саясий өнүгүүнүн жаңы тепкичине көтөрүүгө аракет кылышып, өз көздөгөн мүдөөсүнө жетишип, кыргыз элинин тарыхый саясий арендагы ордун тастыктап, ролун жогорулатууга жетишкен мезгилдери болгон. Дал ошондой инсандардын аракетинин натыйжасында Борбордук Азия чөлкөмү эле эмес, дүйнөлүк аренадагы эң байыркы элдердин бири - кыргыз эли кайра-кайра өз мамлекеттүүлүгүнө жетишип, этникалык биримдикти сактап, жигердүүлүк менен улуттук мамлекеттүүлүккө жетишип келгени далил. Бул таризде тээ байыркы Барс-бег бабабыз баш болгон, Мухаммед Кыргыз, Акбото бий, Кубат бий, Ажы бий, Атаке бий, Алымбек датка, Нүзүп бий, Ормон хан, Боромбай, Курманжан датка, Полот хан - Исхак молдо Асан уулу, Абдылдабек, А. Сыдыков, А. Орозбеков, Ж. Абдрахманов, И. Арабаев, ж.б. сыяктуу чыгаан инсандардын өмүр-таржымалы, ишмердиги, алардын тарыхый саясий бейнесин эске алууга болот.

Сиздердин назарыңыздарга сунушталган чыгаан тарыхый инсан, кадимки Кубат бийдин тарыхый роман иретиндеги бейнеси. Арийне Суранчы аке дал ошол акыркы мезгилдерге чейин адабий бейнеси ачыла элек Кубат бийдин өмүр таржымалын иликтеп, тарыхый даректүү чыгарма катары кыргыз окурмандарына жеткирүүгө кылган аракети, ар тараптан колдоого татыктуу көрүнүш.

Анткени кыргыз элинин оош-кыйыш катаал мезгилинде, тарыхый-саясий аренага келип, элибиздин, Борбордук Азиячөлкөмүнүн тарыхында олуттуу из калтырган кадимки Кубат бий экени да талашсыз. Биз тарыхчылар ал адамдын тарыхый, саясий бейнесин ар

тараптан иликтеп чыкканыбыз менен окурмандар чөйрөсүнө анын кеңири адабий бейнеси али толук жете элек.

Демек, кыргыз элинин Кокон хандыгынын мезгилинде, Кокон ээлиги, хандыгы түзүлгөндөн баштап ага тең аталаш мамиледе болуп, керектүү учурда чечүүчү ролдорду ойногон кыргыздардын тарыхый исандарынын бири дал ошол Кубат бий болгон.

Кубат бий ошол эле XVIII к. кыргыздардын, Кокон хандыгынын саясий-тарыхый аренасында чоң ролду ойногон, абдан таасирдүү, күчтүү жана чыгаан инсандардан болгон. Ал өз алдынча көз карандысыз саясат жүргүзгөн, кеңири Фергана өрөөнү эле эмес бүткүл Туркестан, Чыгыш Туркестан чөлкөмүндө белгилүү болгон инсан. Кубат бий кыргыздардын кушчу уруусунун чыгаан төбөлү. Бухаралык **«Тарихи-и Рахим хани»** - аттуу тарыхый булакта аны **«кыргыздардын падышасы», «алардын өз алдынча башкаруучусу»** катары мүнөздөшөт. Суранчы аке ошол маалыматтарды эске алуу менен **хан Кубат** деп атаса керек.

Убагында ал кыргыздар эле эмес Кокон хандыгынын да тең аталаш, өнөктөш башкаруучусу катары белгилүү болгону талашсыз. Кубат бий Кокон өкүмдарлары Абд ар Рахим бийдин, Эрдана бийдин таянычы болгон. Акыркынын атынан эл аралык, дипломатиялык мамилелерди жүргүзүүгө толук кандуу түрдө акылуу болгон. Ал жунгарларга каршы кыргыз-өзбек күрөштөрүн да ийгиликтүү жетектеген. Кубат бий 1754-жылы ал Бухара ханы Мухаммед Хаким, Кокон башкаручуусу Эрдана менен бирге Оро-Төбөгө жортуулга катышкан. Келишпестиктерден кийин Эрданадан кол үзгөн Кубат өз алдынча эл ээси, чыгаан мырза, өкүмдары катары бийлик жүргүзөт.

Мухаммед Садык Кашкаринин маалыматы боюнча Жунгар-Калмактарга акршы катуу салгылашып, "Бахадыр бий" титулун алып жүргөн. 1755-56-жж. Кубат бий Чыгыш Туркестанга Кара тоолук кожолордун чакыруусу менен барып, бирок ал жердеги абал менен таанышкандан кийин Кытайлар колдогон Ак тоолук кожолорго чоң саясий, согуштук жардам көрсөтөт. Анын натыйжасында Кубат бий кыска мөөнөттө ал чөлкөмдөгү абдан таасирдүү, күчтүү жана даңазалуу инсандардын бири болгону да маалым. Чыгыш Туркестандын Кашкар шаарында бек болуп 1755-56-жж. башкарат.

А. Валидовдун маалыматары боюнча Кубат эч кимден көз карандысыз болуп, башка башкаруучулар менен каалагандай касташып, достошуп, жерине өзү билгендей сурак жүргүзгөн. Ал өзүнүн кушчу уруусунан бөлөк Аксы, Анжиян тараптагы кыргыздарга да баш көз болгон. Анын ошондогу таасирдүү өкүмдарлар тарбынан ыйгарылган

«Кувад бий», «Кубад бахадур», «Киват мырза» наамдарын алышы да бекер жеринен эмес. Кубат элинин эркиндиги үчүн тынымсыз күрөшкүн өз доорунун улуу саясий ишмери болуп эсептелет. Кубат бий өз элинин тагдырын келечегин ойлоп, кыргыз урук-урууларынын күчтүү союзун түзүүгө жетише алган. Мүмкүн мурдагы бабабыз Мухаммед Кыргызга окшоп кыргыздардын да өз алдынча мамлекетин түзүүгө көп далалат кылгандыр. Мындай божомолго анын көптөгөн бириктирүүчүлүк иш-аракеттери айкын күбө боло алат десек жаңылышпайбыз.

Жазуучу өз чыгармасында кыргыз – кокон карым-катнаштарындагы конкреттүү кыргыз тарыхый инсандарынын ролун так, ачык, кенен жана баса көрсөтүүгө аракет кылганы өзгөчө кубандырат. Айрыкча кадимки Кокон хандыгынын доорундагы кыргыз элинин чыгаан инсадары, көрүнүктүү саясий, мамлекеттик ишмерлери, тажрыйбалуу дипломаттары, таланттуу аскербашылары болгон кадимки Кубат-бийдин, Ажы-бийдин тарыхый-саясий бейнеси автор тарабынан жеткиликтүү деңгээлде түзүлгөн. Дагы бир жагы ошол доордун жалпы көрүнүшүн, элдин турмушун, маданиятын, каада-салт, үрп-адаттарын, коомдук абалды ар тараптуу чагылдырууга аракет кылган.

Мага окурман катары Суранчы акенин акыркы чыгармалары жакшы таасир калтырып, тарыхчы катары чагылдырган доорлору ынандырып келет. Автордун **«Кыян кечүү», «Албуут дарек издери»** сыяктуу чыгармалары окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынганы да кубандырат.

Калабалуу да, каардуу да замандан кабар берген чыгарманын автору Суранчы Жетимишов азыркы учурдун маданиятынын да, адабиятынын да нукура дыйканы, талыкпаган, чарчабаган каарман элеттик жазуучусу. Китептин бет ачаары алдында айтаарыбыз, Суранчы аке жаңы ийгиликтин ашуусун ашып жатып арыбаңыз, тур-муш жолун арбыта кадамдаңыз, ак эмгектен талбаңыз, эл катарынан калбаңыз, элибиздин-жерибиздин сыймыгы болуп жүрө бериңиз! Сизге ийгилик, **«Калбалуу кылым алабы» (хан Кубат)** китебиңизге ак жол!!!

**Урматтоо менен сиздин окурман,**
**тарых илимдеринин доктору, профессор,**
**Россия так илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти**
**Байболот Капарович Абытов**



*Байыркы ордолуу Оштун, Фергана өрөөнүнүн, Ала-Тоо аймагынын тарыхына тагдыры чырмалышкан кыргыз эли башынан не деген гана азап-тозокторду өткөрбөдү. Жыргалынан кууралы көп, татаал күндөрдө куттуу жер эчен жолу талашка түшүп, жан берип, жан алган, айкаш, кан күйгөн тагдырлар курал менен чечилди. Эчендеген эр азаматтардын эрдиги уламышка айланып, кийинкилер үчүн өлбөс-өчпөс жомок болуп калды.*

*Жомоктун баяны даамдуу болгону менен тагдыры кандуу кармашка, ый-кайгыга, арыз-арманга толо. Аны уккандар аңдаса аңдайт, аңдабаганы «баягы жомок, өткөн бир окуя» деп ойлойт. Элде бекеринен уламыш, жомок айтылбайт. Анын башатында тарых бар. Өткөн окуялар каардуу мезгилдердеги каармандардын кимдигин аныктайт. Идириктүү адам андан сабак алат, ойлонот, көкүрөгүнө жат кылып, эрдитерди үйрөнөт, шыктанат. Элдин-жердин, Ата Журттун асылдыгын, Мекендин кымбаттыгын түшүнөт. Акыйкаттык-адилдиктин, намыс ариеттин баркын, күчүн-тазалыгын үйрөнөт. Жомоктун башы чындык түбөлүктүү, эрдик эч убакта эскирбей, эл арасында жашаарына ынанат.*

*Окурман, жомок айт, тарыхты үйрөн. Баатыр-лардын эрдиктери даңазалансын. Жомок ук, тарых-такталып, айкындалсын. Ошондо гана эчендеген кылымдардын кыйырын кечип, эрдиктерге жык толгон бабалардын таржымалдарынын сыры ачылат. Кан күйгөн катаал мезгилдер артка кайтарылып, өткөндөрдүн кадыры көтөрүлөт. Уккан менен билгендин көңүлү тазарат. Элинин эркиндиги үчүн өмүрүн аябаган эр азаматтардын тагдырлары сабак болуп, акыл-азыгы байыйт. Сенин балдарың адалдыкка, ар-намыстуулукка, кең пейилдүүлүккө, ыйык мекенди сүйүүгө, ак мээнет кылууга тарбияланат.*

*Сенин көкүрөктөгү көрөңгөң да, ата-бабаларыңдын айткан насаат-осуяттары менен көбүрүп-жабырып байыган. Жакшылыкты туя, сулуулукту көрө билишиң, турмуш, жашоону сүйүшүң ата-бабаларың берген асыл мурас-насааттардан. Алардын баскан-турганы, жүрүш-турушттары, бирөөлөргө болгон мамилелери, меймандостугу, кичи пейилдүүлүгү эң негизгиси жөнөкөйлүгү сенде бар. Сендеги жакшылыктар балдарыңа, неберелериңе жуксун. Кыргыз пейили, ылайым эле уланып кетсин.*

*Сен экөөбүз окуп-билип, сырдашып жаткан баян да, ата-бабалардын көп мезгилди камтыган таржымал-тарыхы. Аларды угуп, окуп, үйрөнүп сага айтып жатам. Бүткөн иштин сынчысы көп. «Көп далилдүү окуялар камтылбай калыптыр. Көбү ашыкча болуп кетиптир, антиптир-минтиптир»- деп, кине айтаарың чын. Кемин толукташ, ашыгын алып коюш, өзүңө баглык. Экөөбүз сырдашалы. Калба алабындагы тарыхтын үзүмдөрүн сага тартуулайын.*

*автор*

# *БИРИНЧИ БӨЛҮМ*

Тээ алыскы-алыскы, жер менен асман туташкан аймакка жетип, кызарып күн батат. Дал ошол көрүнүп-күрүнбөгөн боз мунарыктын төбөсөндө катмарланган калың булуттардын караандары дайыма эле турганы турган. Кийинки күндөрү кеч жакындап, күн батаарда көрүнүп-көрүнбөгөн боз мунарыктын төбөсүндө катмарланган кара булуттар адаттан тыш алоолонгон жалынды тумчуктургансып, бирде карарып-түнөрүп, бирде боңгондой кызарчу болду. Кээде бозомук түскө калдайган караан аралашып, өрт чалган аймактан суурула чыгып, акырын алга илгерилегенсийт. Батыш тараптагы булут сымал карарган баш-аягы белгисиз чоң караандын көлөмү бирде чоңоюп, бирде кичирейип, кең жайыкка сиңип туманданат. Жакындан бери эртеден баштап булут арасына жашынган күндүн бети киргил тартып, мунарыктап, кээде бозоруп барып, алоолоно кызарганы көпкө кетпей, жалындап, өрттөнүп жаткандай сезилет. Көрүнүп-көрүнбөгөн алыстагы булуттар кара түтүндөй болуп, анан барып кечки иңирге төнүп кетет.

Көөндү кирдеткен бул көрүнүш, качанга чейин созулары белгисиз. Көпчүлүк ал көрүнүштү этибар албай, көр тиргилик менен алек. Кексе, баамчыл карыялар гана күндүн эрте менен чыгышын, кечки батышын, жада калса күн ичиндеги желдин жүрүшүн байкоого алып, табырка кылат эмеспи. Бирде көрүнүп, бирде көрүнбөгөн боз мунарыктагы кечки күн, чаңга бөлөнгөндөй киргилденип, катмарланган мала кызыл булуттардын арасына акырындап, жылып бой жашырганын, бир нерсеге жооруган болушат. Кийинки күндөрү да ушундай. Эртеден-кечке күндүн бети көрүнбөдү. Киргил тарткан кеч киреpде гана, алыскы мунарык кызарып барып, анан иңирге төнүп кетип жатты.

Керээлден кечке күндүн ысып, каарыганынанбы, же кайдадыр бир тарапта боз топуракты сапырган уйгу-туйгу шамалданбы, жапжашыл түскө бөлөнгөн тоо-талаа, келберсиген кенен аймак, убагына жетпей куусаң тарта-бозоруп, куурап баратты. Аптаптын

алоосунан, боз түшкөн ысык шамалдын тынбай каршы-терши жүрүшүнөн коопсузданган эл, табияттын катаалдыгына эмне кыла алмак эле? Чаң учурган ысык шамал эгилген эгинди гана эмес, айланада боз тартып бараткан бетеге-туланды, дарактардын жалбырактарын кууратып, сабагынан сөңгөгүнө карай өтө баштады. Булуттардын асманга калыңдап, жамгырдын ээ-жаа бербей, төгүп-төгүп жаашын жан-жаныбар, жаратылыш күтүп жатты. Бозоргон асман, боз түшкөн айланада, алоо тап өкүм сүрүп, кунары качкан жер бети так катып, чаңкап, жамгырдын жаашын зарыга күткөн чакта, кечки шамал жүрүп, анын эпкининен билинип-билинбеген боз турпак менен чаңдын жыты келчү болду. Ал кайдадыр бир тарапта чаң сапырган куюндан улам, турпак менен чаңды учурганынан кабар билдиргендей. Күн түнгө, түн күнгө алмашкан бир нече убакыт аралыгында жылуу шамалдын өктөмдүгү арта берди. Бул коркунуч нөшөрлөгөн жамгырдан кийин гана жоголорун эл боолголоду.

Аба-ырайына кошул-ташыл, көпчүлүккө кандайдыр бир тараптан дене-бойду дүргүткөн, коркунуч жакындап келе жатканы сезиле баштады. Кайберендер качып, канаттуу куштар делбектеп учуп, үрккөн-корккон жан-жаныбарлар ой-түзөндү аярлабай, зоо-ташка байырлабай кайдадыр алыс тарапка баратышты. Аш-паш дегиче болбой, ал тургай айыл аралай өтүп, кулакка жагымсыз каңшаар «жоо басты»- деген суук кабар угулду.

Миңдеген туяк үндөрү жер таптап, дүңгүрөгөн добулбастар кагылып, түмөндөгөн жоо каптап келе жаткандыгы айкындала берди. Сапка тизилип, саны эч билинбеген, карааныга көз жетпеген көп колдун төбөсүндө чаң сапырыла самсыган булуттай көктө уюлгуп, ээрчий келе жатты. Бозомук тарткан күн нуруна «жарк-журк» эте чагылышкан, жарактуу көп кол артына ийри-буйру из калтырып, улам илгерилей жол алышты. Кең аймакка зор денеси батпаган жети баштуу ажыдар, жер бетиндегилерди жалмап-жутуп, тирүү жан калтырбай, тоо-ташты жапыра тепсеп, келе жатканын угушкандар, айла таппай калтаарышты. Капсалаңдуу каңшаарга, ишенип-ишенбей кээлери аңкайышты.

Калың кол кара тумандай болуп, бирде жылып, бирде токтоп, ээн жерде ээлеп алгансып, шашпаай сүрүлүп келе жатты. Тегиз түзөңдөр быткылга, жапсарланган дөбөлөр түзөңгө айланып, улам адырга уланып, өйдөлөп баратты. Биринин артынан бири үзүлбөй келе жаткан колдун башы бирде кокту-колотко эңкүүлөп, бирде

белестерге өрмөлөп, акырындык менен соймоңдогон ажыдардай тоо таянды. Мейкин талаалар, добул ургандай майкандалып, саздуу жерлер чалчыкка айланса, какырларынын чаңы сапырылды. Алардын алган багыты, ар бир кыймылы жергиликтүүлөрдүн көңүлүн кирдетип, дене бойлорун үркүттү. Баш-аякка созулган ажыдар токтогон жайда башын көтөрө тилин соймоңдотуп, жеми кайда экендигин аңдап, анын кайра жол улап жөнөгөндөй, душман колотто жүрбөй, сырттап салды. Алардын алдынан кыя өтүп, жол тоскон эч бир жан болбоду.

Батыштан чыгышты карай сүрүлүп-жапырып, тоо-токойду каптап келе жатканын көрүп-билгендер, аман калуунун аракетинде бири-биринен кеңеш-акыл сурашка буймалары келбей, жан аргасын кыла калтаарышты. Алааматтын каңшаары жан үркүттү. Түнү кооптуу, күнү тополоң, опурталдуу чак! Жан кулактын учунда, курчоодо калган кайберендей, эл элеңдеп кулак түрүшөт. Арга түгөндү. Алды-арка, оң-сол тараптагы пайлап турган душман качан кирип келет? деп, качарга тешик таппай турган кез.

Эл чуркурап, катын, бала-чаканын коркуп ыйлаганы айылды үч көтөрдү. Шашылыш камылга көрүлүп, айыл ичи тополоң тоз. Кабарга караганда жоонун саны ого эле арбын. Кара таандай каптап, кырып жоюп, тебелеп-тепсеп, келе жатыптыр. Эл дүргүп,бүлүндү. Тигилүү үйлөр бүгүлбөй, очоктогу от өчпөй, кайнаган казандын капкагы ачылбай, бокчонун боосу чечилбей кара баштын камы. Баскан баласын жетелеп, таңуудагысын көкүрөгүнө басып, баса албаганын көтөрүп эл үркtү. Жайыттагы жайылган мал, эстен чыкты. Жан айласы, аман калуу аракетинде мелмилдеген талааларды кезип, мелтиреген тоолорду ашып, тар жол,тайгак кыяларды басып, агымы ташыган сууларды кечип, толгон тозоктун күндөрүн баштан кечирип баратышты. Тыным албай жол жүрүп, көз байланганда өргүү алып, таң каракчысында шашыла кайра туруп, тамак ичүүнү унуткандар күндүн мурду көтөрүлүп, табы жерге тегиз тийгенде ары ачкалыктан, ары чаалыккандыктан дармандары куруп шалдырап, шаабайлары сууп жол арбыта алышпады.

Эчендеген кандуу кармаштарда каршылаштарынын канын төккөн үйүрлүү карышкырлардай, ары каардуу, ары жалдуу, аену түк билбеген, калың кол, самсыган сасык тумандай жылып, бет келгенди кыйратып, туш чыкканды жайратып, тоскоолдугу жок, тоо көчкүдөй сүрүлүп, ээн жаткан талааларды, эл жашаган аймактарды

эркинче ээлеп, тебелеп-тепсеп, тоо ичин тепчип, сүңгүй беришти. Алар өткөн ой-талаалардын, тоо-токойлордун кунары кетип, жардуу жерлер түз болуп, тулаңдуу жерлер кур болуп, кургак талаа какыраган сайга айланды. Миңдеген туяк-тарга тебеленген жер бети такырланды. Самандай сапырып, жалындай жалмаган жоо куралдарынын өткүрдүгүн качкындар менен сынашты. Кайран эл кургакка ыргытылган балыктай чабалактап, жырткычтардын жемине, мээлеген бутасына айланды.

Колдун баш тарабы найзанын учундай кууш болгону менен жоон ортосунан аягына чейин канча экендиги белгисиз, өйдө-төмөн тоо-талааларды аралап, акканы билинбеген эни чоң дарыядай чубалып, жылып бараткан согушчандардын карааны, алда канча кара эле. Түрүлгөн түтүндөй түмөндөгөн колго куйрук улаш, алардын үй-бүлө бала-чакалары, малдарын асырап, тиричилигин кылган кул-күңдөрү, жарды-жалчыларынын соңунда күтүрөгөн төрт түлүк түрөө сүрүлүп, ээрчий келе жатышты.

Баскынчылардын башкалар билбеген, бөтөндөр туйбаган аткарар милдеттери, алган тапшырмалары бар. Ал кулпка катылган купуялуу сыр. Айныксыз эреже. Аны контайчыдан башка эч кими буза албайт. Алмаштырууга акылары да жок. Ар бир түмөн үчкө бөлүнгөн. Биринчилери өздөрүнүн курмандыктарынын үшүн кетирип, алапайларын таптырбай эрктерин майтарышат. Андан кийинкилери алдастап,алапайын таппай калгандарды тосмолоп, сүрүп айдашат. Үчүнчүлөрү качкандарды кармап,каршылык кылгандарды каалагандай жазалап, катыгын берет. Чагылгандай чарт этип, өтө тездик менен аткарылган бул чабуул кийнки жүрүшкө жол ачып, тоскоолдукка туштукпайт. Шилтеген жерин шылый чаап, багытталган тарабын жиреп, окторулган кыяндай чамынып чыккан ойрот колу, эч кандай тоскоолдуксуз илгерилей берди. Алардын басып өткөн жолунда суналган дене, сулкуйган өлүктөрдү талаган карга-кузгундардын гана карааны калды.

***

Жортуулга чыгаар алдындагы кабыл алынган бүтүмдү аткарбай кою эч кимдин колунан келбейт эле. Андайга акысы да жок. Ары каардуу, ары жаалдуу өзүнөн башка эч бир жанды аябаган контайчынын тапшыруусу боюнча сандаганколду жалпы жонунан контайчынын иниси Шуна Дабо баатыр башкарып жүрдү. Ишенимдүү, ары айтканынан кайтпаган  черүүлөрдү жетектеген

ноендору кош канат кыла, жети түмөнгө бөлүп, ортосунда туу башы болуп өзү жүрдү. Узун-туурасына көз жетпеген колдун бир түмөнүнө контайчынын уулу Галдан  жетекчилик кылды. Экинчи бир түмөнүнө контайчынын аталаш тууганы Хоран баатыр башчы болду. Контайчынын он үч жаштагы небереси Амурсана үчүнчү түмөндү жетектеди. Галдан Серендин сегиз жаштагы уулу Севан Доржи төртүнчү түмөндү эрчитти. Экинчи уулу Лама Доржи бешинчи түмөндү башкарды. Меркит уруусунан баатыр Дода Доржи ноен алтынчы түмөндү ээледи. Жетинчи түмөндү Суан Рабдан тескеди.

Учу-кыйрына көз жетпеген бетбак талааны кезип, эчендеген белес-ашууларды ашып, такаат кылгандарды талкалап, кезикендерди жалмаган баскынчылар, эчен күндөн соң өрөөндү жээктей келип, тоо таяна токтоду. Көргөндүн көөнүн өзүнө суктанткан, ары көрктүү, ары жайыттуу кооз аймак, баштатан эле баам салынып, эчен байкоого алынганбы, кара таандай каптаган калың кол дүрдүгө токтоп, ээн-эркин жайыла орун алып жатты. Биринчи түмөндүн башчысы Галдан Теңир-Тоо аймагынан Балкаш көлүнө чейинки аралыкты ээледи. Көк-Тал менен Көк-Теректи жээктеп, Иле дарыясынын батыш тарабынан Алтын-Эмел айланасына чейинки аймакка контайчынын тууганы, экинчи түмөндүн ээси Хорен баатыр отурду. Нарынды бойлоп, чыгышты көздөй контайчынын он үч жаштагы жээн небереси үчүнчү түмөндүн ээси Амурсанга ыйгарылды. Галдан Серендин сегиз жашар уулу Севан Доржи өзүнүн төртүнчү түмөнү менен Челек суусун жээктеп, Ысык-Көлдү бойлой, Ак-Суу менен Көк-Суу аймагын конуштады. Галдан экинчи уулу бешинчи түмөндүн эгедери Лама Доржи Чүй, Кемин аймагына ээ болду. Меркит уруусунун кырааны Дода Доржи ноен алтынчы түмөнү менен Сары-Арка, Талас аймактарын энчиледи. Ойроттордун асабасы контайчы Суан Рабдан Иле дарыясынын башталышынан бүтүндөй Кулжа тоо кыркаларынан тартып, Орто Азия, Казакстан кең аймактарына өз өкүмдарлик сурагын жүргүзүү бүтүмүн кабыл алды. Шуна Дабо баатырга бардык аскердик ишти тескеп, жалпы  коопсуздукту колго алуу милдети берилди. Жунгар журту жаны конушка жаңы мыйзам эрежени кабыл алуу менен катылгандын катыгын, тийишкендин азабын берүүгө бүтүм кылып, бирин-бири колдоого шерттеништи.

Ойрот жоокерлеринин ноену жоосун жеңиш үчүн аларды өлтүрөт, кырат. Ал жеңишти камсыз кылбаса, коркоктук кылса,

артка чегинсе, колго түшкөндөргө жардам бербесе, анда дагы өлүм. Бардык жерде өлүм. Бул салт аларга Улуу кагандан калган. Хандын аскери өлтүрүү үчүн жаралган. Башкаларды өлтүрө албаса, өзүнүн өлгөнү. Ошол каардуулугу жана мыкаачы-лыгы менен ийгиликке жетишкен. Ага көнгөн ойроттор дал ушул эрежени бекем тутушкан.

Жаңы журтка байыр албай жатып, жакынкы аймактагы элдин сесин алып, мүлкүн талап-тоноп, колго түшкөнүн туткундан, сүрүп айдап кетмекке жаш күчүктөрүн телчиктирип-үйрөткөн жырткыч-тардай болуп Дада Доржи ноен жаш ханзадаларды ээрчитип, түмөн колун баштап, жортуулга аттанды.

***

Калмак колу Ала-Тоого келип, кабарсыз жаткан элге капыстан Жол-Колот менен Чийлүү-Колоттон кол салды. Айыл ичи чаң-тополоңго түшүп, баш көргөндү көз көрбөйт.

-Жоо чапты. Жоо кирип келди. Ой эл–журт, аттангыла!

-Эр, азаматтар барсыңарбы? Жоо талкаламак болду,

-Оо, айланайын эл-журт! Колуңарга курал алгыла!

-Ылгоол! Жапырт аттангыла!

-Жоо Жол-Колот менен Чийлүү-Колотко келип калды!

Ач айкырык аска-зоого жаңырып, капыстан элди үркүттү. Ар жылганы, кокту-колотту аралай чапкан чабаганчылар, аңды-дөңдү көзгө илбей, миңген аттарынын өлөөр-тирилерине карабай, жиниктире чаап, бир айылдан экинчи айылга карай чуу салышты. Эси бары жоо жарагын илип ала, эңкейе эшике атып чыгып, керүүдөгү атына чуркаса, анча-мынчаны элес албаган аңкоолору:

-Эмне дейт? Карагылачы!– деп кашына, ордунан араң коз-голду. Элтеңдеген эл. Элейген абышка-кемпир. Кемшеңдеген келин-кыз чуу түшө чурулдап, коркуп ыйлаган балдар. Эсин жыйган эр-азаматтар жарагын алып шайланса, жарака жетпегендер курчоодогу найзаларын эптей кармап, каңтарылган аттарынын тизгинин бошотпой, үзөңгүгө бут салбай, минип чаап жөнөштү. Кээлери жайттагы аттарына чуркап жетишип, жайдак мине чуу коюшту. Аш-паш дегиче ар айылдан чыга кала, аттарын чаап келгендердин саны арта берди. Аркы айылдагылар келгиче алдыңкылар күтүп турмак беле.

-Жоо алдын тоскуча, арттагылар жете келет– дешип топ-тошкондор «аламан урушка» салып аялдабай, аргымактарын теминишти.

Ар айылдан куюлуп түшкөн кыяндай болуп, ат тизгинин тарткан чабандестер, тоонун шамалындай удургуп, куйрук улаш сүрүлө чаап жөнөдү. Шумкардай шукшуурулган тоолуктар бир-бирине кошулуп, бир кошуун боло, жоо алдын торой, чымын-куюн боло заматта чыга келишти. Бөрү жортуш менен келе жаткан ойроттор алдыдан атырыла чыга күүлөнгөн, жаа огундай сайыла тепчип кирчүүдөй болгон тоолуктарды көрүшүп, ат тизгиндерин тарта калышты. Найза учундай учуп-куйуп келе жаткан аз гана колдун артынан чаң көтөрүлүп, ага куйрук улаш караандардын саны арбып, ар колоттон көчкүдөй сүрүлгөндөрдүн баш-аягы калыңдап баратты.

Токтой калган калың жоо коргонуунун аракетинде, жыйрылган жыландай баш-аягын жыя чокмороктошо түшүштү. Таштай түйүлүп, күү менен келген аз кол бет маңдайдагы аруунун уюгундай комоктошкон, душманга сайылып тиерде, жаа жебелери удаа-удаа тартылып, алдыңкы аттар мүдүрүлө, үстүндөгү караандар сүрдүгө жерге чабылышты. Сак калгандары ат тизгиндерин туура буруп, кайкый чаап, жонго бет алышты. Жаа огуна кабылгандарды көргөн арткылар, экинчи жонго жабылышты. Азыр эле бет маңдайдагыларга жебе тартып жаткандар, жааларын туурага кезеп, ок чыгарып жатышканда, тоолуктардын аркасындагылар үлгүрө келип, жоонун алдын чарпый ат коюшту. Жакын келип найза сунуп, кылыч шилтегендерге душмандар жооп кылып, чокмор кылычтарын көтөрүштү. Айкаш улам кызып, басынткандар менен басынгандар кан майданда бырчылдашып киришти. Жан аябаган кармаш, бирде сүрүп, бирде сүрүлүп, кылычтар кыңгырап, үзөңгү шыңгырап, ач айкырык куу сүрөөн күч алды.

Эрөөлдөгү күйүккөн аттардын күшүлдөгү менен жөткүргөнү аралашып, кыжырданган согушчандардын бирин-бири жек көрө сөгүшкөнү кошул-ташыл болуп, ат туяктарынан сапырылган кою чаң көтөрүлдү. Ат өлүгү менен эр өлүгү улам коюланып, шыркыраган кан, булоолонгон жин сасып, аба оор тартып, тумчуктуруп баратты.

-Чап! -Сок!

-Ур! -Аа-а!

Бирине бири дем берген үндөргө, өлөттөрдүн (элюттар) «кажы-кужусу» аралашып, кекенишкен эки тарап, бири-бирине өктөмдүк кылууга алпурушуп жатышты. Комоктошкон эки тарап, ары-бери сүрүлүп, агып кетүүгө нук издеген селдей, бири-бирине чабылып жатты. Кыргыздардын колу канчалык теминишсе да аздыгы сезилип, алсырай баштады. «Ит урушка» салып чегине, кайра «кол байлоо» кылып, сүрүп кирип, «толгомого» сала жандай чаап, «жайма» боло каптап, агада болбой калганда «бетме-бет» чыга жан аябай, «эрөөл» ыкмаларын колдонушту. Кыргыздардын бир артыкчылыгы гана жерчилдиги уурдана уруш кылып, душманды жүдөтүшпөсө күч жагынан да, сан жагынан да аларга тең келише алышпайт эле. Канчалаган илеге салып, түрдүү ыктарды колдонушса да, көптүн иши көп болуп, душмандын өктөмдүгү артып баратты. Тоо ичиндеги кечтин эртерээк кириши гана уруштун жүрүшүн сээлдетип, кечке чейинки «кайнаган казандагы боркулдак» тартылып, чабыш солгундап баратты. Заматта күүгүм кирип, каршылаштар бөлүнө ат сооруларын аркага бурушту.

Күн кур эмес ар тараптан агылып келген суу, бир дарыяга кошулгандай болуп, алыскы тараптагы айылдардан топтошкон эр азаматтар чогула келип, жоо тосууга шашылып жатты. Жакындарын узаткандар жабыла жакшылыктан үмүт кылышып, күнү кеч, кезере жол күтүшөт. Заматта эр уулдары, көп жоонун алдын тороп, ары сүрүп, кайрыла келе калчуудай зарыга моюн созушса да, кайрылып келгендерден кабар болбоду.

Көпчүлүк от чалган аттарын кашып, токунушуп, кол башчынын артынан ээрчишти. Тентүүнүн кордугун көрүп, ызааланган качкындар чеги жок сапарда ылаалап, кетип баратышты. Жараты оорлор чыдабай кыйналышты. Күйүккөн аттар кырылды. Эч жерде токтобой, тыным алып оттобогон мал арыктап, баса албай калды. Азык-оокат түгөнүп, качкындар четинен кый-рай башташты.

***

Жай эчаак эле кетип, күз аяктап бараткан маал. Чөп катып, куусаң болгондуктан айлана саргайып көрүнөт. Чаң сиңген тоо этектери көп аттардын чубалып өткөнүнөн улам, аптаптуу күндөгү желдин жоктугунан чаң көтөрүлүп, бозомук тумандай төбөдө уюлгуйт. Ар уруудан келген кол, катарлаша топ-топко бөлүнө, көп эле ашыга беришпей, тизгиндерин тарта жылып келатышты.

Борчук-борчук белестерди ашып, Сары-Жонго жете бererде кабар келди. Ойроттордун түмөндөгөн кошууну жакындап калыптыр. Ар топто салгылашууга даярдык жүрүп жатты.

-Кана, топ башчылар. Ойротторду кай жерден, кантип тозобуз?-деп Кубат бек айланасындагыларга карай кайрылды.

-Менин жигиттерим, жерди ылгабай чабуулга кире берет- деди саруу Бердибек.

-Жоо тоскону келген соң, күүлөнгөн бойдон кире беребиз. Аны коштогон Мундуз баш көтөрдү.

-Сары-Жоон бизге дайын. Жылга-жыбыттарын да түгөл билебиз. Бул экөө тике качырышса, биз буктурмадан кол салалы -деп солто Кадык.

-Бизге душман кай тараптан чабуул баштаары белгисиз болуп турбайбы? Бек топ башчылардын айтканына көп дале кошулбай суроо салды.

-Ооба, силер жоо менен сырдашкандай сүйлөп жатасыңар деди абат Айти.

-Жоонун келе жатканы анык- деди Кубат бек. Алардын негизги күчү кайда экен бизге дайын болбой турат.

-Негизги күч алдыда болот- деди солто Кадык. Дал ошолорду утурлай ат салалы.

-Ат салыш оңдой. Кармашты кантебиз, баатырлар? Биз каалагандай жайгаша элекпиз, чачылып турабыз. Эки тараптан, орой чалганга да болобойт.

-Эмне үчүн болбойт? Орой чалып, камоого алабыз– деди мундуз Ороз күңкүлдөй.

-Туура айтат. Күүжүм ат салбай, бөлүнүп эки тарабынан кысып кирсек, айлалары кетет-  деп кошумчалады саруу Бердибек.

-Алардын келер чегин карагылачы. Бир тарабы кемерленген зоо болсо, тыягы жалама жар. Ал жерге баргандар аттарынан түшүп, секиге карай жөө жетелешет. Кыраңдан чыга бергени жебеге бута болушат– деди Кубат бек.

Жердин шартына карабай сүйлөгөндөр, унчукпай калышты. Чынында эле жоо тосчу аянт түзөң болгону менен эки тарабы тик, аска-жар экендиги кашкая көрүнүп турду.

-А сен кандай кылалы дейсиң? Суроо берди  саруу Бердибек.

-Жоонун алдыңкы колун, бул жайыкка сууруп чыгышыбыз керек.

-Аны кантип сууруп чыгабыз? Мундуз Ороз кайра суроо бере кетти.

-Бая өзүңөр айткандай, жер ылгабай күүлөнгөн бойдон кирип барасыңар. Бир аз жолун тосуп, салгылашасыңар да арткага качасыңар. Алардын алдыңкы колу арттан кууп, суурулуп бери чыкканда, силер- Кадык менен Айтикеге кайрылды- Негизги күч катары, эки тараптан куушуруп киресиңер. Калган кошуун шашылыш- тоо аралай барып, аркага өтүп, курчоого алат.

-Алардын аркасынан өтүш, оңор эмес. Кокту-колотту кыдырып, бир күндө араң жетебиз– деди басыз Төрө.

-лгүрбөсөң, курчоонун кереги жок– деди өктөм Кубат бек

-Бул айткандардын баары жөнөкөй. Жоо оңой менен курчоого алдырбайт. Чоң багыш Мурадил ага каршы чыкты.

-Уруштун жөнөкөйү жакшы. Жоо да, биздин кантип салгылашаарыбызды аңдып турат. Ал тургай жер чалып, биз ойлогондорду, алар да ойлоп койгондур. А сенин ойлогонуң кандай? Кимдин, кайда турарын айтчы, таразалап көрөлү?– деди сарбагыш Садыр.

-Ойлонуп отурууга убакыт жок. Ар ким, өз ордубузду ээлейли– деди төбөй Мыкы.

-Бек! Сен бизди «Жоого тийип кач» дейсиң. Бизге ордук келип, көп чыгымды тартып калбайбызбы? Ороз ыңыранбай каяшасын билгизди.

-Бул ойду өзүң айтып алып, кайра баш тарканы турасыңбы?– деди солто Кадык.

-«Өзүн айтып алып» дебе. Атын темине кетти, саруу Бердибек. Жоонун негизги күчү селдей каптап, жапырып киргенде, кармашып жаткан биздин кол кансырабайбы? Канча жоокерден ажырайбыз. Анан «качты»- деп, биз насакка кабылабыз– деди мундуз Ороз ачуулана.

-Эмне оюң бар. Ачык айт- деди ачуусу келген Кубат бек.

-Жоонун алдын, өзүң тос!

-Сен, эмне иш кыласың? Өзүңөр айтып алып, кайра айныйсыңарбы? «Жок, бүгүн барбайм, эртең барам» дегидей, уруш оюнчук эмес. Сен анда урушка катышпай эле, колунду алып, кайта бер.

-Жок– деди солто Кадык-Тартышып отурайлы. Айтылган сөз, күчүндө калат. Биз эртеңки уруш менен эле, ийгиликке жетише албайбыз. Кимдин ким экенин айкаш аныктайт.

-«Койчу көп болсо койчу арам өлөт»- дейт. Башчы көбөйсө ынтымак кетет- деп Кадык бүтүм чыгарып. Мындан кийинкиси сен айткандай болсун.

Бул пикирди бардыгы макул көргөндөй болушту. Талашып-тартышып жатып, тобокелге салган жигит башчылары өз топторуна барышып, сап-сапка тизилген жоокерлерин баштап, катарлаша алга жөнөштү. Баш-аягы билинбеген жоо колу алдыдан торой чыккандарды алыстан мисирейе сынай тиктешип, шыкалып турушту. Добулбастын ыргактуу дүңкүлдөгүн, кыйкырык ызы-чуу басып кетти. Айкаш башталды. Саруу менен мундуздардын колу тирелген жоону көздөй жапырып кириште. Күү менен барышып, сурдана тиктеп, даяр турушкан душман колуна чаң сала алышпады. Убадалашкан милдеттерин так аткарбай коюшту. Кармаш кызый электе эле, алар артка кача беришти. Жоо колунун азырагы кубаламыш болуп барып, кайра токтоп калышты. Аңгыча болбой эки тараптан солтолор менен абаттардын колу кысып кирди. Нугунда агып жаткан дарыяга, эки тараптан келип кошулган суудай болгон кыргыз колу, тез эле аралашып кете албады.

Кубат бек аргасыздан өз колун чабуулга баштап жөнөдү. Ордунда коргошундай уюп турган жоо, коргонуп жатты. Тийди-качты, ит уруш түшкө чейин созулду. Эки тарап тең, анчалык күч коротушкан жок. Бир маалда майдан талаасынын үстүнө улам сиңип кетип жаткан чаң коюланып, уюлгуп көтөрүлө баштады. Бууркан-шаркан түшө, ташыган дарыя жээкке серпилгендей, ойрот колу коргонуудан жадаганбы, же алдынан торогон күчтү тып-тыйпыл кыла, тебелеп кетүүгө ашыкканбы, биротоло аркага сүрүүгө улам өбөгүн сала, күчөнө баштады. Чакылдаган темирдин кагышканы, анда санда боз чаң арасынан күндүн нуруна «жарк» эте ай балта, кылычтардын чагылышканы көрүнө калып, көп кол күчүнө салып, чамынгандарды, артка сүрүп баратканы билине баштады.

Бая эрте менен белгиленгендей, эки капталдан каптаган кыргыз колу жар-кемерге такалып калбастын аракетинде, жан үрөй шынаадай кагылып, жиреп өтүүгө далбасташты. Шериктеринин абалынын оорлогонун билген бек, өз колуна дем бере, кылычын булгалап, өзү алдыда жүрдү. Солто менен абаттар да чамына кириште. Эки капталы менен алек болуп, суюла калган жоонун ортосу кетенчиктеп барып, коргонуунун аракетинде болуп калышты. Карчылдаша кармашууда убакыттын өткөнү билинбей,

күн акыркы нурларын чачыратып, тоого жашынып баратты. Күүгүм коюланган сайын кармаш өзүнөн өзү токтоп,майдан таласынан жоокерлер кете башташты.

Таң кулан өөк салаары менен жергиликтүүлөр кайтадан толкун-толкун болуп түрүлүп, жоо кошуунуна уруна каптады. Бир ыкмадагы кагылыш, кечке чейин кайталанды. Бешим ченде душман тарап, чабуулга келаткандардын алдынан тосо чыгып, каршылыкты каттуу көрсөтүшүп, кыргыз колун артка сүрүп жиберишти. Кубат буктурмада турган тейиттердин жоокерлерин салгылашка кийирди. Жаңы күч каптап киргенде, жоо колу чаалыгып-чарчагандыктарынан көпкө туруштук бере алышпай, артка чегинди.

Кирген суунун толкуну жалама жээке кайра-кайра чабылган сымал, кыргыз колу ойротторго улам тынбай чабуул жасай берди. Бири каршысынан бири капталынан киришип, шаштыларын ала жоо колунун жандарын тындырбады. Алар да бекем турушту. Ат өлүгү, эр өлүгү көбөйө берди. Караңгы кирип, кармаш токтоду.

«Билбеген жердин ой-чуңкуру көп»- демекчи, жан аянбаган каршылыкка туштугушкан жоо колу, канчалаган жоокерлеринен ажырап, кансыраган карышкырдай үмүттөрү ташка чабылып келген жолдоруна салып артка кайтышты.

***

Кийинки күнү да дүңгүрөтө добулбас кагылып, кыйкырык-чуу көтөрүлдү. Жоокерлер капыстан атырылып чыгып, майдан талаасына агылып жөнөдү. Жар-Дөбөдөн улам ээрчише чыккан жоокерлердин караандары улана берди. Миңдеген туяктардан чаң буруксуп, аптаптын табына аралашкан бозомук айлананы каптады. Зор ажыдар сыяктанып, ийреленңдей сойлоп, найзадай чыңалып барган жоокерлер ойроттордун катарына матырылды. Ажыдар куйруктанган найза учу душманга тиреле сайылып аз-аздан жирей баштады. Тепчип-тепчип, бирде коюлана, бирде суюла чабуулчулар копшолуп, жеткен жеринде ээлеген аянтты кеңейтишмекке бирде оңго, бирде солго сайыла урунганда «найза» учу түйүлө токтой калып, кайра уучтана, акырын жыла берди. Бөрү тил кууш тилке улам кеңейте жиреп, толкун-толкун болуп, калган жоокерлер кирген дайрадай агып, жайпап кетип жатышты. Баятан

берки кууш тилке, эми килейген шынаага айланып, жаай жылып барат.

Аттар майкандалган борпоң топурактарды кечип, биринин бутун бир баскандыктан аксап, жыгылып, сүрмө топко туурасынан туш келегени тебеленип, чаңда ат адамы аралаша өздү жаттан, жатты өздөн айрып тааныш кыйындап, кыргын-сүргүн күч алды. Кушчу менен тейиттердин, абат менен мундуз, саруулардын туулары ортодо улам калдактап, көрүнүп, кыргыз жоокерлери жоо колунун так ортосунда айланып жүрдү. Убакыт өткөн сайын найза учу бирде токтой калып, бирде жылып буйдаланышы көбөйө берди. Бул айкашта кимди ким жеңээрин болжош кыйын эле. Көптүн иши көп канчалык эрдик болгону менен күч атасын таанылбайт. Бир маалда сарыбагыш, чериктердин жаңы күчү салгылашка кошулду. Сел бир каптап барып, ширендиге аралаша токтоп калган агындыдай болуп, айкаштагы абал өзгөрүлбөдү. Болгону өчүп бараткан отко, как куурайды салгандай болуп, бир алоолонуп кайра тим болду. Түрүлө толкун тээп, кайра дымып, кайра күчөгөн көлдөй болуп, айкаш талаасындагы кыжылдаган кыймыл кечке тынбады. Жер үстүндөгү булуту жок чайыттай көк асманга чаң-тозоңу сапырыла көтөрүлүп, кайдагы бир тарапка, бозоруп барып, сиңип кетип жатты. Эки тарап тең чарчоо билбей, ысык аптап, ачуу чаңды көзгө илбей, кашкөй кармаш тыным албады. Кээде ойроттор оожалып каптап киргенде тоскоолдукка учурап, кайра ат өлүгү менен эр өлүгүн калтыра кетенчиктешсе, кээде кыргыздар алга сүрүлүп, чамына барып, душманга шынаадай кагылганда найзалар матырылып, кылычтар чабылып, жарадар болуп, катардан чыгып, өлгөндөр айкаш талаада калып, эч кимдин көңүлү аларга бурулбады.

Күн батарга аз калганда, күйүп бүткөн от түтөгөн сыяктуу, бирин-сериндеген айкаш өзүнөн өзү токтоду. Жоокерлер кайрыла, ат моюндарын аркага бурушту. Эки тарапты тең, кууп баргандар болбоду.

Керээлди кечке жаны тынбай ат темине айкырык сала, тутамдай найза сүңгүтүп, чокмор шилтеп, кылыч чапкан эргулдардын чарчаган денелери шалдырап, чаалыгып-чарчап, күйүккөн аттардын «күрс-күрс» жөткүрүгү муундарынын титиреп, алсыраганы айкын сезилди. Чаңга буланган ат тери менен эр тери алардын ыраңын өзгөртүп, чачырап тийген кан карара катып, кара күүгүмдө кимдин ким экенин ажыратуу кыйын эле. Бирин бири

жоктоого алдары келбей, аман калган жоокерлер ээрчише, бирин-экинден келип жатышты. Дарманды муунап, алсыраткан ачкалыктан да, таңдайды так кургатып, такылдаткан чаңкоолуктан мөлтүрөгөн тунук суу ар биринин көзүнөн учуп турду. Кулактары тунуп, жакын жердеги шаркырап агып жаткан өзөндөгү суунун добушу угулбай, жан-жака белдерин умсуна тиктешип, ат басыгы менен жай келе жаткандар сай толо агып жаткан сууга туш келишти. Көздөрүн пар ачышып, жабыла сууга умтулушту. Чаңкаган аттар жүткүнүшүп ооздуруктарына карабай суу шимиришсе, ат үстүнөн ооп түшкөн эргулдар аптыга жутуп, коюн-кончторуна суунун киргенине карабай эт-бетинен түшө баштарын шаркыракка тосушуп, ысыган денелеринин табын кетире, сергип жатышты. Суусундары канып, сергиген кол жээкке келип топтолушту. Кабактары калың, өңдөрү сумсайган жигиттер, бири-бирине жалтаңдай карашып, көңүлдөрү чөгүнкү. Өздөрүн күнөөлүдөй сезип турушту.

Таң атып, күндүн нуру жерге тегиз тийди. Айкаш болгон талаада карга-кузгун, жыланач моюн таз жорулар дапырата канат кагып, обого анчейин бийик көтөрүлүүгө көңүлдөрү келбей өлүм талаасынын үстүндө уйгу-туйгу айланып, «кубана» куркулдашат. Эрөөл талаасында чачылган дан баштанып, кайсы бирлери кужумук болуп, кайсы бирлери тырайып, кайсы бирлери айкарасынан асман тиктеп, кээлери комоктошо, үйүлүп жаткан эр өлүктөрүнүн үстүнөн кузгундардын көлөкөсү кыйма-чийме сылап өтөт. Каршы-терши кулап, кансыраган денелер ачуу тийген күнгө кактала ит-кушка жем болуп жатты.

-Кол курап, жоону тосолу деген бүтүм уруу-уруудагы айылдарга кетип жатты. Айрым айыл аксакалдары жоого барчу жигиттердин билермандарын башчы дайындап, алардын айланасына калгандарды топтоп, камдап-чомдоп, ат улоолоруна кам көрө башташты. Алыскы тараптагыларга кабар айттырышып, чабаганчыларды жөнөтүштү.

***

Уруу-уруу топтордун бөлүнүшүнө, мал-калдын жайытына жана күндөлүк тиричиликке карай тоолуктар ар жылганын башында, кокту-колоттогу жайлоолорду туракташкан эле. Бирин-бири аш-тойлордо, жаман-жакшылыктарда, же кудалашып катташканда кана көрүшпөсө, көбүн эсе сыртынан бирөөлөрдүн амандыгын

сурашып, даректешчү. Кээ бир алыскы жайыттагылар «жоо чаап, келе жатат» деген суук кабарды али угуша электери, укса да, ага ишенип-ишенбегендер «Өзүм аман болсом болду, башкаларды билбейм» деген өзүмчүлөр да бар эле.

-Келип-кетип жүргөн жоо да. Келсе менин эмнемди алмак. Корксо байы, бийи корксун. Жан албайт, мал алат. Атайын менин малымы алмакка, алыскы тоонун башына чыгып келмек беле? деп аягынан башканы көрбөгөн, жеке өзүнүн кана камы менен жүргөн, көөдөнү сокурларда жок эмес болчу.

Конойбайдын тапшыруусу менен Эндеш эл кыдырып, кабар айтып жүрдү. Үйдөн чыкканына бир жума ашыгыраак болуп калды. Жеткен жериндеги үйгө түнөп, келген жайын айтат. Үй ээси анын атын тыныктырып, отко койот. Тоолуктардын салты ошондой. Келген коноктун алдына бар тапканыны алып келип, анын улоосун да эстен чыгарбайт.  Жолоочу эрте менен кай жерден чыкканы, түштө кимдикине келип, атын кай жерден от чалдырганы, ага айтпаса да белгилүү. Себеби, жол да аттын жүрүшүнө карай «бир күндүк», «жарым күндүк», «эт бышаар убакытка чейин» деп аралык болжолдонот.

Коноктун келишин ар бир тоолук күнү-түнкү убакытка карай чак түштө, түш оой, күн батаарга жакын, күн отурганда, күүгүм кире, ире-ширеде, жылдыз чыгаарда, түн бышканда деп кай жерден, кимдин үйүнөн чыкканын, миңгичинин аяктуу, кашаңдыгын так айтып берет. Жолоочунун атынын этине, көлөмүнө карай басмайылын бошотуп, канча убакыт каңтарып, кай мезгилде сугарып, отко коеру да үй ээсине дайын. Эртеңки сапары кайжерге барып токтоору да белгилүү. Анын улоосу арып-чарчап калбасы үчүн тоютту да, жемди да аябайт. Ал айылдын ишенген чабаганчысы. Барбаган жери жок. Аны элдин баары жакшы тааныйт. Кайсыл уруу, кайсыл айылга барбасын, анын караанын көргөндөр, бир жаңылык келгенин билишип, кандай кабар айтаарына кулак түрүшөт.

-Эндеш келген көрүнөт?

-Ошонун карааны

-Кандай кабар менен келди экен?

-Аш-той, бул мезгилде болбойт эле.

-Жакшылык кабар мененкелди бекен?

-Же тажыяга айтып келдиби?

-Эмнеси болсо да, эми билинээр.– деп сырттагылар анын карааны көрүнгөндө кулак түрүшчү.

Эндештин улоосу бир жумадан бери тынбай жол жүргөнгөбү, жүрүшү кашаңдап калды. Барган жеринде түнү менен от алып, тыныккангабы, эрте менен чапсаң басып эңкейиште кой жоргосуна салып, ылдамдап калат. Түзөңгө келгенде желе-жорто басып, камчы салдырбайт. Жол өр тартканда, улам темингенге карабай, майдалап басып энтиккени көбөйдү. Атынын сырын билген жолоочу дөңгө чыга кала, кокту-колот, быткылдарга карай мойнун созуп, айылдын караанын акмалайт. Күн отурган мезгилден өтүп, күүгүм талаш алдыңкы белести аша берип токтоду. Ушул ортодо айыл болуш керек деп болжоду. Айткандай эле, анын сак кулагына иттердин абалаганы, туура тараптан угулду. Атын темине, тизгин бурду. Миңгичи да тыныгаар жерин билгендей, ээсинин ою менен болуп, элпек аяк шилтеди.

Кечки тиричиликти аяктап, айлана-тегеректи жыйып, бала-чака жабыла үйгө киргенби, эшик алдында отун кертип, үй ээси жалгыз отурат. Жайыттан тоюп келген мал, бейкам кепшеп үйдүн бир тарабында жатат. Чоочун карaанды көргөн иттер абалап, үрүп тосушту. Иттер чуркаган тарапты утурлай караган үй ээси, башын көтөрө, жолоочуну таанымакка, иттерди «чык» демиш болду. Аттын жүрүшү менен иттердин авалаганына карабай, жакын кирип келген кечки караан, ат үстүндө салам айтты. Эриндерин бүлк эттире, алик алымыш болгон үй ээси, меймандын атын алмакка ордунан тура келди да, атты жылоолоп, чылбырын казыкка чала, тизгинди ээр кашка илип, соолуккан атты каңтара, терлеген колтугуна көңүл бөлдү. Үй ээсинин оюн билген жолоочу.

-Басмайылды бошото бер. Тери абдан кургасын.

-Атыңдын терлешине караганда, өтө шашып келген окшойсуң.

-Ооба, кеч кирип кетпесин деп, сага жетүүгө шаштым.

-Көчө качканым жок. Жай келсең эле болмок.

-Кандай, мал-жаныңар аман турасыңарбы?

-Аман - деп күңк этип койду, үй ээси башын жерге сала.

Бир топтон соң, оюна бир нерсе түшкөндөй Эндешти тигиле карап

-Сеники андай эместей көрүнөт.

-Аны кайдан билдиң?

-Билбей эмне. Мал жаны амандар мага окшоп үйүндө эле отурат.

-Сенин көзүң ачык окшойт билип турасың. Бирок, мен жумалап ат үстүнөн түшпөй, өзүм ыргайдай, атым торгойдой болуп, арып-ачып бекер келгеним жок. Канткени менен мал-жан аман. Ошол амандыгымды алдырып жибербейин деп, бир эле мен эмес эл, анын катарында сен да, мал-жаныбыздан ажырап калбайлы деп келдим.

-Эмне, жер аңтарылганы калдыбы?

-Аңтарылгандан да жаман. Жоо басып кирип келе жатыптыр.

-Дареги бар жообу? Кимдер алар?

-Ойрот-калмактар.

-Алар деле адамдар да?

-Адам болгондо кандай? Барган жерин балчайтып, жеткен жерин жемирип жеп, келе жатыптыр.

-Антип, коркутпай эле кой. Тээ илгери биз бала кезибизде ойрот-калмактарың басып кирип келишкенин билебиз. Анан чапчуусун чаап, алчуусун алып, кайра кетишкен. Эми дале Ала-Тоого келгенче канча элдерди тоноп-бутады. Алчуусун алганда, аттары көтөрө албай калгандыр. Тоюту канган карышкырдай болуп, эми кайтат. Сен бекер эле элди дүрбөтүп, кабар айтканы келипсиң.

-Эмне деп тамтырап жатасың. Алар эмне кайра кетип калгыдай, кудалашканы келе жатат дейсиңби? Жоо кимди аямак эле? Сен алардан жакшылык күтпөй эле кой. Эл биригип, калмактардын колун тосууга, кол курап жатышат.

-Ар уруудан баргандардын, баштары бирикмек беле.

-Эмне деп келжирейсиң. Душман менен бөлүнүп-бөлүнүп урушмак беле? Же алар жүз, беш жүз миң эле дейсиңби?

-Анан канча?

-Сан жетпейт. Түмөн, түмөн.

-Балээ бас! Ошончо колду алар, кайдан топтошкон?

-Түмөндөгөн кол селдей каптап, тирүү жан койбой келе жатыптыр.

-Ээ, анда, качып кутулуштун айласын кылыш керек экен.

-А сен кутулдуң. Элчи?

-Ар ким башына келгенин көрөт да.

-Сага келген кайран жан. Сен башыңды аялыңдын этегине катып отура бер. Мен кеттим.

Эндеш колундагы бүктөлүү камчысы менен этегин бир чаап, атына карай басты.

-Жатып кетпейсиңби?

-Сенден жакшылык күтүүгө болбойт. Эртерээк башкаларга кабар берейин,

-Сен мени сараң дегени турасыңбы? Үйдө эт кеңири, бышырып берем. Каалашыңча жейсиң.

-Өзүң жей бер. Учуру келгенде, аттиң деп жүрбө!

Эндеш каңтарылган атынын белин бышытып, ээрге отурары менен аркасын карабай, бастырып кетти. Үй ээси өзүнчө күбүрөндү.

-Көрөбүз, кимдин аттиң дээрин.

Эндеш келип кабар айткан күндөн бир жума өткөн жок. Эрте мененки малды бир сыйра карап, жайытка айдаган соң, бир жаңсыл боло үй-бүлөсү менен тамактанууга отурушкан. Эшиктеги ит арсылдай үрүп, анан эле утурлай барып чиелене ажылдап кирди. Көп жылкынын дүбүрттөтө баскан туяктарынын үнү угулду. Жалаң баш, жеңилдей отурган үй ээси, шашыла баш кийимин ала, эшиктен баш бакты. Маңдай тараптан котологон көп атчандардын карааны көрүнө калды.

-Булар кимдер?– деп ойлонгончо болбой, күнгө чагылыша «жарк-журк» эткен куралдары байкалды. Жоо тоскону башка айылдагылар чогулуп келатышкан окшойт деген ойдо, бир-эки кадам алга баскыча болбой, топ караандан суурула, бей тааныш атчандар жакындай баштады. «Жоо басып келе жатат» деп Эндеш баягында эскерткени эсине келе калып, өпкөсү оозуна тыгыла, денесин калтырак басты. Бир топ атчан жыйылып кеткен малдарды кайрый тосушуп, үркүтө айдап, чаң-тополоңго сала, сүрүп келатышыптыр.

Артына кылчая, үйүндөгү балдарын «Качкыла» деп эскерткиче, ажылдап үргөн итине карабай, чаап келе жаткандар тебелетчүүдөй болушуп, үйгө жакындашты. Үй ээси, аларга эмне деп айтаарын билбей, эсин жогото, нестейип катып калды. Баятан бери кулак-мээни жеп, авалаган итке ачуусу келген атчандардын бирөөсү сүңгүсү менен бир сайдыбы, же кылычы менен чаптыбы, ит «каңк» эткен боюнча дымып, «кыр-кыр» эткен үнү гана чыкты.

Аш-паш дегиче топ атчандар аттарынан ооп түшө, эшик талаша үйгө киришкенде, корккон катын-балдарынын ызы-чууга түшкөн үнү угулду. Селт эте, эсине келген үй ээси, үйүн көздөй чуркап жөнөгөндө, бирөөсү «коңк» эткизе чокуга салды. Тополоңчулар жалгыз үйдү торой калып, тымтыракайын чыгара,

талап киришти. Бириси сабасы менен кымызын, бириси табагы менен каймагын, калтасы менен сүзмөсүн көтөрүп, чыркырата кызын, бакырта уулун, оромолу башынан шыпырылган катынын эшикке сүйрөп чыга башташты. Эсине келе калган үй ээси, башын көтөрө, бирөөсүнүн колун кармагыча болбой, артында турганы, курч кылычын шилтегенде башы томолоно, ыргып кетти.

***

Калмактар каптап киргендеги окуя туурасында элде бир айтым бар. Аркалыктардын көбү Анжиан, Наманганга сүрүлүп кирип келишкен. Чериктер Какшаалга качып жеткен. Жоону тоскону нечендеген азаматтар жалтанбай каршы чыгышты. Багыштардан Чоботой, Семетей аттуу баатырлары Кочкордун күн жүрүшү, Долондун күн батышы, Төлөктүн-Чатында үрккөн көчтүн узап кетишин калкалап үч жүздөй жигиттердин арасында жалтанбай турушту. Калмактар чамынып каптап келгенде Төлөк баатыр кылдоого жашынып отуруп эки жүздөй калмакты кырды. Теңдешсиз кармашта кыргыз баатырлары артка чегинип, улам каптаган жоону тосуп, алардын колун байлап, көчтүн узап кетишине кам көрүштү.

Кийинки качкандар Кетмен-Төбөгө жете бергенде Чоботой менен Семетейдин жээни Карагул тагаларынын канын кубалап, айылдагы жигиттер менен калмактардын жолун тосуп келе жатышканда, жолдон калмактардын калың колу, баарын кырды. Алардын кабарын уккан Чоботой менен Семетейлердин энеси көз жашын көл кылып балдарын жоктойт:

Чоң тору миңген Чоботой ботом!
Чоюлган кыраан Семетей ботом!
Чоң жолборсум Карагул ботом,
Кең -Жолдун башы кең шибер,
Керилип жаткан Карагул ботом.
Чоң - Төрдүн башы кен шибер,
Чоюлуп жаткан Карагул ботом,
Каркылдап каздар көл сактайт,
Кара ылачын чөл сактайт,
Карып калган энекең,
Кабылан качан келет деп,

Карай-карай жол сактайт.
Куркулдап куулар көл сактайт,
Куурап калган энекең,
Кулунум качан келет деп,
Күндө үч убак жол сактайт,
Карып калган бээден,
Кайгуулга минээр ат туубас,
Карыганда энекең,
Карагулдай эр туубас.
Токтолгон тугур бээден,
Тоорулга минээр ат туубас,
Токсондогу энекең,
Чоботой менен Семетей,
Эки арыстандай эр туубас.
Эсилимден айрылып,
Эстен тайдым, мен куу баш- деген кошогу, ошол кездеги жалпы эле энелердин кан жуткан кайгыларынан кабар берет.

Мындай окуя бир нече жолу болгон. Ошол кезде Жети-Суудан Илеге, же болбосо Теңир-Тоо аймагын ээлеп, көчүп-конуп жүргөн кыргыз урууларынын көпчүлүгү Фергана өрөөнүнө сүрүлүп келип чогулушкан.

***

Ата-бабаларынан бери Фергана өрөөнүндө жергиликтүү кыргыздар жашаган. Алардын оң, сол жана ичкилик деп аталган-үч илтикке бөлүнүшү илгерки бир өткөн мезгилдердеги жортуулдап улам аталып, ушул күнгө жеткендиги маалым. Ал эми элдик санжырада Долон бийден Ак уул, Куу уул, Кызыл уул аттуу балдары төрөлуп, Ак уулдан оң канат, Куу улдан сол канат, Кызыл уулдан ичкилик уруулары таралат. Ак уулдан Наалы эже, Адигине, Тагай, Муңгуш. Куу улдан сол канаттагы саруу, кушчу, мундуз, кытай, басыз, чоң багыш, отуз уул. Кызыл уулдан Солусбек, Богачы, же Салибабий, Булгачыдан бостон, тейит, жоо кесек, дөөлөс, кыдырша, каңды, ават, найман, нойгут, кыпчак болуп он уруу ичкиликтер делет. Андан сырткары өрөөндө оң, сол жана ичкилик урууларынын өкүлдөрү менен бирге кыпчактар (кыргыз-кыпчактар, нойгут-кыпчактар, жети кашка кыпчактар), түрктөр, кара калпактар, көчмөн өзбек уруулары илатийалар жашашкан.

Сарттар, миңдер, жүздөр, кырктар, кыргыздар, кыпчактар, тажиктер, казактар, түрктөр, түркмөндөр, каракалпактар, курамалар, кенегестер, калмактар, арабтарга кошулуп, ошол эле топтордун жерине карата айтылган самаркандилер, кухистанилер, карагандиктер, вахандыктар, рушандыктар, дарбаздыктар, бадахшандыктар, шугнандыктар, рушандыктар читралдыктар, галчалар делип айтылган.

Тарыхый булактарда Долон бийге чейин эле миңдеген жылдар мурун кыргыз уруу бирикмелери жашап келгендигин санжырачылардын белгилөсүндө Ак уулдан отуз уул жана Солусбек төрөлуп, отуз уул жана Солусбек, Богачы болуп Кара-Дарыянын түштүк чыгышын турукташып, Алай өрөөнүнөн Кожент тоолоруна чейинки аймактарды ээлешкен. Отуз уулдан Наалы эже, Адигине, Тагай, Муңгуш жана Карабагыш уруулары Фергана өрөөнунун дээрлик Ош, Анжиан аймактарында жашашып, «Ош кыргыздары», же «Анжиян кыргыздары» аталышкан. Тагай туугандары менен Ноокат аймагынын Көк-Бел атарабында туруп, эр жеткен учурда өзүнө караштуу урууларды, айылдарды жетектеп, Теңир-Тоону көздөй жер которгон. Алар «Арка кыргыздары» делген. Аркалык кыргыздардын атактуу бийлери өлгөндө, алардын уулдары, илгерки ата-бабаларынын сөөгү жаткан ата конуштары Арстанбап, Аюб булакка алып келип коюшкан.

Фергана өрөөнүнүн эли илгертен эле Аксы, Анжиан, Алай деген үч бөлүккө бөлүнүп, жалпысынан «Фергана кыргыздары», же «Анжиян кыргыздары» деп айтылган. Аксы аймагына Фергана өрөөнүнүн Нарын дарыясынын оң тарабы, же Аксы, Ала-Бука, Чаткал аймактары. Анжиан аймагына Нарын менен Кара-Дарыянын ортосу (тарыхый аты Эки-Суу арасы), же Анжиан, Ноокен, Базар-Коргон, Сузак, Өзгөн аймагынын оң бөлүгү аталат. Алай аймагына Кара-Дарыянын сол жагы, башкача айтканда Өзгөн, Кара-Кулжа, Алай, Чоң-Алай аймактарынан тартып Кожент тоолоруна чейинки жана Фергана, Кожент аймактары кирет. Эки-Суу арасындагы Нарын менен Кара-Дарыянын ортосундагы жерлерде, тагыраак айтканда сол канат кыргыздарынын дээрлик бардык урууларынын өкүлдөрү байырлашкан.

***

Мезгил күзгө таяп, сырт ичи бир топ салкын. Ар түрдүү дарактардын түркүн түстөгү жалбырактары учкан көпөлөктөй болуп, биринин артынан бири түшкөнү көбөйө баштаган. Кең талаа, жапайы тал-теректерден эгиз жайдагы, кокту-колот арасындагы долоно, четин, карагаттардын шактары ийилип, акырын соккон желден улам, термелген сайын, бышкан мөмөлөрү быдыр-быдыр жерге төгүлөт. Бутактан бутакка учуп-конгон ар түркүн майда чымчыктардын чырылдаган үндөрү тоо жели менен бирде көтөрүлүп, бирде дымый түшөт. Эзели чөбү орулбаган, жумшак тулаңдуу жапсарда, жамбаштай отурган көп караандын бакылдаган үндөрү алыстан угулат. Ортодогу эр ортонунан эчаак өтүп калган, сакал-муруту жаңыдан ак аралай баштаган, кызыл жүздүү адам, ысылаганынан жылаңач көкүрөгүн жагжайта ачып коюп, калпагын колуна ала, башкалардан айырмалана бакылдап, көпчүлүктүн этек тарабында сүйлөп жатты. Анын чачы түшкөн такыр башы, күн нуруна чагылыша айкын көрүнөт.

-Туугандар! Ар айылда арстандай кайра тартпас, азаматтардын саны арбын. Аларды бириктирели.

-Аб-балли! Тура айтат-дешти көпчүлүк кубаттап.

-Кана, элдик намысыбыз? Кана, биздин илгертен берки жоокер эл деген даңкыбыз? Тайманбас элдин балдарыбыз дейбиз. Ушул күнгө чейин бириге албай келебиз. Ойроттордун көзүн карасак, алар бизди айябайт. Азынатып аргымактарыбызды, кыңшылатып кыздарыбызды алып кеткенге чейин жүрө беребизби? Бизде намыс-ар деген жоголгонбу?

-Ырас айтат.

-Ырас болсо, ушуну чечели. Баскынчыларды азыртадан тумшукка чаппасак, кийин кеч болуп калат. Ойроттордон жакшылык күтпөйлү. Башты бийик көтөрөлү. Биригели. Кол кайры кылып, сес көрсөтпөсөк, алар орун-очок алгандан соң, мойнубузга минет. Мен бүгүндөн баштап, колума курал алам. Кимдер мага кошулат, айткыла!

-Баатыр туура айтат.

Сакалы жайкалган абышка oордунан обдула туруп, сөз баштады. Илгертен эле, ата-бабаларыбыздан бери ойроттор менен кармашып келебиз. Бирок, алар тебелеп-тепсеп, жерибизге

көчүп келише алган эмес. Булар менен атадан балага өткөн, сөөк өчтү кегибиз бар.

Калмак-кыргыз эрегиши качан токтойт? Баш-аягы жок сыяктанат. Алардын кесепетинен, канчалаган эр азаматтар набыт болду. Тынч жаткан айылдар кызыл уук боло чабылып, мал-мүлктөрү таланып, күнөөсүз бала-бакыра айдалып кетип жатат. Бул кордук эмей, эмне? Кезек, эртен эле бизге келет. Ырасын айтсак, катындын талгагы башталса, жараткандан эл-жерди коргоп урушка жараар уул тилегенибиз, жалганбы? Ит таркын уруш, үстүбүздөн соотубузду чечтирбей келүүдө. Менин урушка кийчү туулгам атамдан калган. Мен аны небереме калтырууну каалабайм. Эл-жерибизди душманга тебелеткенче, өлгөнүбүз артык. Эли болбой эр болбойт. Элден эр чыгат. Баш байлап, биригели деген тилегиңерге мен да кошулам.

Карыянын айткандары көпчүлүктү түйшөлттүбү, намысын козгодубу, отургандар дүрдүгө түштү.

-Ырас– деди четте баятан бери сүйлөгөндөрдүн сөзүн угуп, ойлуу отруган карыя.

-Жоо колу көп деп, бир чети даай албай, экинчиси тайсалдап отурабыз. Жоо колу дайыма көп. Бирок, алар жолбун. Жолбун жырткыч жерчилдерге жолой албагандай эле, жоо да түптүү элден айбыгат. Себеби, аларга бир эле биз эмес, тоо-таш, токой, сууларыбыздан бери коркунучтуу. Биз жерчилбиз. Өткөөлдүн бары өзүбүздүкү. Алардын түмөнүнө, биздин миңибиз татыйт. Эр намысы, эл намысы. Жоого каршы аттаналы деген ниетиңер тунук. Азбыз дебегиле. Жоого каршы сазбыз дегиле. Эл башына түшкөн азап, кан күйгөн казат. Мен да силерге кошулуп, колума курал алам деди, жашы сексенге барып калган Элчибек карыя.

-Ырахмат абаке! Сиздин ар бир сөзүнүз, биз үчүн намыс деп, сөзүн баштады Эргешаалы. Эл арасынан чыккан эр азаматтарды бир башка бириктирели. Башчы көрсөтүп, баарыбыз анын сөзүн угалы. Күчүбүз бир болсун!

-Туура айтат

-Бир башчынын сөзүн угалы.

Отургандар жапырт аны кубаттай кетишти.

-Оо калайык!- колун серепчилей ордунан тура калган Жамгыр-чы баатыр көпчүлүккө кайрылды. Мени баарың таанийсыңар

-Билебиз.

-Жамгырчы баатырды, элдин баары билет.

-Оңдон болом.

-Сени жакшы билебиз. Жамгырчы баатырсын.

-Каргашалуу калмактар канчалаган жылдардан бери, элибизге тынчтык бербей келген да билесиңер.

-Ак сөз.

-Аксакалдардын айткандары туура. Уруу-урууга, топ-топко бөлүнбөй, күчтү бириктирели.

-Ап– балли!

-Мен башка жактарга да, барганы келдим. Алар мени күтүп жатышат. Баарыбыздын максатыбыз калмактардын капсалаңынан кутулуу. Мен силерге кайрылар элем. «Калмактардын кара чабуулу» канчадан бери тыйылбай келет. Бизге окшогон жоокерлерди гана эмес, кары-картан, катын-балдардын көңүлүнө да көк таштай тийген. Каршылык кылганды чаап, чамындыдай сапырып, кете берген жоонун канкордугун баарыбыз билебиз. Аларды Ала-Тоонун аймагынан айдап чыкмай сайын, элибизде тынчтык жок. Баарыбызды баштап, күчүбүздү бириктире турган азаматты, башчы атап, анын желегинин астына биригели!

-Сени угабыз, арстан. Бизге, анын атын айт! дешти, көпчүлүк чуубулдаша.

Жамгырчы баатыр маңдай тарабындагы көпчүлүктүн арасындагылардан бирөөнү көргөзө

-Мына ал! деп, оң колун шилтеди.

Тургандар, Жамгырчы көрсөткөн жакты жабыла тиктешти. Көп ичинде «бала баатыр» аталган Кубатбек турду. Шыңга боюна кең далылуу көкүрөгү төп келген, ууруттарындагы түгү айкын билине баштаган кабагы жазы, көзү тик жигит, оң колун көкүрөгүнө ала, көпчүлүккө таазим кылды. Көбү Кубатбекти жакшы билишчү. Атын угуп, өзүн көрө электер, моюндарын созо, эңиле тиктеп жатышты. Калмактар менен болгон бир нече жолку кагылышка катышып, кайра тартпаган эрдиги менен эл оозуна алынган «бала баатырдын» ысымы элге дайын боло баштаган эле.

-Бали арстан баатыр!

-Акылын тунук, көрөгөч.

- Боло турган жигит.

-Колдойбуз- дешти көпчүлүк.

-«Бала баатыр», ортолукка чык бери. Көпчүлүк таанып алышсын –деди, кыйкыра сүйлөгөн карыялардын бирөөсү.

-Баатырды тааныйбыз.

Отургандар коштоп кетишти.

Өзүн сабырдуу кармаган, кызыл жүздүү жигит алдыга кадам шилтей келип жүгүнө, көпкө салам берди. Жигитке элдин тагдырын чече турган чоң ишеним берилип жатканын туура түшүнгөн көпчүлүк ичи, уу-дууга толду.

Эчендеген кандуу кармаштарды башынан кечирип, эчен күчтөргө моюн бербей жеткен жерин желкелеп, барган жерин талкалап, мал-мүлкүн талап, туткундап, айдап көнгөн калмак колу, оңой жоо эмес. Каарынан кан таамп аену билбеген калмактарды кашкөй эчендеген баатырлар жеңип кайра келгис кылып сүрө албаган. Эми ушул Кубатбек келип эле, келбес жайга айдап, сазайын бермек беле?- деген күмөнсүрө да көбүндө жок эмес эле.

Отузга жашы чамалап калган, шыпылдаган жигит, көп алдына суурулуп чыкты. Анын ак жуумал өңүнө көмүрдөй кара муруту жарашып, башындагы ак калпак, үстүндөгү аземдүү жеңил желек ичинде көрүнгөн, эни кере карыш келген белиндеги күмүш кемери, анын колунда бар, мырзалыгын айкындап турду. Ал бүркүт кабак астындагы кара көздөрүн ирмеп-ирмеп алып, отургандарды айландыра тиктей, салмактуу сөз баштады.

-Калайык! Баятан берки сөздөрдүн баары төп айтылды. Жамгырчы баатырга ыраазы болдум. Мен аны кубаттаймын. Кол башчылыкка Кубаттын көрсөтүлүшү баарыбызды кубандырат. Мен үчүн жигиттеримди баштап баатырга үзөңгү кагыштыра казатка аттануу сыймык. Ага колумдан келишинче жардам берериме, сиздерди ишендире алам. Бул милдетти аткарууга баарыбыз жоопкербиз:-деди ичкиликтерден келген шумкар мырза.

Оң тарапта отургандардын арасынан Бекаалы мырза тура келе, колдорун алга сунду. Дуулдашкан көпчүлүк дымый түштү.

-Кубатбекти кол башчылыкка көрсөтүп жатабыз. Башкалардын да, атын атоочулар барбы?

Эч биринен сөз чыкпады.

-Мен кол башчы болом, дечүүлөр болсо чыккыла! Көпчүлүк туура көрсө, башчылыкка көрсөтөлү.

Көп арасынан эч ким чыкпады.

-Кубатбек ылайык!

-Кубатбекти туура көрөбүз!– дешти көп атынан чубулдаш-кандар.

-Оо, журт. Кубатбек ишеничке татыйбы? Бекаалы мырза көпчүлүккө кайра суроо узатты.

-Татыктуу!

-Кубаттан эч ким талашпайт.

-Ишеним беребиз!- дешти топтогулар.

-Жарамал жигиттерден болсо, айт өзүң?

Бекаалы мырза, кайра сөзүн улады.

-Анткенимдин себеби, эр азаматтар арасында таарыныч болбосун. Көпкө жаккан жигиттер болсо, атагыла! Бийлик, байлык кимдерди кызыктырбайт. Боломун дечүүлөрдү элге салалы. Кубатбек баатыр ага капа болбойт. Кана, айткыла!

-Туугандар! Эл-жер тагдыры, журт намысы кымбат. Өтөлгөсүн алып, милдетин көтөрөм дечүлөр болсо, көрсөткүлө!– деп кыйкыра кетти, топ ичинен дагы бири.

Топ ичи дымып турду.

-Топ башы, журт башылар эп көргөндү, эл да эп көрөт. Мына бул отургандар, элдин каймагысыңар. Элдин тагдыры, журттун намысы баарыбыздын колубузда. Казат жолундагы ишеним оор. Ал жүктү жабыла көтөрөбүз. Кол башчыбызга эриш–аркак болуп, аны дайыма колдойлу деп, бакылдады ордодогу мойсопут адам.

Көпчүлүк Кубатбекке тигилишти.

Туугандар! Мага чоң ишеним бергениңерге ыраазымын. Мен силерден бийлик сурабайм. Ата Журтту коргоого ким башчы болом десе, мен анын жан жигити болууга даярмын. Биз ата уулдары, эл алдында карыздарбыз. Элди-жерди коргоо, ар бирибиздин милдетибиз. Аны биз эч убакта эстен чыгарбайбыз. Эл үчүн башымды токмок, каруумду казык кылып кызмат кыламын.

Ырахмат абаке! Сизге ыраазычылык билдирем!

Мен жоокерлерден, душманга каршы тайманбай кармашууларын талап кылам. Чабал адам, ар дайым каршылашынын курмандыгы. Коркоктордун кесепети, башкаларга тийбей койбойт. Андайларга жоокерлердин арасында орун жок. Урушка барчу азаматтардын курал-жарагы шай, ат көөлүгү тың болсун. Эр жигиттердин тамак-аш, кийим кечесине, жарак-жабдыгына жардам бериңиздер?

-Бал-ли!

-Туура!

Жыйындагылар чуулдай кубатташты.

Арадан бирөө тура кала кыйкыра кетти.

-Жакшылар! Опурталдуу чак. Төрт тараптан коркунуч сагалап турат. Эр азаматтар сүрүлүп кармашка кирсе, бир тараптан

билинбей калмактар келип, калканары жок калкты кыйсыпырын чыгарып кетсе не болот? Эркек таналар айылга да керек!

-Бакылдабай башчыбыздын сөзүн угалы. Сөзүңдү уланта бер, баатыр!– деди ортодогу карыя.

-Мен талап кылганды аткарган жигиттер кана, жоокер боло алат. Аткара албагандар, айыл эли менен бирге калат. Макулсуңарбы?

-Макулбуз дешти топтогулар.

***

Келип жаткандардын айрымдарынын миңгичтери чабал. Күндөлүк мал кайтарганда минчү, аманат улоолор менен келишкен. Айрымдары жайыттагы аттарды тутуп, суутпай кам боюнча шашыла келе беришкен. Кээлеринин жүгөнү тургай, ноктосу жок. Кыл чылбырды ат мойнуна күрмөй, бир учун тумшуктан өткөрө коюшуп, ээр-токуму жок, жайдак атка тердиктерди, кийиз-талпактарды бүктөй салышып, улоолорунун белин басмайыл ордуна, чылбыр менен тартып алышкан. Ыңырчак токунганы да бар. Үзөңгүлөрү жок, жыгач сүйрөткөнсүп бутары салаңдагандар да жүрөт. Көпчүлүгүнүн үстү-баштары да эптемей. Тоолук эң алгач, миңген атын кастарлап, ат жабдыгын аземдеп, анан өзүнүн үстү башына карайт эмес беле. Каптаган жоо шаштырып, эмнелерди гана кылбаган.

Эр азаматтар кармашта душманын кубаласа жетип, качса кутулта турган аяктуу аргымакта, өйдө-ылдыйда жылып кетпей турган, омоктуу ээр чың тартылып, басмайылы, үзөңгү боо, жүгөн-тизгин, көмөлдүрүк-куюшканы бышык болуусу зарыл. Омоктуу ээрде отуруп, аргымагын атырылта, кош колдоп найза сунуп, оң колундагы мыкчый кармаган кылычын шилтээрде, үзөңгүгө тура калып, жаа тартып, чокмор чабарда таганак болоор, күч-кубаты ташыган аяктуу ат жабдыгы менен керектелет. Ал жоокерге өзгөчө сүйөнүч. Чыңк ылдыйыш, тик өйдөдө көмөлдүрүк, куюшкан болбосо, ээр, басмайылы жаман болсо тердик моюнга кетип, өйдөдө суюлуп, чычаңга жетип, өөгү жок ат үстүндө жүдөп, душмандын оюнчугуна айланбайбы.

Улоо-турманы дайыма зарыл керек. Талаа-түздө түнөгөндө, ысык-суукта ээр башка коюлуп, тердик-токум сыз өткөрбөс төшөнчү, үшүсө жамынчу, карда кийчү тону, жаанда кийчү чепкени

таңып келсе бөктөрүнчөк. Ат азыгын, жан азыгын, зарыл буюмдарын салып алар баштык, торболору да түгөлдөнүшү бештен белгилүү. Көпчүлүгүнүн куралы союл-бакан, куу келтек, тыңыраактарында гана кыңырык, чокморлору бар. Ат үстүндө айкашчу, жөө кармашта жөлөнчү өнөр-тажрыйбалары жок. Салгылашуунун ыктарын, кармашуунун жөнүн билбегендерди жалбырттаган отко, атырылып ташыган сууга карай жөндөн жөн салуу опурталуу. Деги, кандай болсо да, даярдыгы жок жоокер алгачкы кармашта эле ойроттордун курмандыгына айланары бышык.

***

Сырын ичине каткан бек санаадан сабыркап, ойдон ооруп турду. Канчалган аракеттер менен бир нече күндүн аралыгында тоолуктардын колу көп эле арбыбады. Бек шашылыш келген жигиттерди ат үстүндө алыштырып, жөө күрөшүрүп, жаа тарттырып, найза, чалма ыргыттырып, аз эле убакыт аралыгында, түрдүү сынактарды өткөрдү. Чапсаң, каруу-күчтүү жигиттер улам тандалып жатты. Ары кубаттуу, шамдагай, тапшырмалардан сыналган жоокерлердин катары толукталып, ылайыктуулар ылгана берди. Жоонун келишин күтпөй утурлап жөнөштү. Додо Даржи баш болгон ойроттор да бир нече миңден ашык кол менен аттанышты. Эки кол анчалык дале чоң эмес Шор-Талаадагы түзөңдө оропара келип, тиреле токтошту.

-Эр жүрөк кыраандар! Мен силерге, тайманбас–арстан жоокерлериме кайрылып турам. Өзүңөр билесиңер. Ыйык жерибизге жек көрүндү душман басып кирип, чоң тополоң салып жатышат. Алар кары-картаңдарды, жаш балдарды аесуз кырып, элибизди кул-күң кылгылары келишет. Баскынчыларга эли-жерибизди тарттырбас үчүн мурда биздин аталар да, кан-жандарын аябай согушуп келгендигин жакшы билебиз. Алардын кымбат өмүрлөрү, ыйык күрөштөрү бизге мураска калды.

Тайманбас баатыр аталардын өлүмдөн жалтанбас, азамат уулдары! Калмактар менен кан төгүшө кармашканы жатабыз. Биз дагы аталардын эрдиктерин улантып, эли-жерибизден душманды сүрүп чыгаруу үчүн күрөшкө аттандык. Биздин бир гана максатыбыз, эзели сөөк өчтү душман болгон калмактарды жерибизден биротоло сүрүп чыгаруу. Алдыбызда өмүр менен өлүм

кармашы турат. Урушта жеңүү да, жеңилүү да болот. Канткен менен биз жеңишибиз керек. Жеңишке биз биримдик менен жетебиз. Калмактар менен кармашып жүрүп өлсөк, артыбызда атыбызды эскерээк элибиз бар. Эл керегине, Ата Журт керегине жарап, эрдик кылып, курман болуу ата уулу үчүн сыймык. Бизди ата-бабалардын арбактары колдойт– деп ал саамга айланасындагыларга кыдырата карады. Кол башчынын ар бир сөзүнө муюган жигиттердин жүздөрү албырып, көздөрү өрттөй жанып турду.

-Азаматтар! Менин буйругумду уккула! Элибиз, жерибиз үчүн жалтанбай өлүмгө тике барабыз. Душманга өлүм!

-Өлүм-өлүм!

Бирдиктүү кыйкырыктан тоо ичи жаңырып, кандуу казат башталды.

Уулдун касиеттүү Ата-Журтун, элин сактап коргоосу, ыйык милдет болуп саналат. Ага ардактап ат коер алдын, атадан бина болуп, эненин курсагында жаңыдан түйүлө баштагандан тартып, таң кылайып аткандан, күн кызарып чыкканча, кеч бозомук тарткандан, күн алоолоп батканга чейинки мезгилди ыйык көрүп, төбөсү ачык көктүн, төшү түктүү жердин, жаркын жашоого кубат берген күндүн жана ай-ааламдын жаратуучусу бир Кудайдан эл керегине жарачуу, эркек уул бер деп, ата-эне зарлап өтүндү. Ар убак кудайдын ырыскысына каниет кыла даам таткан соң, жүзүнө бата тартып, эл, жердин тынчтыгын коргогон уулдардын төрөлүүсүн, тукум улап көбөйүүсүн эл тилек кылган.

Маңдайлаша тирешкен майдан талаа, тоо этегиндеги жантайма адырларга уланган быткылдуу тегиздик эле. Жазгы нөшөрдөн улам кокту-колоттон кыян жүрүп, жер кемирилип, дөңсө беттер сала-салаа кемерлерге айланган болчу. Атчандардын чабуулуна чоң эле тоскоол болчуудай. Бек аскерлерин аттан түшүрүп, чылбырларын белдерине байлатып, жөө салгылашууну болжолдоду. Бирок, душман менен кармашууда жоокерлер калтаарып, жүрөксүнүп туруштту. Ушул күнгө чейин көптөгөн кармаштарга катышып, жеңилүүнү баштан кечире элек душман колу бир топ дымактуу көрүнүп, мен менсине теңсинбей турушкандай туюлду. Ушул күнгө чейинки кагылыштардын баарында тең, бет келишкен жергиликтүүлөр тегиз кыйрап жеңилип, бир да жолу жоого туруштук бере алышкан эмес. Ушул шарт баарынын ынданын өчүрүп, сандары тең эмес колдон сестенип турушкан. Темир соот, күмүш чопкут кийген бек Алыкени

жанына алып, жоокерлерди жеңишке үндөп, кошуунду тегиз кыдырып чыкты.

Дале болсо чабуулду ойроттор баштады. Ач айкырык, куу сүрөөн менен алар кыргыздардын кошуунун көздөй селдей каптап киришти. Алар миң сандатып жаа тарттырып, жебелердин уусуна алышты. Бегалы баш болгон оң канат артка кайрыла түштү. Бек так ошол тарапка Алыкени баштатып, жаңы күч жиберди. Жаңы күч ойроттордун көпчүлүгүн кыйратып, жаңы дем менен кайра артка сүрүп жөнөштү.  Душмандын тобу артка бир топ сүрүлүп барып, кайра жаңырта түзөлүп, чабуулга түштү. Жалтануу ойлоруна келбеген, кармашта каршылаштар тыным алышпады. Тирешүү көпкө созулду. Айкаш, каш карайганча уланды. Эки тарапта тең, эбегейсиз көп эрлер набыт болду. Эртеси жерге жарык кирээри менен кайра тирешүү чабуул башталып, кайра уланды. Бирок, ойроттордун атчандарынын да, жөөлөрүнүн да карааны көбөйүп, түндөсү жаңы толуктоо келгендей туюлду.

Майданда набыт болгондордун денесин эки тарап тең алып кетүүгө үлгүрбөгөндүктөн, быткылдуу бүтүндөй Шор-Талаа өлүк денеге жык толгон эле. Дөңсө бетиндеги сала-салаа болгон  кокту-колот, адам издери, ат туяктары менен эзиле тебеленип, чаңы чыга түзөлүп калган. Аба тер менен кан жыттанат. Жүрөктүн ыргагындай болуп добулбастар бир калыпта дүңкүлдөйт. Эки тараптын тең, алдыңкы саптагылары жаткан өлүктөрдү аярлашканы менен алардын артта келе жаткандар, атырылган аттары менен тебелетип, аңды-дөңдү аңдабай чамыныша атырылышты. Таңкы сыдырымдагы желге, эки тараптан чыккан коюу чаң уюлгуп, улам жакындап баратты. Кол алдындагы бек кошуунуна аярлай көз салып, негедир душман колу кечээ күнгө караганда эки эседей көбөйүп кеткенсигенин байкады. Көзүн кайра – кайра парлап ачып-жумуп, таң жарыгында «жаза көрүп жатамбы» -деген ойго да келди. Жан жигити атын чаап келип, бекке эңкейе берип, акырын гана:

-Жоокерлер сестенип жатышат. Душманга жаңы күч келип кошулган окшойт- деп кобурады.

Миң башы баш болгон бир тобу чогулушуп, жаңды баштабай качууну кеп кылып киришти.

-Оо кокуй, качкан жоону катын чабат. Кол кыргынга учурайт.

Ат чылбырын белине чалып, кыса байланып, кылычын кынынан сууруду. Алыке да аргымагынан түшүп, ага катарлашты.

Бул сапар жоо чабуулдун мизин, бектин кошуунунун козголбой турган негизги канатына, Бекаалы башчылык кылган топко багытташты. Мөндүрдөй төгүлгөн жебе нөшөрү аларды кайра качууга аргасыз кылды. Саал чегине беришип, кол алдындагы бекти көрүшүп, кайра чабуулга өтүштү да, колдун маңдайына жете келишип, кылычташмай, найзалашмайга өтүштү. Кызыл кыргынга бектин колу чыдамкайлык менен туруштук берип, артка чегинишкен жок. Түшкө жуук калмактар алдан тая башташты. Алардын арып-чарчаган аттары, ары сүр-бери сүрдө, аңгек-кемерлерге тыгыла, тоңкочун ашып, быткылга тыгылышынан улам, кол күчү майтарыла түштү. Кээлери качууга аракеттенишип, жөө жалаң алдастаган душман колу, үзөңгүгө бут сала, ат үстүндөгү кийизге жабышса, кээлерине кийиз үстүнө ооп, куралдары колдорунан түшө алакташа, кача беришти. Так ошондо гана, эрте мененки душман колу эки эсе көп көрүнгөнү дайын болду. Көрсө калмактар кийиз тондорун тоголоктоп, аттарынын ээрине чочойто таңып, бир - бирден жетелеп алышкандыктары, алыстан аларга жоокерлердин карааны болуп көрүнгөн эле.

Бек өз кошуунун аттантып, өзү баштап душманды көздөй селдей каптап кирди. Жоо качып жүрүп беришти. Кыргыздардын аттары тың бойдон эле. Душманга илгертпей жетишип, кылыч мизине, найза тилине бөлөп, аттарынан оодара тартып, бир топ кыйратып жиберишти. Көбү кырылып, азы араң качып кутулду. Каткан кан карарып, аккан жин сасып, өлүм талаасынын үстү чаң-тозоң, бозомук. Жарадарлардын кыңкыстап кыйналганы, айрыдары улам башын көтөрүүгө аракеттенип, ордунан тура албаганы, колу-буттары сынып, курч курал тийген аттардын күрс-күрс жөткүрө онтогону, кошул-ташыл боло, согуш талаасы көргөн көзгө, уккан кулака жагымсыз таасир берет. Жаны чыкпай, ар-ар жерде жан талпастык менен кыймылдагандардын үстүндөгү апсыга учуп келген карга-кузгун, калп эле жака белин элтең карап, чочулагандай болуп, жутуна өлүк-тиригине карабай биринен-бири өтүп чокуп жатышты.

-Бу өлүмтүктөр биздин тиешебиз дегенсишип, эч бири айбыгып да, жалтанып да коюшпайт. Ар бири чүйгүн жаш денелерди ээлеп, менчиктеп алгандай түрлөнүшүп, анча-мынча чабаалдары жандарына жакындашса кызганышып, тап беришип, ээн-эркин тойлоп жатышты.

Чабылган кылыч, айрылган тери, урулган чокмор, жарылган кабак-баш канталап, канаган денелерде кагылган найза көмкөрүлгөн көөдөн, сайылган жебе, каршы-терши тебеленген камыштай калкайган ат өлүгү эр өлүгү сулап жатат. Жараты оор, жаны чыкпагандар, элдир-селдир сүйлөп, бирөөлөрдөн жардам күткөндөй. Баш көтөрүүгө дармандары келбей араң кыймылдашат. Ит-куштун талоонуна айланган өлүм талаасы, жашыл аймак ичиндеги өрттөлгөн аңыз баштанып, алда кайдан карарып көрүнөт.

Чаалыккандан улам, араң кыймылдашкан кошуундагылар бири-биринин артынан ээрчише келишип, улам топтоло башташты.

-Кана, дагы уруша алабызбы?

-Урушууга күчүбүз жетпейт.

-Качып, кутула алабызбы?

-Качып кайда барабыз!

-Урушту эми билип, эми үйрөнүп жатабыз.

Баары тунжурашты. Тук эткен үн жок. Акыры бирөө, айбыга, үн салды.

-Бек, биз кетпесек болбойт?

-Биз дегенин кимдер?

-Баарыбыз,

-Баарыбыз?

-Кетип кайда барабыз?

-Коопсуз жакка. Адамдарыбызды сактабасак болбойт.

-Жөнөп бергенде канчалагын айылдардан, адамдардан айрылабыз.

-Мында, тура бергенге да, болбойт

-Жоо алдын дагы да, тороп көрсөк кантет?

-Өзүң кандай деп ойлойсун?

-Качканды катын алат- делет. Эркекче өлгөн жакшы.

-Эркек элебиз. Кармашта эр өлүгү болбой, согуш болбойт.

-Мен өлгөндөн коркуп жатканым жок.

-Анан эмне?

-Өзүм эле өлбөй, миңдеген элдин шорун кайнатып, ырыскысын кыйып кетемби- деп ойлоп жатам. Убактылуу болсо да, бой качыра, элди сактабасак болбой калды.

-Качып кайда барабыз?

-Кут тарапты жоо басып алган. Күн жүрүштү тосуп турушат.

-Жалгыз гана аргабыз бар. Күн чыгышты карай, жол тартышыбыз керек.

-Кантип кетебиз?

-Мал-жанды жалпы үй-бүлөлөрдү алдыга жиберебиз. Жоокерлер көчтү калкалап, аркадан жөнөйбүз, эч ким эч жакка чачылбайт. Баары чогуу болот.

Кара жанга күч келген калабалуу жагдайда, жетик акыл, тыянактуу бүтүм чыгаруу кыйын эле. Эл тагдырын тобокелдикке салуу да өтө эле коркунучтуу.

Булардын сүйлөшкөн масилатин, көбү уга да элек болчу. Ажалдын апаатынан аман чыгып, кошуундагылардын кимиси бар, кимиси жогун билүүгө буямалары келелек. Таңдан кечке чейин кармаш, баштарын кеңгиретип, ар биринин кулагында ач айкырык, куу сүрөөн, кылычтардын каңкылдагы, үзөңгүлөрдүн кагышканы, ай балта менен чокмордун чакылдагы жаңырып турган. Ат үстүндө улам обдулуша каршысындагыны жалпайта бөлө чаап, өктөмдүгүн жазбай, сүрмө топ болгон кошуундагылар убакыт өткөнүн, чарчап-чалыгууну эстен чыгарыша чамынып кармашышкан. Катардагылардын улам суюлганын көңүлдөрүнөн чыгарыша, эси–дарттары душманды артка сүрүп шилтеген куралдарын колдорунан түшүрө чаап, баш көтөргүс кыла, жок кылуу болчу.

-Кана, ушуга макулсуңарбы? Туура көрөсүңөрбү?

Көпкө караан, ишенич болгон эр азаматтар чогуу унчукпай турушту.

-Көк жал кыраандар! Ойроттор көп жолу ата-конушубузду тебелеп кирип келип отурат. Алар менен ата-бабаларыбыз да эчен жолу карсылдаша кармашышкан. Күчтөрү тең келбей калганда, элди сактоого аракет кылышкан. Кайра күч топтоп, каршы турушуп, эч кими, эч бири багынышкан эмес. Калмактардын жапырыгы кайрадан башталып, баарыбыздын башыбызга кайрадан түн түшүп турат. Кара таандай каптаган калмактардын кара чабуулуна туруштук берүүгө күчүбүз жетпей тургандыгын, моюнга албай коюга чамабыз жок. Чама-чаркыбыз чектелүү экендиги, айтпасак да түшүнүктүү. Биз бул жерден жылып, орун которолу. Баш-аякты жыйып, урушту кайра улантабыз.

Бирок биздин жер которгонубузду жоо билбесин. Алар келип ата конушубузду ээлеп алышына жол бербейли. Элди сактап, коопсуз жайга жеткирген соң эр-азаматтар душман келчүү багыттагы беш-он күндүк жолго барып эр отун жагып тосуп туралы.

Баскынчыларды кол байлоо кылып, бул тарапка өткөрбөйлү ар бир уруудагылар бир айдан кезүүдө болуп, сак туралы.

Кырдаал, шарт баарына белгилүү болгондуктан, эч кими сөз кошушпады. үндөбөй таркап кетишти.

***

-Жан кыйышпас туугандар! Кыйын кезең элдин элин, эрдин эрин сынайт дешчү улуулар. Башыбызга бүлүк түшүп, баскынчылар жерибизден козгоду. Эл ырысын кыйып, тозокко салып, минтип ач жылаңач тентип баратабыз. Касиеттүү ата-бабалардан мурас калган ыйык жерди коргоп, кан-жаныбызды аябадык. Бирок, көп душманга, күчүбүз тең келе албай, айласыз качкынга айландык. Канткенде да тирүү барбыз. Кан кечкен күрөш али алдыда. Бизди азапка салып, кордукка туш кылгандар, дагы бир күндөрдө өздөрү шорлойт.

Адилдик арамдыкты жеңип келген. Биздин күрөш адил. Душмандын зомбулугун жойчу күндөр келет. Элибиздин баштан кечирген азаптуу күндөрү, бизди күрөшкө үндөйт. Эрдикке чакырат. Бүгүнкү көргөн кордук, эртең жомокко айланаар күндөр келет. Бүгүн мен касиети бийик элимдин алдында. Киндик кан тамган ыйык жерибизден канкор душманды сүрүп чыгарам деп ант берем. Ушул антымды аткара албасам ыйык элимдин, касиеттүү жеримдин кусуру урсун!

Эл ичи уу-дууга толду. Көз жашы ак сакалын жайпаган кары ыйлады. Ак саамайы нымдалып, эне ыйлады. Ак жоолугун көзгө басып, катын-калач, кыз-келиндер ыйлады. Элдин бары буркурап, сай-сөөктөрү сыздады. Эркек таналар баш көтөрүп, ыйлагандарды аяп сумсайышты.

Көпчүлүк алдына кайратынан жана элек карыя чыкты. Узаак жолду басып жүдөсө да, сынын бузбай сөз баштады.

-Белдарым Кубат. Медерим Кубат. Дилиң ак, көкүрөгүн таза Кубат! Сендей кол башчысы бар, эл жоголбойт. Эли болбой, эр болбойт. Эрди эне төрөп, эл өстүрөт. Сендей баатыры бар эл, бактылуу. Сенин артындан жүздөгөн, миңдеген баатырлар өсүп жетилет. Эл сагынбас эр, жер сагынбас эл болбойт. Туулган жерибизди таштап, качып- безип келдик. Ата-бабалардан калган асыл жер, бизге ыйык. Көздөн учуп турат.Канат байлап жетсек кана! Балдар улан болуп, уландар кыраан болор чак келет. Жаш

бала бүркүттөрдү барчын кылып өстүрүп, тасыктырып күрөшкө сал. Айгайлап Ала-Тообузга бар. Биз сени мененбиз. Мал-мүлк апааттыкы. Элибиз аман болсо, баары болот. Алтын баш аман болсо, алтын чөйчөктөн суу ичер күн да келет. Элиңе баш көз болуп, түпкүлүктүү журтту кастарла. Ортого кошоор белегим, мына бул кемерим. Ал мына! деп карыя оролгон курун жайып, эни кере карыш күмүш кемерин, суна берди.

-Кагылайын калк. Ынтымакка бириккен, ой-мүдөөңөрдөн айланайын. Жаамыңардын тилегиңер тунук. Баш байлап, касиеттүү жерибизден жоону сүрөлү деген максатыңарды баарыбыз эле колдойбуз. Кары-жаш дебей кол кабыш кылууга камданышыңар жеңишке барабар. Мурун эле ушинтсек болмок. Мейли, дале кеч эмес. Бул алаамат элди, эрди сынады. Туулган жердин, өмүрдүн кымбат экенин, барк-баасы теңдешсиздигин баарыбыз көрдүк, билдик. Кези келгенде дүнүйө-мүлк, баалуу жалтырак-жултурак апы болуп, калкалап кала албайт экен. Илгеркилер айтмакчы «Алдыңда сүргөн малың, өмүр боюу таап-жыйган байлыгың айкырып тийген жоонуку, капыстан келген өрт, селдики» демекчи, анын да төгүн эместигин баштан өткөрдүк. Алтын баш, эл-журт аман болсо бары табылат.

-Атам бай өтүп, Тилдакыз деп атап, тапкан-ташыганын мага чаптаган экен. Мен атамын байлыгын кемитпедим, ашырса ашырдым. Андан да артык, Ала-Тоодой алты арстанды төрөп, тарбияладым. Алардын үчөө аталарына кошулуп жоо тосуп, казатта жүрөт. Калган үчөө эл тарткан азапты эл менен көрүп, силердин араңарда. Алты арстанымдын жандары аманат. Баары эли-жерин коргогону барат. Мына бул «темир-тезек» ортолукка кошкон кошумча- деп Тилдакыз байбиче кош колдоп көтөрүп келген оор тулупту, ортолукка шагырата таштады.

-Кереги тиет деп, жанга ала жүрдүм эле. Азаптуу күндөрдө азык болуп бербеди. Жер алдына көмүлгөнчө, элге, эр жигитке пайдасы тийсин. Кубат балам, балдарымды жанына ала жүрүп, өзүң машыктыр.

-Санайлы канча экен?– деди бирөөсү зоңк эте.

-Санап алгыдай, карыз беле. Калың элдин башына кайыр-садага. Эр жигиттерге жарак. Ырахмат байбиче! Элиң сага ыраазы-деди ортодогу аксакал, көзүндөгү шоросун аарчый.

Калгандар да тапкан-ташыгандарын ортого алып келип жатышты. «Көптүн иши көл» демекчи ардуу буюмдардын көлөмү

улам көбөйө берди. Ар бир, буюм ээсин алкаган аксакалдар, ыраазычылык менен баталарын беришти. Көп ортосундагы аксакалдар арасында отурган Ырыс карыя ордунан козголуп, аркы тарапта аса байлануу аргымагын чечип келип, жамыраган көпчүлүк алдына туура тартты.

-Баатырлар, ат адамдын канаты делет. Канаты болбосо куш кайда барат? Айгайлап жоо чапканда, атырылган айкашта аргымагың болбосо, канчалык эр болсоң да, ал мунжудан айрымасы жок. Бул аргымакты жабдыгы менен Кубат бекке тарттым.

-Оо!

Эркектер турган тарап, дуу эте түштү.

-Мындан башка эл арасындагы аргымактардын аяктууларын, алыска минсе чаалыкпас, татаал шартта арыбас, муюбастарын тандап берейин. Аяк арткан улоосу ишенимдүү болгон жигиттер гана эрөөлдө өктөм. Жакшы аргымак аларды каалаган максатка жеткирет. Аргымагыңарды суутуп, таптап берейин. Мени да кошо ала жүргүлө. Ат багарлыкка алым жетет- деп карыя кебинин аягын тамашага айландыра кетти.

Карыянын өзү да, сөзү да көпчүлүккө ынанымдуу эле. Ал жашынан саяпкер аталып, эчен жолу эңиш, күрөш, эр сайыштарда намысын алдырбаганы узун элдин учуна чейин белгилүү болчу. Анын Кубатбекке тартуулаган «чаки басар» күлүгүнүн даңкы дабанга кетип, даңазасы ташып турганын Кубатбек жакшы билчү.

***

Анда калба жок. Айыл ичи тынч. Кубатбек курбулары менен жайлоо кыдырып кымыз ичип жүрүшкөн. Маңдайдагы кашкая көрүнгөн боз үйлөргө жете келишти. Шериктердин бирөсү.

- Ушунча келип калдык. Осон абага кол бергенче өтөлү- депди.

Топ атчан айыл ортосундагы боз үйдү көздөй бастырышты. Утурлап алган бирөнү күтүшпөй, аттарын каңтара байлашып, ээрчише басышты. Эшик алдындагы жая салынган көлдөлөң үстүндө отурган карыянын жашы токсондон эчаак ашып, жүзгө чамалап калган.

-Ассалоому алейкум

-Ваалейкума асалоом

-Ден соолугуңуз кандай абаке?

-Ээ, кандайын сурайсың. Карыганда катын жоо, келин менен кызың жоо. Эңкейгенде –элиң жоо, эки тизе, белиң жоо, ушунун бары жоо болсо, кайдан болот, дениң соо?– деп күлүп калды.

-Таяксызэле жүрө бербейсизби– деп суроо бере кетти тамашалай бириси.

-Өйдө бассам өбөгүм, ылдай басам жөлөгүм– деди, ал таягын жерге урчулай.

Отурган турганы тың, таягын такылдатып, дайыма кыймылда жүргөн карыя жакынкы жердегилер чакырышса, аярлап өзү басып барат. Алыскы жууктагылар ага атайлап, улоо камдап, алып кетип, кайра алып келип коюшат. Кулагы бир аз оор болгондуктан, ага кайрылгандар кыйкырып сүйлөшөт. Бет маңдай отургандардын сөзүн аңдаганы менен аркадан, же туурадан сүйлөгөндөргө көп деле маани бербей, көпчүлүктүн кобуруна аралашпай отура берет. Кээ-кээде абалын сураганы жаштары, жакшы санаалаштар келишет.

-Карылык ушундай экен. Жаш дегениң ашууга барганда кулактан, көздөн,белден, буттан алат тура. Карылыкка моюн сунбоого арга жок. Кубат-күчтүн баары, тээ аркада кала бербедиби.

-Кайран киши кезинде кандай эле. Аны билгендер бири-бирине кеп салып калышат.

-Ооба, ат үстүнөн бул кишини эч ким ала албаптыр.

-Эңиш, улак тартышта эч кимге мөрөй бербептир.

-Карасаң денеси чулу. Булчуңдары дале билинип турат.

-Эт качкан мезгилин көрүп түрабыз.

-Жашында отурганда бели түз, эки чеңгелин, эки тизесине кое, мандаш токунуп отурганда, эч ким оордунан козголто албаган-дешет.

-Карышкыр чапканын айтсаң. Ат үстүндө карышкырды кууп жетип, эңиле калып, шап куйруктан толгой кармап, булгап-булгап ыргыткан дешет.

-Карышкыр кайрыла, тиштеп албаптырбы?

-Тиштегенге үлгүртпөй, бүркүттөй шукшурула тийип, булгап туруп, жерге чаап, күүлөнгөн атын кайрып келгенче карышкыр эсине келе албай сулк жатыптыр.

-Оой-ээй!

-Атынан оодарыла түшкөнчө, тизгинин ээр кашка илип, камчысын карышкырдын оозуна көмөөр кылып, белиндеги кайыш

менен байлай салып, айылына сүйрөп келген дешет.

-Оо, чыныгы эр экен. Чамасы, карышкыр көңүлүнө көк таштай тийген го?

-Карышкыр айылдын малына тийип, жан койбой, күндө тополоң салып… Анын үстүнө ал дагы анык көк жалдан окшойт. Айылдагы катын-калач, балдарды тоготпой, күп-күндүзү эле жайылып жүргөн малга тийип, жандыктарды, анча-мынча жабагыларды жара тартып, каныйвайран кылып, жиберет. Айт-уйт! –дегендерди тоготпой, бирде капталдан келсе, бирде төмөндөн чыга калып, айылга чейин кирип келет.

-Сес көрсөткөн эркектер болбоптурбу?

-Эркектин баары тамашага кетип, айылда жалаң эле кары - картаң, катын-калач калганын билген окшойт.

-Эркектер эртеси келип, карышкыр чаaптырбы?

-Балегеби? Тамашага кеткендер бир-эки күндө келмек беле. Жумалап жүрөт. Анын үстунө кымыз бышкан маалда тоолук кымыз уулап, барган жеринде баглан союшту жеп, үйүн, бала-чакасын унутуп, сый үстүндө жүрө берери белгилүү го. Айылдагылар атайлап бала жиберишет. Ал сураштырып жүрүп, эки күндөн кийин араң табат. Көрсө тамашадан кийин, тоолуктар бирин-бири чакырып, үлүш-ширене ичип, уламыш, жомок айттырып, күү черттирип, жайлоодо бир чардайт эмеспи.

-Ии?

-Баарынан да, абамдын чамынып келишинин, бир себеби болуптур.

-Ал кандай себеп?

-Абам ат, куш таптайт эмеспи.

-Ооба.

-Палан жерде жакшы ат бар– деген кеп болсо, аны барып көрмөй сайын жаны тынбайт. Жайытта болсо, жайытка, короодо болсо короого келип, макталган аттын жалы-көкүлүн тарап, буттарын, соорусун сылап, булчуңдарын, туяктарын кармап көрүп, оозун ачып, тиштерине, тили, таңдайына чейин тыкаат карайт. Аркасына чыгып, туурасынан карап, сынына, бой-келбетине назар таштайт. Кирпиктерин терип, көздөрүн сылап, анан барып, четке чыга берет. Ага чейин ат ээсинин, жанындагы шериктеринин бар экенине, көңүл да бөлбөйт. Берген суроолоруна жооп да бербейт. Жылкы ээсинин кызганып, кагып-силккенин көңүлүнө да албайт. Качан гана көз кумары канган соң, көңүлүнө жакса кашкая күлүп,

жайдаңдай оюн айтып кирет. Кокус бир кемтиги билинип, көңүлүнө жакпаса, дүңкүйгөн бойдон тескери басып кетет.

-Мүнөзү кызык экен. Себебин айтчы?

-А себеби, ошондой кабарлардын бирин угуп, алыскы бир айылга айтайлап барат. Жаңы үйүргө коюлган атты көрөт. Айгыр жагып, үй ээсинин жанынан чыкпай, ал ары басса-ары басып, бери басса-бери басып, илешип, эки-үч күн кетпейт. үй ээси анын оюн түшүнгөнү менен эмне кыла алат? Качан өзү жарылмайын, унчукпайт. Акырында абам өзү жарылат.

-Тууган, атты жаңы үйүргө коюпсуң, «үйүргө мага бер»- деп сураганым осол болот. Менин көңүлүмдү калтырбай бергениңде да, бээлер арасат. Айгыр караганы токтоп, карай элеги токтой элек. Анын үстүнө жаңы үйүр алышып, жыттaшып, кашынышканы кана электе, убал дагы.

-Мейман, кызык адам экенсиз. Мен сизге, берем деп айта элекмин. Өзүңүзгө энчилеп алганыңыз кандай? Илгертен салтыбызда «кел демек бар, кет демек жок». Илешип жүргөнүңүздү туйгам. Мага боор ачыбай эле коюңуз. Атты бере да албайм. Көңүлүңүз сынса сынсын. Бир айтаарым ушул.

-Ал жайыңды түшүнөм. Көңүлүм сынбайт. Бирок, сени менен түбөлүк катташканга дос болуп, же кудалашып кайтам.

-Анчалык эле не зарык болуп калды?

-Жакшы атка жолугупсуң. Оомадың артат. Сенин бактыңа көз артпайм. Жардам берсем берейин, жамандык ойлобойм.

-Боло турганын кеп кылыңыз? Тагын сүйлөшөлү?

-Боло турганы да, тагы да, жаныңа көчүп келип, атыңды тапташайын?

-Кызык киши экенсиз. Биз дале табын билебиз. Кем акыл деп, ойлойт окшойсуз. Чын дилимден чыккан сөз. Келгениңизден бери, сыйымы көрсөттүм. Короому аралатып, сырымы жашырбадым. Ойлогон оюңузду ачык айтыңыз?

-Туура сүйлөдүң. Чарбадар, жат адамга короосун көрсөтпөйт, суугу кирет деп, малын сынатпайт. «Адам аласы ичинде» дешет. Уруусу бар, тууруусу бар. Экөөбүздүн пейилибиз келишип турат. Бирок, мүнөзүбүздө айырма бар. Сен терикпе. Үйүрдөгү атың, аргымак. Эгер табына келтирсең. Бир эле өзүңдү эле эмес, жалпы урууңдун элдин даңазасын чыгарат. Табына келтире албасаң, ар ким сурап чаап, коңултап минип, жел өпкө кылат.

-Атты билип, байкап алдым. Эми чөп каткандан баштап табына киришем. Анын баарын, билгениңизге ырахмат.

-Ырахматты айтканга шашылба. Сен менен сыр жашырбадың. Мен да сенен сыр жашырбайын. Өзүң эле тапта. Бирок, экөөбүз кеңешип туралы. Күн өтүп кетип баратат. Кийинкиге калтырбай, бүгүндөн баштап, табына даярдык көр.

-Кудайдын күнү көп. Үлгүрөбүз.

-Сен бала, кежирирээк көрүнөсүң. Ат таптаганга ак көңүлдүүлүк керек. Ак көңүлгө жылан ийигет. Куш колуңа келет. Чалпоо пейилге, корс мүнөзгө куурай да душман. Жерде туура жаткан куурайды тээп өтчү, чалынып жыгыласың. Отун жатса тебелеп өткүн, чабылып келип этегиңе илешет. Анын баарын айтып отурбайын. Жылкыга да, баладай мамиле кыл. Эркелетчүү мезгилде эркелет. Ашынып баратса, жазалап кой. Бирок, көңүлүн оорутпа. Сүйлөш, сырыңды айт. Анын сырын, дилин туй. Көңүлүн кушубак кыл. Сенин саламыңа жараша ал, жообун кайтарат. Өтө сырдана болсоң, ал сенин оюңдун баарын туят. Жакшыга жакшы мамиле дейт. Мейли, менде болбосо да, сенде болгону, элдин бактысы. Кош, жакшы кал иним.

Абышка каңтарылуу турган атын көздөй басты. Үй ээси, чуркап барып, аттын чылбырын казыктан чечип келип, туура тарта, мейманды колтуктап атказды.

-Капа болбоңуз? Жакшы барыңыз абаке.

Мейман анын сөзүн уктубу, укпадыбы дүңкүйгөн бойдон башын жерге сала, атын теминди. үй ээси аны карап туруп ичине: -Мага капа болуп калды, окшойт- деп, ойлоп, кайра өзүнчө. -Мен ага эмне кылдым. Атымы бере коймок белем. Өзүм таптайм. Деги эле мага тапчыл көрүнөт. Тапты билсе, ушул күнгө чейин ат таптап, байгеге кошо бербейби. Муну даңазалуу тапчы деп, уга элекмин.

Меймандын артынан караса, ал онор жерге узап, кыр ашып бара жатыптыр. Жолоочу кыр жонго чыга берип, артын кылчая тиктеди да, ат мойнун бура, үй алдында өзүн узата карап турган үй ээсине зоңк-зоңк эте кыйкырды.

-Атыңдын туяктары өсүп калыптыр. Тегиздеп кой. Желени күңгөйдөн алып, тээ төмөнкү тегизге байла. Бээлериң туз сурап калыптыр, туз бербе. Жайытка тууралатып айда!– деп кыйкыра сүйлөдү. Анын сөзү жайлоонун суюк абасында тоого жаңыра, жанында тургандай так, даана угулду.

-Атаңын оозу урайын. Акыл үйрөтүп, тээ белге барып кыйкырат

Мен эмне кемпай белем. Сен билгенди, мен да билем деди, ичинде.

Белге чыгып алып, өзүнө кыйкыра сүйлөп, жооп күткөн мейманга ачуусу келе, тескери карады. Көзүнө кулундар байланган желе көрүндү. Жаңы эле жылдырылганына карабай, байланган кулундарын эки тарабы жылкынын туягында тапталып, такырая топурагы чыга, карарып көрүнөт. Жантаймага жаткан бээлер төмөн сүрүлгөндөнбү, тулаңдагы изи жалаңдай айкын байкалды. Мейман айткандай эле, күңгөйлүү жантайыш, жан боор жерде кулундар күндүн табына бойлорун төшөп, kериле жатыптыр. Ортодогу кулун, желенин керме жибине бутунан чалынганбы, булкунуп-булкунуп жатып тарс жыгылды. үй ээси чуркап жете келип, булкунган кулундун алдыңкы колун чыгара албай, шашканынан желенин казыгын сууруй бошоткондо, жаткан кулундар үркө, ордуларынан тура калышты. Желе колунан чыгып кетип, кулундар бири-бири менен чатышаарында, кермени тарта, күч менен араң токтотуп калды.

Ар жак, бер жагын карап, токмокко жете албай, ордунан жылбай кекейишкен кулундарга ачуусу келип, булка тарта, жипти казыкка чала күрмөй, сабап тартып, байлоого араң үлгүрдү. Шашкалактап, демиге башын көтөрүп кырды караса, жолоочу атынан түшүп, аны карап туруптур. Баары анын айтканындай болгонуна таңдана, аркы тараптагы бээлерди имерип турган айгырдын карааны көзгө илешип, анын туягына көңүл бөлдү. Айткандай эле туяктары өсүп, талпая баштаганын көрүп, меймандын баамчылдыгына ынанды. Кайра кылчая караганда, кыр жакта караан көрүнбөдү. Ичи ачыша түштү.

-Экөө андан кийин көрүшүптүрбү?

-Келип кеткен мейман, үй ээсинин эсинен такыр чыкпады.

-Бир келген кишиге кер сүйлөп, иттик кылыптырмын. Ой-пикиримди жөн айтсам дале болмок. Менин мүнөзүм чалпоо экенин байкаган тура. Бир алдына барып, кечирим сурайын. Көрсө, ал киши көптү көрүп, тасыккан тура. Баардыгына көзү жетет экен. Мен ага маани бербептирмин– деп аябай бушайман жеди.

-«Көсөнүн акылы түштөн кийин» болуптур да?

-Ооба

-Өз айыбын сезген, жаман эмес. Не болсо да, үй ээсинин акылы бар экен.

-Пендебиз да. Иш өткөндөн кийин, баарыбыз эле ойлонуп,

акылыбызга келебиз.

-Айрым кишилер уялып, барбай да коет.

-Аны шарт, барууга аргасыз кылыптыр.

-Ии, ошол жагын айт?

-Жай өтүп, эл күздөөгө түшө баштайт. Баягы үй ээси атты кармап, тапка коет. Бар тапканын атына берсе да, ал жегени менен эт албайт. Бергени орого куйгандай билинбейт. Ар кимге барып, кеңеш сурайт. «Ат таптайт» дечүүлөргө атын жетелеп барып көрсөтөт. Эч бири «андай кыл, мындай кыл» деп айта алышпайт. Ал мукураганда атын жетелеп, жолдо келе жатса, каршы тараптан атчан карыяга жолугуп, салам айтып, өтө берет. Карыя да баш ийкеп өтүп баратып, кыялына бир нерсе келе калганбы, ат тизгинин тарта аркасына кылчая.

-Эй жигит, токточу?

Жигит атын кармаганча, үн чыккан тарапка кылчаят. Абышка атын темине, кайрылып келип.

-Атыңы эмне минбей, жетелеп жүрөсүң?

-Атты кыйнабайын дедим эле.

Абышка ууртунан жылмая, жайдаңдай сүйлөйт.

-«Ат аяган жөө калбайт» деген сөздү, көп уксаң керек ээ?

Жигит анын сөзүнө таңдана, башын ийкеген болот.

-Атты адам минсин деп жаратканбы?

-Ийе

-Атты мин. Сага окшогондор, атын жетелеп жүрсө уят. Көргөн адам шылдыңдабай койбойт. «Ат аяган, акылы жок». Өзүнө күйбөгөн, атына күймөк беле. Ат миништи билбеген, чоркок окшойт дейт. Жонунан ээр түшпөгөн ат экен. Эмне, жайдак минип жүрүп, көчүгүң жоорудубу? Же, ат минсең чуркуң түшөбү?

Абышканын тике сүйлөгөнүнө жигит териге түштү.

-Мени менен ишиңиз болбосун, аба. Жолуңуздан калбай, кете бербейсизби? Же мен сизди чакырдымбы?

-Э, ата, мен сени адам окшойт дедим эле. Атыңан да, жаман кеп жебес турбайсыңбы. Атың сага караганда акылдуу экен. Сенин жетегиңе ынабай, алдыңда жүрөт. Сен жетелеменин өзү турбайсыңбы?– деп абышка чырт түкүрүп, ат моюнун кайрый жол улады.

Жигиттин оозунан кеби түштү. Өзүнүн сабырсыздыгына, корстугуна ачуусу келе, итатайы тутула отура калды.

-Жолоочу тура айтат. Атайы келип, кеңеш берип, боор ачып

жөнүмү сураса, ачууланганым кандай? «Жайдак ат мингендин көчүгү жооруйт. Чуркусу түшкөн адам, ат мине албайт». Туура эле айткан. Мен неге теригем? Кежирдигим бар. Корстугумдан адамдар менден алыс качат. Адаттын, азабы ай! Карыянын көңүлү сынып калды көрүнөт. Аркасынан барып, кечирим сурайын.

Жигит жетектеги атына секирип минип, абышканын артынан чаап жөнөдү. Ал көп деле узап кете элек болчу. Заматта жетти. Күүлөнгөн атынын ооздугун тарта.

-Абаке, кечирип коюңуз? Иттик менен кетти. Капа кылып алдым окшойт.

-Иттик сенен эмес, менен кетти.

-Неге антесиз, абаке?

-Жөн бараткан бей тааныш менен ишим эмне. Жолуман калып, ал чакырбаса дале барып, неге кагуу жейм. Мага демектен, көтөнү жоорумактан, чуркусу менен биригип, түшүп калбайбы. Пай-пай. Нак аштан «ооз тий» деген, үй ээсинин таклибине карабай, келе бердим эле, насия бирөөдөн кагуу жедим. Өзүмө чала.

-Абаке, антип айтпаңыз. Мен өзүм, күнөөлүмүн. Сиздин айткандарыңыздын баары тура. Түркөйлүгүмдөн, кежирди-гимден сиздин сазаңызды сындырдым. Пейлимдин жаман-дыгын, мүнөзүмдүн корстугун эми түшүндүм– деп атынан түшө кала, чылбырын мойнуна салып, аксакалдын алдына эңейди.

Абышка эки тарабын бир карап, жолдун ортосунда чылбырын мойнуна салып, кечирим сураган жигитти бир карап, атынан оонай түштү.

-Тур жигит. Күнөөңдү кечирдим. Турмушта ушундай боло берет. Сен да, мени кечире көр? Бирок, жаныңы ачыштыра, бир чети акылы болсо, намысыңа тиер деп, катуу айттым. Жөнүнөн ойлогондо, ал сөздөр көп деле жан ачыштырбайт. Тейселдей эле, арасында айтыла калчу сөздөр. Менин көңүлүм ооруп калбасын деп, келипсиң. Акылың бар экен. Кел, элдешели? деп кучагын тосту.

Абышка менен жигит жолдун ортосунда чын көңүлдөрүнөн элдешишти. Алардын жанындагы аттар да, бирин-бирин жытташа, кашынып киришти.

-Жол ыйык делет. Кан жол аталат. Жолдон жаман-жакшы өтөт, улуу-кичүү, олуя-машайык, деги ким болбосун жол басат. Жакшылык-жамандык да, жол менен башталып, жол менен бүтөт. Адамдын өмүрү да, жолго теңелет. «Жашоо жолу», «турмуш жолу»

дешип, адамзаттын жашоосу жолго багылык. Кан жолдун ортосунда, чылбырыңды моюнга салып, кечирим сурашың, адамгерчилигиңдин ого эле бийиктиги. Чылбырды, же камчыңы моюнга салып, кечирим сураганга, акылдуу адам атасынын куну болсо да кечет. Бул моюнга алуунун жеткен чеги. «Башымды алсаң да, жынымы кыйсаң да, мен даярмын» деген моюн суну. Экөөбүздүн ортобузда кир жок.

-Ырахмат абаке. Сиз айтмакчы кежирдигимдин, чогоолдугумдун азабын тартып келем. Жайында желе башына бирөө келип, атымы көрүп жактырып, таптап берейин деди. Мен андан кызганып, сиздей кылып жолго салдым эле. Эми атымын табын билбей, жетелеп жүрөм.

-Ал кимдеген адам эле?

-Билбейм, ат менен алек болуп жатып, ал ысымын да айтпаптыр. Мен сурабапмын. Эми мага, зарыл керек болуп жатат.

-Атын билбесең, кайдан табасың?

-Ошону айтыңыз. Ат таптагандарга, сизге окшогон аксакалдардын көбүнөн атымын табын, кеңешин сурадым.

-Билбеген ишти, айтыш кыйын. Анын үстүнө ат менен куш таптоо өзгөчө өнөр. Учуп жүргөн куштун, басып жүргөн аттын тилин билиш, оңой дейсиңби. «Ат таптаган жерди, куш таптаган көктү карайт» -демекчи. Көп сыр бар. Саяпкер менен мүнүшкөр болуу көбүнүн эле колунан келе бербейт. Атыңдын сыны да, сыры да бар экен.

-Кандай сыр аба. Мага дал ошонусу керек.

-Билсем айтпайт белем. Билбегеним үчүн айтып жатам. Атыңын сырын саяпкер гана билет.

-Кимдеген саяпкер? Атын билесизби?

-Мен билгенден Ырыс карыяны айтып жүрүшөт.

-Ал кай жерде?

-Алайдан дешчү. Бир-эки жолу көргөнүм бар. Бирок, айылын билбейм.

-Сураштырып барсам, табамбы?

-Ажалы жетпесе табасың. Ал даңазалуу маарекелерге, атын кошоордо гана келбесе, үйүнөн көп чыкпайт деп, уккам.

-Мейли, сураштырып жүрүп табам. Рахмат абаке!

-Атты минип, кушту учуруп жүрүп, таптайт. Сен элге насак болбо. Атыңы мин. Чап! Машыктыр. Жакшы ат, өзүнүн табын, өзү билет – дешет элде.

-Саяпкерге алып барып, бир көрсөтүп, анын айтканындай кылам. Малай болуп жүрсөм да, анын өнөрүн үйрөнөм.

-Умтул. Аракеттен. Тилегиңе жет.

-Кайыр кош, аба. Сизди жолдон калтырып койдум окшойт?

-Жолдон калганыма кайылмын. Сендей, дос таптым. Бирок, экөөбүздүн тең адамгерчилигибиз чектелүү экен.

-Коюңуз аба, айып менде болсо да, сизде болбойт.

-Атыбызды сурашпаппыз?

-Менин атым Досон.

-Менин атым Осон.

-Тамашалабаңыз абаке.

-Чын.

-Атам Осонбай деп атаган экен. Эл Осон деп жүрүшөт.

-Сизге, атым уйкашканга сүйүнөм абаке.

-Ат бириксе да, түс бириксе да, иш оңолот дейт. Катташып, сурашып туралы.

-Жолдон өткөндө, сиз келиңиз. Сыйымы, эшик-төрүмү көрүп кетиңиз? Кыштообуз тээ Кашка-Суунун ордосунда. Келиңиз?

-Куп болот. Көрүшкөнчө.

«Эр чегишпей, бекишпейт» демекчи, экөө жылуу ырай менен кош айтыша ажырашышты.

***

Досон издеп жүрүп, акыры Ырыс карыяны тапты. Айтуудан анын журту Кең-Булуңдун оюндагы дөңсөдө, бак-шактуу токойчонун четинде экен. Желке тарабы жыш кайың, тал, эки тарабы ойго туташып, шаркырап аккан сууга түшөт. Дөңсөдөн маңдайдагы аймак, өтүп бараткан жолоочубу, жайылып жүргөн малбы айкын көрүнөт. Эки тараптан шаркырап агып түшкөн суу, дөңсөнүн алдына келгенде ийримденип токтогондуктан улам, түзөңдүү ойдо кою өлөңдүү камыш, жогортодон келген желге сеңселип, көлдүн толкунундай тармалданып турат. Жапайы каз-өрдөк балапандайбы, ар-жерде, ийри-буйру мелмилдеп аккан суу үстүндө, ак-ала түстөр алыстан байкалат. Кең-Булуңдун үстү узун аскалуу зоонун бетин каптаган жыш жапалак арча төмөндөп келгенде, шыңга бой тирешкен арчаларга туташып кетиптир. Андан этектей четин, шилби, долоно, табылгы ондогон ар кыл дарактар күз боегон өң-түстөрү менен бири-биринен айрымаланып

турат. Тоонун көрүнүшү эле жапайы кайберендер менен илбесиндердин бардык түрлөрү жашарын айкындап турду.

Ой бетиндеги кою өлөң, бир тараптан чабылып, калың дасталар салааланса, кургагандары бооланып, ар-ар жерде чөмөлөлөнгөн. Колуна орок алып, улам боо байлап жүргөн ак калпакчан адамдын карааны Ырыс карыя экендигин түкшүмөлдөгөн жолоочу кечүүдөн өтүп, ат тизгинди ошол тарапка бурду. Ат басыгынан улам, жумшак чымдуу жер солкулдаганынанбы эңкейе иш менен алек болуп жаткан карыя, өйдө боло бой түзөп, кылчая карады. Колундагы орогун таштай, чоочун караанды утурлай басты. Алыстан салам айткан жолоочу, ага жакындаганда, аттан оонай түшүп, кучактай кетти.

-Аз айып, көп күнөөм болсо кечириңиз абаке? Атайлап, алдыңызга келип, үзүр сурайм.

-Кандай таап, келип калдың? Жолдо кыйналган жоксуңбу?

-Дараегиңизге дак болуп, өзүңүңүзго зар болуп… Жокту керек таптырат дегендей, келип калдым.

-Мен да келээриңди күтүп жүргөм. Үйгө жүр? Даам таттырбай туруп, ишке салсам болбостур.

-Жок. Жумушуңузду бүтүрмөй сайын, даам да татпайм, үйүңүзгө да барбайм– деп Досон даста үстүндөгү орокту ала, кургаган өлөңдү топтой кетти.

-Иштейм десең, иш канча күнгө десең да жетет. Алдын үйгө барып, даам татып, эс ал. Ал-жай сурашалы.

-Канча күн болсун кызматыңызды болом. Иш башы кылып, бул дасталарды боолай коеюн.

-Эй мейман, чөп топтоп, боо боолабаганың турушуңдан эле көрүнүп турат. Өжөрдүгүңдү дале калтыра элек экенсиң. Бүгүнкү иш бүттү. Дем алыш. Иштегиң келсе, эртеңкиге иш белен. Жүр?

Ооздугу менен жумшак өлөңдү үзүүгө баш көтөрбөй, бурдап оттоп жаткан атын тизгинден ала, карыяга тарта берди.

-Кел анда, атты сиз минип алыңыз?

-Атыңдын белин бошотуп, ооздуругун чыгарып, жайына кой. Жумшак өлөңдөн оттоп алсын.

-«Куу казык» кыла баштадым эле. Табы бузулуп калбайбы?

-Өлөң куу казыгыңды сынап коет. Тоюту кангыча жей берсин.

-Тушап коеюн. Качып кетпесин.

-Атың эч жака качпайт. Тери кургаган соң, ээр-токумун алып коебуз. Жумшак өлөңгө оонап, чери бир жазылат.

-Өлөң ичин алып кетпейби?

-Алсын. Ичтейм ачылат. Ичегилери тазаланат. Эми, жүр?

Абышка алдыга басып, көйкөлгөн өлөңдү тебелебей, суу жээктеп жүрдү. Бир жерге келгенде эңкейе берип, иримденген булуңга колун салды. Тизелей кала, сол колу менен жер таянып, оң колу менен суу ичинен бир нерсени өйдө тартты. Чоо ичинде жыш, яилектей болгон ак боор балыктар ширелип калыптыр. Балыктарды бирден алып, өлөң үстүнө таштаганда, алар ооздорун ача, бултаңдай секирип, токумдай жер балыкка толо түштү. Абышка аркы тараптагы кайың, тал бутактарынан согулган, себетти көтөрүп келе, кобурай берди.

-Жандык короого келгенче, сары майга жолборстой болгон чаар балыктарды куурутуп берейин. Жейсиңби? Же «суу курту» деп чанасыңбы?

-Пайгамбар барына шугур- деди мейман, абышкага жардам бергенче, семиз балыктарды бирден тере.

-Ап-бали, жакшы адам да, ат да тамак тандабайт. Бул да кудайдын берген ырыскысы. Дарттын дабасы.

-Эмне дартка даба?

-Мүзөс. Адамды семиртпейт да, арыктатпайт да. Сөөктү чыңайт. Көрүүнү жакшыртат. Кан басымы барларды, калыбына келтирет. Муну көп жегендер унутчаак болбойт.

-Оңор эмес го?

-Дагы, дагы. Көп ооруга даба. Жүр эми. Өзүңдүн оокатыңды өзүңө көтөртөйүн. Өлөңдөн чыккандан кийин, сокмо жолго түшүп, өйдөлөй бер. Мен «суу мышыктын» балдарына койгон чоо бар эле. Аны да караганча кетейин- деп туура басты.

Досон оңор эмес балыктарды көтөрүп сокмо жол менен кыялай басып, дөңгө чыкты. Аны утурлай, эки тайган куйрук-тарын булгалай, шыйпана чуркап келди. Аларды узата тикте-ген, оозу кере карыш, килейген ала дөбөт. Зоңк! эте үн салып, жаай чирене, ордунан козголду. Дөбөттүн үнүнө кошула-Чля-як! Чля-як! эте шаңшыган бүркүттүн үнү угулду. Ал тарапты караган мейман, ортодогу ак өргөгө улай чакан эки-үч алачыктай кепелерди аңдады. Өз ичинде бүркүт, куштарды «түлөтчү үй» деп боолголоду.

Аңгыча, шыпылдаган өспүрүм жете келип, салам айтканча меймандын колундагы балык салынган себетти алып, аркы тараптагы ашкананы көздөй кетти. Үй ээси жете келип, өргөнүн эшигин көтөрө:

-Кана мейман, үйгө кирели? деп, таклип кылды.

Иреттүү үй ичинде аюнун терилери төшөлүп, кереге башы сайы жолборс, карышкыр, суусар, түлкү баш болгон ар түрдүү аң терилери илинген. Сырттан баягы бала шырп алдырбай басып келип, дасторкон жая, кара кеселерге толтура жарма узатты. Үй ээси менен мейман муздак жармадан кере жутушуп чаңкоолорун кандырышты. Сыртта дак болгон майга, улам балыктар салынган сайын «чаз» эте доош чыгып сары майдын жыты келди. Шыпылдаган өспүрүм тез эле ысык, булоосу чыгып, эзиле бышкан балыктарды, кыпкызыл жыгач табакка үймөлөтө салып келип, ортого койду. Даамдуу балыктын этине тойгон экөө, бата кылышып, колдорун аарчышкан соң, сыртка чыгышты.

Тоо ичинде тез эле күн кеч кирип, жогортон соккон желден улам жакынкы дарактардын жалбырактары дирилдеп, кулакка жагымдуу угулуп жатты. Жел менен кошо алма, алмурут, алча өңдүү түрлүү-түмөн жемиштердин жыты буркурагандан улам мейман, конуштун айланасында жапайы мөмөлүү дарактар жыш экенин туйду. Ортодогу чатырап, бир калыпта күйгөн отко, улам куу жыгачты таштап коюшуп, үй ээси менен меймандын маеги улана берди.

-Абаке, баягында, биздикине барганда туура эмес сүйлөп, капа кылдым. Ошондон бери уялып жүрөм.- деди ал актана сөз жылдырып.

-Уялганың жакшы. Ал күндөр унутулуп калбадыбы.

-Менин мүнөзүмү таап айттыңыз. Ага кийин ынандым. Желедеги жылкыга, үч нерсе айттыңыз эле. Ушул күнгө чейин чечмелей албай жүрөм.

-Эмне жөнүндө айттым эле?

-Жылкыларды жан боорго карай айда, туз бербе. Желени түзөңгө байла дедиңиз.

-Ооба. Анын эмнеси бар экен. Ойлонуштун да кереги жок. Жылкы жаныбар шамалдан бүткөн, кыймылы тез. Ары күлүк, ары күчтүү, сак жаныбар. Кулундаганда да өтө таза, башка малга окшоп булганганы билинбейт. Мал сырын жакшы түшүнбөгөндөр, чидерлеп, туур маалында көңүл коюп, кароону билишпейт. Бээ талаада, жантык жерде тууганда, кулундун жаткан тону калың болуп оңойлук менен жарылбайт. Аны билген карт бээлер чидерлегенде тектирчеге, же түзөңгө келип кулундайт. Жантайыш-та болсо, кулундун төмөн жагында болуп, аягы менен турушуна

көмөктөшөт. Сойлогон кулунду буту менен тосуп, тумшугу менен өйдө көтөрөт. Карт бээлер, туягы менен тонду чапчып, айрыйт. Кулундун телчигишине жардам берет.

Жаш байтал бээлер, аны билбейт. Тон ичиндеги кулун, энесинен ажыраган соң, тумчуккандан улам туйлайт. Суюлуп, чөңөр, караган-куурайга илешип жарылат. Жантайыштагы кулун туруштун аракетин кылат. Улам сойлоп, аңга, же суурдун ийнине, жарчага түшүп кеткенин бээ билбей калат. Жалгыз калып, же үркүп, жанындагы бээлер менен кошулуп кетип калат. Аңга түшкөн кулун буту-колу, же моюну кайрылып, же ачка жаагы карышып өлүмгө учурайт. Кулун жаныбар энесинин ууз сүтүн ичкенде гана кубатына келет. Күн суук болсо, үшүп, оозу карышат, ичиндеги туңгагы катып, түшпөй, жаш кулундун ичи көөп кыйналат. Ошол себептен чарбадарлар май оозантат. Түшкөн туңгакты издеп таап, кылдоо жерге коет. Ал «туңгагын көрдүм, ичи тазаланып ишеничтүү» дегени. Кулун туягы менен жер чапчып, өзү турмайын, кубатына келбейт. Карт бээлер жаш кулунду тумшугу менен көтөрүп тургузуп, желинин тозот. Ууз сүткө тойгон кулун чыйралып, заматта ойноп кетет. Ошол себептен чарбадарлар жылкыны ар дайым түзөңгө имерип, туудуруп, сак-сактап, кулунун торолтот. Уй, кара мал, жылкыдай эмес. Сойлогон төлүнүн аркасынан ээрчип, жүрө берет.

Жан боорго кыялатып айда, туз бербе дегеним, үйүрлөнгөн бээнин жатынындагы айгырдын бел суусу орун алгыча, бээ катуу үрккөндө,же тик өйдөгө татамалап чыгып баратканда, туз жеп, муздак сууну көп ичкенде, жаңы түйүлдүк түшүп калат. Чарбадарлар жылкыны жаай, кыялатып айдап, тууганга чейин, же күздө туз берет. Жантайышта байланган кулун, турам деп, желеге көп чалынат. Тик бетте ыңгайлашып жата албайт. Кечке тура берип, аягы талыган кулун ойдолоп, ары-бери басып, чалынат. Аны, ар бир тоолук жакшы билет.

-Менин кежир, корс экенимди кантип билдиңиз?

-Сен өзүмчүл, «өзүм билем» деген кежирдигиң, алды-аркасын ойлобогон корстугуң, отурган журтуңдан, байлаган желеңден, айдаган малыңдан билинди. Жаңы журтка жүк түшүрөөрдө ата-бубалар айлана-тегерегин аңдап, суу алар, күл төгөөр, желе байлар, даарат ушатаар жайдын ыңгайын, шамалдын кай тараптан согорун эске алышат. Сен келинчегиңдин айтканына карабай, жүк түшүргөн жерге үй тиктирипсиң. Күлүңү төмөн жакка төктүргөнүңөн

улам, шамал өзүң жака айдарын билдим. Сууну төмөндөн жогору карай ташып, балдарыңды кыйнапсың. Желени жантайышка байлап, кулундарың улам чалынганына этибар бербепсиң. Туура кенеш айтсам, ага ынынбадың. Күлүктү таптап, өзүңдүн атагыңды чыгаргың келип, менден кызгандың. Ошондо эле барын айтайын десем, уккуң келбей кежирдендиң. Менден башка бир-экөөнөн да, дап жегенден кийин, эси болсо түшүнөөр деп ойлодум.

-Эмне максат менен келгенимди да билерсиз?

-Бая, карааныңды көргөндө эле билгем. Конгон журтуң какыр, суусу жок, жер экен. Быйыл кургакчыл болуп, күздөөңдө да, булактар какшып калыптыр. Малың эт ала албаптыр.

-Аны кантип билдиңиз?

Атың айтып турбайбы.

Досон карыянын ары баамчыл, адамдын гана эмес, малдында сырын жакшы билген чарбадар экендигине таңдана, ыраазы болуп отурду. Чын сөздү кашкайта айтып, сөзү менен өзүнө багынтып алганына ынанды. Эгер башкалар өзүнүн пейилин, кемчиликтерин айтканда теригип, уруша кетиши, же ордунан туруп жактырбай, басып кетиши да мүмкүн эле. Карыянын мүнөзүн так, далилдүү жумшак айтышы, жагымдуу сезилди.

-Абаке, атымда кандай айып бар?

-Айыбы көп.

-Кандай?

-Шашпай угуп, көңүлүңө түйүп ал. Биринчиси ат сенин колуңа келгенде, же келээринде күйүгүп, табы бузулган. Сен анын табын кайтарбай, тапканыңы оозуна тута бергенсиң. Атың экөөңдүн пикириңер келишпептир. Атың кам, сууту кана элек. Ал сага, сен ага көп ишене бербейт экенсиңер. Калган айыбың өзүң оңдойсуң.

-Кантип оңдойм? Түгөтө айтсаңыз?

-Аны айтпасам да, таптап, суутуп жатканда өзүң байкайсың. Атың экөөңдүн пейилиңер окшош, ак көңүл экенсиңер. Сен корстук кылып, аны таарынтып алыпсың. Ал тез эле унутулат.

-Абаке, өзүңүз айткандай ат таптаганга абдан кызыкдармын. Бирок, көп сырын билбейт экенмин. Кызматчың болоюн? Өнөрүңүздү үйрөтүңүз?

-Менин кызматымда жүрсөң, үй-бүлөңдү ким карайт?

-Каалсаңыз үй бүлөмдү көчүрүп келейин? Бала-чакам менен кызматыңызда болоюн?

-Өнөр үйрөнөм деп калыпсың. Мейли, кел. Бирок, мен сени жумшабайм, сен мени жумшап калаар бекенсиң.

-Коюңуз аба. Сизди кантип жумшап калайын?

-Ат сеники болсо, тапчың мен болсом, жумшаганың болбойбу?

-Сиз, мага айтып кана туруңуз. Калганын өзүм бүтүрөм.

-Мейли, тамаша, экөөлөйбүз.

-Атымы табына келтирип берсеңиз, атыман башканы айтыңыз, каалаганыңызды берейин.

-Экөөбүз соодалашпайбыз. Соода бирде болбосо да, бирде жазгырат. Андан көрө, корооңдо чөөкар байтал жүрөт. Өзүңдөй эки байтал берейин?

-Жаман чөөкарби? Бекер эле бердим. Былтыр тууган кулуну өлүп калып, субай болгонунан, үйүргө эрте кошкомун.

-Ооба. Бекер бербе. Башма-баш алмашалы.

-Келе колуңузду. Ыраазысызбы? Мен дагы ыраазымын.

Жакынкы жайдагы булактын шалдырап аккан добушуна, жогортон соккон желден улам, түрдүү-түмөн дарактардын жалбырактарынын шоодуру айкашып, от боюнда отургандарга жагымдуу таасир бере, түнкү тынчтык, кою түндө уюп турду. Күздөгү асман толо жылдыздар экөөнүн убадаларына күбө болгондой жымың-жымың эте, кубанып жатышкандай, тоо ичине төгүлүп, чачылып, ого эле кооз.

Өнөргө ышкыбоз Досон, көп убакыт өтпөй эле карыянын жанына үй-бүлөсү менен көчүп келип, анын айтканын түгөл аткарып, атын өзү таптады. Эчен байгелерге атын кошуп мөрөй алды.

-Байгенин башы– деп, тапканынын алдын Ырыс карыяга тартуулайт. «Досон саяпкер» деп, элге аты даңаза.

-Чөөкар байталдын жөнү кандай болду?

-Карт саяпкер бир көргөндө эле, билген экен. Байталды өзүнүн кароосуна алып келип, кышы менен колго кармады. Жаз алдында, ал эркек кулундады. Жаш кулундун сыны, турган турпаты саяпкерге жагып, байлабас кылып бош койду.

-Кийин саяпкердин үмүтү акталгандыр?

-Актады, Бирок, «чаки басар» аталып калды.

-Кандайча?

-Баягы балбан, короого карышкыр тийип, жан койбогонун угуп, кулун менен бош кое берген чабдар бээни эстеп, айылына шашылып келди. Ошол мезгилде көкжал субай жылкылардын

үйүрүнө тийип, чөөкөр бээнин кулунун толорсугуна азуу салганда, атын чаап, жонго чыга берген балбан, тоону жаңырта айгай салат. Ээсинин үнүн уккан жылкылар дүрдүгүп, токтой калат. Жаш кулун үрккөн үйүрдүн алдында бараткан. Үйүрдөгү айгыр, кулунга жетип-жетпей тиш салууга камданган карышкырдын туурасынан чыга кала, чапчый кетет. Андан айбыккан көкжал кулунду толорсуктап чала тиштеп, серпип өтөт.

Алыстан атын атырылта айгай салып, чаап келе жаткан баатыр чөөкар бээнин кулуну, очорула калганын көрүп, ичи ачыша, карышкырдын артынан сая түшөт. Туш тараптагы уу-чуудан айбыккан карышкыр, кең түзөңдү карай боюн таштайт. Артынан кууган курч күлүк, ага бурчатпай жеткенде, чабандес, кырышкырды куйруктан бурай кармап, ат үстүндө айландырып, жанаша жаткан үйдөй ташка былч эттире чабат. Эси оогон карышкырды, үйгө кемечтеп сүйрөп келсе, толорсугу кыйылган кулун корккондунан титиреп, аксаңдап, араң турганын көрөт да, кыйылган толорсуктун кан агып жаткан тамырын бири-бирине улаштыра тигип, шак-шактап, таңып салат. Кулун аз күндө сакайганы менен арткы бутун серпип басып калат. Кийин, ал зоройгондо эчен байгеге кошулуп «чаки басар» күлүк аталып кеткен болчу.

***

Кубат мырзанын башчылыкка көрсөтүлүшү, билгендердин гана эмес, уккандардын да көбүнүн бүйүрүн кызытты. Билип-билбегендер, анын теги ата-бабалары, тууган-урук, жашаган жери туурасында, ар кими, ар кыл айтып жатышты. Бүгүнкү топтоло калгандар да ушул ойду талкуулап жатышты. Ортодо отурган Досумбай кыйкыра сүйлөп, көбүнө сөз бербеди.

-Кушчулардын уюткусу Таласта. Кубатбектин ата-бабалары Таласта жашайт. Ал тууганы менен накта Таласта эр жетип, чоңойгон.

-Анын дарегин накта мен билем. Кушчу уруусундагылардын бир бөлүгү Ноокенди турукташкан. Кубат Ноокенде төрөлүп, өскөн. Чапкынчы аны толуктай бир тараптан жулкунду.

-Койгула. Кушчулар негизинен Кашкар аймагында жашайт. Айрымдары гана Анжиан менен Намангандын ортосундагы адыр жакалай, Аксы, Жалал-Абад, Кетмен-Төбө өөрөндөрүнө келип туруп калышкан- деди Качкынбай.

-Анжиан, Наманган аймагы бүт эле кушчулардын мекени го? Аны неге айтпайсыңар?– деди Чоюн обдулуп.

-Силер бир нерсеге көңүл бөлбөй жатасыңар. Кыргыздын сол канатына кирген уруулар жайгашкан аймак кайсыл жерде көбүрөөк. Дал ошол жер ата-бабаларынын мекени- деди, үркүнбай эки тарабын карап, Теше анын сөзүн бөлө

-Анын туура эмес. Моңголдор менен калмактардын согушу кыргыз урууларын эчен жолу чачып, ал уруудагылар кайра, эчен жолу биригишпедиби?

-Туугандар! Ар кимибиз билип-билбей талаша беребизби? Түпкү ата-бабаларыбыз Эне-Сай аймагынан тартып, кытайга чейинки аралыкта көчүп-конуп жүргөн деп аксакалдар кеп кылып жүрүшпөйбү? Жоосүрдү ортодон суроо бере кетти.

-Туура. Ала-Тоо аймагы элдин негизги турагы болгон. Монголдор менен калмактар согушчан чыгып, кыргыздардын жерин-талашып, туш-тарапка тыркырата кубалашкан. Кыргыз эли согуштан улам чачылды деп, Осон абам кеп кылчу деди Мыкы.

-Эмне себептен Ала-Тообузду «Моңгол тоолору» деп атап алышкан? Билгендер барбы? Элкөчтү ортодон чыкты.

-Монголдор келип, ээлеп алышкан соң, «Моголдор жашаган тоо» деп аталып калса керек деди, дагы бири божомолдоп.

Айтоор көпчүлүк арасындагылар билгенин айтып, билбегени суроо берип, чар жайыт тартышып-талашуу күчөйө берди.

-Туугандар! Билбегенди талашып, бекер кажылдаша бербейли. Санжырага келели. Ким канчалык денгээлде далилдей алат. Ошого ынаналы. Адатынча кыйкыра сүйлөп Досумбай көпкө кайрылды.

-Анын туура. Ким санжыра айтса эле, өз ата-тегин баатыр, эл башчы, бий же, акылман кылып, учуруп жиберчү эле. Кимдер так билет? Ошого сөз берели. Чапкынчы отургандарга кайрыла, тынчтандырды.

-Аны койгула. Кушчулардын санжырасын билгендер айтсын. Кубат мырзанын ата-теги баарыбызга айкын болот.Тектүү уруктан экени так эле билине калат. Качкынбайдын сөзүнө каршы чыкты Чоюн.

-Аны эмне, тектүү уруктан чыкты деп, хан шайлап жаттык беле?-деди Отунчу

-Болорман жигит, тегине карайт. Теги таза болсо, баатыр да, акылман да, бий, ал тургай хан да тегине барат деген.

Үркүнбайдын сөзүн Жоосүрдү толуктады.

-Ооба, мунун айтканынын жөнү бар. Баатыр да, кол башчы да жөн адам эмес. Кубат мырзаны, азыркы шартта башчы шайладык. Жалпы элге хан* кылып көтөрүп алабыз. Анын ата-бабалары бүтүндөй бий өткөн. Отунчунун сөзүнө каяша айтып Кожобай бакылдады.

Башчынын да, хандын да өзүнө жараша милдети болот. Калмак оңой жоо эмес. Оңойлук менен сүрүлүп кетпейт деп оюн билдирди Мыкы.

-Андай ойлобогун. Биримдик. Баш көтөрүп, күч бириктирели деген камылга. Калмактарды биротоло келтирбейли деген аракет. Сенин оюңча чачылып жүрүп ойротторго кол куушуруп, моюн сунуп берелиби? Нааразыланган Теше баатыр жооп кылып, кесе сүйлөдү.

-Жок. Андай ойду айтпайм. Калмактар менен бубаларыбыз да кармашып келишиптир. Эмки кезек бизге жетти. Эл эгесин көтөрүп, биротоло жоону ары-бери кылганга, биримдик боло алабызбы дегеним. Көчкөнбай актана кетти.

-Сен туура айтып жатасың. Ынтымак болбой, жеңиш болбойт. Элдин кедергисин кескен, ошол бөлүндү болуп, келбедиби. Бир башчы болбой ар уруу өзүнчө болуп өз алдыларынча жигит курап, уруу башчыларынын ит тыркынынан, чачырандылыктын кесепетинен калмактар басып келе жатышат. Эми уруу башчылар эмес, эл бириксек чоң күчкө айланабыз. Эмне, кыргыздын аялдары баатырларды төрөбөй калган дейсиңби-деди кызуулана Чомор баатыр-Кубат мырзанын уруу-тегин неге сурайбыз? Кимдигин билгенин айт. Мен ага жан жигит болууга даярмын. Баатыр, акылман элден чыгат. Баарыбыз эл дейли!

-Туура. Тилден чаң чыкканы, акылдын ашып кеткени эмес. Чечен так сүйлөйт. Баатыр бир сүйлөйт. Кубат мырза бизге эл башына оорчулук келип турган чакта башчы да, баатыр да, хан дагы. Анын айтканы менен болобуз. Ал бизди жарга баштабайт. Жарды айланып өтүүгө, же ошол жарды талкалап өтүүгө алып барат-деди ал Коргошунга карап.

-Чомор баатыр туура айтат. Кубат мырза эл үчүн бышын сайып, өмүрүн тобокел кылууга ант берди. Ал кайтпайт. Биз ага

* Хан деп аталыш, же такка отуруш «Тауарих Хамсанын» автору К. Халид ырастагандай жана «Усулы тауарих» деген китепке таянып; даңк менен атакка бөлөнбөсө дале, «төрт атаң хан, же бек болсо – ал эми «Кагидайы өзбеки» аттуу китепте белгиленгендей, хан атагына татыктуу болушу үчүн тогуз ата туташ бий, же бек болуу керек. Эзелтен берки заң ушундай-деп белгиленет.

колуна кол, бутуна бут болуп, бир жакадан баш чыгарып, күч болуп беребиз -деп бак-бак сүйлөдү, жайдары Жигитаалы.

Бакылдашып, кеп талашкандардын аягы, ушул ой менен жыйынтыкталды.

-Ай ай, балдар! Билип билбей сүйлөп, осолдук кылбагыла. Сөздүн маанисин кетирбей, ойлонуп сүйлөгүлө. Баятан берки баш-аламандыгыңардан улам, кептин таркы кетти. Талашыңардан майнап чыкпады. Тыянагы жок талаш, пайнабы жок суу. Аягы барып баткакка айланат. Этияттап сүйлөгүлө! Ойлонуп, ой айткыла. Билгениң сүйлө, билбегенин ук. Бул адеп. Бул тарбия, Жаш балдардай кеп талашып жатасыңар, сый-урмат, ынтымактын жоктугу билинип атпайбы. Балалыкка барбагыла! «Көпкөн жигит көп сүйлөйт,чечен жигит эп сүйлөйт». Ойлонгула азаматтар, ойлонгула!-деди, көпкө кулак түрүп отурган Базар карыя жумшак үнү менен.

-Абаке, сүйлөгөндөрдүн баары эле «жөө чечен» чыкты. Булардын алдында, башкаларга сөз тийбейт окшойт?– деп Чоюн какшыктай кетти.

-Э Чоке, сөздү тапкан киши сүйлөйт. Сөз таба албаган эмнени сүйлөйт. Биз кеп багып, сөз издеп жүрөбүз- деди Качкынбай.

-«Жөө чечен» деп кимдерди айтат? Билесиңби? деди Чапкынчы.

-Сөзмөр адамды «жөө чечен» дейт, туурабы? Теше жанындагыга суроо бере кетти.

-Жок. «Жөө чечен»деп , маңыз, тантыкты айтат.

-Тантыкты «кургак чечен»- дейт. Ишенбесеңер Базар абаман сурап билип алгыла деди Мыкы.

-Чынбы, абаке?- деди Кожобай.

Базар карыя башын ийкей түшүндүрө кетти.

-Чечендик өнөр көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт. Ал тубаса шык. Турмушта такшалган өнөр. Ал эл ичинен чыгып, эл арасынды жашайт. Эл да чечендик өнөрдү «тил чечен», «акыл чечен», «куудул чечен», «жөө чечен», «кургак чечен» деп топ-топко бөлүп, ар бирине өзүнчө маани берген. Чечensинип көп сүйлөгөндөрдү «тантык» деп шылдыңга алган.

Тил чечен: «төгөрөгү төп келген, сүйлөгөн сөзү эп келген» сөзү уккулуктуу, таамай, так айтылып, «чукул жерден сөз тапкан, чубуртуп төгүп ар жактан», «табышмакты жандырган, уккандын баарын таң кылган», «мааниси менен сүйлөгөн, магдыраткан үн

менен», «макал менен курактап, каттамадай кынаптап», «тили менен даӊ кылган, уккандын баарын таӊ кылган», «жаактууга жай бербеген, сөзмөрлөр ага теӊ келбеген» өнөр ээсинин баасы.

Акыл чечен: «зээнине эчен кеп баккан, капылеттен сөз тапкан», «улууну ийиктирнген, чырдашканды бириктирген», «кежирди кепке тарткан, кемибеген сөз жактан», улууну урматтап, кичүүнү ызаттап сүйлөгөн», «көптүн көөнүн өзүнө тарткан, көбүнө акылы менен жаккан», «артып турган акыл жактан, тартынбай таамай айткан», «эчен доону тындырган, каршылашын кепке сындырган, акылманга берилген сын!.

Куудул чечен: «курч тили менен куйкалаган, куудулдук өнөрү менен уйпалаган», «көпкө күлкү чачкан, көпчүлүктүн көөнүн ачкан», «каткырыкты жандырып, какшыкты катырып», «тамашаны үйдүргөн, күлбөгөндү күлдүргөн», «каймана айтып сындаган, капылеттен ырдаган», «капалыкты айдаган, каткырыктан жанбаган» куудулдар аталган.

Жөө чечен: «Маалкатып сүйлөгөн, маӊызы жок сөз менен», «азил айткан теӊ менен, сөзгө конок бербеген», «ылымтадай сезилген, ылай суудай эзилген», «көптү сүйлөп көбүргөн, көпчүлүктөн бөлүнгөн», «сагызгандай шакылдаган, бака баштанып бакылдаган», «эсептешпеген эл менен, сөзгө маани бербеген» маӊыз, тантыктарга берилген сын.

«Жакшынын сөзү кыска, айта келсе нуска», «ойноп сүйлөсөӊ да, ойлоп сүйлө», «буттан чалынса турат, сөздөн чалынса турбайт»- делип кепке астейдил маани берилип, чечендик өнөргө өзгөчө көӊүл бөлүнгөн.

Карыянын сөзү бакылдаша, кеп талашкандарга катуу тийди. Жанатан бери «жар-жар» айтышкандар суу сепкендей дымып, мостоюшту.

Кантсе да кыргыз, кыргыздыгына барып, урук кууйт эмеспи. Баш бириктирген топтордо кушчу уруусунун санжырасын ар ким билгенинче айтып, билбегенин сурап, бири толуктап, майдалап, чечмелеп жатышты. Баятан берки жаштардын талашына кулак түрүшүп, кимиси кандай ойду айтаарын билгиси келген карыялар, адеби менен биринин сөзүнө бири кулак төшөп, муюп отурушту.

Ар бир адам элде жакшы мүнөзү, адилет-калыс, чынчылдыгы, бир сөздүү, жумшак пейилдүүлүгү, сабырдуу, токтоолугу менен бааланат. Эл ичи тараза. Кимге кандай баа берилерин турмуш ырастайт. Кимди кандай атоону эл өзү чечет. Адам баласынын

жүрүш-турушуна, мүнөзүнө, башкаларга жасаган мамилесине ылайык эл өзү билип атайт.

Карыган кишинин бары эле карыя атала бербейт. Карыя деген атак-акылына сөзү, сөзүнө кылган иши жарашкан акылмандарга берилет. Андай карыялар төргө өткөрүлүп, өзгөчө урматталган. «Карыя, айткан сөзү дарыя» деген ой-санат ошондон калган. Ал карыялар хандар менен бектердин бирден-бир акылман–кеңешчиси. Чоң жыйында тең жарып сүйлөгөн чечен, элди ар кандай ишке баштаган уюштуруучусу, чоң маарекелердин көркү болгон. Көптү билген карыя санжыра, жомок айтып уккандардын дүйнө таанымын кеңейткен. От башында байыртадан уланып келген элдин салтын, каадасын, жомок, ырларын айтып, уккандын моокумун кандырган. Ата-Журт кадырын, элди, жерди сүйүүнү үйрөтүп, жаштардын жүрөгүнө жалындуу от тамызган таасири сүйлөгөн сөзүндө, айткан акыл-насаатында айкындалып турат. Ошондон улам карыялар да баа-баркына карай ар түрдүү аталат.

Карыны урматтоо ар бир жаш адамдын милдети. Кары адам көп жашап, турмуштан көптү көрдү. Ач калды, ток болду. Эчендеген азаптарды тартып, кыйынчылыктарды көрдү. Барчылыкты да, жокчулукту да башынан өткөрдү. Жашоодогу ариет-намыстын улуулугуна, адамгерчиликтин бийиктигине күбө болду. Жакшылыкты барктап, баалагандыгы үчүн элдин сыйына татыды. Эл аксакалы аталды.

Эл аксакалы адамгерчилик сапаты жогору. Кара кылды как жарган калыс. Ар дайым чындыкты жактаган намыскөй, адилет адам. Өмүр бою эл бийлеп, элге жүрүш-турушу, мамилеси менен жаккан, каада-салтты кастарлаган, уккан-билгендерин насаат кылып айткан, нарктуу карыя кандай гана маселелерди чечүүдө болбосун, бай тажрыйбасына таянып, токтоолугу, сабырдуулугу менен адилет сүйлөгөн адамга берилүүчү баа.

Айыл аксакалы -айылынын намысы үчүн бек турган, үй-бүлөсүнүн, тууган уругунун, кем-карчына кам көргөн. Сүйлөгөн сөзү орундуу, акылдуу мүнөзү менен башкалардан колдон келген жардамын аябаган, кадыр-барктуу адам. Нускалуу, калыс насаат айткан, адилет сөздөрү бар, эки ача, калп сүйлөбөгөн нарктуу карыяга берилген баа.

Үй аксакалы-өзүмчүл, ариет-намысты ойлобогон. Өзүнүн кызыкчылыгын жогору коюп, бирөөнү сыйлай албаган, кыйды, кара өзгөй жалганчы, калпты көп айтып, балдарын ушакка үйрөткөн,

ачуусу тез куйту адам. Анын колунан жакшылык келбейт.

Ошондой эле кадыр-сыйга татыктуу улгайган аялзатынын мамлесине, сүйлөгөн сөзүнө жана мүнөзүнө карай эл баалап, барктаган. Байбиче-улгайган аялдарга урматтап кайрылуу. Калк ичинде кадыр-барктуу, үй-бүлөсүнүн, айылынын урмат-сыйына татыктуу калыс, адилет, боорукер, каада-салтты, наркты сыйлаган акылман улгайган аялдарга берилүүчү баа. Ал үй-бүлө мүчөлөрүнө, келин-кыздарына жана айыл-ападагыларга туура кеңеш берет. Андайларды айылдаштары «билерман байбиче», «акылман байбиче», «нарк билген байбиче» деп аташат.

Кемпир– деп, жалпы эле улгайган аялдар аталат. үй бүлө, тууган-уругуна кадыр баркы бар, сыйлуу, кичи пейил, жоош каарыган, жашы улгайган аял заты аталат. Ал ушак-айың кылбайт. Бирөөлөрдү жамандабайт. Өзүн таза, такыба кармап, баркы менен сүйлөп, өзүнө кир жугузбай, таза алып жүрөт.

Куу кемпир үй-бүлөсүнө киришчээк, балдарынын кылгандарынан кыйкым таап, келин-кесектери менен айтышып, өзүнүн сый-урматын жоготуп, бирөөлөрдү аңдып, ушакка жакын. Анткор мүнөзү менен көпчүлүккө жек көрүнгөн кемпир.

Улгайган эркектер аялын кемпирим деп атоо бир топ орой угулат, көбүн эсе «жубайым», «өмүрлөшүм», «зайыбым» «үйүмүн берекеси», «балдарымдын апасы» ж.б десе, өзүнө да, уккандарга да, жагымдуу сезилет.

Базар карыя эл аксакалы болбосо да, өз айылында жүрүш-турушу,калыс, таамай айткан сөзү менен үлгү эле. Аны уккан кеп талашкандар, бирин-бири тиктеп, ыйба кылышты.

Кызыл өңү тамылжып беттериндеги бырышы көп эле билинбеген Азык карыя сакалын сылай, кебин баштады.

-Кушчулар тээ илгери Орто Азиядан Алтайга чейинки аймакты кучагына алган түрк каганаты мезгилинде өзүнчө Кушан делип, даңазасы таш тарып турган дешчү. Кайсы бир кылымдын аягында Тобо хан өлгөндөн кийин ал каганат чыгыш түрк, батыш түрк мамлекети болуп экиге бөлүнүп кеткен- деп кеп кылып калышчу аксакалдар. Батыш түрк каганатынын аймагы Жети-Суу болуп, андагы негизги урууларднын бири, азыктар менен кушчулар деген айтымды көпчүлүк билбесе да керек. Кушчу деген сөз кутчу деп да айттылат. Кушчу-кушту кармаган, күйгөн адамды билдирет. Ал эми кутчу дегенде- «кут» кыргыздардын байыркы (growing) ишенимин-

де кутка табынуу, адам сөлөкөтүндөгү кудайдын сүрөтүн* жасап ардактап үйгө коюшкан. «Кутту үй», «келин куттуу болсун» ж.б түшүнүктөр ошондон улам пайда болгон.

Элдик санжырада Самара суусунун башында тургузулган. «Ороздунун кут ташы» белгиленген. Ороздуну кут тургузганы үчүн «кутчу» деп атап. «Орозду болсун жумушуң» деп, улуулар бири-бирине алкыш айтышкан. Кийинки мезгилдерде эл өзгөрүп, дин өзгөрүп, түшүнүк өзгөрүп, «кутчу» түшүнүгүнүн мааниси жоголуп, кушчу сөзү пайдаланып калган. Кушчулардын уруу бөлүнүштөрүн айткан санжырачылардын көпчүлүгү Ак уул, Куу уул тукумунан баштап ажыратышат. Айтымда Куу уулдун балдыры: Басыз, Кушчу, Мундуз, Чоң Багыш, Саруу, Сунжек кытайдан бөлүнөт. Дагы бири Кубулдан (Куу уул) Кытай, Саруу, Жайыл -үч уул дешчү.

Жайылдан Каратал, Каратай. Караталдан Токтоболчу, Тотон. Токтоболчудан Кушчу. Кушчу үч атадан барып, Саруу, Кытайларга кошулат дешчү. Карадан (Каратеңеш деп да айтылат). Меңдуулат, Жоош. Меңдуулаттан Тазкушчу, Көккушчу, Каракушчу, Чейне, Чакыр, Чылжуут, Чаранот, Көзүмжамаң, Тулга, Барыке, Шалка, Көнчөй, Өнөк, Кары он беш бала тарап, бүтүндөй кушчу аталып
кеткен делет. Алар ич ара: Тилеш балдары, Кайназар балдары, Шайбек балдары, Аксакбөрү тукуму, Сокурбөру тукуму, Сабатар кушчу (Жанкушчу, Аманкушчу, Жетиген балдары) делип, бир канча урукка бөлүнөт. Кушчу ичинен жан кушчу уругунан Кубат бий дегенин угуп жүрөм- деп, кеп оролун башкаларга бергендей, башын көтөрө, чалкалай отурду.

Азык карыянын айтканына баш ийкеп отурган Садык карыя ондоно, эки тарабын карап, анын сөзүн толуктай кетти.

-Санжырачылар кушчуну кыргыздын сол канатынан деп белгилешет. Бул уруу Тураныяда жашаган кыргыздар эки канатка бөлүнө электе Борбордук Азияда жашаган байыркы кыргыздардын негизги урууларынын бири болгон дешчү. Байыркы кыргыз каганынан аскерлери Ак-Суу, Турпанга уйгурларды куугунтуктап келген деп айтышчу. Кийин монол-калмактар Чыгыш Түркстанда үстөмдүк кылып турганучурда, жети шаарды кожолор талашканда чоң багыш, кушчу уруулары Жаркен тагын ээлеп өзгөчө орунда болушту. Кушчу уруусунан эр азаматтар көп чыккан. Чыгыш Түркстандагы Жаркен, Кашкар хандыгынын мезгилинде жалан эле кыргыздар, анын ичинде кушчунун эрендери катышкан.

*(аны алтындан, күмүштөн, жезден, темирден, жыгачтан)

Мухаммед хан өлгөндөн кийин Кашкардагы тополоң учурунда Тилеке бий менен Байботокара башкарган беш миң кыргыз колу Уч менен Ак-Сууга кол салышты. Кыргыздар Учту талаганда аларды моңголдор Жаны-Арт ашуусунда кубалап жетишет. Жортуул учурунда Тилекеде эки миң, Байботокарада үч миң киши болгон. Байботокара Темир Султандын (Мухаммед хандын небереси) аскерлеринен талкаланып, эки миң адамынан ажырады. Калган миң адамы саадактарын мойнуна илип, багынгандыктарын билдирип Султанга келишти. Тилеке да кечирим сурап, тартуу алып, алардын аркасынан келди. Султан тартууларын алып, аларга кечирим берип кое берген деп айтып калышчу.

Тактыны алууга талапкерлердин бири, кийин Кылыч хан атыгып кеткен Махмуд Султанга кыргыздар жардам көрсөтүштү. Кушчу уруусунун жетекчиси Сокур бий алты шаардын түндүгүндөгү кыргыздарды жетектеп барып, өзүнүн күйө баласы Кылыч хандын Жаркендин тактысына отурушуна жети жүз колу менен жардам берип, жеңишти камсыз кылды.

Монголдор менен кыргыздардын кагылышуусунда Анак хан аталган Абдулатифтин тушунда Шахназ айылын талап-тоногондо хан аларга кошуун жиберген. Кыргыздар буктурма уюштуруп, аларга чоң зыян келтиришкен. Кийинки анын уулу Абдылда хан падышалык бийлигинин башталышында Ошко жортуул жасады. Кайра кайтканда кыргыздар бир нече монгол акимдеринин артынан кууп жетпей калышты. Анын эсесин Беш-Мойнок деген жерде катуу сокку берүү менен чыгарышты. Кыргыздар Уч менен Ак-Сууга кайрадан чабуул жасашты. Кийинки жылы хан Ак-Сайдагы кыргыздарга карай жортуулга аттанганда, ал жердеги кыргыздарга Тилеке уулу Койсары жана Жолболду башчы болуп, аларга катуу каршылык көргөзүштү. Хандын «Ак-Сай чериги» ийгиликсиз болуп, кыргыздар моңгол аскерлерин талкалашты. Хан мамлекетти күчтөндүргөн соң, «тынчы жок» кыргыздарды кырмак болуп, он миңден ашык адамды туткундап келип, өлтүрткөн. Бирок, «Моголстан токойлорунун жапайы арстандары» аталган кыргыздар, тынчып калбастан, монголдорго каршы тынымсыз каршылык көргөзүшкөн. Абдылда хан Каракүчүк бий менен Сатимбий башкарган кушчулардын он миң аскерин талкалап, элин кыргынга учуратканда Сатимбийдин баласы Алдарбек аман кутулуп, элди сактап Каражүлгө келген.

Абдылда хан Ат-Башы менен Ак-Сайга жортуулга барганда

калмактар менен кагылышып калат. Хан кыргыздарды жардамга чакырып, ийгиликке ээ болду. Кашкар менен Ак-Сууда кыргыздар ордо эгелеринин тобуна чоң кадыр-баркка ээ болушкан. Кимдир бирөөлөр кыргыздар менен араздаша турган болсо, аны өлтүрүп, мүлкүн алууга хан кыргыздарга уруксат берген.

Абдылда хан бийлигинде бытыранды Жаркент хандыгын бириктирүү аракетинде болду. Анын бир тuугандары жана уулдары хандыкты бири-бири менен талашышып согушууга чейин барышты. Өзүн хандыктан түшүрүү үчүн да көп аракет кылышты. Абдылда ханды кыргыз урууларынын бий-төрө, султандары колдоп, Жаркент хандыгын бүтүндүгүн, амандыгын коргошкон. Хан өзүнө караштуу чоң шаарлардын бийлигин бүт бойдон кыргыз төрөлөрүнө тапшырып берди. Кашкарга Койсары бийди, Бүгүргө Черикчи бийди, Ак-Сууга Куртка бийди Котонго Сатымбийдин уулу Алдаярбекти аким кылып бекитти. Айрым журттарга да, кыргыздарды бийликке дайындады.

Абдылда өз бийлигин уулдары Нураддин менен Жолборско калтырды. Өкүмдарликтин аракети менен экөөнүн ортосундагы күрөш күчөдү. Хан Меккеге кеткенде Жолборс Кашкарды бир жыл бийледи. Хан кызматындагы Чумабек кыргыз баш болгон эки жүз кыргыз ордого тополоң салып,Кашкарды басып алышкан да, Жаркентке чабуул жасашып, аны да тартып алышкан. Кыргыздар ал жерден кайра кайтышып, кайрадан кол курап келишип, ийгиликке жетише алышпады. Көп өтпөй калмактар менен кыргыздардын кагылышы болуп, калмактар басып киришкен деп Садык карыя сөзүн жыйынтыктады.

-Ооба, кийин Жаркендин ханы кожолордун тукумуна өткөндө, өзгөчө Абдылда хандын мезгилинде кушчу уруусунун өкүлү Койсары бий Чыгыш Түркстандагы кыргыздарды бириктирип, хандын Ферганалык кыргыздарга жасаган чабуулунан кайтып келатканда, аны Ак-Суудан тосуп туруп, талкалаган. Салгылашуу-дан кийин Абдылда өзүнүн кыргыздарга болгон мамилесин өзгөртүп Мекеге кеткендигин аксакалдар айтып калышчу. Азык карыя анын сөзүн толуктады.

-Кушчудан Жайыл, Каратал. Караталдан Берик, Абдылда. Абдылдадан Жоош, Каратеңеш Каратеңештен: Карды, Сыртыкара, Чалыке, Көктакыя, Меңдуулат. Меңдуулаттан Көкчөй, Чилжуут, Чалыке Көккушчу, Сакалды, Каракушчу, Тазкушчу, Оңочор, Чейне, Жанкулу. Оңочордон Саргалдак, Чүйлүболот, Баяш, Эсенкелди,

Акбай. Жанкулудан Жаман козу, Кагазды. Жалпысынан кушчулардын уруулук урааны Каратал. Тамгасы күн. Каратал жалпы кыргыз урааны болгондуктан улам, кушчулар Ала-Тоодогу кыргыздардын башчысы болгондой божомол айтылып келген деди, Мырза бий өз оюн билдирип.

-Жалал-Абад, Аксы аймактарында бир аз башкараак айтыла жүрөт. Бирок, негизи туурадай эле. Дагы да санжырачылардан сурамжылап тактап алчуудайбыз-деди Ибраим аксакал.

-Ооба.Менин угушума караганда кушчудан Жайыл. Андан Каратал. Караталдан эки уул-Берк Абдылда. Абдылданын бир уулу Жоош, экинчисин Каратеңеш. Каратеңештен Карды, Сыртыкара, Чалыке, Көктакыя, Меңдуулат. Меңдуулаттан Көкчөй, Чилжуут, Чалыке, Көккушчу, Сакалды, Каракушчу, Тазкушчу, Оңочор, Чайке, Жанкулу. Оңочордон беш уул Саргалдак, Чүйлүболот, Баяш, Эсенкелди, Акбай, Жанкулудан эки уул-Жаманкозу, Кагасты. Жооштон эки уул-Карала, Кардык. Караладан Төрөсейит, Мажысейит, Тынымсейит. Кардыктан Дөөлөт. Дөөлөттөн Болот. Болоттон Үчкуртка. Үчкурткадан Сабатар, Жантай, Каржы, (Бекитай) Каракужур. Каракужурдан Эсенгул. Эсенгулдан Сары. Каржыдан Кудайназар, Мамаш, Бектемир, Аккозу, Эсир, Тойчу, Түлөберди. Сабатардан Чекир, Кудайназар тарайт.- деп Ак-Чий аймагындагылар айтып жүрүшөт,- деп Токтокүчүк мырза толуктап.

-Сиздин айткандарыңыздын көбү туура. Биздин аталарыбыз айтып калышчу эле– деп Серке карыя толуктай кетти. Куу уулдан Көбөш. Көбөштөн Босого, Жайыл, Кандабас, Асыгалы, Карачал, Куланчак атуу алты уул. Босогодон Мундуз. Жайылдан: Каратал, Каранай. Караталдан, Токтоболчу, Жетиген, Төбөй. Каранайдан-Саруу, Кытай, Токтоболчудан Кутчу (Кушчу) Кутчудан- Нүсүп. Нүсүптөн, Кабыл, Кыргый, Молдоийрек.

Жалал-Абад, Анжиан аймагында Кутчу уруусунун уруктары Жолболду, Карды, Онок, Меңдуулат, Нагдай, Кагазды, Сыртыкара, Сакалды, Оңочор, Карачал топтору жашайт. Жолболдудан Эңкелек. Эңкелектен-Эшетбек. Эшетбектен Сагындык. Жолболдудан Керез, Ормон, Осмон. Кардыдан-Тайкүрөң, андан Токон, андан Калча. Калчадан Эламан, Карабоз, Канай. Оноктон-Чолук баатыр, Мадияр, Боронбай, Шарип, Чүлдөн, Сарбагыш, Акназар, Мамадияр. Меңдуулаттан Калча, Бабы. Бабыдан хан Кубат, Нарбото. Кагаздыдан Баймырза, Андан Каратал. Сыртыкарадан-Байбото, Сарыбото. Сакалдыдан Кадыралы, Нармат, Алишер,

Нарбай. Оңочордон Назаке баатыр, Каракозу, Чодон, Жээнбай, Жээнтай тарайт деп укканым бар.

-Бир айтымда кушчудан Жетиген, Жоош аттуу эки уул тарайт. Жетигенден Кыргый, Кабыл. Кыргыйдан Алыке, Көчөк. Кабылдан Канатейим, Тагаймат, Түлөкабыл, Байсеит. Байсейиттен калмак доорунда атагы чыккан чабдар аттуу Эр Солтоной баатыр баш болгондор Жетиген уругу деп аталат. Жооштон Кайназар, Сабатар, Кыржа, Каракужур Кагасты, Аманкул, Чылбак болуп Жоош уруусу аталып, бапырап балалуу-чакалуу болуп, баштан байыган. Бир тууган- Жетиген менен Жооштун тукумдары ортосунда жер талаштан чатак чыгат. Чабышта адам өлүп, баш жарылды. Жооштор жеңип мактанышса Жетиген жеңилип алсырады. Кур намыс деп, бир тууган бир тууганды басынтып күлдү. Намыстанган Жетиген тукуму Кыргый, Кабыл балдары «Өз кордугун көргөнчө, жат кордугун көрөлү» деп башка урууларды карай көчө качышты. Жооштун аксакалдары курун мойнуна салып, аттан тарттуу кылып, «Туугандын топурагы алтын», «Тууган тууганды кордобойт» дешип алдынан өтүп, кечирим сурашты.

Кыргыйдан тараган Алыке, Көчөктүн тукумдарынын айрымдары солто, сарыбагыштардын ичинде жашайт– деди Ибраим аксакал талашка кошулуп.

Так айткан эч кими болбоду. Талаштын жыйынтыгы чыкпады. Баятан бери көбүн угуп, унчукпай отурган, Ыйбалы карыя, күрсүнө сөзүн баштады:

-Туугандар, талаштан тактык жаралат- деп, элибиз бекеринен белгилебейт. Угуп отурсам, кыргыздын оң канат, сол канатын, ага кошуп ичкилик туугандардын таржымалын түгөл айтып жатасыңар. Мунуңарга мен абдан кубандым. Илгерки акылы тунук, кеп баккан, тажрымалды табырка кылган карыялардын айтымы ары так, ары даана, урук-уруу, ата-тек кепке алынчу. Көрсө, алар бири-бирине катташ, коюн-колтук алышып, ого эле жакын болушкан экен. Ошол себептен, оо байыркы адам ата, обо энеден тартып, кийинки урук жаатка кими кимисине кыз берип, уул үйлөгөнү, тага журттарынан бери калтырбай санап беришчү. Тукум ылгашып «Анын теги, насили андай, сөөгү таза. Ата-теги андай өнөр карманышкан. Калк кадырын баалаган. Журтун сыйлаган уул эле. Жаш кезинде андай болгон»- дешип, урук-жаатынан бери чечмелешип, жакшы жерге кыз берип, келин алууга ынтызар болушчу. Анын жөнү уругунда, задинда, теги таза урпактардын болушуна кам көрүлчү.

Ошону менен бирге эл алып, журт имерип, катташты калындашчу.

Бу моңгол-калмак чапкындары кылымдан-кылымга созулуп, элди жүдөтүп, баягы баалуу нарк-насилдер, асыл мурастар бир топ тайыздап, эл амандыкты гана тилеп калдык. Жер алыс, шарт оор деген шылтоо менен бир атанын балдарынын каттоосу сээлдеди. Кимдин кайсыл уруктан экенине маани берилбей уурулук кылып, бирөөлөрдү чаап, тоногондорду баатыр, атка минип, эл тескемиш болгондорду бий атап, калыстыктан кайтып баратабыз. Бакырып сүйлөгөнгө баш ийкеп, чала айткандарга ынана берсек, кеп кадыры, калк баасы кемийт. Билген айтсын, билбеген уксун. Кеп тыншап, бирөөнүн айтканын зээнден өткөрүп, баа берүү, акылмандыктын иши. «Акылман адам кеп тыңшайт . Алабармандан кеп чыкпайт» делет. Ушуну эсинерге сала жүргүлө. Минтип бара берсек, эртеңки урпактарыбыз улуу нарк-насилди унутушуп, өткөн менен кеткендин баркын билбей, маңкурт болот.

***

Узак жол басып, арып-ачынган эл тоо ичине тереңдей кирип, ашуунун этегин конушташты. Качкан элде кайсыл камылга. Бирөөсүнүн казаны, экинчисинин элеги жок. Очок жасап от тамызышканы менен казанга салаар эч нерсе табышпай, караандай суюга канаат кылууга туура келди. Канткен менен тоо ичинде өзөк жалгар уй тана, көбүргөн, ышкын, чүкүрү, чие, карагат не бир түркүн мөмө-чөмө, чөптөр арбын болсо да мөмө ичти жалаңдатып, көбүнүн кубатын алып койду. Жапайы коен арбын. Жаңыдан келгенде ар жерден сереңдеп көрүнө калчуу. Катын-калач, жаш балдар кубалагандан чочуганбы таңдан-кечке караандары көрүнбөдү.

Маңдайдагы аска беттеринен анча-мынча аркар, кийиктердин жайыла, чубалып өткөн караандары көрүнүп калат. Ага жетип капкан салган, же өңүп барып аткан мергендер да, андай куралдар да жок. Эркектердин жоо тоскону кетишкен. «Чымчык да болсо, чымчым эт» делип, бирөөнүн тапканын бөлө жешип, эркектерди күтүп, качкан эл ашуу алдындагы колотко келип, токтошкон. Кары-картаңдар «бул тигиге, ал ага дары» дешип тоодогу ар кыл чөптөрдү жулуп келишкени менен кара курсакты кампайтар, дадил

бир нерсе табыша элек. «Суугу туткан» айрымдары шалдырап жатып калышты. Кечинде гана топтолушпаса, керээлден кечке ар кими өзөк жалгаганга жайыла тамак издешет.

Карылыгы жетип калган Эраалы карыя аска-зоого чыга албаса да, кыялай басып, кокту-колотту табырка кыла, айланып келет. Канаттуулардын көбү тукумдап, уя баскан. Короз кекиликтер жандары калбай сайрап, күнгөй-тескейди жаңыртат. Эптүү карыя эски адатынча аларга тузак коюп, булак көзүндө суусап келгендерин кылтакка түшүрүп, күндө болбосо да, анда-санда алардын этин кайнатып шор санагандарга уурттатат.

Бир күнү адатынча кыялай басып, колотко түшө берерде, шакылыктаган сагызганды көрө калды. Сагызган жөн жеринен шакылыктабайт эле, чарчыгын ээрчиткен элик, же паанектеген илбесиндер барбы деп, паам сала, аяр карап, жыш өскөн долонолордун арасында сагызгандын уясы бардыгын байкады. Дүпүйгөн долоно ичинде, бөтөн бирөө барып жете алгыс коюу бутактардын корумдашкан калың жерине, уя салган экен. Анча-мынча түлкү, же жырткыч куштар атайласа да жете алгыдай эмес. Сагызган канаттуулардын эң эле куусу, ого эле сак болот. Суктугунан гана алдырбаса, сактыгынан ага эч бир канаттуу, ал тургай түлкү да тең келе албайт. Аны билген карыя, сагызгандын балапандарынын жетилгендигин көрмөккө сарэсеп сала шыкаалады. Эне сагызган шакылыктап, улам аны жазгыра, ары-бери койкоңдоп, кээде алыс барып, кайра учуп конот.

Тоо тараптагы канаттуулар кечирээк жумурткалайт. Аны билген карыя күн эсептеди. Сагызгандын балапандары ак күптөн өтүп, канаттары жаңы ката баштагандай. Ал учурду «темир канат» деп коюшат. Канаттуу куштардын балапандарын «темир канатында» үйрөтсө, тапка тез көнөт. Карыя сагызгандын уясына ыкласы түшүп, таягын таянган боюнча түнөккө кайрылып келди.

Буттары чоор болгонуна, ташка, чөңөргө тилингенине карабай безилдеп, чуркап жүргөн балдардын арасынан, өз теңтуштарына караганда бир топ чыйрак Көчөндү издеп тапты. Ал балдар менен чие терип жеп, оозу-башын ботала кыла, эми гана келген экен. Алыстан ага кол булгап, өзүнө чакырды.

-Көчөн, тели-теңтуштарың менен бери кел! деп кыйкырды.

Чогуу турган балдар, лып орундарынан тура чуркашып, карыянын жанына тез эле жетип келишти.

-Балдар, сагызгандын балапанын ала аласыңарбы

-Алабыз-дешти жабыла.

-Чоӊ ата, аны эмне кыласыз?– дешти кызыккан балдар.

-Тутуп, жейт да– деди бирөөсү, ойлонбой туруп.

-Ики, сагызганды эч ким жебейт– деди бириси, жооп кылып.

-Анан эмне кылат?

Балдар ийиндерин куушурушту. Карыя алардын сөзүн укмаксан боло, алдыга түштү. Жыш өскөн долонолордун жанына келгенде, сагызган безелене шакылыктап дагы учуп чыкты.

-Балдар, бир-экөөӊ сагызганды ташка алып, жазгырып, алыстатып тургула. Сен Көчөн, калыӊ кийинип, долонолордун этегинен сойлоп баргын. Уядагы сагызгандын эки, же үч балапаны бар. үстүнөн кол салып, бирөөсүн ал да калпагыӊа салып, алып кел. Этиятта, балапандын канатын, же куйругун сындырып алба!- деди да, жабыла кызыгып турган беркилерге карай. -А силер балдар, таш уруп, сагызганды кубалап, алаксыткыла- деди.

Балдарга жакшы эрмек табылды. Улам таш-кесекке алышып, сагызганды алыс кубалап жатышты. Эне сагызгандын шакылыктаганын уккан башка сагызгандар да учуп келе, топтоло башташты. Көчөн карыя айткандай, бир шеригинин тонун кийип, долонолорду аралай, сойлоп жөнөдү. Бир топко барып, долононун тикенектерине бети-колун канатып жүрүп, бир балапанын ала чыкты. Балдар жабыла балапанга кызыгышып, улам карап, биринен сала бириси, калпакты ачып жатышты.

-Балапанды эне сагызганга көрсөтпөй, тез кеткиле! Аны кармалайм десеӊер, чокуп алат. Мен баргыча, көлөкө жерге калпакты жаап, катып койгула!– деп балдардын аркасынан жөнөдү.

Алар кетээри менен сагызган уясына келип, бир балапаны жогун билдиби, улам безилдей-шакылыктап, балдардын жанынан чыкпай койду. Алар эки-үч күнгө чейин, сагызгандын балапанын эч кимге көрсөтпөй, караӊгы жерде кармашты. Карыя күндө балдар менен аттын куйругунан кылтак жасап, чымчыктарга коюшат. Кылтакка илешкенин алып келишип, бөлүп-бөлүп сагызгандын балапанына беришет. Күндөрдүн биринде карышкыр кууганбы, аскадан учкан кийикти көрүшүп, көптөп, көтөрүп келишти. Карыя өзү карап отуруп, кийикти туюк сойгузуп, эттерин бөлүп берип, терисин башын, мүйүзүн калыбын бузбай өзү алды. Көзүн оюп, эки үч күн кургатып, ийлеп, тери ичине гөдөө-чөп тыгып, кадимки тирүү кийиктин калыбына келтирди.

Жаш балдарга эрмек Эраалы карыянын кылган иши, аларга

табылбай эле калды. Балдар айланышып алыс чыгышпайт. Карыя менен биригип, кадимки эле оюнчук жасап жаткандай туюшат.

-Чоӊ ата, муну эмнеге жасап жатасыз?

-Сагызганды мүйүзүнө кондурасызбы?

-Эми ага, жан киргизесизби?

-Сагызган сизге сайрап береби?

-Сагызганды эмне, чымчыкка саласызбы- дешип бирде калыбына келтирип жаткан кийикти сурашса, бирде таптап жаткан сагызганды айланчыкташат:

-Э балдар, сагызган алгыр куштардын бири. Муну, тээ мурунку, ата-бабаларыбыз тапташкан. Табына келсе, мунун жоругун бир көрөсүӊөр. Тим эле албаганы калбайт- деп кайыштан ичке боо тагып, туур жасап, ага отургузуп койду.

Балапан улам учуга талпынып, эки жагын каранып, куйруктарын кайчылай таранып, дегеле сөөлөттүү көрүнүп, койкоет. Абышка ага чакан томого жасап кийгизди. Балапан сагызган туурга жыйнактуу отуруп, ары-бери сергек карайт. Абышка ага жем береpде колуна кондуруп келип, баягы кийиктин кебинин жанына келгенде томогосун алып коюп, жаӊы эле тутуп, жүндөрүн жулган чымчыктын этин «кийиктин» мүйүзүнүн ортосуна, же көзүнө коюп, балапан сагызганды

-Ал деп, шилтейт.

Кийиктин кебинин эки көзүнүн ички тарабына иймекей ичке жыгач кагып койду. Ага чымчыктын этин илип, сагызгандын балапанына чокутат. Жемди көргөн балапан, улам умтулуп, аны сугалактана жемекчи болот. Карыя ага, тамак берерде үндөккө алып, улам «пө-пө» деп, алыстан көрсөтүп, колуна кондуруп жакын келип, шилтеп түйшүктөнө берди. Бүгүн бир көзүнөн жем жедирсе, эртеси экинчи көзүнөн жемди көрсөтүп, жакын келгенде, колун шилтейт. Туурга отурушун, колго конушун, «кептен» жемди алышына карап. «кушун» күндө мактайт.

-Көрөсүӊөргө балдар, бул куш кыраан чыгат.

-Чоӊ ата, кыраан деген эмне?

-Кыраан деген, эч нерседен коркпогон, шамдагай, эч бир жеӊилбес адам, куш аталат.

-Бу балапандан кандай өнөр чыгат?

-Табына келгенде, тоодон эчки-теке алат.

-Охо, балапан сагызган кантип аларды көтөрө алат?

-Чоӊ ата, калп айтып жатат

-Чоң кишилер калп айтпайт.

-Анан неге эчки-теке алат дейт

-Балдар, талашпагыла. Кыраан чоң-кичинеге карабайт. Бирок, сагызган айлакер, куу келет. Мен силерге сагызгандын, айлакер, кыйындыгы жөнүндө бир уламышты айтып берейин- деп аңгемесин баштады.

Илгери бир хандын жалгыз кызы айыкпас дартка чалдыгыптыр. Хан канчалык аракет кылып, эл арасында таанымал дарыгерлерди таптырып келсе да, алар кыздын дартын айыктыра алышпайт. Хан аларга каарданып:

-Менин кызымы айыктыра албасаңар, башыңардан ажырайсыңар- деп катуу талап коёт.

Дарыгерлердин баштары катат. Бирин-бири тиктешип каардуу хандын казабынан улам, жандарынан түңүлүшөт. Алардын катарында отурган, эң бир кары дарыгер, оор үшкүрүп:

-Бир гана мээр чөптөн жасалган дары, жардам бере алат–дейт.

Хан жигиттерине үч күн мөөнөт берет.

-Дарыгер айткан мээр чөптү таап келбесеңер, башыңарды алам дейт.

Хандын жигиттери ары ойлонушуп, бери ойлонушуп, айлалары кеткенде, кайра эле баягы карыя дарыгерге келишет. Карыя дарыгер, жигиттердин кыйналган абалдарын байкап.

-Эл арасында көптү көрүп, көп жашаган мергенге баргыла дейт.

-Ооба, мээр чөп деген бар дейт, карт мерген. Өзүнө келген жигиттердин сөзүн угуп -Аны табуунун бир гана жолу бар. Силер мага, сагызгандын балапанын таап келгиле дейт.

Жигиттер жабыла чыгышып, сагызгандын балапанын таап келишет. Карыя аңчы балпандын бир канатын сындырат да, жигиттерге берет.

-Эми, ордуна алып барып койгула.

Жигиттер карыя мергендин жооругуна ачууланышып:

-Сен бизди өлгөндүн үстүнө, көмгөн кылып, шакаба чеккиң барбы. Бул кылыгың үчүн башыңды алып, денеңди сагызганга жем кылабыз дешет.

-Мейли, көрөрүмөн өлөрүм жакын. Ошол менин денемди жей турган сагызган кайда учса, артынан калбай, ошол жакка баргыла. Себеби, сагызган балапанынын канаты сынганын көрүп, кайдадыр

учуп жөнөйт. Ага чейин силер атыңарды суутуп даяр болгула. Сагызган учуп отуруп, жалама аска-зоолорго барат. Силер өтө кылдат болуп, аябай аңдыгыла. Сагызган аска-зоодон мээр чөптү таап, балапанына алып келет дейт, карт мерген.

Хандык жигиттери карыя аңчы айткандай, уяны аңдышат. Сагызган уяга учуп келип, балапанынын абалын көрүп, кайдадыр учуп жөнөйт. Жигиттер да ага байкатпай, артынан калбай жүрүп отурушат. Аттары арыйт. Өздөрү чарчап, чаалыгышат. Канча күн дегенде сагызган аска-зоого жетип, бир жерге барып конот. Жигиттер өтө ынтаа коюшуп, сагызган конгон жерди белгилешет. Сагызган бир тал чөптү тиштеп, кайрыла учуп жөнөйт. Ал кеткенден кийин баягы жигиттер аска-зоого эптеп чыгышып, сагызган жулган чөптү издеп табышат.

Карт дарыгер баягы чөптөн дары жасап, хандын жалгыз кызын айыктырат. Ал эми сагызган балапанына чөптү берип, канатын айыктырып уясынан учуруп кетет.

-Миң дартка, бир даба. Мээр чөптү бир сагызган гана табат- деген сөз илгертен бери ушинтип айтылып келет.

Карыянын аңгемесин уккан балдар, ан сайын сагызгандын балапанына кызыгып калышты.

Күн өткөн сайын балапандын өнөрү артып, колдон жемди талашып, кийиктин эки көзүндөгү жемди чукуп жеп, көнүп кетти. Кээ-кээде тойбой калса, кайра-кайра кайталап, чокуй берчү болду. Ансайын абышка этти алыстан көрсөтүп, бир, эки. он кадам улам алыстан көрсөтүп аны кызыктырып, талпынта берди. Күн өткөн сайын балапан да торолуп, учууга жарап, «кепти» көрөөрү менен талпына учуп барып, эки мүйүздүн ортосуна шап конот да, эки көздөгү «жемди» биринин артынан бирин чукуп, жеп, табына келип, ууга жарап баратты.Карыя балапандын эки бутуна кыска кайыш байлап койду.

-Аны көргөн балдар:

-Чоң ата, эмнеге сагызганды тушап койдуңуз- деп суроо беришет.

Карыя колундагы томоголуу сагызганды сылап, буттарын кармалап түшүндүрүп кирет. Ал энесиндей эле шок. Бир орунда тынч тура албай, учуп-конуп, дегеле шайдоот. Тумшугу узун, учту, эң эле сугалак. Ал зоройгон сайын томого каттырбай аябай убара кылды. Башын силкип, буту менен чапчыйт. Анткен сайын мүнүшкөр карыя «жем басарын» тушап койчу болду.

-Мына бул канаттуу куштардын «жем басары» делет. Тырмагы менен жемди басып, тумшугу менен чокуп, жегендиктен, тырмагы «жем басар» деп айтылат. Тумшугуна колу жетпей, томогону кагып түшүрө албай калат. Деги эле кушка жем бергенде, томогосу алынып коюлат. Калган учурда кийгизип, кайра тартып, үйрөтүлөт. Томогону алып жем бергенде ал сугалактык менен кызыга жемди жей баштайт– деп түшүндүрдү.

Сагызганга күндө жемди алыстаткан сайын, ал табына келип, учуп жетчүү болду. Балдар кийиктин кебин, эми маңдайдагы тескейге алып барышат. Бир кырдан, экинчи кырга чыгышып «кепти» көрсөтүшөт. Ал таанып, өйдө ылдый «селкинчек тээп» учуп барчу болду. Ал каргага, чөкө таанга, ала каргага окшоп анда-санда канатын сермеп учуп, бара калчу. Анын көзү курч. Кайдан болсун көрүп, тааныйт. Таптаган сайын канат, куйругу жетилип, көркүнө чыга баштады.

Карыя эми бир топ күндү унуткарып, «кепти» көрсөтүп, томогону тартат. Ал ансайын алысты карап, кол башында токтоно албай талпынып, табына келгенин билдире баштады. «Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген сөз айныксыз экенин Эраалы карыя айгинеледи. Табына келген сагызганды тээ маңдайдагы бейикте, кээ-кээде жайылып келе калган кийиктерге кое бермек болду.

Күндөрдүн биринде эрте менен ашуунун төбөсүндөгү чокудан жайылган кийиктердин карааны көрүндү. Бала сагызгандын томогосун алып, карыя колун өйдө көтөрүп турду. Тапталган сагызган, мойнун ары-бери буруп, жайылып жүргөн кийиктерди көрүп, шакылыктап жиберди.

-Бар деп, карыя колун шилтеди.

Ал «селкинчек тээп» учуп, чокуга жетип, четтеги кийиктин эки мүйүзүнүн ортосуна отуруп, көздөрүн чукуду окшойт, кийик баштарын булгалап, тыбырчылап жатты. Курч, узун тумшугу бир-эки эле чокуганда кийиктин көзүн соолута койгонбу, көзү көрбөй калган кийик аска-жарданкулап, төмөн түштү. Аны карап тургандар учуп-жетишип, ырыскыны союп, бөлүп алышып, ачкалыктан кутулушту.

-Сагызган кантип тапталсын! Ал кантип эле кийик алсын! дегендер көздөрү менен көрүп, анан ынанышты.

Мүнүшкөр карыя жашы улгайып, алыска баса албаса да, өнөрү менен элди багып, ачарчылыктан алып калганына качкындар

ыраазы боло, «Бали!»- дешти.

***

-Бек, качандан бери бел чечпей, кылычты кынга салбай, аттан түшпөдүк. Эми мына, алыска келип жаңы жерди мекендеп отурабыз! Эч ким менен талаш- тартышыбыз жок.

-Ии- де?

-Жер бетинде адам каны агып, сөөктөрү чачылды. Айыл азайып, анын ичинде адам саны кемиди. Өрүштөгү короо толгон мал кырылып, жоо колунда калып, ит-кушка жем болду. Азын-оолак журт жоо-жарак камдайбыз деп, улам колдорунда болгондорун кошуп, эч нерселери калган да жок.

-Ии?

-Казат ишин артка тартып, сээлдете турсак кантет?

-Бул кимдин пикири?

-Менин жүрөгүм канайт. Элге тынчтык керек. Кең жер. Убактылуу турак кылалы. Эл мал багышсын. Уулдарды үйлөп, кыздарды чыгарышсын. Үй тикелеп, отоо болушсун. Кайберен толо, жайытка бай экен.

-Биздин эр азамат, жылаңач баатырларыбыз элим деп, жоо колун тосуп, жан беришти эле?

-Албетте, бала-чаканын камы. Тынччылык болсун деп.

-Дагы?

-Эл-жерди душманга тепсетпейли дешкен.

-Жерибиз кайда калды? Тынч жаткан элибиз кана? Эртең ушул жер элибизге мекен болуп бере алабы? Тынчтык орноп, элибиз коогасыз жашай алабы? Ушул жерде уул-кыздар тукум улап, тиричилик өткөрө алабы? Эл жерге карап өнөт. Жери жакшы болсо, эли жакшы. Адамдын кулк-мүнөзү, өңү-башы да жерге байланыштуу. Ата-баба турак кылган, тоодо өсүп, тоодо өнөт. Тоодон ажыраган соң кыргыз, насилин жоготот.

Каржалып кыйналган элдин жалдыраган көздөрү элестеп, Кубат кыйналып кетти. үркүнгө өзү себепкер сыяктанды. Баскынчыларга туруштук берүүгө элди көтөрүүдө чабаал, акыл калчап, чече албаган арабөк, чечкинсиз пенде сезди өзүн. Жерин таштаган арсыз, элин коргой албаган коркок сезди өзүн. Ичи туз куйгандай ачышты.

-Ээн талаа, эрме чөл кезип, жанга арга издеп, өлбөстүк үчүн үрккөн элди, караан тутуп, ээрчип келген күчүктөй болдумбу? Эл

ишеним берген кол башчылык кана? Душманга тике атылган жебедей болгон эрдик кана? Ажалдан жалтанбаган эрктүүлүк кана? Эрлерди бириктирип жоо сүргөн баатырдык кана? Ач-жыланач калгандарды имерип, азыктан аздырбаган камкордук кана? Эл башы көсөм болот дечү эле. Көрсө эл башына татыксыз, ала көөдөн, акылы тайыз бирөө тура!

Токточу. Акылга эмне келбеди? Жоо чапкынына такаат кыла албай, абдаарып калдыбы? Чындап эле Ала-Тоодо, туулуп-өскөн куттуу жеринде баш калкалаар жай табылбай калдыбы? Мелтиреген аска-зоо, душман жеткис кокту-колоттуу, капчалдардын төрүн ээлеп, жылга-жыбыттардын оозун тороп, жоону бир кадам да алга жылдырбай туруктаса болбойт беле? Акылга неге келбеди? Неге ойлонбоду? Же душман сүрүнөн сестенип, акыл-эсин жоготуп койдубу? Жок. Андай болгон жок. Теңдешсиз, жоонун апаатынан элди сактап, кырдырбай, аман алып калуунун аракети. Жоо тосоор жигиттерди кубатына келтирип, дагы да тасыктыруу, санын арбытып, кыраандарды телчитүү. Кашкөйлүккө салып, кайра кайтпас эр азаматтарды, ажалга бет алдырып, көп жоого шыкай берүү алабармандык болоор. Алар элдин балдары. Элге, эртеңкиге керек. Эл менен дагы да кеңешүү керек!

Аскер сабындагы жоокерлердин ар бирине буйругу жетет. Айтканын алар эч кынтысыз аткарат. Аскер тартиби ошондой. Ар кайсы жайда, жайлоодобу, ойдобу, чачылып жаткан элге буйрук берип, талап кылса болбойбу? Азыр эркек эле эмес, элдин баары, катын-калач, кары-картаң түгөл жоокер. Ооба. Так ошондой. Ар бир кара башыл адам жоокер. Жоокердин орду үйдүн капшытында, катындын капталында эмес. Черик сабында, жортуул жолунда. Кыз-келинчи? Чындаса эркек таналардан артыгы бар. Жоокерге камкордук кылган ошолор. Кийим-кечек, азык-оокат жада калса куралын да камдап, атын таптап да берет. Ат керүүдө, кылыч жастыкта, найза босогодо турган чакта ошол кыз-келиндер, чал-кемпир, бала-бакыра ашык атат. Эл болуп, элди, жоокерди аттап, тондогон куштаган, сактаган, камкорлор ошолор.

Эчендеген жылдар аралыгында ойроттор менен алышып, бирде жеңип, бирде жеңилген жергиликтүүлөр, жеңсе өз жерин ээлеп, жеңилсе кемип, орун которо качып-тозуп, не деген гана кордуктарды баштарынан кечиришпеди. Аман калуу аракетинде бир жайды турак кылып, ата-бабаларынын жолун жолдоп калаа

курбады. Өлүү дүйнө - чирик мүлк жыйнабады. Асыл таш, кымбат буюмдарды, байлык катары санабады. Туулган жер топурагын ыйык баалап, ата конушун бийик көрүп, душманга алдырбаска каршы туруп, таймашып келди. Канчалык кыйынчылыктарды тартса да, ич ара уруу-топко, ата-текке бөлүнүшкөнү менен бөтөнгө сыр бербей, бирин-бири сак-сактап, таланып-тонолушуна, туткундалып, кордолушуна жол беришпеди. Элден айланса болот. Ачылган-чачылса да тууган издешти. «Туугандын топурагы алтын» деп, бири-бирине кол кабыш кылышып, жада калса жандарын да аяшпады. Жетимин асырап, жесирин карап, катын-баланы бапестеп, карысын кастарлады. Алсызы алдуусун пааналап, кичүүсү улуусун агалап, боор батырган ынтымак, эч бир ыдырабады.

Бөтөн жер, отон болбоду. Ичсе суусу, чыкса тоосу, басса жолу, казса топурагы окшободу. Ал ансайын Ала Тоонун кадыры артып, кусалык кумарлантты. Өөнсүрөтүп тура берди. Тоо таяна уктап, тоо таяна ыктаган ата конуштун асылдыгы айкындалып, уктагандардын түшүнөн чыкпады. Эңсегендердин эсинен кетпеди. Тозгон эл бири-бирине өбөк-жөлөк, жетимин карап, жесирин аяп, алсызы чыйрагын пааналап, акыры туулган жерине кайрылып келди. Адатынча каадасын кастарлап, адебин ардактап улады? Уюткулуу журттун уланышын душман көрө албады. Кайрадан жер талаш күчөдү. Эл намысы, эр намысы кагылыш кармашка айланды. Баш сайган таймаш, жан алып, жан берген айкаш алааматы өкүм сүрдү. Айдан жылга, жылдардан кылымга созулган калба токтободу. Эл тагдыры кылыч мизинде, найза учунда чечилмек болду. Ай балта камдалып, жебе мээленип турган опурталдуу учурлар дагы да улантыла берди.

Учуру келгенде эркиндикти талашып, сөөк өчтү душмандан кеткен кекти, өткөн өчтү алууда ата наркын, эр намысын көкөлөтө кастарлады. Эл сактаган күрөштө эл уулдары каны-жанын аяшпады. Ала-Тоодон алты жолу куулса да, алтын туурунун саябанын самап, татаал тагдырына, бакыттын кайра кайрылып келерине терең ишенди. Эркиндигин эч кимге алдырбай, кылымдардын кыйырын аралап келген кыргыз элдигин сактап калды. Кимдигине маани берди. Баласы атасынын, атасы бабасынын, бабасы жотосунун, жотосу тегинин атын сыймык тутуп, эсинен чыгарбады. Бабалардан калыптанып, кылымдардын кыйырын тепчип, сөөккө сиңген каада-салтын, адеп-наркын

бапестеп, ыйык тутуп кастарлады. Тагдырын күүгө кошуп, ырга айлантты. Укканы унутта калбаган, көргөнү көөнүнөн өчпөгөн, таржымалы тарыхты түзүп, дастанга айланып, уккандын кулагынын кычусун кандырып, мээсинде жазылып, Ата-Журтун сүйгүзүп, асылдыгын туйгузуп, аң-сезиминкурчутуп, кыргыздыгын билгизип, аркыраган шамалдай, ташыган дарыядай, көлкүгөн көл болуп, байыса байып, такыр кемибей баа жетпеген байлыкка айланды. Ата-бабалардын таржымалы не деген гана залкар чыгармалар болуп чыга келди.

Азыр да, ыйык жер таарып, кан кечкен кармаш, баш сайган таймаш, жан берип, жан алган айкаш алааматы өктөм чакта, эл тагдыры кылыч мизинде, найза учунда чечилгени турат. Санаага алагдыланган бек ой түбүнө жетпей, кыжалаттанган сырын бөтөндөргө билдирбей, бирок, кимдир бирөөлөр менен ой бөлүшүп акылдашкысы, бугун чыгара сырдашкысы келет. Көп ичинде көңүлү чөктү. Топ ичинде толгонуп, жалгызсырады. Асыреттешип, кеп келебин узатып, кеңешер-жөн билги издеди. Кай жерге барбасын, айтканына баары эле макул.

-«Бек билсин. Бек чечсин. Анын бүтүмү, бүтүм»- дешет көбү. Не айтса, баары ынанган болушат. Ойлоп көрсө, анын да жөнү бардай. Баарынын эле дили, жоого каршы күрөш. Анткендери менен ойроттор жөн жоо эмес. Уруш өнөрүнө маш. Курал-жарактары шай, чоңунан кичинесине чейин согушчан. Ата-бабаларынан бери тиричиликтерин башкаларды басмырлап, тоноп, каяша кылганын талкалап, бөтөндөрдүн эсебинен байлык-мүлк топтоп өткөрүшкөн. Туткундап келгендерди малчы-жалчы кылып жумшап, буюмдай эч бир жанга кайрым кылган эмес. Жумушка жарабаган кары-картаңды бута кылып, атып ойношкон. Жаштарын кул-күң катары жумшап, эркектерин жоокердикке пайдаланып, ар дайым алдыңкы сапка жүрүүгө мажбурлашкан. Согуштун алдыначабуулга айдап, артка качкандарды аесуз чаап-кырышкан.Туткундардын алды-аркасы жоо, ар дайым аларды ажалга жумшап, тирүү калтырышкан эмес. Бул ойроттордун ата-бубаларынан берки бузулгус эрежеси.

-Бек элди, ата-конушту коргойм, жоо менен кармашам- деген аракетиңди кайсыл күчкө таянып, баштап отурасын? Даярдыгы бар жоокериңдин саны канча түмөн? Ат көөлүк, жарак-жабдык, азык-оокат ошончо керектелерин, эсинден чыгарбадынбы? Толуктоо-лорду кайдан аласың? Колду курал менен камсыз кыла аласыңбы?

Анын баарын жасатууга байлыгың барбы күчүң жетеби? Элдин башын бириктирем дейсиң. Элиң качкын. Качкан алдастап, акылың алдырат. Шашмалап күчүн жоготот. «Үркөн мал үйүрүнөн адашат» - демекчи, чакчалакейи түшкөн көпчүлүк, аман калуу аракетинде, баш паанек издеп, ар тарапта. Үркөн элдин колунда кайсы байлык, кайдагы мүлк? Бириндегендерден кол курап болобу?

Ырас, баары эле баскынчыларга каршы чыгалы дешет. Ким эле ата конушун тебелеп тепсеп, майкандап келе жаткан жоо менен келише алат? Ким эле үй-бүлөсүнөн, ата конуш, тууган-уругунан ажырап, бөтөндөрдүн айдоосунда кул-күң болгонду жактырсын. Чын. Баары эле душманды жек көрүп, кыжыры ташып турат. «Жатып өлгүчө, атып өл» дейт элибиз.

Сен «Ажыдар менен арбашып, канча күчү болсо да кармашам дейсиң. Анын жети башы бар. Бири менен кармашсаң, калганы карап туруп бербейт. «Өзүңдү эр ойлосоң, бирөөнү шер ойло». Чамаңы чактап, абайла!– деп кимдир бирөөлөр колун кезеп, ары жанын күйүзүп, ары намысына тийип, ары кеңеш айтып тургансыды. Анын баарын көңүлүнө алып, ой таразасына салды. Акылына калчады. От кечип, ок аралап башынан эчен азап-тозокторду өткөргөн карт жоокерлерге жолугууну самап, алардын дарегин ар кимдерден сураштырды. Алардын акылын, кеңешин угуп, ичиндеги сырларын айткысы келди. Элдин уулу болуш, эл ишенимин моюнга алыш канчалык жооптуу, канчалык милдет. Аны ар бир жаш адам түшүнө билиш керек. Ошондо гана анын намысы ойгонот. Элге кызмат кылууну дегдейт.

Кудай бүркүткө көп өмүр бербегендей эле, баатырлар дале узак жашабайт. Кезинде ал чагылгандай жарк этип эрдик кылып эл арасында даңазаланып, аты өлбөс болуп айтылып калат. Баатыр гана баатырларча өлөөрү сыймыкбы? «Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши» демекчи, адам баласын биринен-бирин айырмалоого болбойт. Көп ичинде баары эле бирдей. Кези келип, эл башына бүлүк түшкөн чакта, кимдин-кимдиги, баатыр-чабалдыгы ошондо гана аныкталат. Кудай да пендесине түрдүү себептер менен ажал берээри анык. «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» делет. «Эне уулун эл үчүн төрөйт». Ошондон улам, улуулар жаш жигитти алкаганда «Эл уулу бол!» деп тилек айтышат.

-Кулбай баатыр деген ысымды бек бала кезде кулагы чалган. Бирок, анын кандай адам экендигин, кандай эрдиктери менен

баатыр аталганына маани бербептир. Эрдиктери көп жерде айтылса, айтылгандыр. Аны көңүлүнө алып, эсине сактап калбаганына өкүндү. Бүгүн жолуга турган кишиси дал ошол Кулбай баатыр экендигин билген да эмес. Тоолуктар жер кезип, жайыттын ыгына карай жүк түшүрүп, жайлоого көчөт эмеспи. Суук кабар угулгандан бери, ар жайлоодо бириндеп, чачыла конуп жүргөндөр топ-топко биригишип, уруу башчыларына, көпчүлүккө ыктай, коюлана үйлөрүн тигишкен. Малдарын да чаржайыт айдабай, бир тарапка чогуу сүрө, эңкүүлөй отурушкан. Кокусутан «жоо басты» деген жаман кабар келсе, көчө качууга азыр болуп, кулак түрүшүп, айыл аралай ылдамдата улоо бастыргандардын караандары көрүнсө эле, жабыла сыртка чыгууга камдуу турушкандай.

Сырттан караган кишиге, ыңкыган жайлоо төрүндө капары жок жатып алып, кереге бойлуу баканга илинген, бүлкүлдөгөн сары чаначтагы кымыздын тундурмасынан кере жутуп, уламдан улам бал кымыздын даамына таңдайын такылдата, кеп салуудан эрине, ныксырап жаткан мырзалар, деги эле жамандыкты укпагандай, аңдан кабары жок, бейгамдай сезилет. Анткени менен кермеге тартылган арканда жайылган кийимдер, күн жесин деген көлдөлөң, көрпөчөлөр, шамалдасын деп, кургатууга койгон середеги куруттар, ар үйдөн созолонуп чыккан коюу түтүндүн карааны көрүнбөй, айылдагылардын аманат отурганы өздөрүнө байкалып, каткыра чыккан күлкү, каттуу сүйлөгөн добуш угулбайт.

Айыл четиндеги боз үйдүн алдында ак салы куудай, бети-башы быткыл тарта бырышкан, калың кабагынан жүлжүйгөн бүтүк көзү араң көрүнгөн, өзүнө окшогон тартайган куусаң арчанын дүмүрүндө канаты кайрылган бүркүттөй шалдайып отурган адамды бек алыстан көрүп, өзүнчө божомолдоп, бүшүркөдү. Ал терең ойго батканбы, же кулагы кереңби, сырткы дүйнөнү унутуп койгондой, кыймылсыз отурду. Бек атынын аяр түшүп, тизгинди аманат арча бутагына иле, шыпылдай басып келди да, салам берди.

-Ассалоому алейкум, баатыр аба!

-Ха кайдагы баатыр? Ал салмактуу башын көтөрүп, жай гана үн чыккан тарапты карай бурула -Сен кимсиң?– деп койду.

-Кубат деген болом!

-Кайсы? «Бала баатыр Кубатсыңбы?

-Кайдагы баатыр. Жөн эле Кубатмын- деди бек карыянын сөзүн кайталай тамашалап

-Эл кимдин ким экенин билип атайт. «Баатыр» деп, көрүнгөн эле пенде атала бербейт.

- Сиз өзүңүздү, «Кайдагы баатыр» деп жатпайсызбы.

-Ооба, картаң бүркүт айткан экен. «Бир кезде аалам жарган шумкар элем, каарылык мени кумпай кылды»- деп, мен да бир кезде баатыр элем, карылык мени эми оордунан жылбаган дөңгөч кылды.

-Канткенде да, элге эрдигиниз даңаза, атыңыз сыймык.

-Э даңазалыгы курусун. Эл башына түн түшүп турган чакта, керегим тийбегенине арман кылып отурам.

-Сиз коргогон балдар эр жетишти. Эми кезекти алар, камчыны чабар кез келди.

-Аның да ырас. Бирок, катарга кошула албай, көптүн эсине алынбаганга арданып отурам.

-Капа болбоңуз. Сизди атайлап издеп келдим– деди бек жайдарылана

-«Карысам да бир койлук алым бар» деген экен көк жал. Мен да, андан кем эмесмин. Жигитиң болуп берейинби? Карыя дагы тамашалай кетти.

-Башчы болуп бериңиз, абаке?

-Кайдагы башчы?

-Акыл айтып, кеңешиңизди бериңиз?

-А карылык аа, карылык. Карылыкка моюн бербейм дечүүмүн. Эки бутумду тушап, желкемден басып, муунумду алып, тилимди гана сайратып койду.

-Аманчылыгыңыз болсун. Карылык дагы доор эмеспи.

-Кайдагы доор? Ат ойнотуп, сүңгү сунуп, душман менен сүрүшсөм, ошол мага доор сезилмек. Мезгилим өтуп кетти. Элге жамандыктын келишин көрбөйүн деп тилек кылчуумун. Каап, ошондо калмактарды кайрылгыс кылсак болмок эле. Чегинен өткөрө кубалап, жыландын башын жанчаарда, тапканын тартуулап, элдешкенине алданган экенбиз. «Душман аяган жара-луу» деп бекеринен айтылбаган. Учурунда маани берилбей калат тура. Баралына келип, баш көтөрүп, кайра адатын баштап отурушат. Эми, биротоло келгис кылып, кубалагыла.

-Ошон үчүн жапырт аттанганы турабыз. Акыл-кеңешиңизди укканы сизге келдим.

Карт жоокер анын сөзүнө жооп да бербестен, бектин келгенин эстен чыгарып койгондой, көзүн жумуп көпкө ойлонду да,анан бара, башын көтөрө суроо узатты.

-Башчыңар кимдер? Кубатбектин башчылыкка көрсөтүлгөнүн уккан кары аны сынамакка суроо берди.

- Башчыны эми көтөрөбүз. Карынын суроосун билип туруп, билмексенге салды.

-Ооба, башчы болом дечүүлөр көп. Эл арасынан чыгат. Кимдин кимдигин, убакыт сынайт. Көп колго башчы болуш да, кыйын. Алакөдөн, аркасын ойлобогондор «Мен болом!» деп да чыгышы мүмкүн. Ар бир топ, ар бир уруудагылар өз алдынча жигит курап жатышабы?

-Ооба

-Мейли курашсын. Бирок, согуш өнөрүн үйрөнмөйүнчө, аларды урушка салбагыла. Абдан тасыктыргыла! Дээринен кыргыз ала-көөдан келебиз, сүрмө топко кошулуп, алды-аркасын карабай кете беребиз.

-Ал шердигибиз да.

-Кайдагы шердик. Акыл-иле, дал ушундайда керек. Аттиң! Ат үстүндө жүрөөр чагым болгондо, силер менен кошо болбойт белем.

Карыя далысын дүңкүйтө эңкейе берип, башын жерге сала дагы да, бир саамга тунжурады. Терең дем алганынан улам, сөөктөрү катып, бүкүрөйгөн далысы акырын кыймылдап турду.

-Ойроттордун бөтөндөр билбеген сырлары көп. Кезинде алар менен кармашкандай кармашып, жекеме-жекече чыгып, куп эле алышып жүрдүк. Көбүн эсе аламан жапырыкта, биздин кол өктөмдүгүн көргөзчү. Этегине келгенде чыгым бизден көп болуп, алар бөлүндү-чачылды болуп, биздин колду да, бириндешине алып келишчү. Кармашта кол бириндесе, күч чачылат эмеспи. Биз көбүн эсе качкындардын артынан кууганга кызыгып, жүрө бериппиз. Көрсө алар, туурадан шамалдай чыга калышып, капылеттен кол салышаарын туйдук. Кийинчерээк кууганга көп кызыкпай биз да, «толгомо» өнөрүнө өттүк.

Бек улгайган баатырдын сөзүн бузбай, анын ар бир кыймылына саресеп сала, төмөнүрөөк тарапта катарлаша отурду. Ага астейдил карап дал ушул адам, өзүнө акылчы болооруна ынанды. Издеп келгенине, өзүнө өзү ыраазы боло, карыянын сөзүнө кунт кое, көңүлү бурду.

Өзүнө кулак төшөп, сөзүн бөлбөй, сыңар тизелеген бойдон, камчысына салмагын сала отурган жигитти сынай тиктеп, кабагын көтөргөн карыя дагы да терең дем ала кебин улады.

-Жараткан пендесинин башына, ар кыл тагдырды, жаралганда эле жазып койгонбу. «Мен мындай, тигиндей кылам, жасайм»- деген, ал аракет эле. А чын чынына келгенде, аракетке жетиш үчүн канчалаган түйшүктөрдү тартканда гана, жол ачыла баштайт тура. Пендеге жараткан үйрөнүүнү гана насип этиптир. Уруш да үйрөнүү, окуу, билүү. Үйрөнгөн пенде жол табат. Кармашта курал чабышып жатып да, каршылашыңдын кыймыл-аракетине коңүл бөлөсүң. Ыңгайын издейсиң. Канчалык өктөм, күчтүү болсоң да, душмандын чабал жагын, ыңгайын келтире албаган кемтик, аракетин пайлайсың.

-Аба, ушул айтканыңыздын баары, бизге зарыл. Жоокерлерибиз, дал ушуларды билиши керек.

Карыянын ак аралаган кашы серпиле түштү. Ээгин экчей, кулагын бир тарапка төшөп, кыңкая туруп калды. Баатырдын бир нерсеге көңүл бурганын туйган бек да, мойнун созо кандай кубулуштун болушун билмекке кулак түрдү. Табигат жым-жырт бойдон. Жогортон соккон желден улам, дарак учтары сеңселип, шоодураган үн чыгат.

-Ана, уктуңбу? Ителги канаттарын куушура учуп өттү эле, чырыйттаган чымчыктар дымып, жалбырактардын арасына жашынууга аргасыз болду.

Жаратылыштын ар бир кубулушун, шамалдын согуп, күндүн нуру дарактарды аралап, жерге тийгенин, жалбырак учтарындагы шүүдүрүмдүн тамчылары күн нуруна чагыла, жалтырашы карыяга айкын эле. Анын баарын жашоодо үйрөнгөн. Үйрөнгөнүнүн баарын турмушка пайдаланууга көнүккөн. Анын баарын турмуш өзү талап кылган. Бек аны туйбаганын, ага көңүл да буруп койбогонун мойнуна ала, башын ийкегилеген болду. Карыя кайрадан сөзүн улады.

-Жаратылыштын кубулушун,ал тургай күндүн бүркөлгөнүн, жамгырдын себелешин, ак жаанды, добул түшүшүн, күндүн күркүрөшүн, чагылгандын чартылдашын, кыян жүрүшүн, ал качан башталып, качан бүтөөрүн алдын ала туйганга көнүк. Ага кам көр,чарасын изде. Аларды табырка кыл. Дал ошолорду, уруш өнөрүнө пайдалана билүүнү ойлон. Сен менин айткандарымды жоокерлер билсин дейсиң. Аның туура эмес. Аны бардык адам

билүүгө тийиш. Жаратылышка жан сырдаш болгондо гана, ал сага ийигет. Жоокерден башта, аскер башы,түмөн, миң,андан төмөнкүлөр билип-туюп, шартты пайдалана алса,ийгиликке жол ачылат. Жараткан пендесине эс-туюм, паам-парасат,сезимтал-сергектик берген. Ал ошол жагынан башкалардан акылдуураак, эстүүрөөк. Бардыгын баш ийдирип,башкара алат. Болбосо, айбандардын эң бир жырткычы, каардуу деген каблан, жолборс, арстан, карышкырларды ойлоп көрчү. Канчалык күчкө ээ болушса да, сезимтал-сергектиги менен жемин табат. Коркунучтан кутулат. Алар айлакерлиги, илекерлигинен өктөм.

Карыя атайлап келген бекке көп нерселерди туюнткусу, билдиргиси келди. Айткандары ашыкча эмес. Ойлонсун, пайдалансын деген ою эле. Ал үйдө отурганы менен кулагы сыртта. Жоо тополоңун билип, эл аны кандайча кабыл алып, кандай чара, камылгаларды көрүп жатышканын, кимдер туу көтөрүп, кимдер башчы болуп, даярдыктарды көрүүгө камдангандарына кызыккан. Өзүнчө, бул ишти кимдер колго аларын, кимдер ылайыктуу экенин эсептен өткөрүп, таанып-билгендерди бир-бирден талдап көргөн. Баягыда өзү менен үзөңгүлөш, тизе кагыштыра жамгырдай жааган жаа огуна, жаалданган айкашта жалтанбай кылыч шилтеп, найза сунган апааттарда бирге болгон курбуларынын тукумдарынан үмүт эткен. Аты аталып, катарга келип, кошуун түзүп жаткан эр азаматтардын ар биринин ата-тегин, уруу-тобун сурап, кызыккан. Кубатбектин да атын угуп, Калча бийдин ордун баскан мураскору экенин билип, көрүүнү самап, аз болсо да аңгеме-дүкөн куруп, дилин, ички туюмун аңдагысы келген. Ат бастырып атайлап келишине ыраазы боло, дээринде эмне бардыгын байкамакка, анча-мынча “жем” таштап отурду.

-Абаке, бая сөз башында элиңиздин кайра тартпастыгын айтпай, “ала көөдөн, «алды-аркасын карабай иш кылат» дедиңиз. Ал кемтигиби? Же, задинан ошондойбу?

Карыя эриндерин бүлк эттире күлгөн болду. Бекке бурула көз жиберип сөзүн улады.

-Ала көөдөн, алды-аркасын карабайт дегениме териктиңби? Өздү мактаганга ар дайым убакыт да, сөз да табылат. Бирок, кемтигин айтканга үлгүрбөйбүз. Сөз табылса да, укканга кулак жок. Себеби,сында чындык айтылат. Чындыктын даамы ачуу, ага көбү чыдабайт. Мактоо кандай жагымдуу Чалпоо, үркүнчөк малды мактагын, мемиреп өзүңө ынтайт. Анын жамандыгын, чарс,корс,

азоо экендигин айтып кол сунсаң, жанына да, жакын жолотпойт. Пенде да ошондой. Терс кылык-жоругун,ишинин кемтигин айтсаң, уккусу келбей, теригет. Элибизде “Жаман аталага курсагы тойсо, черүүгө аттаныптыр” деген сөз бар. Аталанын кубаты аз эле. Черүүгө жеткиче түшүп калат. Анын сыңарындай, көпчүлүктү-аламан деп койобуз. Алдык десек ”Алдык” дешет. Чабабыз десек ”Чабабыз” дешет. Алды-аркасын ойлобогону ошол. Алышка,чабышка кандай жол бар. Ага кубат жетеби, чапкандан кийин эмне болот? Аны эч ким пикирге албайт. “Ойлонбой иш кылсаң,оорубай өлөсүң”- дейт эл. Ойлонбой жасалган иш оору. Аны айыктыруу кыйын, көпкө созулат. Буга эмне дейсиң?

Бек карыянын суроосуна макул экенин билдирип, башын ийкеди. Ал дагы да терең дем алып, боюн түзөй кебин улады.

-Кайра тартпас,баатырдыгыбыз дагы чын. Ата-бабаларыбыздан бери, кайсыл гана жоо келбесин тең тайлаша таймашып, күнкор болбой, жашап келе жатабыз. Аныбыз эрдик. Бирок, качан гана жоо басып келгенде, баш көтөрүп, ураан чакырабыз. Аныбызды жоо жакшы билет. Ошондон улам камынтпай талап-булап, басмырлап, чаап кетишет. Аскер курап, кол башчы шайлап, сак болбойт беле? Ага да, көп себептерди айттык. Аскерге ат көөлүк, курал-жарак, кийим-кече, тамак-аш зарыл. Аны ким камдап берет? Ар уруу-топтор өздөрүн коргосун. Колдун ыгым-чыгымын өздөрү камдасын-деген шылтоолорду айттык. Малды байлык санап, жайытка карай көчүп жүрүшүбүз да, кедерин тийгизет. Уруу-топторунун билермандарынын, бийлеринин өз алдынча каадаланышы,бири-биринен өөдөсүнгөнү ыркты кетирет. Илгертен калган сөз бар «Баатыры көп эл бактылуу», «Бийи көптүн, чыры көп» Бий болумуштардын көптүгүнөн ынтымак ыдырап, туш тарапка чачылып отурабыз. Бул капсалаңда сабак болоор. Ошол билермандар эми, эл камын ойлор бекен?

Баатыр болуп баш бириктир. Аскер курап, чекти бөлүп аны кайтарт. Башка элдердин башчылары менен алака түзүп, эл-жердин бүтүндүгүнүн камында бол! Айткан сөзүңө, берген сурооңо толук жооп бербесем да, өзүң түшүнүп турасың. Куралып жаткан жигиттердин жалтаңбас болушу үчүн ашыкпай машыктыр. Шыктандырган сөз керек. Элибизде «Аргымагыңды байгеге кошкуң келсе, аяба» деген. Канчалык таптап, суутун кандырсаң, мөрөй алып берери анык. Анын сыңарындай жоокерлерди да тындырбай күн-түн тапта, машыктыр, талап кыл, үйрөт.

-Абаке, канчалык кол топтолоору белгисиз. Бирок, алардын баарын улоо-турман, тамак-аш, кийим-кече, курал менен жабдуу кыйын го?

-Айтканың калетсиз. Шарты келишпес, колунда жоктору да бар. Эл башы, бийлерге милдет так. «Жокту керек таптырат» дейт. Ар бир уруу-топ жоокерин жабдысын. Жоокер эл сактайт. Эл казына, уулдарынан аянбайт.

-Көп жоокерди кантип машыктырууга болот? Аларга жоокердик тартипти, өнөрдү кантип үйрөтө алабыз? Кай жер ылайыктуу? Ага кандай шарттарды түзүүгө болот? Бек көптөн бери сана тартып жүргөн «ич толгоосун» ачык айтып жибергенин, өзү да билбей калды.

-Бул жөнүндө, өзүң ойлодуңбу?

-Ой түбүнө жете албадым. Көпчүлүккө ат жем, тамак-аш канткенде жетет? Даярдыкты уккан жоо, көп колу менен келип, тебелеп кетпейби?.

-Бали. Ушул оюунду тескерисинче жасап көрчү.

Бектин башы маң болду. Карыя аны сынап жатабы, же мыскылдадыбы. Бул жаш балага айтылчу сөз. Же какшыктадыбы? Жинди да иштти тескери кылбастыр. Ал алдыртадан уурдана, жанаша отурган карыяга көз салды.

Калың кабагынын түгүн түктөйтө, мойнун бир тарабына кыйкайта отурган карыя, шеригинин жообун күткөндөй, кыймыйлсыз турду да, бир топко барып акырын бурула.

-Ии, тескери дегенге, түшүнбөй турасыңбы? Ырас, баарын бир жайга чогултуп, машыктыруу ары опурталдуу, ары түйшүктүү, машакаттуу иш. Ага бир өзүң жетише да албайсын. Анын үстүнө, уруш өнөрүнүн сырын, толук билгендер кем. Бирок, ойроттор менен алышып жүргөн согушчандар ар айылда жок эмес. Анын үстүнө кыргыз баласы ат үстүндө торолуп, чыйрак өсөт. Куралдарды пайдалануунун ыгына, ат-улоочон, жөө кармашуунун ар кыл илелерине көнүктүрүүгө болот. Эркек тана эч убакта жоокер, өнөрпоз болуп төрөлбөйт. Анын шыгын ойготуш керек. Шыктандырган себептерди табыш керек. Чыныгы жоокер болууга шарт, жоокердик заман тарбиялайт. Ар иштин устаты бар. Кызыккан пенде үйрөнбөй койбойт. Элибиздин башка элдерге караганда артыкчылыктары арбын. Аны билесиң да?

-Улакчы, чабандес, саяпкер, мүнөшкөр, санаткерликтери бар. Бек карыянын суроосуна, шыр эле жооп бере баштады.

-Ооба. Жан-жаныбардын тилин билет. Табына келтире алат. Сырдашып, каалаганын арткарта, ийине келтирет. Көктөгү кушту чырга байлап тутуп, же балапан кезинде уясынан алып көнүктүрсө, жердеги жан-жаныбарларды кармап, тил алдырып, кызмат кылдырат. Бул чоң артыкчылык. Ар нерсенин купуя сырын, туя билүүчүлүк, көңүлүн таап, аяр мамиле аркылуу сырдана болуучулук, саяпкерлик менен санаткерлик өнөрдүн ана башы. Анда канчалык мээрим, достук сезим, боор батырышкан мамиле бар. Көрчү, кыргыздын ичинин кенендигин.

Менин айтайын деген оюмду толук туюн. Ар айылда, уруу-топто, ар кыл өнөр ээлери бар. Бириси ээр чабат, кайыш тилип, үзөңгү, куюшкан, жүгөн өрөт. Кийиз басып, тердик, токум кылат. Кылыч таптап, канжар согот. Соот, куяк, найза, калкан жасайт бул бир. Экинчиси элүү, жүз, беш жүз жигит чыгарып кийим-кече, тамак-ашын камсыз кылууга жеңил. Машыккан колду ар он күндө жер алмаштырасың. Сырттагыларды чөлгө келтир. Төрт жолу орун алмашып, машыккан жоокер, төрт согушчандан өнөр үйрөнөт. Төрт жердин шартына көнүгөт. Аргымактары да сууп, жүрүш тартибине шай болушат.

Бул ой бекке такыр келбеген. Ал көп колду кай жерге батырам, тамак-аш жагын, ат улоонун тоютун кайдан табам– деген кыжаалатчылык менен жүргөн эле. Карыянын кеңеши кай тараптан болсун, көңүлүнө төп келип жатты. Анын көңүлүн өйүгөн тартип маселеси эле. Канткенде жөнгө салууга болот?– деп көпгө ойлонду. Тартип болбосо, ийгиликке жетиш кыйын. Көп ичинде ар кыл мүнөздүүлөр бар. Бир кишинин сөзүн укпаса, ар ким өз билгенин кыла бериши мүмкүн. Бул ойго кандай жооп аларына күдүктөнгөн бек, карыянын ойлоно калганынан улам, суроо бере кетти.

-Абаке, кол башчылар арасында, бирдиктүү тартипти жүргүзүүдө, жоопкерчилик-айрыкча кимдин мойнунда болот?

-Туура маселе, туура ой. Тартип болбосо, жоокерлер биримдик боло алышпайт. Ойроттор кармаган эреже улуу кагандан калган. Чыңгыз хандык осуяты боюнча, он башчы- жүз башчысына, миң башы- түмөн башыга, түмөн башы- амирге, ал аскер башчы амирге багыныш керек. Эгер ошол чоң амирлердин бири кылмыш кылса, хан аны жазалоо үчүн эң төмөнкү амирин жиберген. Чоң даражадагы амир кичи даражадагы амирге баш ийүүгө милдеттүү. Башын аламын десе да, моюн сунуп берүү талап кылынган.

Аскердик тартипте он башчыга багынган он адамдын бирөө уруш кезинде, же экөө, үчөө, же андан көбү кача турган болсо, алар өлтүрүлгөн. Ал эми жүздүктөн башкалары козголбой, алиги он адам бардыгы артына чегинсе, бары тең өлтүрүлгөн. Эгер башчыларынан жарлык болуп, баары бирдей чегинбесе, өз алдынча чегингендердин бардыгы өлтүрүлгөн. Эгер алиги он адамдын бири туткунда калып, башкалары куткарбаса, куткарыш үчүн барбаган, калган тогуз адамдын бары өлтүрүлгөн. Ошондой эле бир бөлөк он адам жоонун колунда калып калганда, токсон адам аларды куткарбаса, алар да өлтүрүлгөн.

Катардагы жоокерлер он башчы, жүз башчы, миң башчыларга катуу талаптар коюлган. Эгер он башчы өзүнүн карамагындагы он адамды уруш кезинде башкара албаса, же тартибин жөнгө сала албаса андай он башчы үй ичи менен өлтүрүлгөн. Он башчы болуп калган тогузунун ичинен бирөө шайланган. Бул тартип, жоокерлер арасында бекем сакталгандыктан ойроттор ички тартиби менен күчтүү болуп келишүүдө. Сен аскер башчыларга ишеним бер. Алар уруш өнөрүн билбесе, жоокерлердин жанына жолотпо. Устат-чебер гана иштин өбөлгөсүнө чыгат. Керек болсо, өзүң кошо машык. Билбегениңди билгенден талап кыла албайсың. Тартип, буйрукту аткаруу башкы максат болушу керек. Сен бул ишке жеке киришпе. Ар уруудагы согушчандарды тарт. Баргы бийи Ажыбек уруш өнөрүнө маш окумал деп уккам.

-Анын кызыкчылыгы дале ошол.

-Ап бали. Элде бир сөз бар. «Кеңешчү кишиңдин келбетине кара» дейт. Бирөдөн өдөсүнбө. Пикирин ук. Сенин колуңдан келет. Элиң жаңылбаптыр. Ушунуңдан жазба.

-Ырахмат абаке.

-Эки баатырдын оюу бир болуп турду.

***

Ойрот колу канатын эки тарапка кенен жайып, каалгып учууга камданган зор таскара кебетеленип турду. Бир канаты адырмак дөңсөлөрдөн ашып, тоого туташса, бир канаты учу-кыйыры жок жылаңач талаага созулуп, баш-аягы билинбейт. Жоон ортосу казканактап, биринин артынан бири тирелген миңдеген кол «Кана, эр болсоң катылып көрчү!» дегендей кадалып турду.

Кол башчыга каршылаштарынын ою дайын болсо да, өз ичинде түркүн амалдарды ойлоп тынчы кетти. Кокус, кыргыз колу ортого тике качырып кирсе кандай болот? Алдын шап жүрөккө жетип алса… Анда, эки канат, эки тараптан куушуруп, бекем кыпчуурга алат. Ортодо калды дегичекти, ойрону чыгат. Эки канатты колтуктан айрып, жиреп кеткенде кандай болмок? Экиге бөлүнгөн күч анда шакектей оройт. Аны жакшы түшүнгөн жаш кыраан алдын ата тиктеп, чабуул коюнун түрдүү амалдарын ойлой тынчсыздана берди. Жок. Душманды тумшукка чаап, көзүн жумгудай кылып, алкымдан алуу керек. Ооруган тумшугун силкип, көзүн ачканча, шап жанын көзүнө көрсөтө муунтуш оңой. Ага чейин буттарын кыбыратып, канаттарын чапкылап тура турат. Муунуп бараткан дененин башы эң алдын иштен чыгат. Башы иштебеген денени, кумурска талагандай кылса болбойт беле?

Бектин артындагы жигит башчылары, анын буйругун күтүп турушту. Ал ээрден тулкусу менен бурула Алыке менен Чомого кайрылды.

-Силер колуңар менен түптүз ортону көздөй ат салгыла. Силерди негизги күч деп ойлошсун. Кагылган мыктай матырыла сүңгүп киргиле. Чегинүүнү ойлобогула! А силер,-Тоймат менен Мамытка кайрылды –Душмандын оң канатын кайрып, аркасына өткүлө! Акмат менен Шермат сол канатка бүлүк түшүрүп, Алыке менен Чомодон алыстабай, канатташ жүргүлө! Мен өзүмдүн колум менен силерге дем берип турам. Киминдин колуңа коркунуч туулса, жардам жиберем. Буга кандай дейсиңер?

-Жарып, өтө албай калсак канттик?- деди бирөөсү.

-Алдыга умтулган иш, дайыма эле аткарыла бербейт. А бирок, аткарам деген аракет ишке ашпай койбойт. Айткандай, өжөрдөнүп жатып коркунучту эстен чыгарып койбогула! Катуу каршылык болсо, калтаарыбагыла! Ээлеген ордунардан, бир кадам да, артка жылбагыла!

-А кокус, туруштук бере албай калсак?...

-Ооба, качканга жеткен күчтөн көрө, кармашканга жеткен күч жеңил. Качкан жоону аман кетирбегиле! Бүгүнкү сенен качкан жоо, эртен сага коркунуч экени эсинерде болсун! Дагы бир сөз, кол башчыбы, жөнөкөй жоокерби олжого кызыкпагыла. Ага алаксыдын дегичекти, ажалдын жеткени. Ат туягынын алдында, алтын чачылып жатса да албагыла!

-Калмактар кармашка, алтындары менен келмек беле?

-Алар ач көз, жалтырак-жултурактарга эт-бетинен түшөт дешет.

-Жакшы курал болсо, кандай албай коебуз?

Жигит башылар башчысынын сөзүн талкуулай кетишти.

-Майданда жоокердин аты өлсө, куралы сынса гана алмашат. Шарты бар. Жоокер атын да, куралын да таштабайт- деп эскерте сүйлөдү Кубат.

Тургандар тымтырс болуп, душман тарапка жабыла көз салып калышты.

Маңдайдагы саны билинбеген душмандын жоокерлери, ноендору да мистейе, тиктеп турушкан эле. Бир-экөө атырыла чыгып, жылаңач кылычтарын булгалап, кыйкырышса эки тарап тең алаксышмак. Бирок, ажалдын сүрүнөн улам каршылаштар бирин-бири сурдана тиктей маарып, ат салууга даабай турушту. Чабуулду кимиси баштайт? Тумандуу булуттай, бүркөлгөн кабактары менен жебедей теше тиктешип, каардуу каректери бири-бирине кадалып турду.

-Кана, азаматтар, баштагыла! Кубаттын үнү чаңк этти.

Удургуй түшкөн кыргыз колу, ач кыйкырык салып, алга карай атырыла жөнөдү.

Мээленген найзадай болуп, жоону көздөй ат үстүндө учуп бараткан жоокерлерин карап турду. Кол башчынын айткан кебин сая кетирбей, буйруса кайнаган айткаштын чок ортосунда кирип барууга даяр турган чабаганчы, «ак таяк» жан сакчылары анын артында, кабак - кашынан көз айрышбайт.

Эгерим душмандарына аркасын салып көрбөй, дайымкы кармашта жеңип жүрүшкөн калмак колу, бөрү тил боло тизилишкен. Тирелген колдун дал тумшугуна тийген чокмордой, күүлөнгөн күч менен артка капшыра сүргөн жергиликтүүлөр аз да болсо илгери жыла беришти. Душмандын оң-сол канаттары кыймылдап, копшула, ортону оромойго алууга, акырын куушурула баштады. Аңгыча болбой, бая кол башчысынын буйругу менен оң-солду каптоого даяр турган кыргыз колу эки тараптан жапыра киришип, жайылган «эки канаттын бүктөй, калдайган «таскаранын» желкесин көздөй сүрүп жөнөштү. Алар, эки канаттын учун кайрып барып, бириктире байлагандай кылып, таканчык болгон куйрукка жетээрде, буктурмадагы душмандын жаңы күчтөрү, шоп-шоп эте чыга калышты.

Канаттын учун кайрып бараткандар капылеттен туурадан чыга

калган каршылаштарды көрүшүп, алдастай түшүштү. Абалды дароо сезген Кубат өзүнүн буктурмада турган оң-солдогу тандалма жоокерлерине белги берди. Аттары тың, жаңы күч, алыстан жаа тартышып, найзаларын шуулдата кирип барышты. Сестенген каршылаштары артка сүрүлө түшүп, катарлары бузула, суюла калды. Туурадан чыга калышып, найза менен бышып, чокмор менен чаап, кылыч шилтешип чаң-тополоңго түшүрүштү. Майдан быкбырдай кайнап, баятан бери ач айкырык салып, сүрөөнгө алгандар дымый түшүп, майдан оор онтоого айланды. Кериле чабылган чокмор, күчөнө сайылган найза, ай карасынан кептелген айбалта, жаландаган кылыч бийлеп, «чак-чак» эте үзөңгүлөр кагыша, «шыңгыр» эте темирлер тийип, жарадарлардын онтогондору, «быр-быр» эте күйүккөн аттардын «күрс-күрс» жөткүргөнү угулуп, уруш талаасы нечендеген устаканадагы, тапталып жаткан дөөшүдөй чакылдап, көбүрө-жабыра күпүлдөтө басылган сансыз көөрүктөй туюлду. Өлгөндөр менен жарадарлардан аккан кан, кыпкызыл чокко айланган көмүрдөгү ээриген темирдей көлкүлдөдү. Майданда ат тери булоолонуп, ысык кан менен жиндин жытына аралашып, аба оор тартып коюлангандан, дем кыстыкты. Жашыл талаа заматта майкандалып, жер ылайлана жумшарды. Аккан кан миңдеген ат туягына тебеленип, сасыган чалчыкка, жуурулушкан топурак - баткакка айланды. Колдон түшкөн куралдар кызыл жошо сүртүлгөндөй ар-ар жерде тебеленип, сынып-талкаланды. Ысык булоо күн бетин тосуп , айкаштын алды-арты көрүнбөй, бир гана ажал өктөм бийлеп, арааны жүрүп турду. Бирде калмактар сүрүп, бирде кыргыздар өмөктөп, даңкайган ат өлүгү, тырайган адам денеси көп аттын тебелендисинде, кебете-кепширлери кетип, ылай-баткакка аралашып жатты. Теребел алааматка айланып, убакыттын канча болгонунда көнүл бөлгөн эч бир жан болбоду.

***

Эрте мененки таңдын шоокуму айлананы жарытып баратты. Таң менен кошо турган жигиттер куралдарын эптүү кармап, эрөл талаасына сүрдүү көз чаптырып турушту. Бек ар биринин эрктерин жандырып, эрдикке үндөп, үнүн шаңдуу чыгара кайрылды.

Жигиттер, өзүңөр көрүп - билип турасыңар. Жоо колу тирелип, ар бирибизге эки-үчтөн ашып, төрт-бештен тура келет. Жан

аябаган кармаш, алдыда турат. Айкашка даярсыңарбы?

-Даярбыз!

Жапырт үн чыкты.

-Кана эмесе, ата-бабалардын арбактары колдосун. Жоого бет алалы!

Кубат аттан түштү. Тизелей отуруп, көздөрүн жумду. Кылкылдаган көч үстүндө чаң уюлгуп, көп малдын маарап-мөөрөгөнү жылкылардын кишинеп, төөлөрдүн бакырганы угулуп, жолго батпаган аттуу-жөлүү качкындардын көч эмес эле жер бети сүрүлүп бараткандай опур-топур. Коркунучтан көздөрүн алаңдатып, айрымдары сербейе ат үстүндө кылчаң-кылчаң кайрыла, улам арт тарабын караган качкындар. Атчаны атчан, жөөсү жөө баш көргөндү, көз көрбөй жапырып-жалмап, жеп-жутуп келе жаткан алоолонгон ажал отунан эптеп кутулуп кетүүнүн аргасын издегендер. Бөкчөйгөн кары-картаң, ымыркайын көкүрөккө кысып, бир баласын жонуна көтөрүп, бирин жетелеген энелер, жыгылып-туруп энесинин этегине эрмешкен жаш балдар көзүнө тартылды.

Алаңдап, шашып-үркүп бараткандарды карай, кылыч шилтеп, найза малган, жаа тартып, чалма ыргытып, көп койго тийген карышкырдай алганына эмес, чалганына кубанган караандар улам көбөйүп, улам жакындап келе жаткансыды. Өлүм да, өмүр да кылыч мизинде, найза учунда, чымындай жан чыркырап, ага айла табууга арга жок. Кандай амал ажалга бет келип, кантип элди калкалап кала алат? Бир гана үмүт-тилек эр мойнунда. Эр жигит гана мындай апаатка бетме бет келип, көкүрөк тосот. Жалтанбай алоолонгон отко, кызарып куйкалаган чокко каршы тура алат.

Кубаттын денеси чымырап, куш уйкудан ойгонгондой бою жеңилдеди. Бет маңдайдагы эрөөл талаага сайыла карады. Душмандын кылкылдаган желектери, тээ алыс, арткы тараптагы чатырлары, көзүнө урунду. Үзөңгүгө бут салып, эрге турду.

-Көк жалдар! Биз алааматта киндик кан тамган ыйык Ата Журтубузду коргоп жатабыз. Максатыбыз элди аман сактап калыш. Жоодон алыс, бейкут жайда тууган-уруктарыбыз биздин жеңишибизди самап күтүп отурушат. Баскынчыларды ата-бабаларыбыздын ыйык жеринен кууп чыгабыз. үй-бүлөлөрүбүз коркунучка калтырбай, алардын амандыгы үчүн жек көргөн жоо менен кармашабыз. Жеңсек жеңебиз, жеңилбейбиз. Курал болуп

катылып, ажал болуп атылабыз. Баскынчылардан неге аянабыз? Аянбайбыз. Душманга өлүм!

Өлүм! Өлүм! дешти бир кишидей айлананы дүңгүрөткөн кол

-Бекаалы!

Жигит башы аргымагын чаап келип, чимирилте токтоп, үзөңгүнү чирене тээп, тура калды.

-Азыр биз, жоону каптап киребиз. Сен Бекаалы, өз кошунуң менен кылчактабай, жырткычты качырган бүркүттөй душман колун тең жарып, түп-түз жиреп өтүп, тээтиги контайчынын чатырын көздөй кирип барасың! Түшүндүңбү?

-Түшүндүм, бегим. Мага Назар досумду кошуп бер? Биз бири-бирибизге дем берип, жакшы салгылашабыз.

-Бегаалы досум жанымда болгондо, жеңиш дайыма биз тарапта– деди Назар досунун сөзүн улай, булкунган аргымагын чимирилте теминди.

-Экөөңдөн жеңиш күтөм.

-Өзүбүз тууну контайчынын чатырында көкөлөтөбүз.

-Жөнөгүлө, кабыландар!

Эки баатырды ээрчиген жоокерлер жүз-жүздөн боло бек алдынан катар өтүп баратышты. Күтүрөгөн туяктардан чыккан чаң төбөдө уюп турду. Жоокерлер заматта аттарынын ооздорун кое беришип, жебедей чыңалып барып, жоонун так ортосуна матырылды. Тиреле сайылган жебе учу улам копшолуп, улам душман колун жирей баштады. Эми уюлгуган чаң бет маңдайдагы тирелген караандардын төбөсүнөн чыга баштады. «Жебе» учу улам илгерилеген сайын, анын жоон ортосу кеңейе калып, атарабын кайрый чаап, копшоло, жиреп баратты. Убакыттын өткөнү билинбей, ортодогу калың катар жара тилинди!

Бекаалы менен Назардын артынан кеткен бөрү тил кууш тилкени улам кеңейте жиреп калган жоокерлер кирген дайрадай агып, жайкап баратты. Кууш тилке эми килейген шынаа болуп, кагылып жатты.

-Аа эле, аа!- деген сүрөөнгө аралаша, барк-барк кайнаган суудай, көпчүлүктүн көбүрүп-жабырыгынан кан-жин аралашкан жыт, ат терине кошулуп, аймакты каптады. Алаамат кыргын-жатты өздөн - өздү жаттан айрыгыс кылып, биринен бирин ажыратыш кыйын эле. Бекаалы тарап кармап бараткан туу улам калдактап, көрүнө калып, бирде токтоп, бирде жылат. Күч атасын таныбаган айкаш талаасы кансырады. Жеңиш кыйынга турду. Көптүн иши көп

«жебе» болуп атылган кыргыз колунун карааны улам алы кетип, көп ичинде көрүнбөй барат.

Кубат улам камчысын ээр кашка ургулай, ээрден тура кала, ат үстүндө ойдолоду.

-Эгембердини мага жибергиле!

Миң башы атын чаап келип, үзөңгү теппей түшө кала, ийилди.

-Урушка кире элек, канча жоокер бар?

-Миңге чамалап барат бек.

-Баарын урушка сал!

-Бек, биз жеңилип баратабыз.

-Али жеңиле элекпиз.

-Миң жоокер, сиздин карамагыңыздагылар.

-Мага онго жетпеген азамат калтыр да, өзүң элден кабар ал! Аларды ыраак алып кет. Аман болсок көрүшөбүз.

-Бек?

-Сөздү узартпа, жөнө!

Эгемберди атына шап минип, кан кайнаган тарапты карап

-Калган жоокерлерди сактайлы, бек?

-Жоо жеңишке ээ боло элек. Бул урушта алар да оңбой калды.

Кийинки кирген миң жоокер салгылашты өзгөртө албады. Күн батарга таяп баратты. Эки тарап тең ысык аптапты, ачуу чаңды көзгө илбей, чарчоону эстен чыгарышып, кармашты токтотушкан жок. Кээде душман каптап, кээде кыргыз колу сүрүп, улам жарадарлар, өлүктөр көбөйүп жатты.

Кыргыз жигиттери жан аяшпай, мурда болуп көрбөгөндөй, кашкөйлүк менен кармашышты. Күүгүм талаш, күйүп бүткөн от сыяктуу айкаш өзүнөн өзү басылды. Кармаштан чыккандар чаң, кан аралаш шалтактаган аттарындай өздөрү да сууланган кейпте, бириндеп келе башташты. Аттардын көбүктөнө тердегендигинен улам, өң-түстөрү билинбейт. Ат үстүндөгүлөрүн алайган көздөрү, кашкайган тиштери гана көрүнбөсө, күүгүмдө чаң-аралашкан кийимдеринен тааныш да кыйын. Жоокерлердин, алар минген аттардын да, аябай чарчаганы билинип турду. Бирин-бири жоктоого дармандары келбей, эрлер ээр үстүндө зорго чыдап, чаалыккан аттар аяктарын араң шилтешет.

-Азамат, көк жалдар. Мындай эрдикти эч ким көрсөтө алган эмес.

Жоокерлердин бирөөсү да үн катпады.

-Билем. Дарманынар кетип, араң турасыңар. Бул жерден алыс

барып, кайрадан күч топтоп. Жоого чагылгандай тиебиз.

Түнү менен тынбай жүрүп, таң дык салганда сай тал, чычырканактуу токойго жетип барышты. Колго тыным берилди. Жоокерлер аттарын аса байлашып, жер тандабай жапырт жатып, уктап кетишти.

Кокту-колоттоп жүрүп, жон-жондон акмалай чыгып, аяр көз салган кайгуулдагылар алда канча сактанышып, жазгоо, ымдоо менен бири-бирине белги беришип, уктап жаткандарды сак кайтарышты. Токой ичи салкын тартып, көлөкө болсо да, күн көтөрүлүп, ысып чыкты. Аса байланган аттар чымын-чиркейге чыдабай, шыйпанышып, бышкырына тыбырчылай баштады.

-Баатырларды тургузгула! Тыныккан аттарды отко койгула!

Кыска тизгиндер үзөңгүгө чалынып, ээр кашка илинген, басмайылдары бош аттардын ээр-токумдары алынып, оозуктары чыгарыла, отко коюлду. Арып-чарчаган, ачка аттар үзүгө оттоп киришти. Жоокерлер үстүлөрүндөгү чаң, кандарды тазалашып, муздак булактарга жуунушуп, бойлорун сергитишти. Түрдүү айла, иле менен басып келген жоого тынчтык беришпеди.

Тыным албаган машыгууларда тасыгып, уруш өнөрүнө маш болгон жигиттер, бек баш болгон устаттарынын үйрөткөн таалими, айткан кеңештери боюнча кара күчтөрүнө эмес, уруш өнөрүнүн кылдат эрежелерине, алдастабай, акылга салгап илелерине таянып, айкашка чыгып, душмандын кубатын кетирип жатышты.

***

Ажыдардай алкынып, ажал болуп жулунтуп казат болуп кактап, канчалаган азап-тозокту башка салган капсалаңдуу калмак-ойрот дегендер кимдер эле? Теги жагынан моңолдордун сол канатына тиешелүү болуп, өздөрүн ойрот деген элдерди, түрк элдери илгертен эле «калмактар». (мусулман эместер, өз дининде калгандар, кытайлар «элюттар») деп аташкан.Ойрот калмактары Монголиянын батыш тарабындагы кеңири аймакта жашашкан. Чыңгызхандын тушунда биригишкен батыш монгол уруулары, чоң жоортуулда бул мамлекетте анын аскерлеринин сол канатын түзүшкөн. Монгол тилинде «жуңгар» -сол кол (зун–сол, гар-кол, сол каруу, жак, каптал) ал эми «барунгар» -оң кол дегенди түшүндүрөт.

Жуңгар хандыгынын аймагы алгач чыгышта Хангай тоолорунун батыш кырларын, түштүктө Гоби чөлүн, батышта Моңголстанды, түндүктө Иртыш, Эне-Сай дарыялары башталган жерлерди

камтып, кийин Жуңгария аймагы деп аталып калган. Калкы негизинен көчмөн турмушта жашап, мал чарбачылыгы менен кесиптенишип коңушу өлкөлөр менен жашоо ыңгайына карай алакада болуп, тиричилик жагдайдагы маселелерди аскер күчүнө таянып, чечүүгө ыкташып, жоокерчилик турмуш кечиришкен. Хандыкта – контайчыда чексиз бийлик болуп, ал атадан балага мураска өткөн. Алардын алдында кеңешүүчү орган катары зорго (Зорго-хандын жакын туугандары менен таасирлүү уруу башчыларынан (тайшалар, зайсандар жана ноендор) турган.

Тынымсыз кытай аскерлери менен болгон кагылышуу бирде алардын, бирде манжурлардын аесуз баскан чапкынынан улам, ойроттор байыртадан ата-бабалары жайлаган конуштарынан журт которуша, айласыз батышты көздөй он бешинчи кылымдын орто ченинде эле жыла башташкан. Жуңгарлардын мындай аракети кытай Богды ханын кубандырган. Себеби, көптөгөн жылдардан бери кан кече кармашып жүрүп, кеткен кектери, сөөк өчтү душмандыктары, кандуу курал аркылуу гана чечилери айкындалган эле. Муну алдын ала билип, кытайларга, айрыкча манжурларга карай дайыма сунулуп келген кандуу куралын контайчы жанга ала жүрдү. Кытай жерин басып алууга, тынымсыз аракеттенген моңголдорду, айрыкча жунгарларды жашаган жерлеринен биротоло күч колдонуп болсун сүрүп, чыгарып салууга буйрук берүүнүн алдында, кытай императору курултай чакыруу талабын койду.

Императордун буйругун аткаруудан баш тарткан ар бир уруу башчысы керт башы менен жооп бермек. Болбосо, тып-тыйпыл чабылаары, мал-мүлктөрү талоонго алынары эскертилген эле. Богды хандын эч ким өзгөртө алгыс, катуу талабына, алар аргасыз баш ийүүгө мажбур болушту. Биримдиги күчтүү, көптөгөн аттуу-баштуу уруулар Жуңгар аймагындагы кары-картаң, аял-балдарын алып, көтөрүлө, Сибир, Иртыш аймактарына, Тарабагатай тоолорунун айланасына көчүп келишип, топ-тобу менен турак алышты. Айрым уруулар андан да алыс, казак талааларына, Эдил жайыкка, Астрахан, калмак аймактарына жер которушуп. Кытай бийлигинин кандуу чапкынан качкан чыгыш монгол уруулары асман империясынын жазасынан жер которуу аркылуу убактылуу болсо да кутулушту.

Жуңгарлардын Батыш Монголиядан Орто Азия жана Казакстанды басып кирүүсүнө шылтоо табылып, жол ачылды.

Ойроттор он бешинчи кылымда эле кыргыздар жашаган Теңир Тоого, Ферганага жортуулга келип турган. Алардын негизги максаты жергиликтүү калктардын мал-мүлктөрүн тоноп, жайыттарын тартып алуу болгон. Убакыт өткөн сайын күрөш улам күчөдү. Алгач жортуулга келген калмактарды кыргыз-казак аскер күчтөрү өз аймактарынан сүрүп чыгарышып,Сибирге чейин кубалап барышты. Кыргыздар менен казактардын катуу ынтымакташып кетишинен сестенген Жуңгар төбөлдөрү бир топко чейин кысымдарын токтотушту. Кийин манжур кытайлардын жүргүзгөн саясаттарына моюн толгошуп, монгол жерине жакын кытайларга тынчтык бербей, бир нече жолу чабуул коюп, басып кирүүнү уланта беришти.

Коңушу калктарды айрыкча кыргыз-казакты биротоло чаап, басып алабыз деген ойроттордун ою ишке ашпады. Ынтымагы бийлик талашуудан улам ыдырады. Көп жылдардан берки аракеттеринен тыянак чыкпагандан соң, өз ара ынтымактары ыдырады. Уруу башчылары, ноендор бири-бирине баш ийгилери келбеди. Торгоут уруусу батышты, кошоттор Тибетти көздөй көчүп, конуш которушту. Дербеттер да Монголиянын кең талаасына карай, сапар алды. Аймакта чоростор жалгыз калды. Мындай тымтыракайга бөлүнүп-чачылуунун эртеңи коркунучта эле. Жүздөгөн жылдарга созулган калмактардын өктөмдүгү, коңшу жашаган өлкөдөгүлөргө кетпес кекти, өчпөгөн өчтү пайда кылган. Бириндеген калмактардын кезеги келип, ажалдан мурда өлөөрү айкын сезиле башташы, айрым ноендордун тынчын алды. Согуш менен куралган эл, согуш менен тарады. Ар кандай маселени курал менен чечип келген ойроттордун тагдыры, эми ташка тийген чыныдай быркырайбы? Курал менен жашап, курал менен табылган байлыктын эртеңи жоктугу эми ырасталабы? Заман тейи бул. Элдин эртеңки келечегин эч ким кепилдикке ала албайт. Кандай айла кылууга болот? Элдин эртеңкисинен өздөрүнүн кызыкчылыгын ойлогон ноен, зайсаңдардын ойлорунда, ушул суроо турду.

Уруудагылардын баштары бирикпеди. Уруулар бириксе да, уруу башчылар бийликтин төбөсүндө тургулары келишти. Бийлик талашуу, акыры бөлүнүүгө алып келди. Бөлүнүүн акыбети ушул. Төрткө бөлүнүп, «ойрот» чачылды. Бул өздөрүн өздөрү өлүмгө кыю. Жакшылыкка алып барбайт. «Сөөк өчтү» душмандар эми бириндетип кырып кетет. Өлбөй калуунун аргасы барбы? Бар. Ал

биригип, ынтымакка келүү! Чоростордон чыккан Куту-Косун ушул ой менен ар бир уруу башчыларына, ноен, зайсаңдарга барып, өз оюна ынатууга далбастады. Ал тургай башка уруудагыларды топтоп келип, «чаап алам»- деп да, коркутту. Бир нече жыл аралыкка созулган убакыт ичинде, күч менен ойротторду бириктирүүгө белсене кириšти. Ойрот хандыгынын негиз салуучусу Кара Кулдун уулу (Кара-Кула) Куту-Косун 1630-жылдар аралыгында бийликти зор түйшүк менен тике кылды.

Жаңы хандык калмактардын баштарын бириктирип, белдерин бекемдеди. Чачынды ойрот уруулары контайчынын бийлигине топтолушту. Жуңгар хандыгынын алгачкы чабуулу жаз алдын Орто Азияга башталды. Элүү миңден ашык, жер жайнаган калмактар казак-кыргыз жерин каптап кириšти. Жолдогу айылдарды талап-тоноп, кандуу жүрүштөрүн токтоосуз, уланта бериšти. Чоростор бир кыйла күчтүү уруу болуп, башка урууларды өзүнө багындыруу менен туш-тушка аскер жиберип, өз таасирин кеңейтишти. Өздөрүнүн Жуңгар ойдуңундагы конуштарынан козголуп, Тарбагатай тоосунун этектеринде жашаган торгоутторго чабуул жасап, аларды Волга өрөөнүнүн бойлоруна көчүүгө мажбур кылышты. Үрүмчүнүн тегерегинде жашаган хошоуттарга чабуул жасап, Чинхай өлкөсүнө көчүп кетүүгө себеп болушту. Эне-Сай тоолорунун этегинде жашаган кыргыз урууларына, Балкаш көлүнүн түштүк тарабында жашаган казактарга такыр тынчтык беришпеди. Теңир-Тоонун түндүк тарабын, Алтай тоолорунун тегерегин, Эне-Сай өзөнүнүн баш агымдары сыяктуу кең жерлерди каратышты.

Ойрот-калмак төрөлөрүнүн ортосундагы бийлик талашуудан кайрадан ынтымак ыдырады. Хандыктагы ички чыр-чатактарды акмалап турган алардын душмандары, чаң-тополоңдон пайдаланып калууга аракеттеништи. Калмактар адатынча казак-кыргыздарга дагы чабуул коюшту. «Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок» демекчи, чапкан да, чабылган да бүлүндү. Бирок ойрот колу тынчыбады. Тээ баштагы жылдарда хошоуттордун тайчасы Байбагыш торгоут менен дөрбөттөргө кошулуп, Далай Баатыр болуп, бири-бирине кол салбоону келишкен эле. Канткен менен казак-кыргыз жерине чабуул жасай бериšти. Казак ханы Эшим калмактарга каршы он миң колду аттантканда калмактар талкаланып, бир аз тынчыгандай болгон. Дайыма кооптуу болуп, жай жашоого мүмкүндүк бербеген ойротторду биротоло жок кылуу үчүн Алтын хан Ногой ордосу

менен сүйлөшүп, отуз миң кол менен ойротторго чабуул койду. Бул согушка кыргыздар да катышкан. Согуш Кара-Иртыштын боюнда болуп ага калмак контайшысы Убаши да кошулду. Ойроттор төмөн качты. Кийин Эшим хан ооруп калып, анын ордуна Жаангир колду башкарды. Ал алты жүз мылтыкчан жоокери менен бир түмөн ойроту талкалады.

Эрдене баатыр контайчы болоордун алдындагы кармашта Жааңгир султан капылеттен туткунга түштү. Кийин аны сүйлөшүү жолу менен төрт ноенго алмашып бошотушту. Арадан он жыл өткөн соң контайчы Эрдене баатыр кайрадан Орто Азияга жортуулга аттанды. Казак,кыргыз,өзбек колу биригип катуу каршылыктарды көргөзүшүп, аларды келген жактарына жеткире сүрүп таштАшты. Андан аз эле убакыт өтпөй Алтын хандын уулу Омбул ойроттордун ноендору менен биригип казактарга чабуул койду. Жалаңтөш менен Жааңгир өзбек-казак колун бириктирип, ого эле чоң күч менен душмандын мизин кайтарышты.

1633-жылы жазында калмак аскерлери кайрадан кыргыз-казактардын жерин көздөй жылып жөнөштү. Жергиликтүүлөр канчалык каршылык көрсөтүшсө да, баскынчыларга туруштук бере алышпады. Калмактардын колу бир кыйла күчтүү болуп калган болчу. 1637-жылы Үрүмчүнүн тегерегинде жашаган хошоуттарга чабул жасап Чинкай өлкөсүнө көчүрдү. Эне-Сай тоосунун бойлорунда жашаган кыргыз урууларына Балкаш көлүнүн түштүк тарабында жашаган казактарга чабуул жасап Теңир Тоонун түндүк тарабын, Алтай тоолорунун тегерегин, Эне-Сай өзөнүнүн баш агымдары сыяктуу кең жерлерди каратышты.

Ошол мезгилде кыргыздар чыгыш жагы Кулжа, Саян-Алтай тоолору, Эне-Сай бойлору, түштүк-чыгыш жагы Үрүмчү, Турпан, Иле, түштүгү Ак-Суу, Кашкар, түндүк батыш тарабы Арал, батыш-түштүк тарабы Гуляб, Гиссарга чейинки аймактарды конушташкан. Негизги ортолук Үрүмчү, Турпан Иледен тарта, Теңир-Тоо, Памир, Алай тоо кыркаларынан Ысык-Көл, Чүй, Талас, Фергана аймагындагы Анжиан, Сыр боюнун айлана тегерегинде көчүп жүргөн жана турак кылган.

Тибеттеги Далай лама (кийин 1639-жылы) «Эрдене баатыр коңтайчы» деген наам берди*.

*(Калмакча куң-улуу күчтүү; «тээж-хан», «кунтээж» -улуу хан).

***

Ал мамлекетти Жунгар атады. Мартабалуу контайчи бүткүл ойрот жериндеги урууларды бириктирди. Ойротторторгоут, хойт, кошоут, чоростордон турган «Дөрбөн ойрот» (төрт ойрот) биримдигине баш кошушту Ойрот контайчысы Тарабагатай тоолорунун этегиндеги Иле дарыясынын бойлорундагы жана Жайсаң көлүнүн жээктериндеги уруулардан түзүлгөн колун баштап, казак-кыргыз көчмөндөрүнө басып кирип чыгыш Түркстан, Кытайдын түндүк чыгышына Ала-Тоо жана Жети-Суугa чейин кеңейтти. Капарсыз жаткан элди талап-тоногондон улам,эбегейсиз дүнүйө, мал-мүлктөргө ээ болуп, абалдары жакшырды. Уруулар арасындагы биримдик жана туугандык ынтымактан улам Жуңгар хандыгы күч ала баштады.

Жаңы хандык калмак бийлеринин белин бир топ бекемдеди. Чачкынды ойрот уруулары Эрдене баатыр контайчынын бийлигине топтолуп, Орто Азияга биринчи чабуулду жазында башташты. 1643-жылы алардын жер жайнаган аскери элүү миң казак-кыргыз жерине басып кириштe. Айылдарды талкалап, талап-тоноп, андан ары Орто Азиянын ичкери жагына чапкынын күчөтүштү.

Мартабалуу контайчынын Орто Азияга карай жүрүшүнө калкас акими Алтын хандын жана атактуу калмак кол башчысы Хо-Урлюктун колу толук катышты. Эрдене баатыр контайчы Алтай кыргыздарынын карамагындагы эки аймакты каратып, Ташкент менен Түркстанды көздөй жылды. Калмактардын жолу болбоду. Алардын алдынан казак султаны Жахангир тороп калган эле. Ага Жалаңтөш аталык баштаган өзбек колу жардамга келди. Биргелешкен аскерлерге миңдеген кыргыз кошундары да кошулушту.

Карсылдаган кармашка, кан түтөгөн урушка туруштук бере албай калмактар чегиништи.

Калмактардын көз карандысыздыгын коргош үчүн 1644-жылы кытайды башкарып турган манчжурларга каршы аттанышты*. 1652-жылы Эрдене Баатыр ойроттор менен торгоуттарды бириктирип Казак-кыргыздарга кол салды. Аны күйө баласы хошоут уруусунун башчысы Очортү Сецен башкарып келди. Анын он жети жашар баласы Галдама Жаангерди өлтүрүп, ойроттор арасында зор атакка ээ болду. Кыргыз казактар Очортуну колго түшүрүштү.

*(согуш 1644-жылы башталып, элүү жыл аралыкка же 1697-жылга чейин созулган).

Карасай баатыр Эрдененин оң колун шылый чапты. Ал жараты кабылдап, контайшы 1653-жылы о дүйнөгө сапар алды.

Эрдененин он баласы боло турган. Эң улуусу Сенге, андан соң Галдан, Дундук, Серен аттуу уулдары аталарынын жолун жолдошту. Эрдене өлгөндөн кийин, 1657-жылы ойроттор оң-сол болуп, «барун-кар» (оң кол), «зуң кар» (сол кол) экиге бөлүндү. Сол жагында Эрдененин уулу Сеңге ээ болду. Сеңгенин согушунда

Карасай баатырдын колу бир түндө үч жүз адамдын куралын тартып алып, баарын өлтүрдү. Баатыр контайчынын Онша деген баласын колго түшүрүп, эки ханзадага айрыбаштады.

Сеңге 1667-жылы Алтын хандыгынын акыркы ханы Лобзанды талкалагандан соң, ойрот калкы бир колго бириктирилип «Жуңгария» аталды. (орус нускаларында «зунгария-зунгарлар» деп айтылган.) Андан көп өтпөй Сеңгени Изотбай менен Чечен баштаган бир туугандары өлтүрүштү.

Калмак байларынын ыркы кеткенинен улам Галдан аларды жеңип чыгып, бүткүл калмак урууларына бийлигин орнотту. Жуңгар хандыгы кайрадан күчөп, тышкы элдерге катылууга жарамдуу болуп калды. Чорос уруусунун башчысы Галдан уруулар ичиндеги өз ара карама-каршылыктан пайдаланып, өзүн «Жунгар хан» (сол канат хан) деп, жарыялады. Ошондон баштап чоростор - Жунгар деген наам менен аталды. Ал да Далай ламадан «бошокту» (ырайымдуу, мансаптуу) деген наам алып, тарыхта «Галдан Бошокту» деген ат менен белгилүү болуп калды.

Ал Чинхайдын басып алып, кошуттарды каратты. Комул, Турпан аймактарын, андан көп өтпөй Кашкардагы «ак такыялуу» кожолордун башчысы Аппак кожонун (кожо Идейетулла) жардамы менен Жаркент хандыгын каратып, бүткүл Теңир Тоонун түштүк тарабын ээлеп, ал аймакты башкаруу укугун Аппак кожого тапшырды. Өзү Теңир Тоонун батыш тарабындагы кыргыз урууларын каратып, Монгол жерин басып алып, чин империясына коркунуч туудурду.Сайрамды алып, талкалады.

Галдан Бошокту Орто Азия менен Чыгыш Түркстанды кайрадан каратып алууга аттанды. Анын колу Жаркенди каратты. Анын аскер башчысы Рафтан Сайрамды (азыркы Чимкент шаарынын жанында) курчап, шаарды көпкө камады. Бардык чабуулдардын мизин кайтарып турган шаардын коргоочуларынын күчүнөн улам, калмактар чегинүүгө аргасыз болушту. Галдан Бошокту Сайрамды дагы бир жолу тооруп көрүп, жолу болбой,

Анжиан тарапты көздөй жөнөдү. Анткени Анжиан тегерегиндеги байыр алган көчмөн кыргыздарды багынтып алам деп ойлогон. Бирок, жолу болбоду. Кыргыздар өзбектер менен биригип, душманга катуу сокку ургандыктан Галдан Бошоктунун колу чегинүүгө аргасыз болду.

Калмактар кайрадан колун чыӊдашып, Анжианды алууга аттанышты. Жолдо калмактар Ошту ээлеп, шаарды талап-тоноп, Анжианга жутунушту. Кыргыз-өзбектер өз эркиндигин тайманбастан коргошуп, бир топ колунан ажырады. Галдан Бошокту Анжиандан баш тартып, чегинип баратып Сайрамды курчоого алды. Тынымсыз чабуул коюп, акырында Сайрамды алганы менен кармашта миӊдеген сайрамдыктар курман болушту. Тирүү калгандары туткунга түшүшүп, Жунгарияга кулчулукка айдалды. Ошондон баштап калмактардын Жети-Суудагы бийлигин эч ким талаша алган эмес. Галдан контайчы Иле өрөөнүндө көчүп жүрүп кээде кышты Иртыштын жээгинде өткөзгөн. Иленин жана Куркар-Усунун аймактары контайчинин жеке менчиги болуп эсептелди.

Галдан Бошоктунун колу Сайрам, Ташкенге жетип, кыргыздардын Фергана, Анжиан тарапка сүрүлүшүнө себеп болду. Галдан Бошокту отуз миӊ кол менен Калкага басып кирди. Ал кармашта талкаланганына карабай Кытайга жортуул жасады. Анын жоктугунан пайдаланган Суан Рабдан үч-Турпанга качып кеткен жеринен келип, Галдандын бийлигин басып алды. Ал кытайдан жеӊилип, хандыгынан айрылган соӊ, өзүн-өзү жарып өлдү.

Сеӊгенин мурасчысы Суан Рабдан ордону ээлеп бийлик кылды. Ал кыргыз айылдарын басып кирип, туткунга алынган жигиттерди зордук менен айдап, казактарга кол салды.

***

Көк мелжиген чокулары асман менен тирешкен Алай тоолору алмустактан бери ак шейшебин жамынып алп уйкуга киргендей, ары сындуу, ары сырдуу мелтирейт. Сындуулугу ак шооласын чачып, таӊ агара баштагандан тартып, кылымдан кылым кечкен мөӊгүлөрү бүл-бүл көрүнүп, улам ак шоокум айкындалгандан тарта, андан бетер агарып, не бир укмуш көркү менен көргөндүн көөнүн өзүнө бурбай койбойт. Күндүн нуру кылайып көрүнүп, көрүнө электе, ага чагылышкан бийик чокулар өзүнөн нур чачыратып, ары кирсиз тунуктугун, ажайып коздугун бул жашоого

арнаганына сыймыктангандай, менменсине көк менен бой тирешет. Күндүн чыгышы да, батышы да алп тоолордун алабында өзгөчө бир кайталангыс коздук. Алыскы мунарыктагы чоктой кызарып турган эбегейсиз кең аймакка аппак толоор айкашып, кызыл өңгө ак кирингендей туюлуп, атайын суктана тиктеген адамдын жүрөгүн болкулдаткан сезим, көкүрөгүн көркке бөлөп, не бир ажайып коздук ичине батпай, канын тээп ички туюм серпиле, эргитип толкутпай койбойт.

Ал эми сырдуулугу эзелтеден бери мөңгү баскан тоолор ак кар көк муз жамынып мелтиреп, бир нече күнгө көз ачырбай, бүт аймакты тоңдурган ызгаар-бороондон башка жашоо жоктой, дүйнө ушул катаал көрүнүшү менен бүтүп, түгөнүп калчуудай ушул катаалдыкты көрүп турган адамдын айласын кетирип, ого эле зарыктырып, мукураткандай сезилет. Сырттагыларга, бирин-экин бара калгандарга ушундай көрүнгөнү менен алп тоолордун кучагында өмүр өткөргөн жергиликтүүлөргө тоодогу жашоо ары сындуу да, сүйкүмдүү да көрүнүп, ар дайым камкор энедей өзүнө тартып турат.

Катмарланган кылымдардын белгисиндей болгон мөңгүлүү тоолордун ичинде, жылдын төрт мезгили өкүм сүрүп, өз милдетин өтөгөн соң, сыйлуу коноктой улам орун алмашып турат. Жайында кыштын каарын кайталаган көрүнүшү, чыргоолонгон бөбөктүн бирде ыйлап, бирде күлгөн кубанычындай бир күндүн ичинде бир нече жолу кайталанган катаалдыгы ары табышмактуу да ары жагымдуу да. Наристенин көз жашындай мөлтүрөгөн тунук тамчылар миң-миңдеп тымбай чогула келип таамп, улам бир-бирине бой кошо булакка айланып, тиш какшаткан муздактыгы, таңдайды такылдата тамшандырган даамы,өмүр бою эстен кеткис таасири менен таткан адамдын көңүлүндө уюйт. Миңдеген булактар ийип, кан тамырдай бири бирине кошула, тентектенген тоо суусун көбүртүп, энтеңдеген бойдон төмөн шоктоно, секирип агып, мелтиреген аска-зоого жан киргизе жаңыртып, сала-салаа болгон коктуларды шаңга бөлөйт. Суу бойлото эчендеген тал-теректин түрлөрү көктөп, алардын ар бир бутагында безелене сайраган канаттуу куштар байырлаган. Ар жылга сайын арча, кайың четин, чегедекке аралаш башка тараптарда кезикпеген жапайы дарактардын түрлөрү арбын. Бийик аска-зоолорду, жыш токойду мекендеген жырткыч жаныбарлар, кайберен, илбесин-дердин бардык түрлөрү бар. Кууш-капчал, баш-аягы билинбей

узакка созулган дарыялардын төрлөрү биригип тоолуктардын көчүп-конушуна өзгөчө ыңгайлуу. Жылга-жыбыт салкын жайда, эрте жазда чыккан жашыл тулаң, кеч күзгө чейин жашаң тартып турат. Төрт түлүккө жагымдуу болгондуктан жайыттын ыңгайына карай тоолуктар журт которушуп, эчен бир кооз жайлоолордо тиричилигин өткөрүшөт.

Алайдын бир өңүрү Кашкар, Чыгыш Түркстан менен туташса, экинчи тарабы Фергана өрөөнүндөгү жакынкы Ош-Өзгөн аймактары менен биригип, эки тараптын каттоосу Алай аймагы аркылуу өтөт. Жайы-кышы кербен каттамы токтобой, соода-сатыктын кан жолу. Салт атчандар Бүлөлү, Терек-Даванын ашып, Ош-Өзгөнгө түшсө, эшек, төө айдаган кербен Нура, Сары-Таш аркылуу Бухара, Самарканд, Хивага жол тартат. Даңазалуу «Улуу жибек жолунун» каттамы Алай тоолорунун ар кыл ашууларын, кокту-колот дараларын тепчип өтөт.

Кубатбек чоң атасы менен бирге жүрүп, ат жалында торолуп, көп өнөргө маш болду. Ата-бала эчен сууларды кечип, ашууларды ашып, кокту-колотторун басып, ыңгайы келгенде тоо ичиндеги эчендеген таңды-кечти бирге тосушуп, жылдыздар менен сырдаша, даван этектериндеги тоолордо бирге түн күзөтүшкөн. Кээде зарыл иште, шашыла жүрүш боло калганда, кыска жолго салышып, бир- эки күндү үнөмдөөгө жетишишчү. Ал жолду жергиликтүүлөрдүн айрымдары гана билбесе, жолоочулар тургай Алай аймагында жашагандардын көбү андан кабарсыз эле.

Кубат кичинекей кезинде, чоң атасы менен Кашкарга сапар алып баратышып, Үч-Чатка жакындаганда, Кош-Мойноктун үстүнө түшкөн нурду көрүшкөн. Чоң атасы атынан түшө кала, жанына небересин отургузуп жаратканга жалына, кырааты менен куранды окуп, ата-бабалардын арбактарына, мазар-машайык олуяларга арнап бата кылган.

-Куттун касиети улук, уулум. Ал сүйгөн пендесинин гана көзүнө көрүнөт.

Төбөдөн төгүлгөн нурду көрүп, чоң атасынын шашмалай, аттап ооп түшүп, атайлап отуруп, астейдил куран окуп, жакшы тилектерди айтып бата кылышы, аны таң калтырды.

-Чоң ата, анын сүйгөн пендеси сизсизби?

-Мен болсом, болоормун. Бирок, ушул күнгө чейин мага жолуга элек. Сен болуп калышың да, мүмкүн.

-Мага кантип жолугат?

-Аны кут деп айтат. Кут түшкөн жерде да, кут конгон адамда да береке-байлык артат. Ага жоолуккан кишинин бактысы ачылып, оомадысы жүрөт.

-Оомат деген эмне?

-Оомат дегени жакшылыктар ага келип, иши оңолот. Башына дөөлөт конот. Бакты-таалай, түбөлүк жыргалда жашайт.

-Экөөбүзгө кут түштүбү?

-Кут Нурташка түштү. Бул жерди эл бекеринен «Нурташ» атабаган. Дайыма кут түшкөн жер.

-Кут деген кандай болот?

-Кут деген кочкул кызыл түстүү, ээриген коргошундай көлкүлдөгөн зат делет. Аны күнөөсү жок, таза жүргөн киши гана алып, колуна тиер замат катып алуусу тийиш. Эгерде ниети бузук адамдын колуна тийсе, ал коргошундун «богуна» айланып калат имиш.

-Аны, катып алып, эмне кылат?

-Ал адамдын жаны, өмүргө кубат берүүчү күч. Ар дайым кырсыктан сактайт. Элге тынчтык берет.

-Жүр анда, түшкөн жерин таап, элге тынчтык болсун дейли.

-Түндөсү зоо аралап, кайсы жол менен барабыз? Мейли, жерге кут түшкөнү элге берекенин болгуну. Уулум,жакшы жүрсөң кут колуңа тиет. Ошол үчүн Нурташтан кол айрыба. Бул жер мазар-машайык баскан, эчен олуя түнөгөн касиеттүү жер. Ушул жерди турак кылсаң, ишиң оңолот. Ойлогон ой-максатың ишке ашат. Башыңа бакыт кушу конот.

Небере чоң ата экөө бактылуу күндөрдү самашып, жол улап баратышты.

***

Ош-Мадыдан чыккан жолоочу Алайга карай багыт алып Лаңгарга келгенде, Кабылан-Көлгө бурулуп, Таканын-Бели аркылуу Шилбилүүгө чыкса, экинчи тарабы Бек-Жардан, Талдык-Чыйырчык аркылуу Гүлчөгө түшөт. Ал эми Талдыктын-Белине кетчү жол ары татаал, ары опурталдуу эле. Кууш дара аркылуу жалгыз аяк жол, аккан сууну тепчий Кичи -Алайга жетет. Ал жолдо аттын аты гана каттабаса, көрүнгөн улоо менен жетүү кыйын. Айрым тар кыялардан «Алда кудайлап» жакасын кармап, салт атчан калтырап-титиреп өткөнү менен арчалуу жыш токой ичинде

жапайы жырткычтар байырлап, бирин-жарым, же жалгыз жолоочуга жол бербей маарып, тоготпой, кайтууга аргасыз кылат. Төбөсүнөн асман гана көрүнгөн, өтө эле кууш-кабышкан капчыгай ичинде жолдун билинер билинбес тому болуп, ар коктудан окторула түшкөн суу, кечүү бербей жолду тороп, тарам-тарам боло бөлүнүп турат. Жер сырын билбеген жолоочу көп коктудан жол таппай, башка туюк, мукур жылгаларга бурулуп, андан кемер-жар, аскаларга такалып, кайра кайтууда изинен адашып, келген жолун издеп аябай убаракерчилик тартып, башы айлана эчен бушайман да болушу мүмкүн.

Жылга-жыбыттуу, кокту-колоттун баштары эзели мөңгү кетпеген, кайберен буту жетпеген ак карлуу тоого, көз мелжиген бийик зоого такалат. Чыйырчыктан уланган жылгалардын бир тарабы Ак-Ойго кетсе бир тарабы Теке-Секирик, Оро-Дөбө, Нурташ Күн-Электин башы, Чоң Жолборсту, Кичи-Жолборсту, Кежигенин, Кызыл-Алайдын башы менен Чоң-Талдык-Дабанына уланып, Сары-Моголдун башынан кайра тартып, Кожо-Келен, Турукка жетип, Ак-Бууранын алабынан Ноокаттын тоолоруна улана, кайра эле Кичи-Талдыкка түшөт. Нурташтын башындагы Жолборстунун төбөсүнөн Жыландыга өтүп, Үч-Чаттын желкесинен түшөт. Адам буту араң жеткен ал жерде, баш-аягына узатасынан созулуп кеткен, беш-алты чакырымга жетээрлик ой, тоо ичиндеги аралды түзөт. Шарты татаал. Көзгө комсоо, эч ким барып-көрбөгөн жайлоо, бөтөндөр туйбаган элсиз аралдай, башкаларга белгисиз. Ал жайга бара турган адамга, эч бир зарылдык жок болгондуктан, аскалар менен бой тирешкен кучак жеткис арча-кайыңдар ышкындын боткогундай шыңга байлуу, анын төбөсүндөгү беттердеги жыш жапалак арчалар тоонун бетин бербей, кою өсүп, күнгөй-тескейлердин баш-аягын ээлеп сыдырым соккон шамалга бурала, толкуп турат.

Отун-суусу мол, булут каткан мезгилде да улоолорго жайыттуу, жай саратандын сары күндөрүндө да башынан ала-булут кетпей, кээде мөндүрлүү өткүн өтсө, ага кошул-ташыл добуул төгүп, кайра эле нөшөрлөгөн жамгыр жаап, этеги карга айланып барып, кайра эле жаш баладай жарк эте күн күлүңдөп, ачыла кетет. Аба ырайы бир күндүн ичинде эле эчен түрлөнө, өзгөрүлүп турат. Катаал шарты болсо да, арча токою жыш, жапайы жаныбарлар үчүн пааналоого ылайыктуу жай. Аны жакшы билген бек, тандалган эки жүз ашык жигитти, жалгыз аяк тар жолдо, чуурутуп баштап келди.

Тээ аяк жагы Ак-Ой, Чыйырчыкка чыккан узун жылганын баш тарабы, капчалдуу дарагы жетип-жетпей барып кайра уланат. Дараны так экиге бөлүп, ортодогу сууну бойлой жүргөн жалгыз аяк жол, баш-аягына чейин суу менен чырмалышып, көп кечүүлөрдү тепчип өтөт. Ат аягы араң баткан, асман гана көрүнгөн опурталдуу даранын үстү тарабы мелтиреп, ого эле бийик. Кабышкан зоонун беттеринен кайберендер гана кыялап өтпөсө, учкан канаттулардан башка эч бир жан бара да албайт. Барган учурда да сарсанаа тартып жашоодон түңүлгөндөй эле болот. Күндүзү булуттар менен бүркүттөр каалгып учса, түнкүсүн жылдыздар гана көрүнгөн кууш дара ичинде, бири-биринен чылбыр бою куйрук улаш, ээрчише бастырышкан салт атчандар, кайберендер басып, из кылган жолдун тому менен жандарын оозго тиштешип, үйдөй, төөнүн белиндей, кодурайган бийик таштарга кысыла, араң өтүп баратышты.

Тээ төмөн тарапта, аска чапчып шар аккан тоонун суусу, өзүнүн өктөмдүгүн сездирип, даранын ичин жаңырта күркүрөп-шаркырайт. Такасы ташка тийип, «чак» эте учкун чачыраткан ат туяктары, жантык жолго араң батып, урчуктуу аскаларга сүрүлүп, аяктары калтырай аяр кадамдайт. Бийиктеги абанын түтөгүнөн улам, алардын улоолору өпкө кагып «быр-быр» эте демиге, «күрс-күрс» жөткүрүшүп, улам токтой соолуга энтигип, илгери кадам шилтөө даабай коркушуп, аярлана жер тандай денелери титирейт. Башты айланткан тар кыяда ат бастырып көнүкпөгөн айрымдары көздөрүн жуумп, ээр кашты бекем кармап, күпүлдөгөн сууну тиктөөдөн айбыгыша, ат тизгинин бош кое беришкен. Чоочун караандардан селт эте үрккөн, бийикте жүргөн кайберендердин туягына илешкен таштар төмөн кулагандан улам, жигиттер элтеңдей, эки тарабын кароого даашпай, жердин көркү да, кенен жүргөн кайберендердин караандары да, эстерине келбей калтаарышат. «Мерчемдүү жайга качан жетебиз» деген ой-санаадагы атчандардын ээрчишкен караандарынын баш-аягы узак. Сойлогон жыландай болуп, акырын өрдөп жылып бараткандардын оюнда капчал-дын ичи түгөнгүстөй, ого эле узак. Күн-түнү жүрсө да жетпөөчүдөй сезилди.

Таң эрте менен Мадыдан аттанган салт атчандар кеч ире-шире күүгүмдө, болжогон жайга жетип келишти. Алды атта-рынан оонай түшүп, шалдая жатып калышты. Илбериңкилери тердеген улоолорунун басмайылдарын бошото, тизгиндерин каңтарып,

чылбырларын улаштыра кермеге «калмак байлоо» кылып чалышса, анча-мынча атта жүрө албаганы талыкшыган денелерин жаза, күүгүмдөгү жалаң эле кабышкан зоолорду айландыра тиктеп араң отурушту. Эт бышым убакыт өткөн соң, арткылар араң кыбырап жете келишти. Аңгыча, тоо шартын жакшы билгендер ар-ар жерде төөнүн белиндей болуп, чөгүп жаткан арчалардын дүмүрлөрүн кулатып келишип, ортого алоолонто от жагышты. Чатырап күйгөн арчанын учкундары улам учуп, бая кысыла отургандар кетенчиктеше.төрт-беш жайга от тутантышып кенен жайгашышты. Ойдун ичи жарып, кабышкан аскалар алоолонгон отко толду. Бийик тоонун төбөсүндөгү миң сан жылдыздар жымыңдашып, келген меймандарга таңыркап куттук айтканы биринен-бири өтүп, улам жакындап келе жаткандай, кол созушса эле жетүүчүдөй болуп туюлду. Чаалыккан аттар каңтарылган бойдон жагылган от тарапты карап коюшуп, бири-бирине сес көрсөтүшө, тебишип-кагышууну унуткандай, жоош турушту. Жылдыздарга жанаша жайдагы алоолоно жагылган отту тегерене отурган жигиттер, чалыккандарын эстеринен чыгарыша, тамашалай каткырышып, обон созо ырдап киришти. Улам ыр уланып, алым-сабак айтышуу күчөп, аска–тоо ичи шаңга бөлөнүп, мурда болуп көрбөгөндөй жаңырыкка толуп турду.

Таң каракчысында турган жигиттер ала келген азыктарынан тамактанышкан соң, элүү башылар көрсөтүлүп,эки жүз башы төрт топко, бөлүндү. Бет-маңдай тургандарга бек бул жерге келүүнүн максатын айтып берди.

-Максатыбыз баарыңарга түшүнүктүү. Элибиздин башына оор мүшкүл түшүп, жоо улам-улам каптап алкымдап турат- деп сөзүн баштады. Ага тигилишкен көпчүлүк, тук этпей, ар бир сөздү сая кетирбей, кунт кое угууга аракеттеништи. Биздин жоо тосууга күчүбүз жетпестигин кармаш ырастады. Туурабы?

-Туура! –дешти көпчүлүк.

-Күчүбүз эмне себептен жетпеди!

Бет маңдай тургандар тунжурап, үн катышкан жок.

-Кана сен айтчы? –деди бек маңдайында турган жигитке.

-Ар бир уруудагылар бир учурга келе алышпай, чачыранды болуп калышпадыбы?

-Дагы?

-Курал жагынан таңсык экендигибиз айгиленди.

-Дагы?

-Ар уруу бөлүнүп, бири-бирибизди колдой албай койдук.

-Душман эмнеликтен күчтүүлүк кылды?

-Алардын саны көп экен.

-Туура. Алардын саны көп. Куралдары шайма-шай, бирин-бири колдошту. Эң негизгиси аларда биримдик бар. Согуш өнөрүнөн артыкчылыктары бардыгын байкадык. А биз бириге албадык. Биригүү оюбузга да келбеди. Эмне себептен? Уруу-топ башчыларыбыз тынсынышты. «Мен жок, жеңип көрүшсүн «Мен барып ага кошулбайм. Ал мага келсин»- деген, өзүнүн жеке кызыкчылыгын ойлоду. Ушундайбы?

-Ушундай- дешти көпчүлүк кайталап.

-Өзүбүздөн кеткен катачылык, өзүбүзгө сабак болушу керек. Ошол кемчиликтерди жоюш үчүн уруш өнөрүн үйрөнүүгө ушул жайга чогулуп келдик. Ар бирибиздин биринчи милдетибиз башчылардын сөзүн угуш. Аны так аткарып, ынтымакты бекем сактоо. Экинчиси биримдикте уруш өнөрүн так үйрөнүү. Аны пайдалана билүү. Кана, кимде суроо бар?

Топтогулар чар жайыт кобураша, сүйлөшө башташты. Кээлери катардан чыга жөнөдү. Аларды тиктеп турган бек, сабырду үн каты.

-Токтогула! Мен силерден суроoңорду күтүп жатам. Тарагыла деп, айта элекмин. Суроо барбы?

-Бек менин сөзүм бар- деди алыста турган бирөө бакылдай

-Айт.

-Бизге, уруш өнөрүн үйрөнүүнүн не кереги бар? Ата-бабабыздан бери жоокер болсок. Биз быякта жүрсөк, душман келип, ээн калган элди талап кетпейби? Кыргыз баласы кантип эле, найза сунганды, кылыч шилтегенди билбесин? Кара келтек менен дале карышкырды чаап алып жатпайбызбы?

-Сен канча карышкыр чаптың?

-Карышкыр мага жолуга элек, жолукса чабамын.

-Карышкыр сага өзү келмек беле. Келтегиң жокто жолукса кантесиң? –деди жанаша турганы.

-Кубалап жүрүп жетсем, куйруктан алып, чатка басам.

Карышкыр сага куйругун карматып койбойт. Үйдө отуруп, мактанба деп тескей кетти.

-Сөзүнө караганда, эр жүрөк эле көрүнөт деди бирөөсү.

Чар жайыт сүйлөгөндөрдү тыя, бек сөзүн улады.

-Дагы да эскертемин. Силер, бүгүндөн баштап аскер адамысыңар. Барыңардын укугуңар да, милдетиңер да бир.

Силерди тескеген он башыңар болот. Ага каяша айтып, тапшырмасын аткарбай койгондор жазаланат. Ар бириңдин жүрүш-турушуңарга он башы жоопкер. Силердин күн сайын аткаруучу милдетиңер алдын ала эскертилет.

Суроо берген жигитке жооп берейин. Элди ойлогонуңа рахмат. Ар айылдын жигиттери өз алдынча машыгуу өткөрүүгө киришишип, ошону менен катар элди коргошот. Ал эми силерди, алардын ичинен тандап алдык. Эртеңки аскер жетекчилери-уруш өнөрүн үйрөтүүчү жана урушка баштап жүрүүчүлөр силер болосуңар. Силердин ар бир кыймылыңар, көзөмөлгө алынат. Өнөргө маш болгонуңар айылыңарга барып, жигит топтоп, өз билгениңерди аларга үйрөтөсүңөр. Ар бир күн эсептелүү да, жоопкерчиликтүү да. Уруш өнөрүнүн ыктарын өздөштүрүүдө чабалдык, же ыкшоолук кылгандар, жалкоолонгондор аскер тартибинин эрежеси боюнча жазаланат. Биринчи ишиңер кылыч таптап, чокмор согосуңар, аттарга така даярдайсыңар, үзөңгү, ооздурук, того, соот жасайсыңар. Уктуңарбы?

-Уктук– дешти жабыла

-Кунт коюп уккула! Жоокер кыраакы, сезимтал жана күчтүү болуусу тийиш. Сарамжалдуулуктун пайдасы тийсе тийет, зыяны жок. Силер үйрөнүүгө келгенден кийин, бою-башыңарга карап тыкан, таза болгула. Куралдарды пайдаланууну, жаа тартууну, ат үстүндө, жөө алышууну,найза сунуп, кылыч чабууну, ай балта чаап, чокмор, шылк этме, союл шилтегенди, калкан менен тосууну, чалма ыргытуунун эрежелерин так өздөштүрүүгө көнүгөсүңөр. Алышып-күрөшүүгө тасыгасыңар. Бүгүнкү тапшырма. Окуу башталганга чейин, баскан-турган жерлерибизди иретке келтиребиз. Машыгуучу аянттарды даярдайбыз. Темирден башка куралдарды, өз колубуз менен жасоого көнүгөбүз. «Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат»- демекчи ээр чаап, аны каптоону, куюшкан, көмөлдүрүк, жүгөн, басмайыл өрүп, көктөөнү, тери ийлеп, бышырууну ар бириңер өз колуңар менен бүткөрөсүңөр.

Азык-оокат жагы кандай болот деген суроо туулушу мүмкүн. Эт азыктан кем болбойсуңар. Ар бир өнөр билгендер ишке бөлүштүрүлүп, калгандар үйрөнчүк шакирттике, жардамчылыкка бекитилет. Темир иштетүүчүлөргө да, ушундай талап коюлат. Ата-бабаларыбыздан тартып жакшы билишкен. Жерибиз уюткулуу. Ар кыл кенге бай. Темир эритүүчүлөр, көмүр иштетүүчүлөр, баарың эртеңден баштап ишти баштайсыңар. Биринчи ишиңер кылыч

таптап, чокмор согуу. Аттарга така даярдоо. Ат жабдыгындагы темир буюмдар: үзөңгү, ооздурук, того, соот, куяк, тарткы согосуңар. Элибиз эл коргогон азаматтардан аянбайт төрт түлүктү топтоп, эртеңден баштап айдап келе башташат. Бүгүн оң тараптагылар басып келген жолубузду баш-аягына чейин оңдоп-түзөп бүтүрөсүңөр. Ал эми сол тараптагылар мына бул жаткан ойду таштардан арылтып жер түзөйсүңөр. Баарыңар билип турасыңар бизде азыр керки, чукулдук жок. Бирок кудай берген кайберендердин мүйүз, сөөктөрү арча, кайыңдардын бутактары арбын.

«Көптүн иши көл»- демекчи, иш илгерилей берди. Кодурайган таштар оңторулуп, үйдөйлөрү аңтарылып, жол баш-аягына чейин кеңейтилди. Ат чабым аралыктагы таштар майдасына чейин терилип, ойду жээктете тизилди. Тоонун топурагы айдалгандай жумшарды. Ар жерге коргон курулуп, тамак даярдоочу ашпоздор, темир согуучу дүкөндөр, жыгач, тери иштетүүчү канаалар, чалыккандар эс алуучу, уктоочу жолум үйлөр, алачыктар тигилип, аянт чакан конушка айланды. Жоокерлерге арналаган короо-короо кой, үйүрлүү жылкы, кара малдын алды келе баштады.Машыгууда тыным болгон жок. «Эл ичи өнөр кенчи» -демекчи, найзакер, чалма ыргытууга маш, жаа тартууга чебер, кылыч чабууга устат, алышып-күрөшүүгө илелүү, темир ийлеп, така сокхондор ал тургай жебе учуна жеңил темир кийгизген чеберлер чыгып, билген өнөрлөрүн үйрөтө башташты.

Жайлоо Үч-Чат аталганы менен ар жылганын кокту-колоту арбын эле. Жигиттердин колу беш колотко бөлүндү. Ат оюндары, жөө кармашуу, союл, найза өнөрүн үйрөнүү, жаа атуу, кылыч чабышуу, чалма ыргытуу, алыш-күрөш жана башка шамдагай, чапсаң-эң негизгиси коргонуу ыктарына көнүгүү болду. Ар бир жоокер бир өнөрдү так аткарган соң, экинчисин үйрөнүүгө жиберилет. Жигиттердин машыгуусунан улам Тар- Конуш, Узун-Жылга, Чап-Жылга, Туура-Жылга, Кемер-Жылгалар такырайып, Кара-Жылгаларга айланды. Аска-зоолорго чыгуу, тоо бетинде, түздө кармашуу өнөрлөрүнө тасыгышты. Бек ар бирине өзү кошо катышып, жоокерлер менен бирге жүрдү. Кулбай баатырдын айткандарын ал эсинен чыгарган жок. Күн сайын жоокерлер эс алганы чогула калганда, карыянын айткандарын ойрот аскерлеринин туткан эрежелерин, тартибин, аларга күндөлүк коюлган талаптарды майдан талаасындагы биримдикти, уруштагы

бирдиктүү аракеттердин аткарылышын, кайра-кайра талап кылып, эскертип жатты.

Жоокерлер тыным албаган машыгууда ат үстүндө, жөө курал кармоонун, аны пайдалануунун, коргонууну ыкмаларын өздөштүрүштү. Алардын аттары да үйрөтүлүп, күн кур эмес таң ашырыла суутулган сайын, табына келе баштады. Машыгуу натыйжалуу болуп жатканын сезген жоокерлер жан аяшпады. Катуу коюлган талаптарды так аткаруу аракетинде болушту. «Чабуул», «толгомо», «качырткы», «ит уруш», «көз байлоо», «куугун», «кол байлоо», «буктурма» жана башка толгон токой согуш оюндары өткөрүлүп, ар бир жоокер кайра-кайра сыналды.

-Үйрөнүүдө канчалык көп кыйналганын, кармашка машыкканын, айкашта аныкталат. Ар бир кыймыл аракетиң, өзүң үчүн ишенимдүү болот– дейт ал жоокерлерине эскертип .

Бек аскадан аскага таш көтөрүп чуркап өтүү, таш ыргытуу, союлду мээлеген жайга тийгизүү, чуркоо, сойлоп жүрүү, кол жеткен жерге бутту жеткирүү боюнча мелдеш уюштуруп, бардыгын өзү жасап, ар бир жоокерден аны талап кылды. Аткара албай, жыдыгандарын кайра үйрөтүүдөн чаалыкпады.

Ар айылдан келген усталар ишке салынды. Токойдогу арча, кайың, тал кыйылып, буюм-тайым сакталуучу амбарканалар, устаканалар, жоокерлер жайлай турган жайлар салынды. Тоо-таштардан көмүр казылып алынып, жакынкы жайлардагы аска-зоолордон темир, жез, коргошун ээритилди. Темирден кылыч, шамшар, айбалта өңдүү согуш куралдары, жыгачтардан жаа, калкан, найза жана башкалар жасалып жатты.

Денесинин кызыл-ала болгонуна карабай, жигиттер менен кармашып жаткан бейтанышты байкаган бек анын жанына басып келип, бир топко тиктеп турду. Эти ооруганына карабай өжөрдөнө «каршылашы» менен одоно кыймылдап олдоксон «кылыч» шилтей, жалтанбай кармашып жаткан бейтааныш жигиттин өңү ага тааныштай көрүндү. Бек жакындаганда, бары токтой калышты.

-Жигит сен атайы эле келтек жегени келдиңби? деп суроо салганда, анын жанындагы жигит бектин кулагына ийиле шыбырады.

-Кечээ, биз бошоткон жигит ушул.

-Биздин жигиттер сага, «жаңы көйнөк» кийгиздиби?

Жарадар жигит денесиндеги жарааттардан кан агып, тулку боюн боегонун аңдап.

-Жуунсам эле, кетип калат деп, жооп берди.

Аңгыча көпчүлүк аларды тегеректеп калышты.

-Кимдегендин жигити болосуң? – деди бек

-Өзүмө өзүм жигитмин. Мандикер, жатакчылардanмын.

-Кара жумушка бышкан экенсиң. Колуңда кандай өнөрүң бар? деди бек кызыга

-Кетмен чаап, орок оро алам. Жарадар жигит шыпылдай жооп берип

-Сен Баатыр акенин уулу Алыке болуп жүрбө?

Бейтааныш жигит, кулагына ишенбей турду. Каршысындагы адам кандайдыр тааныш ысымды айтканынан улам, кайра ага суроо берди.

-Баатырдын уулу Алыке экенимди, сизден гана угуп турам бек?

-Кайдан бул жайга келип калдың?

-Кечээ жигиттериңиз мени «таап алышкан».

-Кыргыздын жигиттери эмне, талаада чачылып кеткенби?

Тамашага, тамаша менен жооп алганга бейтааныш өзүн эркин сезип, кашкая күлө сөзүн улады.

-Баатырдын уулу Алыке экенимди кайдан билдиңиз?

-Өңүң, турган турпатын, ал тургай кыймылың да, айтып турбайбы.

-Алар сизге, ким болот? Бир чети бектин сөзүн тактамакка, экинчиси анын сөзү кулагына жагымдуу угулганынан улам, кайра суроо узатты.

-Эй жигит, сен кууланып жатасыңбы? Мени унутуп койдуңбу? Бек кайра буйдалана, сөзүн оңдой кетти. –Ооба, сен анда жаш элең. Капыстан жоо тийип, айыл чачыраган. Эл тозгон. Бирок, эл баатырынын сөөгүн ардактап жерге беришкен. Ошондо сени, мүрзөгө кошо алып барышканы эсиңде калды беле?

Жарадар жигиттин башы айланды. Ошол кез бүдөмүк эсине түштү. Бирок, маңдайындагы бектин ал жерде болгонун кыялына келтире албады.

-Так айтып жатат. Эсинен чыгарбаганына караганда акылы тунук адам го-деди ичинен ойлоно. Билет экен, тааныды. «Өңүң, турган турпатың, ал тургай кыймылың айтып турбайбы»- деп мени атама окшоштурду. Көрсө, атама окшош экенмин да? «Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн» деген сөздүн маанисинин тереңдиги ушундабы? Ал сөз бекеринен айтылбаган окшойт. Бектин курч көздөрү, өзүн теше тиктеп турганын көрдү. «Алыке,

сен ата баласысың. Эл баатырынын сөөгүн ардактап көмгөн. Ал эсиңде калды беле?» деген сөз улам кулагына жаңырып турду.

-Мен кичинемде, сенин атаң Баатырдай болсом деп, кыялданчумун. Ал кишинин даңкы элде, азырга чейин айтылат. Сени да, эл унутушкан жок. «Баатырдан уул калды дешчү эле? Кайда, кимдин колунда жүрөт экен? Даректегиле ? Аман болсо эр жетип калгандыр. Тапкыла!»- деп туугандарың издеп жүрүшөт. Ал эми атаң жөнүндө биздин топтогулар. «Баатыр бизге аталаш тууган. Анын эрдигине карап, элдин баары эле Баатыр деп алышты. Ал эл коргогон анык баатыр. Жолборсту жолборс деп айткандай эле, баатырды Баатыр эле дешчү. Атаң элдик адам болчу. Анын аты элине сыймык. Сен да ата намысына кир жугузба! Же «жетим» аталып, ар кимден кагуу жеп, жеме угуп, жалтак болуп калдыңбы? Атанын уулу пас болбойт. Атаң октой өткүр, кылычтай курч, эч бир жалтанбаган жоо жүрөк экенин эли айтат. Буйруса туугандарыңа алып барып, табыштырам– деп бек шарт-шарт сүйлөп, жигиттерин аралай басты.

Жарадар жигит анын артынан ээрчирин, же бая келген өргөгө кайрылып кетээрин билбей, тумандаган ойго чумуп, көпкө турду. Машыгып жаткандар ар кими өзү менен болуп, ага көңүл бурушкан жок.

Күн жерге тегиз тийгенде машыгып жаткан жигиттер, шаймандарын көтөрүшүп, өргөлөргө келип, жуунганы кокту таманындагы агын сууга карай кетишти. Бир чети жүрөгүн кубаныч бийлеп, экинчи айтылган кабарларга апкаарыган Алике, өзүн коерго жер таппай турду. Өзүн жыйып, бек алдына тик басып келди.

-Бек, ак таягыңыз болоюн. Көзүңүздүн агы менен тең айланайын. Жардамчы кылып алыңыз?

-Чынбы?

-Чын.

-Алайын, Бирок бек аны баш-аягына бир сыйра тиктеп, сөзүн улады. –Эр жигиттин колунан келээр өнөрүнүн баарын үйрөнүп, ушул жердегилердин эң алдыңкысы болгонуңда мага келесиң! –деп ойлоно, кайра суроо бере кетти: -Жаа тартып, кылыч чабышка жөндөмүң кандай?

-Аны үйрөнөмүн.

-Ат үстүндө жүрүп, чалма ыргытууга кандайсың?

-Аны да үйрөнөмүн.

-Эр эңиш, күрөшкө кандайсың?

-Аны үйрөтөмүн.

-Баарын үйрөнсөң, кол башчы болосуң. Колуңдан келеби?

-Келет.

-Өнөр үйрөнүүгө эң биринчи эмне керек?

-Жөндөм, кызыгуу, өжөрлүк керек.

-Ал сапаттар сенде барбы?

-Бар.

-Кандай адам чыныгы жоокер боло алат?

-Эр жүрөк, тайманбаган жана алдастабаган адам.

-Кандай адам жол башчы боло алат?

-Бир сөздөн кайтпаган, акылдуу адам.

-Андай сапаттарды кимден үйрөнөм деп ойлойсуң?

-Жоокерлерден, анан сизден.

-Менде, андай сапаттар бардыгын кантип билдиң?

-Өзүңүз айтпадыңызбы… Жол башчы баардыгын билиши керек - деп.

-Жок, менде көп кемчиликтер бар.

-Сиз үйрөнүүнү намыс көрбөйсүзбү?

-Ошол менин айыптарым.

-Өз айыбын түшүнгөн адам, эч убакта кемчиликтерге жол бербейт.

-Андай деп, сага ким айткан?

-Карапайым эле дыйкан айтчу.

-Ал эмнеден улам айткан эле?

-Үрөөндү эккенден кийин, аны кароону унутпа дечү,

-Акылман экен.

-Бирок, ал өзүн, эч бир акылдуумун деп эсептебеген.

-Макул. Экөбүз мындан ары тууганга сүйлөшөбүз. Үйрөнүүдөн тажаба.

Алыкенин кыялы эргиди. Тууганын тапканына сүйүндү. Буйруса, бек аркылуу туугандарын, эли-жерин табат. Ал жетим эмес. Теги жок кул эмес. Баатырдын тукуму. Элдин уулу.

Кубатбекке жолугуп, кубанычы койнуна батпаган Алыке, башынан өткөргөн окуяны эсине түшүрдү.

***

Салт атчан төрт-беш караан жалгыз аяк жолдо ээрчише келе жатышты. Күндүн ысыгына улам аттар жай басып, чымын-чиркейден улам, шыйпана илелешет. Жол бирде төмөн куюла түшүп, бирде өр тартып, кээде кыялай тоого жармашып барат. Кобурашкан топ күнгөй этегиндеги корум таштарга жете бергенде, маңдайдагы ташка жөлөнгөн адам караанын көргөндөй болушту. Ал караан таш бетинде колу-буттарын кере жөлөнүп, башын жерге сала катып калгандай. Ага кызыккандар шашыла аттарын теминишти. Жакынкы караанга тез эле жете келишти.

Колу-буту керилип, ташка таңылган кыймылсыз дене, ачуу тийген күндүн табына кактала күйгөндүгүнөн улам, кара таштай карарып кеткен. Башы шылкыйып өлүү-тирүүсү билинбейт. Жарылган баш терисинен чекесине карай аккан кан, күйгөн чычаладай болуп катып калган. Көк-ала болгон кабак кашы, жылаңач денеси шишип, ким экендиги таанылгыс. Ууртунан аккан шүйшүң кан азыраак ачылган ээриндери аркылуу көкүрөгүнө таамп, токмок тийип көгөргөн көкүрөгүнө куюлган боюнча катып калган. Сырткы шыбыштан улам, ууруттары бир аз тартыла, кыймылдагандай болду. Карышкан жаактарын ачууга кылган аракетинен, көгөрүп, шишиген беттери оорудубу, акырын онтоп, кургап, жарылган ээриндерин жалоого, тилин чыгарды. Бирок тамагы какшып, нымдалбаган тили эпке келбеди. Аябай эле чөлдөгөнү айкын сезилип турду.

Бир саамга аны карап, таңыркай калган караандар, бейтааныштын денесине чырмалган кыл арканды чарт-чарт кесип жиберишкенде, дене таштан жылбышып барып, жерге сулк жыгылды.

-Ким болду экен?

-Кимдигин билип болбойт.

-Ооба, өңү-башы таанылбайт.

-Аябай сабап, ташка таңып кетишиптир.

-Жо-ок, таңып сабашкандай.

-Мынчалык кыйнагандарына караганда анык мыкаачылар окшойт.

-Ким билет.

-Бетине суу чачкыла! Өктөм үн буйруй сүйлөдү.

Бирөөсү ат үстүндөгү ээр кашка илинүү кол чаначты ала келип,

жаткан дененин бетине жаба-жаба суу куйду. Сулк жаткан дене муздак суунун табынанбы, кургап жарылган ээриндерин титирете оозун тосту.

-Оозуна суу тамчылаткыла!– деди баягы өктөм үн.

Шаркырап оозуна куюлган сууну кылк-кылк жутту. Суудан улам кургаган тамагы нымдашканданбы оозун чоң ачты. Шаркыраган суудан улам аптыга, какап-чакап окшуду. Суу көкүрөгүнө, денесине жабыла берди. Сууланган тили менен эриндерин жалап, башы шылк эте түштү.

-Көлөкөгө алып барып, денесине суудан жай чачкыла!

Экөө-үчөөлөп жанаша жердеги талдын көлөкөсүндөгү шиберге жаткырышып, чаначтагы суудан денесине шар-шар төгүштү. Сулк жаткан дене чыйрала, алсыз башын көтөрдү

-Эй ким деген болосуң?

-Кое тур, эсин жыйсын.

-Аттарды көлөкөлөткөнчө, от чалдыралы. Ага чейин, бул да, эсине келип калат. Кимдигин билели.

Уулоолорунун ооздугун чыгара, отко коюшкан топ, көлөкөгө байырлашты. Чоочун адамды улам бир бирден тиктеп коюшуп, сүйлөшүп отурушту.

-Жана белес ашкан эки-үч караан, ушул жерден кеткен окшойт?

-Бул ким? Колго түшкөн уурубу, же каракчыбы?

-Ууру-каракчыны жазаласа, эл ортосуна алып барышат. Муну жекелете уруп, ташка таңып кетишкендиктерине караганда…

-Эмне болсо да, күнөөлү неме көрүнөт.

-Эсине келсин, териштирели.

-Баари бир, күнөөлүү экенин жашырып, актанат.

-Не болсо да, мусаапырды ажалдан алып калдык. Биз болбосок, акактап, суусап жатып, өлмөк экен.

-Суу тамызганды туйду. Эми эсине келип калат.

-Денесинде сынган мүчөлөрү, билинбедиби?

-Ким билет. Ийлеген кайыштай эле токмоктошуптур.

-Денеси чың экен. Токмокту тоготкудай эмес.

-Жылуу териге орой койгондо, денесиндеги токмоктун уусу дароо кайтмак.

-Аны кайсы эле, жан күйөөрү жасайт.

-Кайдагы бир каракчыга жан тартпайлы. Эсине келсин!

Муздак суудан улам сергигенби, сулк жаткан дене, акырын

башын көтөрдү. Отургандар жабыла анын жанына келишти. Долдое шишиген, бети-башынан улам, көзү араң көрүнгөн чоочун адам.

-Суу, суу бергилечи? деп суранды.

Топтогулардын бирөөсү кол чаначтын оозун кайрый, жаңы эле алынып келинген муздак булактын суусун жуткурду. Чоочун адам сергий, оор дем ала, үшкүрдү.

-Сен, ким болосуң? Топтогулардын бирөөсү суроо салды.

Шишиген беттери менен, суроо берген жакты карап, кобурагандарга бурула:

-Өзүңөр, кимдеген болсуңар?

-Биз деген жолоочубуз.

-Мен дагы жолоочумун.

-Жаныңы жебе. Ачыгын айт. Каракчы, уурусуңбу?

-Мен уруумун деп, ким эле мактана коймок деди, ал мыскылдуу.

-Эй, мунун дымагын. Өлө албай жатып, каяша сүйлөгөнүн айт.

-Каяша эмес. Силер дале, жалган айтып жатпайсыңарбы.

-Эмне деп?

-Эл башына коркунуч түшүп турган чакта, ким эле жолоочу боло калмак.

-Жол жүрүп келе жатсак, жолоочу дейбизби. Мамадани көрүнөсүң.

Чоочун адам обдула, туруууга аракеттенди. Жанчылган денеси катуу ооруду окшойт. Чеке-башын бырыштыра.

-Колуман тартып койгулачы?– деп өтүндү.

-Атаңын көрү. Мунуң жалчы жумшаган, бай баласы окшойт-деп топтун бирөөсү какшыктай кетти.

Шериктери шылдыңдай күлүп калышты.

-Оорулууну жөлөп-таясаңар, сокудай жаныңарга cооп.

-Сен каракчылыгыңдан келтек жеп, ооруган окшойсуң?

-Бул заманда кимдер гана каракчылык кылбайт. Каракчы десеңер каракчымын.

-Ана, оюубуз туура чыкты. Бекер бошотуппуз муну?

-Кайра таңалыбы?

-Таңсаңар таңгыла. Эрдик кылып бошотуп..

-Акетай, мунуңдун тили мурч. Кайра тартпас эр окшойт?

-Сен өзүңдү канчалык сезсең, мен да өзүмү ошончо сезем.

-Сен жалаң эле, каяша сүйлөгөн баатыр окшойсуң. Эч болбосо,

ыраазычылыгыңды да билдирбейсиң.

-Ыраазычылыкты билдиргиче болбой, суроо үстүнө суроо берип жатпайсыңарбы. Сурооңорго жооп бербесем, силерди сыйлабаган болом.

-Ого эле «адамгерчиликтүү» пенде окшойсуң?

-Адамгерчилик кылсаңар түгөтө кылгыла. Менин ачка экеним, силердин оюңарга да келбесе керек?

-Бул шумпай, тамак доолай баштады го?

-Ээн талаада калып, ачка болсо керек. Тамак берели.

-Мени тургузуп койгула?

Топтогулар аны жөлөп-таяп тургузушту. Анын башы айланган окшойбу, турган ордунда бир топко теңселип, анан мүдүрүлө басып, шар аккан сууну улай жөнөдү. Муздак суунун ортосуна кечип барып, агымына денесин тосуп, каткан кандарды жышына жуунду. Ал келгенге чейин, берки топ, көк чөптүн үстүнө куржундагы бышкан эттен жая күтүп турушту. Суунун тамчыларын денесинен шорголоткон чоочун жигит, алардын катарына отурду.

-Кана, алгыла? дешип бирин-бири ызааташкан топтогулар, улуулата устукандарды алышып, булактын муздак суусунан кыдырата ичишти.

Муздак суудан улам, чоочун жигиттин беттериндеги шишиктери бир аз кайтып, жүлжүйгөн көзү, жылтырап көрүнө баштады. Көптөн бери ачка болгондуктанбы колундагы жиликтин этин булка тиштеп, апсыга суугунганын көргөн, топтогулардын бирөөсү.

-Көптөн бери ачка болсоң, эттен аз же. Өзөгүңө түшсө, аш кыла албай каласың. Сууну да ченеп ич.

Анын сөзүн туура көргөн чоочун жигит. Этти майдалай чайнап, сууну да бир эки ууртап, четке чыга берди. Напсисин тыйып, өзүн сыпаа кармаган жигитке карап, беркилер унчугушкан жок. Аңгыча анын денесинен тер кетип, шалдырай отуруп, анан сүзүлө уктап кетти.

-Көптөн бери уктабаган немеге, тоскоол болбогула. Бир аздан соң, күчүнө кирип, сергип калат– деген шеригинин сөзүн туура көрүшкөн топтогулар, жыла баса колдорун жууганга жөнөштү.

-Күндүн табы кайтып, салкындай баштаптыр. Бул жигиттин да уйкусу канып калса керек. Ойготкула, сөзүн угалы-деди баарынан улусу.

Көк чөптүн үстүнө кынтайган жигиттин уйкусу канып, сергигени билинди. Ордунан туруп барып, шар сууга дене башын чайына,

кайра келип, ыраазычылыгын билдирди.

-Ырахмат боорукер адамдар! Силердин жакшылыгыңарды, башым аман турганда кайтарамын. Чамаласам, баарыбыз эле жашташ көрүнөбүз. Үч-төрт жашты этибар албай, теңтуш катары сүйлөшөлү.

-Алдын өзүн жөнүндө айтып бер? деди, топтогулардын бириси.

Ал оор дем алып, бир топко унчукпай туруп сөзүн баштады.

-Атамы Баатыр дешчү. Эс-эс билем. Кийин мени «Баатырдын баласы» деп чакырышчу. Апам мен төрөлгөндө эле өлгөндүктөн, атам ымыркайыман койнуна салып, багып жүрүптүр. Аягым менен басып калгам. Заматта эле, айыл ичи чуру-чуу түштү. Атам ойноп жүргөн мени колуна алып, бийик көтөрө эки бетимен өөп:

-Ойноп, жүрө бер, уулум! Жоону жеңип, кайра келем- деп үйдүн кырчоосунда турган узун баканды алып, атына шап минип, желдире, чаап кетти. Көрсө ал найза, же айбалта болсо керек. Дайыма атамы ээрчип жүрүп, көнүп калган жаным.

-Ата-а, Ата-а! Мен да барам– деп ыйлап, ээрчий чуркадым.

-Алдагы баланы ыйлатпай, бери алып келгиле!– деп айылдагы кемпирлер, мага кошулуп ыйлаган балдарды чогултуп, курут берип алаксытып, кармап отурушту. Ыйлап жатып уктап калыптырмын. Чуру-чуудан ойгонуп кеттим.

-Айланайын эл-журт! Баатырдан айрылдык.

-Баатыр шейит кетти. Эми кайдан табабыз?

-Эсил гана кайраным, эми кайдан табамын?

-Арстан, жолборс эргулум, жетим калды бир уулуң!- деген кыйкырык-өкүрүк.

Сыртка чуркап чыктым. Биздин үйдүн эшиги түрүлүп, туурдугу сыйрылып, сыртында котолошкон көпчүлүк. Мен эч нерсени түшүнбөй, жакын бардым. Мени көрө калган бирөөсү чуркап келип, бооруна кыса:

-Тагдырың ташка тийген жетим ай! Атаңын башын жедиң. Томолой жетим болуп, сагыр аталарың ушул- деп мойнуман жыттап, көзүнүн жашын шорголотту.

-Мен түшүнбөй, көпчүлүктүн арасынан, атамын карaанын издейм.

-Баатыр өлгөн жок. Туягы бар. Буйруса, ата ордун басат.

-Пенде ушинтип өлүп, жоголот тура.

-Жоо сүрөр баатырыбыз эле. Баатыр кетти, Ким калка болот?

-Кайраным, оттон-чоктон кайтпаган, анык баатыр эле.

-Кайдан алдырып, кайдан чалдырып койду?
-Капылет жоо тийип, жалгыздап калбадыкбы
-Жоолукканын ыргыта сайып, шукшурулуп бараткан. Анан эле туурадан, пайлап тургандар каптап, ортого ала, талап кетишпедиби
-Айтам, эки бөйрөгүнө, кыр аркасына, акырекке найза тийиптир.
-Ошондо да, тайманбай жоону качырып жүрбөдүбү
-Берки айылдагылар эртерээк жетип келгенде, өлбөй калат беле.
-Ажал. Ажал деген ушундай. «Кырк жыл кыямат болсо да, бей ажал чымын өлбөйт» деген. Ичер суусу, ырыскысы түгөнүп калган да.
Көпчүлүк кообурашып жатышты. Мени көрүп, байкагандар
-Кайран баланы томсортпой, бирөөгө тапшырып да койбоптур.
-Очок жаңырт десек, жалгызымды бөтөнгө карматпайм деп…
-Эми буга ким карайт?
-Эл бар, жетим да, жетилет.
-Эр азамат болуп, атасындай элди коргойт.
Мен кечээ кемпирлер берген курутту кытый тиштеп, делдейе, ары-бери басам.
-Сагырдын артында изи калды.
-Туягы бүтүн, тулпар жок.
-Баатыр, ушунусуна көп ийрелчи эле. Баласы жоктой, кылбагыла.
-Атакелетип, бир-эки кыйкырткыла. Баатырдын кулагы угуп кетсин.
-Кайдагы жоорукту баштабагыла. Эл, тууган-уругу жоктоп жатпайбы.
-Баланыкы башка. Айрыкча уулдуку башка. Уккан эл да, ыраазы болсун. Артында туягы-уулу бар. Баатыр өлбөптүр дешсин. Өкүрткүлө!
-Ата-деп, атакелеп кыйкыр. Атаң келет- деп бирөөсү көзүнүн жашын аарчый мага келди.
-Ата-а. Атаа! деп ага ишенип кыйкырдым, чуру-чуу андан бетер күчөдү. Атам келе калбаганына ызааланып, бакыра бердим.
-Атасынын бетин ачып, баласына көргөзүп койгула. Акыркы жолу көрүп калсын.
-Кой, бала чочуп калат. Кайдагы жорукту чыгара беришет экен.

-Аталаган баланын үнүн укпай, канчалары арманда кетти.

-Аталаган да жакшы. Кудай-балам, дегизбесин.

-Өх-х. Ажалың курусун. Заманың курусун. Бир кем дүнүйө ай!

-Ата деген бойдон токтобой ыйлап, мазарга чейин бардым. Жайга алышканда, колума топурак уучтатып

-Каниет, баладан топурак буйруптур. Баатырдын арманы болбойт– дешип, үйгө келген соң, көпчүлүк тарап кетти.

Босогону кучактап, күндө атамын келишин күтүп, ыйлай берип, уктап калам. Коңшулар көтөрүп барып жаткырышып, ойгонгондо тамак берип коюшат. Кээде балдар менен ойноп жүрүп, курсагым ачканда үйдү эстейм. Келсем атам жок. Ар ким өзү менен болуп, кээде талаада түнөп калам. Боз үйүбүздү ким алган, аны менен да ишим жок. Кой-козу, торпок-улак айдаткандар бир сындырым нан берип, жумшап калышат. Жыл өтүп, чоңое бердим. Кой кайтарганга жарап, ар кимдин эскисин кийем. «Жалчы, жетим» атка кондум. Ага терикпейм. Курсагым тойсо эле, кай жерде болбосун жүрө берем.

Айылга келген соодагерлер, тоолуктардан топтогон малдарын айдатып, жакага келдик. Ал жерден шеригим экөөбүздүн карды-бызды кампайтышып

-Калаага барганыңда, үстү-башыңы жаңылата, кийинтип-ичинтебиз. Кааласаң каласың. Каалабасаң, келе бересиң дешип, ал жерден топтогон малдарына кошуп, алдыга салышты. Күнү-түнү эртели-кечтеги салкында, көп малды оттотко нчо, эңкүүлөп келе бердик. Ысыктын күнүндө үстүбүздөгү тонубуз, бутубуздагы чокоюбуз куурап, дал-далынан айрылганынан улам жылаңач, жалаң аякбыз. Акыры бир кечте, калаа дегенине келдик. Айлана дүп болуп, леп эткен жел жок. Чымын-чиркей чыңкылдап, жылаңач денебизди талайт. Биз эмес, айдап келген тоонун малы да, ысыкка чыдабай, жеткен жерде соолуп жатат. Таң дык салганда «базар» дегенине эптеп айдап бардык. Тим эле мал батпайт. Сатармандан аларманы көп. «Бар барака!» дешип кол силкишет. Күн жерге жайылып тийгенче биз айдап келген малдын бириси да калбады. Шеригим экөөбүз куу таяктарыбызды сүйөнгөн бойдон четте турдук. Баягы соодагерлер тапкан пулдарын шашпай санашып, коюн-кончторуна, белдериндеги курларына катышып, делбиреген алапар желектерин кийип алышып, шеригим экөөбүздү ээрчитип жөнөштү. Азыраак жүрүп эле кийим кече, кездеме, тамак-аш саткан базарына келдик. Бир сыйра үстү-башыбызды жаңылаган

болушуп, коон-дарбызга курсактарыбызды кампайтышкан соң, кош айтышып кете беришти.

Шеригим экөөбүз, кечке ар нерселерди таңыркап жүрүп, күүгүмдүн киргенин билбей калыпбыз. Баягы кыжылдаша, баш адашкан базарда эч ким жок. Борпоң топурак, бозоргон чаңды аралай келип, агып жаткан суу боюна ысыктанбы, же чарчаганданбы бут серппей уктаптырбыз. Таң аткыча, чымын-чиркейдин талаганын да туйбапбыз. Бирөөлөрдүн кыйкырганынан улам ойгондук.

-Мандикар, чейрекер алабыз!– деп кыйкырып жатышты.

Биз буюм издеген кишилер экен деп, ага көңүл бөлбөй туруп, кетип жатсак, бирөөсү кайрылып калды.

-Балдар эмне иш кыласыңар?

Анын суроосуна түшүнбөй аңкая карадык.

-Колуңардан эмне иш келет? Курсагыңарды тойгузам, акыңарды берем деди ал.

-Эмне иш болсо да, иштей беребиз– дедик шеригим экөөбүз, ойлонбой туруп.

Ал бизди короосуна ээрчитип келип, алдыбызга нан, чай, жүзүм коюп, сөзүн баштады.

-Азыр шалы отойсуңар. Эртели-кечпи тамагыңарды берем. Жакшы иштесеңер пул берем. Арпа, буудай оросуңар. Аны кырманга ташып, жанчып, кургатасыңар.

Анын сөзүнө түшүнүп, түшүнбөй баш ийкеп турдук. Себеби, бизге шалы отойт, орот, кырман деген сөздөр биринчи угулуп жаткан. Анын айтканынын баарына макулсунуп, баш ийкенибизденби, же кылар ишке акы сурабаганыбызгабы, күмөнсүгөн үй ээси, биздин дарегибизди, келген жайыбызды сурады.

-Тоолук болобуз. Сиздин айтканыңызды билбейбиз. Бирок, иштеп жан багалы– дегенибизди угуп.

-Үйрөнөсүңөр. Жалкоолук, тентектик кылбасаңар эле– деп, шеригим экөөбүздү ээрчитип келип, шалы отоп жүргөндөргө кошуп.

Балдарды ишке үйрөткүлө- деп бирөөсүнө дайындады.

Шериктер менен кошо иштеп, дайындуу жатакана, тамак-аш бардыгынан улам, жумуштун оордугуна көнүп, иштеп жүрдүк. Шериктердин кылганын, алардын айтканын үйрөнүп, көнүп кеттик. Калаа деген тоодой эмес экен. Кышы-жайын иши түгөнбөйт. Кийин кийин ишибизге жараша, акы доолаганды, же алдын ала келишүүнү үйрөндүк. Көңүлгө туура келген жумушту аткарчу

болдук. Кара жумуш, дыйканчылык ак мээнетти талап кылат экен. Жердин сырын, иштин түрүн кылдат өздөштүрдүк. Иш менен алектенүү адамдын денесин чыңап, кубатын арттырып, күчкө толтурат экен. Иш жок учурларда алышып-күрөшүп, күч сынашчу болдук. Менин турган турпатыма карап, көпчүлүк «тоолук» деп аташчу. Жергиликтүүлөрдү «чөлдүк» дечүүбүз. Дайыма мелдеште тоолуктар тарабында болуп «чөлдүктөр» менен кармашып, тоолуктардын намысын талаштым. Айыл арасындагы аш-тойлордо күрөшүп, күч сынашууда, эч кимге мөрөй алдырбадым.

Курама жатакчылар «биздин балбаныбыз» дешчү болушту. Алган соорунду алардан аябадым, тепетең бөлүп берем. Чоң аш-тойлорго чакырылчу болдум. Бирок, ар айылдын, уруу-топтордун бий, бектеринин өз өнөрпоздору, балбандары болоорун билбептирмин.

-Базар бий атасына аш берет экен. Ага алыскы-жакынкы, ага-тууган, куда-сөөк, жек-жаат түгөл чакырылыптыр Түркстан аймагындагы балбандарга кабар берилип, мурда-кийин болбогон байге-соорундар коюлуптур. Ушул тамашаны көрүш керек- деген көпчүлүк арасы ого эле даң–дүң. Аны уккан менин да каным кызыды.

-Ким деген балбандар келет. Алар кимдегендер менен алышып, кимиси утат болду экен? деген суроо оюмдан кетпей туруп алды. Күткөн күн жакындаган сайын эл ичиндеги «миш-миш» божомол да, арбын угула баштады.

-Төө көтөргөн казак балбан келет экен

-Таш көтөрүп ойногон, ногой балбан келет имиш

-Эзели далысы жерге тийбеген түрк балбан чакырылыптыр

-Күрөш милдаттар ортосунда болор экен да?

-Ал эмне дегени?

-Эл дегени. Өзбек, уйгур, түрк элдери ортосундагы балбандар, күч сынашар экен.

-Ээ Кудай! Кыргыздардан кайсы балбан чыгат болду экен?

Каншаар катуулаган сайын, мандикерлер тобу мага келишти.

-Айланайын, кам семиздер карга болуп какылдап, канаттары шакылдап, калп эле шакылдай беришет. Кара тамандардын тилегин Алла Таала кабыл кылаар, кыргыздын намысына бир жарап бер?

-Балбаныбыз баарыбызга чоң жөлөк. Көптүн ортосуна түшөт. Жаман-жакшы түгөл келет. Үстү-башын карайлы.

-Өзүңө чак кийим тиктирели. «Адамдын көркү чүпүрөк» Мырзадан кем кылбайлы дешип, бириси бут кийим, бириси баш кийим, тон деп. эр жигитке ылайык үстү башты тапмак болушту.

Ошол чакта Күрүч-Базарда Базар бий аш каадасына камылга көрмөккө, жалаң Анжиан аймагындагы билерман бийлерди чакырып, кырк ай туяк чалдырып, кырк казанга эртели-кеч аш демдеттирип, ошончо навайга кечке нан жаптырып, андан сырткары Анжиан-Аксы аймактарынан келгендерге өзүнчө зыяпат көрсөтүлүп, оңор эмес мал, эсеби жок жандык союлуп, чоң маареке өткөрүп калды. Маарakeнин биринчи күнү конок күтүлүп, адия жаткырылды. Экинчи күнү ашты кайсыл мезгилде берилээри болжолдонулуп, билермандардын пикири боюнча, күн табынан кайткан мезгилге токтолушуптур.

-Анжиан аймагында күн ысык. Чаң көтөрүлүп жер кайнайт. Каада-салт, аш шаанисин, ат оюндарын өткөрүүдө эл ысылап, чөлдөйт дешип, жыйын-терин бүтөр кеч күз, жер тоң тиштээр мезгилди болжошуптур. Кайсыл оюнга канча соорун коюлары, кандай байгелер ыйгарылары, ал кайдан, кимдер тарабынан алынып келээри, аларды кимдер тескеп, ашты кимдер башкарары, канча үй тигилип, адиячылардын саны, ага кызмат кылуучу дасторкончу, бөкөлчү ашпоз, касап, чайканачылар деги кызмат көрсөтүп, тейлөөчүлөр эсепке алынып. Ал эми казан-табак, идиш-аяк,колго суу куярынан бери бардыгы катталыптыр.

Болгон аракет, келип-келип эле, элдин намысы, журттун ариети делинип, дос-душман ортосунда, коңушу элдердин арасында кыргыздын мейман тосуп-узаткан, сый көрсөтүп ызаттаган, таң-тамашаны өткөрүүдөгү, оюн-зоокту уюштуруудагы каада-адаттарда тартип менен ынтымакты көрсөтүү. Эл бirимдигине көптү ынандыруу болгон. Элдик оюндардын ого эле көп түрүндөгү санаткер, саяпкер, мүнөшкөрлүктү, чеберчиликти, уздукту, берешендикти эң негизгиси балбандыкты, баатырдыкты айкындоо эле. Булар боюнча акылмандар кеңеш айтып, тил безеген акындар сайрап, бүтүмгө келишет. Ал эми үчүнчү күнү, дал ошол эл кастарлаган таң-тамашаны, оюн-зоокту өткөрүүдө баш байгелерди, баалуу сооруңдарды башка-ларга алдырбас өнөрпөздордү, балбандарды, чабандестерди тандоого Базар бийдин балдарынын соорун, байгелери коюлду.

Эрте менен эр алыш, күрөш оюну «Күрүч Базарында» өткөрүлөрү элан болду. Эл быкбырдай кайнайт. Аларды аралап

өтүү кыйын. Баш байгеге урман-турмандуу аргымак баш болгон төрт түлүктүн түрлөрү, өлүү буюм, тиричилик шаймандарына чейин бар. Ортодогу кең аянтта күрөш оюну жүрүп жатты. Балбандар да арбын келген. Аянтка ашыкча адам киргизбей, жалаң балбандарды төрт-бештен жуп кылып, жеңилгенин кетирип, жеңгенин жеңгенче салып, калыстар сынак жүргүзүп жатышты. Убакыт өткөн сайын балбандар тандала беришти.

Күндүн табы кайтып, кеч таяна бергенде, шериктерим мени ортого чыгарышты. Менде жыгылам деген ой жок. Башта көбү менен күрөшүп, пайдаланган айлаларын, колдонгон ыктарын үйрөнгөм. Кечке чейин кезек келишин күтүп отуруп, көбүн жеңип, баш байгеге ат салышып жаткандардын күрөш өнөрүндөгү «так көтөрүү», «жамбашка алуу», «айландырып чабуу», «жыгылып баратып оодарылуу», «тогонек» «серпип ыргытуу» ж.б эрежелериндеги чебердиктерин байкадым. Кара күчтөн да, ал ыкмалар ийгиликке өбөлгө болоруна парасат салдым.

Калыстар, ар бир балбан күрөшкө чыгарда ысмын айтып, кай жердиги, кимдин балбаны экенин, бүгүн канча балбан жыккандыгын даңазалап, майданга чакырып жатты. Мага келгенде.

-Тоолук балбан. Али жаш. Тоолуктардан болот. Бүгүнкү балбандардын, балбанына түшүп жатат– деп көпчүлүккө тааныштыра кетти.

-Бүгүн он эки балбанды жыгып, баш байгеге ат салышып жаткан Арсланбабдык Акимжан бийдин балбаны, Хатамжан балбанга чыкты. Таанып алгыла!– деди.

Хатамжан экөөбүз кармаша кеттик. Ал чыныгы балбан экен. Он эки балбанды бекеринен жыкпаптыр. Күчү мол, көп күрөшкө түшүп, кексесине айланып калганын билдим. Мени, түрдүү ыктарга салды. Жыга албады. Мен жабышкан кене баштанып, анын колтугунан чыкпадым. Акыры жададыбы, эки быкынымдан катуу кысып, өпкө-боорума аралаштыра чабайын дедиби, менин белимдеги белбоону, эки колуна орой кармап, катуу кыса берди. Мен ага чыдап, ар бир кыймылын жаза кетирбей колдорунун бошоно калышын күтөм. Анын кычкачтай катуу кыскан колу улам өпкө-боорума эзе, оңду-солду серпкенине буйдама-ланбай, боюму андан алыстатпай тура бердим. Бир маалда ал, бир тарапка бүтүндөй күчүн үрөп катуу серпкенде экинчи жагы бошоно калганынан пайдаланып, серпиш андай эмес, мындай деп, күчүмүн жарымын пайдалана булка серпкенимде, ал тең салмагын жогото

оой түштү. Жамбашка бутуму тосо, карышкырдын булккан ыгына сала, күч менен серпкенимде, ал туруштук бере албай күү менен жыгылды. Эл ортолукту дуу көтөрдү.

Мен бир аз дем алгандан соң калыстар он төрт балбанды жыккан намангандык Нооман бийдин балбаны Абдыганы балбанга алып келип, учураштырышты. Анын «так көтөрүп» чапкан ыгын эске алып, бутума бүтүндөй салмагымды сала, ага көтөртпөдүм. Бир топко алышып жүрүп, бир учуру келе калганда өзүнүн ыгына сала так көтөрүп, бутун илештирбей чаптым.

Андан соң хожентик, маргалаңдык, кубалык балбандарга түшүп, катары менен ийгиликке жетиштим. Күн уясына батаар маалда Оро-Дөбөнүн балбанына түшүп, аны да жыктым. Мөрөй алганыма мандикерлер ого эле сүйүнүштү. Күрөштү тамаша кылып отургандар, тапкан ташыгандарын чогултушуп, мага ыйгарышты. Калыстар каңтарыла, аса байланып, жабдыгы менен турган аргымакты алдыма алып келишип туура тартышты. Кубанганымды айтпа. Эсиме эчак өчкөн атам-апамдардын элестери түштү.

-Ата-апа! Мен жеңишке жеттим. Уулуңар бүгүн байге алды. Менин ийгилигимде силер барсыңар. Силерсиз мен киммин? Ата-апа?

Апамын элеси жок. Анын кандай аял, кандай эне экенин, өңү-түсү, ыраaңы, бой келбети, көз алдыма келтирейин десем, эч нерсе жок. Атам үрүл-бүрүл чоң келбети, шаптай муруту, барбайган мурду, чоң тебетейи элес-булас эсиме түшкөнү менен жылдыздуу жүзүн, мээримдүү көздөрүн түк элестете албай койдум. Эң жакын адамдарымдын элестери мени менен бирге жашабаганына ызааландым. Жетим экенимди, жалгыз таянар тоом, белиме кубат, жүрөгүмө жылуулук берер адамдарым жок экенине ардандым. Эрдимди кесе тиштеп, алдымдагы ойкуштап, оозун бербеген аргымактын тизгинин кое бердим.

Кечке тикесинен тик туруп, бүткүл денеси уюп, аса байланганына ызаасы келип, эчен бир турган жерин таптай, боштукту, кенендикти, эркиндикти эңсеген аргымак, алып-учуп, алыска-алыска атырылып баратты. Ире-шире, кечки салкында адырмактуу кең талаа, аргымак экөөбүздүкү болуп, бири-бирибизге болгон мамилебиз, билдирер сырыбыз бүдөмүк болгону менен эркиндикти, ээндикти, кенендикти самаган оюбуз бир болуп, башка дүйнө эсибизге келбей учуп бараттык. Аркыраган шамал ат жалында сапырып, менин жүзүмдү аймалап. Кантесиңер, кайда

баратасыңар? деген сымал жолду торойт. Башымды тумандаткан, бир паста ызаага батырган албуут сезим, шамал менен кайдадыр бир тарапка кеткендей болду. Солуга түштүм. Аргымак оозун аяр тарттым. Менин эркиме баш ийбей, ээ-жаа бербей эргип чуркап бараткан күлүк, токтогусу келбеди. Эти эми гана кызып, буту-колу жаңы гана жазылган тулпардын чын дилинен чуркап бараткaнына ичим жылыды. Мойнунан кучактап, көкүл жалын тарап, ысык буу чыккан таноосунан, жоодураган айыпсыз көздөрүнөн, сымбаты келишкен көрктүү келбетинен сылагым келди. Кош аягын бирдей шилтеп, бир калыпта жер таптап, эргип учкан күлүк мен болуп, мен күлүк болгондой туюм, сезимге келе калды. Аргымак үстүндө айгай салып, кыйкыргым келди.

Таноолорунан таптуу буу чыгара, күйүкөнүнөн улам «быр-быр» эте, дем алган аргымакты аяп кеттим. Анын оозун тарт-пасам, ал түк токтобой, аалам кезип, учуп кете берчүүдөй сезилгенинен улам тизгинин тарта, ат мойнун туура бурдум. Күүлөнгөн аргымак мага бой бербей, ойкуштап, тууралаңып, мойнун кейкейте, башын чулгуй, күрс-күрс жөткүрө, таноолорун кере, «быр-быр» эте, текрең сала, токтогонго макулдугун бил-гизгенсип, аярлап баратты. Улам анын соорусунан таптай, жоошутуунун аракетинде болдум. Ал мени түшүнүп, тилими алгандай, буттарын жеңил серпе, улам күүсүнөн жаза, токтоонун аракетинде болду. Демиккени акырындап, улам жортуп барып, басаңдай басып калды. Эңкейип, соорусун сылаган сайын, анын терлеген денесинен колдорум суулана кетти. Күлүктүн оозун чирене тартып, токтогон жеринде андан секире жерге түшүп, суулуктан ала, күйүккөнүн басыш үчүн ары-бери жетеледим. Менин ыгыма көнгөн ат, ооздуругун кемире, мойнун кейкеңдете, катуу бышкырып туруп калды. Аргымактын турпатына суктана улам соорусун, куйрук-жалын сылап, кашыганым сайын, ал мага имериле көнүп баратты. Как куурайды жерден ала, тердеген соорусунан тарта мойнун, көзүн, кулагына чейин сүртө бердим. Айылдагы аксакалдардын адатынча, билбесем да колу-буттарын көтөрүп, бакайларынан бери сыладым. Аргымак да, менин кыймылыма, итиркейи келбей, макул болуп турду.

Аргымактын тизгинин кыскартып, ээр кашка орой, аса байладым да, эс алганы көк чөпкө кыңкайдым. Башым туман-дап, эч нерсе оюма келбеди. Көгөргөн көк асманды тиктедим. Кечки күндүн баткан карааны улам кичирейип, дал ошол барган жердин

үстүндөгү асман чети, а дегенде алоолонуп барып, анан улам боегу суюлуп, кызгылтым тартып, аз-аздан тоого жашына, сөнүп баратты. Бир топтон кийин, баягы агара шоолаланып турган аймак, күүгүм тарта билинбей, анан барып теребелди түн басты. Эми караңгылык өкүм сүрүп, анда-санда көрүнүп көрүнбөгөн жылдыздар улам бириндеп чыгып, коюланып, анан барып, асман бетин бербей толуп кетти. Көп жылдыздардын шоолалары агарып, түн караңгылыгы кайдадыр бир тарапка кубалагандай, жымыңдаган жылдыздардан улам, жер бетиндеги анча-мынча караандар таанылчудай болуп сезилди. Түн чүмбөтү коюланып, тээ алыстагы тоонун бийик чокулары гана үлбүл шоолаланып өчпөй турду.

Аргымактын тери кургап, эти жыйрылгандай. Ээрин алып, ооздуругун чыгарып отко койдум. Ал сугалактана жерден башын албай, оттоп кирди. Чылбыр учун колума ороп, ой туманына оролошуп отурдум. Туулган жерим, тоо ичиндеги көчүп-конгон айылым, чоор басып, согончогум канаган буттарым эске келет. Жылаңайлак шүүдүрүмдү аралап, бүткөн боюмдун суу болгонуна карабай, жылкы тосуп, кокту-колот, ой-талааларды кечип, эликтин чаарчыгын «кармаймын» деген ой менен чуркап жүргөн бала кездерим, көз алдыма тартылат. Балалыгым өткөн айлыма баргым келип, кандайдыр бир күч жүрөгүмдү опколжутуп, өзүнө тартып жатты. Көрсө, «туулган жер, туу казык» деп туулган жерим, санаамды ээлеп алган болчу. Көр тиргилик, жан багыш-тын аракети менен, керээлден кечке иш менен алек болуп, кечинде ырп этээрге ал калбай, уйкуга алдырып, ойго эч нерсе түшпөгөн экен. Капылеттен ийгилик жаралып, аргымакка ээ болгон кубанычым, өзүмдүн бир адам экенимди, асыл-кымбат туулган жерим бардыгын, анда ата-энемди көрүп-билген жек-жаат, ага-тууган бардыгын эске салгандай. Аргымагыма улам суктана тиктеп, анын от алышына алаксып, эки-үч жолу орун котордум. Таң алдын күндүн алгачкы алтын нуру ааламга таркаары менен аргымагыма аяк артып, тоо таяна кетким келди. Миң сан тоолордун кучагынын бир кычыгында туулган айылым, мени зарыга күтүп жаткандай сезим мени курчап алды.

«Жакшы тилек, жарым ырыс» демекчи көңүлүмдү эргитип, көөдөнгө батпаган жылуу сезим менен алп урушуп уйкум келбей жатып, ачык асман, ээн талаада эркин ойго баткан жаным, таң дык салаарда көзүм илинип кетиптир. Кандайдыр шек-шыбадан

уламбы, тоюту канган аргымак, башын көтөрө окуранганынан улам, көзүм пар ачыла түштү. Эки тараптан «дүп-дүп» эте үн чыгып, энтиккен аттарынан оонай түшкөн караандар башымды көтөрүп тургуча болбой, баса кала, колу-буттарымды кайрып, кыл аркан менен байлоонун аракетинде болушту. Алымдын жетишинче аларга каршылык көрсөтүп, аягыма келгенин тээп, баш тарабымдагыларды сүзүп, моюн бербей жаткам.

-Кармагыла! Ушунчаңар туруп, бир караанга чак келбейсиңерби, ашкорлор!– деген бирөөсүнүн өктөм үнүнөн улам, кайрыла бергенимде, оор токмок башыма «былч» дей түштү.

-Теги жок кулду, бая эле ушинтиш керек эле. Сурап алар эч кими жок. Тентиген кул элге теңелип эңишке, эрге теңелип күрөшкө чыгат имиш– деп табалаган сөздөр кулагыма элдир-селдир угулуп жатты.

Колу-буттарым чымырата арканга таңылгандан соң, алар көптөп тепкиге алышып, камчы менен сабашып теридей ийлешти. Калганын билбейм. Эсиме келсем маңдайымда силер турупсуңар.

-Сени сабагандар, кимдер экенин билесиңби?

-Так айта албайм. «Эңишке, күрөшкө чыгат имиш» дегенине караганда, менден жыгылып, ызаа болгондорбу– дейм. «Теги жок, сурап алар эч кими жок кул» дегендерине караганда көптөн бери мени билгендерденби, же мөрөй алдырып, мага кекенип жүргөндөр биригишкенби деп да ойлодум.

-Эмне, аларды издейсиңби?

-Издеп кимисине барам. Мени сабаган кимдер эле деп, кайсы бирөөнө барам.

-Алар сени өлтүрмөк болушкан. Жамандыкка жамандык, өч алышың керек.

-Алардын да кези келет. Кимдер экени ошондо билинет.

-Эй, сен айнып калбадыңбы? Кимдер экенин, кантип айтышат?

-Каракчылар баары бир. бири-бирине айгак болбой кой-бойт. Аманчылык болсо аны да көрөбүз.

-Сен өзүңдү, олуя ойлойт окшойсуң. Жамандыкты эч ким жарыя айтпайт. Ушуну бил.

-Эмне кылышым керек?

-Изи сууй электе, тап.

-Сен туура эмес айтып жатасың. Бул жигит жараатынан айыксын. Күч- кубатына келгенден соң, сен айтпасаң да, өзү билет- деди шериги.

-Сен эмне кыласың? Биз менен жүрө бересиңби?

-Кызык экенсиң. Ээн талаада жалгыз эмне кылмак? Өзү да көптөн бери наар ала элек болсо.

-Биз болбогондо, ысыктын күнүндө ташка жабышып катып калмак. Же ит куш талап кетет беле.

-Сен өзүңдү баатыр көрсөткүң барбы?

-Койгула достор. Силер болбогонуңарда, эмне болоорумду ким билет? Силердин алдыңарда милдеттүмүн. Кызматыңарга даярмын.

-Сен мага жагып калдың. Бекке алып барып тааныштыралы, калганын өзүң билерсиң.

-Ким деген ал?

-Барганда көрөсүң.

Күндүн табы кайтып, күн батаарда жолоочулар жол улашты. Күүгүм талаш алар бектин өргөсүнө жете келишти. Жарадар жигит алар менен бирге өргүп калды. Ал таң атканда ойгонуп, аркы коктуда шаркырап агып жаткан сууга барып, жуунуп, боюн сергитип келди. Өргөгө келсе, эч ким жок. Кыялай басып, аркы кокту тараптагы адамдардын кобурун улай жүрдү. Кыраңга чыга бергенде, бир топ жигиттер бел курчоосуна чейин чечинип алышып, билек суна жулкушуп, белден кармай булкушса, кээлери кулачтай союлду шилтеп, чабышып, жан алакетке түшүп, жатышыптыр. Аркы тараптагылар ортолуктагы мамыга чалма ыргытып жатышса, бир тарабындагылар найза сунуп, жаа атышып, машыгып жатышканын көрдү. Бир топко табырка кылып турду да, аларга кантип аралашып кеткенин өзү да билбей калды. Шамдагайлык менен кармашып, бирде жыгып, бирде жыгылып, сары суу чыккан жарааттарынын канаганына карабай таяк менен чабышкандарга туш келди. Машыккан жигиттерден таяк жеп, этинин оруганына карабай чабышып жүрдү. Көрсө, ал кылыч ордуна суу таякты алып, бирде коргонуп, бирде чабуулга чыккан «кылыччандар» экенин түшүндү.

***

Тээ илгертен калган бир уламышта, темирди иштетүүнүн сырын биринчи тапкан түрктөр, дүйнөгө үстөмдүк кылып кетишип, ал сырды өтө жашыруун тутушкан. Көпкө чейин ал өнөрдү бөтөн элге билдиришкен эмес. Темир иштетүү өнөрү түрктөргө жакын

жашаган кыпчактар, каңгы жана татар уруулары аркылуу кыргыздарга таркаган. Темир усталардын көмөгү аркылуу темир кенин атайлап жасалган меште (горн) темир ээритип, болот чыңоонун сырын өздөштүрүшкөн. Темир кармаган кишини да, түрк эли өзгөчө ызатташкан. Аны иштеткен адамдын ысмы да Темир аталган. Темир устанын уулу көп кылымга чейин темирчинин гана кызына үйлөнгөн. Кийин Эне-Сай, Алтай кыргыздарда жасалган кылыч, бычак, ж.б буюмдары башкаларга караганда сапаты жагынан салыш-тырмалуу эң жогору турчу. Дүйнөлүк соодада кыргыздар жасаган темир буюмдары өзгөчө өтүмдүүлүгү менен бааланган. Бул өнөр эскиден аздектелип, атадан балага мурасталган. Темир усталар айрыкча темирди көп иштеткендер, элге таанымал, барктуу болгон.

Кыргыздар көбүн эсе жаңы төрөлгөн балага ырымдап «Темирдей жаны бек, бышык болсун!», «Темирдей болуп майышпасын» «Темир кармаган атасындай, агасындай, же айыл башчысындай уста болсун!» деп ырымдап ат коюшкан. Оорусу күч алган, же көпкө чейин айбыкпаган баланы темир менен оозантышкан. Балдары турбаган ата-эне да, темирге сыйы-нышкан, убадалашып, шерттешкен. Же нааразыланган каргы-шында да темирди ортого коюп: «Темир ыйык. Темирдин кусуру урсун!– дешип, темирди өөп, ант беришкен. Же ортого коюп карганышкан.

Темир кармоо өнөрү устага ата-бабалардан мурасталган. Аны ыйык көрүшүп, дайыма кастарлашкан. Темир усталар да темир кени кайда, кай жердин темири сапаттуу Кандай буюм жасоого ылайыктуу экенин так билишкен. Устаттар балдарына «ата касмы», «ата кесиби» деп, өнөр сырын үйрөтүшкөн. Чебер устат-тардын колунан чыккан буюмдар сапаттуулугу, бышык-туулугу, ары коздугу менен айрымаланган. Эл арасында темир уста жөнүндө кеп айтылат.

-Кара-Белдин ташын ээритип, Боз-Тектирдин топурагы менен маштайт.

-Башка жактардагы таш көмүр жарабайт. Темир ээритүүгө Кара-Мойноктун гана таш көмүрүнүн табы ылайык.

-Уста иштетип жатканда, темир көлкүлдөп агып турат экен.

-Бөтөн киши кире калса катып калат имиш.

-Ата-бабаларына, темирдин пири-Дөөтү устанын батасы тийген деп, Дөөтүнү эске алышат. Темирдин пири Дөөтү жөнүндө элде

уламыш айтылат.

Илгери колунан көөрү төгүлгөн зергер-уста Дөөтү жашаптыр. Ал кызыл чокко колун салса да, күйүүчү эмес экен.

Темирди камырдай жууруп, түркүн буюм жасоочу. Алтын, күмүштөн оймо-чийме чегүүчү. Баатырларга соот-чопкут, жоо-жарак жасаса, элге алтындан, күмүштөн не бир баалуу буюмдарды кооз кылып туртуулаган Дөөтүнү калкы кадырлап, атагы алыска жайылды. Миңдеген шакирттерге кеңешин айтып, өнөрүн үйрөттү.

-Кылган ишиңерге мактанбагыла Мактансаңар усталык өнөрдүн сыры ачылып калат. Оттогу темирди колуңар менен кармай албай каласыңар– дейт. Устатынын айткандарын шакирт-тери эстеринен чыгарышпайт. Айылдагы карыя алардын ичинен бирөөсүн кепке тартты.

-Балам, усталык өнөрдүн сырларын үйрөнүп алдыңбы? дейт.

-Дөөтүдөн да өткөн, өнөр ээси болдум- деп мактанып жиберет.

Ал жигит эртеси дүкөнүнө келип, кызыган темирди кармайын десе, ысык темир колуна «шыр» эте жабышып калат. Ала көөдөн ошондо гана мактанганына «Аттиң!» деп, бармагын тиштейт. Бир нече күн элден жашынып, айыкканга чейин жүрдү. Анан келип дүкөнүнө кирип, миң алакетке түшсө да, ысыган темирди кармай албай кыйналат. Ошол кезде Дөөтү уста аалам кезип, шакирт-теринин ишин сынап жүргөн. Баягы шакиртине жоолугуп, абалын байкайт.

-Балам ишиң кандай? деп, ишин сурайт.

Шакирти уялып, эч нерсе айталбайт.

-Ит сөөктү кармап, кантип жешин билбейсиңби? деп кете берет.

Шакирт сөзгө түшүндү. Дүкөнүнө келип, ысык темирди кармай турган кычкач жасады.

Ал мактанганын койгондон баштап, иши кайра илгериледи. Көрсө, мактангандыктын кесири тийбей койбойт экен. Эл арасындагы дагы бир айтымда атам замандан мурун илгери Дөөт пайгамбар темирди иштетип, устачылык өнөрдү узанчу экен. Ошондон улам темир усталардын пири-Дөөт пайгамбар аталат. Ал темирди камыр жууругандай эле колу менен ийлеп, ар кандай буюмду жасай берчү. Устаканада шакирти экөө гана иштеген. Ортого парда (туш кийиз) тартып коюп, шакиртине;

-Мен жакты карабай, иште дейт.

Бир күнү шакирти, устаз эмне иш кылып жатты экен деп,

парданы ачып, карай койсо Дөөт уста кызыган темирди колу менен ийлеп жаткан болот. Ошол замат устаты чочуй бакырып, колун силке ташка уруп, устакандан чыгып кетет. Шакирти аркасынан удаа чыгып, таппай калат. Канча күн өтсө да уста келбейт. Шакирти өз кылыгын акылман карыяга айтат. Ага боору ооруган карыя:

-Туура эмес иш кылыпсың. Эми, эл көп жерге барганыңда, жол боюна көмүрдөн бир аз таштап кой. Келген-кеткендердин кимиси көмүрдү алса, ошол Дөөт пайгамбар дейт.

Шакирти аны жасайт. Сырттан келген бир адам, көмүрдү көрүп, аны аяр жерден алып, белиндеги куруна кыстарат. Шакирти ага сүйүнүп  учурашат да, кечирим сурайт.

-Устачылыктын  сырын, биротоло үйрөтүп коюңуз? деп суранат.

-Эми, иттен үйрөн-деп четтеп басып,  ошол бойдон көрүнбөйт, кетет.

Шакирт иттин  сөөктү алдыңкы шыйрагы менен кыса кармап, жегенин көрүп, кычкач жасап, уста болуп калат.

***

Темирди камырдай жууруган Мамат уста күн тыным албай курал согот. Ага мен-менмин деген албеттүү, балбан жигиттер шакиртикке бөлүнгөн. Күндө көрүк басып, дөшү таптап, жарыша узанышканынан улам, жылга ичи «чака-чукка» жаңы-рып турат. Астейдил көңүл бөлгөн жигиттер, тез эле темирчилик өнөргө көнүгүп, анча-мынча буюм жасоого көнө башташты.

Мамат уста пайгамбар жашынан эчак өтсө да, бой-келбети кадымкидей. Кыймылы чапсан. Баскан турганы женил. Өзүн карыдым деп ойлобойт. Бир гана айыбы чачы, сакал-муруту агарып кеткен. Темир ишине зарыккандар өз айылынан эле эмес, конушу, андан алыскы айылдагылардан да келет. Аларга көрүк бастырып, дөшү таптайт. Темирди камырдай ийлеп, зарыккандардын жумушун бүткөрүп берет. Эртели-кеч алтын-күмүштү ээритип, кыз-келиндердин шакек-билериктерин, сөйкө-балдак, өткөрмөлөрүн, бекзада-мырзалардын кештеленген кур-кемерлерин жасап, зергерлик да кылат. Бош боло калганда алыстагы аска-тоолорду кыдырып, башкалар билбеген көмүр-таштарды, күлбото-

топурактарды артынып келет. Анын кай жакка барганын, кайсыл жердин көмүрүнөн, кай таштардын уранды сыныгын, кандай топурагынан алып келгенин эч ким билбейт. Билүүгө да кызыгышпайт. Анткени «Итке темирдин кереги жок»демекчи, башкалар көмүр, таш иштетишти билишпейт да, анын кадырына жете беришпейт. Болгону элге Маматтын амандыгы, зарыгып барганда темир согуп, буюмун жасап бергени эле керек.

Калкына кадыр-барктуу устанын уучу кур эмес. Короосу толо малы бар. Аны айылындагылар «сеники-меники» дебей өздөрүнү-күнө кошуп, сaанын саап, майын топтоп, жүнүн кыркып, кийиз кылып алып келип беришет. Колу ачык уста жетим-жесирлерге кол кабыш кыла, жетпегенине энчи, анча-мынча кыйналганына малынын сүтү менен күчүн берип, эч биринен аябайт. «Бергендин кадырын, бегана да билет»,-демекчи, уста колундагы иши менен да, адамгерчиликтүү пейили менен да элинин сүймөнчүгү. Анын бир эле айыбы, артында калаар туягы жок. Алганы менен кырк жылдан ашык өмүр сүрсө да, аялынын согончогу канабады. Жаш кездеринде үмүт кылышып, жараткан элге окшотуп, «баланы ана берет, мына берет» деп жүрүшүп, убакыттын өткөнүн билбей да калышыптыр. Жубайыны жашы өйдөлөп барган чакта, бала деп зар какшап жүрүп, капылеттен о дүйнөгө кете берди. Өмүр жолдошунун зыйнатын кылып, жылдыгын өткөргөн сон, үйүндө жалгыз калды. Күнү иш менен алек болуп, үйүнө келгенден баштап, жалгызсырайт. Түнү менен уктабай, эшикте басып жүрө берет.

Айылындагы аба-аксакалдар кенешип жүрүшүп, күйөсү казаттан кайтпай калган, жаш жубанды үйүнө киргизип беришти. Эки сынар, эгиз боло, эриш-аркак элге окшоп түтүн булатышып, тиричиликк өткөрүшөт. Уста адатынча атына куржун, кабын артынып, алыскы аска-зоону аралап кеткен.

Коншу айылдагы көпкөлөн жигит мурда эле күйөсү өлгөн келинге кызыгып, сыртынан акмалап жүргөн. Ангыча болбой аны, аба-аксакал устага нике байлатышканын угуп, аябай эле өкүнгөн.

-Карыган абышкага, жаш келин көп эле ийиге бербесе керек. Бир сөзгө алып көрөйүн деп, досторуна мактанат.Көпкөлөн жигит жолоочулап келе жаткан болуп, жол боюндагы устанын үйүнө келет. Алдынан ит авалап, утурлап чыгат. Жигит ат үстүндө үн салса, үйдөн баягы сулуу жаш келин чыга, иймене жер карайт.

-Амансыңарбы? Итиңер кабанак окшойт– дейт жигит ат үстүндө чиренип.

-Шүгүр. Көңүлгө албаңыз. Ит иттигин кылганы– дейт келин.

-Үй ээси барбы?– дейт жигит текеберлене.

-Ээси болбогон да, үй болчу беле?

-Конуп кетсек болобу? деп жигит күлүп сүйлөйт.

-Конорго издеп жүрсөңүз? Түшүңүз? Даам татыңыз?– дейт келин.

Коноктун атын алып, эшигин ачып, үйгө киргизет. Мырза жигит, колундагы курджунду көрсөтүп.

-Кайда илсем болот, келинчек? деп жалжалаңдайт.

Жигиттин бир аз теңсинбей, менменсинип турганын билген келин.

-Сексен баштуу үйдөн, куржун иле турган керегенин башы табылбаса, анда мойнуңузга эле илгениңиз оң– дейт.

Жигит таш тиштегендей туруп калат.

Келин үй ээсинин жогун билгизбей, жигиттин алдына бышырылып даярдалган табак толтура эт тартат. Сөздөн жыгылган жигит, башын көтөрө албай отуруп, жилик мүлжүйт. Жиликтин сөөгүн бычак менен ургулап, чучугун алмак болуп, дасторконду булгайт. Аны байкаган келин, чыгдандан бир табак сары май алып келип:

-Издегениңиз май болсо, сөөк чагып убараланбай, мына бул майдан каалашыңызча жей бериңиз– дейт.

Жигит уялганынан тердеп, май колу менен калпагын карма-лап анын сырты менен бетин аарчыйт.

-Кап, калпагыңыздын да, май жегиси келгендигин, эске албаган экенбиз – деп келин, колуна сүлгү берет.

Кепке сынган жигит аттанып жөнөй бергенде, конгон үйдүн ити арсылдап үрүп, аттын куйругуна асылат. Жигит эңкейе калып, камчы менен дөбөттү башка тартканда, дөбөт каңшылап качат.

-Кой, алапар ыйлаба! Агасы инисин, анча-мынча уруп да, коет эмеспи – дейт.

Жигит коштошмок тургай, лам деп, ооз ача албай, атын теминип кеткенче шашат.

***

Кудай Маматты өнөрдөн аябаптыр. Же тубаса шыктуулугунанбы, кайсыл ишти колго албасын, кынтыксыз бүткөрөт. Паам-парасаттуулугучу. Карап туруп ыңгайына карай кармаганы оң аткарылат. Көңүлү тазалыгынанбы, дайыма шайдоот. Капаланганын эч кимге билдирбейт. Айылындагылар аны жөн билги, колу усулдуу, адамдын көңүлүн таба билгенинен улам кеңеш сурап кээде ичтериндеги буктарын чыгарганы да ага көп келгендиктен, эшигинин алдынан караан үзүлбөйт. Ал тургай ооруп-сыркагандар, кокустуктан колу-буту чыгып, сынгандар да, аны эстеп ат чаптырышат. Орулуунун өңүн карап, тамырын кармап «ысык-суук» деп, мүзөс тамакка салат. Караандай кайнатма суу ичирип, же «суугуң ашып кетиптир» деп, бармактай эт салдырып, дак шорпо бергизип, көл-шал тердетип, көп жаткырбай, бастырып жүрүп, айыктырып жиберет. Колу-буутарын кокустаткандарды астейдил, ынтаа кое карап, же колдору менен сылап чыкканын салып, сынганын же, сөөгүнөн жарака кеткенин так айтып, «шак-шак» коюп, таңып үйүнө кетирет

Көптү ыраазы кылып, алкыш алган Мамат карыяны билгендер тамаша чындап «Улукман аке» деп атап жүрүштү. Бир күнү Ибраим бүркүтчү кабагын бүркөп, кыжалат болгон таризде Мамат карыяга келди. Бүркүтчүнүн абалын туйган «улукман акеси» утурлай басып, атын ала, үйүнө чакырды. Ал кеп-сөзгө келбей эле дүпөйүл оюн ортого сала кетти.

-Сени «улукман аке» дешип элдин бары жакшы билет. Ырасбы?

-Ырас

-Ырас болсо, бүркүтүмдүн буту сынып калды. Айыктырып бер?
Бүркүтчүнүн ары ызаалык менен кыжалат боло, догдуруна сүйлөгөнүн этибар ала бербей Мамат карыя, ачык көңүлү менен кайра суроо узатты.

-Сынганын кайдан билесиң?

-Сынганын кайдан билбейин, кайрылган канаттай болуп, шылкылдап турса– деп күчөндү.

-Ай-ай бүркүтчүм,жаман иш болуптур. Өзүң билесиң, карабашыл адам, же мал болсо сынганына жараша таңып, байласа болот. Бу канаттуу куштардын сыныгын таңып көрбөдүм эле-деди Мамат, чын көңүлү менен мойнуна ала жооп берди.

-Канаттуу куш жаныбар эмеспи? Көңүлүң келбесе ачыгын айт?

-Канаттуу куш дале кудайдын макулугу. Көңүл келбегенде эмес. Бирин-экин канаттууларды карап, дарылап көрбөгөнүмдү айтам- деди ал күнөлүүдөй.

-Карасаң, карайм де! Болбосо, бар тобокел деп, - ...Кишинин колунан келгенди, кантип киши жасай албасын- деп бүркүтчү түнөрө, демите кирди.

-Бүркүтчүм, мейли экөөлөп көрөлү. Бирок, мен сендей канаттуу куштун тилин, көңүлүн таба билбейм.

-Мунуң башка кеп. Сен сыныгын айыктырып берсең, өзүм табына келтирип алам-деп, бир аз кабагы ачылгандай боло түштү- Анда сага эрте менен келем деп бүркүтчү үйгө кирбей, каңтарылган атын көздөй басты.

Бүркүтчү өзү айткандай эрте менен күндүн мурду жерге тие электе, канаттары далбактап, бир буту менен тээкке конуп, бир буту шылкылдаган бүркүтүн ала, жете келди. Мамат бүркүтчүнүн көңүлүн кыя алган жок. Колго алаар ишин таштап, бүтүндөй дитин бүркүткө бурду. Томоголуу бүркүт канатын жаза шалдайып, сол бутун солбуй туурда отурду. Мамат карыя тутамга толгон бүркүттүн санын аяр кармаганда, сөөктөрү кычырап талкаланганын билди. Эти ысып, бир аз шиший баштаптыр. Кыраан жаныбар оруксунанын тоготпой, көзүнө эч нерсе көрсөтпөй, катылган томогонун ичиндеги башын ары-бери бура, сырткы шыбышка сергек кулак түрөт. Уста үстүндөгү чепкенин сыйра чечип, калпагын ала жалаң желекчен билектерин түрүнө, керектелүүчү шаймандарын ала, басып келди. Бүркүтчү да жеңилденип, Мамат карыянын ар бир кыймылын сая кетирбей тиктеп турду.

-Тыбырчылатпай кармай аласыңбы?

-Капка бөлөп, орой кармабасак, тыбырчылап жөн түрбайт.

Шоодураган канат куйруктарын кайрыбай, кылдат кармап колтугунан курдун бир учун өткөрүп, бүт денесин ороп, анын сыртынан кыл аркан менен таңган Ибраим, бүркүтүн эшик алдындагы жалпак арчанын дүмүрүнө жамбаштата жаткырды. Зарыл шаймандарын түгөл алып келген Мамат карыя, бүркүттүн текөөрлү буттарын жаза-керип, аркан жип менен чыңай тартып байлады да, наштар бычагы менен сынган буттун терисин жара тилди. Булчуңду тарамыш ичиндеги бычыраган сөөктөрдү тинтүүр* салып, бирден тере баштады. Эттин арасындагы кыпын сөөктөрдү

*(тинтүүр- таза күмүштөн жасалган аспап)

көрүп, ар бирин искек аркылуу, аяр кымчып ала баштады.
-Эгер сөөктүн кичинекей көзгө илешип, илешпеген кыпыны эле калса, кийин кайрадан «ойноп» чыгат. Ал жер ириңдейт. Жарага айланып, «кулгуна» ушундан пайда болот– деп кобурап түшүндүрө баштады.

-Кулгунаны кантип айыктырууга болот? деди Ибраим

-Кулгунаны ыйыктырыш үчүн табыпчылар кеперести сууга эзип, жарага себиш керек. Андан соң жибек жип менен тигип салыш керек.

-Ошону менен эле айыгып калабы?

-Дарыга кошуп «мумуяны», «өрмө караны» сууга кошуп абдан кайнатып, аралашкан соң тигишке сыйпалат.

-Суюлган дары, тез эле агып, жоголуп кетет го?

-Аттын туу куйругун сууга кайнатып, кылдат кырганда чаңга окшоп, кара кыпындар чыгат. Ал «кыл данакер» деп аталат. Аны чогултуп, курмушунун күлүнө аралаштырып, тигилген жерге жабылат деп, баягы тилинген жерге курмушунун күлүн калың сыйпады да, чүпүрөк ороп, кийиз коюп, сөөмгө жете бербеген, бирдей көлөмдөгү үч ээлидей таякчаларды арчадан жалпак тиле, шакшактап таңып, бүркүттүн багалегинен жоон санына чейин байлады да, алдын жумшактатып туурдун үстүнө кийиз ороп, тигип, салды.

Бүркүттүн тулкусун чырмай таңган аркан, кур, каптардан бошотуп, аны туурга кондурганда, баятан бери уйпаланган денесин жаза, улам канаттарын шоодурата силкинди. Ал соо буту менен отуруп, жарадар бутун аярлай канатын жаза, тең салмактуу абалда денесин кармады.

-Дары чөптөр кошулган кайнаган суунун табын кетирип, бая тинтүүр менен сөөктөрдү алып, аяр жуугандан улам, таңылган жарат шишик баспай, айыгуунун аракетинде болот. Он-он беш күндүн ичинде сөөк чор кайнап бүтөт. Сынган бут бир элидей кыска болуп калат деди карыя.

-Жасаган ишиңдин айыбы жок. Мен ойлогондун баарын аткардың. Колуңдун усулдуу, эптүү экенине там бердим. Көңүл коюп, кылдат иштейт экенсиң.

-Кылдат болбосо болобу. Парандабы, адамбы, малбы оруксунат, кыйналат. Ошондуктан элде «жаны ооруган жерде» деп айтылат. Байкуш жаныбар сүйлөй албайт. Жаны ооруганын айта албайт. Бүркүтүңө келсек, ага кудай күчтүн барын берген экен.

Ушул бут, ушул текөөрү менен бодо малдыбы, кайберен, жырткычтыбы шарт илип алып, алыска көтөрүп кетет. Же аңтара тээп, эсин оодарат.

-Ошол үчүн бүркүт кыраан, балбан, алгыр аталат. Эч нерседен кайра тартпаган, өткүр эрдиги үчүн баатыр дейбиз. Бүркүтчунун кабагы эми жазыла, бажаңдай кетти.

-Бул бүркүтүңө эмнелерди алдырдың?

-Үч-төрт курдай карышкыр алдырдым. Түлкү менен коендун эсеби жок. Табына келсе, эмнеге шилтесем ала берет.

-Кээ бирлер айтып калат. Бүркүт аюу, жолборс, аркар,кийик алат дешет, анысы кандай?

-Анысы да туура. Элде «уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген сөз бекеринен айтылбаган. Кыраандын балдары кыраан болот. Көбүн эсе тапка да карайт.

-Силерди бүркүтчү, жылкы таптаганды саяпкер дейт. Жаныбарлардын тилин тапмай сайын, кулк-мүнөзүн түшүнмөй сайын, мамиле кылышыңар кыйын болсо керек?

-Ооба. Өзүңө окшоп биз да өтө кылдат мамиле кылбасак, эч нерсе ийикпейт. Тоң, чалпоо, күрс мүнөзүн көрсөтөт. Мүнөзүн таап, «тилге келтирип, ийиктирсек» ал ички сырын, ак көңүлүн аябайт. Кептин бары көңүлүн табышта.

-Аның да туура. Көңүл койгон иш ары кызыктуу да, ары жагымдуу да. Көңүлүң ачылып, ак дилиң менен аткарасың.

-«Жылкыны теппейт дебе, итти каппайт дебе»- деген сөз бекеринен айтылган эмес. Кырс мүнөзүң, олдоксон кыймылың болсо, кимдин болсун итиркейи келет.

-Башканы коюп, мага бүркүтүңдү айтчы? Кантип бул өнөрдү кармап калдың?

-Бала кезде бардыгы эле кызык көрүнө берерин өзүң жакшы билесиң. Туура тарбия болсо, зирек адам көргөндүн баарын улап кетет. Мен бала кезде учканды жакшы көрчүмүн. Ал тургай түшүмдө да, уча берчүмүн. Теңтуш балдарым менен аска-жарлардан күйкө, борбаштардын уяларын таап, балапанын алып, таптайбыз деп алектене берчүүбүз. Ага жем берип, үндөккө салсаң, келсе кубанып, андан бетер «пө-пөлөп» кыйкырчу элек. «Кызыл ала кекиртек, кыйла жерге секиртет» демекчи жан-жаныбардын бары эле «тамак тапсам» дейт тура. Канаттуу да, ач калса «жем табам» деп торго, чырга түшөт.

Тили жок куш «пө-пөлөсөң» келип турса, шилтеген жагыңа барып, тил алып турса, чериң жазылат экен. Ал канткенде сага ийигерин ойлоп, ага астейдил көңүл бурат экенсиң. Алдын күйкө, үкү, борбаш таптап жүрүп, кийин бүркүт таптап, бүркүттөр менен достошуп кеттим. Бүркүттүн чабытынан да, анын алышы укмуш. Кулач жеткис жазы канатын жайып, кен мейкиндикте сыдырым жел менен кошо сызат. Ыраакты, ыраакты чалат. Бүркүт майдачылыкты жактырбайт. Чоңду качырат. Бийик жерлерди мекендеп, жашоосун өткөргөн алп канаттуу эзели тарпка түшпөйт. Бирөөлөрдүн кешигинен үмүт кылбайт. Аңды өз колу менен чалганды, анын ысуулай этин жактырат.

Алп канаттууну таптоо өнөрү, калган куштарды топтоодон айырмаланат. Бүркүт салышка жоош, олбурлуу ат керек. Атта да, бүркүтчүдө да каруу-күч, кайрат-кубат мол болуусу тийиш. Себеби, дайыма бүркүттү колго кондуруп жүрөсүң. Бүркүттөр канчалык бийикте жашаса, кыраандыгы ошончо артык. Этектеги, чөл бүркүттөрүнөн айырмаланып турат.

Кыраандар ийри тумшугу курч, булчуңдары таштай түйүлүп,кармаган тырмагын матыра мыкчыйт. Көргөн жаныбардан тайманбай, тик качырат. Өткүр тырмактарын өпкөсүнө матыра, кабыштыра кармайт. Кээде карышкырды алганда, ал жан алакетке түшүп, тиштерин арсайта, азууларын салаарда бир колу менен оозун, бир колу менен куймулчактан, же бүлкүлдөк бөйрөктөн кабыштыра кармап былк эттирбейт. Кокустан эле, каршылык көрсөтүп булкунса, ачуусу келип, тумшугу менен куймулчагын кабыштыра кайрып кармап, белин сындырып салат. Алгырга жүрөктүүлүктү, тайманбастыкты табият ченебей эле берген. Андайларды уяда, балапан кезинде, же чабыттап жүргөн чагында, тор менен (куш күйүт) ар кыл ила менен кармоого болот.

Уялоо учурунда ургачылары шаңшып, өзүнчө тынчсызданат. Мыктылары бирден, экиден жумуртка тууп, кырк-кырк беш күндөн соң, балапандарын чыгарышат. Чын курандын этегинде, же бугу айынын башында чыккан балапандар, жай ичи чоңоюп, жай саратанда учууга жарайт. Кыраан бүркүттөрдүн эркеги эчки-теке, кээде улактарын, карышкыр, кээде бөлтүрүктөрүн кармап келсе, айрым бүркүттөр суур, кашкулак, мегелжин өңдүүлөрдү жем кылат. Уяда эмнени көрсө, учканда ошону аларын балпандар билип калат. Алар чоңойгон сайын, башка жаныбарларга тырмак салууну эңсешет. Балапандарды аңчылыкка көнүктүргөндөн кийин гана

ата-энелери өздөрүнчө чабыт алат. Кыраандар темир канаттан өткөндө алынат. Бүркүтчүлөр алдын барып, канча күндөн кийин торолорун болжоп, жолун чалышат. Кокус темир канаттын канат-куй-руктары сынып калса «кан куртка»* айланат. Бүркүт кармоонун көп түрү бар. Төрт-беш киши чогуу барат. Бирөө кур дүрмөттөн мылтык атса, бирөө аркандын учун кармап, чочутуп көрөт. Ата-энелери сезип калса, капыстан келип, туу жондо турганды эңип да кетиши мүмкүн. Каарына алса, кимдигине карабайт.

Аркан менен түшкөндөр, жогор жакка темир казык кагып, аркандын бир учун ага байлап, бир учун белине байлап, кармап тургандар акырын саап жылдырышат. Балапандын эне-аталары келе калганда, кур дүрмөт менен сестентишет.

Балапандын тумшугу ичке ийрейип, эки ийини чыгып, текөөрү көрүнүп, канат-куйруктары кыраан кебетеленип, шаңшып, тырмактары менен айбат кылат. Темирди калдыратышканда, балапан ордунан ыргый учуп барып, ылдый конгондо кармап, сызмага бөлөй ороп, ат үстүнө өңөрүп алышат.

Бүркүт аттуунун мүчөсү барандуу, обору ач, жемсөөсү чоң болот. Бир кекиликке тойбойт. Түлөккө отургузууда кайра жаңы жүн чыгарып, кыраанды тотуктуруп алуу адатта чын куранда, жондон жылуулук өтө баштаганда. түлөккө отургузулат. Жемин азайтып, улам этине көңүл бурулат. Бүркүт арыктай баштайт. Серпээр буту акырындык менен шишийт. Ал арыктагандын жетиккендиктин белгиси. Жүнүн шыпыруу үчүн жемин өтө эле тыкыр өлчөм көтөрөт. Эти чыңаары менен жүндөрү жыдыйт.

Бүркүттүн оң-сол чалгыны бар. Анын биринде беш тарап чалгын бар. Уч тараптагы кыскаларын «жергеси» дейбиз. Ашкере кыраандардын куйругу он экиден, ал эми жалгыз туумалардыкы он үчтөн болот. Ал кыраандыктын белгиси. Андайлар сергек кездешет. Бүркүт түлөктөн толук бошогондо баш оона айы кирип келет. Күз башы башталып, ууга чыгуу учурунда бүркүттүн жүнү жетилет. «Кана жем жесин, сөөгү агарсын» деп мүнөшкөр жемин күчөтөт. Аңгыча аяк оона аяктайт. Канат-куйруктары жетилип, кундуздай жүнү жылтылдайт. Аны «таза түлөк» дейбиз. Эми таптоо башталат. Кам жем берүү, кол башындай жемди туурап, сууга бир эки чайкап берүү. Кам жем шайы ооп, тор эти кетейин дегенде берилет. Ак жемден кийин сугунтулат. Күн сайын анын көзүнө карап, санын кармалап, баам салып турат. Саны карышкырдын

*(Канат куйруктары жакшы өсүп баратып, кайра эле ошол жеринен, тырс сынып калмай болот)

толорсугунан жоон болсо, ошол бөрү алат. Түлкүнүкүнөн жоон болсо түлкү алат.
Бүркүттүн көзү өтө курч. Алыстан баарын көрүп, тааныйт.Илгери аталарыбыз «улуулардан укчубуз» деп айтып калышчу эле. Жайлоо бышып, чатырап күүгө келип, күчкө толуп турган учур. Күн чак түш. Түшкү маалда кой короолоп, көлөкөлөп жатат. Асмандан шаңшыган үн чыгып, айыл үстүнөн куюн болгондой, сапырыла шамалдын үнү чыгат. Заматтын ортосунда койлор маарап, уйлар мөөрөп, желедеги жылкылар кишинеп, баш көтөрө жапырт асманды тиктешет. Желеден обочороок турган, туу калган чаар бээни жомоктогу алп кара куштай болгон чоң бүркүт эңген бойдон асманга атып чыгып кетти. Айылдагылар аңкайа карап отуруп калышты. Кээлери чочуп кийин түлөө өткөрүштү.

Кыраан бүркүттөр асманда ойноп, бириси кийикти эңип, асманга тике көтөрүп, бийиктен таштаса, экинчиси жерге түшүрбөй кармаганын көргөндөр бар. Төрт жашка чыккан бүркүт-барчын аталат. Башы сары, өңү кара көрүнсө «тынар дейбиз». Анын шыйрактарында жана тырмакарында кобулдары бар. «Калдар канат муз мурут» бүркүт мөңгүдө жумурткалайт. Ак кар, көк музда туугандыктан жүнү тыбытуу, жылуу келет. Суу өтпөй жылтылдап, канат-куйругу катуу болот. Канаттарын каккылаганда жанында турган мал үркөт. Айтымда бүркүт аттуунун кырк түрү бар. «Кырктын кырк түрдүү табы, кырк түрдүү жоругу» билинет. Алардын ичинде төрт берени бөлүнүп айтылат. Төртөө төрт бөлөк касиетке эгедер. Төртөө тең карышкыр алат. Алар «төө камдот» «канжыгалуу каракер» «Алайдын ак көзү». Алай, Памирдин «муз мурутунун» таноосунда кылы бар. «Баш сырга» деген бүркүттүн таноосу жырык. Табын тарта билсе чоң караандар чыгат.

Бүркүттүн жумурткадан чегилгени балапан, учуп, чабыт алганы бозум делет. Андан ары карай «ым түлөк», «күн түлөк», «барчын», андан ары бир барчын, эки барчын деп жылкыны «асый» санагандай кете берет.

-Бүркүт аттууну ушунча мактадың, короодогу койдой эле кыял-пейилин, өңү түсүн билет экенсиң. Мына бул бүркүтүң эмнеңе жарайт?

-Жакында өрөөнгө, кайдандыр бир калтаар келип калды. Бүркүттүн буту жакшы айыкса, ошону алдырып, сага тартуу-лайын.

-Жапайы жаныбарды, короодогудай көрүп айтып жатасың. Бүркүтүң экөөңдүн, менчигиңер беле?

-Ушул бүркүттөн башкалары аны ала албайт.

Калтар деген эмне, түлкүнүн бири да.

-Түлкүнүн бири эмес, пири. Ал чанда гана кезигет. Кайдандыр бир тараптан кагажып, же биздин жерди сонуркап келди. Неси болсо да, бүркүтүмдүн даңазасын чыгарар чоң олжо.

-Түлкү олжо болуп кайда бармак эле. Бир тебетейлик, же жакалык да.

-Антип айтпа. Сен адамдын да, буюмдун да, ал тургай чөптүн да кадырын билген, эл сыйлаган пендесин. «Акылман акылмандын кадырын баалайт» дегендей, калтаардын баасы, бир байдын байлыгынан ашат. Колго тийип калса көрөсүң, терисин сыйрып-керип, ийлегенден соң, эрте менен бир түс, кечинде бир түс, алты маалда алты түс боло, кубулуп көрүнөт. Куйругунан кармап өйдө силксе, төмөн жапырылып, төмөн силксе өйдө жапырылып, жүнүнөн учкундар чыгып турат.

-Алда, кайран бүркүтчүм. Колуңа тийгенден кийин мактан. «Шодокондун бүркүтү» баштанып, сугалактык кыла бербе.

-Ээ, бүркүтчүлүк өнөрдүн сырын, көбү эле биле бербейт. Мен сага «Домонун кызы» жөнүндө айтып берейин.

-Илгери мүнөшкөр Домо деген болгон экен. Ал өмүрүндө эркек бала көрбөйт. Андан бир кыз калат. Кызын оокатту жерге күйөөгө берет. Күйөөсү жөнөкөй адам болот. Бир күн үйүндө отурса, карыган кайнатасы маңдай тарапты карап:

-Балам, тиги маңдайдагы өтүп бараткандар адамдарбы, же малбы?

-Үч бүркүтчү экен. Бирөө сүйүнүп, бирөө өкүнүп, бирөө күйүнүп келе жатышат.

Кайын атасы келинине кайра суроо берет.

-Ал эмне дегениң, түшүнбөй калдым?

-Үч бүркүтчүнүн сүйүнгөнү-бүркүтүнө түлкү алдырыптыр. Өкүнгөнү чала-була бирдеке алдырган көрүнөт. Күйүнгөнү кур кайтканы окшойт.

-Анда чакыр балам. Алыскы жолдо чаалыгышкандыр. Эс алып кетишсин.

Бүркүтчүлөр келип, ат алынып, казан асылат. Кайын атасы тигилердин жайын сураса, келини айткандай болуп чыгат. Коноктор кайтарында Домонун кызы:

-Ата, мен десеңиз, ушул эч нерсе албаган бүркүттү сатып алыңыз?- деп жалдырайт.

Кайнатасы келининин сөзүн кыя албай, бүркүтчүгө барып,

-Бүркүтүңдү сатып кет- деп суранат.

-Сизге сатып эмне кылам. Жөн эле алыңыз дейт бүркүтчү.

Алардын кебин тыңшап турган келин.

-Жок ата. Анда калыстык болбойт. Бекер алсак, бүркүттүн ээсинин көңүлү кирдейт. Бул бүркүттүн эң төмөнкү баасы бир үйүр жылкы болот. Аны алып, бүркүтүн таштасын дейт.

Кайынатасы канчалык капа болсо да, келининин сөзүн кыя албай, бүркүтчүгө айтса:

-Сиз эмне шылдың кылып жатасызбы? Жөн эле алып калыңыз. Бир үйүр жылкынын баасы оңор эмес – дейт бүркүтчү.

Келиндин кайынатасы ага болбой, бир үйүр жылкыны айдатып берип, бүркүттү алып калат.

-Балам, бул бүркүттүн өнөрү кайсы? Мунуңдан кандай пайда чыгат? – деп кайынатасы капа болот.

-Ата, бул «төө комдот» деген бүркүт. Бул тапталып, биринчи жолу каманга салганда эле каман алган экен. Ээси балалык кылып, билбептир. Бүркүт камандын жал кылын бүкүлү жеп, көкүрөгүнө кийиз болуп туруп калыптыр. Сиз, бир ак боз бээни союнуз да, анын казысынан биринчи күнү табак ордундай, экинчи күнү чынынын ордундай үчүнчү күнү алакандай казы сугунтуңуз. Ошондо көкүрөгү жибип, катып калган кылды кусат. Анан өнөрүн көрө бересиз дейт. Кайнатасы келинин айтканындай кылат. Үч күндөн соң бүркүт камандын жалын кусат.

-Эми бүркүтүңүздү аңчылыкка алып чыгып каалагандай сала бериңиз. «Төө комдот» деген бүркүт. Төөнү комдой барыңыз. Күн сайын арбытып алат. Ар күн сайын киши улам көбөйүп, арбып барсын. Бүгүн беш болсо эртең он, жыйырма, отуз… Ээрчигендердин саны арбай берсин.

Эртеси күйөөсү атасы менен көп жолдош алып, бүркүттү салса, көзүнө көрүнгөндү алыптыр. Кайнатасынын үйү карышкыр, түлкүнүн терисине, аркар, кулжа, текенин этине толуп кетет. Бир жума ичинде эле, баягы бир үйүр жылкынын баасынан ашык дүнүйө табат. Күн сайын ээрчип баргандарга шыралганы арбын берет. Бир күнү күйөөсү:

-Олжонун баарын эле, ээрчигендерге тарата бербей, төрт-беш, киши менен эле чыга бербейинби- деп, аз киши менен жөнөп кетет.

Кечке жуук Домонун кызы иш менен алек болуп жатса, бүркүт келип, үйдүн чамгаракына отуруп калат. Аны көрө коюп:

-Атаганат, болбой калган турбайбы. Ата, уулуңуз бүгүн канча киши менен кетти эле?– деп кайнатасына суроо салат.

-Төрт-беш эле киши менен кеткендей болгон.

-Айтпадым беле, бүркүттүн шерти болот деп. Бешөөнү тең алган турбайбы. Тезирээк киши чаптырыңыз.– дейт да, бүркүттү туруп алып, ортоңку салаасын балта менен керте чаап:

-Кош кырааным, шартың ушул эмес беле?– деп учуруп жиберген экен.

Карыя жиберген кишилер барып караса, бүркүт бешөөнү бирдей алып, боор этин жеген экен дейт. Кыргыз баласында Домонун кызындай канаттуу кушка тилмер, укмуштуу жан чыкпаптыр.

-Айтканыңдын баары ырас. Бүркүтүңдү салаарда мени да, ээрчитип барчы. Бүркүтүң экөөнүн өнөрүңө бир күбө болоюн.

-Кеч күздө, кар бир-эки жаасын. Ошол мезгилге даярдана бер. Калтарды сага алдырып берем– дейт.

Мамат карыя күндөлүк тиричилигин өткөрүп жүрө берди. Кеч күз келип. кар бир-эки жолу жааганда Ибраим бүркүтчү Маматка кабар айттырат. Ал келгендин эртеси бүркүтчү Маматты баш кылып, үч-төрт киши ээрчитип, айылдын туура жагын көздөй жөнөйт.

-Бүркүтчүм түлкү, карышкыр, деги эле илбесиндер тоодо болот. Сен бизди кайда алып баратасың? дейт Мамат.

-Мен ээрчиткен тарапка жүрө бер. Анан кызыгын көрөсүң.

Аттын тушарына келген карды кечтирген топ атчан, оңор эмес жайга жетишкен соң, жалгыз из көрүндү. Изди кубалап баратышса, белестен аша берген жерде, алдыдан кара түлкү чыга калат да, бүркүттү көрө сала, туруп калат. Көргөндүн бары ага таңданышат. Ал жөн түлкү эмес, калтар эле. Мүнүшкөр бүркүттүн томогосун алганда, ал талпынат. Бүркүттү салбай томогосун кайра кийгизип коет. Кошо бараткандардын бардыгы ага таң калышат. Бүркүтчү талпынган бүркүттүн томогосун дагы бир ирээт шыпырып алып, кайрадан бүркүттү кое бербей, томогосун кийгизип коет.

-Салбайсыңбы бүркүтүңдү, түлкү качып кетет– деп, шериктери шаштырат.

Бир маалда бүркүтчү томогосун ала, бүркүттү шилтейт. Бүркүт калтарга карабай, тик асманга учуп кетет. Баягы калтар качып кетпей, эки бутун көтөрүп, асманды тиктеп туруп калат. Бүркүт өтө бийик көтөрүлүп, карааны көзгө көрүнбөй, үлбүлдөп калган кезде,

октой шукшурулуп тик сайыла келип, калтардын башын мыкчый, кайра асманга көтөрүлүп барып, жерге таштайт. Ал түшкөн жердин кар тозоңу көтөрүлө түшөт. Алар жетип барышып калтарды алышса, жаңы тийип келе жаткан күндүн нуруна чагылышып түлкүнүн жүнү өтө эле кулпуруп ар кыл түстө көрүнөт.

-Эки жолу бүркүттүн томгосун алып, салбай, үчүнчү жолу гана бүркүттү бошоттуң. Анын сыры кандай?- деп, сурашты шериктери бүркүтчүдөн.

-Биринчи жолу асыл менен асыл кантип беттешет деп, бүркүттү калтарга салууга көөнүм барбады. Экинчиде асыл, асылды кантип кыят деп ойлодум. Үчүнчүсүндө тобокел деп чымырканып туруп, бүркүттү кое бердим.

-Бүркүтүң эмнеге асманга учуп кетип калды?

-Бийик учуп чыккан себеби, ал канчалык бийик көтөрүлсө, ошончолук тигилип карай берип, түлкүнүн көзү карыгат. Качырып келе жаткан бүркүттү көрбөй калат.

-Түлкү эмнеге бүркүттү көрүп, качкан жок?

-Түлкүнүн түгү миң кубулса бүркүттүн көзү уялат. Карап турсам, көзү уялган бүркүт, тырмак сала албайт деп ойлогон түлкүү.

-Экөөнүн дилиндегилерди кантип билдиң?

-Экөөнүн дилиндегилерди билбесем, мен эмнеге бүркүтчү болом- деди мүнөшкөр.

-Өнөрүңө бали! деп, Мамат бүркүтчүгө там берди. Сенин өнөрүңө мен ыраазымын дейт.

Темирди камырдай жууруйсуң, Сенин колуңа тийген жыгач тим эле сүйлөгөндөй болуп калат. Эт ичиндеги сөөктүн сынганын гана эмес, жарака кеткенинен бери так көрөсүң. Билбеген өнөрүң жок. Сага мен ыраазымын дейт бүркүтчү.

-Асмандагы кушту тил алдырган, сага жетмек кайда деди Мамат.

-Жок Сенин өнөрүңө баш ийдим. Ушул калтар, сага белек болсун деди бүркүтчү.

Эки өнөрпоздун бирин-бири баалап, урматташканына кошо келген шериктери да абдан ыраазы болушту.

***

Тарыхта таасын тагдыры менен Улуу Жибек Жолунун томунда дүйнөгө таанымал Мады (Медва) калаасы, саякатчылардын

айтымында көп эскерилет. Ал жайгашкан орду, туш тараптан келген кербендерди тосуп алып, кайра узаткан Улуу каттамдын тому катары кезегинде барк-баага татып турган. Күн жүрүшүндөгү тоо түндүк-түштүк, чыгыш-батышка уланган соода жолуна саякатчыларга багыт болушунан улам мусулман дүйнөсүндөгүлөргө касиеттүү сезилгенин кимдер гана эскербей кое алат. Ар түрдүү көрүнүшү менен чыгыш тарабынан келе жаткандарга атайлап орнотулган бийик, урчуктуу дөбөлөр болуп, ага уланган «ээр таш» көрүнсө, түшүк чыгышынан чоң тоонун чокусунда көкүрөгүн тирсийтип, бойго жеткен кыз жаткандай, ал эми батышынан эки өркөчтү төө комдонуп жаткансып, түндүк-батыш тарабынан жылаңач сакалдуу карыя эс алып жаткандай түр берип турат. Күндүзгү эртели кечте ай чыккандан-батканга чейин тоо көлөкөсү ар түркүн болуп көрүнөт. Ким болбосун, кайдан келбесин Мады калаасында өргүү алып, баш-аягын жыйып, тыныккандан соң, таң эртеңден жолго чыгат. Салкын жайдагы калаанын тиш какшаткан мөлтүр булактары, абасынын тазалыгы, жака-белинин кенендиги кимге болбосун жакпай койбойт.

Жүк артылган киреле бир тарабы Өзгөн аркылуу Шоро-Башат, Жазыга, экинчи тарабы Миң-Дөбө аркылуу, Анжианга дагы бири Ноокат аркылуу Ферганага, кийинкиси Дароот аркылуу Кара-Тегинге кербен жол тартып, Борбордук Азиянын каалаган калаасына сапар алат. Ал эми күн чыгыш тарабындагы Алай тоолорунун кокту-колоттору аркылуу, дабандан дабан ашып, кытай сепилдерине жетип, Индия, андан ары баш-аягы билинбеген кубарган чөл, көгөргөн чексиз мейкин-мухитка сиңип кетет.

Үч-Чат көк мелжиген зоолордун таманында. Чыгыш тарабындагы зоолордун этеги Чат аталат. Эртелеп чыккан күндүн нурларын Кош-Мойнок, Узун-Орток, Кош-Белдин Шаркыратмасы, Кайыңды, Даңги тосуп, күн төбөгө келгенге чейин, ар зоодон шыкаалаган нурлары капчыгайга тегиз тийбейт. Улам бир зоодон, экинчи зоого өтүп, чак түшкө жакын барып, Капчыгай ичине күндүн нурлары тегиз чачырайт. Ар жылга сайын жел согуп,
Үч-Чаттын ичи жайы салкын, кышы мелүүн. Жылга-жыбыттан агып түшкөн суулар Дүңгүрөмөдөн өткөндө кошулуп, Капчыгайдан өтө бергенде дарыяга айланат.

Жайынан-кышы, жазынан-күзү кооз көрүнгөн Үч-Чат аймагынын жаратылышы мезгилге карай кубулуп, түрлөнүп турат. Таң эртеңки күндүн нуру тээ бийиктеги Кош-Мойноктон, Узун-Ортоктон Кош-

Белдин, Шаркыратмасынан өтүп барып, анан Үч-Чатка тийет. Ага чейин маңдайдагы Кыз-Коргон, Шиве, Көк-Дөбөгө жана алар менен бой тирешкен Манак, Агатаң зоолоруна чачырап, анын нурлары Кош-Мойнок, Узун-Ортокко чагылып, Капчыгай ичин нур каптап тырмаккетет. Кеч, күн батаарда, тескейден күңгөйлөрдөгү зоолорго күн чагылып, жалаң нур ушул аймакты эле ээлеп алгансып, аска-зоо арасы кызгыч сары бозомтул-күрөң боло жаз, жай айлары чылк жашыл түстөргө балкыйт. Күндүн табы кышын-жайын тынбай төгүлүп тургандыктан уламбы, деги эле тоодо өсүүчү дарак-өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрү көктөп, дүпүйгөн токойго айланып, жылга-жыбытты ээлеп алган. Кайберен-илбесиндер, канаттуу куштар байырлап, кокту-колотторду жаңырта, үн салыша чакырышып, сайрап турушат.

Сырдуу, ары сындуу көрүнгөн тоо койнунда, кээ күндөрү жылдын төрт мезгили заматта эле кайталана кетет. Таң эрте менен жаркып тийген күндү булут чалып, шамал согуп, күн нуруна аралаш мөндүр жаап, ал катуулай барып добулга айланат. Заматта эле жап-жашыл болгон беттерге бармактай болгон мөндүр төгүлүп, кайра эле булут жырткан күндүн нуруна ээрип, топтошо түшкөн көлчүктөр бири-бирине кошула кыянга айланат. Ал жылга жыбытка толо сүрүлө, этекти каптап жөнөйт. Кемер-таштарды, далдоо жайларды байырлаган жан-жаныбар сууктун күчүнөн калчылдап үшүп, кыяндан дүрдүгө качууга аргасыз болушат. Ошол чакта уйгу-туйгу шамал жүрүп, ачуу тийген күн айлананы сергитип, кокту-колоттон буу көтөрүлүп, ар жылга ичине түркүн түстөгү асан-үсөн түшүп, нурларын жаркыткан күн күлүңдөп чыга келет.

Чарбадар жайкы күнгө ишенип, үстүндөгү жамынчууну жайып, кыяндан качкан малды сак-сактаганы кыялай баса бергенде, булуттар удургуй түшүп, күн күркүрөп, кар себелей баштайт. Алдастап артка кайтып, боз үйгө жетүүгө араң үлгүрөт. Өйдө-төмөндөн удургуган шамал, агарган асманды түнөртырмактүп, көпкө чейин ачылбастай сезилген кара туман каптайт. Желедеги чыйрыгып-калчылдаган кулундарды агытканга шашып, жетип баргыча, лапылдап жааган кар, заматта эле кызыл ашыкка жете түшөт. «Жазда жамынчыңды ала жүр»- демекчи кымтылана, калың-кийимдерди кийген чакта, төбөдөгү булут тарап, күн күлүңдөй шыкалап, табын берет. Же кар боройлоп, бүгүн-эртең

жаап, ачылбастай сезилет. Табият ушундай. Өз билгенин кылып, бир күндүн ичинде төрт мезгилди кайталап, жүдөтүп келет.

Бектин тар капчалдуу дараны өрдөп, тоо ичине байырлашын билгендер, ар түрдүүчө жоруп жүрүштү.

-Каткан казынасы бар.

-Тапкан-ташыганын ошол тарапка жеткирип катат.

-Колдоочусу ошол жакта дешет.

-Кут жылдыз менен жолугат имиш дешет.

-Кура көрүүчүсү* бар дейт.

Деги, кимиси кандай айтса да, бек аларды кулагына илбейт. Өзүнүн сыры, өзүнө маалым. Кичи дара анын сүйгөн жайы. Күнү да,түнү да каалаган мезгилде келет. Ага эч ким тоскоолдук кылбайт. Эрикпейт,зерикпейт. Шылдыр аккан булактар анын сырдашы. Капчалдардан соккон шамал, аска-зоону жаңырта аккан суулар ага жагат. Башындагы тумандаган санааларды кубалап, жаңы ойлордун пайда болушуна түрткү берет. Кайберен, илбесиндерден башка эч ким жок. Тору жоргосу экөө аны билишет. Шектүү кабар, бейтааныш үн болсо, тору жорго кулактарын тикчийтип белги берет.

Ары сергек, ары баамчыл ээси да, адаттан тыш үн болобу, кандайдыр белги барбы астейдил көңүл бөлөт. Ал жайдагы кайберендер да, ал экөөнө үйрөнүшкөн. Алдынан тосуп чыгышып, коркуп-үркүшпөй, акырын ээрчише, калың арча-кайыңдарды аралай кирип кетишет.

Эзели айдын шооласы тийбеген, ал тургай күндүн нуру жетпеген, күндүзү күңгүрт, түнкүсү караңгы кабышкан капчал ичин өрдөп, бек каалаган мезгилинде келет. Таштан-ташка секирген суунун шаркырагы, аска-зоону аралаган шамалдын шуулдагы дара ичин жаңырта, улам кубулуп дүңгүрөп тосуп алат. Ары сырдуу, ары сүрдүү добушта айгайлаган азаматтардын, чакылдата чабылган кылычтын, үзөңгүлөрдүн шыңгырай кагышканын, миңдеген туяктардын күтүрөгөн үндөрү, кошул-ташыл боло, кан майданды элестеткен эрөөл талаасынын эпкини чагылгансыйт. Ошондон улам денедеги кан башка тээп, шилиден төбөгө көтөрүлө дүргүп, ач айкырык салган ажал талаасынын сүрү элес келет. Дүңгүрөмөдө бектин канын тепкен кайраты ташыйт. Өзүн майдан талаасында жүргөндөй сезет. Дара ичинен чыга бергенде капчал оозу кеңейип, кулачын кенен жайган жылга этеги шаңкая азыр эле

*(астролог)

көкүрөктү кыска сезимдер кайдадыр бир тарапка сүрүлүп кетет. Маңдайдагы жай аккан суу ар-ар жерге бөлүнүп, токтоп агып, жапжашыл сазды аралап өткөнүн баамдарда башка бир көрүнүшкө туш келесин…

Чып-чып, чуп-чуп, зып-зып… эте саз ортосундагы жай аккан суу бетинде биринен бири өтүп, ары-бери учуп-конуп, чуру-чуу түшө, чар жайыт сайрашкан түркүн канаттуу куштардын үндөрүнөн, аккан суунун шары да угулбай калат. Суу куштарынын ичинен айрыкча ызгыт чымчыктарынын ачуу үндөрү, уккандын мээсин чукуп, кулагын тундурат. Зып-зып кадимки эле аба жара, так төбөдөн учуп өткөн шуулдаган жебелердей итиркейди келтирет. Бирде агын суунун алышын көздөй, бирде төмөн соккон шамалдын эпкинине аралаша, куушурула келип, кайра, кайкып учуп баратып да, өйдө-төмөн канат сермеген сайын ойдолоктоп, кайта-кайта үн салган ызгыттардын чаңырыгы капылеттен уккандын оюн онго, санаасын санга бөлөөрү бышык.

Антпегендечи, чуп-чуп, зып-зып учкан жебелер так төбөдөн каршы-терши өтүп турса, дене-бой дүүлүгүп, тамандан төбөгө чейин муздап, бет түктүйө, заматта ажал издеген «жебе үнүнүн» өкүмдүгүнөн калканарга жай таппай, заманасы тарыгандай сезим пайда боло калат. Дал ошол төбөдөн учуп өтүп, ажал издеген жебелердин ышкырыгына оп-окшош кулакка жагымсыз, ачуу үндөр ызгыт куштардын күндө жадабай сайраган үндөрү, кулактын кужурун алат. Ким болбосун ал жайдан алыстоого шашат.

Ал жай саратаң ысыкта Үч-Чатка келет. Кээде жумалап, айлап туруп да калат. Айрым жылдары, кыштап да калат. Отун-суу мол. Адам колу тие элек арча, кайың, чегедек, четин, долоно жыш. Кайберен, илбесиндер жыш. Токойду байырлап, жайылып жүрөт.

Жылдын кайсыл мезгилинде болбосун, көбүн эсе күн бүркөлүп, ачылган соң, кээде күн чайыттай ачык кездерде, көктөн ажарланган ак жарык шоолалары аска беттерине түшөт. Ак жарыктын нурунанбы, же аска-зоолордун өңүнөнбү, ал жарыкка чагылган таштар кызыл, күрөң, сары… ар кыл түстөр жуурулушуп, нурданып чыгат. Көк менен жердеги нурлар айкалышып, Капчыгай ичи түркүн-түскө толуп, ажарданган шоолалар аска-таштарды кучагына бөлөп, кандайдыр бир керемет бул аймака уялагансыйт. Суунун шары, тоонун жели, ал тургай канаттуу куштардын тил безеп сайраган үндөрү тып токтогонсуп, айлана «кулак-мурун кескендей» дымып, бардык жан-жаныбар, жаратылыш жер менен

көктөн чыккан нурлардын айкалышкан көркүнө суктангандай. Кичине эле бир кыймыл, же селт эттирген үн чыкса, ушул көрк, көпчүлүктү өзүнө таңдандырган сулуулук, көздөн кайым болуп кетчүүдөй сезилет. Көз ирмемге болсо да, кайталангыс ушул көрүнүш, жан жаныбар, жаратылышка кандайдыр мээрим чачып, берешен айкөлдүгүн атайлап тартуулагандай туюлат. Ушул көрк, ушул туюм бардык көргөндөрдүн жүрөгүндө жашап, көөндөрүн көкөлөтө сезимдерин ээргите жаратылышка, жашоого болгон аяр мамилелерин байытып, суктануулары арттырат. Ушул керемет дагы да, узагыраак болсо, аны жан-жаныбар жаратылыш, жакын адамдар көрсө, сулуулуктун кадыр-баркы, ага болгон мамиле, түп тамырынан бери өзгөрүлөт беле, деген ой чабыт ар бир адамды түйшөлтөрү анык болчу.

Ак жарык түшкөн сайын, жылуу сезим жүрөгүн уялаган Кубат, анын кийинки жолу да келээрин чыдамсыздык менен күтүп эч жакка чыга алчу эмес. Кокустан, ал бир жакка кеткенде, аска-зоо бетине «кут түшсө», кандайдыр бир жаман ойдогу адам өзүнүн жүрөгүндөгү ойлогондорун айтып, элдин тилегин, ой мүдөөлөрүнө туура келбеген иштердин болуп кетишин каалоочу эмес. Маркум чоң атасы айткандай «кут түшкөн» мезгилде ниети таза, дили ак адам элге-журтка жакшылык тилеп, тынчтыктын бекем сакталышын, жер бетинде эгиндин мол болушун, адеп, нысап, кадыр-барк, сый-урмат кастарланышын, барчылык, молчулук, токчулук, ынтымак-ырыскерчилик болушуна тилек айтылса, жер бетинде согуш болбой, кыз-келиндер түгөйсүз, жаш балдар атасыз, ата-энелер балдарысыз калбайт болчу.

Нурташ арасы келген кырсыктардан тышкары. Тоо ичи салкын, кургакчылык болбойт. Ар жылга сайын жылжып аккан сууларга мол. Ашып-ташып сел-кыян жүрбөйт. Кар-жамгыр канчалык арбын жааса да, баягы калыбынча аска-зоо, токой ичине сиңип кетет. Суу ташып, жар көчпөйт. Аска-зоо, кабышкан таштар ээлтен берки мөңгү тоңуп, муз болуп тура берет. Турак кылгандар бөөдө кырсыктан тышкары ачка калбайт. Кут дагы жөн жерге түшпөйт. Оомады арткан пейили таза, ниети ак адамдарга, келечеги кең, берешен, түшүмдүү, таза жерге түшөт. Андай жер Нурташ. Таш-зоолору кенге бай. Тоо ичиндеги кокту-колоттору токойлуу, берекелүү жер. Жан-жаныбарлардын бардыгы байырлап, жер-жемиши төгүлүп турат. Ошол себептен нур жанган таштарын Нурташ аташып, эл турак кылып, өнүп-өсүп отурушат.

Нурташка түшкөн кубулуш Кубаттын оюнан такыр кетпеди. Ал тургай, түшүнө да кирчү болду. Сапар улап, ары-бери өткөн сайын, ал аймака түнөп кетет. Салкын төр, кооз жаратылыш аны өзүнө тартып алды.

Ал жашынан эле бир сырдуу, көп кырдуу эле. Өзүнүн билгенин бербеген, анча-мынчага чечилбеген, айтканынан кайтпаган көктүгүнөн уламбы, көбү аны менен сый, саламдашып тим болчу. Көп ортосунда шаан-шөөкөттү, шаракташкан зыяпаттардан боюн тартып, дасторкон четинде буту-колду уютуп отурганды жактырчу эмес. Ошол себептен аны менен тең тайлаша азил айтып, сөз талашкандар чанда гана болгонун уккандар айтып калаар эле.

Кээде тепчилген ийнедей тоо койнун аралап кетип, ай-жумалап эч кимге көрүнбөгөнүнөн, ага келгендердин көбү таба алышчу эмес. Анын жакындары сурагандарга «Тоого кеткен» деп, жооп беришип, жөн болушкан. Тоодо аң уулап жүрөбү, же ал тарапта үй-отону барбы, аны менен эч кимдин кабары жок болчу. Бек кээде күтүүсүздөн пайда болуп, бара турган жерлерин кыдырган соң, ың-жыңсыз караанын көрсөтпөй тоо ичине сүңгүп кетчү адаты бар. Анын келип-кетиши жакындарына да белгисиз болчу.

Жатка сездирбеген, бөтөнгө билдирбеген, өзү гана сүйүп, кастарлаган жай Нурташ. Ага баруучу жолду эч ким билбейт. Ал жайга мергендин мергени гана барбаса, жөн адам ага барууну оюна да албайт. Жолу катаал, адам буту баспагандай, из жок. Аска-зоо кабышкан даранын баш-аягы канчага созулары, кай жерге барып такалары белгисиз. Жол таап барам деген адам, ал жайга жумалап жүрүп да жете албай, жол азабынан жадап, акырында кайта бериши да мүмкүн эле. Билген бекке, үйрөнгөн аргымагына жарым күндүк жол. Ал барган жайга үч-төрт тарап менен жетүүгө болот. Бир тарабы Мадынын үстүндөгү Бек-Жардан өтүп Кичик. Андан Кырк-Кечикке келет. Бир тарабы Папан. Андан Турук, Кожо-Келең, Жол-Чырак, Кырк-Жигит, Көл, Байпак-Мазардан, Тулпар-Мазарга жетип, Капчыгайга түшөт. Ал эми Талдык аркылуу жүрсө Кырк-Кечик, Калда-Мазар,андан өтүп, Байпак-Мазар аркылуу Капчыгайга жетет.

Капчыгай чар тарабына ортолук. Анын үстүндөгү мелтиреген бийик зоодогу тектир-Кыз-Коргон аталат. Ага жанаша Шиве, Шаар-бугу аткан, Көк-Дөбө. Андан өтүп, Манак, Агатаң аттуу бийик зоолордун төрөсү Акбай зоосу турат. Экөө тең тарыхта, элдик уламышта айтылып жүргөн Жаңыл Мырза кыздын тагдырына

байланыштуу аталып калган делет. Артынан кубалап келгендерге Жаңыл Мырза:

-Кайткыла! Ажалыңардан мурун өлгүңөр келбесе, жакын жолобогула! дейт.

Калматай хандын тапшырмасы менен куугунга келген жигиттер кайтпаганда Жаңыл кыз мээленген жаадагы жебени Манак баатырга, экинчисин Агатаң баатырга узатат. Жебе тийген Манак бир зоодо, Агатаң экинчи зоодо набыт болушат. Эки зоо ошол эр жигиттердин атынан аталып калат.

Агатаң зоосун ашса Чыйырчыктын үстүндөгү Ак-Төрдүн башына түшөт. Агатаңдын алды Шаркыратма. Андан өткөндө Акбай зоосу. Эзели бетинен мөңгү кетпей, акка бай болгондуктан Акбай аталып калган. «Акбайдын мөңгүсү ээрисе, ааламды суу каптайт» деген элде айтым бар.

Ар тарабынан келген Качыгайлардын учу Үч-Чатка такалат. Үч-Чаттан Узун-Орток-ого эле узун жылга. Анын башы барып Кичи-Каракол, Чоң-Кара-Колго туташат. Алардын аркы бети Ыргайлуу. Үч-Дөбөгө өтүп, Талдык даван менен туташат. Андан бери Кежиге Күң-Электин башына келет. Кыйгыр-Ашуу, Шамал-Дөбө, Жыландыга өтөт. Тоо-Ашкан, Жолборсту, Кайыңдыга туташып кетет. Жол-Чырактан, «Кырк жигиттин» мүрзөсү аркылуу Үч-Дөбөгө өтөт. Бир тарабы Сары-Могол Кашка-Сууга жетет. Ал эми Үч-Дөбөнүн этеги Чий-Талаа. Андан Куу-Калда, Сөгөт аркылуу Көк-Сууга ашып кетүүгө болот.

Үч-Чаттын бир тарабында Кош-Мойнок. Биринчиси Кара-Бел аталат. Мазар эски жайлар көп. Экинчи Кара-Белде «Кубаттын көлү» бар. Аны Ат-Жайлоодон Кара-Белге арык чыгартып, суу алдырып келген. Нурташтын үстү Бийик-Зоодон өрдөк, каз байырлап эркин сүзүп ойносун деп, атайлап кол жасаттырган. Мазардын ортосу Бек-Зоо, Орток, Жалама-Зоо, Мазардын ортосундагы Жалама-Зоодо «Кубаттын шатысы» орнотулган. Анын артындагы бийик зоо Аланын-Тоосу аталат. Дал ушул жайларда Кубатбек жүргөн.

Айтылуу Алайдын сан жетпеген тоолорунун арасында оргуп чыккан булактар ого эле арбын, эчендеген топурак-ташты аралап, не бир пайдалуу заттарды өзүнө сиңирип, түпкүрдөн ташып чыккан булак, жылга-жыбыттардын көкүрөгүн бошотуп, күнү-түнү шылдыраганы-шылдыраган. Эзели желининен сүтү тартылбаган көмүш уй баштанып булак башаттары ийигени ийиген. Алар жер

бетине чыгып-чыкпай жатып, кайда бир шашкан бала сымал төмөндү карай чуркап жөнөшөт. Улам бирине бири кошулуп, азоо тайдай жулкунган, тоонун булактары бийик аскалардан бой таштап,таштан-ташка секирип, кокту-колотту жаңырта энтеңдеген күүсүнөн жанбай түзөңгө келгенде, көбүрө-жабыра албууттана баштайт. Ары кубаттуу, ары шаңдуу сүр менен өзөнгө айланат. Ошол суулардын бири-Мурдаш суусу. Ал тиш какшаткан муздактыгы, мөлтүрөгөн тунуктугу жана жанга жагымдуу даамдуулугу менен бир ичкен адамдын эсинен такыр кетпейт.Суунун жээктери жашыл токой, түмөн түрлүү өсүмдүктөргө бай жаратылышынын көз кайкыткан көркү, көргөндүн көбүн суктандырган. Суунун аты, жердин кооздугу Алайдан ашып, далайга жетип, жер түбүнөн оргуп чыккан булактарынын дарылык касиети бардыгы көпкө маалым болот.

Ага дагы бир себеп, байыркы бир заманда Индостан тараптагы бир падышанын бой тарткан жалгыз кызы катуу ооруп калат. Акыл-эси жетик, көргөндүн көбүн сулуулугу жана акылдуулугу менен суктандырган кызынын оорусунун дабасын таппаган падыша, коңушу өлкөлөрдүн ар тарабына чабарман чаптырып, табып-дарыгерлерди алдырат.

Алыскы-жакынкы жерден келген дарыгерлер кызды дарылоого канчалык аракет кылышса да, эч бир өзгөрүү болбойт. Падыша күндөн-күнгө кабатыр болуп, кызын айыктырган дарыгерге каалашынча алтын берерин жарыялайт. Кыздын оорусунан жылыш болбой, күндөн-күнгө абалы оорлой берет. Падыша бийлигинин күчү менен дүйнөнүн чар тарабына кербендерин, саякатчыларын жөнөтүп, ар түрдүү дарыларды таптырат. Алар кыздын оруусуна даба боло албайт. Кайгы-капага чөккөн хан Улуу Жибек Жолу аркылуу каттаган көптөгөн соодагерлерди, саякатчыларды өзүнө чакырып, кай жерде, кайсыл өлкөдө күн чыгышты карай аккан, кандай дарылар бардыгын сурайт. Ошондо Индиядан Кытайга келип, Ала-Тоо аркылуу Самаркандга жетип, андан түндүккө чейин, бир нече жолу барып-келген, акылман карыя, оюн айтат.

-Ханым, алыскы аймакта ак мөнгүлүү тоолор ого эле арбын. Дуйнөнүн туу чокусу аталган эң бийик тоолордун этегинде, эзелтен төбөсүндө булуттар уялаган, мөнгүлү дагы эчен тоолор бар. Алардын бир коктусунда, кылымдар бою тоң кетпеген, Ал мөнгүлүү тоолордон сызылып түшкөн миңдеген тамчылардан куралган

суулар агат. Мөңгүлөрдөн башталып, эчендеген кендерди, асыл таштарды аралап аскадан-аскага боюн уруп, аябай кайнап бышкан касиетүү Нурташ деген суу агат. Илгери Алай аркылуу Ош-Өзгөнгө өткөн соодагер, саякатчылар алыскы деңизден баштап эрме чөл, ээн талааларды, эгиз тоолу даван-белдерди ашып, күн чыгышты карай аккан Нурташ суусунун боюна келишип, суусундарын кандырып, анын даамы менен тунуктугуна суктанып, таберик кыла идиштерин толтуруп, алып кетишчү экен. Ошол суу көп ооруларга даба болот деп, уккан-билгендер кеп кылышар эле. Мүмкүн ошол суудан табылса, сиздин кызыңыз айгып кетээр беле- деп айтат.

Абышканын сөзүнө ишенген падыша Нурташтын суусун табууга буйрук берет. Анын кызматкерлери жан дилдери менен аракеттенишет.

Хандын буйругун аткарууда жакынкы аралыкта Жибек Жолу аркылуу кербен тартып, Оштон кайтып келе жатып, Нурташ суусунун боюна токтоп, идиштерин толтура алып келинген таберик сууну табууга киришишет. Дүйнөнүн чар тарабын басып Фергана-Алай аймагынан барган соодагер-кербендерди аңтарышып, сууну издешет. Өкүнүчтүү. Алып келинген суунун акыркы ууртамы жакынкы эле күндөрү ичилип бүткөн болот. Алыскы жолдо, ал сууга кайра жөнөткүчө кыздын абалы оордоп, кеч болуп калышы да мүмкүн эле. Ошентсе да, атайлап, соодагерлер кербендери менен жөнөтүлөт. Бирок, убакыт өтүп, алардын келүүсү кечеңдей берди. Айла кеткенде баягы акылман карыя, кайра чакырылат. Карыя кыздын абалын көрүп, ары акылман, ары сулуу жалгыз кызынын өмүрүн Кудайдан тилеп отурган падышаны көрүп, көпкө ойлонот. Акыры айла таппай:

-Эгер Нурташтын касиетүү суусу табылбаса, ошол дарыяны кечип, өтүп келген аттын туягын сууга чайкап, ошол чайынды сууну ичип көрсүн дейт.

Арга таппаган хан, аны аткарууга мажбур болот. Нурташ суусун кечип барган аттын туягын чайып ичирет. Айлап боюн көтөрө албай, төшөктө жаткан кыздын жүзүнөн нур жанып, жашоонун белгиси көрүнөт. Эки-үч жолу ичкенден кийин, баш көтөрүп, көздөрү ачылып, өйдө болуп, жылдыздуу жүзү жаркыйт. Күндөн күнгө кубатына кирип, айыга баштайт.

Алыскы Нурташты издеп кеткендердин, алды келе баштайт. Алардын ар кимиси, ар жолго салып кайтышкан эле. Алгачкы келгенден

-Калган шериктериң кайда?- деп сурашса

-Мурдашкам-деп жооп берет.

Анын шериктерин тар капчыгайдагы көчкү алып кеткен болчу. Жолдун татаалдыгын билгендер, анын сөзүнө ынанышып,

-Ооба.Мурдашкан. Ошол үчүн эрте келди дешип, макул көрүшөт. Ошондон улам Нурташ Мурдаш аталып, суусунун дарылык касиети чет элдиктерге таркап кеткен экен.

Жайлоонун салкын төрү. Ар жылга сайын атырылып аккан булактар ташып, аска-зоо ичин шаңга бөлөйт. Тоонун бетин каптаган калың арча, кайың-тал аралаш өсүп, түрлөнгөн түмөн гүлдөрдүн жыты аңкыйт. Көктү тиктегендерге күндүзү ачык асман, кээде ала булут көрүнсө, түндөсү жылдыздар жымыңдап, жанаша эле жайда, жакын тургансып, асман бетин бербейт. Эртели-кеч күн чыгып-батканда бирде күңгөйдү, бирде тескейди нурга бөлөп, аска-зоолорго чачыла, аябай эле ачуу тийет. Чак түштө ар колотто күндүн табы толо болуп, таштардан тап чыгат. Күндүн табына карабай ар жылгадан агылып келген тоо жели дара ичин салкындыкка бөлөп, арча-кайыңдарды селкилдете, желпип турат.

Күн чызырып катуу тийген мезгилде, машыгып жаткан жигиттер көл-шал боло терлеген денелерин тоонун тиш какшаткан муздак булактарына чайынып,арча, кайың көлөкөсүндө салкындап отурушкан. Төбөдөн топ-топ болуп учкан, өрдөк-каздын караандарынан алдын «кайк-куйк» эткен үндөрү чыгып, анан тизиле, бир тарапка учуп баратканы көрүнө калды. Көптөн бери, машыгуу менен алектенген жигиттер, бийик жерде каз-өрдөктөрдүн учуп баратканын көрүшүп, кубаныша кол булгап, кыйкырып жатышты. Тар даранын ичиндегилердин көңүлүн алгансып, тизилип учкан каз-өрдөк, кайра-кайра имериле, кайкып учуп жүрүштү. Же мурда, көптүн карааны көрүнбөгөн ээн жайдагы тунук булактардан чогулган көлгө байырлап үйрөнүшкөнбү, алыстап кете алышпады. Бир-эки айланышып, көп караандан жазганыштыбы, «кыйк-куйк» эте үн чыгарышып, канаттарын булгалашып, сапар улап, бир тарапка кете беришти.

-Жигиттер! Канаттуулар да коогасы жок, бейпилдикти жакшы көрүшөт. Көрктүү жерди самашып, алыстан учуп келишет. Биздин жер, тоо-талааларыбыз коогасыз жашаган канаттуу куштардын мекенине айлансын. Алыстан биздин жерди сагынып келген канаттуу куштардын, каз-өрдөктөрдүн сүйгөн жайы болуп калсын-деп, аларга көл жасап бербейлиби-деди бек, жигиттерине.

-Жарайт. Туура.
Көл жасап берели! дешкен жигиттер, жаалаша, шатыра шатман ордуларынан турушту.

-Кай жерге жасайлы?

-Дара ичи, каз-өрдөккө кооптуу. Кууш-жай, тар жылгада, жырткыч куштар арбын болот. Тээ бийикке, алыстан айкын көрүнгөн, ар тарабы ачык тиги Кош-Бел ылайык деди бек.

-Ага сууну кайдан алып келебиз?

-Тиги, Ат-Жайлоодон аккан суу, атырылып төмөн кетет. Ошол сууну Мойноктон ашырып, Кара-Белге алып келсек, как жондо көлгө ылайык жай бар. Өткөн-кеткен келгин куштарга да, айкын көрүнөт.

-Оо-уу. Оӊор эмес, аралык. Мойноктун эки тарабы, ат чабым алыс. Ат-Жайлоонун суусу тил алаар бекен?– деп, айрымдары күмөнсүштү.

-Көпчүлүккө эч нерсе эмес. «Көп түкүрсө көл болот» тобокел. Бизден, кийинкилерге эстелик болсун. Тоо башына көл кылган, кандай адамдар болду экен? деп, айта жүрүшөөр деди бирөөсү.

-Тоо үстүндө, кандай көл пайда болуп калды? дешип, каз-өрдөктөр да таӊ калышаар.

-Кана, кеттик. Көлүбүз ак жолтой болуп, эли-жерибизде тынчтык орносун. Тынч жерде канаттуу куштар уялап, жерибиздин коздугу арта берсин! дешкен шымаланган жигиттер, билектерин түргүнө тоо таянышты.

Бой тирешкен узун арчалар төмөн калып, анда-санда жапалак арча, каптаган гөдөө, бетеге баскан Кара-Белге жарыша чыгып барышты. Эки белдин ортолугу оӊор эмес, жыш арча. Андан бийикте арча, кайыӊ өспөгөн Ат-Жайлоонун эки тарабында таштан-ташка секирип ойноп, аккан суу эӊкүүлөп Кош-Мойноктон Шаркыраманы көздөй атырылып кетип жатты.

Бек баштатан эле оюнда эчен жолу бышыктаганбы, Ач-Мойнокко чыга бере, көлдүн томун көрсөтө, аркан бою жерди арымдап, таш белги кылып, узун-туурасы жүз-жүз элүү кадам жерди ченеп берди. Көлдүн томун казганга элүүдөй жигит бөлүндү. Бек Мойноктун кыр жонунан көз мелжеп, Ат-Жайлоодон түшкөн жонду карай арымдап жөнөдү. Анын кадамдаган издери аркан тарткандай түз баратты. Ортолуктагы колоттон өтүп, кыраӊга чыга бере, келген жагына кылчак тиктеп, анын изин кубалай таш коюп келе жаткандардын түздүгүнө көз тикти. Жонду ашып, коктуга жете,

агып жаткан суугa белги коюп, Аланын-Тоосуна сарeсеп салды. Суу мөңгү ээригенде ташыбайт. Күзгө чейин кургабайт. Көлгө накта азык болуп берет. Бек келген жолу менен арыктын томунун түздүгүн карап, кайра кайтты. Жарданышкан жигиттер ишти баштабай, аны күтүп турушкан экен.

-Жигиттер! Ата-бабалардан калган салт боюнча, ак ишке атап, ак сары башыл, бабадин. Кан чыгаралы. Ага чейин мергениң барбы, чен-өлчөмдү шыкаалаган уста-чебериң барбы, арыктын нугунун түздүгүн, жаан-чачында, ташып кетпесин аңдап, баамдап келгиле. Кыйшык жерин түздөйлү. Кеми болсо, толуктайлы-деп, кайрыла кетти.

Жигиттердин арасынан идириктүү беш-алтоо Ат-Жайлоонун этегин көздөй, жапалак арчалардын үстү менен кыялай ээрчише кетишти.

-Сен Билал, ак боз бээни алдыртып, бөкөл-касабыңды даярда. Казан-табагыңды камдап, очок-кемегени дал ушул Мойноктун кыр жонуна каздырып, тамакты ушул жерде бергизсиң.

Шашыла жете келген Билал ат үстүнөн түшпөй туруп, артына кайрыла жөнөдү.

-Жигиттер. Өзүбүздүн тообуз, жигиттин жигитин, кыштын, жайдын шартында, бороон-чапкында, бийик чокусунда сынаган. Көбүң, ушул жердин түтөгүнөн улам демигип турасыңар. Машыккан адам, ар дайым суутулган аттай, табында болот. Түтөктүү жерде дарак тургай, арча өспөйт. Дүйүм чөп да, көтөрүлө албай, карыштан ашпайт. Ошон үчүн Ат-Жайлоо, Аланын-Тоосу башка тоолорго караганда жылаңач көрүнөт. Кара-Белдин Ач-Мойногунда «эр алыш» уюштуралы. Кимдин канчалык сууп, табына келгени билинет-деп бек шымалана ортого чыкты.

-Бек, мында жеңгенге эмес, жеңилгенге жеңилгенди чыгаралы деди Шамшы-Себеби, түтөккө чыдабагандар, жөндөн жөн жеңилип берет.

Көп жигиттер аны жаалап кетишти.

-Мейли, канчалык деңгелде сууп-канганыбызды текшерип алалы –дешип, он-ондон жуп, ортого чыгышты.

Алыш бир топко созулуп, көптөн бери машыгып табына келгендер, сыналып, жеңилбестин аракетинде алышып жатышты. Аңгыча Билалдын жетегинде ак боз бээ келтирилди. Ата-бабалардын арбактарына багышталып, куран окулуп, бетке бата тартылган соң, жаңы көлгө тилек айтылып.

-Тынчтыктын, коогасы жок замандын көлү болуп, эч качан соолубасын. Келген-кеткен каз-өрдөк эркин учуп-конуп, тоолордогу жайлоолордон байыр алып, уялап, көбөйүшсүн. Жергебизге бакыттын багы мөмөлөсүн дешип, ар кими каалоолорун айтып жатышты.

Мойноктогу ал жер «Кубаттын көлү» «Кубаттын арыгы» деп кылымдар өтсө да элде айтылып келүүдө.

***

Күндөн күнгө машыгуу улана берди. Жеңилдене жалаң жаргак шым кийинип, бел кырчоодон жогору жылаңач, жылаңайлак жигиттер бир-бирден алышып жатышты. Жаргак демекчи ал ийленген теринин бир түрү. Анын жасалышы жапайы эчки, эликтин терисинин жүнү жыдытылып, ийленгенден кийин ышталат. Андан эркектерге шым, өтүк, кол кап, ат жабдыктары жана башка жасалат. Жаргак шымдын артыкчылыгы жеңилдиги, бышыктыгы менен айрымаланат. Көбүн эсе ал жигиттер эңиш, күрөшкө түшкөндө мергенчиликке чыкканда кийилет. Аны ар бир адам жанына ала жүрөт.

Тар-Конушта карууларында күчү, тулкуларына кубаты толуп-ташкан чапсаң жигиттер улам мант берише, шеригинин ар бир кыймылын сая кетирбөөнүн аракетинде болуп жатышты. Бирин-бири туш келген жерлеринен, айрыкча колу-буттарынан кармап, туш келди ыргытса, анысы сүрдүгүп барып, мүдүрүлүп-мүргүбөй, мышыктай боло тамандары менен тик түшүшөт. Так секире каршылашынын талуу жерине буту же, колун шилтеп, беркиси кайра айланкөчөк атып, кайра келип, каршылашынын колу-бутунан кармоого үлгүрөт. Бирин-бири эшик-төрдөй ыргы-тышып, чап секире ага жеткиче, анысы шарт тура калып, же жаткан боюнча куушурула келе жаткан каршылашын асып-ыргытууга камданып ордунан жумалана беркиге каршы турат. Көзгө илешип, илешпеген алардын кыймылы, ары элпек, ары ишенимдүү.

Туюк-Жылгада колуна илешкенди туш келген жеринен кармап, пырпырата ыргытарда, анысы чапсандык менен аны кармап, жыгылып баратып үстүнө түшөт. Бири-биринин буту-колдорун кайрышып, белдерин омкоро, моюндарын бурашат. Бирөөсү эки-үчөөнү уруп жыгып, же экөө-үчөө бирөөсүнө асылышып, колу-буттарын иштетип жатышты. Тизе-чыканактары менен уруп-сүзүп

каршылашын майып кылууга, же биротоло тургус кылууга болгон алардын кыймылы ары жеңил, ары элпек, чапсаң эле. Бул жерде таарынып калыш, ызаа болуш жок. Муш жегени, же катуу жыгылганы, эти көгөрүп, мурундары канаганы кайра эле күлө бага тура келип, оюндарын улантып жатышты. Топ жигиттердин кармашы кадимки эле көп кумурсканын ийинин уясын элестетип, кимди ким жыгып, кимиси жеңилип жатканын айырмалоо кыйын эле. Айрыкча жаңы үйрөнчүктөр тердеп, кыймылдары соолгун тартып, аракеттери ишеничсиздиги байкалып жатты.

Туура-Жылгадагылар бири-бирине сыйыртмак ыргытышып, чалма салышып, качканын кубалап жетип байлап, матап жыгыштын аракетинде, болушту. Каршылаштардын байлап, матоосуна, сыйыртмак салуусуна үлгүртпөй, каршылык көрсөтүшүп, өздөрүн уруп, тээп жыгууга аракеттенип, секире айкарасынан түшө, чапсаңдыгы жана элпек кыймылы менен каршылык көрсөтүп жатышты. Кимиси кандай ыкма, илааларды көргөзүшсө да муш салбай, талуу жерине теппей, колу-бутун кайрып, матап, байлап салууга болгон көнүгүү эле.

Машыгып жаткан жигиттердин ар бир кыймыл-аракеттерин көз жаздымынан кетирбей, көңүл коюп, карап турган башчысы бар. Ал ар биринин кармашуу ыкмаларынын чабал жактарына көз салат. Катачылыгын оңдойт. Каршылык көрсөтүүнүн ыкмаларын көргөзөт. Ал эрежелерди так өздөштүрмөйүн, кайра-кайра кайталатып машыктыра берет. Кыймылдары көзгө илешпей, илбирстей алгыр, мышыктай чапчаң жигиттер, күнү-түнү тынбай машыга беришти. Ары тажатма, ого эле оор, көл-шал боло тердеткен кыйноолордон улам, адам бою, андан ашкан бийиктиктен так, жеңил секирип өтүүгө көнүгүштү.

Узун-Жылгадагылар ат чаап баратып, ыргып түшүшүп, күлүк менен кыйла жерге тең жарыша чуркап, кайра секирип минишет. Атырыла чуркап бараткан ат үстүндө бир тарапка ооп, аттын колтугунан экинчи тарапка өтүп, бирде бет маңдайга кылыч шилтеп, жаа тартып, бирде ээрде тескери отура, бирде ат оморосуна эңиле, кыңкая жаа тартып, кылыч шилтеп, найза сүңгүтүп, бир аттан экинчи атка, көзгө илешпей ыргып өтүшөт. Ат үстүндө муштап, же тээп түшүрүүнү, талуу жерге муш коюп, тебүүнү, деги эле ат кулагы менен тең ойноп, шумкардай куушуруп, шамалдай жапырып, куюндай сапырган ыктарды үйрөнүштү.

Шаркыратманын этегинде найза сүңгүтүп, мээлеп ыргытуу, алыскы бутага тийгизүү, оң колдоп, сол колдоп кылыч чабышуу, айбалта шилтеп, шылк этме чабуу, алыскы-жакынкы курч куралдарга калкан тосуу, каршылашынын куралын кармап алып, өзүнө каршы колдонуу ыкмаларын өздөштүрүштү.

Чабуул коюнун, коргонуунун ар түрдүү эрежелерин өздөштүргөндөр эми жабыла жапырт аракетенүүнүн ыктарына машыгышты. Чабуул койгондорго «жол ачуу» аларды колдоо, коргоо сүрөмөлөө, чегингендерди калкалоо, «куугун», «сары изине чөп салуу», «аламан уруш», «толгомо», «качыртык», «ит уруш», «оромо», «окторула тийүү», «сүңгүп кирүү», «бөрү тил», ыктарын үйрөнүштү. Кайгуул, жансыз жиберүү, туткундоо, уруш оюндарын так үйрөнүү болду.

***

Оштон чыга берген жолоочу күн чыгышты карай бергенде, бири-бирине тирелишкен көп тоолорду көрүп, апкаарыбай койбойт. Биринен бири бийиктеп, жолоочуга жол бербөөчүдөй тирешкен аска-зоолор сүрдүү көрүнүп, сырын ката мелтирейт. Узак сапарга аттанган жолоочу, баары бир ушул тоолорду аралап өтүүгө аргасыз. Жолдун азабы да, тозогу да, ушул тоолордун ичинде. Өзүнө кайыл болуп, «жоолуккан кыйынчылыктарга чыдайм» деген адам гана жолго чыгат. Сырдуу тоолордун ичинде, асманы араң көрүнгөн тар дара бетине кар эмес, жамгыр турбаган аска-зоо, ат аягы араң баткан аска беттериндеги жантык жолдор, тик өйдөдө улоо аягы таталаган, чылк ылдыйышта сүрдүккөн, тар капчалды сүрүп өткөн, эңкейиште кечүү бербей ээ-жаа боло атырылган тоо суусу, эзели ээрибеген жалама муз тоң тиштеп, кокустан эле жаза басып кылт эткенде, тээ төмөндө «талпагы ташка жайылар коркунуч», кадам сайын көрүнүп турат. Кабышкан аскаларды шамал үйлөп куулдаса, шар аккан суу шарылдап, дара ичтери ары сырдуу, ары сүрдүү дүңгүрөгү менен жаңы келген жолоочунун жүрөгүнүн үшүн албай койбойт.

Жолдун татаалдыгынан улам, жылга-жыбыттардагы арча-кайыңдуу дүпүйгөн токойлорду, сай тал, чегедек, четин, долонолуу кокту-колотторго көңүл бөлө албай, жолдон башка тараптарды кароого буямасы да келбей, калтырап-титиреп, «Алда кудайын» араң айтып бараткан жолоочу, эптеп эле эрте-рээк жол аягына чыгып, бул кабышкан зоолордон аман-эсен өтүп кетүүнү

самап, эсине эч нерсе кирбей, көзү алаңдап, улоосун араң теминет. Ансыз да «кыл көпүрөдө» кыйналып бараткан улоо, ар кадамын эсептеп, томуктай ташты да аяр басып, араң кыймылдайт. Ачык аянтка чыга берип, «тозоктун жолунан эми кутулдум» деп ойлогуча болбой, жолоочу кайра дагы даранын оозуна келип, айласы куруй башын чайкап, жакасын кармайт. Тоо ичиндеги бир күндүк сапарында, миң күндөгү жол азабын тарткан жолоочу эртеңки жашоосунан түңүлө, акыркы жолу ыйманын айтып, күбүрөнүп жаткан мезгилде даранын төрү кеңейип, жашыл аалам, тоо бетин каптаган токой, шаркырап аккан тунук суу, ачык асман, жаркып тийген күн нуру жанды сергитип, теребелдин көркүнө көз тайгылып керемет дүйнө, азыр эле тарткан азабын эсинен чыгара, өзүнө тартып алат. Тоо ичиндеги айтып бүткүс сулуулук: ак кар жамынган чокулардын башына, ак булуттар уялап, ачык асман бетинде күн күлүмсүрөп, маңдайдагы беттерде кайберендер жайылып, уларлары уйтулдап, кекиликтери аска-зоону жаңырта чакырып, түркүн куш сайрап, түрлүү түмөн гүлдөр жайнап, тим эле бейиштин берекеси чачылган төрү кенен жай келберсийт.

-Капырай, ушундай да кооз жер болот экен да. Ушул жаратылышты көрүүнү насип кылган кудайга миң мертебе ыраазымын-деп айтканын жолоочу өзү билбей калат.

Ысык-суугу, ач-тогу, бары-жогу бар дүнүйө ушундай. Алтын баш көрбөдүм дегенин көрүп, татпаганын татып, укпадым дегенин угат тура. Жашоо ушунусу менен кызык.

-Жашоодон түңүлүп, жанымдын жабыркаганына чыдабаган акмакмын. -Тфу! Жамандык өз жолу менен кетсин. Жашоонун жакшылыгын эле көрөйүн. О жараткан ушунча жашоо берип, эл арасында эрбеңдетип аман алып жүрөсүң, эл катарында эптеп бала-чакамды багып, аман-эсен асырап жүргөнүмө каниет. Дүнүйө-байлык таппасам жок. Аман жүрүшүм, ак эмгегим менен бала өстүрүп, бапестеп тарбиялашым бакыт эмей эмне? Дүнүйөнүн түбүнө ким жетиптир. Байлык кармагандарды көрүп жүрөбүз. Байлыктын баркы бапыраганы менен келип-келип ал колдун кири. Бар болсо өзүңө жоо. Кимге эле опаа болуп берди эле? Кимди эле байлык ажалдан куткарып кала алды дейсиң. Аман жүрүш байлык, бакыт. Ушуга шүгүр!

Тоонун касиети ушундай. Жашоонун баркын, жандын амандыгын, бала-чака өстүрүп, турмуш өткөрүүнүн кадыр-баркын

эскертип коет. Акыл-эске чакырат. Жакшы-жамандын баркын билдирет. О касиетиңден айланайын тоо Кыргыз сага сүйөнөт. Энем-атам, бактым, баркым деп ишенет. Байлыкты да, акыл азыкты да сенден алат. Ошон үчүн бар табылгасың, жан дүйнөсүң, ой толгоосун, келечек-максатын тоолук сага теңештирет. Аксакалдары да бата берип, тилегин билгизээрде-Бактың, ырысың тоодой болсун! деп айтат. Тоодой эмгек кылып, тоодой ырахмат ал!- дейт.

Тоо түбөлүктүү. Кыргыз пейили да, кыргыз дүйнөсү да тоосундай чексиз.

***

Керээлден кечке уруш өнөрүнө машыккан жигиттер кеч, төөнун белиндей болгон арчанын дүмүрүнө от коюшуп, тегерене отурушуп маек курушат. Чарчап-чаалыгынуу билдирбеген жаштыктын деми менен алым сабак айтыша ырдап эс алышат. Көбүн эсе карт жоокерлердин, сөзмөр карыялардын аңгемелери аларды кызыктырат.

Атайлап кабар алганы келген Абды карыянын аңгемеси аларга аябай эле жакты. Күн сайын кечки тыныгууда улуу жагылган от боюнда отургандарга көргөн-бакканын, уккан таржымалын айтып берет. Сөзмөр карыяга шайыр-шайдоот жигиттер биринен бири өтүп, суроолорду беришип, кээде талаша кетишет. Бүгүн да жайыла отурушуп, карыянын кебине кулак түрүштү.

-Силерге улуу кагандын аскерлерине койгон талаптарын айтып берейин. Ал жоокерлердин арасындагы тартипке өзгөчө көңүл бөлгөн. Ар бир жетекчиден, жөнөкөй жоокерге чейин килерге көңүл бурган. Темирдей тартипти талап кылган. Монгол бийлиги түптөлгөндөн тартып эле, кыянатчылдыгын жүргүзүп, кан чеңгелдүү аскери менен мыкаачылыгын көрсөткөн. Улуу каган аскерин жан аябаган катаалдыкка, темирдей бекем тартипке үйрөткөн. Эч кимди аену билбеген жоокерлер менен ааламды бийлейм деген. Согушка чыгаарда аскерлерине эч убакта тойгуза тамак бергизбеген

-Тойгон киши эринчээк. Ток күчүк алыска чуркай албайт. Ток тайган түлкүгө жетпейт. Ачкалык кимдин болбосун ачуусун, ызаасын келтирет. Ачуулуу адам душманын аябайт. Кырып-жоюп кете берет» дечү. Улуу каган. Дал ошондой тартипти ойроттор да улантышкан.

Аскердик тартибинде он башчысына багынган он адамдын бирөө уруш кезинде, же экөө, үчөө же, андан көбү кача турган болсо, алар өлтүрүлөт. Ал эми жүздүктөн башкалары козголбой, алиги он адам бардыгы артына чегинсе, бары тең өлтүрүлөт. Эгер башчыларынан жарлык болуп, баары бирдей чегинбесе, өз алдынча чегингендердин бардыгы өлтүрүлөт. Эгер алиги он адамдын бири туткунда калып, башкалары куткарбаса, куткарыш үчүн барбаган калган тогуз адамдын бары өлтүрүлөт. Ошондой эле бир бөлөк он адам жоонун колунда калып, калган токсон адам аларды куткарбаса алар да өлтүрүлөт. Катардагы жоокерлер жөнүндө он башчы, жүз башчы, миң башчылар жөнүндө. Эгер он башчы өзүнүн карамагындагы он адамды уруш кезинде башкара албаса, же тартибин жөнгө сала албаса андай он башчы үй ичи менен өлтүрүлөт. Он башчы болуп калган тогузунун ичиндеги бирөө шайланат.

Анын осуяты боюнча он башчы жүз башчысына, миң башы түмөн башчы амирге, түмөн башчы- аскер башчы амирге багыныш керек. Эгер ошол чоң амирлердин бири кылмыш кылса, хан аны жазалоо үчүн эң төмөнкү даражадагы амирин жиберсе, жогорку даражадагы амир төмөнкү даражадагы амирге баш ийүүгө, башын аламын десе да, башын коюп берүүгө милдеттүү. Хандын кармагындагы амирлер, бирөөнүн үстүнөн ушак айтса, же өзүнүн даражасына байланыштуу бир нерсе тилесе, анда амирди өзүнүн башка бирөөгө же хандын аялы,же сөзүн уккан башка иш кылса, анда амирди башы кесилүүгө тийиш.

Чыңгызхандын ордун баскан балдары, неберелери анын тартип-жоболорун эч кыйшаюсуз сактап келди. Жигиттер кызмат өтөй турганы маалым болгондо, мурдагы аскер катарында болгон жоокерлерин аларга миң башылар он жолдоштон бөлүп беришсин. Алардын аталарынын бергенине карабай, алдына мине турган аты менен каруу жарагын камсыз кылыш-сын. Ошондой эле жүз башчынын балдарынын үч жолдошуна да, мурдагы аскер катарындагы жоокерлерден, колго келгендерге курал-жарак, унаасы жок болсо, анысын дайындап берсин. Биздин колго ким киргиси келсе, ага эч ким бөгөт болбосун!» деп буйрук кылган.

Ал балдарына аябай ачуусу келген. Хандын ачууланышынын себеби, балдарынын мас болуп алып, Хорезмдин шахы Мухаммеддин качып бараткан аскерин кууп, кыра албагандыгы болгон. Үгөдөй менен Чагатай Хорезмдин борбору Үргөнчтү

чапканда Мухаммед шахтын жер астындагы кампаларындагы сакталып турган шараптарын ичип, мас болуп калышып, аз жерден кырылбай калышкан. Ошондон баштап улуу хан өзүнүн кол алдыдагыларына буйрук кылат:

-Мас адам кереӊ, сокур. Анда акыл да болбойт. Анын акыл ою, максатты түккө да арзыбайт. Ичкиликке айланган байлоочүнүн колунан эч нерсе келбейт. Ичкиликке каныккан аскер башчысы өзүнүн сарбаздарын ойдогудай жоопкерчилик сапта кармай албайт. Мас болгон ноендун аткан огу кайда, эмнеге тийгенин билбейт. Мындан кийин ичкилик ичкендер болбосун деген.

-Абаке Чыӊгызхандын кысымынан качкын кыргыздарды Долонбий баштап келген делет. Анын Ак уулунан кимдер тараганын айтып берсеӊиз?- деди жанаша тарапта отурган жигит.

Жанындагы жигит, аны азилдей кетти:

-Ушул жашка чейин санжыраны билбегениӊ уят. Деги тегиӊди билесиӊби?

-Билем. Дагы да так айтылышын, силер дале билип алгыла.

-Ай-ай, жигиттер! Сурагандын айыбы жок. Айтын берейин. Кызыкканыӊ кулак сал.

-Ала-Тоого көчүп келген кыргыздарды, ооба, Долон бийлеп турду. Кийин анын Ак уулунан. Адигине, Тагай, Бердике, Муӊгуш, Наалы тарады. Бул уруктар Фергана,Түркстан аймагындагы бардык уруу топторунун арасында жашайт.

Бала кезден биздин бекке сырдаш, Ажы бий бүгүн Адигине урууусунун билерманы. Элде «он төрт ата Адигине» деген сөз айтылат. Адыгинеден Жолжакшы, Сарттар, Баргы, Бөрү, Баргыдан Сатыке, Сансыз. Сансыздан Ардай, Мөнөк, Сатыкеден Мырзаке, Кудайберди (Самат). Мырзакеден Бөкөй, Сабай, Тооке. Бөкөйдөн Баатыр Бакал, Бай Бөөчөн. Бай Бөөчөндөн Олжоке, Тилеке, Көкчө. Тилекенин сегиз уулунун кенжеси Ажыбек. Ага Кашкардан Бухарага чейинки аймак карады. Калмактар менен болгон бир нече жолку күрөштө Баатыр Бакал баштаган кыргыздардын эрдигинен улам, жоо Ош аймагына тие алган эмес. Бакал Баатыр абасынын күрөшүн Тилеке баатыр уланткан. Ажы бий Тилеке баатырдын кенже уулу. Аны жеӊелери кичинесинде «сокучу бала» деп, эркелетип тергешчү экен. Себеби, тиликарак, оожалып окторулуп турган тентек баланы жеӊелери сокку жанчтырып, көп жумшашчу. Айтканынан кайтпаган эргул кийин, эл бийлеп, баатыр аталды. Ал жөнүндө:

Тилекенин сегиз бек,
Телегейи тегиз бек.
Астанасы алтын бек
Эң кичүүсү Ажы бек,- деп элде лакап айтылып калды.

Ажыбек өз алдынча бийлик жүргүзүп, кытай Богду ханы менен алакка кылып, кат алышып турат. Берекелүү Ош аймагына көз арткан Кокон бийлиги Ажы бийдин ээлигин көрө албай ушул күнгө чейин талашып келүүдө. Ажы бий ага моюн бербеди. Кубат бий экөө аман турганда тийишүүгө даабай, мамиле түзүмүш болуп, белектерин тартуулап турганына баарыбыз күбөбүз. Кечээ эле. Калмактардын кара чабуулунда Жети-Суудагы түндүк кыргыз-дары сүрүлүп Фергана өрөөнүнө Анжиан, Наманган тегерегине келген учурда-солду кушчу Кубатбек, оңду баргы Ажыбек бийледи. Аларга жамаатташ солтолор, Наманганды, Анжиандын үстүндө сарбагыштар, Оштун тегерегинде саяктар турак алышты. Аркадан келген кыргыздарды Талкан, Тынай бийледи. Сарбагыштын экинчи тобун Үчүкөнүн уулу Маматкул билди. Ысык-Көлдүн сүрүлгөн бугулар Кетмен-Төбөгө келишти. Фергана, Кашкар аймагында кыргыздар чоң күч.

Ажыбек кичинесинен чыйрак өсүп, аң улоого өтө ышкыбоз, улак тартыш, күрөшкө ыктуу, дайыма чыр-жаңжалдын арасынан чыкчу эмес деп айтышчу. Тилеке баатыр кенжесинин тентек-тигинен, шоктугунан чочулап жүрчү. Шоктугуна жараша олбурлуу, сөөк-саактуу келип, баатыр бабаларын тартып кайтпас, эр жүрөк болуп чоңойду. Аш-тойлордо эңиш-күрөшкө түшүп, балбан, баатыр, кийин барып эс-акылына келип токтолуп, эл бийлеп, журт сурап бий аталды. Ал атасы Тилеке баатырдын байлыгы, Ош, Анжиан аймагынан ашкан даңкы менен жаш чагынан элге эрте таанылды. Айрыкча окууга шыктуулугу менен Кашкар, Бухара, Стамбул, Багдатка чейин барып, илим үйрөндү. Аскердик өнөргө кызыгып, уруш өнөрүн, үйрөнүп тасыгып таалим алды. Мына, учурда силерге уруш өнөрүн үйрөтүп, тасыктырып жаткан Ажы бийдин теги, ушундай.

Карыя аңгемесин айтканча колундагы комузун кыңгыратып отурду эле. Эми боюн түзөй, комузун күүлөп, шартылдата күү черте кетти. Күү кайрыгына муюган көпчүлүктүн жүздөрүн алоолонгон арча отундун жалына аймалап, ортодогу чоктон чарт-чарт эте учкундар чачырап жатты. Кылым сырларын кыябына келтире баяндаган кайрыктар улам көтөрүлө, кайра басайып, азыр

эле айтылган аңгемени толуктап жаткандай туюлду. Карыянын кыл терген манжалары сыйкырдай сезилип, күү ыргагы акырындап барып басылды. Угуп отургандардын бирисинин да кеткиси жок. Карыя айланасына сыдыра карап:

-Мен силерге «Жүз жигит» атту күү баянын айтып берейин деп, аңгемесин кайра улады.

-Жоокерчилик замандарда калмактардын кара чабуулун тосуп, жоону чекке киргизбей, элин сактаган, эр көкүрөк, намыскөй жигиттер арбын өткөн. Алар ата-бубалары ардактаган Ала-Тоо жеринде жашап, алыстан келген жоону алдын ала байкоо үчүн бийик-бийик дөбөлөргө байкоочу-кароол жайгаш-тырып, бири-бирине кабар берип турушкан. Бирок, көптүн башын бириктирген баатырлардын көзү өтүп, эл ичиндеги мыктылар өз ара жааташып, журттан ырк-ынтымак кетет. Мындайды көз кырынан кетирбей байкап турган душмандын ханы айылга, капыстан бир түндө басып кирип, кыргын салды.

-Туткунга эч кимди албагыла! Колуңардын келишинче кыргыз-га кыргын салгыла. Жалаң там-туң баскан балдарын чогултуп, мага алып келгиле– деп катуу буйрук берди.

Душмандын аскерлери элди аесуз чапты. Гүлдөгөн айылда өрттөнгөн түтүн, додолонгон күл калды. Жер бөксөрүп, айыл томсоруп, жапа чеккен эл кыргынга учурады. Мезгил өтө берди. Чабылган эл кайра чогулуп, көөндөгү санаасы, көкүрөктөгү жара-сы бүтөлөт. Бирок, балдарынан тирүүлөй айрылган энелер-дин күйүтү, ичтеги армандары жазылбады.

Калмактын контайчиси баягы олжолоп келген балдарды өзүнчө бактырып, өзгөгө көрсөтпөдү. Катаал шартта катуу кармап, күнү-түнү тындырбай жоокерчилик өнөргө үйрөттү. Балдар бири-бирине өктөм болуп, алсыздын алын карабай, күчсүзгө ызаа көрсөткөн, кылыч шилтеп, найза сайган, башка бирөөлөргө боор ачыбаган, мыкаачы болуп тарбияланышты. Калмак төрөсү алардын канчалык деңгээлде тарбияланганын билиш үчүн жака белдеги, жанаша аймактарда жашаган элдерге жоортулга жиберди. Согушчандар айтылган буйрукту аткарууга жан-дилдери менен аракеттенишип, эч нерседен капары жок, тынч жаткан элге кыргын салып, өрттөй каптап кирип, жер менен жексен кыла, талкалап салышты. Согушчандардын эч кимди аёну билбеген жоруктарын көргөн контайчы өзүнүн берген тарбиясы, бекер кетпегенин билди.

-Майтарылбас бул күчтү, өз туугандарына сынап көрөйүн. Жер

майышкан кол менен чабуулга аттанып барганда, аябай эле каршылык көргөзүшүп, өлүп баратышса да, багынышпаган кыргыздарга салайын. Кызыл өрткө, кыргыздар кантип туруштук берээр экен- деген оюн, зайсаң, ноендоруна айтып, колду баштап, жортуулга чыкты.

Кыргыз тарап да, калмактардын баары бир, басып киререрин туюп, кандуу кармашка даярданды. Калмактардын жаңы аскердик күчү барган жерин өрт чалгандай каптап, ташын талкан кылары, аларга эч кандай күч туруштук бере албастыгы маалым болду. Кыргыздар коргонуунун түрдүү айла-амалдарын айтышып, бир чечимге келе алышпайт. Акыры келип айылдагы карыяга келишип, кеңеш сураштты.

-Бардыгын уктум. Бул согушчандар атайлап даярдалган болсо керек. Аларды акыл кире баштагандан тартып, бирөөлөрдү аябоого, уруп-жанчып, талкалоого, өлтүрүп, өрттөөгө атайлап үйрөтүшкөндөй көрүнөт. Алар адам эмес жырткыч, макулукка айланышкан. Ата-эне мээримин, туугандык сезимин билишпейт. Алардын бир эле максаты селдей каптап, оттой өрттөп жок кылыш. Алардын сезимине таасир кыла турган, бир нерсе ойлоп табыш керек.

Баардыгы баш катырышты. Ар ким өз пикирлерин айтышты. Көбүнүн көөнүнө туура келбеди. Акыры келип, ал жандырмакты карыя өзү тапты.

-Адамдын сезими бала кезден калыптанат. Ал биринчи эненин мээрими, балага болгон сүйүүсү. Алдей айткан ыры. Экинчи мукам күү, жан жыргатып, алаксыткан үн.

Калмактар неге эле, он беш-жыйырма жыл аралыгы тынчып калды десе, алар шойкомдуу ишти баштамак болушкан экен. Баягында келип, биздин элди чапканда, жалаң жаңы басып, тили чыга баштаган балдарды ата-энесин өлтүрүп алып кетишпеди беле. Аларды өз туугандарын, өздөрүнө чаптыралы деген ойлору болсо керек.

-Сиздин айтканыңыздын төгүнү болбосо керек- дешти көпчүлүк.

-Буга чейин да, калмактардын көп кылыгын көргөнбүз. Казактарды туткундап барып, кыргыздарды, кыргыздарды алып барып казактарды чаптырган. Тил албаганын өздөрү чаап, уруштун алдына дайыма башка улуттагыларды пайдаланышкан. Эки элди кайраштырып, бири–бирине чаптырган адам- бул, Чыңгыз хандан

мурасталган. Биз жоонун кылыч, найза менен эмес, айла-амал, акыл менен да тосуп алышыбыз керек.

-Жоо бизге капчыгай аркылуу келет. Алар селдей каптап киргенде, капчыгайдын оозуна, ортосуна тосот коелу. Алдын жетишинче кармашып көрөлү Экинчи тосотко энелерди коелу. Балдары энелерин таанышар. Мүмкүн ак сүтүн берип, алдейлеген мээримдери эстерине келип, сезимдери ойгонор. Акыркы тосотко чоорчу, күүчүлөрдү жайгаштыралы. Мына ушул үч тосотту бузуп өтүшсө, согушчандар биздин тукум эмес. Айла жок. Акыркы кармашка түшүп, алдын жетишинче согушабыз– деди кол башчы.

Тургандардын баары ал сунушту туура көрүштү. Мындай апааттардын эченин баштарынан кечирген кыргыздардын алдында жан берип, жан алган кандуу кармаштын кечүүсү жакындап келе жатты.

Өрт каптагандай жоо басып кирди. Капчыгай оозун тоскон жоокерлер алдарынын жетишинче каршылык көрсөтүшүп, өткөрбөштүн аракетинде. жандарын аяшпады. Шукшурулган найза, карчылдашкан кылыч, көз ирмемге да токтобой, ары сүр, бери сүрдөн улам, кармаш ташыган суудай толкуду. Курал мизинен кан тамчылап, душман сүрүн кыргыздар токтото алышпай, алышып жатып жан беришти.

Боздогон энелердин үнүн уккандар болбоду. Жүрөктөрү ташка айланган жоо эч кимди аяган жок. Айгайдан капчыгай ичи жаңырып, ажал оту улам каптап келе жатты. Кулактары тунуп, көздөрү алдыга гана кадалган жоо кан күсөп, дүргүп, алга жыла берди. Аңгыча сыбызгыган чоор үнү, коңур тарткан комуз, сыздаган кыяк капчыгай ичинде биринен бири өтө, төгүлө берди. Үн кай тараптан чыкканы билинбей, капчыгай ичин жаңыртты. Ташка тийип учкун чачкан туяктардын, каңгыр-шыңгыр кагышкан курал-жарактардын, опур-топурун басып, жүлүндөн чыгып, жүрөккө жеткен, көөдөндү алып, көңүлгө жеткен мукам үндөн улам күтүрөгөн жоо аярлай калышты. Кереметтүү үн ар биринин жүрөгүнө найза болуп кадалып, кылыч боло тилип жаткандай, эми эле күргүштөп, алга темине ашыккандар тизгин жыя, аң-таң кала акыя, аркы-берки жактарын аярлай карап жатышты. Жүрөк сыздаган күү бирде энедей боздоп буркураса, бирде мээлүүн соккон жел сымал, ар биринин жүзүн аяр желпип, ааламдын кеңдигин, жашоонун улуулугун жар салгандай туюлду. Бирде алды-аркадан, бирде туура тараптан, жүрөктү кытыгылагандай, бирде

денени титиреткендей, миң кубула түрлөнүп, кайрыктары капчыгай ичинде толуп-ташып, төгүлүп турду.

Капчыгай. Төбөсү кең асман көгөрүп бир да кири жок тунуктугун айт. Каалгыган канаттуулар эркин сызып, адамзатын эркиндикке, кенендикке чакыргансыйт. Андан бери, апаппак тоолордун чокулары көк мелжиген көк асманга жарашып, ак жоолукту башына салган энедей мээримин төгө, карап тургансыйт. Дирилдеген күү ыргактары муздай тоңуп калган согушчандардын жүрөктөрүн жибитип, денелерин балкытып баратты. Баягы-баягы бала кездериндеги энелердин мээрими, дүйнө тербеткен бешик ырлары эстерине келе, колдору жазылып, кылыч сабынан, найза тутамынан жылбышып баратты. Күү ыргагы улам ташып, кыргыз жеринин керемети болгон мөлтүр булагын, мээлүүн желин, миң сандаган too гүлдөрүнүн буркураган жытын, капчыгай аркылуу агылтып сүрдүгүп келе жаткандарга карай төгүп жаткандай сезиле берди. Кабак түйгөн жигиттердин көкүрөктөрүнө бук толуп, көздөрүнөн жаш тамчылай баштады. Кандайдыр бир кусалык өпкө-боорлорун куушуруп, сагыныч сезимдерин ойготуп, өзөктөрү өрттөлө, туулган жер, ата-эне, бир туугандардын элестери көз алдыларына тартылып жатты.

Мукам добуш, сезимдерди бийлеп, жамгыр болуп төгүлүп, булут болуп каптап, жел болуп сылап бардыгынын дүйнөсүн өзүнө тартып баратты. Дал ушуга уюп-көлкүп бараткан колдун көрүнүшү калмак тайчысын тынсыздантты. Ал зайзаңдарынын бирине ымдап, колду баштоого баш серпе, буйрук берди. Анысы жанында турган жигитти кылычтын кыны менен түртө, алга түш дегендей буйруй кетти. Күүгө берилип, күү ыргагы менен дем алып жаткан жигит селт эте чочуп, кол кайры кыла анын кылычын колунан сууруп алды. Ачууланган зайсаң аны камчы менен башка тартты. Анын кылыгына итиркейи келген жигит кылычын кындан сууруп , аны башка чапты.

Күү ташкыны токтободу. Ага берилип, жан дүйнөлөрү менен кабыл ала угуп турган жигиттерге калмактар ат коюшуп, камчыга бөлөштү. Жан дүйнөлөрүн эргитип, жагымдуу сезимдерине кедерги боло, кол көтөргөндөргө каршы тургандар, кадимкидей куралдарын ала чабышууга өтүштү. Карса-күрс, үзөңгүлөр кагышып, кылычтар чабылып, жарк-журк эте, шарактаган куралдар көтөрүлүп, алааматтуу айкаш башталды. Капылеттен «Манас» айтылып капчыгай ичи толуп-ташып, баатырдын арбагы урпактарына дем

бере сүрөп жаткандай, алардын ар бири кыргыз экенин эсине салгандай туюлду.

Баятан бери алардын ар биринин кыймылын аңдап, көз салып турган жалпы журт, аларга кошулуп, «Кыргыз», «Манас» деп уран чакырып, калмактардын тозуп чыгарышты. Күү шаңшып, кыргыздардын жеңиш салтанатын кубаттап, Капчыгай ичин гана эмес, Ала-Тоо журтун шаңга бөлөдү.

Эл журту «өзгө болгон»- өз балдарын чоңкубаныч менен тосуп алышып, кучакташа көрүшүшүп, сагыныч-кусалыктарын жазып жатышты. Жүз жигит кийин элине чеп болуп, душмандан коргоду. Ата-Журттун ыйыктыгын, эли-жердин бийиктигин, жаштарга үйрөткөн жүз жигиттин таржымалы, «жүз жигит» аттуу күү болуп, ушул күнгө чейин комузда чертилип келет.

Комуз барда кыргыз, кыргыз барда Ала-Тоо, Ала-Тоо барда Манас айтыла берет. Бардыгы эриш-аркак жашайт. Ата-бабалардан калган адат кыргыз чогулса баатырлардын баянын, куштардын кыраанын, аргымактардын чыгаанын, уруулардын ураанын айтышып, анан данышмандарды даңктап, акылмандарды мактап, айтылгандардын кайсы элден, теги кимдигин акташып, санжыранын сапатына кирери белгилүү эмеспи.Бүгүнда Кашкар аймагындагы айылдардан келген аксакал, эл билармандары тээ ата-бабалардан берки санжыргалду кепти улашып, болумуш айтымдардан кеп козгоп жатышты.

Кыргыздын карысынын карааны жупуну болгону менен чечиле келгенде куюлушкан сөздөрү санат. Кулактын кумарын кандырып, көңүл кушун жандырып, бирде эргитип, ырахатка бөлөп сергитип, ой менен сөздү жуурулуштура өзүнө тартып алгандыгынан улам, анын куйма кулактыгына, укканын уюткудай сактаган акыл-эсине айласыздан тан бересин. Тээ дүйнө бүткөндөн ушул күнгө чейинки таржымалды так айтып, бир укканын экинчисине аралаштырбай көкүрөгүнө кыттай сактаган сезимтал, зиректиги менен өзүнө имерип алганына ыраазы болосун. Көрсө, кыргызга табигат тартуулаган шык-даремет, ата-бабалардан калган көрөңгө таза дүйнөсүндө жашап өрчүп, өнүгөт тура. Ага суктанбай кое албайсың.

Төр көркү, сөз падышасы болгон аксакалдар биринин сөзүн бири кубаттап, бирин-бири урмат-ызаттап, кеп оромун талашпай кенен отуруп, жай субкатташууларын акылмандуулуктун, сабырдуулуктун, кеп кадырын баалагандыктын уңгусу да, үлгүсү да

болорун пенде баласы кантип туйбай кое алат. Кеп казаны кайнап, кезек Эши карыяга келгенде, жарданып тургандар жабыла кулак түрүшүп, кыймылдоодон айбыга, ага тигилишти

-Ары көрктүү, ары даамдуу, нечендеген ооруларды айыктыруучу касиетке ээ болгон өрүк эненин денесине жарып, кан тармырынан көктөп, кубат алганы анык окшойт. Башка дарактардан өзгөчөлөнүп жаз алдында бүрдөп, гулдөп көркөмдүү-лүгү менен адамдардын көнүн өзүнө бурдурат. Жайында короо байлап, жалбырактары желпинип соккон жел менен кошо бийлеп турат. Ал эми күзүндө мөмөлөрү бышып, жетилип көркү, даамы, буркураган жагымдуу жыты менен өзүнө тартат. Кургатып алса убакыт бою сакталып, дарылык касиети арта берет.Чанкоону кандырат, ач калса тойгузат. Аялзаты эне да дал ошондой. Мээримдүү, кенен, айкөлдүгү чексиз.

Өрүктөн жасалган комуздун үнү так, даана. Каалагандай обон, күүгө келип, уккандын көнүн эргитет. Эненин кубанычын мээримин, кайгы мунун өзүндөй кылып кайталап берет. Кышкы мезгилдеги өрүк, карыган эненин элеси. Ага ар дайым жылуу мамиле, жагымдуу камкордук талап кылынат. Дал ошол өрүк тууралуу бир айтым бар.

Өткөн заманда бир жесир аялдын көзүнө сүрткөн жалгыз уулу болуптур. Атадан эрте калган уулун эне алаканына салып, бапестеп чоңойтту. Уулу эр жеткенде айылдагы бирөөгө куда түшүп, аны үйлөндүрдү. Кемпирдин бактысына келини мээримсиз, жеңил ойлуу болуп чыкты. Кайненесине сыртын салып, жактырбайт. Акылман эне келинин кылыктарын көрмөксөн боло, жылуу сөзүн айтып, үй-оокатына жардамдашып, бөжөңдөп жүрө берди.

Келини уулу жокто кемпирди каарып-жээрисе, бара-бара күйөсүнүн көзүнчө каргап-шилегенди адатка айландырды. Күйөөсү үйгө келген сайын калп жерден ушак айтып, энесин жамандайт. Аялынын сөзүнө кирген баласы кээде энесин жек көрүп, кээде ичинен аяп, тил тийгизчү да болду.

-«Карылык өмүрдүн кышы» деген төгүн эмес экен. Көздөн калып карыгып, күчтөн калып талыгып калган кезде, жалгыз баламдан үзүр көрбөй көз жумат окшойм. «Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү»деп бекер айтылбаптыр го чиркин!- деп зээни кейийт. -Эмне айып иш кылдым. Болгон аракетим, балдарым бактылуу, бардар жашасын деп, алардын

колдоруна кол, буттарына бут болсом да жакпайм. Бул арманымы кимге айтам. Айтсам сөз болот. Балам менен келиним бекер кыжалат болбосун деп бардык сырын ичине катат. Кечинде жатып, уктабай эне дайыма ойлончу болду.

Кемпир келинине да, уулуна да сөз кайрыбайт. Уулу таң азандан жумушка кетип, кеч күүгүмдө келет. Энесинин эмне ичип, кантип жүргөнүн сурап да койбойт. Энеси жаткан алачыкка кирип, ал абалын сурабайт дагы. Күндөр өтө берди. Кемпир кээде ач, кээде ток болду. Ага атайлап аш бышырып берген эч ким жок. Уул –келинен артканын ичсе ичет. Анын ач калганы менен эч ким иши болбоду. Көңүлүнө тамак барбаган кемпир карылыкка моюн сунуп, алдан күчтөн тайды.

Кайненесин үй-бүлөдөгү артык баш адам катары көргөн келин, заарын чачып, кагып-силкип, бышкан тамагын да ыраа көрбөдү. Көңүлү келсе арткан тамакты берип, көңүлү келбеген күнү, абалын сурап да койбойт. Жакшы сөз, жылуу мамилеге зар болгон эне күндөн-күнгө алсырап, эшикке чыгууга да дарманы калбай калды. Тамак ичкиси келет. Келинин заар тилин угарын ойлоп, шаабайы сууйт. Уулу жумуштан келип,ал-абалын сураса, көөнүмдөгү сөзүмдү, көкүрөктөгү дартымды айтсам деп самайт. Кайра экөөнүн ортосундагы ынтымагын кетирип, уруштуруп албайын деп, тилин тишине катат.

Ордунан козголууга дарманы жок эненин нуру өчүп бараткан көзү, эшикке үмүттүү кадалат. Уулунун дабышын тыңшайт. Ар бир баскан кадамын эсептеп, башбага кирип келишин самайт. Бир үйдө жашап уулунун караанына зар. Арадан күндөр өтө берди. Уул –келини өз балдары менен энени эстен чыгарышты. Эч кими андан кабар албады.

Эне байкуш алдан тайып, өлүм менен өмүрдүн ортосундагы кыл көпүрөдө турса дагы, уулунун төрөлгөндөн тартып, тили чыгып, баскан кезин, балдар менен ойноп жүргөнүн, эр жетип чоңойгонун, үйлөйм деп даярдык көргөнүн, келин кийрип, элге той бергенин, алгачкы неберелүү болгонунан бери, бардыгын көз алдына келтирип, өткөн күндөрдү эстеп, жакшы күндөрдү кайта самап, өзүн алаксытып убакытты өткөрчү болду. Көп күндөрдөн бери ачка, мөлтүрөгөн ууртам суу көзүнөн учкан эненин оозу, тили кургап, араң гана дем алып жаткан. Бир маалда эшик шырп эте ачылып, кош караан пайда болду. Аларды көргөн эне чоң үмүт менен ичи жылып.

–Байкуш уулум. Менин кыйналып жатканымды билип, дарыгерлерди ала келген го?– деп дале болсо уулун эстеди. Бирок, алар эне күткөн уулу эмес эле. Эки караан энени аяай карашып:

-Байкуш кемпир, кордукту куп эле тарткан тура

-Кемпирдин дени соо экен. Ачкалыктан алдан куруптур

-Жакшы сөз, жылуу мамиле болсо тыңып кеткидей

-Муздак суу ичсе, көңүлү сергигидей

-Балдары көңүл буруп да койбоптур.

-Бардык иш келининен го. Эч болбосо, уулу кабар алып койбойбу-деп эки караан кобурашып жатышты.

-Жо-ок балдарым карайт. Өзүм ооруп калбадымбы- деп уул-келинине сөз тийгизгиси келбеген эне, баш көтөрүп сүйлөйүн десе, таптакыр дарманы куруп, алы келбеди.

Эки караан эненин жүзүн сылап, чачтарын тарап, колу-беттеринен аяр кармаган сайын, эненин денеси жибишип, мемиреп баратып, алар баягы жомоктордо айтылчу бейиштен келген периштелер экенин туйду.

-Эне бул жалган дүйнөдө өз милдетин толук эле аткарганы көрүнүп турат.

-Кыйналып жатып да, балдарын эстегенин айт.

-Жарыктыкты бейиштин мөмөсү менен оозанталы.

-Ооба, дагы да, жашоого акысы бар. Ичер суу, көрөр күнү түгөнө элек.

Эки караан эненин аяр эриндерин ачып, оозуна жумшак, жагымдуу бир нерсени салышты.

Укмушуң кур! Мындай таттуу жанга жагымдуу даамды, түк эне таткан эмес эле. Мээлүүн, жумшактыгын айт. Уурттары толуп, кургаган тили нымдашты. Эне рахатка батып, көзүн жуумп, жагымдуу даамды татып жатып, жанында турган эки караандын качан, кайда кеткенин билбей калды.

Эне көп жаттыбы, аз жаттыбы. Оордунан эч ким козгогон жок. Кабар алган бирөө да болбоду. Периштелер берген мөмөнүн даамына магдырап, рахаттана соруп жатып о дүйнө сапар алганын өзү да билбеди. Бирок, акыркы жолу көзүнөн мөлтүрөгөн, тунук кош тамчы, каректеринен сызылып чыгып, кирпиктеринин учунда туруп калган эле.

Денесинин жаны кетип, ээк кага сулк жаткан энени небереси,капыстан кире кала, көрө калды.

-Апа, энем бүгүн оордунан турбаптыр го?

-Тек кой. Турбаганы жакшы.

-Кыймылдабайт го?

-Кыймылдаганынын сага эмне кереги бар. Чык бери деп, келини баласына карай баратып, ачылган каалгадан өңү купкуу боло, ээк кагып жаткан кайненесин көрдү.

Күйөсүнө шашыла кабар берди. Ал келип, өлгөнүн билген соң, зыйнатын кылып, тууган-урукту чакырышты.

-Энеңерди бактыңар, карадыңар. Силерден топурак буйруду. Анын арманы жок. Аркы дүйнөдөн берсин. Арты кайрылуу болсун-дешкен дос-туугандар келин менен уулга көңүл айтышты.

Келгендер жайга топурак салышып, сөөктү жерге жашырышты.

Жыл айланды. Эрте жазда кемпир коюлган мүрзөдөн жаш көчөт өнүп чыкты. Жыл жаанчыл болуп, көчөт кубат ала өстү. Экиүч жыл аралыгында көчөттүн өзөгү жоонoюп, сабагы кубаттана, бутактар чыкты. Жалбырактуу бутактар бүчүр ачып, гүлдөдү. Мөмө байлап, короолоду. Ал мөмөлөр жаз, жай зороюп, күзгө келгенде кызыл-сары, сары-күрөң болуп кооздугунан, даамдуулугу билинип турду. Мүрзөлөргө көз салган шайык, мөмөгө суктана, бирөөнү үзүп татып көрдү. Укмуш даамдуулугун айт. Ал ордунан жылбай отуруп, мүрзөдө жаткан сөөк ээсинин рухуна арнап куран окуп, жыкшы тилектерин багыштады.

Мөмөнүн ары кооз, даамдуу жемиш экенин келген-кеткендерге айтып, ооз тийгизди. Аны таткандар беттерине бата тартышып, мөмөнүн ээси ким болсо да, жаткан жери жайлуу, барган жери бейиш болсун деп алкыш айтышты.

Кемпирдин жайын билгендер, ал жерге кантип мөмөлүү дарак өсүп калганына таңданышты. Ал бейиштин периштелери алып келип, эненин оозуна салган мөмө экнин эч ким туйган жок. Андай деген ой, эч кимине келген да жок. Бейиштин мөмөсү энеге канча күнгө, өмүр бергенин, канчалык кубат, дем болгонун эч ким айта албайт эле. Ал мөмөнүн данеги эненин оозунда болуп, жерге көмүлдү. Нымда данек жарылып, мүрзөдөгү борпок топуракта өсүп кубат алды. Эненин денесинен азык алып, тамырлары кубаттанды. Сыртка чыккан сабактары ачык асман алдында, күн нурларын өзүнө сиңирип, улам бой созо берди. Мүмкүн эненин өзү менен кошо кеткен мээрими, балдарга, неберелерине болгон сүйүүсү жаткан денеси аркылуу даракттын тамырларына азык болуп, мөмөгө көрк, даам тартуулагандыр.

Эненин айкөл мээримин, балага болгон чексиз сүйүүсүн, ааламга толо кубанычын, каны-жанын аябаган камкордугун, «өз балдарым туюп, баалабаса да, жер үстүндө жашап жаткан адам заты алардын урпактары даамдап, татсын. Мөмө аркылуу энелердин тилектери ушунчалык ширин көрктүү экендигин туйсун» деген тилектер.

Мүрзөдөн чыгып, мөмө берген даракты көбү өлүк деп атап жүрүшүп, кийин-кийин өрүк атай башташкан окшойт. Себеп дегенде, өрүктүн улуу касиети көп ооруларга даба. Жеген кишинин ичтейин тазалайт. Кан тамырын, жүрөк булчуң, нерв, мээ, аң-сезимин тазалайт. Ач калса тойгузат. Чаңкоосун кандырат. Сөөк, эт, көз, кулак, ал тургай чачка чейинки ооруларга шыпаа болгон касиеттери арбын. Ошол себептен өрүктү ар бир үй-бүлө короосунда бапестеп карап, өстүрүп, мөмөсүн алышат.

Кыш бою ары тартайып, тарамы катуу, чачыла бутактаган дарак, жаз келээри менен бүчүр байлап, түрдүү түскө боелуп, ак көйнөк, ак саамай, ак жоолук, кемпир сымал, апакай, ары жумшак, ары мээлүүн, ары кооз. Жыпар жыттуу гүлдөрүн тегиз ачкан өрүк, көңүл кушун көкөлөтө көтөрүп, көздү суктантып, көөндү карк кылат. Жайкысын жалбырактары менен салкындык чачса, күзү көз тайгылткан көрктүү, даамдуу мөмөсүн берип, өмүргө, өмүр улап жашап келет.

Көрсө өрүктө эненин мээрими, берешендиги, жагымдуулугу, таттуулугу, сулуулугу, сүйкүмдүүлүгү мөмөсүндөй төгүлүп турарына тирүүлөр маани бере алабы?

Бир мезгилде адамдар жүз элүү, эки жүз жыл өмүр сүрсө да, картайбай, кайраттуу,албеттүү жашашкан экен. Кийин бара-бара алардын өмүрү кыскарып, ден-соолуктары алсыздана баштаптыр. Анын себептерин ар ким, ар түрдүү жоорушат. Ага адамзаты өзү күнөөлү экенин, эч кими мойнуна алышпайт.

Мына мен билгем Жусуп карыя өзүнүн айтышы боюнча жашы жүз он бешке келиптир. Дале күүлүү-күчтүү. Бош отура албайт. Эң болбоду дегенде жыгач жонуп, камчы сап жасап, бүлдүркөн кыла кайыш өрөт. Же кетменин чыңап, мөмөлүү дарактардын алдын жумшартат, бутайт.

-Көп жашоонун кандай сыры бар?– деп сурап калгандарга, ал киши ойлонбой туруп:

-Эмгек дейт.

Карыя түк оорубаптыр. Дарыгерге да көрүнбөптүр. Ал карыя-

нын көп жашка чыгышы жөнүндө ар ким, ар кыл кептерди айтышат. Карыя сурагандарга

-Мүрөктүн суусун ичкемин деп, коет.

-Мүрөктүн суусу кайда? дегендерге ал жөн гана

-Мүрөктүн суусун эч ким таба албайт. Ал буйруган кишиге өзү келип жолугат дейт.

-Сиз кантип ичип калдыңыз? деп суроо бергендерге

-Мен жаш кезимден баштап жалкоолук дегенди билбедим. Эмгекке атам үйрөттү. Ал киши да жүз жыйырма жыл жашап, аскадан дары чөптөрдү алып жатып, учуп кетип, көз жумган дейт.

-Аз уктайм, көп тамактанбайм. Ачыган-кычыган тамактарды ичпейм. Көбүн эсе жемиштерди жейм. Кышкыга аларды кургатып алам. Денеми талыкшытып, ныксыратпайм. Ал көп жаткандан, бекер отургандан болот. Бирөөлөр менен чардашып, кеп талашпайм. Бардыгынын пикирине макулмун– дейт.

-Мүрөктүн суусу кантип сизди издеп тапты?– деген суроого

-Ат чабым алыс аралыктагы ойго, суу чыгармак болдум. Өзүмчө:

-Ушул арыктын аягына чыкканга чейин, дем албаймын. Качан гана бүткөндө, эс аламын дедим. Таң аткандан ишти баштадым. Күн кыңкая бергенде арыкты казып бүтүп, суу байладым. Сууну жетелеп келип күнгө какталган жайга танапты ачып, ар-ар жерге бөлүп, чыктым. Сууну көрүп, таңдайым кургап, тилим оозума батпай баратты.

-Качан гана суу тунганда. Суу ичем деп, маңдайымдагы таштын көлөкөсүнө басып барсам, шылдырап тунук булак агып жатыптыр. Колумду жууп,кочуштап иче баштадым. Даамдуу муздак булак суусунан иче бердим, иче бердим. Суусунум кан-бай койду. Калганын, жетелеп келген суу тунгандыр, ошондон ичейин деп келсем суу туна элек экен. Кайра барсам баягы булак жок. Ошол мүрөктүн суусу болсо керек деп ойлонуп жүрөм– дейт. Демек, эмгек гана адам өмүрүн узартат экен. Аны эсиңерден чыгарбагыла балдар-деп карыя сөзүн жыйынтыктады.

***

Бирде Кашкарда, бирде Ферганада болуп, туугандарынан тез-тез кабар алып турган Калча бийдин, Оштогу Тилеке бий менен көңүлдөрү жакын эле. Каттоолору калыңдап, барыш-келиш кылган эки бий, коогалуу күндөрдө андан бетер ысык болушту. Экөөнү тең эл тагдыры түйшөлтүп, опурулган ойрот-тордун улам-улам басып кириши тынчын алды. Эр азаматтардын баштарын бириктирип контайчы Галдан Бошоктунун, Суаң Рабдандын кошуунуна каршы, бирге аттанышты. Фергана аймагынан запкы жеген душмандын тынымсыз чабуулу бир аз сээлдегендей болду. Бирок, Жаркен, Кашкар аймагындагы кыргыздарга контайчынын колу кожолор менен бириги, запкы көрсөтө беришти. Калмактар менен болгон кандуу кармаш токтолбоду. Эки аймактын кыргыздары биротоло жеңишке жетише алышпаса да, биримдиктери чыңдалып, кыршылыктары бирге болду. Калмак-кыргыз чабышы адатка айланды. Бирде жеңип, бирде жеңилген уруштан улам, эки тарап тең бүлүндү. Баш-аягы билинбеген калбада, эл баштаган эки бий «элим-жерим» дешип, жан берип, жан алган айкашта ажал табышса да, баатыр деген атактары жашап калды.

Кан кечкен аталарынын эрдиктери Кубатбек менен Ажыбекти шыктандырды. Ал экөө аталарынын көңүлдөрү жакындыгынан улам тез-тез жоолугуп турушчу. Бир курактагы эки бала аталарынын эрдиктерин улам, эл коргоого шерттенишкенин эч ким көрүп, билбеди. Аларга бир окуя гана себеп болгон эле.

Кубатбек чоң атасы экөө сапар тартып баратышкандагы, асмандан түшкөн ак жарык жөнүндө курбусуна айтып берди.

-Кут жакшы адамдарга, берекеси чачылган, кооз жайга түшөрүн чоң атам айтты. Ал ата-бабалардын арбактарына арнап, куран окуп, элге-жерге оомадын келишин тилеп, бата кылды.

-Ал кайсыл жер? Жакынбы, алысбы?

-Жердин аты Нурташ. Жакын эле. Жарым күндүк эле жол.

-Анда экөөбүз барып келбейлиби?

-Барса болот. Бирок эч ким жашабайт.

-Эмне, коркунучтуубу?

-Жо-ок.

-Анда эмне? Кыз балдарга окшоп «эч ким жашабайт» дейсиң

-Мен коркпойм. Мергенчилерди алып алсакпы деп ойлодум.

-Мергенчилер бизге эмне кылып берет? Ачка калбайбыз. Илбесиндер аябай эле көп болсо керек?

-Аябай эле көп.

-Анда кеттик.

Бизди издеп калышпайт бекен?

-Издешсе издешээр. Биз жаш бала эмеспиз. Билесиңби илгерки баатырлар тоо-токойлорду аралап, аска-зоолордо жашашчу дешет. Тоодогу үңкүрлөргө түнөп, жолборс, карышкырлар менен алышып, алардын терилерин кийишип, азыгын да талаадан камдашкан экен. Алардан эмнебиз кем?

-Ооба. Кеттик.

-«Жай жамынчууңду ала жүр»- дейт. Бөктөрүнчөк алалы.

Бала баатырлар салт атчан жолго чыгышты. Аңчылыктын ышкысы башка го. Жашыбы, карысыбы ууга чыгарды ойлогондо үйдө отура албай калышат. Улам шашкалактап, керектүү буюмун унутуп, кайра эстеп, алагдылана беришет. Качан тоого жетип, аңдын аркасынан түшкөндө, бүтүндөй дитин ага буруп, чарчоону, ал тургай курсагынын ачканын унутуп калат. Аңдын аркасынан сая түшүп, ага жетүүнүн аракетинде, «жерден бийик, чөптөн пас» болуп, өңүт алып, сагызгандай сак, түлкүдөй кууланып жакындоонун аракетинде болот. Качан гана аңды аткан соң, чаалыкканы, эки-үч күндөн бери тамактан-баганы эсине түшүп, муундары калтырап отуруп калат. Эчен түйшүк менен аткан аңын улоосу турган жайга жеткирүү азабычы? Баш айланган жалама бийик зоо, аска бетинде аягың араң баткан кыя жол, бирде төмөн түшүп, бирде тике чыккан жар, жемирилген жээктерди кайра басып өтүү тозоктун тозогу. Ошондон улам элде «Этиңди берип, эт аласың» деген сөз айтылат. Эчен жолу мергенчилерди ээрчип жүрүп, ал түйшүктөрдүн далайын көрүшкөн ал экөөнө аңчылыктын сыры белгилүү болчу. Мергенчилер менен тоо-таштардын арасындагы үңкүр, жарларга түнөп калышып, от боюнда отурушуп,эчен коркунучтуу аңгемелерди угушкан. Желмогуз, жез тырмак, азыткы, албарсты, үр кызы, жапайы киши, жолборс, аюу, карышкырлар тууралуу тири укмуштай аңыз-кептерди, уламыштарды угушкан.

Эрте менен үйдөн чыккан экөө, жолдо алаксып жүрүшүп, кеч даранын оозуна келишти. Тар коктуда суу бойлой карагат, бөрү карагат, кожоагат, шилби, долоно, табылгы, бадалдар жыш. Жал камыш, бетеге аралашкан чөптөр шыкала өскөн. Үстү тарабы

аскалуу зоо. Шаркыратмалардын доошунабы, же соккон желдин эпкининенби шаркыраган, шуулдаган дооштор чыгып, ары сүрдүү, ары сырдуу дүңгүрөк тынбай угулуп турду. Күн баткандан улам, дара ичи күңгүрт. Баш-аягы билинбейт. Тердеп келген улоолорун аса байлашып, жолду ката кылтакка түшүрүп, жаа менен атып алган кекилик, көгүчкөндөрдүн жүндөрүн жүлүп киришти. Бириси отун топтоп от жакса, экинчиси табылгы учтап, кебепке шиш жасады. Ала келген сүзмөлөрүн эзип, суусундуктарын кандырышты.

Аса байланган аттар бир немеден шексигенсип, баштарын селт көтөрүшө, моюндарын буруп, алаңдай карашып, кулактарын тикчийте, кошкуруп коюшат. Жапайы ээн жер, аттарга да, алардын ээлерине да өөн көрүнүп, мамыр-жумур боло ыңгайлаша албады. Күүгүм коюланган сайын, оттун жарыгы канатын жайып, айлананы жарытып турду. Жарганатпы, же түнкү учкан башка канаттууларбы, улам ары-бери өтүп, бейтаныш үн менен «чайк» эте, оттун табына жакындай албай кайкып кайра кетет. Үү-үүлөгөн үкүлөр бакырган байлуулар, ар кыл боло каткырган, жаш баланын ыйындай үн чыгарган белгисиз канаттууларбы, же жырткыч жаныбарларбы, аларды ажыратуу кыйын эле. Алардын ар кыл үндөрү, аска-зоодо жаңырып, улоолордун тынчын ала үркүттү.

Ортодогу күйгөн от, анын четиндеги отурган ээлери, бышык байланган жиптери болбосо, аттар эчак эле үркүп, келген жолго салып, качышары белгилүү эле. Арчанын чогуна накта бышырылган шишкебекке тоюп, сүзмөнүн чалабына суусунун кандырган эки дос, тынчсызданган аттарынын ээр-токумдарын алышып, тери кургаган жондорун, көк чөп менен кашышып, чылбыр менен тушашып, жанаша аркандашты. Улам коркуп, кошкурушкан аттар жалыны көтөрүлгөн от жанынан алысташпай, чөп искеген болушат. Ээр токумун, көпчүктөрдү жазданышкан эки дос чатырап күйгөн арчанын табы жетерлик жерде, баш тийиштире жамбаштап отурушту. Чарс-чарс эте арчадан учкун чыгып, ал чертиле көккө көтөрүлө кызарып барып, өчүп калат. Төбөдө жылдыздар жыш. Экөө бири-бирине корккондуктарын билдирбестин аракетинде, от ичкеретип, чок көсөгөн болушат.

Шериктер таң агарганда, кайра атташышты. Жолдун татаал-дыгынан улам, кээ жерлерде аттарды жетелеп өтүүгө тура келсе, кээде зоого кептелишкенде, кайра артка кайтышып, бир баскан жерди, эки басып убара болушту.

-Мурун да ушул жол менен өтчүү белеңер?- деди Ажыбек досуна.

-Чоң атам, оңой жолду издесең, жолго чыкпа дечү.

-Мергенчилер да ошентип айтышат.

Экөөнүн көзү төрт болуп жаңырган, кабышкан капчал ичиндеги сууну улам тепчип өтүшүп, илгерилей беришти. Капчалдын төрү кеңейе түшүп, көгөргөн көлгө келишти. Төрт тарабындагы жылгадан атырылган аккан суулар келип, көлгө кошулуп жатат. Маңдай тарап жыш арча токой. Аңгыча, көл жээгинен жай, жайыла баскан эчки-текелер көрүндү. Ат оозун тартпай туруп, жаа сунган Ажыбек, четте бараткан текенин такыр колтугуна карай, жебе тартты. Ордунан бир секирген теке, сунала жатып калды. Ары моо, маңыроо караган кайберендер жаай басып, аскага жайыла беришти. Көл жээгине түшүшүп, текени көтөрүп келгенде, ал эки жашар экени билинди. Куу арчага асып, заматта терисин сыйрыганга чейин, Кубатбек көл жээгиндеги куу арчаларды топтоп үйүп, от тамызды.

Аттарды аса байлашып, бети колдорун чайынышып, сергишкен соң, текенин жоон ичегисин арта боор эти менен, таш кордо кылышты. Муздак булактан кере жутушуп, аттарды жайдактай, тушап отко коюшту. Көлгө түшүшүп, сергишип, ошол жерде түнөмөк болушту. Уларлары уйтулдап, бир зоодон экинчи зоого учса, күңгөй-тескей бетин бербеген кекилик, чил, талаа ток, көгүчкөндөр өрлөп, мант берген коен, түлкүлөрү кокту-колотко жыш. үнүн угуп, караанын көрүп, каны кызыган жигиттер жолборстой жойлоп, токой аралашты. Туш келген жерге тузак коюшуп, уучулук кылышты. Заматта эле олжолуу кайтышып, канаттуулардын жүнүн жулуп, коендордун терисин сыйрып, арчадан лаулдата от жагышып, токой ичинде шиш кебектин жыты буруксуду.

Эзели адам колу тийбеген куу арча-кайыңдын төөнүн белиндей болгон дүмүрлөрү туш келди чачырап жатат. Күүгүм кире электе турак алган жердин атарабына төрт комок кыла үймөктөштү. Улоолордун ээр-токумдарын ортого алышып, аттарды да жашаңга коюшуп, чылбырларын колдорунан чыгарышкан жок. Бийик тоо башындагы, дара ичинде күн батары менен түн кирди. Көл жээктеги токой ичинен табышмактуу үндөр, кыйкырык, ызы-чуу, куу-сүрөөн туш тараптан угула баштады. Төрт тараптагы алоолонгон жалын дуу эте көтөрүлүп, кайра басаңдап, тилин

соймоңдото айтыла жүргөн албарсты, жез тумшук, жин-перилердей ороп, бийлеп жаткансыды. Жалын көтөрүлгөндө аркы тарап көрүнө калып, кайра пасайганда күңгүрттөнүп, түнөргөн түн өкүм сүрдү. Токой түпкүрүнөн угулуп жаткан ызы-чуу жакын эле жерден чыгып, чочуп учкан канаттуулардын бутактарга тийген парпырагы, кургак дарактардын карс-карс эте сынганы, самсалаган шактардын шар эте айрылганы, бири-бирине кысыла, түртүшө-тартышканы, шак башында конгон канаттуулардын чочуп, «чайк-чуйк» эте кыйкыргандары, ооздорун ача, тиштерин шакылдата, аркыраган жырткычтар, алардан коркуп «дуу» эте үрккөн добуштары от боюндагыларга даана угулуп, сезилди. Ат байкуштар кулактарын тикчийте чылбырдан бошонушса эле, бир тарапка качып кетчүүдөй болушуп бирде алдыга, бирде артка ары-бери ойдолошуп, кошкурушат. Кайра бошотпой кыс-ка чылбырларды бекем кармап отурган ээлерине ишенгендей окуранышат.

Дарак ичиндеги отко карап, жин-перилерби, же албарсты, ач күсөн, желмогуздарбы, кантсе да түрү укмуш жан-жаныбар, жан-дыктарбы жакындап келе атышкандай. Демдерин ичине алып, таноолору кыпчыла, өңдөрү кумсарган эки дос, көздөрүн чакчайта, ирмөөдөн жазганыша болгон куралдарын колдоруна алып, соймоңдогон жалындардын арка тараптарынан көз албай даяр турушту. Ызы-чуу, заар, дене-бойду дүркүрөткөн ажаан үндөр кулак-мээни жеп, түнкү токойду баштарына көтөрүп, баарын кыйратчудай болуп, каптап келе жатышты. Байлуулар бакырып, үкүлөр үүлөп, чөбөрүлөр бирде каткырып, бирде ыйлап, ызы-чууга аскалар жаңырып, эки достун үшүн алды.

-Кол салышабы?

-Кимиси болбосун оттон жазганат.

-Көптөп кетишпейби?

-Эч бир жырткыч адамга даап тие албайт.

Жапайы кыйкырык, ызы-чуу улам жакындай берди. Жылкы жаныбардын көзү ачык делгени ыраспы, эми алар чындап үркүштү. Кишинешип, эки аяктарын сермей тик тура кала булкунушту.

-Так-таак! Шык-шык.

-Коркпогула, биз жаныңардабыз.

-Дыр-рр!

Ызы-чуу басылып, айлана дым боло түштү. Түнкү түйшүк менен болуп жатып, таң агарып баратканын туйбай калышкан болчу.

Түн каракчысы таркай электе, орун которушуп илгерилей беришти. Жол улам татаалдана берди. Түрдүү айбанаттар тууградан чыга калат, кээлери жолду кесип өтө, жолоочуларга таңыркай карашып, маңыроо узатып калышат. Мүйүздөрү чычаңына жеткен тоо теке, кулжа бой келбети келишип, аярлай кадам шилтешкен эликтер козу-улактарын ээрчите, топ-тобу менен жоолугуп жатты. Куйруктары чубалжыган илбирс, сүлөөсүн, майпаңдаган аюлар, курк-курк эте жер челген камандар токой ичинен чыга кала, аларды бир карашып, кайра кирип кетишет. Дөңкөңдөгөн кашкулак,суурлар кадам сайын жолуга калышат. Бүркүттөр тээ бийикте калдайган канаттарын керип, жаай айланышса, шукшурула сайылып, бир зоодон, экинчи зоого канат сермеген ителги куштардын түрү ого эле көп. Уйтулдаган уларлар, аска-ташты жаңырта чакырган короз кекилик, балапандарын ээрчиткен эне чил, кекиликтер быкбырдай, биринин артынан бири учурап жатты.

Берекеси ташып, жан-жаныбар, канаттуу куштун баары бар. үйүрү менен ээрчише жүргөн кайберендерге толгон Нурташ аймагынын ичи тим эле жомок. Таза аба, тунук булак, жапайы арча, кайың баш болгон жыш дарак, башка аймактардан өзгөчөлөнгөн, кайталангыс кооздугу, кереметүү көрүнүштөрү менен эки достун көөнүнө ого эле жакты. Төбөсү көккө тийгендей учтанган жылаңач зоолордун бетине кар-жамгыр турбай, этектеринде кылымдан каткан мөңгүлөр ийип, ар жерден оргуп чыккан булактар жаратылышка азык болуп, айлананын баары деги эле куурабастай, жап-жашыл боло, жай мезгилин кетирбей, кармап тургандай сезилди.

Улам аска учтарына сүрүлүп бараткан булут илинип, -«Ушул жайды бир аз салкындатып, сергитейин» дегенсип, дыбырата жамгыр себелеп, -«Эми күнгө курганып алгыла!» дегенсип, пахтанын буласындай булуттар жай сапарын улайт. Даранын баш тарабы кеңейип, тарам-тарам боло бөлүнгөн жылгалар «өз менчигим ушулар» дегенсип, биринде жалаң арча болсо, экинчисинде кайың, үчүнчүсүндө четин, ыргай, төртүнчүсүндө табылгы, шилби аралаш, кийинкисинде долоно, карагат, караган, дагы кийинкисинде бардык дарактар аралаш, бетеге чөптөрү да, тескейде өзүнчө, күнгөйүндө өзүнчө болуп, баш ала гүлдөп, түмөн түркүн түс-ыраң көз жоосун алат. Улам бийиктеген сайын токой сээлдеп, белге жете буралган тулаң чөп суюла, жапалак арча, карыш-нукумга жетпеген бетеге, гөдөө леп эткен желге баштарын

ийе сеңселет.

Удургуган шамал катуулап, мойнокко чыккан экөөнүн этек-жеңдерин делбиретип, аттарынын жал-куйруктарын сапыра, зуу-зуу шамал жүрдү. –Болгула, тезирээк. үлгүрүп калалы дегенсип, көктөгү булуттар биринен-бири өтө Акбай менен Жылаңач зоонун төбөсүнө чогула кетишти. Асман түнөрүп, комоктошкон кара булуттар бири-бирине кагышкансып, катуу күлдүрөп, чарт-чарт эте чагылган учкун чыгара, жамгыр төгүп кирди. Эки дос Ач-Мойнокто калканарга жай таппай, «Өткүн заматта өтүп кетет» деген кыязда, бөктөрүнчөктөрүндөгү жамынчуларын жамына, жамгырдын келген тарабынан, ар коктуну аралай өтүп бараткан караандарын таңыркап турушту. Башка жактарда күн чакчая тийип турат. Нурташтын үстүндө гана жамгыр шатырата төгүп, тим эле майкандап жиберчүдөй сезилет.

-Мойнокто туруп алып, бизди тоготпогон силерсиңерби дегенсип, нөшөрлөгөн жамгыр, мөндүргө айланды. Бармактай болгон мөндүрлөр жер бетин сабап, заматта агарта койду. Жамгырдан чыйрыккан аттар малма суу болуп, калчылдап жатышты эле, эми мөндүргө туруштук бере алышпай, ойдолой качыштын аракетин кылышты. Бирок, жамгырга эзилген жайлоонун борпоң топурагы, мөндүрдөн улам сыйгалак болгондуктан, кадам шилтөөдөн коркуп, орундарынан жылышкан жок. Добулдан улам чогулган мөндүрлөр бири-бирине кошула ээрип, түз эле жерлер шаркыраган ссуга айланды. Чарт-чарт эткен чагылган улам күчөп, добулдун этеги лапылдаган ары жумшак, ары жеңил карга уланды. Учуп-конгон көпөлөктөй болгон кар бүртүктөрү жер бетин каптап, жапалак арча, бетегелер деги эле жакынкы көрүнгөн аймак, актыкка чөмүлдү. Кадимки кыш жер бетин каптагандай болду. Заматта эле өзгөрүлгөн табиятка таң калган достор жаратылыштын өзгөрүлмө тажаалдыгына, ары коздугуна суктаныша, орунда-рынан козголушкан жок.

Аңгыча болбой кандайдыр бир тараптан шамал согуп, көктөн түшүп келе жаткан кар бүртүктөрүн сапыра, бороон боло ышкырды, уйгу-туйгу соккон шамал айлананы көрсөтпөй, туман чүмкөдү. Төбөдөгү түнөргөн булуттар сөгүлө, чачылып, күн күлүңдөп чыга келди. Көктөн түшүп жаткан жамгыр тамчылары күн нурларына чачылыша, ар кыл түскө боелду. Кокту-колот, жон-белестерге каршы-терши көп нурлар агылып, асан-үсөн түстөрү жер бетине чагылып жатты. Ал бир топко созулуп барып, кокту

колотко бөлүнө чачыла кетти. Аңгыча болбой көктөн кадимки сүттөй болгон аппак-ары кооз, ары тунук коюу нур Нурташтын орто жерине төгүлүп түштү.

-Ана, анаке! Карачы досум, кут түштү. Кут! Айтпадым беле кутту көрөбүз деп, Нурташ ушундай касиеттүү жер-деп Кубатбек жаны калбай сүйүнө, тоо жаңырта кыйкырды.

Чай кайнам убакыт ичинде уламдан-улам алмашып, жылдын төрт мезгилин кайталай, тоонун шартын эске салган ары майин, ары катаал шартын тартуулаган табияттын сырына суктанып турган Ажыбек, мындай өзгөрүлгөн абалды эчен жолу башынан өткөргөн тоолук болсо да, эчен жолу асан-үсөндү кубалап, колоттон кырга чыгып, жон-жондоп жылгага түшүп, асан-үсөн түшкөн жайды таап, түгөнгүс бакытка ээ болом деген балалык кыялында, өпкө-өпкөсүнө батпай, булоолоно тердеп, эчен бир күйүккөн эле. Ошол эгиз түстөргө жоолугуп, андан соң агылып түшкөн ак түскө таңданып, суктанып турганда досунун кубанычтуу кыйкырыгы кошул-ташыл боло жан дүйнөсүн эргитти. Бүткөн боюн дүүлүктүрө, көкүрөгүнөн жара чыккан кандайдыр бир жылуу сезим ыр болуп, сапташа албай, сүрөт боло жупташа албай, керемет дүйнөнүн сулуулугун, туулган жердин кооздугун, Ата-Журттун бийик да, тунук да көркөмдүгүн айтууга, сезүүгө, туюга, мажбурлагандай башын айландырып турду.

Кут. Касиетүү кут эли-жерибизге оомат бер! Тынчтык токчулук, ырыс бер? Бакыт кушу көкөлөп учуп, ылайым эле ууласын. Сезиминде ушул сөз кайталанып жатты.

-Досум, экөөбүз ушул кут даарыган жерде туруп, эли-жерибиздин тынчтыгын коргоого шерттешели.

-Келе колуңду.

Өрөпкүп, кубанычын жашыра албай кашкая күлгөн Кубатбек, ат үстүндө кучагын кенен жая, досун кучактады. Достор ат үстүндө айкаша, алмак-салмак көкүрөктөрүн тийгизишти. Үстүлөрүндөгү жамынчуулары түшүп, астыларындагы чыйрыккан аттары ойдолоп, алар да бирин бири моюндай, кашына кетишти. Экөөнүн шертине ак жамынган тоолор, көк асман, кашка күлүп, алтын курларын ааламга чачкан күн күбө болду.

-Экөөбүз достугубуздан жансак, убадаларыбызды аткарбасак төбөдөгү көк асман, жашоого жан берген күн, жан-жаныбар, жалпы адамзаттын энеси жердин касиети урсун! Эли-жерибизге тынчтык, бакыбат алып бермей сайын, ат үстүнөн түшпөйбүз. Жаа

жонубузда, кылыч колубузда. Өлсөк бирге өлөбүз, көрсөк бир көрөбүз. Бири-бирибизден жол, амал, бийлик, так талашпайбыз.

Эки дос тоонун шумкарындай шукшурула, тээ төмөндө кут түшкөн коктуну көздөй, аргымактарын атырылта чаап жөнөштү.

***

«Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат» дейт өнөрдү кастарлагандар. Анын сыңарындай тоолуктардын тутунган өнөрү турмуштун зарылдыгынан жана өзүнүн кызыгып кармаганынан улам ээ болгондой. Тоонун татаал шарты ар бир эркек тамадан мергенчиликти, колу усулдуулукту, ар кандай керектүү буюмдарды жасоону жаратылыш менен сырдана болууну кайберен, илбесиндердин кыял-жоруктарын терең өздөштүрүүнү талап кылат. Бала кезден ата, агасын ээрчип, аң уулап, жаа тартып, капкан коюп, кылтак түйүп, тузак тартууну үйрөнөт. Кайберен, жырткычтардын жер бетине түшкөн издерин байкап, эски, же жаңы экендигин аңдап, жол чалып кеткенин, же келгенин, кай жерге барып токтогонуна саресеп салууда кыраакылык, баамчылдык, сергектик талап кылынат. Ал үчүн сагызгандай сак, түлкүдөй куу, куштай көрөгөч, машкедей жыт алгыч болууга мажбур. Андан сырткары куш түйүп, жапайы канатууларды колго үйрөтүп, үндөккө келтирүүдө тажабаган түйшүк, чыдамкайлык мээнеткечтик керек. Ал эми атты асырап, күлүк таптоо, төрт түлүк малдын ар биринин кыялын билүү түйшүгү да оңор эмес. Чарбадарлар айтмакчы «ар бир ишке сырдана болуп, жадабасаң гана» ийгилик колго келет.

Тоолуктун баласыбы, кызыбы жети жашка чыкпай жатып, колуна иш кармаганга үйрөнөт. Балакатка жеткенде кадимкидей тасыгат. Ошол себептен элде «эне көргөн ийне саптап иш кылат. Ата көргөн коргошун куюп, ок жөнөт» дешет. Кыз күйөөгө чыкканда, жигит үйлөнгөндө үй түйшүгүн колго алып, өздөрүнчө түтүн булатышат. Жашоо-шартка карай, көбүнчө көчүп-конуп жүргөндүктөн жигит адам, жыгач ишин карманып ээр чаап, табак, аяк, чөмүч, челек, кашык, сүзгү жасаса, келин-кыз тери өңдөп жибитип, шырдак шырып, кийиз жасап, жүн, тери иштетет.

Тоолуктун кийген кийими, пайдаланган буюмдары ары бышык, ары жеңил, ары ыңгайлуу, көркөмдөлүп жасалат. Ал да болсо жаратылыштын тийгизген таасири, табигаттын сулуулугу.

Тоолуктун ошол көрк-жарашыкты сезип, аңдап туюшу. Кайсыл гана буюмун алба анда жаратылыштын бир кубулушу айкын байкалып турат. Башкасын айтпаганда да боз үйү толугу менен жыгачтан туруп,үстү кийиз менен жабылган. Анын түндүк, уук, кереге, босого-тал, ж.б кайыңдан эркектер жасайт. Түндүк боо, жел боо, канат боо, үзүк боо, турдук боо, кырчоо, уук тизгич, кереге чалгыч жана башкалар аялдардын колдорунан чыгат. Боз үйдүн ичи улага, эпчи жак, төр жана ээр жагы болуп бөлүнөт. Улага үйдүн кире бериши. Ага отун, ээр токум коюлат. Эпчи жагы чыгдан менен тосулган кире бериштин оң тарабы. Анда тамак-аш, идиштер коюлат. Алар аял затына таандык. Эр жагы үйдүн сол жагы. Анда эркекке тиешелүү буюмдар илинет. Боз үй төрт канаттан он эки канатка чейин кеңейип, алтымыш, сексен, жүз… баштуу үй делинет.

Колунан көөрү төгүлгөн, ар өнөргө маш Эргешаалы карыя Капчыгайдын оозунда жашайт. Өзүнүн колунан жасалган алты канат боз үйү дайыма ирettү. Бой жеткен кызы Нуркаштын сарамжалдуулугунан улам, үй ичиндеги буюмдар өз-өз ордунда. Карыя илгертен эле, кайберендерге капкан коюп, илбесиндерге тузак тартып тиричилигин өткөрөт. Качан болсун кереге башында улар, кекилик, чил, ашканасында аркар, кийиктердин эттери илинүү турат. Улагадагы жаткан жууткур капкандар төрдөгү аюу, карышкыр, жолборс, суусар илбесиндерди кармагандыгын айгинелейт. Кең пейил, адамгерчиликтүү каыянын үйүнө келген адам ыраазы болуп кайтат. Ал Кубатты көргөндө кайдан болбосун атайлап келип, үйүнө чакырып, эшик-төрүн көрөтмөй сайын жаны тынбайт. Жайында кымызын, кышында бозосун берип, кайберен, илбесиндердин этин тартат. Ары жөнөкөй, тиричиликтен башканы ойлобогон карыянын меймандостугу аны ыраазы кылчу. Жылдын төрт мезгилине жараша иш тутуп, кеч күздө кыйган кайың, чегедек, четинден жаз, жай бою кереге-уук, түндүк, идиш-аяк жасаса кышында капкан, жууткур, баш капкан коюп карышкыр, түлкү, эчки-теке, элик, суусар, кундуз жана башкаларды кармайт. Суу бойлото, кыр жондон койгон тузагына улар, кекилик, чил, жапайы ток, көгүчкөндөр илинет. Табигат берген насипке каниет кылган карыя, табылгаларын туздап, үй жанындагы үңкүргө илип коет. Ары салкын, кургак үңкүр ичинде аркырап өткөн шамалга как кургаган эт, каалаган мезгилге чейин тура берет.

Колу усулдуу чебер ууз. Нуркаш кызы суусар, кундуздун терилерин өңдөп, бышырып, эркектерге, кыз балдарга ылайыктап

тумак тигет. Карышкыр түлкүлөрдүн терисинен ичик тигип, эчки-теке, эликтердин терисин ашатып, жаргак-эркектерге шым, аялдарга жамгырда кие турган жегде, желек тигет. Ата-бала бекер отурушпайт. Колдорунан көөр төгүлүп, тери-жүн иштетишип атасы кайыш өрүп, үзөңгү боо, куюшкан, көмөлдүрүк, жүгөн, камчы жасаса, кызы шырдак шырып, кийиз, калпак жасайт. Таар согуп, керегe боо, уук тизгич, жел боо, аркан, чылбыр эшет.

Чын көңүлдөн дит кое, бышыктап, сындуу жасалган буюмдардын кардарлары арбын. Биринен бири көрүп, биринен экинчиси угуп, баасын сурабай өнтөөсүн берип, буюмун атайлап алыстан арзып келип, алып кетишет. Айрыкча суусар, кундуздардан тигилген тебетейлерге жалаң мырза, мыкты чыкма бек, бийлер, бир эле тоолуктардан эмес, тээ түпкүр тараптагы чоң калаалардын башчылары, бекзаада, байлары атайлап адам жиберип, бодо мал берип, же анын баасына ылайык, дан, буюм айырбаштап алдырышат. Айрыкча «кой суусар», «суу суусар», «калтар суусар» жана башка өңдүү ар кыл түрүм карыя гана билет. Күңгөй-тескейдин, эгиз-жайдак жердин, таштардын өңүнө жараша суусардын да түсү айырмаланып турат. Нурташтын ар бир жылгасын, зоолорун, кокту-колотторун, капчал, суу бойлорун жердеген жырткычтарынын ыраң түстөрү ар башка. Алардын кайсыл мезгилде түлөп, кайсыл мезгилде түк-жүндөрү өсүп жетилерин кексе карыя жакшы билет. Айрыкча суусар жаныбар. өтө жырткыч, ач көз, таш боор, сугалак, өтө куу келет. Ал айрыкча ширин даамды, жемиштерди жакшы көрөт. Бир колоттон жүрүп, экинчи колоттогу жытты жаземдебей айрый алат. Кокус темир капканга түшүп калса, бошонууда өзүнүн жанын өзү аябайт. Бутун кырча тиштеп, бошонуп кетет. Аны жакшы билген карыя таш капкан, най капкан, асма капкандарды чебердеп, билинбес кылып коет. Ага түшкөн суусардын түк жүндөрү бузулбайт. Башка жырткычтар келип ага кол сала албайт.

Колго түшкөн суусарды туюк союп, терисин бузбай, эптүү кергичке кургатып, ийлеп, жумшартып, кызына берет. Нурташ аны өлчөп, бычып, тээсин бузбай жигин билинтпей, кандай адам кийсе да жараша тургандай, сындуу кылып, көркүнө келтирет. Фергана аймагындагы бекзада, мырзалары, бай балдары, ал тургай бийлер көбүн эсе Кубатбек менен Ажыбектин баш кийимдерине, бойлоруна топ келген ары сындуу, сөлөттүү, жарашып турган кемсел, тондоруна көп суктанышат. Кышкы тебетейдин, жайкы

калпактын кай жерде жасалып, тигилгенин, кимдердин колунан чыккандыгын биринен-бири өтүп суранышат. Көпчүлүк Нурташтын өзүн көрүп, билишпесе да, атын угушуп «Нуркаш сулуунун колунан чыгыптыр» дешкен, даңазасы дайын.

«Ийди жанында-ийри жыгач жатпайт» демекчи карыянын ийдисинен турмуш-тиричиликке зарыл, керектелүүчү жыгачтан буюмдар жасалат. Кайсыл жыгачты кайсы мезгилде кыркып, кургатуу, кайсынысын топурак, көңгө көмп, канча убакыт кармоо карыяга жат. Чоктой кызыл табылгыдан ар кыл камчы сап, долонодон ача бакан, шилбиден буюм сап, кайыңдан токмок, деги эле жыгачтардын эң бышыгы жана катууларынан сүңгү, келтек, таяк, бир чабар жоокердик буюмдар жасалат. Табылгы, долоно шилбилердин көп жылдыктарынын тамырлары чомгороктошкон долоно, табылгы, шилбини бир-эки кулачтай кылып кесип алып, басканга таяныч, коркунучта курал кылып пайдаланышат. Ээн жер, коркунучтуу жайларда карышкыр баш болгон жырткычтар, же бирин экин ууру-каракчылар кезиге калып, кол салышса «бир чабарды», дадил шилтеп, жаткыра коюп кете берет. Тамыр тарабы уютулган коргошундай салмактуу, катуу жыгач анча-мынчага сынбайт дагы, тийген жерин талкалап, кайра тургус кылат.

Кубатбектин Нурташ аймагын байырлап, тез-тез келип-кеткенинен улам Ажыбек ойлонуп, анысын досуна билдирбей жүрдү. Бир күнү аргымактарын катар бастырып келе жатышканда, күлө бага, сөз узатты.

-Нурташка болгон сагынычың күндөн-күнгө ташып баратабы?-дейм

-Нурташка болгон сагынычым тарабайт.

-Нурташкабы, же Нуркашкабы?

-Нуркашка экенин кайдан билдиң? деди ал кашкая күлүп.

-Жерге караганда, кызга болгон сүйүү таттуураак болот окшойт?

-Эмне себептен?

-Сынар жолдун томуна, сенин атыңдын изи көп түшчү болду.

-Менин жүрөгүмдөгүнү кантип туюп алдың?

-Сенин жүрөгүңдөгүнү туйбасам, достугум кайсы.

-Эх досум! Айта албай жүрдүм эле.

-Магабы, же кызгабы?

-Экөөңө тең.

-Мен сезгенди, ал да сезгендир?

-Билбейм. Ал жерден өткөндө, сүрдөчү болдум.

-Ха-ха-ха канчалаган жоодон сүрдөбөгөн баатыр, айылдын бир кызынан сүрдөйбү?

-Ал мага, жоодон да, сүрдүү болуп көрүнөт.

-Сөзүңө ишенбей турам. Ал сага жамандык кылмак беле?

-Кеп анда эмес, Оор үшкүрүнө, бек башын чайкап-Жүрөк байкуш сүйүүнүн алдында алсыз окшойт. Бир карасам, ал мага, кол жеткистей сезилет.

-Андай эмес досум. Карыяга айтсам, жок дебейт. Сен кызды сөзгө тарт.

-Кептин баары ошондо болуп жатпайбы? Кыз сыр бербейт. Баягы, баягы эле боюнча.

-Сөз салдыңбы?

-Кайдагы сөз. Салам айтсам, алик алып коет.

-Анан?

-Ошол.

-Мен сени, жакшы көрөм дебейсиңби?

-Ошону, айта албай жатпайынбы?

-Кыйкырып кылыч салсаң, көбүн жалтаңдатасың. Айкырып найза сунсаң, баарын алдастатасың. Бир кызга, бир сөзүңдү айта албайсыңбы?

-Айта албай жатпайынбы?

-Неге?

-Коюңуз. Ага-карындаш болуп эле жүрө берели-десе, осолум чыкпайбы.

-Ал антип айтпайт. Осолуң чыкпайт. Айт.

-Кое тур. Менин жакшы көргөнүмдү ал, сезээр бекен?

-Сезет. Сезбей коет дейсиңби?

-Аны сен кайдан билдиң?

-Ал мага айткан?

-Эмне деп?

-«Досуңуз кийинки күндөрү, такыр эле сүйлөбөй калды. Эмне, бизден тарынычы барбы?» дейт.

-Чын эле, ошенттиби?

-Чын эле.

-Сен, эмне деп, жооп бердиң?

-Ал сени жактырып калыптыр дедим.

-Ай! Бек чочуп кетип, кыйкырып жибергенин билбей калды. Жалган айтпа.

-Жалган айтпайм.

-Ии?

-Ал кишиге тең эмесмин. Ханышалардын колун сураса, эч кимиси ага жок дей албайт. Сиз мени шакаба чекпеңиз. Мен сизди бир тууган агам деп жүрөм. Кайдагы бир тоолук абышканын кызын жактырам деши, осол болоор деди.

-Ай ата! Мен ага жете албай жүрсөм… Эмнеси осол?..

-Ал ошондой ойлойт экен.

-Ал мага канышалардан да кымбат. Мени чын досум десең көндүр. «Төбөсүнө көтөрүп ардактайт» дегин.

-Айтып көрөйүн.

-Айтып көрбө. Аткар!

-Ха-ха-ха. Макул таксыр.

Ажыбек чын дилинен каткырды. Ай сүйүү,сүйүү. Мынчалык кымбат, мынчалык неге бийиксиң эх! Экөөбүз эл башчысы болгонубуз менен сүйүүнүн алдында колунда бийлик, байлыгы жок тилемчидей окшойбуз.

Кубатбек досунун тамашасын эми гана түшүнгөндөй тымпыйды.

-Менин жүрөгүмдөгүнү сезбей, тамашалап жатасың. Сүйүү деген тамаша эмес. Сүйүүнү сүйгөндөр гана түшүнөт- деп ат мойнун буруп, кетип калгысы келди. Бирок, досунун канчалык даражада өзүн кыйбастыгын, баары бир жакшылык кылаарын ойлоп, суроолу тиктеди.

-Чын, көңүл кушуңа тура келсе айла жок. Баятан берки экөөбүздүн сөзүбүз, кыялга келип, келбеген бир тамаша. Экөөбүз эл башчысы катары, мындай ишке астейдил мамиле кылышыбыз керек. Ойлонуп, кеңешкен орундуу болот. Сүйүү кимдердин жүрөгүн жаралабаган. Сенин сүйүүнү баалаганыңа ыраазымын. Көрсө, сүйүү дөө-шааны хан-бийди жөнөкөй бир адамдын абалына алып келип, коет тура. Колуңда бийлигиң ташып, бир журтту бар-жок кылып коюшка дараметиң жетип, бир ооз эле оозуңдун желин коротор даржаңдагы чагың. Ал эми сүйөм деп айтууга шайың келбей, аны опол тоодой күч катары сезип, аны аярлап, айта албай, кургакта калган балыктай өзүңдү чабал, алсыз туйганың сүйүү деп кеселдегениң. Аны баалагандыгың. Сүйгөнүңдү Нуркашка өзүң билдир. Жообун ук. Ага карап иш туталы. Макул болсо, каадасын кылып, калыңын төлөп, ыгым-чыгымын мен мойнума аламын. Сендей эр азаматтын балдары биздин урууга

жээн болушу сыймык. Ынтымагыбыз дагы артып, туугандык каттообуз ого бетер жакындайт. Жакшылык жамандыкта биримдик болобуз. Тарбия, таасири ашат деп, Ажыбек досуна болгон оюн ачык билдирди.

Жыл өткөн сайын атасынын карып баратканына кабатырланган Нуркаш сулууга Кубатбектин сунушу билдирилип, бир топ убакыттан соң, ал ага колун берди. Чоң той берип, келгендер тилектерин айтып, баталарын беришти. Насип кайып нике улук экен. Кушчунун Кубатбеги баргылардын кызын алып, Алайга күйө бала болуп, хан күйө аталды. Эми Кубатбекти Нурташ гана эмес, Нуркаш кошо күтчү болду. Үч-Чат жайлоосу Кубатбектин нак отонуна айланып, жаңы өргө көтөрүлдү. Жыл айланбай жубайлар уулду болушту. Эргешаалы карыя небересин Болумбий атап, азан чакырып ат койду.

Кушчулардын бучкагы,
Болумдуу элдин урпагы.
Ханызектер ултаны
Жээнчерлердин султаны- деп эркелетип, эрмек кылды.

***

Мезгил опурталдуу. Капылеттен, капталдан чыга калган карышкыр сымал камынтпай басып, жойлоп-жорткон түлкүдөй аңдып, жолбун жүргөн жырткычтардай жоо сагалап турган чак. Жору-кузгундай жон-жондон пайлап, аңдагыча эси кеткен элди талап-тоноп, кол салганы көбөйдү. Өктөмдүгүнө салып өмөктөп, көктүгүнө алып көптөп, кол кайры кылгандардан кооптонбой, чак түштө келип чаң салгандан да, чаңырта чырмап-байлап, айдагандары азап болду. Жайытка карап, жалгыз жарым конуп, жарай турган азаматтарынан айрылып, көчүп кетүүгө буймалары келбеген, же жоо тоскону кеткен каруу-күчтүү жигиттеринин кайрылып келишин зарыга күтүп, тоо-ташты паанектеген чакан айылдагылар аргалары кетип, ар-ар жерде бирин-экиндеп калган. Топ-топ болушуп айбаты бар азаматтар канаты сынган каркыра баштанып, жалгыз-жарым калган, жаралуу өксүктөрдү күңгүрөнгөн тоо койнунан, аңгыраган ай талаалардан таап коштоп кетишет. Күн сайын күмөндүү жерлерге тосор, мерчемдүү аймактарга кайгуул коюшуп, жоболоңдуу жоо алдын акмалашып, сак-сактамак адат.

Бүгүн да Алыке баш болгон топ, жылга жыбыттарда жыландай сойлоп, кокту-колот, өзөн сууларды бойлоп, аң-дөңдү акмалашып, алыска парасат салышып, тоо ичине тереңдеп кирип баратышты. «Капчалдуу-коого душман келбейт» деген ишенич менен аска-зоого чыгып кеткендер барбы деген ой менен алар ар жылганы акмалап жүрүштү. Канчалык качып-тозуп жашынышса да, качкындарга эртеңки күн ишеничсиз эле. Азап-тозоктун арты ачарчылык. Элден бөлүнгөндөрдүн эч бири эки болбойт. Канткен менен аман калуу аракети. Айласыздыктын иши. Аны билген жигиттер аяр саресеп салышат. Тоолуктардын көздөрү курч, көкүрөктөрү паамчыл. Кыр башынан кыбыраган караандарды көрүштү.

Алар алыстан атчандарды байкаштыбы, шашыла бийик-тешип, караган-черлерди качырышты. «Коркконго кош көрүнөт» болуп, карарган караан жоо көрүнүп, алапайларын таппай калышса керек-деген жигиттер аскаларды жаңырта кыйкырышса да, качкандар аларга көңүл бөлүшпөдү. Алыстап кетиштин, аракетинде болушту.

-Жигиттер, алардын саны канча экендиги бизге белгисиз. Биз бул жерде кыйкырып тура бергенибиз менен корккондор аска-зоодон учуп кетиши да мүмкүн. Чыгып барып, куткаруучулар экенибизди билдирели-деди Алыке.

-Кайберендей болуп, качып бараткандарга качан жетебиз? Алыстан бизди көрүп таанышса, өздөрү келишээр деди Сары.

-Алыке туура айтып жатат. «Коркконго кош көрүнөт. Коштоосу менен беш көрүнөт» демекчи, алар бизди ойроттор деп, ойлошу да мүмкүн. Зоолорго жете албасак да, берки беттерге барып, кыйкырып чакыралы- деди Отор.

Улоолорун отко коюшуп, бир шеригин калтырышып, үчөө качкандардын аркаларынан жөнөштү. Аска бети канчалык опурталдуу болсо да, эчен аска-зоону аралап, жар-таштарга чыгып, көнүп калгандар эт бышым аралыгында аска түбүнө жетишти. Эч бир караан көзгө чалдыкпайт. «Чаңк-чаңк» эткен чөкө таандар гана ары-бери учуп жүрүшөт.

-Ээ-й, бекинбей бери түшкүлө!

Аска-зоолордо алардын үнү жаңырып жатты. Айлана ың-жыңсыз. Жооп жок.

-Бери келгиле! Ээй! Биз атайлап, силерге келдик!

-Үрккөн эл, алыстап кетип баратышат. Биз силерди элге жеткирели. Түшкүлө!

Бир топтон соң ишенимсиз, жаш баланын үнү чыкты.

-Чын элеби?

-Чын, силерди элге жеткирели деп келдик.

Аска башынан бири-бири менен сүйлөшкөн кобур угулду. Баягы үндөн башкача үн чыкты.

-Бул жерге эмнеге келдиңер?

-Силерди алып кеткени келдик.

-Жоо кеттиби?

-Уруш токтодубу?

-Жоо башка тараптарда. Уруш токтой элек.

Кобур. Бири ынап, бири ынабаган талаштар жабык үндөр чыкты. Бир топ тым-тырс болушуп, анан бирөөсү кыйкырды.

-Уруш токтобосо барбайбыз. Жоо кеткенде гана айылга барабыз.

-Уруш качан токтоору белгисиз. Ачка кантип жашайсыңар? Келгиле, биз силерди элге жеткирели. Коркпой, түшкүлө бери?

Сүйлөшкөн кобур. Талаш-тартыш көбөйдү. Акыры бир бүтүмгө келишти окшойт. Бирөөсү үн салды.

-Бизди алдабайсыңарбы?

-Эмнеге алдайбыз? Алып кеткени келдик.

Аска башында сүйлөшкөндөр дымып калышты. Бир маалда бой тартып калган кыз, андан кичирээк дагы бири, жети-сегиз жашар, тең чамалаш эки бала ээрчише, илең-салаң болушуп, араң кыймылдап, эңкүүлөп келе жатышты. Алардын ачка экендиктери, караандарынан эле байкалат. Колу-буттары ташка тилинген. Бойлору жүдөңкү. Бардыгы жука кийинген эле. Утурлай аларды тосуп алышты.

-Силерден башкалар да барбы?– деди Алыке

-Билбейбиз деди, улураак кыз солкулдап, ыйлап.

-Айылыңардан кантип бөлүнүп калдыңар?– деди Сары аларды соороткончо. Болду ыйлабагыла.

-Силер эмнеге элге кошулбай, бул жакта качып жүрөсүңөр? деди, Алыке улураак, жаш чайган жүзүн аарчып, соолуккан кызга суроо берип.

-Баарыбыз булакка суу алганы келгенбиз. Чууну угуп, айылды көздөй чуркап жөнөдүк.

-Жоо келди! Жоо чапты! деген кыйкырыкты алыстан уктук. Дөңдү аша бергенибизде айыл талоондо калып жатыптыр. Каршы-терши чапкан көп караан, бизди карай сүрүлдү. Мен буларды

жетелеп, коктуга түшүп жөнөдүм. Жапайы кыйкырык, чуу. Биз коркконубуздан таштан-ташка жашынып, жылганы өрлөдүк. Бизди жоктогон эч ким болбоду. Айылдан узап кетип, ушул жерге келдик деп, жаш тамган көзүн ирмеп, оор улутунуп койду.

-Тамак-ашы жок ачка калбадыңарбы? Кантип жашап жатасыңар?- деди Оторбай.

-Ышкын, чүкүрү жедик. Кекиликтин жумурткасын таап, бөлүп ичтик-деди балдардын бирөөсү.

-Кайда түнөп жүрдүңөр?

-Арчанын кургак түбүнө корголодук.

-Жүргүлө, аттарга эптеп жетели. Айылыңар кай тарапта эле?

-Тэ-тиги жакта. Эгиз-Жардын алдында болчу-деди балдардын экинчиси.

-Айылдагылар, бизди таштап көчпөсө керек?- деди экинчи бала суроо берип.

-Жакынкы ортодо айыл көрүнбөйт. Качкандарга кошулушса керек-деди Алыке.

-Качкандар кайда барышат? Бизди таштап алар кетишпейт-деди

Анын суроосун жоопсуз калтырган Алыке көңүлдөрү кирлеп, кабатыр болгондорду алаксыта кетти.

-Ысымдарыбызды айтышалы. Менин атым Алыке, деп балдарга кол берди.

-Мен Турат.

-Мен Чубак.

-Сенин атың ким? деди, улуурак кызга.

-Айсалкын

-Менин атым Нурай- деди экинчи кыз илбериңки.

-Мен Сарымын. Бул Отор- деди Сары.

-Мына бири-бирибизди билип алдык. Жүргүлө эми, аттардын жанына баралы. Алыке эңкүүлөп жөнөдү.

Көптөн бери ачка болушканданбы, дарманы калбаган төртөө, араң жылып келе жатышты. Бирин-бири сүйөшүп, буттары чалыштагандар бир топ убакыт өткөрүп, аттар турган жайга келишти. Болгон азыктарын тартуулашты. Ачка калып, тамактан көздөрү учкан жаңы келгендерге, Алыке элден уккан сөз боюнча, акырындата, бөлүп, тамак берди. Эптеп, талаада табылганына канаат кылышкан «жаңы меймандар» ага айласыз көнүшүп, ашыкча кол созушкан жок. Төртөөнүн тең чекелери терлеп,

муундары шалдырап, дармандары кете баштады. Аз болсо да, уктап өздөрүнө келип алышын ойлогон Алыке, аларды алагды кылбады. Төртөө тең отурган жерлеринде кыңкая кетишти. Бир маалда жанаша отурган Айсалкын Алыке тарапка ооп, мүрүсүнө сүйөнө, уйкуга кетти.

Алдын этибар алган эмес. Чекеси нымшый терлеген кыз, акырын дем ала сүйөнүп турганын сезген жигиттин денеси ысуулап баратты. Бүт бадани ымыр-чымыр боло, буга чейин эч качан туюп, билбеген сезим-али башынан өткөрүп көрбөгөн ары жагымдуу, ары сүйкүмдүү күч, бүт тулкусун балкытып, ырахатка бөлөгөн туюм, бутунун учунан төбөсүнө чейин кызытып, жүрөк тушу тыз-тыз эте учкун чыгарып жаткандай сезилди. Жүрөгү демейдегиден башкача дүкүлдөп, кыздын бети тийген жери ысып дүүлүгө, бүтүндөй денесин каптап, от менен жалынга какталгандай, алоо тап чырмап бараткандыгына таң кала, ушул жылуулукка балкып турду. Кичине эле кыймылдаса, кыз чочуп, шарт тура качуудай, анда түк туюлбаган, мурда эч бир билинбеген жан дүйнөсүн ырахатка бөлөгөн кандайдыр бир сыйкырдуу таасирден ажырап калчуудай сезди. Жүрөгү улам опколжуп, көөдөнүнө аба жетпегенсип аптыга, таңдайы кургап, аяр кыз тарапты кароого аргасыз болду.

Сүйөнгөн кыз түк ойгонбой, мемиреп уктай беришин, анын ар бир дем алуусунан жигиттин албуут жүрөгү өзүнө тап, күч алгандай ээ-жаа бербей булкуна согуп, «дүк-дүк» эте кагышынан кан тамырлары жибип, денесине тараган алоо жүзүн тээп, дем алуусун тездетти. Кандайдыр бир, дегдөө, самоо, сезимине от тутанып, булчуңдарын чыңап, эргитип жатты. Кандайдыр бир көкүрөгүн ээлеп, көөдөнүнө батпаган күч денесин элиртип, ташыган самоо башын айлантып, көзүн ымыр-чымыр кылды. Ырахатка балкыткан ушул сезим канча убакытка улана берет беле.

-Кана, кеттикпи?- деп отко койгон аттарды токуп, жанына келген шериктеринен улам, кылчая бергенде, өзүнө сүйөнгөн кыз башын көтөрө, жан-жака белин чочуй карап, боюн түзөй уялып кетти. Өңү кызара, кирпиктери төгүлгөн, капкара бакыракай нурдуу көдөрү алая, ордунан козголду да, шериктерин түрткүлөй ойгото баштады.

-Тур. Тургула-деген жумшак үн менен колдорунан тарта өзүнүн шериктерине болгон камкордугун айгинелегенсип, Алыкеге аяр көз бакты. Таанибаган, билбеген эле бирөөгө сүйөнө, уктап кеткени эсине түштүбү, чоктой кызарган ээрин-дерин жымыра тиштенди.

Эңкейген сайын майдалай өрүлгөн олоң чачтары далысы ылдый төгүлүп, анын жетилип баратканын айгинелегенсип, жарашып турду.

Төрт жигит төртөөнү аттарына учкаштырышып, келген жолдоруна салбай тоо бетин кыялай аркаларына кайтышты. Төрт качкын мурда айылдаштары конгон журттан күдөрлөрүн үзбөй, улам кылчакташа кайрылышып, үмүттү тиктешет. Кечки күүгүм кире баштагандыктан, жакынкы ортодо жылт эткен оттун, тирүү жандын караандары көрүнбөдү. Жол улам өр тартып бараткандыктан, аркада учкашкан Айсалкын суюлуп калбоонун аракетинде Алыкени белинен бекем кучактап алган эле. Анын колдорунан өткөн жылуулук, жигиттин делебесин козгоп, эти от менен жалын. Айрыкча эми гана томпойо, жер түртүп чыга келе жаткан данектүү өсүмдүктүн көчөтүндөй болгон жаш кыздын билинер-билинбес көкүрөгү далыларына тийген сайын, чоктой күйгүзүп, жигиттин көздөрүнөн от чагылгансып, денеси чымырап келет. Кыз кандай туюм-сезим менен баратканы жигитке белгисиз болгону менен ушул чактагы, жүрөк туйлаткан күч көкүрөгүнө батпай толуп-ташып, атырылып жөнөөгө нук таппаган шар суунун агымындай болгон күч көлбүп турду. Аалам жаңырта айкырык салып, өзүнүн ичке сезимин бошоткусу, сулуулукка, бийиктикке үндөгөн мөлтүр тунук сезимин ырга айлантып, обон кыла созуп жар салгысы келди. Кандайдыр өзүнө баш ийбеген жагымдуу, ары сүйкүм сезим жан дүйнөсүн кыйнап баратты. Ал эмне экенин туюп-туйбай, анын ырахатына балкыган жигиттин жан дүйнөсү козголуп, белестин шамалындай уйгу-туйгу согуп, албуутанган күчү ээ-жаа бербеген эркектик сезиминин ойгонуп баратканы эле.

Көкүрөгүнө батпай толуп-ташкан ички сырларын, жаңы гана ой-туюмуна келген ширин сөздөрүн, канчалык айткысы келсе да, кандайдыр бир күч ал сезимдерин тороп, айтарга келгенде ал ой-туюмдар жөнөкөй гана сөздөргө айланып каларын ойлогон жигит, үн ката албай, учкул ойлорун тизмектетип айтуудан жаңылчуудай сезди. Өзүнүн мококтугун мойнуна алууга аргасыз болду. Канткенде да, сүйлөй жүрбөсө, кыз өзүн оңтойсуз сезерин, жигиттин тоңдугуна, түнт, ичинен тап экендигине сын коерун ойлоду. Жакшы адам жайдары, ачык мүнөз экендигин өзү да сезип, суктанар эле. Кара түндө, кабышкан зоолордо, капчыктуу белестерде баратып, үн катпай, тымпыйуу осол иш. Түн бакыр-дыкы. Жолоочу жолду сөз менен кыскартат. Анын баарын ойлогон

Алыке ата-эне, тууган уругунан көз көрүнө ажырап, алардын эсен-соо экенин улам эсинен чыгарбай, кыжаалаттанган кыздын көңүлүн алагды кылып, кепке тартууну ойлоп, өзүнүн таржымалын баштан-аяк айтып берди. Сөз арасында кыз да суроо берип, экөөнүн маеги ары жагымдуу, ары кызыктуу уланып кетти.

-Биз да ата-энеден төрт уул, төрт кыз, сегизбиз. Мен кыздардын эң кенжесимин. Менден кийин эки уул инилерим бар. Үч эжем турмушка чыгышкан. Эки агам үйлөнүп, жоо коогасын угушуп, жоо тоскону кетишкен эле. Алардын аман-эсен, жолдуу келишин тилеп, күткөн ат-энем, айылдагылар менен бирге көчпөй отурушкан эле-деп үшкүрдү кыз.

-Жоо тоскондордун көбү аман кайтышса да, айылдагылардын көчүп кетишинен улам таппай, сүрүлгөн элди ээрчип келе жатышат. Буйруса, аларды издеп, таап аларбыз деп кыз көңүлүн жооткотту.

-Андай болсо мен сизге ыраазы болоор элем. Атыңыз Алыке экенин, мени талаадан издеп таап элге кошконуңузду аларга айтам. Көрөсүз го, алар сизге ыраазы болуп, эч нерсесин аяшпайт.

Жигиттин көңүлү дагы, уйгу-туйгу болду.

-Сени сурасам, беришеби?– деп айтууга даай алган жок. Оюнан сүрдөндү.

Жигиттин көңүлү таза, арам ою жок, адамгерчилиги бийик, калп сүйлөбөстүгүн, салмактуу экендиги кыз ойлоду көңүлүнө ишенимдүү эле.

Өрлөп баратышып, бет маңдайдан соккон түнкү шамалдын эпкининен жетилип бараткан жигиттин жыты бур эте, бой тарткан кызга жагымдуу сезилди. Ат үстүндө аны бекем кучактаганынан айбыга, андан колун бошотуп, түнкү караңгылыкта өйдөдөн шыпырылып түшүп калуудан корко, кайра кучактап, ачуу тер аралашкан жыты жагымдуу сезилгенине таңдана, ага түшүнүп, түшүнбөй баратты.

Алыке баштаган топ түнү менен тынбай жүрүшүп, эртеси түшкө жакын сүрүлүп бараткан элге жете келишти. Жоонун калың колу сүрүлүп бараткандарга, жакындап келип калышканын угуп, шашыла кайра кайтышты.

Күн өтө берди. Жол кезген тосордо болсун, жоо тосуп, кайгуулда жүрбөсүн Айсалкындын жалт карашы, жароокер өңү, эсинен чыкпай, көз алдына элестеп туруп алды. Капкара каш алдындагы, узун кирпиктүү көзүнөн сызыла чыккан жашын, узун

ичке апакай манжалары менен аарчый, беттерин сылаганы, мандалактай кызарган ээриндерине жарашкан ууртундагы калы, тээ түпкүрүнөн чачкан ары бае, ары назик бакыракай көздөрү, койкойгон мойнуна жарашкан жумуру тамагы баары-баары сүрөт боло тартылып, көз алдынан кетпей койду. Аны эстеген сайын, негедир жүрөгү алып учуп өзүн өзү токтото албаган күч сезимин бийлеп алды. Көрүүнү, жолугуп сүйлөшүүнү дегдеди. Эсинен кетпеген кызга жүрөгүнөн кайнап чыккан сөздөр, ыр тизмегине айланып жатты.

Адырма-адыр кыдырып, ай-талаага түшүп, кыйма-чийме жол басып, эчендеген белдерди ашып, бороон-чапкындуу нөшөрлөгөн жамгырларда, айлананы чүмкөп, көз байлаган тумандарда, бети-колду каарып, денени калчылдаткан аяздарда, бүткөн бойду шалдыратып, ачуу тийген аптаптарда жол чалгындап, жоо тоскону жүрсө да, ботонун көзүндөй бакыракай тунук көздөрүн жайнатып Айсалкын турат.

-Оо, Айсалкын мени мынча кыйнадың. Күнү-түнү элесиң эсимден кетпей, айдай жүзүң жылмайып көз алдыма тартылып турат. Кайда жүрөсүң?

-Менби? Ооба. Ар дайым эсиңизден чыгарбай, элесимди эрмек кылган сизге ишенем. Сезимиңизге ээ-жаа бербей, албуут каккан жүрөгүңүзгө от салган мен экенимди сезип, өзүмдү аябай эле бактылуумун деп эсептейм. Бир сизге арзыганымды билип, өзүмдү коерго жер таппай жүрөм.

-Айсалкыным, карагаттай көздөрүңдү, нур жанган жүзүңдү көргөндөн баштап, өзүмдү кандайдыр бир күч бийлеп алганын, өзүңсүз жарык күн караңгы экенин, жүрөгүм көөдөнүмө сыйбай, дендароо болуп, аябай эле айбыкканымды, жакшы көргөн сезимимди билдире албаганыма өзүмдү-өзүм жемелеп, жүрөм.

-Аныңызга ишенем, ага. Сиздин эч кимди алдабас, туруктуу, ак көңүл, адамгерчиликтүү, ары салмактуу мүнөзүңүз менин сезимимди да ээлеп алганын дайыма эсиме алам. Мен сизди баалайм.

Алыке сезиминде уялап, жүрөгүнөн оргуп чыккан ширин сөздөрүн айтып, сырдашкысы, колдорунан, жуп-жумшак таптуу билегинен кармап эркелеткиси, жүзүнөн сүйүп, кучактагысы келди. Бирок, өмүрүндө бирөөгө ширин сөз айтып, эркелеткенди билбептир. Башка бирөөлөрдөн жалынычтуу, жагымдуу сөздөрдү эч укпаган экен. Кызга кандай сөз жагарын билбей, төбөсүн караса

жымыңдаган жылдыздар, көк асман, батып бараткан ай көрүндү. Айсалкыны алардан да сулуу, ары жагымдуу, теңдешсиз зат. Эмне деп атоого болот?

-Айым, салкыным. Үнү эркинен тышкары колдурап, башка бирөө сүйлөп жаткандай туюлганынан улам, ойгонуп кетти.

Супа садык салган таң атайын деп калыптыр. Ээн талаада «эр отун» жагып, ээр токумун жаздана жатканын эстей, буту-колдорун кериле чоюп, ордунан тура шылдыраган булактын үнүн улай басты.

***

Ажыбектин тандамал жигиттеринин бир тобу маал-маалы менен чыгыштан Алай жайлоосунун түйүндүү жолдоруна тосот коюп, ашуу-дабандарына көз сала, капчыгайлардагы жалгыз аяк ууру жолдор менен кыдырып келишет. Бийиктеги ашуулар кеч күздөн тартып, жайдын кап ортосуна чейин эч ким өтө алгыс чеп. Кар көчкү түшүп, кокту-колотторго жол жок. Мөңгүлөр ээрип, суу ташкыны тартылганга чейин канаттуудан башка эч ким өтө албайт. Ошентсе да, аска-зоодо жүрүп тасыккан мергенчилер Көк-Суудан тартып, Эшей-Зоо, Уу-Саз, Ит-Агар, Кара-Чал, Шоро, Кара-Талаа, Ак-Сороң, Бекмырзанын Кара-Ташы, Дүңгүрөмө, Суук-Төр, Ой-Бала, Кашка-Суу, Кызыл-Агынды чокуларына чыгып, айлана-тегерекке көз салышат. Ал эми экинчи топ, Алайдан уланган Андакул, Домбол, Тарала, Кызыл-Агын, Миң-Жылкы, Ак-Богуздун башы менен Алайкууга түшүшөт. үчүнчү топ Сөөктөн, Терек-Ашуусунан, Турук-Шуруктун бийигине чыгышып, Чытынын, Көл-Сайдын баш тарабын байкоого алышат.

Канткен менен жоо кошууну эгиз ашуу, жалгыз аяк жолдордо, тар даңгилерде жүрбөсө да, тээ бийиктен жерчилдерге кара карааны, бирөөнө болбосо да дагы бирөөлөрүнө чалдыгабы деген саксынуу. Капылеттен кирип келишинин, алдын алуу эле. Болбосо, бейкам жаткан журтту жоо басып, канча жолу талоонго алды. «Сактыкка кордук жок» демекчи, өрт жалынын капташын, кыян селдин басышын, алдын ала сезип билгендер аман калат эмеспи. Билинбей баскан душманга каршылык көрсөтүү жеңишке барабар. «Алдырарда, жаздырар» болбой, «Аттиң»- деп бармак тиштебей сак, камданып, каршы туруу аман калуунун аракети. Жараткан да «сактансаң сактайм» деген.

Душман канчалык кара ниеттик кылып, басып алып басмырлап, талап алып талкаласа да, элдин эрки майышпады. Кармашып каршы туруuда, бараткан багытын жазгырууда, коргонуунун ар кыл айла-амалдарын табышты. Качкандын ордуна алышып жүрүп аман калу, жазганбай сесин алуу, кайрат. Аны шарт өзү талап кылаарын мезгил ырастады. Эл «жатып өлгүчө, атып өл» дейт. Калмактардын чапкынына, кай жерде болбосун каршылык күчөдү. Карылуу кол менен келип, каракчылык кылып, айылын талкалап, мал-мүлкүн талап кетүүгө, кары-картаңдарын кырып, кыз-кыркын, жаш балдарын туткундоого жол беришпеди. Кылычын көтөргөнгө, союл менен жооп берип, сүңгүсүн сунганга бакан менен пеш кылып, үйдө отурган катын-калачтында каршылыгы күндөн күнгө күчөй берди. Бул болсо ар биринин жаны ачыганы, жек көрүүнү ташыганы.

Көп күндөн бери наар албай тамак таппай бараткандардын алды алсырап, шайлары кетти. Айрымдары баса албай калышты. Ачкачылыктан өңдөрү кер-сары, эриндери жарылып, көздөрү бозоргон качкындар дармандары куруп илелеп баратышты.

Баарынын ишенгени таргыл өгүз. Жолду ката ага оор кийимдерин, эптеп сүйрөй чыккан жамынчууларын артышып, анын басыгы менен жылып келишти. Таргыл өгүз, аркадагы коркунучтуу капарына да албайт тердеген мурдуна, шоросу аккан көзүнө, котолошо конгон чымындарды да тоготуп койбой, башын анда-санда чулгуп коюп, жай басыгы менен шашпай келет. Жонундагы алачыктын карысына конгон бүркүттөн сестенгендей «быш» эте, оозунан шилекейин куюлта, көптүн сабаганын тоготпой аяк шилтейт. Анын жонундагы Ибраим карыянын бүркүтү. Ал жоо кабарын укканда бүркү-түнүн томогосун алып, учурууну ойлогону менен ишенимдүү досунан ажырагысы келбей, ичи ит тыткандай ачышкан. Бирок, бүркүтү каргашалуу учурда, ашка жүк болоорун ойлоп, коштошууну макул көргөн. Коңшуларынын канчалык шашылышкандарына карабай, короосундагы койлордон тандап союп, өзү ооз тийбей туруп, бүркүтүнө алдын боор, бөйрөктөрүн чокутуп, андан соң койдун этин чып-чыргасын калтырбай сугунткан. Кичинекей кара кесеге булактын таза суусунан сузуп алып, өзү бир ууртап, андан соң бүркүтүнө берип, томогосун алып, туурда отурган бутундагы кайыш бону чечип:

-Бар эми досум. Экөөбүз түбөлүккө коштошолу. Мен сага ыраазымын. Сен мага ыраазы бол. Көңүлүңдү калтарбадым. Сен

да менин көңүлүмү карап, кызматыңды аябадың. Капсалаңдуу күндөр кандай болоору экөөбүзгө тең белгисиз. Бири-бирибизди эстей жүрөлү. Кош, кырааным! деп канат, куйругунан сылап, колун көккө серпкен.

Томогосу жок кыраан, айлананы омсоңдой карап, ээсинин кол шилтөөсү менен көккө талпына, канат керген. Бир топко барып, кайра кайрылганда, бүркүтчү согончогун көтөрө:

-Кош бол «кара чолок»! Бар, бара бер! Чабытың кенен болсун! деп үн сала, колун булгалаган.

Кыраан айыл тегерегин бир айлана учуп келип, үндөккө алган ээсинин чакырыгын укпаган соң, кайра кайтып бийиктеп, канатын кенен жайып, кең мейкиндикке карай сызган.

Бүркүтчү шашыла атына минип, сүрүлүп бараткандарга кошулуп, асманга улам кылчактай карап, жакын досу менен ажырашканга көңүлү чыдабай, ичи туз куйгандай ачыша

-Мен койдум. Ал кыя албаса керек?- деп кобуранган. Арадан бир жума өтпөй, бүркүт өзү издеп келди. Илелеп жылып бараткан көч үстүнө канаттарын кенен жайып, айланып жүргөн «кара чолокту» тааныган ээси.

-Кара чолок. Кайран кыраaным, келдиңби? деп кубанычтуу кыйкырды.

-Кыляк, кыляк! этип, «кара чолок» жооп кыла, эңкүүлөдү.

Кыраандын колуна кайрылып келээрин билип, даярданып жүргөнбү бүркүтчү ээрдеги бөктөрүнчөккө байлана жүргөн балдакты шашыла чечип, ыңгайлата кармады. Бүркүт жаай сызып келип, балдакка отурду. Маңдайы жарыла сүйүнгөн ээси, кыраандын канат-куйругун кайра-кайра сылап, көч аркасында баратты.

Андан бери канча күн өттү. Сүрүлүп бараткандардын азыктары түгөнүп, минип бараткан улоолоруна чейин союшту. Тыным албай жол баскандан улам, от албаган малдар арыктап, көтөрүм боло кырылды. Качкындардын ишенгени арыктаган ала өгүз, көптүн «жүгүн» көтөрүп, илең-салаң басып, үлдүрөп келет. Арып-азгандар дабанга жакын калганда токтошту. Мындан ары жол татаал. Жалама зоо бетинде адам буту араң баткан из менен Алда Кудайды миң айтып, өтүүгө тура келет. Мөңгүлүү зоодон бут тайыса, адам сөөгү эмес, аты табылбаган коркунучтан улам, бул зоодон мен менмин деген мергендер араң өткөндүктөн эл «кош бол» аташканы бекеринен эмес. «Кош болдон кайттым», же «кош

болго жетпей келе бердим» дегендердин иштери жүрүшпөй, жарым жолдон кайткандыгы белгилүү. Сүрүлгөн топ, кандай болсо да, дабанды ашып кетүүнү ойлошкон. Анын үстүнө ач карышкырлар да күчөп, жалгыз-жарым, колунда куралы жок жүргөндөрдү «кимдигине карабай кол салат» деген кабар тараган. Карышкырдан да, ээлери жок, айылынан адашып калган ачка иттер, арып-ачып, баса албай, жыгылган адамдарды, же шашылышта «жар көчкү» кылып, «аманат» коюлган денелерди ачып жешип «адамчыл», «көркоо» болгондорду чаап, же атып алуучу азаматтар жоо тосушуп, кайрылыша элек.

-Жолдун опурталдуулугу, жырткычтардын коркунучтуулугунан улам сүрүлгөндөрдүн жылдыздары жерге түштү.

Качкындар тапкан-ташыгандарын ортого коюшуп, өзөк жалгап жатышкан. Капыстан аркы тумшуктан куралчан бейтааныш адамдар чыга келишти. Олтургандар дүрбөп, корккондорунан чуру-чуу түшө, тура калышты.

-Жоо басты!

-Жоо кирип келди.

-Айланайындар айлабыз эмне болот?

Четте отурган Ибраим карыя өзүн колго ала, көпчүлүккө кайрылды.

-Чубулдабагыла Тим тургула!

Куралчандар аттарын теминише келишип, демите ороп калышты.

-Кайда, качып баратасыңар? деди бирөөсү зоңк эте.

-Аман калыштын аракети. Жан сактаганы баратабыз-деди карыя сабырдуу.

-Качып кутулабыз деп ойлойсуңарбы? деди кекээрлүү.

-Ысык жан. Ким эле өлгүсү келсин. Карыя жооп узатты.

-Өлгүңөр келбесе, контайчыга барып, кулдук ургула!- деди бириси.

-Биздин өлүмүбүздү тилеген контайчыңарга, эмне деп кулдук урабыз?

-Жаныңарды аман алып калыш үчүн чөгөлөйсүңөр.

-Душманга кулдук уруп жашаганча, өлгөн артык. Карыя жек көрө сүйлөдү.

-Өлүмдөн эч бириң кутула албайсыңар. А сага жашоонун эмне керги бар, абышка?деди ат үстүндө чалкалай отурган ноен

-Жашоо сага эле керекби? Эртең эле өлүм сага да келет.

-Өлө албай жатып каяша сүйлөгөнүн. Өлгүң келбесе чөгөлө!

-Сага чөгөлөп жашаганча, тик туруп өлгөнүм артык.

-Ошондой дегин. Тик туруп өлөм дегин. Туткунга алып, колдорун байлагыла!-деди ноен жарданып турган жөкөрлөрүнө.

Шап-шап, аттарынан түшкөн жоо колу, тургандарды бир бирден кармап, кээлерин найзалары менен койгулап, байлап, бир тарапка топтой баштašты.

Көпчүлүк ызы-чуу боло, каршылык көрсөтүп жатышты.

Четте аларды карап турган карыя, баскынчылардын булкуп-силкип, бооланган чөптөй ары-бери ыргытышканына, бечара качкындардын сай таштарына сүрдүгө жыгылып, кол кайры кылууга дармандары келбей жаткандарды аяп, чыдабай кетти.

Көпчүлүктүн чуусунан чочудубу, же баш аламан, опур-топур аны бушайман кылдыбы:

-Кыяк, кыяк! Эте бүркүт шаңшып, канаттарын делбектете бейтааныштарды карады.

-Ач, жылаңач байкуштарга кордук көрсөтпөгүлө! деп, жанындагы жоонун колунан найзасын сууруп ала, ат үстүндө турган башчысына тап берди.

Өзүнө карай сайылган найзанын учун шап кармаган ноен, жазгана атынан ооп түшүп, найза учун кое бербей, абышканы дегдеңдете жулуп алмак болду. Чарпышып жаткан ээсин тааныган кыраан, канаттарын чапкылай, каардуу.

-«Кыляк, кыляк!» эте үн салып, айланасын омсоңдой тиктеди.

Жоонун жигити кыйкырып жаткан бүркүттү, өгүз үстүнөн чаап түшүрмөк болуп, удаа-удаа найзасын кезей, койгулады. Өзүнө карай шилтенген найзаны денесине тийгизбей, кыраан шамдагайлык менен ордунан козголуп, албууттана найзачанга тап берди. Улам сермелген сүңгүнү өзүнө тийгизбей, өйдөгө көтөрүлө учуп чыгып, кайра тик сайыла келип, курч тырмагын анын бетине матырды.

-Аа! деп ачуу чаңырган найзачы найзасын жерге таштай, бүркүттүн курч тырмагын бетинен чыгарууга далбастап, колдорун булгагыча болбой бүркүт шамшаардай болгон курч тумшугу менен анын бети-көзүн оң чокуду.

-Аа! Жардамга, жардамга! деп чакырды. Курч тырмак менен бүркүттүн бычактай тумшугу тийген жигиттин бетинен кан шорголоп, көзү оюла карайлап, темтеңдеп барып жыгылды.

Жоонун жигиттери кармаган качкындарды кое беришип, бүркүткө жабылышты.

Канчалык сендиректете сүйрөсө да, найзаны коё бербеген абышкага ачуусу келген ноен, найзаны сабап кармай келип, аны жакадан муунта көтөрүп, жерге чаап, башын кыя чабууну ойлоду. Ага моюн бербей, тарткылашып жатып, бүркүт тарапты жалт карай, ага жабылгандарды көрө кала

-«Кара чолок», «кач! «Кара чолок» , Сени көптөп кетишет. Кач! деп кыйкырды.

Ээсинин үнүн уккан кыраан, жыгылган денени таштай, көккө көтөрүлдү.

Карылыктан жана көптөн бери ачкалыктан улам, олбурлуу ноен менен алышкан абышканын кубаты кетип, дене-бою шалдырап бараткан эле. Алдуу-күчтүү ноен бүркүтчүнү муунта кармап, көтөрүп чабарда, «шоу» эткен үн чыгып, муздак шамалдын эпкини денесине жаба берди. Коркунучтан сестенген ноен чочуй кылчая бергенде, күн нурун калкалаган караан «делбек» эте бет маңдайына келип калган эле. Ал жазгана эңкейгиче болбой, күү менен чабыла тийген курч тырмак, бети-башын бириктире чеңгелдеди. «Аа!» дешке алы келбей, кыйкырууга да үлгүрбөй, ноендун колдору бошоно түштү. Бүркүттүн курч тумшугу анын эки көзүн алмак салмак оюп алды.

Көз көрүнө эки адамын бүркүткө алдырган ойроттор, эндирей эстерин жогото туруп калышты. Качкындардын уу-чуу боло, ыйлап-сыкташканынан улам эстерине келишип, арып-ачынган, куралы жок адамдарды курч кылычтары менен туш келди чаап киришти.

***

Жоокердик турмушту баштан кечирген Алыке, бектин тапшырмасы менен куугун-сүргөндө жүрүп, көп жерди, көп элди кыдырды. Издегени Айсалкын. Барган жерде кыз-келиндердин караанын көрсө, алдыртадан аларды акмалайт. Тааныш караан жоолугуп калабы деген ой менен кийинки топторго өтөт. «Үрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу баштанып», үмүттөндүргөн Айсалкыны ал жайда да жок. Саргайган санаага баткан жигит, издөөдөн түңүлбөдү. Сапар баратып, алды тараптан беле көрүнсө, анын аркы тарабында Айсалкын жол карап, күтүп тургандай туюлат. Айыл аралап баратса, ал босогодон шыкаалай карап, таанып,

аптыга артынан чыгып, кол булгап жаткансып, ат тизгинин тарта, кылчак-кылчак тиктей берет.

Жигит аны бир көрүү менен жактырып, махабат отуна кабылганын, бир нече айлар аралыгында издеп, жолугууну самап жүргөнүнө таңданат. Ошол күн жагымдуу элес катары көкүрөгүнө тумар кылып, ар качан этияттап, тага жүргөн анын аруу махабатынын ыйык ирмеми болгон сүйкүмдүү элеси көз алдынан кетпегенге ыраазы болот. Кээ кээде көөдөнүнө кусалык көлөкөсү тартыла бергенде, көзүн чылк жумуп, ат үстүндө келе жатып, сүйлөгөнчө кылчая бергенде, кийимине сиңген күндүн нуру аралашкан кыздын жыты дале мурдунан кетпегенсип, ошол жытты эсине алып, моокуму кана искегенсийт.

Махабат даамын таттырган жол чалуу ал үчүн ыйык. Ат тизгинин колго алып, ары жооптуу, ары опурталдуу кайгуулда жүрсө да, оюнда ошол күн, түнкү сапар, жагымдуу маек эске келе берет.

-Алыке аталган кулакка жагымдуу, ары сүйкүм ысмыңыз жүрөгүмдүн эң назик түпкүрүнөн түбөлүккө жай алган. Сиздей көңүлү тунук инсанга, аз болсо да жоолуктурган жаратканга ыраазымын. Сиздин кунт кое, ары бериле тиктеп, зор ынтаа менен көңүлүңүздү буруп сүйлөшкөнүңүз менин эсимден чыккыс болуп калды. Экөөбүздүн аралыгыбыз алыс болсо да кандайдыр бир сезим оту жакындатып турганын жан дүйнөмдө сезип, билем. Сиз мени дайыма эстеп гана тим болбостон, от жанган жалындуу жүрөгүңүздөн жалбырттап чыккан сөздөрдү арнагыңыз келгенин сезип-билип, өзүмдү бактылуу сезем. Экөөбүз жолугуучу күндөр алдыда. Ага мен сиздей эле ишенем. Экөөбүздү ажал гана бөлбөсө, тирүүбүздө ажырашпайбыз. Мен сизди күндө эмес, саат сайын күтөм. Сиз мага жеңиш менен келээриңизге терең ишенем. Жараткан сизди жамандыктан сактасын-деп кыз кулагына шыбырагандай сезилет. Ал сезим аны эргитип, бет маңдайына тигиле сүрдүү карап, жол чалат.

Карышкырдай жулунуп, түлкүдөй жойлогон душман ар тараптан кол салып, элдин айласын кетирди. Каршылык кылгандарды аябады. Жеткен жердегилерди чаап, тоноп, канча бөлөдү. Эл сестейишип, көпчүлүк жашаган калаа, айылдарга сүрүлүштү. Жер ээнсиреп, тоо ичи томсорду. Жоо тоскондор бел чечпей тоо, токой арасында эр отун жагышып, ашуу белестерди акмалашып ат үстүнөн түшүшпөдү. Мерчемдүү жерге черүү коюп,

алыскы аймактарга кайгуул жиберген бийдин жаны тынбады. Деги эле уруу топтордогу эркек таналар колдорунан куралдарын түшүрүшпөдү. Канткени менен кара ниет жоо, чет тараптагыларга тийип-качып, бүлгүн салганын токтотушпады.

Алыке бир топ жигиттерден баштап, Көк-Арт тараптан кабар алууга ат моюндап келе жатышкан.Ойромонун тумшугунан бурула бергенде илелеп жылып бараткан топ карaанды көрүштү. Ат тизгидерин таратышып, аярлап калышты. Бири-бирин ээрчиген эки топту ат үстүндөгүлөр шыбап, демите айдап баратышат.Көчкөндөр мынча шашылбайт эле. Анын үстүнө бул топ, тескери жоо жайгашкан тарапты көздөй баратышат. Демек, жоо басып, элдин малын тонош-кондой. Жабыла чабуул коюга жигиттердин саны аз. Чапкынчылардын саны канча болду экен?- деген суроо турду баарында.

Аларга байкалбоонун аракетинде, тездик менен аркага кайтышты. Тумшуктан өтө бере токтошуп, маслатка киришти.

-Жоо бир айылды чаап, малын сүрүп айдап баратышат. Мал менен болгондордун саны аздай эле көрүнөт. Албетте башчылары мал айдабайт. Алга кетиши мүмкүн. Же мал сүргөндөрдү жолго салышып, өздөрү аркада калышканбы?-деген суроо менен Алыке шериктерине карады.

-Ал айтканын да туура. Бирок, малды талап-тоногондор бөлүп-бөлүп айдашпайт.Чогуу айдашат. Башчылары алдыга кетиши мүмкүн-деди Табылды.

-Калмактар бир эле малга канаат кылышпайт. Басып алган айылдардын адамдарын да топ-топ айдары белгилүү-деди шеригинин сөзүн кубаттаган Ташболот.

-Туткундарды алдыга айдашат. Малдын алдында колго түшкөндөр болушу мүмкүн- деди Төрөбай.

-Шыбап, деминтип айдашканга караганда, алдыдагылар эчак эле узап кетишкендей- деп болжоду Табылды.

-Силердин божомолунардын баары туура. Коктунун баш-аягы алыс. Башчылары алдыдабы-аркадабы бизге белгисиз. Мал алдында туткундарды айдап бaратканын кантип аныктоого болот.

-Аны изге карап эле билүүгө болот- деди Айдар.

-Кайсыл изди айтасын? Көп мал тебелеп салбадыбы? Анын үстүнө чоң жол болсо бир жөн. Көк чөп үстүндө ат изи тургай, адам изи билинбейт- деди Момун.

-Аны азыр эле аныктайбыз. Туткунда кетип бараткандардын бир белгиси калбай койбойт- деп Төрөбай келген жолуна салып бастырып жөнөдү. Араак барып, ат үстүнөн эңкейе, бир нерсени эңилип ала, беркилерге булгалай кыйкырды да, атын темине шериктери тарапка бастырып - Мына белги. Болгондо да малакай калыптыр. Туткундарын алдыга айдашкан.

-Төрөбайдын сөзүн макул көрөлү. Алдыга туткундарды айдап баратышат. Эмне кылсак болот?- деп Алыке шериктерине суроо менен кайрылды.

-Бир жарымыбыз барып, бийге кабар берелиби?- деген Момунбекти сөзү арга кеткендиги сөз болчу. Себеп дегенде кабар берген адам черүү турган жайга бир күндө аран жетиши мүмкүн эле.

- Биз азбыз, күч келбейт- деди Момун.

-Көрүп, билип туруп, туугандарыбызды ажыратып ала албайбызбы?- Алыке кабак түйө, шериктерине тике суроо койду.

-Ажыратып алалы десек, ойроттордун саны оңор болбосо керек?

-Зайсаңдар кеми жүздөн ашык адамдарсыз жолго аттанышпайт.

-Ар кимибиз ар кайсыны айта берсек шылтоо табыла берет.Биз кандай да болбосун туугандарыбызды туткундан бошотуп алышыбыз керек-деп Алыке кабагын чытыды.

-Жолун айт. Канткенде бошотуп алабыз?

-Элибизде «Ойчу ойлонгуча, тобокелчи кыр ашыптыр»- деген сөз бар. Өзүбүздүн туугандар үчүн бир тобокелдикке баралы.

-Айт. Кантип тобокелдикке барабыз?

-Достор-шериктеринин жүздөрүнө кыдырата карап Алыке ичинен толгоно, кайта чыйралды. Билип турам. Абал оор. Биз боордошторубузду, кантип душмандын туткундап кетишине жол беребиз? Жан аябайлы. Бир жаныбызды тобокелге салып көрөлү?

-Алыке, досум. Баарыбыз эле сендей ичибизден толгонуп турабыз. Күчүбүз тең болгондо, кайра кайтпайт элек. Тобокелдик иш опурталдуу болот. Ойлон досум! Табылды ички сырын жашырбай ачык айтты.

-Алыке, жакшылык үчүн жан аябайбыз. Алды-аркасын абайлабай, алабармакдыкка салышыбыз туура эмес- деп, Момун сөз кошту.

-Биз, күн өткөрүп, убакыт кетирип, эмнеге машыгып, эмнеге уруш өнөрүн үйрөндүк? Эмнеге кетенчиктеп, эмнеге коркуп жатабыз? Жоо бизге көп болуп, сүрдүү болуп көрүнүп жатабы? Бирибизди бирибиз колдобосок, кантип ийгиликке жетишебиз? Алыкенин ачуусу келе, кабагы түктөйдү.

-Кандай жолду сунуш кыласын. Акылга салып көрөлү айт! Баарыбыз эла сага окшоп, ичибиз ийрилип турат- деди Ташболот.

-Эки топко бөлүнүп, жанаша кокту менен барып, буларды утурлап чыгабыз. Колго түшкөндөрдү сүргөндөргө, же мал айдагандарга аз эле адам бөлүнөт. Мүмкүн ар бирибизге экиден, бирден туура келер. Алдын жетишинче алышабыз. Арабыздан бир-экөө туткундар байлаган аркан-жиптерди кыркышат. Колго түшкөндөр жабыла ар тарапка качышат. Аз убакыт болсо да биз аларды алагды кылганда туткундар бошотулат. Калганын анан көрөрбүз.

-Колот оңор эмес созулуп кетет экен. Быткыл, жар, аскалар да болушу мүмкүн. Аны өрлөп, алардан мурда, ашуу алдына жете алабызбы?

-Кеп ошондо. Жетиштин аракетин кылалы. Эки тарап ашууга жетерде жонго чыгып, бири-бирибизге белги берели.

Айтканынан тайбаган анын пикирин шериктери үндөбөй кабыл алышты.

Алыке менен Ташболот башкарган эки топ, жанаша коктуга бөлүнүшүп, өрдү карай шашыла жөнөштү. Тоонун кокту-колоту алыстан сайда көрүнгөнү менен аралай жүргөндө аска-жар, быткыл-колоттору арбын.

Кээ жерлерине ат эмес, адам жүрө алгыс аң,зоо. Улоолорун калтырышып, жарыша жө жүрүштү. Канткенде да жоокерлер жандарын аяшпады.

Алыке баштаган топ, улоолору жок жөжалаң ашуу алдына жетип, тик белеске чыга бергенде, күн тоо башына батып бараткан болчу. Көлөкө түшкөн коктунун ичи айкын көрүндү.Алар болжогондой эле. Тар коктунун ичи оңор эмес, баш-аягына чейин созулуп жатат. Ортодон чакан суу агып, кашпайган жол улам күңгөйдөн, тескейге өтүп, кечүүлөрү арбын экен. Арып-ачып, сенделе араң басып келе жаткандарды, шыбап айдаган жоон топ. Куралдуу атчандардын он-он бештейи алдыда. Отуз-кырктай жоон тобу аркада. Туткундарын басыгы менен акырын жылып келе жатышты. Алардын ат чабым алыстыкта мал айдагандардын эки

топко бөлүнүшкөн. Бардыгын эсепке алган Алыке, мандайдагы мойнокко көз салды. Ташболот баштаган топ да бириндеп-экиндеп жонго чыга келишти. Бирин-бири көргөндөр жондо турушуп, жаңдоо менен «сүйлөшүп» жатышты.

-Эки тарап, бир учурда тегиз жоого билинбей барып, жол тосолу. Биринчи жаа колдонуп, анан кылыч, найза иштетели- деген ойду түшүнүштү.

Эки тарап тең, колдорун толукташып, демдерин баса, эс алышты. Бир мезгилде так секире, таш кулагандай шукшуурулушуп, колотко түшүштү. Ортодогу сууну жээктей күнгөй-тескей беттерин жамынышa, алга эңкүүлөй жүрүштү. Таш, урчуктарды пааналашып, коктунун кууш жерине барышып, жай келе жаткандарга жакындашты.

Бүгүн каршылыксыз барып, оңой олжого ээ болгондордун көңүлү шайдоот эле. Бири-бирине тамаша айтышып, арсаңдаша күлүп жатышты.Жигиттер тура кала, тегиз жааларын мээлеп, саадактарын тартарында алардын улоолору сезип, селт этише баштарын көтөрө, кулактарын тикчийтишти. Тегиз атылган жебе «зып-зып»эте топ алдында келе жаткандардын акырек, көкүрөктөрүнө, алкымдарына кадалып жатты.Алдыңкылар. «Аа!» дешке үлгүрүшкөн жок. Аттарынан оонашты.Алсырап, ыйлап-сактап, сүйрөлүп келе жаткан туткундар аңкая туруп калышып, өздөрүнүн жигиттеринин караандарын байкашып, кубана чуркурашты. Заматта жетип барган бир-экөө шамдагайлык менен туткундарды байлаган жиптерин курч бычактары менен бырчылдата кесип ыргытышты.

Аркадан келе жаткандар аларды туйгуча болбой, кылыч шилтеп, найза ыргыткандар, шамдагайлык менен секирип келишип, ат үстүндөгүлөрдү камынтпай жайлашып, бош калган аттарды минишип кийинкилерге чабуул коюшту. Чай кайнамга жетпей. Какыр-Колоттон барган калмак ноену Ноодандан жигиттеринин өлгөндөн калгандары куралдарын таштап, жеңилгендерин моюнга алышып, чөгөлөп отурушту.

-Алыке! Алыке аке! деген кыздын кубанычтуу үнү чыкты.

Алыке үн чыккан тарапты карагыча болбой, Айсалкын чуркап келип, көз жашын төгө солкулдап анын мойнун кучактап турду.

***

-Эзелтеден бери кандуу кармаштын, тополоңу тоз болгон, эчен жортуулдардын тепсендиси болгон Фергананын жараты айыкпады. Уламдан улам, уланган кыргын-сүргүндөн эл жадады. Качан болсун кулак түрүп, элтеңдеп, кайдан да, балекет жоо чыга калат деген чочулоо, коопсунта берди. Бирок, тиричилик канткен менен токтоп калбайт экен. Эгин эгип, мал багыш, алыскы-жакынкылардан кабар алыш, барыш-келиш мамиле уланып, жашоонун ташбиши, түмөн түйшүгү токтободу. Жылдын төрт мезгили баштанып, кайрадан эле изине келе берди. Кыш камын күздө көрсө, жай камын жазда көрүп, эртеңки жакшылыктан үмүт үзбөй тиричиликти кылдырттаткан сайын, учукту улаган уул, жек-жаатты бириктирген кыз чоңоюп, бөтөнгө барса өз болуп, тааныбаган, билбеген жерден куда-сөөк чыгып, катташ калыңдап, жашоо өз нугунан жазбай, агыла берет тура. Ариет-намыс деп, мейман күтүп-узатыш, каадалары калбайт экен.

Байыртадан бабалардан уланган ызат-сый, адамгерчилик, «жокту керек таптырып» өмүр көчүнүн аягы тыйылбайт тура. Кандуу кармаш, тополоңу тоз болгон уруш болсо да, өлүктүн акыбети ары, тирүүлүк сыйы бери болуп, жашоонун нугунан чыкпай келе берет экен. Пенде баласы бар тапканын алгач өзүнө, андан кийин үй-бүлөсүнө, мейман-ысманга, той-топурга деп ниет кылары жөндөн жөн эмес. Көргөн көргөнүн кылат деп атадан балага өткөн ызат-сый ариет-намыс. Ал ариетти эч ким аттап кете албайт. Намыс деген өзүңүн жүзүң, ата-бубаңдын аброюу, тууган-уруктун, элдин улуулугу. А улуулук деген тазалык, бийиктик, кенендик. Ага эч нерсе тең келе албайт.

Дал ушул улуулуктун кадыр-баркын билген эл, жашоодо маңдай терин төгүп ак мээнет кылып, бекер ашка, бөтөндөн келген пайдага кызыкпай, аны арам, кесири тиет деп, тиричи-лигине жакын жолотпойт. Мал артынан мал болуп, малды казна, байлык деп, жайын-кышын төрт түлүктү асырайт. Төлүн көбөйтүп, эт-сүтүн пайдаланып, бар тиричилигин малга таянат. Мал тоолукка азык, кийим-кече, үй отон, байлык, пайдаланганына күч. Аш-тойдун кадыр-баркы, меймандын ызат-сыйы. Намыс-ариетти көтөрөөр мүлк.

# *ЭКИНЧИ БӨЛҮМ*

Бухара эмирлигиндеги бийликти Убайдулла башкарчу. Ал өлгөндөн кийин Абдулазизге бийлик ооду. Эмирликке караган Бухара, Балк, Гуляб, Гисардагы бийлик ыдырап, ар кими өз алдынча бөлүнүп кетишти. Дал ошол чакта Кожент аймагынын бийи Маматибрагим аталыктын уулу Акбото Бухарага да, Чодактын кожолоруна да көз карандысыз ээликти башкарып турду. Акбото Бухаранын ханы Убайдулланын ишенимине ээ болуп. Фергана өрөөнүнүн Түштүк Чыгышындагы Кожент аймагын калмак баскынчыларынан коргоочу кошуунду башкарчу. Ошол кезде Балктын башкаруучусу Маматбай тоодо жашаган уруулардын жардамы менен (Шаарстандык тоолуктар) Бухара ханы Убайдулла хандын жээни Мухаммед Мукумду өлтүрүп, Балк шаарын ээлеп алган эле. Акбото ичкилик кыргыздарынан чыгып, көчмөн өзбектердин жүз уруусун да бийлегендиктен өз учурунда аны «Акбото бий жүз» деп аташкан. Акботонун аброю Фергана аймагынан гана эмес, жанаша өлкөлөрдөгү эл башкаруучуларга дайын эле. Ал ичкиликтердин тейит уруусунун жакшы тейит уруусунан болчу.*

Маргалаң аймагындагы кожолор уламдан-уламдан, кыргыздарга кол салып, талап-тоноп, үстөмдүк кылууга аракет кылып турушкан. Бирок Акбото бийдин аброю ошол чөлкөмдө даңазалуу болгондуктан бухаралыктар да, Чодактык кожолор да ага даай алышкан эмес. Чамыш бийдин уулу Шахрух чыныгы акыйкат жолго үндөгөн Маулана Лутфиллах Чистинин мюриди, ошону менен бирге Махмуди Аззамдын ыйыктардын султанынын да мюриди болгон. Ал Кокондон –(Хух-конд-чочкосу көп жер) үч чакырым аралыктагы Дихкан- Тода аттуу жерде жайгашкан болчу. Камыштуу сазда сепил курдурган. Кийин «эски коргон» аталып кеткен. Ага Тыргоо, Жаңгент карачу. Шахрух аталыктын Абдурахим бий, Абдыкарим бий, Шады бий атту үч уулу жана бир кызы болгон.
Акбото бий алгач үйлөнгөнүнө карабай, Шахрухтун кызын көрүп жактырып калды. Ал болочок кайынатасынан кызынын колун

*(Кээ бир баяндарда саруу уруусунун кырк уругунан – деп берилет).

сурап, кыргыздардан аксакалдарды жөнөттү. Алардын сунушуна Шахрух:

– Өзбектердин бир бийи баласына куда түшүп келгенде убада берип койгомун  деп жооп берет. Аны менен сөзгө келише албаган кыргыз аксакалдары Акбото бийге кайрылып келишти.

Ачууланган бий, топ жигиттери менен Шахрухтун үйүн куурчап алышты.

Көчмөндөрдүн салтында, күчтүү бийлөөчү гана башка бир атаандашынын кызын аялдыкка алууга шарт экендиги маалым. Болочок күйө бала аркылуу көп жерге колу жетерлигине ынанган ары куу, митам Шахрух эртенки күндү ойлоп, кызын узатууга макулдук берди. Шахрухтун бийликке келишине Акбото бийдин чоң жардамы тийгендиги бештен белгилүү. Себеби, Акбото бий Шахрухка караганда абройлуу, согуштук жактан күчтүү болчу. Шахрух кызын кыргыз бийине узатты. Кожент аймагынын бийи, аймактан ашкан чоң аброю, ары күчү менен Шахрукка күйө бала болуп калды. Күн өтө берди.

-Кайниңизди колуңузга алып, жаныңызга ала жүрүнүз.

Эл бийлегенди, уруш өнөрүн үйрөтүнүз?- деп жумшак, ары сылык сүйлөгөн жаш айым күйөөсүнө кайрылды. Кызынын акылмандыгына ынанган кайынатасы чоң уулу Абдурахимди күйө баласына кошуп берди.

Кокон бийлигинин башаты дал ошол 1700-жылдардын башталышына барып такалат. Табиятынан куулугу жана өзүмчүлдүгү атасынан ашса ашып түшкөн Шахрухтун уулу Абдурахим жездесинин үйүндө жүрүп эл менен мамиле кылганды, бийлик жүргүзүүнү үйрөнүп, анын тарбиясын алып чоңойду. 1710-жылы Шахрух куйө баласынын жардамы менен Чодакты, Аксыкентти басып алып, өзүнө караштуу жерлердин чегин кеңейте берди. Бир топ жерге, элге өкүмүн жүргүзгөн Шахрух 1721-жылы ааламдан өттү. Абдурахим жаш кезинен эле атасындай бийликке умтулуп, ага жетүүнү самап жүргөн. Атасы өлгөндөн кийин да, ага бийлик ыйгарылбады. Эл башкарууну көксөгөн Абдурахим күндөрдүн биринде, арам оюн ишке ашырмакка, түнкү уйкуда жаткан жездеси Акботону өлтүрүп, Кожент аймагындагы бийликти өзүнө алмак болду. Бирок, жаш бөлтүрүктүн аракети тыянаксыз болуп, ишке ашпай калды. Жездесин өлтүрө албаган Абдурахим түнкү караңгылыктан пайдаланып, жака-белдегилерге көрүнбөй, шериктери менен ээн талаага качып, кутулуп кетти.

Каарданган бий, кара ниет кайнисин кармап келүүгө, ишенимдүү жигиттерин жөнөттү. Куугун каракчылардын аркасынан сая түшүп, сары изине чөп сала, кубалап барышты. Алардын аркасынан Шум-Коргон деген жерде жетишти. Абдурахимдин эң жакын көргөн Камбар аттуу мергени баш болгон шериктери калкалап жүрүшүп, каракчылар аман кутулуп кетишти.

Кыргыз бийинин айымы-Шахрухтун эрке кызы, күйөсүнүн бутун кучактап, инисинин күнөөсүн кечирүүнү, кабар жиберип, үйгө алып келүүнү андан, жалынып суранды.

-Бийим, иним балалык кылып, бирөөлөрдүн тилине кирип, күнөөлү болуп калды. Болбосо ал, тузуңузга кара санабай турган, бир тууган кара чечекей кайниңиз эле. Күнөөсүн ак кызматы менен актасын. Кечирим бериңиз? Чакыртыңыз? Көзүңүздүн агы менен айланып, сиз үчүн жанын да аябаган, калканыңыз болсун. Кайсыл гана душманыңызга баш тартпай көкүрөк тосушуна, түбөлүккө күйүшөөр ак никелүү жубайыңыз-мен кепил болоюн? Ак никелүү аялыңыздын, ал мончоктой балдарыңызды ардактап, төрөп-баккан менин айткандарымды аткарып, кечирим бериңиз? Атабыз өлүп, сизден башка калканаар кимиси бар? Сиз менин инилеримдин атасындай болуп калдыңыз. Алардын ишенгени да, таянар тоосу да сиз. Уулуңуздай көрүңүз?- деп, чоң кызы менен эки уулун жетелеп келип, чөгөлөп, пешенесин жерге тийгизип уламдан-улам ыйлап да, жалынып да сурана берди. Акбото койнунда жаткан жубайынын, канынан жаралган балдарын ортого салган энесинин айтканынан чыга алган жок.

-Ырас, балалык кылып, душманга алданып, ичи арамдардын тилине кирген экен- деп кайынинисинин кайрылып келишине, макулдук берди.

-Аз айып, көп күнөөм болсо кечириңиз? Кашыңыз менен кошо серпилип, кирпигиңиз менен ирмелейин. Кылычыңыз болуп чабылып, жебеңиз болуп атылууга убада берейин? Атамдай ыйык көрүп, сөзүңүздү кайтарбайын? Алдыңызда эзели баш көтөрбөйүн? Күнөөмдү ак кызматым менен актайын?- деп буркурап ыйлап, Абдурахим көкүрөгүн жерге төшөп, кечирим сурап өбөктөдү.

Уулу жыландын бир күн болбосо да, дагы бир күнү чагып, уусуна бөлөөрүн оюна албаган Акбото, ак көңүлү менен ага кечирим берди. Күн өтө берди. Шахрух бий кыргыз Акбото арылуу 1709-жылы бийликке келет. Ошол кезде Ферагананын көпчүлүк бөлүгү кожолордун таасиринде эле. Шахрух тажиктер жашаган

Риштанды каратат. Бийдин Кокон бийлигинен негиздөчүсү болушуна күйө баланын чоң көмөгү болду. Ал күйө балага таянып 1718-жылы Чодактагы чоң кожону чакырып, аны менен кошо келген меймандардын баарын мууздатып, капыстан Наманган тегерегин басып алды.

Шахрухтун түпкү теги Чыңгызхандын бабасы Бодончарга барып такалат. Шахрух бий, андан ары Шахмас бий, Султан Асыл, Абулкасым, Мухаммед Амин бий, Кудаяр султан (Теңиржар) султан Илек (Алтын бешик) Бабур падыша, Мырза Омор шейх, Мырза Султан Мухаммед, Абдусаид, Мираншах, Амир Темир, Амир Тарагай, Амир Баркул, Амир Илингиз, Амир Анджил, Караджар ноен, Амир Сутуджин, Боринихан, Ирумджи-барлас хан, Кошулу батыр, Барат хан.

Барат хандын он уулунун бири Есугэй, кичүүсү Кажулу болгон. Есугэйден Темучжин (Чыңгыз хан) Кожолунун тогузунчу урпагы Темирлан,Бартан хан, анын атасы Кабулхан, анын атасы Туман хан, анын атасы Дутумнин хан, анын атасы Бука хан, анын атасы Бодончар.

Бодончардын энеси атактуу Алан-Гоа, ал эми атасы Эне-Сайлык кыргыз Малик Баяуд болгон.*

-Эшигиңизде жүрүп уулуңуздай эле болуп калды. Бир тууган жээндерин жанындай көрүп ардактап жүрөт. Сиздин таалимиңизди алды. Тузуңузга кара санабайт. Кызыбызды берип, күйө бала кылып алалы. Кийинкиде, уулдарыңызды да, жөлөп-таяп, кастарлап карайт- деген койнунда жаткан аялынын бал тилине көнүп, бий жанындай көргөн айдай сулуу жалгыз кызын, Абдрахим менен баш кошуусуна макулдук берди.

Кыргыз бийинин бир тууган кайниси, бүгүнкү көздөй көргөн күйө баласы Абдурахим «койнундагы котур ташын» таштабады. Басса-турса да, бийлик сересин ээлеп, өкүмдүк кылууну ойлогон мансапкор, баягы кара ниеттигин кайрадан баштады. Бир нече шериктери менен бүтүм кылып, аларды түнү алып келип, жанаша бөлмөдө уктап жаткан, кайынатасын капилеттен басып, эки баласы менен кошо мууздап, калаадан дагы бой жашырып качып чыкты. Маркумдун жасаты менен алек болуп жаткан кайын журтундагыларды чаап, Абдурахим Кожент аймагындагы бийликти ээлеп алды. Баш көтөргөндөрдү тымтыракайын чыгара кубалап, ар тарапка чачыратты. Акбото өлгөндөн кийин жакшы тейит уругу

*Малик Баяуддун энесайлык кыргыз экендигин француз окмуштуусу Реплю, немец окмуштуусу Рачневски, орус окмуштуу-лары Березин жана Кычановдор тактап чыгышкан.

«күл чачар тейит» аталып кетти.* Себеби Акботонун күйө баласы. Абдурахим кайын журтундагы үркөрдөй болгон туугандарын ар тарапка чачыратып, куугунга алгандыгынан, алардын арасынан эч бири ага каршы чыга албагандыктан мурдагы жакшы тейиттер «күл чачар» аталып калды.

***

Бухара эмирлигинен Фергана өрөөнүндө өзүнчө ээлик бөлүнө баштады. Ал ээлик Коконго сүрүлүп, Шахрух бийдин урпактарына ооду. Ага Кокон, Исфана, Маргалаң калаалары кирди. Кийин Анжиан, Наманган жана Фергана тоо этектери басып алуунун эсебинен кеңейтилди. Ээликтин калкы көчмөн жана отурукташкан дыйкан сарттар, тажиктер, көчмөн малчы-лар, кыпчак-кыргыздар түзгөнү менен өз ара ыркы жок, бир топ менен экинчиси жаатташкан чырдан улам, бири-бирине өктөмдүгүн көрсөтүп турушкан. Аягы жок чыр-чатактын айынан, аймак бүлгүнгө учуруп турган эле.

Андан көп өтпөй Абдурахим Кожентгеги бийлигин иниси Абдукаримге берип, өзү Коконду борбор кылып калаа курду. Ал «Рахим калаа» аталды. Маргаланды башкарууну иниси Шады бийге тапшырды. Бийликтин эки тизгин, бир чылбырын биротоло колуна алган Рахим Кокондун айланасындагы аймактарга жүрүш кылды. Оро-Дөбө, Анжиянды каратып, 1729-жылы Самаркан менен Катта-Коргонду алды. Кокон бийлигинин түбү түптөлө берди. «Эзели бийлик тизгинин эч кимге бербейм» -деп жүргөн Абдурахим 1734-жылы киши колдуу болуп, көз жумду.

Аймакка башкаруучусу болуп, Абдукерим келди. Ал атасы курган эски коргонду талкалатып, жаңы шаар салдырып, аны Кокон деп атады Мурда бир тууган жээни, кийин аялдыкка алган жеңесине, нике байлатып, агасы Рахимдин жесирине үйлөндү. Абдыкерим бий Бухара эмираты менен араздашып жаткан Шахрисябздын кенегес уруусунун бийи Хаким Бухаринин кызы Айчучук айымга үйлөнүү аркылуу миң-кенегес өнөктөштүгүн түздү. Кокон бийлигине Намангандын тегереги карады. Кийин Касандын,

*(1725-жылы өлтүрүлгөн Акботонун сөөгү Лейлектеги Хорасан дангисинин оозуна коюлган).

Аксыкенттин, Чодактын, Жаңы-Коргондун аймактарындагы элдер Кокон бийлигине көз каранды болуп калды. Абдыкерим бий бийликтин камчысын каттуу шилтеп, караламан калкынын ал-абалына карабады.

Шахрухтун балдарынын ач көздүгү арта берди. Жанаша аймактардагы Анжиян, Наманган жана аларга жакын тоо этектерин басып алуудан улам бийликтери бир топ чыңдалды.

Басып алган калаалардагы калктардын наразылыктарынан улам чыр-чатактар күчөдү. Жааташуудан улам, акимдери да тез-тез алмашып турду. Фергана өрөөнүнө калмактардын бир нече жолку басып кириши Кокон башкаруучуларын да бушайманга салды. Коңшу жашаган кыргыздардан да кошуун курап, калмактардын бир нече жолку чабуулдарын тосушу, көп эле ийгиликти камсыз кыла албады. Абдыкерим бийдин айласы кетип, көзү чачырап калган болчу. Ал жакынкы аймактардагы кыргыз-кыпчак билермандарына, Оро-Дөбөнүн бийине кабар жөнөтүп, кокон-кыргыз өнөктөштүгүн түзүүгө чакырды. Оро-Дөбөнүн Фазыл бийи Абдыкеримдин абалын уккан соң, экөө шашылыш Коконго аттанды.

***

Фергана өрөөнүнө душман ар тараптан чабуул койгондуктан алыскы аймактардан жардамга келүүчүлөр үлгүрө алышпады. Бирок Кубатбек, Ажибек башкарган кыргыз кошуундары калмактарга каршы күрөштү уланта беришти. Калмак ноену Дода Доржу баш болгон анын кошууну кийинки келген чабуулунда Кайнар деген жерден каптап кирип, Кокон сепилин курчап алды. Кокон калаасынын башчысы Абдалкаримдин колу каршылык кылууга чамалары келген жок. Кокондук бийдин аргасы кетип, кыргыздар менен баштатан ынтымак түзбөгөнүнө өкүндү. Калмактардын койгон шарттарын аткарууга аргасыз болду. Калмак элчилери, бийдин сарайына келишип, анын кооз килемдерин аттарына тебелетип туруп, өздөрүнүн талаптарын айтышты.

-Жуңгар хандыгынын бийлигине кол кайруу кылбайт. Багынганын билдирип, барымтага ханзаданы берүүгө, контайчынын макулдугундагы, ал белгилеген алык-салыкты мөөнөткө жеткирбей төлөп турууга милдеттүү.

Калмак зайсаңдарын жана аскерлерин кийим-кечек, курал-жарак, жабдыктуу улоолор жана азык-түлүктөр менен камсыз кылууну мойнуна алат. Жанаша аймактарда жашаган кыргыз бий, бектери менен калмак колуна каршы согушууга биримдик түзбөйт. Коюлган талаптардан баш тартса, же аткарбаса Кокон бийлиги түп-тамырынан бери жок кылынат.

Абдыкерим бий айласыз агасы Рахимдин тун уулу Бабабекти* калмактардын колуна тапшырды. Ага кошуп жабдыктуу улоо, азык-түлүк, кийим- кече, курал-жарактарды камдап берип, убактылуу болсо да, кутулуунун аракетинде болду.

Дода Доржинин колу Абдыкеримдин ээлигиндеги Кокон калаасын тоноп-бутап кеткен соң, Оро-Дөбөнүн башчысы алганы келди. Ал кезде Оро Дөбөнү жыйырма жаштагы Фазыл бий ваннамий ибн Садык бий юз башкаруучу. Ал бардык абалды толук угуп, көргөндөн кийин, бир күн болбосо да, дагы бир күнү коркунуч өз башына түшөөрүн ойлоду. Эки бий акылдашып Фергана өрөөнүндөгү калмактарга каршы биримдик түзүү максатында Кубат бекке карай жөнөштү.

***

Жаз этектеп, жай башталып калган чак. Бул мезгилде Фергана өрөөнү миң түрлөнүп, жашыл аймак жалаң гүлгө толуп, бышкан чөптөрдүн аңкыган жыпар жыттарын жел айдап, эс алып отурган адамдын көңүлүн ого эле көкөлөтүп, көөнүн сергитери анык го чиркин! Мөмөлөгөн жемиштердин алды ала бөйрөк боло бышып, буркураган жыты аңкыса, ар шак сайын учуп-конуп безелене сайраган булбул куштардын үн алышкан аваздары айлананы шаңга бөлөп, уккандын моокун кандырбай койбойт. Көк түсү менен көңтөрүлгөн кирсиз асман чалкайып, денесин күндүн нурларына тосуп көөшүп жаткан жер менен айкашып, экөө биригип бир жашоону ырахатка бөлөп,

Ушул кең дүйнөнүн жандырмагы экөөнүн эле колунда болгондой менменсинишип мемирешет. Мелмилдеген талаа, менменсинген тоолор жай кучагына бой салып, бүтүндөй каткан дүйнөлөрүн, болгон байлыктарын адамзатынын жашоосуна, тиргилигин өткөрүп, өнүгүп-өсүүсүнө арнагандай. Берекелүү жайдын оомадысы артып, берешен пейилине көлкүп мезгил

*(толук ысмы Низамидин Мухаммед Баба бий)

мэримин чачып, ийип турган эле. Мындай берешен айкөлдүктү, мындай көлкүгөн көрктү жараткан бир адамзатына ыроолоп, ажайып кооз дүйнөдө,кең, тең, бир жашагыла!– деп атайлап бергенин адамзаты туябы? Ушул кенендиктин, ушул асылдыктын, кайталангыс улуулктун кадыр-баркын баалай алабы? Барк-баасына жетпесе, улуулукту туйбаса, сулуулукту сезбесен, жакшылыкты билбесе ал макулук. Анын жашоосу жашоо эмес, кордук. Андайлар малдан айырмасы жок. Дал ушул улуулукту, ааламга батпаган сулуулукту кереметтүү дүйнөнү адам балдары бири биринен неге кызганат? Неге талашышат? Бири-бирине ыраа көрүшпөгөн,кызганыч, аларга кайдан пайда болгон. Өзүмчүлүк неге өктөм? Кызганыч менен өзүмчүлүктүн аягы шор. Кайгы, ый, согуш. Неге аны адамзат туюп, билбейт. Жараткандан берген жакшылыкты тартып алгысы келет. Түбүң түшкөн дүнүйө! Тойбогон, толбогон алкым. Мындай боло берсе, адамзаты тукум курут болбойбу? Анда мындай бейпил, берешендик улуу дүйнөнүн кереги барбы эле?

Миң ойго батып, миң толгонуп, өзүнө өзү суроо берип, кайра ага өзү жооп таап, ага да ынанбай толгонуп отурган бекти, арытан аяр басып, келе жаткан жигитинин карааны алагды кылды.

-Бек, Оро-Дөбө менен Кокондун бийибиз дешип, эки мырза сизге жолугууну өтүнүшөт?– деди жигити аяр.

-Мм, келишиптир да. Бул жерде экенимди кайдан билишти экен?- бек өзүнчө сүйлөнүп- Келишсин!– деди оордунан козголуп.

Майдалай басып, баштарына чалма салынган эки караан ага жакындай келишип шыпылдай салам беришти.

-Ассалоом алейкум, бек– дешти экө жарыша саламдашып

-Валекима ассалоом.

-Амансызбы, бек– дешип, кол сунушту.

-Келгиге?

-Сизге, атайлап…

-Кана, орун алгыла?

-Сиз чыгың, сиз чыгың?-дешип, меймандар бири-бирине кичи пейилдүүлүгүн көрсөтүштү.

Үчөө жумшактап төшөк салынган сөрүдөн орун алышып, бата тилешкен соң, бирин-бири суроолу тиктеше, туруп калышты.

-Кубат бахадур, биз сиз менен биримдик болууга, жоого каршы чыгууга убадалашканы келдик. Бизди колдоорунузга терен

ишенебиз- деди Абдыкерим бий улам дудаланып, сүйлөгөн сөздөрү коошпой, коомай оюн билдирди.

-Абдыкерим бий, мурдатан эмнеге ойлонушпадыңар? Уктук, Зайсаң Доржинин талаптарын. Бир тууганыңыздын уулу Бабабекти эмне, барымтага кармата бергидей буюм болуп калды беле? Өз каныңыз го? Эмне, талабына талап койсоңуз, болбойт беле? Же бийлик, сиз үчүн ошончо эле каныңыздан, жаныңыздан бүткөн перзентиңизден ашыкбы? Баламы ал дегиче, бийлигими,башымы ал дебейсизби? Ар бир төрөлгөн уул, өз жеринин эгеси. Же бийлигиңиздегилер өз жерин, элин сатып кете береби? Эмне деп, эмне максат менен биримдик түзөбүз?

Бектин ар бир сөзү шибеге менен сайгандай Абдыкерим бийге оор тийди. Ал жооп берүүгө сөз таппай, дабдаарып турду. Эмне болсо да, бир шылтоону айтышы керек эле. Жаңы эле оозун камдап жооп берерде, бек аны сүйлөтпөй, тыя!

-Сиз менин суроомо жооп бериңизчи?

Абыдкерим бий бектин жүзүнө тике карай албай, жалтаңдап турган. Эми андан бетер башын жерге салып, сөрүгө сүйөп койгон дөңгөчтөй, кыймылсыз отурду.

-Ха, Фазыл бий, Сиз келип, ушул кеңешти берип, ээрчитип келип отурасыз. Барымтага баласын бербей, мурда келсе болбойт беле? Же биз ага, ойроттордон да ашкан душман белек? Кектегидей кеги, өчөшкүдөй өчү болсо, ачык айтсын. Элибизде кеп бар « Алыскы туугандан, жакынкы коңшу»- деген. Ичээр суубуз бир, бараар базарыбыз- мазарыбыз бир. Эмнеге, бири-бирибизди эш тутуп, жакын жанаша туруп, ынтымакташа албайбыз. Кана, айтчы? Кокон ээлиги түптөлгөндөн баштап, барган жеринде баскынчылык кылып, жеткен жерин баасып алат. Эмне аймактардык кылабы? Курушпай-тырышпай, коргон уруп тумчук-пай, эркин жашасанар болбойбу? Ырас, бир тууган элбиз. Биз кыргыздар жер талашпай, эл талашпай журтубузду тосмолобой эле отурабыз. Ууру-кески келбейт. Пейилди, ниетти оңдош керек.

Коргонуңар душманга калка болуп бердиби? Жок. Кайра өзүңөрдү чачылтпай, камап берди. Адам эмес, жан-жаныбар да эркиндикти самайт. Бирөөгө каранды болууну каалабайт. Коңшубуз душманга кол куушуруп турса, биздин бой көтөрүп жүргөнүбүз кайсы. Кудайдын берген жери, ата конуш баарыбызга бир. Ойроттордун Коконду басмырлаганы, биздин итиркейибизди келтирет. Биз ага чыдабайбыз. Ата конуш Ала-Тоо, берекеси

төгүлгөн Фергана баарыбызга ыйык. Биз ошол ыйык жерди душман бутуна тебелетпейли деп, өмүрүбүздү берип, каныбызды аябай кармашып жатабыз. Бул жер бизге ата-бабабыздан калган кымбат мурас. Биз ошол асыл мураска эч кимди эге кылбайбыз. Аталар бизге ардактап, сактап келген журтубузду, биз кийинки-лерге көздүн карегиндей барктап, өткөрүп беришибиз милдет. Ыйык милдетти абирдүүлүк менен өтөш үчүн кан, жаныбызды аябай күрөшүп жатабыз. Ырас, душманга күңкор болбойлу, эркиндикти талашалы деп келипсиңер, биз ага макулбуз. Кана, кокончу бий, биздин суроолорго эмне дейсиз?

Айыптуу баладай болуп, башын жерге салган Абдыкерим бий үнүн түздөп, дудалана сөзгө кирди.

-Ырас, айтасыз бек. Калаа деген ушундай экен. Ата-бабаларыбыздан бери коргон куруп, үй салып, үйрөнүп калган экенбиз. Сепилибизге да, ишенгенибиз бар. Жоонун кайдан кирип келгенин, аңдабаппыз.

-А, жоо келсе, кыргыздар тосот деп ойлогонсуздар да, туурабы?

-Жо-о, жогуң. Андай деп ойлободук.

-Жоону бирге тосолу деп, эмнеге аракет кылбадыңыздар? Биз, жоо менен алышып жүргөн мезгилдерде, кайда жүрдүңүздөр? Ата-бабаларыбыз айтып калчу. Мен-сенге бөлүнбөй. Ала-Тоого, Фергана өрөөнүнө кирген жоону бирге тосуп, бирге сүрдүк дешип. Бирдиктүү болгондуктан, жоо канчалык басып кирсе да, элди-жерди алалган эмес. Чейрек кылымдан бери, ойроттор опуруп-жапырып келет. Жолун бууган, мизин кайтарган, алышып-тайлашкан кыргыздар. Канчалаган кыргыздын азаматтары өз-жерин бөтөндөргө тебелетпес үчүн каны, жанын аяшпады. Жакынкы жылдардан бери, дагы да чапкынына туруштук берип, илгерилетпей, тосуп келе жатабыз. Абалыбызды сурадыңарбы? Жок. Келгин баштанып карап, карамак тургай, сынап турасыңар. «Балта чапкыча, дөңгөч эс алат»-дегендей, кыргыздар чабылсын, биздин жан аман калсын дединерби? Бирөөнүн кордугун тилегиче, өзүңөрдүн зордугуңарды тилебейсиңерби?

Отургандар үн сөзү жок, баштарын жерге салып дымып турушту.

-Сиздин айткандарыңыздын төгүнү жок. Баары туура. Аз айып көп күнөөбүз болсо кечиргейсиз бек?– деди Фазыл бий анан бара Абдула жүгүнүп:

-Каталыгыбызды моюнга алабыз. Өткөн өттү, кеткен кетти дейли? Алдыңызга келип, ийилип турабыз. Түбөлүктү тагды-рыбыз бирге. Эл атынан биригели деп, келдик бек– деди Абды-керим ордуна тура кала ийилип.

-Бек, атайлап алдыңызга келгенибиз, бардык күнөөлөрдү моюнга алганга барабар. Жоону бирге доолашып, жоону бирге жоолашалы. Динибиз, дилибиз бир, жамы мусулман бир элебиз. Ойроттор муну менен эле токтоп калбашын, өзүңүз да жакшы билесиз деди, Фазыл бий күйпөлөктөп, бектин көнүлүн жайкай сүйлөп.

-Биримдиктин башчысы өзүңүз, баарыбыз сизди угабыз Амир болуп бериңиз? Биз сиздин сөздү угуп, айтканыңыздай бололу? Биргеликте кошуун түзөйлү? Кем-карчыны бары мойнубузда болсун. Сап катарын толуктайлы? Абдыкерим бий бектин алды-нан өтүп, айтылгандардын бардыгын моюнга ала, суранып турду.

-Биримдикке биз макул. Бирок, оң канаттын башчысы Ажы бий бар. Анын алдына барып бир өткүлө. Эл-жерди бирге коргой-лу десенер, ал кеңпейил, жок дебейт.

-Ажы бий ким, сиз ким? Биз ишенген тирек сиздер. Экөө-ңүздөрдүн пикириңиздер бир эмеспи, бек?

-Кыргыз шумкар болсо, Ажы бий оң канаты, мен сол канаты. Оң канатсыз, сол канат каякка барат? Мен батышты коргосом, Ажы бий чыгышты сактап турат. Анын колу түштүктү калкаласа, менин колум түндүктү тосот. А силер ортолуктагы шире топтогон, аарысыңар. Ажы бий экөбүз, бири-бирибизсиз жолго да, жоого да аттанбайбыз.

-Бек, ушунча болду. Ачык айтыңызчы? Ажы бийге кандай соогат менен барсак болот? деп Абдыкерим ары аяр ары, кытмырлана баш көтөрө, капылеттен суроо берди.

-Абдыкерим бий. Дагы болсо да, ата-бубаңа насип кылган соодагерлигиңе барат экенсиң да деп, карс-карс күлө тамашалай кетти: -Ажы бий Ала-Тоонун арстаны. Ал эл тагдырын, сенин согатыңа алмашпайт.

-Биздин барганыбызга бий ынанабы?– деди ыңгайсыздана, шеригин осол сүйлөгөнүн жашыра, алаксыткан Фазыл бий Абдыкеримди кубаттай кетти.

-Кубат бектен келдик дегиле. Ал элдин тагдырын, тынчтыгын ойлогон адам. А бок дүйнө, бирибизди бирибиз, кимдигибизди

билбей, ким экенибизге баа бербегендигибизден улам, жоо уйпалайт тура. Бек баш чайкай, ордунан козголду.

Алыстан фазанданын карааны көрүнүп, билинер-билинбес баш ийкей, туура өтүп кетти.

-Кана, меймандар! Үйдө болбосок да, кең талаада, кенен отуруп даам таталы.

-Бек, биз ыраазы. Кайталы, уруксат берсеңиз?

-Жана жан, коңшубуз. Эки ээликтин опол тоодой эки бийи, бир дасторкондон даам татпай, куру-ооз кантип кетет.

-Жоогуңуз бек. Уруксат берсеңиз, кайталы? Жарыша ыраазычылык билдиришти.

-Кыргыз бир сүйлөйт. Ак дасторкондогу ырыскыдан, пайгамбарыбыз да баш тарткан эмес.

Салкын, кең жайда дасторкон кенен жайылып, жай алдын жаны бышкан мөмө, жер-жемиш баш болгон дүйүм-даам толтура коюлгандыктан, бош жай көрүнбөдү. Үч бийдин колдоруна суу куюлуп, жаңы чачык сунулду. Биримдикти ойлогон үч бий жарыша:

-Биссмилла дешип, дасторкондо чыныгы коңшу катары бирге отурушту.

Кубат бий менен Ажы бийдин оомадысы жүрүп, «кыргыз-өзбек-тажик» биримдиги калмактарды Фергана аймагынан сүрүп чыгарышты.

***

Темирландан төрт уул калган. Үчүнчүсү Имран шах (Миран шах деп да айтылат) Жаладин. Ал да төрт балалуу болгон.

Үчүнчүсү Омор Шейх. Андан атактуу Бабур төрөлөт Омор Шейх* Ферганаы башкарып турганда өлүмгө туш болуп, бийлик он эки жашар Бабурга калат. Ал кыргыз кыпчак, өзбек миң урууларынын кыздарына үйлөнөт. Бабур өзбектерден куугунтук жеп, Оогон тарапка качып баратканда, анын төрт аялынын бирөөсү Сейде анан ай-күнүнө жетип, жолдо көз жарат. Сейде кыргыздардагы саруу уруусунун кырк уул тобунан чыккан Ибраимдин кызы болчу. Бабурдун тайэжеси Исандөөлөт да саруунун кызы болгон.

Чыңгызхандын урпактарынын бири Вайс хандын уулу Жунус

*1493-жылы

хан Фергана аймагына качып келгенде Аксы элинин төбөлү Шеркожо сарынын кызы Исандөөлөткө үйлөнгөн.

Исандөөлөттүн кызы Нигарханумду Омор Шейх алып, андан Бабур төрөлөт. Кыргыз уруулары (саруууларга) жээн.

Түркстандын Арал деңизинин түндүк талааларында көчүп жүрүшкөн токсон эки боолуу (уруу) көчмөн өзбектердин ханы Мухаммед Шейбани Сыбани, Сыбан хандын урпагы. Сыбан Батыйдын уулу. Батый Чыңгыз хандын тун уулу. Жоочунун баласы кошуунун жетектеп келиши менен бул жерде шейбаниддер сулелеси орногон. Ал мезгилде Ферганынын султаны Бабур бийлеген эле. Бабур бир нече жолу Мухаммед Шейбани баштаган өзбек кошуундарынан Ферганы коргоп турган.

Бабур Мухаммед Шейбани өлгөндөн кийин перстердин жардамы менен Самарканды ээлейт. Бирок, андан кийинки жылы Мухаммеддин тууганы Убайдилла хандын кошууну менен болгон кармашта катуу талкаланып Оогонстанга, андан ары Индустанга кетет. Ал Ферганынын түштүгү аркылуу* ашып кеткен деген айтым бар. Кожент менен Канибадамдын аралыгында жайгашкан тоо этектерине (Лейлек, Баткен аймактары) келгенде, анын төрт аялынын бирөсу Сейдеапак айым, ай-күнүнө жетип, көз жарат. Жолдун ыраактыгы менен арттан түшкөн куугундан коопсузданган Бабур бир азга буйдалат.

Ат үстүндө жаңы төрөлгөн баланы алып жүрүү да кыйын эле. Жаш төрөлгөн ымыркай, энесинин ууз сүтүн ээмп, мемиреп бейкапар уйкуга кетет. «Бир жаны кудайга аманат» дешип, айлалары кеткенде «алтын бешикке» бөлөнгөн ымыркайдын үстүнө Бабур белиндеги каухар менен кештеленген алтын кемерин артып, жол боюндагы бийик арчага илип, ат тизгинин кагып, алга бастырат. Эненин кучагындагы бөбөктү кызматкерге берип, сапарлаштар ат моюндап жол жүрүп кетишет.

Капылеттен баланы тапкандар айылга алып келишет. Эмчек эмизген аялды миң уруусунан таап «алтын бешиги» менен ага беришет. Балага «Алтын бешик» деп ат коюлат. Бул аймактар-да кыргыздардын, кыпчактардын жана көчмөн өзбектердин уруулары көчүп-конуп жүрүшкөн. Баланы таап алган жергиликтүү-лөр, ымыркайдын Бабурдун тукуму экенин билишип, бешик менен кошо калтырылган баалуу буюмдар аркылуу багып, чоңойтууну чечишет. Жергиликтүүлөр ымыркай Бабурдун насили экенин жашырышкан.

*(Алай тоолорун аралап, Терек даванын)

Себеби, Бабурдун сөөк өчту душмандары аны билсе, өлтүрүп коюшу ыктымал болчу.

Бабур Индустандан жашыруун турдө атайын кишилерди жибергендигине карабастан жергиликтүү уруулар Алтын бешикти берүүдөн баш тартышкан Алтын бешик эрезеге жетиши менен ага төрт уруудан аял алып беришкен. Ал миңдердин арасында чоңойгондуктан, эрезеге жеткенде, Алтын бешик миң уруусунун бийи катары таанылат. Ал Теңиржар аттуу уулду болот. Ал атасы өлгөндөн кийин Ферганага бий болуп жарыяланат. Теңиржардын тукумдары Маргалаң аймагына оойт.Анын урпактары Жармухаммед, Абылкасым, Убайдулла султан, Асыл бий, Чамас бий (Шаймас-бий) Шахрух бий, Рустөм бий.

Абдыкеримдин табышмактуу өлүмүн уккан Зайсаң Доржу:

-Рахым бийдин тун уулу болгон соң, мураскорлук сага ылайык. Биздин талаптарды аткаруу жоопкерчилиги сага жүктөлөт- деп, Бабабекти Коконго жөнөттү.

Бабабек Коконду башкарууда Сулайман бийдин колунда болду. Бирок, аны бир күнү кошууну менен мыкчыгерлер Беш-Арыка чакырышып көзүн тазалашты да, көптөн бери бийлике жете албай эңсеп, жүргөн Эрденени көтөрүштү. Анын мезгилинде Кокон ээлиги кыйла бүлүндү. Өз ара жана коңшулар менен болгон келишпестик, бийлик жана аймак талаш элди аябай эле жабыркатты.Бирок, Эрдене кимди колго алууну, кимге жагынууну, кимге өктөм болууну жакшы билет болчу. Бийдин байлыгы аз эле убакыттын ичинде калыбына келе баштады.

«Эки дөө урушса, ортосунда чымын кырылат» болуп, Бухара менен Кокондун ортосунда ичкилик кыргыздары жашаган Оро-Дөбө ээлиги көптөгөн жылдар бою кызыл кыргынга, кара сүргүндө калды. Бирде Бухара тараптагылар келип чаап кетсе, бирде Кокон тарап талоонго алып, аралаш жашашкан тажик, сарт, ичкилик, жергиликтүү кыргыздардын абалы оорлоду. Басмырланууну каалабаган оро дөбөлүктөр басып алуучуларга каршы аянбай күрөшкө чыгышты. Кокондуктар менен болгон бир жолку салгылашууда басып алуучуларды ороп, колго түшүрүшүп, экинчи кайрылгыс кыла, куп эле сазайын беришти. Туткунга түш-көндөрдүн баштарын алышып, «келде мунар» дөбө тургузушту. Талоонучулардын баш сөөгүнөн коюлган дөбөнүн үстүндө карга-кузгундар кара тумандай каптап, сайран куруп, бир топ күнгө чейин учуп жүрдү.

Ородөбөлүктөрдүн жеңишине ичи күйгөн Эрдене, кетпес кеги, өчпөс өчү менен турагына кайтып, өзүн коерго жай таппай жүрдү.

Убактылуу болсо да, жанаша жашаган кыргыздар менен ыркка келип, күч топтоонун аракетинде болду. Ородөбөлүктөргө элдешүүнү кабарлады. Бири-бирине көз артпай, ынтымактуу, коңшу жашоону жактырган жергиликтүүлөр, кокондуктардын талабын макул көрүшүп, бейкам тиричилигин өткөрө беришти. «Котур ташын койнуна каткан» Эрдене күч топтоп, чагына келгенде, капылеттен Оро-Дөбөнү каптап кирди. Душмандын басып кирээринен кабарсыз, күндөлүк тиричилик менен алектенишкен ородөбөлүктөр каршылык көрсөтүүгө үлгүрбөй калышты. Туткунга алынгандарды бүт кырып, Кокон өкүмдары алардын баштарынан жаңы «калда мунар» тургузду. Таланган байлыкты артынып, колго түшкөн жаш балдарды айдап, Эрдене ээлигине кайткан болчу.

Оро-Дөбө аймагынын кооздугу, элинин иштермандыгы коңшу элдерди суктандырып келген. Чебер усталардын колдорунан чыккан буюмдардын көркөмдүүлүгү жана сапаттуулугу көпкө дайын болчу. Аймак да чарба жүргүзүүгө ыңгайлуу болуп, дыйканчылык өнүккөндүктөн, азык-түлүк, чебер усталардын колдорунан жасалган буюмдардын арбындыгы, кооздугу башка аймактардан ого эле айырмаланчу.

Кокон акимдери кыргыздар менен ыкка келип, жойпуланып, журт башчыларына белек-бечкектерин тартуулашып мамиле түзүүгө аракеттенишчү. Айрыкча кыргыздардын кушчу уруусунун башчысы Кубат бий Эрдене бийдин тең ата «колдоочусу» катары, тарыхта «Эрдененин тиреги» катары белгиленип калган, Паргананын батыш чегинде жайгашкан Оро-Дөбө он сегизинчи кылымда конушу өлкөлөрдүн эч бирине көз каранды болбой, бир топ өнүккөн эле. Аны акылман Фазыл бий башкарчу. Тегерегиндеги кубаттуу конушулары ородөбөлүктөрдүн байлыгына сук артышып, көздөрүн кызартчу.

Оро-Дөбөлүктөрдү биротоло өзүнө каратып алууга чамасы келбеген Эрдене, ар дайым сырттан келген жоого бастырбай колдоп келген, даңазасы ташып турган кыргыз кол башчысы Кубат бийди, Бухара эмири Мухаммед Рахимди кеңешке чакырды. Оро-Дөбөнү батыштан Бухара эмири Мухаммед Рахимдин, чыгыштан Кокондук Эрдене бийдин, түндүктөн Кубат бийдин колу куушуруп кирмек болду. Үч тараптан курчоого- доогого алган түмөн колго

Оро-Дөбө туруштук бериши кыйын эле. Бул кабарды уккан ородөбөлүктөрдүн жылдызы жерге түштү. Оор абалдан кутулуп кетүүгө эч кандай мүмкүнчүлүктүн болбогонунан улам, Фазыл бийдин күйө баласы гысардык Мадаминбек жардамга келатканы билинди. Анын кабарын уккан Бухаралык да, Кокондук да, анан Кубат бий да күлүп, баш чайкашты. Гисардык күйө баланын колу той-тамашага ылайык. Кызыл кыргынга чак келбестиги, үчөөнө тең белгилүү болчу. Оро-Дөбө ойрон болоору, бардыгына белгилүү болуп калды.

-Мейли келе берсин. Күйө бала менен кайната саламдашып, сагынчтарын жызып алышсын дешти, үч өкүмдар.

Оро-Дөбөнү басып киргенге, эч кимиси шашылышкан жок. Эр отун жагып, бейкам, шаан-шөкөт менен жибек чатырларында салкындап жатышты. Алыстан алардын караанын көргөн күйө бала аргымактын оозун тарта калды. Канчалык ат моюндан келсе да, үлгүрбөй калган эле. Оро- Дөбө үч тарабынан курчалып, аккан суу менен жүргөн шамал гана нугу менен болбосо, калган жайда кирип чыкчу тешик да, калбаган болчу. Гысарлыктардын колу бир чеңгелдеги таруу болсо, кайын журтунун ээлигин орогон кол такыядагы таруугa барабар эле. Күйө бала тээ бийиктеги, алыс жонго колун чачылта жайгаштырып, өзү алардан обочолонгон жайга «жолум үйүн» тиктирди. Кайын ата менен кабарлашууга эч кандай илаажи жок.

Кантсе да, сар-санаага баткан Фазыл бийден уйку качты. Башы кеңгиреп, эч бир айла таба албады. Аба-аксакалдарды чогултту. Кары-жаш дебей бардыгынын тынчы кетти. Ородөбөлүктүн бир гана ишеничи курал эле. Тагдырлары куралга гана байланган. Ошол кезде ородөбөлүктөрдүн көпчүлүгүн кыргыздар түзүп, кесек, авад уруулары көбүрөк жашашчу. Фазыл бий жердештерине терең ишенчү. Бардыгы маңдай терлери менен жашаган, мээнеткеч, ынтымак эле. Дыйкан, малчылар чарба күтүшүп, ата-бабаларынан бери ушул жерди мекендеп келишкен. Жоо колунан өлүм таап, же туткунга түшүп кор болуу, баары үчүн өтө аянычтуу болмок.

Акылман Фазыл бий бардыгынан кеңеш сурап отуруп, Сапар устага келгенде оюна бир нерсе кылт-эте түштүбү, бир саамга аны тиктеп туруп калды. Арык чырайынан келип, азали мээнеттен колу бошобой, колуна бир ишти алмай сайын отура албаган Сапар карыяны, айылдагылардын баары жакшы билишчү. Аны тели-теңтуштары «молдо» дешсе, жаштар «уста аба»дешип сыйлашчу.

Ал жаш кезинен илимге берилип, атасынын көмөгү менен Бухарадан билим алган. Жаш кезинен тамга таанып, айылдаштарынын өтүнүчү менен алардын туугандарына, же алыш-бериштерине кат чийип берчү. Беш убак намазын үзбөй, ар дайым мечитте китеп ачып, масала айтчу. Анан да колу бошой калганда, «ата кесибин» тутуп, жеңил устачылык кылчу, өнөрү артык эле.

Фазыл бий Сапар молдону өзүнүн диванканасында жеке алып калды.

-Молдоке, өзүңүз билесиз. Эл башына түн түшүп турат. Айла кетип турган чакта сизди көрүп, оюма бир нерсе түштү. Эгер көңүлгө албасаңыз, ачык сүйлөшөлү?

-Бийим, ушундай чакта ачык сүйлөшпөй, болбогон бир көңүл деп, бушайман болбой, ачык айта бериңиз.

-Сиз, мөр түзөчү өнөрүңүздү, али да таштай элексизби?

-Кайдан бийим, көздүн кубаты жетпей калды.

Сапар молдо, Фазыл бийдин элден жалгыз алып калып, берген суроосуна таң калды. Жакын турган жоодон, элдин баары бушайман жеп, алапайын таппай турган чакта, акылман бийдин берген суроосу кандай? Же корккондунан, акылынан адаштыбы?- деп, баш көтөрө бийди, абайлап караса, ал да, аны үмүттүү тиктеп турганын байкады. Кайра шашыла суроо салды.

- Бийим, ачык айтың? Сизге эле керек болсо, кайра карманабыз.

Сөзү бийге жактыбы, баятан бери түнөрүп, жылдызы жерге түшкөн бийдин бир жак ууруту «бүлк» дей түшкөндөй болду. Сабырсыздана жумшак үн менен

-Бу күнгө чейин, кайсы бийлердин мөөрүн чеккениңиз, кыялыңыздан чыга элекби?

-А, бийим, чектелүү эле бийлердин мөрлөрүн ойгом

-Кокустан, Кубат бий мырзанын мөөрүн жасабадыңыз беле?

-Кайсы, анжиандык кушчулардын бийи, Кубат мырзабы?

Кубат бий бир эле кушчу уруусунун гана эмес, кыргыз урууларынын эркиндиги менен көз карансыздыгын, калмактар менен монгол баскынчыларынан коргоп, ал тургай кокон акимиң да сестендирген эрдиги Паргана аймагынан да алыска маалым эле. Ал эр жүрөктүүлүгү жана адилет сапаттары менен чоң кадыр-баркка ээ болгон болчу.

Фазыл бий, шарт бурула,устага жакын келе

-Ооба, Кубат мырзанын?

-Ха бийим, жасагам

Бий жандана түшүп, шыбырап, аптыга сурады.

-Ошонун…Ошонун үлгүсү…табылабы?

-Таң бийим. Болсо, бир жерде жаткандыр.

-Дүкөнүңүздү карап көрбөйсүзбү?

-Ишти колго албай, таштап койдум эле.

-Бүгүн колго алыңыз?

-А мындай чакта..? Көңүл чаппас бекен?

-Өтө зарык. Бүт дитиңиз менен колго алыңыз.

-Бийим?...

-Экөбүздүн гана эмес, элдин тагдыры ушуга баглык. Бир кудайдан башка билбесин. Өтө жашыруун.

Элдин тагдыры» деген сөздү уккан уста, алактай түштү. Өтө маанилүү иш экенин ойлоп

-Качанга даяр болушу керек?- деди шашкалактаган Сапар уста

-Намазыңыз калса да…сөздүн аягын укпай желегинин этектерин делдектете, молдо үйүнө карай чуркап жөнөдү. Мындай чакта, кимдин ким менен иши бар. Чуркагандан күйүккөн Сапар уста үстү-башын алмаштырбай дүкөнүнө түз кирип, буюмдарынын чаңына карабай зарык буюмун шашкалактай издеп, тапканга чейин тынбады. Элинин тагдыры ошол мөөр менен чечилишин ойлогондон улам шашкалактады.

Оро-Дөбөнүн батышында Бухара кошууну, чыгышында кокондуктардын кошууну, түндүгүнө Кубат бий жетектеген кошуун таң эртең менен ородөбөлүктөргө кол салмак. Ал үчүн бардык жайда күзөтчүлөр астейдил турушат. Ар биринин оюнда –«Эмне балакет болуп кетет?» деген кооптону бар.

Түн кирди. Асман бетин бербеген жылдыздар бири-бирине шооласын чачып, түн караңлыгын жер бетинен оолак сүргөнсүйт. Ал эми жер бетиндеги ар тараптарда жагылган оттор, асмандагы жылдыздарга атаандашкансып чексиз аймака созулуп кетет.

-Байкуш кайнатам, өз ыйманын айтып, кудайга жалынып отурса керек. Ыйманы жолдош болсун деп, кызарган чокту тиктеп отурган күйө баланын кулагына, сүйлөшкөн кобур угула калды.

-Мени өкүмдарыңа кое бер! Өтө шашылыш ишим бар.

-Токтой тур! Уруксат сурайын.

-Азыркы абал, уруксатыңды күтүп турбайт.

Жулунуп кирген, бети чүмбөттөлүү киши чатырдан кире бере, Мадаминбектин маңдайында туруп калды. Ал сыңар тизелей

отуруп, башын ийе, бетин ачканда, бек ородөбөлүк акимдин «ак таягын» тааный калды. Күйө бала ордунан тура кала, суроо салды.

-Кайнатамдын ал-абалы кандай?

Чабарман таазим эте, сөөмөйүн ээрдине такады. Жанында отургандар, айттырбай эле, жыла басып, сыртка бет алышты.

-Бийдин жаны сак. Бул тапшырма.

Чабарман түрмөктөлгөн катты жана муштумдай болгон, ак кездемеге оролгон буюмду алга сунду.

-Бул эмне?

-Мөөр.

-Анын эмне кереги бар.

-«Тапшырма ушул аркылуу орундалат» деди бий.

-Ал кандай мөөр? Анын мага, кереги эмне? деп таңданды бек.

-Кубат бийдин мөөрү.

-Өзүнүкүбү?

- Жасалма.

-Табышмактатпай ачыгын айт!– деди ачуусу келген бек

-Алдын катты окуңуз?

Чабарман бекке жакын келип, эки тарабын аярлана карап, бутунун учуна тура кала, анын кулагына шыбырады.

Күйө бала ойлоно, чекесин кармап, башын көтөрө берип.

-Кексе, абышканын амалы дегин. –Ал кишиден акыл качып кутулбайт. Бар, тобокел– деп көрөбүз.

Жылдыздар суюлуп, таң агарып, баратты. Алыстан аттын дүбүртү чыгып, сак турган Бухара күзөтчүлөрүн, селт эттирди. Шапа-шупа аттанышкан күзөтчүлөр, эки атчандын жолун торой чыгышып, Токтогула!– деп буйрук беришти. Эки атчан аларга «моюн бербей» аттарын шыбай чаап, «өтүп кетүүнүн» аракетинде болушту. Күзөтчүлөр аларга кууп жетишип, экөө экөөнү тизгинден ала, бура тартышты. Чаап бараткандар аларга моюн бербей «чарпыша» каршылык көргөзүштү Бухаралыктар көптүк кылып, аларды аттарынан оодара тартышып, колу-буттарын байлоого үлгүрүшүп, коюн-кончторун аңтара, тинтишкенде саймаланган жоолук оромунан арабча жазылган катты таап алышты. Жаңылык он башыга, жүз башыдан миң башыга жеткирилди. Миң башы катты окуур замат, буту күйгөн тооктой эмир турган чатырды көздөй чуркады.

-Таксыр! Таксыр!- деп аптыккан миң башы сүйлөй албай, ордунан эми туруп жаткан эмирине тизелей жыгыла, кош колдоп,

оролгон жоолук ичиндеги катты сунду.

-Чыккынчылык!- деп чаңырган эмир жылаңайлак түктүү буту менен жердеги килемди тепкилеп кирди: -Өнөктөшүбүздүн кылаары ушулбу? Бул мусулман пендесине жакпаган иш. Мындайды шарият да кечирбейт. Алла Таалага койдум. Кудайым экөөнү тең жазаласын! Кубат бий да, Эрдене бий да чыккынчы! Алардын мурдатан эле кас экенин билгемин. Бекер алар менен шерттешкен экенмин. Бул иш, чагым дейин десем, Кубат бийдин мөөрү ырастап турбайбы? Мына окугула!

Кол башчылары менен жан-жөкөрлөрү нестейишти. Казы эңкейе катты алып, башын калтырата окуп, колу чок тийгендей ыргып кетти. Тургандар биринен сала бири, катты окуп киришти.

-Кана, эмне кылабыз? Жер тепкилей, аркы-терки баскан эмир, ары ызааланып, буулуга кыйкырды.

«Урматтуу Фазыл бий! Сиз өз колуңуз менен Эрдене башында турган кокондуктарга кошулуп, Бухара эмирине кол салсаңыздар, убада боюнча биз аркадан чабуул коюп, алардын таш–талканын чыгарабыз»- деп тургандардын арасынан бирөөсү үн чыгара, катты окуй кетти.

-Ырас, Кубат бийдин мөөрү- деди, катты өйдө көтөргөн миң башы, өзү алып келген кабарды ырастай.

-Бул эмнеси? Биз кимге ишенип, биримдик түздүк? Жүзү кара чыккынчы! Кудай гана жазаңды берсин! Алдап алып келип, биздин кошуунду талкалашмак экен да? Ант урган буларга, ишенүүгө болбойт деп, Бухара эмири, аскер башчыларынын ортосунда кыйкырып жатты.

Бухара эмири Мухаммед Рахим ачуудан улам буулугуп, Эрденеге жетти.

-Өзүң маслатка чакырып, кайра өзүң чыккынчылык кылып… Эрдене мырза, шерттешкен убадабыз кана?

Заары бетине чыгып, кылчылдаган эмир, ачуусунан аптыга, Эрденени баса калчуудай боло, маңдайында кекетип турду.

Эмирдин койгон айыбына териккен Эрдене, жаны чыккансып чаңыра, ордунан атып турду.

-Эмир, миң тукуму мындайга барбайт. Биздин кадыр-баркыбыз, мындайга жол да бербейт. Мени чыккынчы дегиң барбы? Эмир угуп кой! Мунуңду эч бир кечире албайм. Келе куранды!

-Куран кармап, актанам дебегин, Эрдене бий! Каттын мөөрү турбайбы?

-Мырзанын, бул кылыгын кечирбейм. Миң тукуму, эч убакта жалган ишке барбайт. Келе, куранды! Мен өзүмдүн актыгым үчүн ант берип, куран кармайм!- деп Эрдене эмирдин бүтүмүнө ачуусу келип, колу-башы калтырап, кыйкырып жатты.

-Акмак, чөлдүн чөө бөрүлөрү! Ак карлуу тоонун арыстаны мындай пастыкка барбастыгын түшүнүшпөйбү? Кана кыраандар! Булардын сасык чөлүндө жем аңдыган жырткыч баштанбай, салкын тоолорубузга жол тартабыз. Бул экөө, жалган катты, бири-бирине колко кылып, тытышып жата беришсин!- деген Кубат бийдин бүтүмүн эч бир жан жандыра албайт эле.

Эки карышкыр тең бири-бирине күнөө кое албай, тескери басышты. Эрдене катты кайра-кайра окуп, мөөрдөн көзүн албай, эмирдин койгон кинесине, «чыккынчы» атаган сөзүнө ызырына калчылдап, өзүн-өзү баса албай турду. Ишеничтен биротоло түңүлгөн эмир, түнкү караңгылыктан пайдаланып, өнөктөштөр капыстан каптап кетпестигин ойлоп, аскерлерин алып, алыс жайга жайгаштырды.

-Акылыңызга баракелде, ата!- деди күйө бала кайнатасын кучактай.

-Бар бол уулум. Амал канчалык күчтүү болсо да, ал акылга баш ийбей койбойт- деди Фазыл бий кучагын жая.

-Акыл акыйкаттык тарапта болсо, душмандын ыркы кетерин учур ырастады окшойт.

-Сенин келишиң бизге той уулум. Тойго камыналы. Кайната менен күйө бала эрчише эл алдына чыгышты.

***

Кокондук кекчил башкаруучу, жалган каттын кесепетин унутпады. Өч алууну көздөгөн Эрдене, кандай да болсо хан аталган Кубат бийдин көзүн тазалап, кыргыздардын ээлигин басып алуунун камында жүрдү.

Коншу өлкөлөргө Кубат бийдин даназасы артып, «Эрдененин тиреги» «хан Кубат бек» аталып, анын баатырдыгы да, акылмандыгы да, мезгил өткөн сайын алыска кетип жатты.

Кыргыздардын тайманбастыгы, өз эркиндиги үчүн кашык каны калганча кармашууга даяр турушу жана Кубат бийдин аскердик бийик мартабасы Кокон акимин сестентип жүрдү. Кыргыздардын

Кубат мырзага окшогон чыгаан кол башчыларынын алдында жасакерленип, туруугa аргасыз болду. Кыргыздар урууларга бөлүнгөнү менен өз топторуна баш-көз болуп, ар дайым женишти камсыз кылган эр уулдардын шай болушу ага маалым эле. Кубат бий кушчу уруусунун башчысы болгону менен жалпы кыргыздын ханы деп аталып, бийликти да, байлыкты да, бирге кармады. Элди бириктирип Жунгар баскынчыларына каршы турду. Анын сөзүн эч бир жан жерге таштабады. Элдин элчиси катары кытайга барабы, калмакка барабы, талабы аткарылып, пикири колдоого алынды. Бардык жайда анык ишмер, эл башчысы катары кабыл алынышы Эрдене баш болгон Кокон башкаруучуларын ого эле айбыктырды.

***

Чыгыштан батышты көздөй багыт алган кербен эчендеген мелмилдеген мейкиндиктерди артта калтырып, кум сапырган бетпак талаа, эрме чөлдөрдү кезип, ак карлуу тоолордун ашууларын ашып, тар жол, тайгак кыяларды басып, ташкындаган суу, дарыяларды кечип, күндү-түнгө алмашып, жумаларды айга жеткирип, эченедеген түйшүктөрдү тартып, жол кезип келет. Киредеги улоолор ташыркап, кербен айдагандар чаалыгып-чарчаган чакта, тыныгып, эс ала турган жай көздөн учат. Дал ошол учурда кербен башы

-Арыбай, адымдагыла. Биз барып, токтой турган жайга аз калды. Жараткан ал жайдан, эч нерсени аяган эмес. Ал жай бейиш. Коздугун көрүп, эсинер оойт- дейт.

Кербендегилер ал сөзгө ынанып, ынанбай илээлеп жылып келет. Акыркы ашууну ашып, эңкейе бергенде, ак карлуу тоонун этеги, жашыл чүмкөнгөн адырмактуу тоолордун чокулары кашкайып көрүнө, аркыраган шамалдын, мурун-кулакты чымчылаган аяздын «жолду ката уйпалап, жүдөткөн кычылыгы» көптөн бери ээрчип келе жаткан чөө бөрүдөй, аркада кала берет.

Жүргүнчүлөр көп каттап, эчен изге тапталган сокмо жолдун нугу менен эңкүүлөгөн кербендин кыймылдары шайдоот. Кадамдары жеңил. Күңгөй-тескейдеги салаадай болгон сан колоттон шаркырап аккан тунук суулар бир өзөнгө куюп, ал улам эңкүүлөгөн сайын көлөмү көбөйүп, ташып, кокту-колотту шаңга бөлөп, шаркырагы аска-зоолорду жаңыртат. Ортодогу өзөн менен

кошо жарышкан даңгыр жол, бирде аркы өйүзгө, бирде берки өйүзгө өтө кала, капчыгай ичин тепчий, уланып кетет. Өзөндүн эки тарабы кайың-талга чүмкөнүп, салкын тартса, ар бир бутакты ээлеп алган канаттуулардын түрлүү түркүн сайраган үндөрү, тоо суусунун шарына аралашып, капчыгай ичи азан-казан. Ай аралаган азаптарга араң чыдап, жол түйшүгүнө аябай жүдөгөн кербенчилердин денелери сергип, көңүлдөрү көтөрүлгөнү ар биринин таштаган кадамдарынан айкын байкалат.

Бул жолду эчен каттап, сырдана болгон кербен башы, бир жайык түзөңгө келгенде кирелери токтотуп, жүктөрдү түшүрттү. Улоолорду отко коюп, өздөрү да тоонун муздак тунук суусуна чайына, бойлору сергиди. Жайма-жай отурушуп, азыктанышып, кайра жол улашты. Адырмактуу жашыл белестерди ашып, күн табына мемиреген талаадан өтүп, бет маңдайдагы көрүнүшкө тигиле беришкенде, алды тамшанып, аркасы көздөрүн пар-пар ачып-жуумп аңкайышты.

-Капырай! Ушундай да болот экен ээ. Бул эмне бейиш деген ушул жерби? Чындап эле бейиштин эшигинде турушабы?

Төбөдө көмкөрүлгөн көк асман. Андан төмөн бүтүндөй айланаңы-тегерете курчаган ак карлуу тоолордун чокулары, ошол көк асманга тийип, аны төбөсүнө көтөрүп тургандай. Дал ошол тоолордун этегинде бейиштин төрүндөй болгон берекелүү жер, чайыттай тийген асмандын бир тарабында алтын нурун чачыраткан күнгө соорусун тосуп магдырап жаткандай. Түркүн-түмөн куштардын түрлөнгөн аваздары бири-бирин коштогонсуйт. Шагында ийилген ар түркүн мөмөлүү дарактардын жыпар жыт аңкып, мас кылчуудай.

Тирүүлүктүн башаты, жашоонун ырахаты болгон көк кашка тунук суулары ар тараптан агылып, этектеги керилип жаткан кең талаа адамзатынан аянбай ырыскысын кенен берген сыяктанат. Саябандуу бак-дарактарга, ар кыл жер-жемиштерге мөмөлөрдү ыроолоп, бүрдөп өсүшүнө кубат бергенсийт. Кең талаа, ой-кырдын баары жашыл чүмкөнүп, миң түрлөнгөн тулаңдуу чөптөр, бир аз эле, жел боло калса жыпар-жыт аңкыта, көл бетиндей толкуп түрлөнөт. Дүйнөдөгү кооздуктун баары келип, дал ушул жерди байырлагандай сезилет. Көпкө чейин аңкайып, эс-мас болгон кербенчилер, жердин ажайып кооздугуна көздөрү тойбой, улам-улам тамшанышат. Мындай кооздукту кимдер гана көргүсү келбейт. Кимдер гана суктанбай кое алышат? Кире тарткан кербен

көргөн ажарлуу аймактын кооздугун аралай баратып, көздөрүнө ишенбей улам суктана таңыркашат.

Адырмактуу талааларда ат бою өскөн түрлүү-түркүн чөптөрдүн жыты аңкып, түрдүү-түстөгү гүлдөр тим эле эгип койгондой бой керишип, биринен-бири кооз. Жылгасы сайып суу шылдыр агып, келберсип жаткан кең аймака жашоо берип, кан жүргүз-гөндөй, коктусу сайып коон, адырларында алма бышып, дарбыздары даңкайып, эми гана жайыттан келип, жабыла эс алып жаткан жандыктардай сезилет. Жемиштүү дарактардын мөмөсү бышып, жалбырак арасынан кылтая башын чыгарган балапан баштанып, эми эле учуп, жерге түшчүдөй болуп көрүнөт. Күн нуруна төшүн тоскон жер эне көлбүй ушул бышыкчылыктын баарына өзү себепчидей, «менин берген берекемден каалаганча алып, даамын таткыла, пайдалангыла! Барына канат кыла, кеңири жашап, өскүлө! дегендей берешендик пейилин кенен таштап, ныксырап жаткансыйт.

-Пай, пай! Көз тийбесин. Анык эле бейиштин өзү. Мындай жерге ким суктанбасын. Мындай бейпилдик деги, дүйнөнүн кай жеринде бар? Бейиш болсо, ушунча болоор-деген ойдогу кербенчилер аккан шилекейлерин аптыга жутушуп, уламдан-улам тамшанып келе беришти.

-Бул аймактын кооздугун, берешендигин, мехр шавкат, мамырлыгын айтса түгөнгүс. Уккандар ишенишээр бекен? Көзү менен көргөндөр гана ынанбаса, уккандарга жомок сыяктанса керек. Ушул жерди көргөнүмө, ушул жерди басып, даамын татканыма миң мертебе ыраазымын- деп кербенге жалданып келгендер жолду ката тарткан түйшүгүн, чөлдөгү, муздагы тарткан азап-тозогун эстеринен чыгарыша шайдоот адымдашат.

***

Калмактар Кашкар аймагына сүрүлүп, Фергана арасында коога жок. Эл арасы тынч эле. Тоо этегиндеги жапсарлуу курбуда тигилген ак өргөлөрдө көптүн карааны кою. Башка өргөлөрдөн өзгөчөлөнгөн ортодогу канаты керилген боз үйдө айыл аксакалдары, бий-билермандар орун алышкан. Алардын көөнүн карк кыла күпүлдөтө Манас айтылып, дастан, жомокчулар узун сөзгө түшүшкөн. Санжырачылар тил безеп, биринен бири өтө сөз

улашса, куудул-чечендер тамаша айтышып, комузчу-кыякчылар кезеги менен күү чертип, акындар жаагын жана алым сабак айтышып, көп ортосу шаңга толгон. Эки күндөн берки шайырлардын ыр-чоорунан, айыл ичи өнөргө карк.

Кооптуу күндөр эстен чыгып, уруш жарасы айыгып бараткан Канткенде да кастарланган каада-салт кайра жанданып, уул үйлөп, кыз узатмай, тушоо кесүү, жентек тойлор жандана баштаган. Кут тараптан куугун жеп, Жети-Суулук туугандардын сүрүлүп келишинен улам. Анжиан айланасы коюу. Бири-бирине байырлаган топтордон улам элдин саны арбын. Уруу-урууга, топ-топко бөлүнмөй жок. Аш-тойлор тегиз. Той десе чакырылбаганы да келе берет. Ата-бабалардан берки салт ушундай. Той элдики. Эл үчүн той кылат. Эл тойду узатат.

Желе-жорто чуркап, кызмат кылган жаштардын ар биринин өзүнө тиешелүү аткара турган кызматтары бар. Кээлери ашкана башындагы кереге бойлуу ача бакандардагы сары сабаларды күпүлдөтө бышып кирсе, кээлери тура кала, тикесинен тик турган адам бойлуу серке чаначтарды торпок терисинен ийленип, бышырылган көнөктөдү ача бакандын илгичинен чыгара, күчүркөнө көтөрүп келет. Экинчиси ага жардамдаша отура калып, чанач оозун кайрый, кыдырата тизилип турган аяктарга чуурутуп кымыз толтурат. Үчүнчүсү шыпылдап, тура кала баш-аягы кере карыш мелт-калт кымыз куюлган кара кеселерди, аяр кармап, кулачын кере, кош колдоп төрдөгүлөргө сунат. Бир тараптан казандагы дакталган сары майга, кызара бышып булоосу көтөрүлө, чызылдаган боорсок-куймактарды кыпкызыл жыгач чара табактарга үймөлөтө көтөрүп келип, ортодогу дасторконго кыдырата жая төгөт.

Сырттагы кемегелерде табылгы, арча отундар чатырай күйүп, алоо жалын чыгарса, кере кулач тай казандарда от табына чыдабай бүлкүлдөй, кээси шарактай кайнаган эттин булоосу, түтүн менен кошо обого көтөрүлө, абага сиңип кетет. Эчен жолу кайра-кайра сапырылып, кайноосу канып, даамына кирип «ак серке» болгон шорпо, ийдиштердин кырына бир эле жеткирбей куюлуп, казандагы табы боюнча, ысуулай үйдөгү отургандарга кыдырата сунулду. Эт чыгарылып, куйрук-боор, баш үстүнө коюлуп, чара табак толо бышкан эт үйгө алынып келинип, ортого коюлду. Шымаланган бөкөл жигит курч бычагын кындан сууруп, жеңин түрүнө, шапаттай кыла куйрук-боорду тиле, кош колдоп келип,

үстүнө «чык-намакап» себелеп, тартиби менен оң тарапка, анан сол тарапка узатты. Колдон колго өткөн жыгач табак, төрдөгү кадырман аксакалдарга тартыларда, төмөнкүлөр табак кармап, өтүнө.

-Кана, алыңыздар? Аксакалдар баштап бериңиздер? дешип адеби менен кош колдоп, куйрук-боор үймөлөнгөн табакты жогортодон-төмөн тегеретишет. Анын артынан тартиби менен жайгаштырылган устукандар, тээсин бузбай улуулата тартылат. Алдын баш сунулуп, жанбаш, кашка, жото,далы, кары, күң жиликтер төрдөгүлөрдүн жашына жана кадырына карай алдырылат. Омуртка, сээр, карчыга, төш жаштарга тартылат. Кабырга сырты менен кылдат тилине кесилип төрдөн төмөн алдырылган соң, аксакалдар жаштарга «кешик узатышат». Жалпы тамак тартылып, эт желип, шорпо ичилгенден кийин ортодогулардын бирөөсү тизелей тура кала, аксакалдардан бата сурайт. Сый көрсөткөн үй ээсине жана анын бала-чакасына, кызмат кылгандарга ыраазычылык айтылып, ак тилегин билдире аксакал бата берет. Андан кийинки экинчи аксакал, обдула тизелей калып, улуу-кичүүнү ызаттап,сыйлап кызмат кылгандарга алкоо айтып, жакшы тилегин билдирет. Үчүнчү аксакал алаканын жая эл-жердин амандыгын, журттун тынчтыгын,бала-чаканын, шайтан-шабырдан, балакет-салакеттен, кырсыктан сак болуп, аман-эсен өсүп-өнүгүүсүн, эр-азаматтар эл-жерди коргоп,ак кызмат кылуусун, эл намыс-ариетти аздектеп, карылары ызаттуу, жаштар ыймандуу болушун тилеген каалоосун, айтканда отургандар жабыла аны кубаттап, чуркураша Оомийин! дешти.

Төрдөгү аксакалдар козголгондо, аны жанындагылар сүйөп, жаштар орун бошото кетенчиктешип, бут кийимдерин оңдоп, сырт кийимдерин мүрүлөрүнө жаап, босогодон чыгышып күтүштү. Сыртта аларды күткөн боз бала колго суу куюга даяр турду. Кол жуугандар алкоосун айтып, башкаларга кезек берет. Меймандар жеңилдеп, ары-бери басып уюган буту-колдорун жазып келген соң, тамаша оюн-зооктор сыртта улантылаары элан болду.

Көпчүлүк ортолукка чогулуп, бош аянтты тегерете отурушту. Элдик оюн эңиш, күрөш, бука тартыш, жамбы атмай, күч сынашмай оюндары өткөрүлүп, калыстар жеңүүчүлөргө байгелерди ыйгарышты.

Илгертеден эле ууз-чебер, зергер, усталардын өнөрлөрү мейман күтүп, узатканда айкын көрүнөрү маалым. Жасалган

буюмдун ээсине баа берилип, чебер ууз деги эле өнөрпоздордун өзгөчөлүгү ошондо даңазаланат. Адими-саркеч кийимдерди кимдер кийип, кимдер тарабынан жасалганы, көркү, жарашыгын келгендер кеп кылышып суктанышат. Акылман,чечен, баатыр, уз, мерген, мүнүшкөр, саяпкер, санат-кер, устат, комузчу, дастанчы, манасчылардын өнөрлөрү ооздон-оозго айтылып көпкө тарайт. Сымбаты сындан ащкан сулуулар,келбети келишкен келиндер, тил билги, намыскөй жигиттер, кичи пейил, чапчаң боз уландар көзгө көрүнүп, алардын кылган кызматтары, ысымдары, кимдин уул-кызы, келин-күйө баласы экендигин эл тааныйт. Жакшылыгы үлгү болуп айтылып, көпкө тарайт.

Эчендеген ээн-талаа, эрме чөлдөрдү басып, эчендеген тоо, дабандарды ашып, агымы ташкан суну кечип, ак карлу мөңгүлөрдү аралап, бирде калчылдап үшүп,бирде ысуулап чечинип, алыстан-алыстан сапар карытып, жолоочулар келет. Жол жүрүүнүн албан түйшүгү бар. Ошол себептен "жол азабы, көр азабы" делет. Ага кайыл болгон адам гана жолго чыгат. Ач калат, ток болот. Бейтааныш эл-жерди аралап, ар түрдүү окуяларга учурайт. Көптү таанып, көптү көрөт. Жолоочунун артыкчылыгы ушунда. Бирде өлүмгө тете коркунучка учураса, бирде жагымдуу жагдайларга күбө болот. Ырахатынан да, түйшүгү арбын санаат. Сапардын кыныгын тапкан адам, үйүндө отура албайт. Көргөн коркунучун, тарткан түйшүгүн эстен чыгарып, "сапар байсалдуу болсун!"- деп кайра эле жолго аттанат.

"Жолоочунун жолдогусу жакшы" демекчи, ал кай жерге барбасын, кайсыл жайга түнөбөсүн, «кудайы конок» ардакталып кабыл алынат. Артынган жүгү аяр алынып, улоосуна жем-от берилип, өзү кадырланып сыйланат. Анын кимдигине карабай, тыныккандан соң, ал-жайы суралып, ызат көрсөтүлүп, эртеси бара турган багытына узатылат. Жолоочуга астейдил көңүл бөлүнүштүн себеби, сапар түйшүгү ар бир адамдын башында бар. "Үйдөн чыккан ар бир пенде мусапыр" делет. Азык-оокаты түгөнүп, чарчап-чалыккан жолоочуга сый көрсөтүүгө ар бир пенде баласы жоопкер. Жолдон кимдер гана өтпөйт. Бийлик-дөөлөтүнө чиренген хан бийден баштап,олуя-дербиш, аалым, дубана, колунда бар бай, соодагерлер, жетим-жесир, жалчы болобу тиричиликтин айынан жер кезип келет. Ал сапарында мазар-машаяктарга, касиеттүү жайларга түнөп, арууланып,тазаланат. Андай пенденин айтканы эм, тилегени дем. Ошол себептен ал "кудайы конок" делет.

Бала көрбөй, иши жүрүшпөгөндөр, оорудан азап тартып, шыпаа издегендер атайлап келишип, жол боюна үй тигишип,тамагын даярдап, жолоочунун, азган-тозгондорун келишин күтүшөт. Узак жолдо арып-ачып, чарчап-чаалыгып келген жолоочу да, кастарлап кабыл алынып, сыйдын көрсөтүлүшүнө ыраазы боло, алкышын айтып, үй ээсинин тилеги кабыл болуусун каалап, чын дилинен батасын берет. “Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт” демекчи батанын касиети менен жолоочуну сыйлаган пенделердин тилектери кабыл болот. Ал Курани каримдин сүрөөсүндө “Жолоочуну сыйлаганың, кудайды сыйлаганга барабар” деп белгилениши ар бир мусулман баласынын зээнинен кетпейт. Мындай адамгерчилик ар бир тоо баласынын бирден-бир милдети.

Элде «көптүн ичи базар»делет. Ага ар кыл адамдар келет. Улуулар сүйлөп жаштар угат. Акыл-насаат, адеп-санат,каада-сый эрежелери ушундай жерде болуп, акылман, жөө чечендердин кеби уланат. Жаагын жанган акын-дастанчы, жомокчулар ушундай жерде чечилип, кеп келеби узарып чубалып, кимдин канча даремети бардыгы, куйма кулак, улама, алым, айтымчыларга эл тамшанат. Миңсейит чечендин даңкы Арка-Анжаиндагыларга дайын. Ал карыянын акылы тунук, көкүрөгү зирек.бир көргөнүн, бири укканын эсинен чыгарбайт. Аябай эле баамчыл,сергек киши. Бая дасторкон үстүндө отурганда көпчүлүктүн көнүндө болсо да, сурай алышпаганбы, мына эми айыл ортосун дагы дөбөгө келишкенде, анын алдына көлдөлөңдү бурулган. Көпчүлүктүн ичинде бирин-бири таанымак тургай, көрбөгөндөр да арбын. Той десе бары келген. Бей тааныш жолоочу кербен тарткан соодагер, эл аралаган дербим, дубаналардан бери бар. Бөтөн эл, башка жактардан келгендер жалпыга мейман.

-Миңсейит аба, мына бул отурган улуу-кичүү кеп-сөзүңүзгө кумар. Кеп келебин чубап, аңгеме-дүкөн куруп берeби деп, сизди карап умсунуп отурушат. Улай-улай сөз кетет. Уламалар кеп чечет делет эмеспи. Уютулган жуураттай даамдуу сөздөн баштап бербейсизби?- деди Улук батыр адатынча бак-бак сүйлөп.

-Ие «укканга кулак болсо, уламадан улук сөз чыгат» демекчи, айтып берейин. Нени билгиңер келет?

-Билгенден билбегенибиз көп. Бу Манас баатырда кыргыз эли Алтайдан аркы тараптан көчүп келген делет. Ал кайсыл мезгилге туш келет? Бизди моңгол дешип, бирде түрктөр дешип,

башкаларга кошкондорду угуп, итиркейиң келет экен. Кыргыздын жарымы Эне-Сайда калып, Ала-Тоого келгендер, башкаларга кошулуп адашып жүрөбүзбү?

Мырзабектин тамашалай сүйлөгөнү көбүн жылмайтты.

Миңсейит карыя уурунан жылмая, отургандарга карап аңгемесин баштады.

-Силерге кийинки кыргыздардын Ала-Тоого келишин, далилдер менен аныктап, айтып берейин

-Абаке, уламалар да, санжырачылар да ата-бабаларыбыз Эне-Сайдан көчүп келишкен дешет. Көчүп келгенге кандай далил-дер бар?

-Туура суроо бердиң уулум. Ошол айткандарды угуп, ага маани берген сага ырахмат. Ар бир сөздүн ээси болот. Суроонo мен далилдерди келтирип жооп берейин.

-Теңир тоо аймагындагы Кочкор менен Нарын өрөөндөрүн экиге бөлүп турган ашууну кыргыздар эчен кылымдардан бери «Долон ашуусу» деп аташат. Элдик санжырада Долон, Оргочор, Окторкой Эне-Сайдан көчүп келишкен деп айтылат. Тээ 1207-Кемди жердешкен кыргыздар бейкам жашап турушкан. «Жажут-мажут» деген тажаалдар чыкканын, аларды адам жеңе албастыгын, айланасындагы калкты кырып-жоюп келе жатканын кеп кылышып, дөңдө бир топ айыл аксакалдары отурушкан. Ошол кезде Эне-Сайлык кыргыздарды Ырыс анал башкарып турган экен. Аны кээ бирлери Ырыстар хан деп да аташчу.

Ырыстар хандын тушунда дээрлик кыргыздардын басымдуу көпчүлүгү Кемди (Эне-Сайды) жердешкен. Көчмөн эл болгондуктан мал оторлорушуп, Монголиянын түндүк тарабындагы Алтайды, Теңир тоолорунун этегиндеги эбегейсиз зор аянттарда көчүп-конуп жүрүшкөн. Дөңдө сүйлөшүп отургандар уруу башчылар эле. Алардын арасында Долон да, Оргочор да, Ырыс хан да бар болчу. Ошол учурда куду асмандан түшө калгансып Ырыстар хандын үйүнө Чыңгыз хандын Супатай баатыры башында турган монгол элчилери пайда болду.

-Коноктор келди-деп айыл адамдары кабарлашты. Мурунтан суук кабар угуп, чочулап отурушкан айыл аксакалдары бири-бирине карашты. Анын астында эле Чыңгыз хандын аскери талкалагандан калган, тентип калышкан качкындардын сөздөрүн кунт коюп угуп отурушкан. Кабар угуп отургандардын төбө чачтары тик турду. Анткени качкындар Чыңгыз хандын аябай жамандап

жатышкан. Монголдордун ырайымсыздыгы, кокус аскерлери жаралуу болушса, аларды ашка жүк-башка жүк кылбастан, баары бир өлтүрүп коюшарын айтышкан. Бул болсо кулак угуп көз көрбөгөн мыкаачылык эле.

Басып кирген душмандар көп болгондуктан ал кездеги эр бүлөөлөрдүн баары тең жоокер боло турган «Жоо келди»! деген кабарды угушса, чай кайнамга жетпей жоокерлер курал-жарагы коштогон бирден аттары, азык-түлүгү менен даяр болушчу. Ар бир он жоокердин башында он башы, элүү башы, жүз башы болуп жүрүп отуруп, түмөндөргө токтолушкан. Түмөндөр жалпы жонунан башчыга баш ийишкен. Жөн эле топурабастан, согуштук өнөрдү терең үйрөнүшкөн, темирдей тартиби бар, кадимки жоокерлерден болушкан.

Жеке эле ал жоокердик түзүлүш кыргыздарда эле болбостон, бардык калк, топторунда кездешкен. Чыңгыз хандын улуу армиясы дагы ушул тартипте болгон. Ал кездеги жоокерлердин куралдары кылыч, найза, айбалта, чоюн баш, шылк этме айрымдарында көк союлдары болгон. Жоокерлердин кийимдери, соот, төөнүн терисинен жасалган чыпкут, беш кабырга белдемчи, колдоруна калкан алып жүрүшчү. Алыскы жолго ылайыкташ-тырып жасалган күл азыгы болгон.

Аны кийиктин, же жылкынын кара кесек этин туурап, аны кайра кургатып, жаргылчакка тарткан. Ага эжегей аралаштырып, жасалган курутту теңме-тең кошушуп, майдалап, ага сары май аралаштырган актаган таруунун талканын кошушкан. Шашылыш-та бир уучун жан аякка салып, ага эзилген сүзмөнү аралаштырып жутуп алышып кете беришкен.

Чыңгызхан кыргыздардын жоокер эл болушканын билген «Мага кыргыз караса, мен кылымды каратам» деген сөзү лакап болуп калды. Ошондон өз ноендорунун ичинен элчиликке түлкүдөй куу,аары митаам Супатай баатырды тандап, ага кадырлуу, жөн билги кишилерди кошту. Ырыстар ханга жана айыл аксакалдарына ар түрдүү белектерди камдады. Кытайдан алган алтын аралаштырып жасалган буюмдарды аяган жок. «Түрк ичинде тогуз» деген расмини колдонду. Ал тогуздап тартуу эле.

Элчилерге кыргыздар ошол эле замат жооп беришкен жок. Атадан калган салт дешип, туура тогуз күн элчилерди сыйлап, багып жатышты.

Тогуз күн ичинде сегиз суунун өрөөнүнө чабарман жиберип, эл билген жакшыларды чогултушту. Миң-Суу аймагындагы Көк-Дөбөгө жыйын курушту. Сакалы белине түшкөн Элтерес карыя элине кайрылып, Чынгыз хандын Ырыска жазган катын көргөздү.

-Жамагат! Кулак салгыла! Улуу каган Чыңгыз хан Ырыстар ханга кат аркылуу кайрылыптыр. Анда «Кыргыздар менин бийлигиме баш ийип, карап берсин! Биз баатыр кыргыз жоокерлери менен бирдикте дүйнө жүзүн каратып, бейкапар жашайлы. Кыргыздар менен монгол эли түбөлүккө биригип, экөөбүз эки элге падыша болуп, Чынгыз-Ырыс болуп жата берели. Мен кыргыздардан алык-салык албайм! Мага дүйнө жүзүн каратып, көп олжо алыш үчүн кылычы курч баатыр жигиттер, учкаяк тулпарлар гана керек»

Бул сөздү уккан, бекерчиликтен колдору кычышып, араң турушкан эр жүрөк жигиттердин делебеси козголду. Канатташ отурушкан калмактар менен кармашып, кагылышып, жылкы тийип жүрүшкөн жигиттердин жүрөк кандары баштарына тээп, ээлентип салды. Бул иштин эртеңки келечеги кандай болоорун ойлоруна да алышпады. Баары бир ооздон Чынгыз хандын талабына макул экендиктерин билдиришти. Ошентип бул иштин баш-аягы ылганбай туруп эле, калк арасындагы жээликкен жигиттер маселесин чечип коюшту.

-Деги Чыңгыз хандын теги ким болгон? Ал кандай эле хан аталып кеткен?

-Ооба. Элтерес карыя ойго чумуп, түнөрө кабак бүркөп ойлонбой, жеңил ойлуулукка моюн сунган жаш жигиттерге Чынгыз хандын түпкү тегин айтып берди.

Тарыхта Угузхандын алты уулу, андан жыйырма төрт небереси болот. Ошол Угузхандын неберелеринин биринин аты Элхан эле. Андан эки уул төрөлөт. Бирөөнүн аты Кыят. Тагыраак айтканда ал кыян дегенди билдирет. Күн карарып, түнөрүп келип нөшөрлөп төгүп киргенде, жамгырдан пайда болгон суу жерге сиңип кетүүгө үлгүрбөй, көлчүккө айланып, алар бири-бирине кошулуп ташкындап кыян жүрөт. Ал албуутанып, жолунда кездешкендин баарын өзү менен кошо ала кетип, ага такаат кылаар эч нерсе болбойт. Так ошондой албуутанган кыятка жоо беттеп чыга алган эмес экен. Дал ошол кыяттардын түпкү тегин кыргыздар түзүптүр. Алар узун бойлуу, кең далылуу, көзү көк, өңү ак жуумал болгон дешет. Ошол кыяттардын тукумунан жүрүп отуруп Курлас деген

уруу пайда болуптур. Курлас уруусунун башкаруучусу Жылдызхан деген болуп, анын небереси Дайын-Баянды кийин хан шайлашат. Ошол Курластын дагы бир бутагынан чыккан Алаңгү деген кызды Дайын Баянга алып беришип, чоң той жасашат. Демек, кыздын да, Дайын Баяндын да түпкү сөөгү кыят.

Тагдырдын жазмышынан Дайын Баян отузга чыга элегинде опаат болот. Андан эки бала калган эле. Атасынын ордуна хан болууга балдар жаш.

-Балдарым чоңойгуча өлкөгө өзүм баш болуп турам деп күйөсүнүн ордун Алаңгү ээледи.

Алаңгү акылдуу жана сулуу аял затынан эле. Аны алууга туш-туштан жуучу келе баштады. Дайын Баяндын тууганадарынын арасында Алаңгүгө көзү түшкөндөр да бар эле. Бирок, Алаңгү алардын бирөөнө да макул болбоду.

-Күйөөмдүн арбагы тирүү. Мен эч кимисине күйөөгө чыкпайм. Балдарым чоңойгондо, бийликти аларга өткөрүп берем- деп жуучу түшкөндөрдүн эч бирине макулдук бербеди.

Күндөрдүн бир күнүндө Алаңгү таңга жуук ойгонот. Аңгыча асман жарык болуп, түндүктөн бир нур түшөт. Ал нур сары сакал, көзү көк, ак жуумал адамга айланат. Алаңгү чочуп кетип, кыйкырып, нөкөр аялдарды ойготкусу келет. Бирок, үнү чыкпайт, кыймылдоого алы келбейт.

Сары киши чечинип, Алаңгүнүн койнуна жатат. Мындай окуя бир нече жолу кайталанат. Акыры Алаңгү баягы керемет адамдан боюнда болуп калат.

Жуучу түшкөндөр, эл-журту мындай наадандыкка наразы болушат.

-Бу кандай? Биз жуучу түшсөк, бизге болбой, ойнош ойногону эмнеси? дешип көпчүлүк алдында Алаңгүнүн бетине айтышат.

Алаңгү буга:

-Мен эрди кааласам, эчаак бирөөнө тийип алмакмын- деп болгон окуяны ирети менен айтып берет.

Аны нөөкөр катындары да айтышып, Алаңгүнүн эч кимге бой кошпогонун ырасташат.

Бирок, көпчүлүк жана ага жучу түшкөндөр ишенишпейт. Алаңгүнү кайтарган катындардын сөздөрүн жалганга чыгарышат.

-Кудай мени шерменде кылгысы келбесе, жанагы кишини дагы жиберер. Өз көзүңөр менен көргөнүңөрдө ишенерсиңер деп баягы ишенбегендерди аңдытат.

Көп узабай эле асмандан түшкөн кереметтүү нурду көрүшөт. Нур кишиге айланып, Алаңгүнүн койнуна жатканынан бери көрүшөт да анан ынанышат.

Алаңгүнүн эрсиз төрөгөн улуу уулунун аты Бугун Катаган дешти. Андан Барча Катаган деген эл тарап чыкты.

Ортончусунун атын Бусак Жалчы деп атады. Андан жалт-жут эли тарады. Кичүү баласынын аты Буданчар. Жалпы жөнүнөн бул үчөөнөн тарагандарды «Арбун Бурун» деп аташты. Аны түркчө «Аруу-Такын» дешет. Биздин тилде «закым нур» деген сөздү билдирет.

Демек, Темирчынды Чынгызхан деп хан шайлаганда ушул жагын эске алышкан.

Буданчардан Токо, Томо деген эки уул болду. Токону атасынын ордуна хан шайлашты. Токо өлгөндө анын ордуна Дутма хан болду. Анын сегиз баласы болуп, кийин сегиз уруу эл тарады. Ошол сегизинен кыйын чыкканы Кайду деген баласы болду. Атасынын ордуна хан шайланды.

Кайдудан Байшумкар, андан Түмөн хан. Андан Кабыл, Андан Барбан Андан Есугей. Есугейдин беш баласынын бири Темир-чын-Чынгызхан болду.

-Кыргыздын жигиттери Чыңгыз ханга жигит боло алыштыбы?- деди, жанаша отурган үрүстөм.

-Кыргыздын ээленген жигиттери атак-даңкты эңсеп, Чынгыз ханга кошулууну каалашты. Элтерестин уулу Байадил баш болуп, өздөрүнчө түмөндү түзүштү. Чынгыз ханга алтын ээр токулган ак боз атты, сейрек кездеше турган аппак буту, көзү боегондой кыпкызыл кыраан шумкарды алып келтиришти. Кыргыздар курч кылычтарды найзаларды, жааларды да даярдашып, ок өтпөгөн соот, туулгаларды жасаттырышты.

Чынгыз ханга жакканы ак боз ат менен ак шумкар болуптур. Ошентип кыргыздар Байадил баш болгон өзүнүн түмөндөрүн улуу ханга жөнөтүштү. Кеткен жоокерден кабар болбоду. Улам кыргыздардан түзүлгөн жоокерлерди удаама-удаа жөнөтүп турушту. Элди Ырыстар хан эмес эле моголдордун коюп кеткен адамдары башкарып калышты. Элден кут качты, жерден берекке кетти. Элдин абалы оордоп, жетим-жесирлер көбөйдү.

Көрсө, улуу каган барган жоокерлерди -Булардын куралы курч, өздөрү өткүр, ат көөлүктөрү тың деп, эң күчтүү жоонун бетине салып, катуу тартип менен «Жеңесиң! Же өлөсүң!» деген талап

менен сан жагынан да, күч жагынан да артыкчылык кылышкан душмандардын бетине салды. Хандын тартиби боюнча жоодон качкандары болсо, аларды «коркоктор» деп шылтоо ме-нен монголдор куралсыздандырып, кырып таштаган учурлары болду. Башка элдерден куралган аскерлерди монголдорго баш ийүүгө мажбурлашты. Катуу тескөө коюп, качкындар менен аёсуз күрөштү. Жаралуу болуп согушка катыша албагандарды, ашка жүк-башка жүк кылдырбай, өзүнчө түзүлгөн «мыкаачылар» тобу деп, атайын баш кесерлерге кырдырып турушту.

Баягы атак-даңкты эңсеген жигиттерден бирин-серини калып, көптөгөн машакаттарды, азап-тозокторду тартышып, туулган жерине кайткандар да болду. Монголдордун зордук-зомбулугун көргөндөр эчен жолу көтөрүлүштү. Бирок, тутанган жалынга суу куюп өчүргөн сыяктуу бат эле көтөрүлгөндөр жеңилип талкаланып калышты. Айла кетти. Эми көтөрүлүштөн пайда жоктугун түшүнүшкөн жергиликтүү кыргыздар тентип-тербип, тукумдарын сактап калууга аргасыз болушту.

Көк-Дөбөгө монголдордон жашыруун жыйын курушту. Үнү кыргылданып, көзүнөн жаралуу жашы куюлуп, арык эти качкан калтыраган колу менен көкүрөгүн жапкан сакалын улам сылап коюп.

-Караламан калк! Менин айтаар сөзүм бар! Сары сакал доңузубадасынан тайып, шартты бузду. Ыктыярдуу барган балдарыбызды кыйын жоонун бетине салды. Андан жаралуу болгондору эли-жерине жибербей, кырып жатыптыр. Кем бизге оток, жер болбой калды. Ата-бабаларыбыздын киндик каны тамган Улуутоолорго баргыла. Ал жерде арийлердин кесепетинен Кемге сүрүлүшпөй калышкан туугандарыңар: караган, кайчык, кара сакал, канды-моюн, тору, жабай, төөбай уруулары калышкан. Ошол туугандарыңарды тапкыла! Нары Ала-Көл тарапта (Арал деңизди) оргу, лалым, сунжек, кызыл сакал, чапырашты деген солусбек атанын тукумдары калышкан. Илгертен «туугандын тупурагы алтын» деген макал бар. Ошо-лорго барып, кучак жайып, кол бергиле «кыргыз» деген наамыңарды сактап, тилиңерди да, дилиңерди да, ата мурас, каада-салтыңарды да бийик көрүп, сактагыла! деп, кеңештерди айтты.

-Алгачкылардан болуп кимдегендер көчүп келишти?

-Долон бий өз улусу менен көчүп чыкмакка жолго камданды. Оргочор менен Ырыстар хан Эштек уруусун кошуп келишти.

Алар көл башына келип туруп калышты. Жаңы жерде да бейпил турмуш болгон жок.

Бир топ жылдардан кийин монголдор да Бугда тоолоруна жете келишти.*

Жебе ноёндун аскерлери каптады. Долон бийди белде өлтүрүштү. Долон минген кара жоргосуна ок тийип, өлгөн тоонун атын «кара жоргонун тоосу» деп аталды. Белди «Долондун бели» деп аташты. Оргочорду Ысык-Көлдө өлтүрүшүп, анын сөөгү коюлган жер «Оргочор» деп аталды. Оргочордун уулу Окторкойду кууп жүрүшүп, аны кармап өлтүргөн жер –«Окторкой» деп аталды.

-Хандыктын андан кийинки тагдыры кандай болду? Отургандардан оозунган Жоодар шашыла суроо каты.

-Эй балдар, аксакалды чарчатып албайлы. Эмне болду? деп эле суроо үстүнө суроо бере бересиңерби? Адепти сактап, сөзгө конок бергиле-деди Кулу аксакал суроо бергенди тыйып.

-Мейли, билбегенди суроонун уяты жок. Кызыккан адам суроо берет. Билишибизче жооп берели-деп улама сөзүн улады.

-Улуу хандык үчүн күрөш токтободу. Темирчын үйсүн уруусунун жалайыр уругунан чыгып, он алты уруунун өкүлдөрү катышкан бүткүл көчмөндөрдүн курултайында*. Найман тоосунун Дегелең өрөөнүндө ак кийизге оро-луп Улуу Монгол мамлекетинин негиздөөчүсү болуп, хан көтөрүлдү. Чыңгыз («жеңилгис», «деңиз») деген ысым ыйгарылды.* Чыңгызхан Орто Азияны басып алып, балдарына үлүш, жер бөлгөндө-кыргыздар Чагатай үлүшүнө туура келди. Чагатай Чыңгызхандын Жуучудан кийинки уулу эле. Кыргыздар Чагатайды Жагатай дешкен. Жагатай өзүнө бөлүнгөн жерин багышка (аймакка) бөлгөн. Жуучунун уулу Батый Сарайчукту талкалап, Алтын Ордо аталат.

Ага көптөгөн хандыктар баш ийет. Чыңгызхан экинчи баласы Чагатайдын улусуна төрт миң моңгол аскерин берет. Анын карамагындагы түрк тилдеги моңгол урууларынан болгон миң башы Мөнкө башкарган жалайыр уруусунан миң, барлас уруусунан миң, ошондой эле моңголдордун каучин менен арлат урууларынан миңден аскер кошкон.Алардын баары Чагатай менен бирге Түркстан жерине (Түрктөр өлкөсүн- Түркстан аташкан) үй-бүлөлөрү, мал-мүлктөрү менен чогуу көчүп келишкен. Убакыт өткөн

*(1495-жылы жазылган «Мажму ат-Табарихте») Аналхактан таралган аталар Долон бийге чейин 23 ата өттү деп түшүнүшпөстөн, Аналхактан Ак уулга чейин 23 жолу согуш болуп, ошондо оң канаттын башында жогорудагы аскер башчылары жетекчилик кылышкан деп түшүнүү керек.

*1206-жылы хан көтөрүлгөн

*(Ал 1155-жылы туулуп, 72 жашында 1227-жылы каза болгон).

сайын алар жергиликтүүлөргө аралашып, эл бийлөөдө аталган уруулардын эмирлери башкаруу ишинде
алдыга чыга башташы Чагатай улусуна Мавреннахр, Жети-Суу, Чыгыш Түркстан аймактары кирген.

Анын уулдары Өгөдөй менен Жагатай Самарканд менен Коженттин ортосунда бийлик үчүн салгылашышты. Курултай ал салгылашты токтото албады. Чыңгыз хан тукумдарынын өз ара кандуу кармашуулары токтободу.

Канчалык байлык, бийликке ээ болушса да Улуу кагандын мурасчыларынын баштары бирикпеди. Карама-каршы топко бөлүнүшүп, биринин пикирин экинчиси жактырбады. Биринчи топко Чагатай, Гүйүк, Барак көчмөн жашоону-моңголдук турмуш-тиричиликти, каада-салтты жакташты. Отурукташкан калкты талап-тоноо, зордук-зомбулук жасап, ээн-эркин болууну самашты. Экинчи топтогу Мунке, Масудбек, Кебек баш болгондор борбордошкон хандык түзүп, шаарга топтолуп, дыйканчылык кылып, жер иштетүү, айыл-чарбасын, сооданы өнүктүрүүгө умтулушту. Биринчи тарапты жактыргандар Чагатай улусунун түндүк-чыгышын негизинен Жети–Суу аймактарын, экинчилер Маверан-нахрга топтолушкан. Мына ушул, эки карама-каршылыктан Чагатай улусу өз алдынча эки мамлекетке бөлүнүшүнө себеп болду. Чагатай улуусунун чыгыш бөлүгүндө Моголстан деп аталган мамлекеттик бирикмеси пайда болду. Моголстан аймагы чыгыштан калмактар менен чектешип, Барскөл, Эмил, Эртыш, түндүк тарабы Көкчө деңиз башкача айтканда Балкаш, Кара-Тал. Батышы Түркстан, Ташкен, түштүгү Фергана дубаны Кашкар, Чалыш жана Турпан аймагы кирген.

Монголдор келгенге чейин уруу-уруу болуп, бөлүнгөн көчмөндөрдү ар бир уруунун өз аксакалдары, өз баатырлары бийлесе, эми монголдордун улустук тартибине көнүшүп, алардын бекзаадаларына баш ийүүгө туура келип, уруулук эмес, улустук тартип үстөмдүгү өкүм сүрдү. Монголдордун көптөгөн жылдардагы үстөмдүгү жергиликтүү түрк элине өз таасирин тийгизип жатты. Алгач монголдордун бекзаадалары ноендорун, жоокер-лерин кошкондо жергиликтүүлөрдүн арасында аз болсо да, өздөрүнүн тартибин, үстөмдүгүн жүргүзүшкөн.

Чыңгыз хандын урпактарынан чыккан хандардын бийлик талашуу-
сунан улам, бирин-бири өлтүрүшүп, бийликтин баары түрктөш амирлердин колуна өтө баштады. Монгол бекзаадалары мындай жагдайга оңой эле көнө беришпеди. Бийлик тизгинин колдон

чыгарбоого жан үрөшүп, тынымсыз эрөөлгө чыгышып, акырындык менен мусулман динине өтө башташты. Чагатай урпагынан тек гана хан деп аталып, бийликтин баары түрктөш амирлердин колунда болду. Алар улустун чыгыш жагында өз хандыктарын кура башташты. Бул хандыкты Манглай-Сүбө (алдыңкы чек) деп аташса, кийин Моголстан болуп өзгөрдү.

***

Моголстанга Ысык-Көлдөн баштап, Жети-Суунун түштүк жагы, Чыгыш Түркстандын Кашкарынан, Куча кааласына чейинки аймак карады. Моголстандын аймагынын узундугу жана туурасы жети, сегиз айлык жолго чамалап барган. Моголстандын чыгыш чет жакалары калмактардын жерлерине танапташ Барс-Көлдү, Эмил жана Иртыш дарыяларын кучагына алган. Анын түндүгү Көкчө деңиз (Балкаш) Бум жана Кара-Тал боюнча чектелген. Батыш тарабынан Түркстан, Ташкен менен түштүгү Фергана аймагы, Кашкар, Ак-Суу, Чалыш жана Турпан менен чектелген.

Моңголдордун бийлигинен улам Дашти Кыпчакта казак эли, Чыгыш Түрстанда уйгур эли, Мавреннахрда өзбек эли деген жаңы аталыш пайда болду.

Кыргыз уруулары моңгол бекзаадаларын улустук, аймактык кармагына кирип, канчалык бөлүнсө да, өзүнүн байыркы атын сактап калды. Ал эми моңголдордон чыккан бекзаадалары, ноендору, жоокерлери өздөрүн моңгол кылып калтыра алыш-пады. Алар тилдерин, үрп-адаттарын жоготуп, бир өзөндөгү сууга кошулган булактай болуп, жергиликтүү түрк элдерине сиңип кетти. Жаңы коомдук өзгөрүш жалпы Чыгыш Түркстан аймагында жаңы каада-салттарды алып келип, жаңы аталыштагы Могол-станды пайда кылды.

Монгол империясынын орношу монголдордун өзүнө караганда түрктөр үчүн кыйла көбүрөөк мааниге ээ болгон. Монголдордун басымдуу бөлүгү түрктөргө аралашып, сиңип жана алардын (түрктөрдүн) санын бир кыйла көбөйтүштү. Он төртүнчү кылымда исламдаштырылгандан кийин Алтын Ордо мамлекети түрктөрдүн саясий тарыхында өзгөчө мааниге ээ болду. Кылымдын аяк ченинде бул мамлекет толук түрктөштүрүлдү. Волганын ортоңку жана төмөнкү агымындагы элдер колдонгон чуваш тили дагы өзүнүн ордун таза түрк тилине бошотууга тийиш эле. Бул мамле-

кет кулагандан кийин Казанда, Астраханда жана Кырым жарым аралында жаңы үч «татар» мамлекети түзүлгөн. Алар моңголдордун доорунда гана исламдаштырылган жана түрк-төштүрүлгөн. Ошондой эле Сибирде Иртышта*, жаңы татар акимдиги түзүлгөн. Алгач моңголдорду билдирген татар сөзү, эми түрк элдин аталышына айланган. Өзгөчө Кырымда эл өзүнө койгон аталыш катары колдонулган.

Моңгол империясынан жаралган чыгыш тараптагы түрк мамлекеттеринен Кашкардан, Кытайдын чек арасына чейин созулган жана Чагатай мамлекети кулагандан кийин түзүлгөн моголдордун мамлекети болду. Алар он алтынчы кылымда түрк тилинде сүйлөшүшкөн. Исламды он төртүнчү кылымдын орто ченинде кабыл алышты. Исламды жайылтууга Мухаммед хандын сиңирген эмгеги өзгөчө. Эгер могол чалма оронбосо, анын башына мык кактырган.

***

Илан балык, Илам суу- деп аталган Иленин аймагында монголстандын борбору Алмалык жайгашкан Иленин сол өйүзүндөгү үч-Алматы, Сартогум, Чилик, Каркыра, Кеген, Текес кыргыздардын сарбагыш жана бугу уруулары жайлаган. Борбор Азиядагы чоң дарыялардын бири Иле деп аталат. Анын башы Теңир-Тоонун түндүк капталындагы Текес менен Күнөс сууларынан башталып, экөө кошулгандан кийин Иле дарыясын түзөт. Элдин аталышы катары түкшүмөлдөөлөр боюнча уйгур сөзү исламды кабыл алгандан соң, 1682-жылы калмактардын Чыгыш Түркстанды басып алышынан кийин колдонуудан чыккан. Дуньхуань, Сучжоу жана Ганьсу чөлкөмдөрүндөгү Сары уйгурлар (Сары уйгур) гана азыркы учурга чейин өздөрүнүн аталышын жана Будда динин сактап калышты. Анын айрым жерлердеги жазылыгы бир чакырымга жетсе, көбүн эсе кууш жайлардагы ыгымы катуу келип,

Балкашка чейин миң чакырымдан ашык аралыкка созулат. Дарыяга кошулган суулар абдан көп болуп, эң негиздүүлөрү Каш жана Чарын менен Челек өзөндөрү. Башаты тоолордон башталган дарыя албууттана, күркүрөп-шаркырап келип, түздүккө жеткенде жоошуп, жай гана мемиреп агып калат. Дарыянын четинде

*(азыркы Тоболскиде)

илгертен эле казактар менен кыргыздар жанаша жашап, тиричилик өткөрүшкөн.

Дүйнөнү бири-бирине бириктирген Улуу Жибек жолу Иле өрөөнү аркылуу Кытайдан Түркстанга өткөндүктөн, маанилүү соода жолу катары көпчүлүк элдерге маалым эле. Чоң дарыянын башаты болгон Текес менен Күнөс аймагын көчмөндөр эң мыкты жайыт катары пайдаланышкан. Он үчүнчү кылымда Иле өрөөнү мусулман дүйнөсүнүн чеги катары эсептелген. Анын чыгы-шындагы аймактар исламга монголдордун тушунда гана өткөн.

Жаңы он төртүнчү кылым башталганда улуу кагандын төрт баласынан кийин бүткүл дүйнөнү титиреткен небере чөбөрөлөрү Батый, Мөңкө, Кубулай, Кулагу, Ордо, Кайду баары тең өлүп, бир кезде ханга тиешелүү болуп Алтын ордо, Кытай империясы, Иран илхандыгы Орто Азия Чагатай улусу болуп, төрткө бөлүнгөн жер мындан ары да дагы майда бөлүктөргө бөлүнө турган болуп, кийинки урпактарга калган.

Мурда бир гана Кайдуга баш ийген Түркстан, эми Мавреннахр, Жети-Суу, Чыгыш Түркстан деп бөлүнүшү Кайду менен Тубанын балдарынын ортосундагы бак талашуусунан келип чыкты. Чагатайдын улусуна Бөрүнүн небереси Талаку хандыкка келди. Ал такта эки жыл отурган соң, Кебектин колунан өлдү.

Кебек курултай чакырганда Чагатай менен Үгөдөйдүн урпактары тегиз катышты. Тубанын уулу Эсен Бугу шайланды. Ал карамагындагы элди адилет башкарууга өтүп, чарбачылык көтөрүлө баштады. Бирок, Кубалайдын урпактары улам тынбай согушуп, элдин тынчын алды. Эсен Бугу 1338-жылы кайтыш болуп, анын тагына Тубанын экинчи баласы Кебек отурду. Ал Мавраннахр жеринде ислам дининин күчөшүнө каршы болбой, жергиликтүү элдердин өзбекке айланышына шарт түздү.

-Абаке, сиз өзбек эли кайда болду дедиңиз. Өзбек деген ким өзү?

-Мөңкө Темирдин Кубуй катын байбичеси, Султан катын, Кутту катын деген үч аялынан Абашы, Токтай, Бурлук, Сарай. Бука, Мулакай, Кадан, Кудукан Тогырылша аттуу сегиз уулу болгон. Тагырылшадан Өзбек. Андан Жаныбек.

Алтын Ордонун ханы Батыйдын небереси энеси араб Өзбек башкарган* менен Ирандын илханы Бусак (Абу Саид) экөөнүн ортосунда айыгышкан согуштар токтободу.

*(1312-1341-ж)

Өзбек хандын Алтын Ордонун тагына отурганына сегиз жыл өткөндөн кийин, мурда мусулман динин кубаттап жүрсө, ушул диндин чыгыштагы коргону болгон шейхтердин шейхи болгон Улуу Заңги Атанын ордун баскан Сейит Атанын үгүттөшү менен биротоло мусулман динине кирди. Тоок, же 1321-жылы Султан Мухаммед Өзбек хан деген жаңы мусулманча ат берилди.

Алтын Ордонун ханы өзү ушинтип мусулман динине кирип жаткандан кийин, Ордодогу моңголдун бекзаадалары айласыздан мусулман динине кирүүгө мажбур болушту. Алтын Ордонун карамагындагы түрк тукумдаш элдери өздөрүн мусулман дегендиктен, эми Алтын Ордо биротоло мусулман хандыгына айланган.

Султан Мухаммед Өзбек хан улуу шейх Сеит Ата менен бирге түрк тукумдаштарынын ичинде алигиче насырани désinde жүргөн бирин-серин майда элдерди биротоло ислам динине киргизүүгө Мавреннахрга аттанган. Мавреннахрдын ханы Кебек Өзүбек ханды кол куушуруп кабыл алды. Мурда бөлөк диндерде жүргөн жергиликтүү согдияндар менен сарттар коркконунан ислам динин кабыл алышты. Кебектин бул кылыгына Тубанын башка балдары каршы чыкты. Эң кичүү иниси Тармаширин өз агасын түн ичинде барып муунтуп өлтүрдү.

Бул мезгилде Жети-Суу менен Чыгыш Түркстан Мавреннахрдан бөлүнүп калган эле. Мавреннахр Чагатай улусунун очогуна айланды. Кыргыздар кезинде Чыңгыз хандын урпак-тары Азиядагы негизги такты үчүн өз ара чабышкан маалда, өзгөчө Кубулай хандын тушунда эки оттун ортосунда калышкан. Бир чети Кайду мамлекети кыргыздарды өз ынтымагына чакырса, экинчи жагы Кытайды бийлеген монгол хандары аларды өздөрүнө имерүүгө алектенишкен. Кайду хан каза болгондон кийин, бийлик үчүн күрөштүн башталышынан, ошондой эле кыргыздардын жана кытайлардын жортуулдарынан улам, мамлекетте татаал кырдаал түзүлгөн. Кайдунун уулдары менен Чагатайдын урпактарынын тирешүүлөрү негизинен Жети-Суунун аймагында жана Талас өрөөнүндө болот.

Тубанын башка балдары Елшигетей менен Дурра Темир экөө башкарып калды. Елшигетейдин жардамы аркасында христиан дини негизги дин болуп, мусулман дини куугунга учурай баштады. Ошол кезде Алтын Ордонун атактуу шейхи Сеит Ата Елшигетайга каршы чара көрөрүндө ал өлүп, анын ордуна агасы Кебекти

муунтуп өлтүргөн Тармаширин отурду. Ал өзүнүн бир тууганын өлтүрүп, мусулман динине кирип, эл алдында, кудайдын алдында күнөөсүн кечирүүнү суранды. Ислам динине каршы чыккан агасын өлтүргөнү үчүн мечиттен кечирим беришип, ага мусулманча «Аладин» деп ат коюлду. Ал мусулман дининин өркүндөшүнө көңүл бөлдү.

Мавреннахр менен Батыш Азиянын соода сатыгы күчөдү. Аладиндин моңголдун үрп-адатынан, Чыңгыздын осуяттарынан алыстап бараткандыгынан Жети-Суу менен Чыгыш Түркес-тандагы монголдор ага каршы чыгышты. Жети-Суу менен Чыгыш Түркстан-дын башкаруучусу Дурра Темирдин баласы Бозон Аладинге каршы көтөрүлүшкө элди уюштурду. Аны Маврен-нахрдагы монголдор да колдоп, Бозон Аладинди өлтүрүп өзүн чагатай улусунун ханымын деп жарыялады. Бозондон кийин Тубанын Есуген аттуу баласынан туулган небереси Жекенши Чагатайдын тагына отурат да, ордону Алмалыкка көчүрдү. Ал да мусулман динине каршы чыкты.

Жуучунун алтынчы баласы Баулдун улуу баласы татардан туулган Ногой. Батый он сегиз жашар Ногойду алып Европага аттанды. Ал хандаркин менен кыпчактардан түзүлгөн кошуунду башкарат. Кыпчактар согушка абдан канык болсо, хандаркин жоокерлери Чыңгыз хандын темирдей тартиптерин так аткарган аты чуулу мергенчилер жана найзакерлер болгон эле.

Батый Ногойду Болгария менен Молдавияга наиб кылды. Ал молдавандардын көтөрүлүшүн баса албай, кыпчак жерине кайтты. Батый аны Алтын Ордонун кошуундарынын лашкер-кашы бузуругу кылып, борборго чакырды. Карамагындагы аскерлерге элден тоноп алган мал-мүлктөн тышкары, каражат бөлүп берди Ногойду жакшы көргөн маңгыт, хандаркиндер өздөрүн ногой деп атай баштаашты.

Токто хандынмураскор уулу Елбасмышты өлтүрүп, таасирдүү ноендор менен макулдашып, отуз жаштагы Өзбек хан болду.

Мөңкө Темир хандын ортончу баласы Токтой менен кичүү баласы Тогырылша үй бүлө күтүшүп Эдилдин боюна, жайлоого бирге чыгышчу. Эки бир туугандын балдары Өзбек менен Елбасмыш экөө ажырагыс дос болушчу. Аларды уйку гана бөл-бөсө, калган убактарында биринен бири бөлүнүшчү эмес. Ошентип жүрүп экөө тең, эр жетишти. Насип экен Токтай хан көтөрүлүп, доорун сүрдү. Атасынан ажалы жетип, ичээр суусу түгөнгөн соң, анын ордуна Елбасмыш алтын такка отурду. Алтын Ордонун ханы болду. Башкы амир Кадактын аркасында өз максатына жетти. Эми

Алтын Ордонун чыныгы ханы болуу үчүн атасынын ашын берип, андан соң курултай чакыруу гана калган.

Атасына көңүл айтабыз деген шылтоо менен алдап, күн мурдатан киши жиберип, Өзбек менен Кутлук Темир атайлап келген. Алар жөн келбеди, көп кол менен ордолуу айылды курчатып коюшкан эле. Батый түптөгөн Алтын Ордонун ханы Токтай дүйнөдөн өткөн. Ал Тогырылша менен бир ата, бир энеден. Беш атадан барып, Өзбектин атасы Тогырылша менен кошулган Тамгандын баласы Кутлук Темир амир менен Өзбек хан Токтайдын баласы Елбасмышка атайлап көңүл айтканы үргөнч-төн келишкен Ордодо Елбасмыштын баш амири Кадак менен төртөө

Өзбек жаңыдан үйрөнгөн куранын аяктай, колун бетке тарта берээрде Кутлук Темир шарт ордунан тура калып, Елбасмыштын сол тарабында отурган Кадакты көздөй курч кылычын шилтей кетти. Заматта отургандардын алдына Кадактын башы томолонуп түштү. Курандын сөзүнө уюп, угуп отурган Елбасмыш чочуп кетип, боюн жыйрый, чалкалай бергенде Өзбек ордунан ыргып тура калып, сол жагындагы кынында турган кылычтын туткасын кармап, мизи устарадай өткүр кылычын Елбасмыштын мойнуна шилтей берди. Заматта эки башы кесилген денелер титиреп, жерде жатты.

Өкүмдү өзү аткарган Өзбек сыртка кабар бердирди. Үргөчтөн алып келген жоокерлери Алтын Ордонун хан сарайын ошентип басып алды. Алтын Ордонун эл-журту мусулман дининдеги Өзбектин хан болушун каалады. Ак кийизге салынган Өзбек Алтын Ордонун ханы Султан Мухаммед Өзбек Алтын Ордонун келечеги, аны Улуу мамлекетке айландыруу үчүн ал аёсуз элди кырды. Барган жеринде кан төгүлдү. Иранга аттанып жер жайнаган колу менен Азербайжандын түндүк жагы Арранды алып, Ширван өлкөсүн аябай чапты.

Өзбек Алтын Ордонун тагында отурганда Дашти Кыпчактын көп бөлүгү мусулман болчу. Өзү башка динде туруп, мусулман дининдеги элди башкаруу кыйын экендигин билди. Элди башкаруу үчүн анын динин да билүү керек. Ата-бабалары кармап келе жаткан динге көңүл бөлбөй, баш тартып биротоло мусулман болду. Улуу балдары Тыныбек менен Жаныбектен баштап, небереси Бердибекке чейин мусулман рухунда тарбиялады. Ошолорго арнап медресе ачып, арабча окутту. Баарына бирдей куран сүрөөлөрүн жаттаттырып, өздөрүн сүннөткө отургузду. Он бешке толгондоруна беш убак намаз менен орозо кармоого милдеттен-

дирди. Карамагындагы эл-журтту мусулман динине кирүүгө буйруду. Мусулман динге үгүттөөчү, жактоочулары болгон имам, муфти, кары, муруттар аны өзгөчө баалашты. Ислам дини Алтын Ордонун негизги күчүнө айланды. Өзбекке мечит тара-бынан «Султан Мухаммед Өзүбек хан» деген мусулманча ат берилди. Алтын Ордонун ханы өзү мусулман динине кирип жаткандан кийин, ортодогу монголдордун бекзаадалары аргасыздан мусулман динине кирүүгө мажбур болушту.

Иран жерине барган Алтын Ордонун аскерлери, ирандыктар ханынын атына карай Өзүбекиян деп атаса, Мавреннахр жерине келген Алтын Ордонун аскерлерин таанытбаган эл.

-Кимсиңер? Кайдан келдиңер?- дешсе

-Биз Өзбектин адамдарыбыз. Өзбекиянбыз»- дешти.

Жоодон корккон согдиялдар менен сарттардын баары ислам динине кирди. Өздөрүн «өзбектин кишисибиз» же «өзбекбиз» дешти. Мусулман динине кирбей, өз дининде калганын «калмактар» деп аташты. Натыйжада согдиялдар менен сарттардын арасында он төртүнчү кылымдын башынан баштап Мавре-ннахрда «Өзбек» деген эл пайда боло баштады. Ошентип кып-чактарда «Өзбек өзүмдүн агам, сартка садагам» деген лакап аталып калды. Өзбек деп кийин аталган эл-өзбек хандыгынын атынан улам түпкү теги кыргыздардын уруулары аркылуу түзүлүп, өзбек эли пайда болду.

Алтын Ордо мамлекетинде Жучу тукумунун өкүмдарларынын өтөт ысмынан аталган өзбек жана ногой элдери пайда болду. Өзбектер он бешинчи кылымда Мавераннахрга ооп келишкен, он алтынчы кылымда чагатай мамлекетин талкалап Бухара жана Хива мамлекеттерин неиздешкен. Орустар ногой деп атаган эл он алтынчы кылымда чыгыш даректеринде жана андан кечирээк маңгыт деген аталыш менен дайым эскерилет. Орустардын жогорку бийлиги астындагы маңгыттар, же ногойлор Волганын төмөнкү агымынан чыгышты карай түрдүү элдерден турган көчмөн мамлекетти түзүшкөн. Астрахандын жергиликтүү түрк калкы бүгүнкү күнгө чейин ногой элине кирди.

Өзбек ханга токсон эки багыштагы уруулар (аймак, облус) карайт. Ал өзүнө баш ийген бүт багыштан-уруу топторунан өкүл чыгарып, чоң курултай өтөт. Өзбек хандыгы аталган бийликке токсон эки багыштан кийин, «Токсон боолуу өзбек» деп, ага кирген

уруулар өзбек тобу аталып, кийин өзбек эли куралды. Өзбек хандыгы тушунда ислам дининин таасири күчөдү.

Өзбек хандыгынын доору жүрүп турган чакта Чагатай үлүшүнөн Шаа Темир чыкты. Ал Алтын Ордону талкалап, Самарканды ортолук кылды. Анын мамлекетинин бир жагы Кытай, бир тарабы Иран, бир жагы Туркия, бир тарабы Орусия менен чектешип, аябагандай зор аймакты ээлейт. Шаа Темир өлгөндөн кийин, калмактар козголуп анын мамлекети чачырайт. Ошол кезде кыргыздардын сол канатын саруудан чыккан Байгара, кушчудан чыккан Жамбул, оңду Долон бийлеп турган болчу.

-Алтын Ордо, Дашти кыпчак дедиңиз. Кыпчактар башка элдерде да бар. Же алар биздеги кыпчак урууларынан бөлөкбү? Өзбек Алтын Ордонун тагына качан отурду?

-Кыпчактар эң эски уруулардын бири. Тээ илгери Угуз хан кытайдын аркы жагындагы деңиз боюнда жашаган элдерге согуш жарыялайт. Кан түтөгөн кармаштан, арып-чарчап кайра тартышат. Ал кезде жортуулга жоокерлер үй бүлөсүн да кошо ала жүрчү. Эр жүрөк жоокер өлүп, анын аялы жолдо баратып толготуп калат. Күндүн суугунда, казат жолунда, ал аял, карт дарактын көңдөйүнө кирип, төрөйт. Баланын атын Кыпчак коюп, Угуз хан багууга алат. Дал ошол баладан кыпчактар тарайт. Байыркы түрк тилинде «кыпчак» деген сөз жыгачтын «көңдөйү» же эки бутак айкашкан «көбак», «кыпчылган жай» дегенди билдирет.

Кыпчак эр жетип баатыр болот. Угуз хан ага көп эл, черик берип, батыш тарапка Эдил, Жайык-(Волга, Дон, Урал) суулары тарапка жөнөтөт. Эли көбөйүп «кыпчак» эли, жери «Дашти кыпчак» аталат. Кийин алар Кара деңиздин түштүк жана чыгыш тарабын, Европанын Дунай дарыясынын бойлорун, Бессарабия, Молдовиянын аймагын ээлейт. Көп кылымдар бою славян элдерин, айрыкча орустардын тынчын алат. Орустун байыркы тарыхы бул кыпчактар менен болгон согуштун тарыхы

Кыпчактар сегизинчи-тогузунчу кылымдарда Борбордук Азиядан Урал тарапка ооп, көптөгөн түрк уурулары менен аралашат. Сыр дарыя боюнда огуз уруулары менен аралашып, Орто Азияга тарайт. Мурдагы «мафазат алгуз» -(Огуздар талаасы) аймагын басып алат. Сегизинчи кылымда кыпчак уруулары күчөп, кытай чек арасынан Кара деңизге чейин бийлик жүргүзөт. Чыңгызхан келгенге чейин кыпчактар Сыр дарыя, Волга, Дон бойлорунда, Кавказда, Крым тоолорунда, Түндүк Каспий

талааларында Жети-Суу аймагынын борбордук бөлүгүндө жашап турушкан. Чыңгызхан батышка карай жортуул жасаганда анын аскерлеринин негизин кыпчактар түзгөн. Кыпчактардын он эки уруусунун өз алдынча аскердик урааны болгон. «Дөйт», «Ай баш», «Дөө кара», «Мана тоо», «Кара буура», деген ууραандар менен согушка киришкен.

Он биринчи кылымдын башында Сирияга, Паластинага тарай баштаган. Өтө жоокер эл болгондуктан, көпчүлүк араб өлкөлөрүнүн аскер иштерин колго алып, кийинчерээк бийликти тартып алышкан. Сирия кыпчактары кийин Алтын Ордо жана Орто Азия мамлекеттери менен байланышта болуп, Кытайдан Кара Деңиз, Крым, Балкан жарым аралына чейинки элдер кыпчак тилинде сүйлөп калышкан.

Чыңгызхандын «Алтын ордосу» баштан-аяк «кыпчак ордосу» деп аталган. Он бешинчи кылымда Египеттеги (Мисир) мамлекет башчылары Кайтбай, Түмөнбай дегендер кыпчак насилинен болушкан. Кылымдарды карыткан, миңдеген жылдар бою ааламды айланып, кыпчак маданияттын дүйнөгө жайылткан уюткулуу элдин урпактары Кытай, Ооган, Пакистан, Тибетте, Монголияда, Араб өлкөлөрүндө, Иранда, Европага тараган.

Кыпчактар тарыхы кайгы-азапка жык толгон. Алар бир кезде туулган уясынан учуп чыккандан кийин Борбордук Азиядан Орол дарыясына чейинки талаалардын эркин ээси эле. Алтын Ордонун кыйрашы менен ыдырап, тарай баштады. Тууган издеп, топ-топко бөлүнүп кетишти. Бир бөлүгү өзбектерге кошулуп, өзбек-кыпчак болу-шту. Талаа кыпчактарынын урууларынын басымдуу бөлүгү казактарга кирип, алардын орто, улуу жүздөрүн түптөштү. Түштүк-чыгыш тараптагы кыпчактар өздөрүнүн кыргыздары менен канатташ жашады.* Он бешинчи кылымда кыпчактар Абдулхаирдин хандыгынын борборун түзгөн. Абдулхаир өлгөндөн кийин кыпчактар үчкө бөлүнүп кетти. Биринчиси Шейбани менен калды. Экинчиси казактарга, үчүнчүсү ногойлорго кошулушкан. Кыргыз-кыпчактар Ферганага Чыгыш Түркстан аркылуу ке-лишкен.

Чыңгыз хан аскериндеги кыргыздар өздөрүнө туушкан кып-чактар менен бирге Өзбек хандын кошуунунда болгон. Өзбек ханды урматтап, жоортуулда «өзбек» деп уран чакырган. Кийин Алтын Ордо кулаган соң он бешинчи кылымдын башында.

*(Казак-кыпчактар жөнүндө М. Тынышбаев «890-ж кыпчактар Уралды кечип өтүштү. 900-1200-жылдар аралыгында алар Волга менен Днепрдин ортосунда жашашты. 1237-жылы Батый кыпчактарды талкалады деп белгилеген)

Дашти-Кыпчактын батышында (Волгадан Аралга чейин) өзбек улусу түзүлгөн. Аны Шейбанинин чоң атасы Абылкайыр негиздеген. Ал мамлекет кырк жылдай өмүр сүрдү. Өзбек улусу кийин ар кошкон түрдүү токсон эки уруу-уруктун жалпы аты болду.

Ушул токсон эки уруунун башында маңгыттар, миң кытай, кыргыздар (катагандар) турган. Ошол кыргыздар караган, кыпчактар «Өзбек деп» ураан чакырып келип, бүтүндөй сарттардын үстүнөн караган Темир дөөлөттүн талкалап, мезгилдин өтүшү менен өзбек атка конгон.

Өзбек, кыргыз, казак урууларынан бөлүнүп чыккандыктан «Өзбек өз агам» деген сөз ошондон калган. Өзбектер кыргыз-кыпчак сөздөрүнүн негизинде сүйлөшөт.

-Алтын Ордону отуз жыл бийлеп, кылычынан кан тамган Өзбек хан да оо дүйнө салды. Ордонун тагына Өзбек хандын улуу
баласы Тыныбек отурду. Ал иниси Жаныбекке караганда, ойлонбой иш кылган кызуу кандуурак эле.

Жаныбек алган черкес кызы Жаныбийке ханымды жанындай көрчү. Жаныбийке ханым Алтын Ордого келин болуп келгенден кийин, өзүнөн эки-үч жаш улуу Жаныбектин бир тууган иниси Кызырбекти жактырып калды.

Акыры барып, бул сыр канчалык жашыруун болсо да, кимдир бирөөлөр аркылуу Жаныбекке билинди.

Хан тукумунун намысы тебеленбесин деген Жаныбек бир учурдагы эки жаштын түнкү жолугушуусунда Кызырбектин көзүн тазалады. Бул сыр акыры барып, Тыныбек ханга билинди. Ал Жанибекти биротоло жок кылуу үчүн жасактуу колу менен аттанып чыкты. Аны алдын ала билген Жаныбек хандын жолун тороп, куралын бетке кармады. Бир туугандардын кан төгүшкөн кармашы көптөгөн жоокер-лердин башын жеди. Акыры барып Тыныбек хандын колу талкаланып, Жаныбектин курч кылычы Тыныбектин башын алды. Кандуу так Жаныбектин ээлигине өттү.

Алтын Ордонун саясатын Чыңгызхандын урпактары баш болгон байлары менен бекзаадалары жүргүзүп келди. Жаныбек хандын мезгилинде жергиликтүү элдер шаарларга отурукташып соода-сатык күчөп, айрым топтор өздөрүнчө аскер күтүп хандыктын багыты улам калыптана баштады, Жаныбек хан Берке Сарайга кулдардын күчүн пайдаланып, устаканаларды, кооз, салтанаттуу жыйындар өтө турган хандын сарайларын, көптөгөн мечит, медреселерди тургузду. Дашти Кыпчак Эдил менен Жайык

дарыяларынын ортосу болгондуктан, Алтын Ордону кээлери «Эдил-Жайык» хандыгы деп атай турган болушту.

Жаныбек хандын тушунда байыркы түрк тилдүү элдер чыгыштын маданиятына, өзгөчө араб, фарсы маданиятына жакындап, туруктуу элдин ак сөөктөрү кат таанып, чыгыш элдеринин окмуштуу илимпоздору окуй башташкан. Медресе, мечиттерде балдарды окутуу үчүн Дашти Кыпчакка Эдил-Жайыкка Мисирден, Шамдан, Румдан, Фарсы, Багдаттан кожо-молдолор менен бирге окмуштуулар топтоло баштады. Эдил-Жайыкта агартуу, өнөр, билимге умтулуу саясатын кеңири жүргүзө баштаган Жанибекти кыпчактар, ногойлуу элдер «аз Жаныбек», «даанышман Жаныбек» деп атай башташты.

-Жаныбек хандын мезгилинде Токтогулдай ырчылар, Толубайдай сынчылар өткөн деп жомок айтылат. Анын чын-төгүнү кандай?

-Жаныбек хандын бийлик жүргүзгөн мезгилинде. Токтогул аттуу ырчы жашаган. Ал таамай айткан сөзү, дайыма эл талабын жактаган ыры менен көпчүлүк эл арасында сүймөнчүлүккө ээ болду. Эл сүйүп, баалаган ырчы Баткен аймагынын Самаркандек айылында төрөлүп, кийин атасы Сейдали менен көп жерлерге барып, эл кыдырды. Атасы уулун ээрчитип, кербендерге кошулуп, мал айдап соодагерлик кесипти үйрөтүүгө аракет кылат. Токтогул барган жеринде, аш-тойлордо ырдап, эл оозуна алынып, көпчүлүккө тааныла баштады.

Токтогул жаш кезинен эле, уккан кебин эске тутуп, көргөн буюмун туура баалап, калыс сүйлөп, оюн так айтып, кадыр барка ээ болот. Көргөн-билгенин ыр кылып, чукугандай сөз таап, таамай айтканы көргөндөргө да, уккандарга да жагат. Жергиликтүү бийлик ээлерине, анын башында турган Жаныбек ханга жалтанбай кайрылып, элдин таламын талашты. Чындыкты бетке айтып, калыс сүйлөгөнү үчүн эл аны жакшы көрүп, кадырлашты. Бай-бийлерден запкы жегендер, арманын акынга келип айтышчу. Укканын калыстык менен баалап таамай сөзү, шар кеткен ыры менен жар салган акын, бийлик ээлерине жакпайт, андан көбү айбыгышты.

Кыргыз арасы ич ара бирикпей, бөлүндү-жарынды болуп жүргөн кезде, бирде моңголдор, бирде калмактар басып кирип, бир нече жылдар бою каалагандай бийликтерин жүргүзүшкөн. Андан кийин да Гирей, Жаныбек хандар да өз өкүмдүгүн жүргүзсө, Аксак Темир сан колу менен басып кирип,элдин баш көтөргөнүн чаап,

каяша кылганын сүрүп, туткун кылып айдап кетип турган. Аксак Темир элди мусулманчылыкка өткөрүүгө аракет кылып, ар түрдүү шарттарды коет. Токтогул анын өкүмдүгүнө каршы чыгып, элдин башын бириктирген өз алдынча, кыргыздардын эркин болуусун каалап, элдин пикирин, эңсеген максатын ырдап чыгат.

Ыры менен кошо «Манасты» айтып, элдик баатырдын кыргыз элин бириктирип турган сапаттарын өзгөчө белгилеген. Манас бабасынын эрдиктерин уккан эл ичиндеги эр азаматтар, Аксак Темирге каршы кол курап, көтөрүлүшкө чыгышат. Аксак Темир эл ичиндеги баатырларды тез эле басып коем»- деп ойлогон. Бирок, күн өткөн сайын алардын ордун башкалар толуктап Аксак Темирге каршылык күчөйт. Каардуу эмир кыргыздар мындай күчтү кайдан алып жатканын иликтей баштайт. Акыры элдин башын бириктирип, элди эркиндикке шыктандырып жаткан «Манас» экенин табышат да, элдин эркиндиги үчүн ички сезимин ойготуп, кыдырып «Манасты» айтып жүргөн Токтогул ырчы экенин такташты. Акынды кармап келишип, аны ордо ырчысы бол дешет. Бирок, ага ырчы макул болбоду. Акындын жеңилгис душман экенин билген Аксак Темир аны ар түрдүү айлага салып, кыйноого алды. Сүйгөн кызын тартып алды. Өзүн торго салып, туткундады. Зынданга таштап оттуу ырын, жалындуу жүрөгүн өчүрөм деп ойлоду. Акындын ыры ар дайым элине жетип турду.

Жакындан салам айтам,
Жашоодон кабар айтам,
Өлгөнгө көңүл айтам.
Тирүүгө өмүр айтам,
Дос көрсөм сырымды айтам,
Жаңшыган ырымды айтам.
Мен дагы өмүр салып,
Өмүрдөн бир күн кайтам– деп дос, туугандын жакыны, элдин сырдашы болуп, көптүн көөнүн алды.

Теңсиздикти, зулумдукту сынга алып, адилетсиздикти таа-май айтып, жалтанбас эркин, жалындуу сезимин, билдирген акынды элди эзген, бийлик ээлери көрө албады. Акын тунук сезими менен жалтанбай элдин атынан сүйлөдү.

Амириң күчтүү болсо,
Жанымды алаарың бар.
Бирок, мен жалтанбаймын.
Тагдырга тарынбаймын,

Өлтүрсөң өлөрүм бар,
Өлбөөчү өнөрүм бар.
Астырсаң денем калаар.
Ырларым оттой жанар,

Акын Жаныбек ханга бет келишип жоолукканда, анын бийлигинен, өкүмүнөн жалтанбай оюн билдирди.

Аз Жаныбек ханыбыз,
Аман жүрсүн жаныңыз.
Хан болсо да кабарлап,
Сөзгө кулак салыңыз.
Азирет ханым кебим бар,
Арзымды угар эбиң бар,
Арзып кылган ишиңде.
Арылбай турган кегиң бар.

Ошол мезгилде кыргыздын катаган уруусунан Супатай деген баатыр элди адилетүүлүк менен башкарып турган. Ал өлгөндөн кийин ынтымак кетип, анын Карасейит, Сарысейит аттуу уулдары атасынан калган байлыкты талашып, бири-бирине душман болду. Бир туугандардын таймашында Сарысейит жыгылды. Анын уулу Мажиттин колун Карасейит кесип салды. Агы ызаа болгон Мажит жети уулун ээрчитип, айылы менен алыс тарапка көчүп кетет. Убакыт өтүп, көчүп барган элди Мажиттин уулу Кудаян бийлеп калат.

Калмактардын кара чабуулуна Ала-Тоо кыргыздары ар тарапка чачылат. Кудаян бийлеген эли менен Самарканд тарап-ка сүрүлөт. Ал мезгилде Орто Азияны Эмир Темир бийлеп турган. Каардуу Темирдин бийлигинин астында калган кыргыздын ичинде Токтогул ырчы да болгон эле. Темир өтө каарду хан болуп, кол алдындагы элди зордоп мусулман динине киргизип, согуштарга керектелүүчү оор чыгымдарды алып турган. Анын колу Иле суусунан өтүп, Кыргызстандын түштүк аймагынын айрым жерлериндеги, Ысык-Көлдүн элине бүлүк салган мезгилде:

-Кыргыз деген эл окуу билбейт. Кудайы-от, туткан дини жок. Мал багып, көчүп жүрөт. Аларды мусулманчылыкка үйрөтүш үчүн көп күч колдонуу керек– деген Темирге чагым түшөт.

Бул сөздү уккан Эмир Темир көпчүлүккө:

-Ким хан болуп, кыргызды мусулмандыкка үйрөткөнгө атчан жоокер берем. Мусулмандык паспорт берем. Каалоочулар келгиле дейт.

-Мен мусулман кылам деп, катаган уруусунан чыккан Мажиттин уулу Кудаян ханга жетет.

Эмир Темирдин кишилери Кудаянды Өзгөнгө алып келип «кыргыз арасына хан» деп жарыялашат.

Эмир Темирдин баш кесер желдетине айланган Кудаяндын кайрымсыз хан экенин жалтанбай бетине айтты.

Сен кара жолтой хандырсың,
Кадемиң каткан жандырсың,
Ушу сенен тушуңда,
Журт бузулат ушунда.
Калың кыргыз бузулат.
Качып-бозуп кысылат.
Калкка тиет кесириң.
Как талаада карайлап,
Какшап калат жесириң– деп, таамай айткан ыры сынчынын сынына төп келет.

Токтогул акын ашык болгон атактуу Акмырза сулуу да Бужумдук (Кожо Илгар атактуу Аксак Темирдин айылы) болгон. Эки жаш бир айылда жүрүп, бири-бирин билип, сырдаш. Акыры алардын жылуу мамилелери сүйүүгө айланды. Акын аныырга айлантты:

Көзүмдү жумсам түш көрөм,
Көктөгү учкан куш белең.
Кайберен болуп бутаңа,
Качан бир жүрүп туш келем.
Арманда жатып түш көрөм,
Айланып учкан куш белең.
Акмарал болуп өзүңө.
Акмырза качан туш келем.

Эки жаштын ак сүйүүсүнө, дагы да бийлик кедерги болду.

Айылда жакшы кыз, күлүк ат, чебер уста, не бир сонун өнөр ээлерин, кошоматчы, жан бакты, эки жүздүүлөр ордого жеткирип, элдик байлыкты ордонун жеке менчигине айландырып турушкан. Андайларды бийликтин «камчысын чапкан» жан жөөкөрлөрү жан деп кабыл алып. «Сизге гана ылайык», «сиздики болсун» дешип хан ордосуна элдин сыймыгы, сүймөнчүгү болгондорду топтоп, алардын эркине карабай, замбулук менен тартып алышкан.

Токтогул да сүйгөн кызын колунан алдырып, ага ичи туз куйгандай ачышып, арман кылат.

Акмырзаны зомбулук менен ордого алып барганда ал туулган айылын, ата-эне, ага-тууганын, эркиндикти айылда калган жан сырдашы Токтогул акынды эстеп санаага батат. Канчалык ордонун шаан-шөкөтүнө, түрлөнгөн буюмдарына көңүл бурбай, көңүлү кирдеп, кыжалат болот. Аны канчалык даража, чектен ашкан бийлик, ченемсиз дүнүйө кызыктырбайт. Бир гана булбулдай таңшып, сөз берметтерин төгүлткөн, аккан суудай шар аккан, жорткон желдей канатчан, кыялды ээргитип, көңүлдү сергиткен акындын ырлары, анын акактай таза жүрөгү, ары тунук, жалыны жалбырттаган сүйүүсү өзүнө имерип алган эле.

Ордо ээсине Акмырзанын кабак ачпаган капалыгы, санаасын санга бөлгөн сагынычы, айтпаса да белгилүү болду.

-Айтсын, асмандагы айдан, төбөдөгү жылдыздан бөлөк, не самаганын айтсын. Каалаганын аткарайын деген буйругуна:

Акмырза түшкөн торунан тирүү чыкпасын, не деген тилеги түк аткарылбасын билип.

«Айылымдагы сазы бар, күү күүлөп, ыр ырдаган акынды алдырса көңүлү алагды болот деп» билдирет.

Айдай сулуунун айтканы эки болбойт. Ал айткан акын да ордого келтирилет. Бирок, экөөнү бой тирештирип жолук-турбайт. Кол алыштырып учуратпай, акынды торго камап, Акмырза жашаган үйдүн, короосуна койдурат. Эки жаш сүйлөшүп, сүйүшпөсө да, бирин-бири көрүп тургандарына канаат кылышып, тагдырларына шүгүр келтиришти. Акын эртели-кеч Акмырза аярлап сыртка чыгып, сейилдеп басканда, колундагы сазынан күү төгүлтүп, ыр берметин чубуртуп, аккан суудай, жүргөн желдей толкуп тилин безеп, таңшый берди.

Токтогулсүйгөн кызын колунан алдырып, ага ичи туз куйгандай ачышып, арманын жар салды.

Ырымдан башка дүйнөм жок,
Ырдасам жүрөк күйгөн чок.
Аларда сени Акмырзам,
Артымдан келип тийди ок.
Сазымдан башка дүйнөм жок,
Сагынып жүрөк күйгөн чок.
Жетерде сага Акмырзам,
Жарадар кылды тийген ок.
Келсин деп жазган кабарың,
Көрмөккө сенин жамалың.

Булбулу болдум багыңдын,
Бул сенин кылган амалың
Келтирди сенин кабарың,
Көздөрү күйгөн жанарым,
Сен үчүн келдим ордого
Бул менин кылган амалым
Сүйүүгө акмын, тазамын.
Көтөрөт бардык жазанын.
Сүйгөнүм үчүн Акмырза,
Тартарсың сенда азабын.
Капаска түштүк экөөбүз.
Сайрашып жүрүп өтөбүз.
Ширинин тартпай дүйнөнүн,
Чырактай бир күн өчөбүз
Тузакка түштүк экөөбүз,
Кол жетпей зарлап өтөбүз.
Жазыгын көрбөй жашоонун,
Турмуштан бир күн көчөбүз.

Акындын таңшыган ырына, Акмырзанын так каткан кумарына бөгөт болгон көрө албастар, ордо ээсине ушак жеткиришти. Акмырза сулуунун көөнүн алып, көңүлүн сергитүүгө канчалык аракет кылса да, кайдагы бир акынга берилип, өзүнүн дүйнө титиреткен бийлигине, казынага толуп-ташкан байлыгына кымындай да көңүлүн буруп койбогон, элеттин сулуусуна ачуусу келген ордо эгеси, акынды зынданга салдырды.

Алыска сапар алып,
Үн салып кербен кетет,
Тааныштай токтой калып,
Көк менен булут көчөт.
Сагынтып турагыма,
Шыңгыры коңгуроонун
Угулат кулагыма
Жымыңдап жылдыз көктө,
Зынданда жатсам көрөт
Асмандан булут өтсө,
Кошулуп кетким келет.
Кыйырсыз чексиз аалам,
Тар болуп калганын көр.
Ырчыга ушул арман,

Кабарлап койсоң кана,
Үнүмдү угар болсоң.
Сазы жок ырчың мына,
Сагынып күткөн болсоң.
Ак булут айтып барар,
Армандуу ырчысы жок.
Кербендер кайтып барар,
Мен минген каймал жайдак,
Ээсин издеп барар.
Кербенди уруп-айдап,
Тили жок күйүп жанар.
О жүрөк эстен танар.
Мен минтип калаарымды,
Боз каймал боздоп барар.
Узугуп кабарымды,
Сырдашып булут болуп
Ыйласам ыйлап барат
Гүлгө окшоп турсам соолуп
Айайт го атаганат.
Бере албай мага канат
Барамбы барбайымбы
Ак булут, аппак булут
Айта бар кабарымды

Жаныбек хандан акын көп көрдук көрөт. Акындын бетке чаап, тике айткан сөзүнөн хан дагы көп жолу эл алдында сынып, уят болот. Каарданган Жаныбек Токтогулдун мойнуна зоолу салдырып, желдеттерине айдатат.

-Жаныбек басты белимди,
Калмактыгы билинди.
Калк ичинде сүйлөтпөй,
Кагып салды жинимди.
Арманы көп Токтогул,
Айнып калдым акылдан,
Айрылып калдым жет албай,
Агам Толубай жакындан.
Зили душман калмактан,
Көрдүк далай кордукту.
Келин, кызга ээ кылбай,
Кылып турду зордукту.

Аябады жаныңды,
Алып турду малыңды,
Кызы талак ит калмак,
Кызылдай сорду каныңды.

Акындын өмүрү оор азап, келишпес күрөш менен өткөнүн жалындуу ырлары айкын далилдейт.

Кудаян Темирге жагыш үчүн кыргыздарды күч менен мусулман динине киргизе баштайт. Келмеге тили келбегендерди жазалап, тилин бурайт. Орозо кармабаган, намаз окубагандардын мойнуна золу салдырат. Ысар, Көлөпкө жөө айдатат. Кары-картаңдар кырылат. Мусулман дининин эрежелерин үйрөнө албагандарды сүргүнгө айдатып, динге, бийликке каршы чыккандарды Самарканга Темирдин ордосуна алып барып, эл арасында даргага астырып өлтүртөт. Денелерин талаага таштаттырып ит-кушка жем кылдырат. Темир менен Кудаяндын кордугуна чыдабаган Токтогул ырчы:

Кудаяндын тушунда куурап калдык,
Куургуч баштуу кожону туурап калдык.
Айыпсыз ата-энени кыргын чалып,
Ысар, Көлөпкө сүрүлүп, чуулап калдык.
Аркы атаң эр Супатай катагандан,
Коркомун Кудаян деп атагандан.
Паспортуң түгөндү деп золу салып,
Тоногон кара тоодой матагандан.
Өз атаң-Сарысейиттен Мажит чолок,
Адамзат бул жалганга келген конок.
Динине Мухаммеддин киргизем деп
Конокту кордук кылдың боюн тоноп,
Кескениң Темир хандын душманы эмес,
Кудаян бул айтканың жалган жомок
Арбагы кыргызхандын сени урат.
Кыргызды кыйын кыйнап, салдың домок.

Акындын бул ыры, эки жүздүү кошоматчылар аркылуу Кудаянга жетет. Кудаяндын каары келип, мусулман динине ачык, каршы чыккан катары Токтогул ырчыны Самаркандагы Темирге жөнөтөт. Ал аны, элдин алдында даргага астырып, түнү менен ит-куш жесин деп, ай талаага таштатат. Жакындарына өлүгүн көмүүгө, үн чыгарып жоктоп ыйлоого тыюу салат. Темирдин каарынан корккон эл, түн ичинде үй-бүлөсүнө жашыруун угузуп,

кара эчки союп, кара ашын берет. Ырчынын эжеси кошок кошуп,акынды жоктойт ыр менен.

-Кара жаак Токтогул,
Калыстык менен ырдадың.
Каны менен бооруна
Кара ниет хан Темир
Кара жерди сырдадың
Карга менен кузгунга,
Кайсы аралда жем болдуң
Кадырың өткөн кыргызга
Кара эчкиге тең болдуң.
Этеги жырык чапаның,
Элечек кийген апамын,
Эркине көндүң кантейин
Эркектер сага капамын.
Аскасы белем бийиктин
Азоосу элем кийиктин.
Каңгайган ак баш жорулар.
Касымды жесин ийиктим.

Токтогул ырчынын атагы алыска тарап, «кара жаак» ырчы аталганын эжеси элдин атынан айтып отурат. Ал элдин эркиндигин талашып жүрүп, адилетсиз бийликтин курманы болду. Эл мындай адилет ырчысын өлүмгө ыраа көрбөйт. Анын ары жагымдуу, ары жалындуу ырлары эл арасында аздектелип, сакталып келүүдө.

-«Нар моюну кайрылып, Бердибек хан өлгөн чак»деген лакап кандайча айтылып калган?

-Жаныбек Алтын Ордонун тагына отургандан баштап, жеңиштерге жетишип жүрдү. Бирок, ордонун тегерегинде хан менен үзөңгүлөш болуп, кошо жүргөндөрдүн арасында анын ийгилигине бут тоскондор да арбын эле. Алар Жаныбектин башына жаздык, алдына отура турган төшөк болуп жүргөндөр миңдеген амалдары менен ордонун төрүнөн орун ала башташты. Кези келгенде союлун чабыша турган, атка минер «өзүм» дечүлөрдү жогорулатышып, жандарына ала жүрүштү. Кези келгенде жакындарын мактап, миң башчылыкка, амирдикке чейин жеткиришти. Эртеңки күндүн камын жеп -«Кокус хан өтүп кетсе, эшик алдында калбайын» дешип, өздөрүн хандын уулу Бердибекти жакындатышты. Бөлтүрүктүн баласын бөпөлөп, улам колтугуна суу бүркү-

шүп, кол бала кылып үйрөтүштү. Атак, даңк дегенде сугалак карышкырдай суусап турган абалга жеткен Бердибек алардын шилтеген жагынан кайтпай турган, албарс кылычка айланды.

Жаныбек хан да оозу-мурдун кан кылбай отура албайт эле. Ал сан жетпеген колу менен коңушу өлкөлөргө аттанып чыкты. Кан суудай агып, акыры ал жеңишке жетишип, Алтын Ордонун карамагына тиешелүү болгон Азербайжанга уулу Бердибекти хан кылды.

Хан Берке Сайга келгенден кийин кокусунан катуу сыркоолоп калды. Ордодогу баягы көрө албастар учурду сая кетирбей Бердибекке кабар жеткиришти. Бердибек ордого келгенде Жаныбек хан башын араң көтөрүп.

-Сен эмнеге, ордуңу таштап, мында жүрөсүң? деп жооп алгыча болбой Бердибек анын үстүнө баса жыгылды.

Ооруга дарманын алдырган даанышман Жаныбек өз уулу Бердибектин колунан чыга албай, каршылыксыз оо дүйнө салды. Он алты жыл хандыктын доорун сүргөн Жаныбек хан ажалды өзүнүн сийдигинен жаралган уулу Бердибектен тапты. «Өз атасы Жаныбекти муздап өлтүргөн, кыпчак ичинде нар моюну кайрылып, Бердибек хан өлгөн чак» деп лакап калды.

-Сиз Өзбек хандыгынын доорунда Чагатай үлүшүнөн Шаа Темир чыкты деп айтып өттүңүз. Ал кайдан, кантип чыга калат? Ошол мезгилде кыргыздар кайда эле?

-Чагатай урпактарынын доорунда Кашкар, Жаңысар, Ак-Тоо жана Жаркен жактарда тогуз кыпчак, сарт калмак, найман, чоң багыш, балыкчы,итарчы, муңгуш, сарыбагыш, кесек, тейит уруулары, Ак-Суу, Үч Турпан, Ак-Чий тараптарда сарыбагыш, төөлөс, черик, бугу, мундуз, кушчу уруулары, Иле өзөнүнүн баш агымында–бугу, мундуз, кушчу, адигине, сарыбагыш уруулары жашаган. Моголстанда Чыгыш Түркстандык кыргыздардын тобу бир топ чыңдалган. Кыргыздардын саны бир топ арбып, алар айкын көрүнүшүп, Чыгыш Түркстандын жана Ферగананын түндүк бөлүгүн көзөмөлдөшкөн.

-Моголдордун биринчи хандары Казан хан өлтүрүлгөндөн кийин Чагатай улусунун чыгыш бөлүгүндөгүлөр борбордон өз алдынча бөлүнүп кетүүгө умтулушту. Ушундай чакта дуулат эмиринин бири Пулатчи Чагатайдын мурасчысын таап, анын ысмы менен өз алдынча мамлекет курууну чечти. Иле өрөөнүнөн ханзада Тоолук Темирди Ак-Сууга алып келип, чагатайлык хан Дуванын небереси деп жарыялады. Монголстандын түзүлүшү Ак

Суу шаарында дуулат эмири Пулатчинин чагатай тукуму Тоолук Темирди тактыга отургузгандан башталды. Анын ордосу Алмалыкта Иле боюнда эле

Тоолук Темир жыйырма төрт жашында ислам динин кабыл алат да, мамлекетте исламды күч менен таркаткандыктан бир эле күндө жүз алтымыш миң адам ислам динине киришти. Манглай-Субеге Тоолук Темирди хан көтөрүлүшүнүн себеби Чыңгыз хандын осуяты боюнча, анын урпактары гана хан болууга акылуу эле. Тоолук Темирдин хан көтөрүлүшүнө дагы бир себеп, Чагатай хандыгынын кыянатчылыгына элдин бардыгы нааразы болчу. Көбүнчө медреседеги шакирттер, чебер-усталар, жумушчулар көтөрүлүп, козголоң чыгара башташкан эле.

Анжиан калаасы бир кездеги бүткүл Түркстандын амирчиси Кайдунун жардыгы менен Туба салдырган «Турган жеринин коохдугуна байланыштуу аз эле убакыттын ичинде Анжиан Фергана өрөөнүндөгү чоң шаарга айланды. Шаардын тургундарын түрк тукумдагы уруулар түздү. Мавреннахрда* бири-бири менен касташкан түрк жана түрктөшүп кеткен монгол урууларынын эмирлери, жол башчылары турган бир нече ээликтер болгон. Тоолук Темир өлкөдө өз бийлигин чыңдоого белсене киришти.

Мавреннахрдын калкы өздөрүн моголдор дешсе, Чагатайлар моголдорду жете (же каракчылар) деп, ал эми моголдор-чагатайларды кара кунас (аргындар) деп аташкан.

Тоолук Темир он алты жыл бийлик жүргүзүп өлгөндөн соң, анын уулу Иляс кошо ата тактысына отурду. Ал Мавеннахрды басып алмаккка жортуулга аттанды. Анын колун Ташкен менен Чыназдын ортосундагы Сыр-Дарыядан тосуп чыгышты. Таймаш Чыйырчыктын жанында катуу болду. Дуулат уруусунун эмири Камардин Иляс кожонун өзүн өлтүрүп, үй-бүлөсүн кырып таштады. Ошондон баштап Темир Эмир бийликке келет. Ал кандуу кылычы менен өз алдынча кубаттуу өлкөнү курууга аттанып чыкты. Аксак Темир Көрөгөн Кеш аймагында Шахрисабз шаарына жакын Кожо-Илгар кыштагында Тарагай бектин үйүндө төрөлгөн. Ал эр-жүрөк каардуу, кайраттуу амалкөй жол башчы болуп, Казаган эмирге кызмат кылды.

Чыңыз хандан калган эреже боюнча Амир Темир Чыңгыздын урпагынан чыкпагандыктан өзүң хан көтөрүүгө акысы жок эле. Бирок, Казаган хандын кызын, Кусайын Амирдин жесирин алган-

*(Мавреннахр-дарыянын ары жагындагы өлкө делген).

дыктан, өзүн «гурген» атаган. Темирлан деген ат, түрк тилиндеги аксак деген сөздүн Фарсыча «лангу» деген сөзүнөн чыккан темир-лангу деген сөз орус башка Европа тилдеринде Темирлан болуп өзгөргөн. Аны «Аксак Темир көрөгөч», «Темир-лан» деп аташчу.

-Элде хан деп аталыш, кан деген сөздөн улам пайда болгон делет. Себеби хандыктын аягы кан менен бүтөт дешет. Чындап эле айтымда хан тукумунда өз ажалы менен өлгөндөр кем экен. Ушуга токтоло өтөсүзбү?

-Ооба, Моголстандын ханы Тоолук Темир Маверннахрды басып киргенде Аксак Темир ага кызмат кылып, Кеш вилаетин ээликке алган эле. Ал Маверннахрды башкарып турган Казагандын небереси Хусеин эмир менен мамиле түзүп бирге жүрдү. Кийин Хусейинди Балкта дарга асып өлтүрүп, өлкөнүн жеке кожоюну болуп калды. Чыңгызхандын тукумунан болгон Хусейиндин жесирин аялдыкка алып, анын атынан өлкөнү бийлөө мумкүнчүлүгүнө ээ болду.

Темир Моголстанга жортуулга аттанып, Камариддиндин аскерлерин талкалап, миңдеген адамдарды Мавреннахрга айдап келип, кулдукка сатты.*

Искендер кезинде Моголстанга жортуул жасап, ага түндүктө Кара Иртыштын түштүгүндөгү, батышта Сайрамдан Ферга-нанын чыгыш бөлүгүнөн, чыгышта Турпан талааларына чейинки аймактар кирген. Искендердин Чыгышка болгон жортуулу Теңир-Тоонун жана Чыгыш Түркстандын аймагынан чыкпаган. Анын кошуундары Бешбалыкты багындырып, анын чет жакаларындагы аймактарды чаап, кыргыз чүрөктөрүн туткундап кетишкен.

Улукбек (1394-жылы 22-мартта) Самарканда туулган. Анын азан чакырылып коюлган аты Мухаммед Тарагай болгон. Анын атасы Шахрух Темирдин үчүнчү уулу болчу. Улукбек чоң атасы Амир Темирдин изин кубалап, ал караткан өлкөлөрдү аралады. Ал астрономия менен жаратылыш таануу илимдерин билүүгө ынтаасын койду. Грек, чыгыш окумуштууларынын эмгектери менен атасынын бай китепканасында жашынан эле тааныш болгон. Улукбек мамлекетти башкарганы менен ал чоң атасындай кыргын согуш жүргүзүүдөн баш тарткан. Элге бейпил турмушту орнотуп, мамлекеттин байлыгын чыңдап, маданиятын көтөрүп ажайып ак сарайларды салдырып, илимди өнүктүрүүгө аракеттенген. Анын

*Темирлан (1335-жылы төрөлгөн.) 1404-жылы 18-февральда 69 жашында Кытайды каратып алууга жоортуулга баратканда Отрар да көз жумат. Ал жыйырма жылга созулган күрөшүндө көчмөн урууларды биротоло багындыруу мүмкүн эместигин түшүнөт.

уулу Улукбекти чоң энеси Сарай Мүлк Ханым өтө билимдүү кылып тарбиялады.

Болочок окумуштуу перс, түрк, араб тилдерин терең өздөштүрдү. Шахрук уулу Улукбекти Самарканд башкарууга дайындайт. Ал шаарды кырк жыл бою коноздоп, оңдогон. Ошондон улам «Самаркандын алтын кылымы» деген ат калган.

Анын мезгилинде Самарканд, Бухара, Гиждуан, Мерв калаалары өнүгүп-өстү. Эң сонун курулуштар салынды Самаркандга абсерватория курдурду. Атактуу окмуштууларды жыйнап алып, илим менен түйшүктөндү. Өкмөттү жана динди башкарууга накта окмуштууларды тартышы, динчилерге жакпады. Алар аны «дин жолунан тайды»- деп ушак таратышты. Динчилердин козголоңунан кийин ал, илим менен иштемек болуп Самарканддан Меккеге кетип бараткан жолунда Улукбекти өз баласына өлтүртүштү. Ал бузукулардын тилине кирип, желдети Абаска буйруп, Улукбектин башын алдырды. Атасын өлтүргөн уул Абдал Латиф бир жылга жетпей динчилердин колунан өзү ажал тапты.* Батый хан түзгөн Алтын Ордонун династиялык башкаруусу да өз атасы Жаныбекти өлтүрүп такка жеткен Бердибек менен аяктады.

Тимурийлерден кийинки 100 жылга жакын жашаган

Шейбанилер династиясында Бухарада өз атасы Абдуллахты уу берип өлтүргөн. Абдулмомундун өлүмү менен бүткөн.

-Калмактар моголдордон кийин, кандайча Ала-Тоо аймагына келип калышты?

-Ойроттордун башчысы Тоо хан өлгөндө анын уулу Эсенди ойроттор өздөрүнө башчылыкка көтөрүштү. Эсен өзүн «Моңголдордун улуу каганы» деп жарыялады. Ал Жуңгар аймагынын тегерегиндеги Беш-Балык, Манас, Кутбай өңдүү кыргыз жерлерин каратып, ал жердеги кыргыздарды Эне-Сай, Алтайдагы өз журттарына кубалады. Бир далай кыргыз урууларЫ Теңир-Тоонун батыш тарабына: Алай тоолорунун тегереги, Ысык-Көлдүн жээктери Талас, Чүй аймактарындагы кыргыз туугандарынын жанына көчүп келишти. Жаңы келген эне-сайлыктар менен Теңиртоолук кыргыздар биригип ойротторго катуу сокку беришти. Качкан Эсен тайчи Эне-Сай, Алтай тоолорунун түштүгүнө келип, моңгол урууларына чабуул жасады. Ал жердеги кыргыздар катуу кыргынга учурап, айрымдагы Теңир-Тоого кеткен журтташтарынын аркасынан келишип, Какшаал тараптан орун алышты.

*(1370-жылдан 1507-жылга чейинки Темирлан түзгөн дөөлөт 137 жыл жашап, өз атасы Улукбекти өлтүргөн Латифдин өлүмү менен аяктады).

Ойроттордун конушу элдерди талап-тоношуна каршы монгол ханы Вайстын башчылыгында күрөш жүрдү. Ал Турпанды ээлеп, өзүнө ордо кылган кезде, Эсен тайчи жетектеген ойроттор Моголстанга каршы жоортуулга аттанышып, Жети-Сууга кол салышып, андан түштүккө бурулуп, Сыр-Дарыяны бойлой жүрүшүп, Ташкенди жана андан башка бир катар аймактарды басып, талап-тоноп кайра кайтышты. Вайс хан ойротторго каршы канчалык согуш жүргүзсө да ийгиликке жетише албады. Кийин бир жолу ойротторго каршы чабуулга аттанганда Эне-Сайдагы черик уруулары ойротторду кубалап, Теңир-Тоо этегине чейин келишип, Какшаалдагы өздөрүнүн туугандарына кошулушту. Тайчи өз кол алдындагылар тарабынан өлтүрүлүп, ойроттордун бир бөлүгү батыш тарапка көчө качышты. Ошондон баштап ойрот урууларынын ынтымагы ыдырай баштады.

Вайс хандын да күнү бүтүп, көз жумган соң, хандыкты анын уулдары Эсен Бука менен Жунус талашып, кандуу кагылышууга чейин барышты. Моголстандагы башкаруучулардын көбү Эсен Буканы колдошту. Ал эми Темир урпактарынын бири Абу Саид (Бусаин) Жунус аркылуу бийлик тизгинин алууга аракеттенип, аны Моголстанга алып келип, такка отургузду. Эсен Бука ойроттордун жөлөмөсү менен Жунусту Алмалык шаарынан кубалап, хандыкты тартып алды. Абу Саид убактылуу болсо да Жунуска Анжиандын аймагындагы Жетикент аттуу чакан шаарды башкарууга көмөктөштү. Бул учурда анын агасы Эсен Бука Моголстандагы көп аскерлерин баштап, Сыр, Талас өрөөндөрүнүн бойлорундагы кыргыздарга чабуул жасады. Андан соң Анжиан шаарынын жана анын айланасындагы шаарларды басып алып, колго түшкөн туткундарды Могол-стандагы ак сөөктөргө кулдукка таркатып берди.

Кийинки Ак Ордонун ханы Барактын балдары Жаныбек жана Гирей Моголстанга качып келишкенде, анын ханы Эсен Бука аларга Талас жана Чүй өрөөндөрүн ыйгарды. Алар биринчи мезгилде калмактардын жана кыргыздардын урууларына каршы жортуул жасап,талоончулук кылышты. Кыргыз уруулары мурдатан эле Кара шаардын түндүк тарабындагы Чоң Жылдыз деген жайлоолорду жердеп, бир мезгилде Идикут уйгур хандыгы жана Чагатай хандыгынын ортосун байланыштырып турган. Элдик уламыштар боюнча Эсен Буканын доорунда бир топ кыргыз уруулары Жылдыз жайлоолоруна көчүп барып, жашап турушкан.

Жунус Самарканга качты. Темирдин урпагы Улукбек 13 жашар Жунусту Гератка алып барып, Иран, Араб мамлекеттеринен билим алууга жиберди. Ал улуу окумуштуулардан таалим алып Темир хандын урпактарынын ичинен эң белгилүү хан болду. Ислам динин кеңири таркатып «устаз Жунус» аталды. Ал Феддин Алнезди сыяктуу ислам окумуштууларын ордого жыйнап, мамлекеттик иштерди алар менен кеңешип чечти. Анын Ферганаsuccessfully ээлөөгө умтулган жортуулу ишке ашпай Абу Саиддин балдарынын (Акмед мырза менен Омор шайык-тын) ортосундагы өз ара чыр-чатактарына кийлигишип, өз ээлигине Сайрамды, Ташкенди кошуп алды. Жунус хандын мезгили Теңир-Тоо кыргыздарынын өнүккөн мезгили болду.

-Жунус хандын кыргыздар менен жакындыгына кандай далилдер бар?

-Темир хандыгынын падышасы Абу Саид (Бусаин) Темир Барлас урпактарынын ичинен тунгуч ирет султан аталган. Ал Эсен Букага каршы урушуп, дайым Жунусту колдоду. Жунус Фергана аймагына келгенде Аксы элинин төбөлү Шеркожо сарынын кызы Исандөөлөткө үйлөндү. Кайын журтунан Ажибек баштаган кыргыз аскерлери, ага ар дайым көмөктөшүп, ийгиликтерди камсыз кылып турушкан. Жунус хан Ташкен шаарынын чыгышындагы Фергана, Нарын, Сыр, Талас, Ысык-Көл, Алай аймактарын агасынан тартып алып, өзүн султан деп жарыялады. Натыйжада Моголстан экиге бөлүнүп, батыш Моголстан Жунус султанга карады. Анын негизги букаралары кыргыздар болду. Моголстандын аймагындагы эки бийлөөчү бирикме түзүлүп, биринчиси Чыгыш Түркстандын жери. Теңир-Тоодогу Ат-Башыдан, Чыгыш Памирге жана Коэнлундан Лобнорго чейин Жунус султандын могол улусу, экинчиси негизинен кыргыз уруулары жайгашкан аймак бар болчу. Кетмен-Тоо, Текес аймактарында Эсен Букага каршы эрдиктерди көргөзүштү. Ал кезде кыргыз урууларынын конуштары Иле өрөөнүнүн баш жагындагы Каш, Текес, Моңгол, Күрө, Кызыл Күн аймактар болгон эле.

Жагадайдын тукуму Тоолук Темир өзү менен кошо карамагындагы элди мусулман кылып, жумурият түздү. Бийликке карап, аймак да Могул жери деп, анын түн жагы Көкчө-Деңизге, батышы Ташкенге, күн жүрүшү Ферганага, Кашкар, Ак-Сууга жеткен эле. Түрк уруулардын аймагы Моголстан аталып калат. Кийин ал дагы эки аймака бөлүнүп Жагадай, Могул болуп, бийлик талашкан

билермандардан улам ырк кетет. Калмактар дал ушул чакта Иле тараптан басып кирди. Калмактарга Вейс хан да, анын уулу Жунус хан да көп эле каршылык кыла алышпады. Ээлеген эли-жерин тарттырып, алардын чабуулуна араң каршылык көрсөтүүгө гана жарады.

Моголстан ханын колу ойротторду Хомиде талкалап, бир түмөн жоокерин колго түшүрдү. Андан көп өтпөй үч жүз миң ойрот моңголдор Орто Азия жана Казакстанда басып киришип, Иленин боюндагы Жунус хандын колун талкалап Сыр-Дарыяга чейин кубалады. Жунус хан кышты өткөрүп, аскерлерин баштап барып, өзбек ханы Борчоглан ханды талкалады. Ташкендин башкаруучусу тарабынан Жунус туткундалды. Бир жылга жетпей, ал башкаруучу өлтүрүлүп, Жунус бошотулду.

Ташкенди, Моңолстан хандыгынын аймагындагы,Жунус хан тун уулу Махмудка бөлүп бергенде кыргыз уруулары Махмуддун бийлигинде болуп калды. Могол хандыгы майдаланды. Экинчи уулу Акмат Ак-Суудан, Комулга чейинки жерлерди эледи. Жунус хан оорудан көз жумду. Махмуд Мавеярннахрда туруп, өзүнүн ээлигин кеңейтүүгө аракеттене баштады.

Ал Өзбек ханы Абдулхайырдын небереси өзбек ханы Мухаммед Шейбанинин колдоосу менен Түркстанды ээледи. Шейбани хан Махмуддун жардамы менен Сыр, Амур өзөндөрүнүн бойлоруна чабуул жасап, Бухара, Самаркан, Хорезм шаарларын басып алып, Бабурду кубалап чыкты. Ал Шейбаниге канчалык жардам берсе да, ал касамкор Махмуддан Ташкенди кайра талашты. Аз эле убакыт өтпөй Махмуд ээлеген Ташкен, Фергана аймагын тартып алды. Махмуд Чарын-Челектин жанында талкаланып, Акмат инисинен жардам суроого аргасыз болот.

-Акмат кандайча кыргыз ханы аталып калды?

-Акмат бир тууганына жардамга аттанганда Моголстанга өзүнүн он тогуз жашар уулу Мансурду калтырат да, эки уулу менен Ташкенге жөнөдү. -Мурдагы салгылашууларда Акмат эки жолу тең Эсен тайчинин колун аесуз талкалаган болчу. Анын эрдиктери ойроттордун үшүн алып, алар ага «алача-пес» (алача-киши өлтүргүч, кан ичээр) деп ат коюшкан. Акмат бир тууганына каршы чыгышкан козголоңчуларды жана казактар менен жан аябай салгылашты. Казактарды үч жолу талкалап, Кашкар менен Жаркенди ээлеп алууга жасаган аракети ишке ашпай калган болчу. Акмат хандын мезгили кыргыз хандыгы аталып, түндүк жана

Теңир-Тоолук кыргыздардын мамлекеттик бирикмеси түзүлдү. Кыргыздар бул аймактагы могол бийлик ээлерин Кашкарга карай сүрүп, өз алдынча мамлекет түзүү аракетинде болушту. Кыргыз хандыгынын түзүлүшү кыргыз урууларынын бирикенине чоң өбөлгө болду.

Жагадай аталган аймак Жунус хандын бийлигиндеги Теңир-Тоонун күн жүрүшүнөн эки суунун ортосу, бир чети Ак-Суу, Турпан аймагы болсо, экинчиси Алача хандын күчү менен тартып алынган аймак -кыргыз жери аталып кетти. Анын бийлиги Кашкар, Жаркенге чейин жетти. Кыргыздардын башын кошкон Алача хан накта кыргыз ханы экендигин эрдиги менен далилдеди. Анын теги Чыңгыз тукумунан болсо да «ак калпак Алача хан» деп аталды.

Аксыкенттин алдында Шейбани монгол аскерлерине күтүлбөгөн жерден кол салып, эки бир тууганды тең туткундады. Кайра аларды Моголстанга кое берип, Махмуддан Ташкен менен Сайрамды тартып алды. Махмуд Жетикентке калып, Ак Сууну жана Моголстандын чыгыш бөлүгүн Акматтын балдарына берди. Ак-Сууда Мансур хан калып, анын бир тууганы Халил Султан Жети-Суудагы кыргыздарды башкарды. Халил Султан көп узабай атасы менен Мавреннахрда болгон өзбек туткунунан качып чыгып, бир тууганы Сейит Султанга келип кошулду. Алар бир тууган тагасына ачыктан-ачык каршы чыгышты. АлардыМансур келип, жараштыра албады.

Махмуд душмандары тарабынан катуу кысымга алынып, Шейбаниге багынууга аргасыз болду. Ал Шейбанинин буйругу боюнча алты уулу менен кошо Сыр-Дарыянын боюнда Кожентте өлтүрүлдү. Акмат хан Ак-Сууда шал оруусунан улам каза болду. Акмат хандын тун уулу Мансур атасынан мураска калган хан тактысына отуруп, Жети Суу аймагына бийлик жүргүзүп Турпанда өзүн Султан деп жарыялады. Өзүнөн такты талашкан инилери Сейит Султан менен Калил Султанды Моголстанга, Ысык-Көл, Нарын өрөөндөрүнө куугунтуктады. Алар «Моголстандын жапайы арстандары» аталган атасынын ишенимдүү букаралары Жети-Суудагы кыргыздарга келишип, баш калкалашты. Моголстандын тоолорунда Ысык-Көл, Нарын аралындагы тоо-токойлорго жашырынып жүрдү. Аларды кыргыздар колдоп бир хандыкка биригишти. Мурда кыргыздар Мансур хандын ишенимдүү букаралары эле. Ал Чыгыш Түркстандын нак башкаруучусу болуу менен бирге Турпан менен Кара шаардын түздөн түз ээси болуп калган иниси Султан

Сейит Кашкар менен Жаркенди басып алууну көздөдү. Мансур хан көп кол менен Сейит Султандын кыргыз аскерлерин талкалады.Бабурдун жардамы менен Анжиан шаарын ээлеп, Ысык-Көл, Нарын, Чүй жана Иле өзөндөрүнүн бойлорундагы кыргыздарды бириктирди.

Кыргыздар Султан Калилдин өздөрүнүн падышасы, улуу өкүмдары деп жарыялашты. Ишенимдүү кыргыздар менен бириккен эки бир тууган Моголстандагы абалды бекемдөө аракетинде болушту. Мансур хан Иле дарыясы куйган Чарын-Челек сууларынын аралыгынан кыргыздар менен кошо болгон Султан Сейит менен Султан Калилге чабуул койду. Өз алдынча кыргыз хандыгынын пайда болушунда Султан Калилдин жасаган аракеттери өзгөчө болду. Ферганага Мансур хандан качып, атасынын бир тууганы Махмуд бийлик кылган аймакка Анжиандагы Жаныбекти көздөй барган. Мансур хан тарабынан жөнөтүлгөн адамдар сууга чөгөрүп, өлтүрүп салышты.

Могол хандарынын көпчүлүгү мусулман динин таркатуучулардан болушту. Мансур өзгөчө өзүнүн букаралыгына селде салынып жүрүүгө мажбурлады. Көнбөгөндөрдүн баштарына мык кактырды. Айтууга караганда бир эле мезгилде он миңдей кишинин мусулман болууга зордоп, мажбурлаган.

-Бардык хандар эле Чыңгыздын тукумунан деп айтыла береби?

-Ооба. Мына өзбек, казактын кайсыл ханы эле өзүнөн чыкты дейсиңер? Бары келип эле Чыңгыздын, же Эмир Темирдин тукумунан делгени менен түрк тукумунун эле балдары.

Ишенимдүү кыргыздар менен бириккен эки бир тууган Моголстандагы абалды бекемдө аракетинде болушту. Мансур хан Иле дарыясы куйган чарып. Челекте Сейит менен Калил султандарга чабуул койду.

-Моңголдордун мезгилинде кыргыздар Кара шаарга сүрүлгөн деген айтым кандай себептен айтылып келет?

-Моюн толгогон кыргыздарды, тынымсыз эле бийликке каршы чыга бергендери үчүн. Мансур аесуз кырып, бир далайын туткунга алып, Шейбани менен Махмудка тартуулады. Калганын бүтүндөй Кашкар, Турпан, Кара шаарга зордоп көчүрдү.

Кашкар, Кара шаар, Турпанда калган кыргыздар, моңголдор менен жер талашып, кырдуу-бычак болуп, ынтымактары ыдырап жаткан. Ал жайда Жаркендин беги Абубакир дуулат Мансурдан

жеңилип, жер которуп келген кыргыздарга тополоң сала, артка кубалады. Анын бардыгына Сейит Султан күбө болду.

Сейит Султан өзүнө каршы чыккан агасы Мансурду ынтымакка чакырды. Ал инисинин сунушуна кубануу менен макул болуп, шартсыз баш ийип, өзүнүн бийлигин өткөрүп берди. Султан Сейит чыгыштан Жай-Угандагы, батыштагы Фергана аймагы, Памирдеги Бадахшан, түндүктөгү Эмил, Алтай түштүк-төгү Кара-Корумдагы бийликтерин кайрадан түптөөнү көздөдү.

-Ал мезгилде Сейит Султан качып жүрдүбү же, бир тарабына кошулуп кеттиби?

-Анда Сейит Султан жаш болчу. Кол кайруу кылган кыргыздарга кошулуп, Абубакирдин колуна каршы чыкты. Бирок, капыстан колго түшүп, башы алынарда, качып чыгып Ооганстандагы Бабурга барды. Эрктүү кыргыз тукуму бөтөн эл, бөтөн жерге байырлабады. Өз мекендерине качып келе беришти. Кайрадан баш көтөрүшүп, Могулдарды сүрүп чыгышты. Бул иште кыргыздын туусун көтөрүп, биримдикке үндөгөн Мухаммед кыргыз болду. Ал Чыңгыздын урпактарына окшоп, ак кийизге салынып хан көтөрүлбөсө да, эли үчүн кара башын токмок кыла кызмат аткарды. Себеби, кыргыздар туш-тараптан кысмакка алынып, бир тарабы Гисарга, Ташкен, Сайрам, Түркстанга чачылган эле. Кыргыз туусу көтөрүлгөндө алар улам биринин артынан бири келе башташты.

Сейит Султан Ооганстанда Бабурдун колунда жүрүп, өзүнө кол курай баштады. Беш жүздөй жигитин алып, Жерге-Тал, Алай аркылуу келип Кашкарга жол алды. Абу Бакир дуулатка чабуул коюп, кирип барганда, аны кыргыздар колдоп Кашкар, Жаркен, Котонду тартып алышты. Мухаммед менен Сейит Султандын биримдигинен улам, ошол аймакта алгачкы жолу «Сейит Султан хандыгы», «Жаркен хандыгы» аттуу мамлекет түзүлдү.

Кыргыздардын башын бириктирген Мухаммеддин аракетери Султан Сейитке көп эле жага бербеди. Бийлик деген ошондой болот тура. Бардыгы өкүмдардын көзүн караш керек экен. Султан Сейитке Кашкардын башкаруучусу мырза Абу Бакир менен болгон кармашуусунда Мухаммед кыргыз чоң жардам берген эле. Ошондон улам аны өз элине башчылыкка бекиткен болчу. Мухаммед кыргыз кийин Түркстан, Сайрам, Ташкенге тынымсыз жүрүшкө чыгат. Түркстанда Мухаммед Шейбанинин эки ата өткөн тууганы Самаркан башкаруучусу, өзбек ханы Көчкүнчү хандын баласы Абдылданы колго түшүрөт да, өлтүрбөй бошотуп жиберет.

-Кыргыздар мага душман Шейбани хан менен мамиле түзмөк болду деген ой менен Султан Сейит Мухаммедге каршы колун баштап жөнөдү. Досу Эмил кожонун колу менен Ак-Сайда жолугушту. Сейит Султан Барскоонду ашып, Эмил кожо Жуукуну айланып, болжогон жерге жолугушкан соң, бейгам жаткан Мухаммеддин конушуна капылеттен чабуул коюшту. Бийди өз кол алдындагылар эле Султан Сейитке кармап беришти. Мухаммедди ал «ак үйлүү» кылып Кашкарга алып жөнөдү. Султан Сейит Мухамеддин көзүн тазалай албайт эле. Анын артында калың кыргыз турган. Мухаммед аркылуу кыргыздын көңүлүн аларын ойлогон хан уулу Абдырашитке аны кошуп, мекенине кайра узатты. Өз жерине келгенден кийин ал элин жыйып, бийлигин күчөттү.

Сейит Султан Тибет (Шизан) Ларан аймактарына чабуул жасап барып, тоодо-түтөгүп өлгөн соң, анын ордуна Абдырашит хандыкка көтөрүлдү. Ал Ысык Көл, Нарын, Талас, Фергана, Ташкен аймактарындагы кыргыздарды өз бий, султандары аркылуу башкарып турду. Ал өз бийлигин моголдор арасында бекемдөө үчүн Кочкорду турак кылды. Ханга Жети-Суунун түндүк бөлүгүн башкаруучу Касымдын бир тууганынын уулу Мунаш хан экинчи болуп, анын ордун баскан казак ханы Таир келди. Ал мыкаачылыгы үчүн өзүн жек көргөн букаралары менен өзбектерге жана ногойлорго (маңгыттарга) каршы күрөшүп, моголдор менен жакындашууну көздөгөн эле. Ордодо аны кабыл алуу өзү күт-көндөн да жогору болгондуктан, ага ыраазы болгон Таир карындашын Абдырашитге күйөөгө берди. Аны да Султан Сейит Мухаммедден көрүп, Кашкарга чакыртып алды.

Чыгыш Түркстандын жайыттары моголдордун үйүр-үйүр жылкылары менен сандаган малдарын бага албай калды. Бийлик ээлери жортуулга чыкканда, аскер башчылыгына шарттуу түрдө он үч жаштагы Султан Сейиттин уулу Рашид (Абыдарашид) бекитилди. Ага кыргыздардын башчысы Мухаммед туткундан бошотулуп, кошо жөнөтүлдү. Алар Моголстандын эң алыскы чегине чейин жүрүштө болушуп, үйүр-үйүр жылкыларды, короо-короо койлорду айдап келишти.

Султан Абдырашит хан өзүнүн чоң уулу Абдылатипти Кашкарга баш валий кылып дайындады. Ошол кезде Кара-Тегинди жердеген кыргыздар ханга алым-салык төлөөдөн баш тартышкан болчу. Абдылатип колу менен барып, элди чаап, жолдо келе жатып, Акназар хандын колуна чабуул койду. Көптөгөн олжо алып,

кайра кайткан мезгилде кыргыздар-казактар менен биригип, аркасынан кубалашты. Абдылатип колу менен жолдо өргүп жатканда, кароолго коюлган Бүтөмүш Акназарга кабар жеткирет. Ал түндөсү келип, Абдылатипдин колун талкалап, өзүн өлтүрүп салды.

Уулунун өлтүрүлгөнүн уккан Султан Абдырашид окуянын чынтөгүнүн билүүгө Мухаммедди жөнөттү. Хандын буйругу боюнча ал Ташкенге барып Нооруз Акмат ханга абалды билдирди. Ал өзүнүн колун Абдырашит ханга жардамга жиберди. Хан Акназар турган Чарын-Челекке аттанып барып, Акназар жашаган коргонду түптамырынан бери талкалатып, кыргын кылды. Казактын билерман төрөлөрүн жана бир нече «Асабий» туусун колго түшүрдү.

Абдырашидди Шейбанилер колдоп, казак-кыргыздарды ого эле көп, кыргынга учуратып жеңип алышты Хан тополоңчу кыргыздардын жүрөгүнүн үшүн алыш үчүн Ханга каршы чыккандар кантип жазаланганын көрсүн деп. Кашкар менен Жаркендин дарбазаларынын, сепилдеринин үстүнө туткундардын баш терисин сыйрып, асып коюну буйрук кылды.

Жаркен ханы Абдырашиттин күнү бүтүп, акка моюн сунду. Анын уулдары Жаркен хандыгын өз алдыларынча бөлүп алышып, бийлик талашышып, бири бирине согуш ачышты. Хандын уулу Абдылда бытыранды Жаркен хандыгын бириктирмекке, мурда атасына караган кыргыздарга катуу чабуул жасады. Ага каршы отуз уул кыргыздарын баштап Койсары бий чыкты. Кыргыздардын сол канатындагы чоң багыш урусунун бийи болчу. Тең эмес кармашууга Койсары бий жетектеген кыргыздар жеңилип калышты.

Кашкардын кечи. Күүгүм кирип бараткан. Шаардын төрт тарабындагы калдайган темир дарбазаны ыйынып-ычкына жаап жаткандарга кароол башы өктөм кыйкырып жатты.

-Болгула! Эртерээк жаап, ар кимиң өз ишиңерди кылгыла!

Аңгыча кирелерин сабап-айдап, эки тараптан кербенчилер шашыла кирип келишти.

-Ка-ап, аз эле убакытка кечигип калыпбыз. Таксыр! Узак жолду басып келип үлгүрбөй калдык, Ырайымдуулук кылып, биздин киришибизге уруксат берерсиз?

-Жок! Азырети, таксырдын буйругу эки болбойт.

-Ээн талаада түнөйбүзбү!

-Аны менен биздин ищибиз жок.

-Биз кербенчилербиз, ырайым кылып, ачтырып койсоңуз?

-Сөз биреө. Тилди албай, өз билгендерин кылгандар, мунарага чыгарылат. Маңдайдагыны карап, түшүнүп алгын.

-Таксыр, аны алыстан эле көрүп келе жатабыз. Ал эмне, шаарды жасалгалап жатасыздарбы?

Кербен башы дарбазанын үстүндөгү мунараларда, сепилде салаңдап, илинүү турган кызыл-тазыл караандарды таңыркай тиктеди. Алар кадимки кургатууга илип койгон кызыл калем-пирдин тизминдей болуп, салаңдап турган.

-Ооба. Козголоңчу кыргыздардын денеси. Шаарды орогон мунара, сепилдердин төбөсүн коoздоп турат.

-Коюңузчу? Ошончо көпбү?- деп кербен башы уккан кулагына, көргөн көзүнө ишенбей турду.

Мусулмандардын кайсы күнөөсү үчүн?
Оозуна кеп кирбей, мукактана, денеси калтырады.

-Өкүмдарга ким каршы козголоң чыгарса, ушинтип «сыйын» алат. Бул бир Кашкарда эле эмес, Жаркенде да ушундай.

-Оо, Кудай сактай көр? Эки шаардын сепилинде ушунча болсо, сан жетпейт го? деп өзүнчө күңгүрөнгөн кербен башы, арыган улоосун темине, ал жерден эртерээк узап кетүүгө шашылды.

Могол өкүмдарынын залимдиги анын шериктеринин да үрөйүн учурду.

Канчалык катуу жазаланса да, кыргыздар тынчып калган жок. Бийликти колдон чыгарбастын аракетинде Абдыла хан калмактардан жардам сурады. Кашкарга калмак келген соң, жамы мусулмандардын тынчы кетти. Андан соң Абдылда хан аталып, Теңир-Тоо, Кызыл-Ой, Ак-Суу, Куча, Ош, Анжианга көз артты. Басып алган жерлери аркылуу бийлигин да, байлыгын да «бекемдейм» деп ойлоду. Ириде Нарынга кол салып, Андан сон, Ошту басып алды. Анын ар бири чабуулуна кыргыздар жалтанбай бет келип турушту. Ал алгач Кара- Сырды ээлеп, андан Ошко жортуул уюштурду. Ак-Суу, Кучаны ээлеп, кайрадан Ошту чапты. Кыргыздардын аскер башчылары Койсары бий, Каракүчүк бий, Жолболду бий, Үчкуртка бий, Чапкын бий, Авак, Шады бийлер башкарган колдору менен улам каршылык көрсөтүп турушту.

Абдылда Кучадагы жүрүштөн кайткан соң, кийинки жылы Болорго аттанды. Андан Бадахшанды ээлеп, кайрадан кыргыздарды чабууга киришти. Хан Нарын дарыясынын боюнда жеңилип калды. Жолболду бий менен Кайсары бий алардын артынан Ак-Сайда кууп жетишти. Хандын кошуунун оң тарабын

Жолборс хан жана Шахбасбектер башкарып жүрүшкөн болчу. Ибраим хандын кытайлык аскерлери сол канатта болчу. Кармаш ого эле катуу болуп, Ибраим султан эр жүрөктүүлүгүн көрсөтүп, аман кутулуп кетишти.

-Абдылда Ошко, Анжианга бир нече жолу чабуул коюп, басып киргени аныкпы?

-Ооба Абдылда Анжианды курчоого алды. Шахбасбек Кашкардын башкаруучусу, Жолборс хан анын эмири эле. Хан Күл-Дөбөгө өргө тиктирип, уруштун жүрүшүн карап отурду. Анжианды ээлеп, талап-тоношту. Жортуулдан кайткандан кийин хан Жаркенди башкарууга Мырза Шахбасбекти аталык атап, сакчылардын жетекчилигине Аюбекти дайындады. Жаңы Гисардан Сатымбийди чакырып, анын ордуна Каракүчүк бийди дайындады. Сатымбий башында турган найман, кыпчак, канды ж.б. уруу башчылары Жаркен, Ак-Суу, Кашкар, Котонду ээлеп алышты. Кашкар, Жаркен, Гисардын калкы менен биригип, Жаркенге жети жолу кол салышып, камалашып, калмактарды туткундашты. Кашкарлык кожолорго жардамга келген калмактар кыргыздарды сүрө баштады. Кыргыздар Ферганаsuccessfully көздөй, өздөрүнүн туугандары тарапка ооду. Сары-Кол тарапта жүргөн Абдылда жоодон качкан кыргыздарды тоноп, карактагысы келген. Нарынга жүрүш кылып, андан соң Фергана, Ошко келип баскынчылык кылды. Каракүчүк, Сатимбий баштаган кыргыздар хандын он миңдей колун кырып салышты. Хан кыргыздарды куугунга алды. Сатымбийдин баласы Алдаярбек бала чакасын таштап, тоо-ташка качууга аргасыз болду. Ал Кашкардан Кара-Жүлгө карай, эч ким ашпаган ашууларды ашып, келгендиктен эл чоң ашууну «Алдаярбектин бели» деп аташты. Алдаярбек ат койгон жерлер Сары-Тикен, Көк –Жар, Инген, Шейит деп аталып калды. Абдылда хан менен тил табышып, соога арнап, чапкында туткундалган катын-балдарын, туугандарын бошотуп алды. Кашкар аймагындагы Кара-Чий, Кызыл-Ой, Тегирменти, Кара-Жүл, Какшаал тараптары кушчулардын кеңири жайлоолору, көчүп конуп жүргөн конуштарына айланды. Кийин ал Анжиан тарапка барып кушчулардын Кашкулак, Эсенбек, Кагазды, Мырзакелди топторун Кашкарга көчүрүп келди.

Кыргыздар жөн жатпады. Кол курашты. Ак-Сай жайлоосунда отуз уулдан сандаган кол жыйылып Тилеке бийдин уулу Койсары чоң багыш баш болгон кошуун, Жолболду бийди туу башы кылып,

Беш-Мойнокто Ферганaны талап чоң олжо менен кайткан Абдылда хандын жолун тосту. Кармаш бир жумага созулуп, катуу болду. Акыркы күнү хандын колу тыркырай качып Кашкарга сүрүлдү. Ичинде кеги калган хан кийинки жылы кайра кол курап, кыргыздарды чаап алууга аттанды. Койсары бий менен Жолболду бий аны жолдо тосуп, кайра Ак-Суга жеткире кууп, хандын алтын ээр аргымагын колго түшүрүштү.

Абдылда хан кыргыздарга көз каранды болууга аргасы калбады. Кийин бир туугандары Ибраим менен Исмаил так талашып, айласын курутканда, кечээги эле душмандашкан Койсары бийге барып, жардам сурады. Оомад ооп, кыргыздар чечүүчү күчкө ээ болушкан эле. Койсары бий Кашкарга, Олжотай бий Ак-Суга, Куртка бий Турпанга, Алдаярбек Котонго аким болуп калышты. Ордо эгеси Абдылда болгону менен бийлик ээлери кыргыздар аталышты. Алты шаардын тагдырын чечкен кыргыздар болгондуктан Койсары бий Анжиан, Ош тараптан чоң багыш элин, Кашкардын жака-белине көчүрүп келди. Мындай абалга кожолор чыдай алышпады. Тымызын хан колтугуна суу бүркүшүп, кырдаалды курчута беришти.

Бийликти тарттырып жиберип, колунан эч нерсе келбей калган хан ордону таштап, зыярат кылганы Меккеге жөнөдү. Кашкарлык кожолор бийлик туткасын кармап турган кыргыздарга ачык эле каршы, козголоң чыгара баштaшты. Алардын максаты ордодон кыргыздарды сүрүп чыгарып, бийликти өз колдоруна алуу эле. Бош оорунга бир туугандар Исмаил менен Жолборс даярданышып, өз ара чоң сүйөнүч издеп жатышкан. Исмаил кыргыздарга чоң ишеним көрсөтсө, Жолборс «ак тоолук» кожолорго жан тартып турду. Аны байкаган Койсары бий Жолборс баш болгон «ак тоолуктарды» талкалап, такка Исмаилди отургузду. Ал эми Жолболду кыпчак Жолборс тарапта болуп, чоң багыш менен кыпчактардын ортосунда келишпестик чыга келди.

-Чыгыш Түркстанда кыргыз-кыпчактардын ортосундагы ажырым эмне себептен келип чыкты?

-Койсары бий Кашкардын акими, уулу Күчүк бий шаардын сакчыларынын башчысы болуп, кыпчак туугандар бийликти кур кол калышып, душмандашып кетишти. Мындай абал Кашкар төбөлдөрүнүн чырагына май тамызды. Эки урууну бири-бирине тукура баштaшты. Кутумдан Койсары бийдин башы кетти. Өзүнүн жакын адамын көз көрүнө эле өлүмгө кыйган кыпчактарга ачуусу

келген Исмаил хан кыпчак бийлери Жолболду, Абак, Чигил, Кудайназарларды кармап, чоң багыштардын колдоруна салып берди. Эки уруунун ортосунда, болуп көрбөгөндөй кан төгүлдү. Кыпчактар бүлгүнгө түштү. Ырк бузулуп, кут учту. Анын үстүнө кара таандай каптап, калмак басты. Бийлик талашуудан эч кими пайда көрө албады.

Акыры келип Койсары бийдин орду кыпчак Арзымуха-ммедге тийди. Ал бийликке Турпандан баягы эле Чыңгыздын тукуму Ак баш ханды ала келди да Жаркенди алып, аны ак кийизге ороп, хан көтөрдү. Жаңы хандын нак ысмы Мухаммед Султан болчу. Кыргыздар хан көтөргөндө ак калпак башына кийгизе коюшкандыктан, эл аны «Ак баш» хан деп аташты. Дагы эле келип, бийлик кыргыздардын колунан чыккан жок. Бирок, ордодогу болуп келген оору, ушак бири-бирине күүлөмөй тыйылбады. Кожолор Арзымухаммедге кыянатчылык издеп, хандын башын калмактар тарапка тарта баштаашты. Бирок, Арзымухаммеддин тубаса куулугу, сагызгандай сактыгы бар эле. Заманга жараша анын кыйдылыгы ого эле күч болгон. Кырдаалды паамдап, тукургандардын колун талкалап, Абаш хандын өзүн абакка алды. Жагадайдын тукуму Акмат Султанды такка отургузуп, өзү аталык болуп, «кара хан» аталды.

Калмактардын ишенимдүү өкүлү Кашкардагы бийликти өз колуна кармап турган «ак тоолук» кожолордун башчысы аталган кожо Авак (1697-ж) каза болгондон кийин, анын аялы Ханым-паша өзүнүн уулу Махти кожону бийликке отургузуу максатында, динге өтө эле берилген даватчылардын жардамы менен Яхья кожонун (Авак кожонун баласы) эки уулун ушак таратып, өлтүрттү. Андан көп өтпөй эле, ошол эле даватчылар чыгымчылык кылган Ханым-пашанын өзүн өлтүрүштү. «Ак тоолуктар» Индияга качып кеткен Яхья кожонун кичине баласы Акмат кожону чакыртып келишип, өздөрүнүн диний башкаруучусу кылып бекитишти. Ошол мезгилдегипайдаланган кашкарлык кыргыздар убактылуу болсо да, мурдагы шаардын сакчы башчысынын милдетин аткаруучусу Жарупбек, шаардын мурунку башчысы Каразаңгибек, эшик ага кылуучу Арзимухаммеддер бийликти тартып алышты.

Бир кезде Кашкарды кушчу, чоң багыш бийлесе, бүгүн минтип Арзымухаммеддин тушунда Жаркенти Каразаңги, Жоробек баш болгондор билип кыпчактардын доорону жүрдү. Арзымухаммед Даниелди чакырды.

Катты алган Даниел кожо Кожент аркылуу Кашкарга жетип келди. Арзумухаммед жетектеген кыргыздар тосуп алышып, шаарга баштап жөнөштү. Ал шаарга кире албады. Анын келиши менен кабардар болгон Кашкардын жашоочулары:

-Биздин өзүбүздүн кожобуз бар. Даниел кожонун бизге кереги жок дешти.

Кыргыздар калктын өтүнүчүнөн өтө алышпады. Кожодон кечирим сурашып, сый менен Жаркенге узатышты. Кашкарда Даниел кожонун ордуна кожо Акматты отургузушту.

Жаркендин жашооочулары, шаардын акими баш болушкан жетекчилери Даниел кожого сый көргөзүшүп, кожолордун ордуна отургузушту. Бир топ убакыт өткөндө

-Өлкөнү ханы жок башкаруу болбойт. Бизге чыныгы хан керек дешти шаардыктар. Көпчүлүктүн макулдугу менен Жаркендеги султандардын бири, казак Хашым султанды такка отургузушту. Шаар башчысы Каразаңгибек менен эшик ага Жорупбектин жардамы менен кыргыз Арзумухаммедди шаар-дын сакчыларынын башчылыгына дайындашты. Жалпы иш алардын колунда болду. Эзелтеден эле кыргызда Жаркенге тез-тез келип, тополоң салып тоноп ыкка көнбөгөн жашоочуларын туткундап, алып кетип турушкан көнүмүш эле.

Хашим Султандын бийликке келишин Жаркендиктер жактырышкан жок

Каразаңгибек менен Жорупбек беш жүздөй жигиттерин баштап, шаардын «Алтун» дарбазасы аркылуу киришип, Хашим султанды туткундамак болушту. Жорупбек, Каразаңгибек баш болгон топ «Ханака» дарбазасы аркылуу кирип, шаардын башкаруучусу чоң курсак Алам шахты жана шах Жапар аттуу кароол башы-эшик аганы кармап, Даниел кожо менен бирге алып чыгып кетүүнү макулдашышты.

Бийликтеги Даниел кожонун үй бүлөсүнө жана анын жакындары, Алимшахбек, шах Жапарбектерге кыргыздардын аттанып чыгышы маалым болду. Алар үйлөрүнүн айланасына, короолоруна катар-катары менен күзөтчүлөрдү коюшту. Капыстан кыргыздар келип калганда Хашим султан баш кийими жок, жарым жылаңач боюнча шашкалактап атканадагы аттарды алдырып, шериктери менен чыга бериште бет келип калышты. Жорупбек союлун кезеп, султанды көздөй ат койгондо, анын сакчылары көптөп кетишти. Жорупбекти ат үстүнөн оодора тартышып,

куралдары менен жанчып киришти. Аӊгыча Даниел кожо, Алим шах, шах Жапарбектер жете келишип, султанга падышалык кийимин кийгизгенге үлгүрүштү. Беш жүз жигити менен Каразаӊгибек келип калып, кармаш катуу болду. Сырттан келгендер айласыздан чегиништи.

Жаркендиктер Жорупбектин буту-колдорун ат үстүнө таӊып, кыргыздар тарапка чогуу бет алышты.

-Мырза Жорупбек өтө эр жүрөк адам эле. Сарттардын колуна түшкөнгө уялып, баш көтөрө албай, жер карап калыптыр– дешти аны көргөн кашкарлыктар.

-Элдешели, колго түшкөн адамдарды Жорупбекке алмашалы- дешип, султандын тобу элдешүүгө келишти.

Үч жүз туткунду Жорупбекке алмашып, аны алып кеткени келишкенде Жорупбек эчак эле өлүп калганы билинди.

***

Могол султандары бир кезде Теӊир-Тоо ичин Анжиан, Ошту бийлеп жүрүп, Кашкарга сүрүлсө, эми Кашкарда калган акыркы тукумун ордодон ыркы кеткен мезгил Арзыммухамедге туш келди. Чоӊ багыш менен кыпчактарды элдештирип, «биздин намыс кыргыз намысы» деп, төөлөс кесек, кушчу, наймандарды кошо бириктирип, ошону менен бирге ордо оюнунда сакасын алчы өкчөгөн Арзымухаммед болду. Биринин башын бири жуткан Чыӊгыз тукумунун доору аяктай берди. Бирок, ал изди туткактап Али пайгамдардын тукумунан болобуз» дешип кожолор жүрдү.

Канткен менен бийлик менен байлык кимдерди гана кызыктырбаган, кимдерди гана жолдон чыгарбаган. Бийлик менен байлыктын кызганычы бир туугандарды, ата-балыны өч кылбай койбогон. Кожолор деле ал чектен чыга алышпады. Ич ара «ак тоолук», «кара тоолук» болуп экиге бөлүнүшүп, бири Кашкарды, бири Жаркенди ээлеп, бири-бирине кызыл-кыргын, кара сүргүн салышты. Калмактарга ушул керек эле. Кожолорду кол бала кысып ойношту. Баш көтөргөнүн Илеге алып келип, сый гана ак үйлүү кылып, тизгиндерин тартып турду. Тапкандарын тартынбай алып турду.

Кашкар аймагы менен Анжиан аймагы кыргызга эриш-аркак. Бирде Анжиандан сүрүлсө, Кашкарга келип, Кашкардан сүрүлсө Анжианга барып, эли да, жери да орток. Ордо ишин башкарууда да

бийликке кыргыз төбөлдөрү аралашпай койбогон. Кашкарды Кашкар кылып, алты шаарды бийлеген, аларды ордо кылып, хан бийлигин жүргүзгөн дале болсо Сокур бий кушчу, Койсары бий чоң багыш, Алдаярбек кушчу, Арзымухаммед, Куртка бий кыпчак, деги эле айта берсе түгөнбөгөн найман, төөлөс, отуз уул, кесек, мундуз, адигине урууларынан чыккан билермандар болду. «Алтын тукуму» башкача жаралган беле? Алардын аты гана болбосо теги дале, акыл-эси дале бирдей. «Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн» болуп, бийлик ээсинин айтканы эп. Кайрат-кубат бийликтен пайда болот экен. Ал эми акыл ордого сырттан келет. Баарын эле эл көтөрүп, эл аткарат экен. Ылайым эле эл аман болсун. Элсиз ордо, так, хан ким? Аны билбей эле бийликке чыккандар эсирет тура. Аларды эсирткен дале келип, эл ичиндеги кутумдар, бийлик жандаган көлөкө-көбүктөр,- деген карыяга отургандар ыраазы боло алкыштарын билдиришти.

***

Галдаңдын биротоло баш ийдирип, алык-салык алуу аракетине жергиликтүү жашаган уруу топтору, айрыкча кыргыздар өзгөчө каршылыктарды көргөзүштү. Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы жана Алай тоолорунун айланасындагы баргы, бөрү, жору, муңгуш, сарыбагыш уруулары Галдаңдын аскерлерине каршы аттанышып, ал аймактан сүрүп чыгарышты. Саяк, сарыбагыш баш болгон кыргыз урууларынын каршылыгы чоң аскердик күч менен Чин империясынын борбордук аймагына чабуул жасап жаткан Галданга эң оор сокку болду. Ал Теңир-Тоонун батыш тарабындагы бийлигинен ажырады. Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы кыргыз уруулары да Галдандын Кашкарга отургузуп койгон союлчусу Аппак кожого улам сокку берип, Кашкар, Жаркен аймактарындагы Жуңгар аскерлери менен Аппак кожо баш болгон кожолордун бийликтерине үзгүлтүксүз коркунуч келтире берди. 1696-жылы Жаркен, Каргалык аймактарындагы уйгурлар менен Кызыл-Тоо аймагындагы кыргыздар Шады кожонун жетекчилигинде Аппак кожого каршы көтөрүлүштү. Аны көпчүлүк колдошту. Ага Памир тоолорунун жетегиндеги кыргыз уруулары да кеңири катышып, Аппак кожо өлтүрүлдү.

Галдаңдын оордуна бийликке келген Суаң Рабдандын колу Теңир-Тоонун түштүгүндөгү кыргыздарды эчендеген чабуулдары менен кайрадан каратты. «Ак такыялуу» кожолор менен «кара

такыялуу» кожолордун ыркы келишпегендиктеринен пайдаланышып, калмактар «кара такыялуу» кожолордун башчысы Шады кожонун уулу Даниел кожону колдошуп, «ак такыялуу» кожолорду куугунга алып кыргын кылышты.

Ал эми Суан Рабдан мамлекеттин бирден бир башкаруучусу болуу менен бирге жанаша жашаган кытайлар үчүн мурдагылар кандай болсо, так ошондой коркунучтуу душман болуп кала берди.

Кытай менен тышкы тынчтык Суан Рабдан Хомини талап-тоноо менен согуш аракеттерин баштаганга чейин сакталды. Кытай императору Кан Си указ жарыялап, Суан Рабдандын жаман жоруктарын саноо менен контайчыдан, Жуңгар төрөлөрүнөн тартып алган укуктары менен жерлерин, кайтарып берүүнү талап кылды. Ага чейин кытай өкмөтүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен төрөлөрдү сеймге-(курултай), кеңешке чакырууну талап кылды.
Анда Ала-Тоонун аягындагы конуштар ойротторго берилүүгө
тийиш болгон. Контайчинин өзүнө Иртыштын агымындагы бир бурч ыйгарылган. Суан Рабтан мындай талаптар менен келише албастыгы белгилүү эле. Согуш башталуусу тийиш. Кытайлар калмак мамлекетинин начар жактарын жана казактар менен буруттар (кыргыздар) дайым коркунуч туудуруп тургандыктан ал элдердин жерлерине, чек араларына аскер күчтөрүн кармоого туура келгендигин жакшы билишкен. Кытайлардын жортуулу жакында башталарын элчилер ынанымдуу белгилешкен. Канткен менен Суан Рабдандын жортуулунун изин башка жакка буруугa аргасыз кылышкан. Калмактар, Бадахашан, Дарбаз, Чиграл жана Каратегин жактарга бет алышкан. Алайлык кыргыздардын коргоосу менен Каратегиндин калкы калмактарга катуу сокку уруп, өз чектеринен алыс сүрүп таштaшкан. Суан Рабдан кыргыздар толкуй баштаган Туранды басып алмак болду. Кыргыздар аларга жүз миңден ашык аскерин каршы койду. Кармашта кыргыздар жеңилип, көбү кулдукка алынды. Көбү Гиссар, Кулябга качууга аргасыз болушту.

***

Буга чейин казак-кыргыздардан жардам алып, тага журту Бошоктудан куугун тартып жүргөн Рабдан, куулук менен казак-кыргыздардын билермандарын чакырып, хан шайлоодо согушпоого убада бергенин унутуп, басып алууга өзгөчө катуу киришти. Суаң Рабдандын кошууну Теңир-Тоонун батыш тарабы жана

Балкаш көлүнүн түштүк аймактарына чабуул жасап, казак-кыргыз урууларын аесуз кыргынга учуратышты. 1716-жылы Шведдердин «Бухольц» деген экспедициясы Сибирди изилдеп келген эле. Алар Иртыш боюнда жүргөндө калмактар кол салып, туткунга алышты. Туткундардын ичиндеги Ренат аттуу капитан, калмактардын жоокерлерин Европалык аскерлердин тартибине үйрөтүп, машыктырып кайра даярдады. Калмактар мылтыктын дарысын ийлөөнү, мылтык, замбирек жасоону, аны октоп, мээлеп атууну үйрөнүшүп, согуштук өнөргө тасыгышты. Кыргыз-казактар бир нече кылымдардан бери көрбөгөн азапка дуушар болушту. Аман калган казактар жер которушуп, кыргыздар Анжиан, Бухара жана Памир тооло-рунун тегерегине, Коэнлун тоолоруна качууга аргасыз болушту. Ал эми Иле суусунун бойлору, Кашкар, Ак-Суу, Жаңысар, Жаркен тарабындагы кыргыздар уйгурлар менен биригип, Суан Рабданга тынымсыз каршылык көрсөтүп, кээде чабуулга өтүп турду. Сеңгенин мурасчысы Суан Рабдан 1697-1727-жылдар аралыгында бийлик кылды. Ал кыргыз айылдарын басып кирип, туткунга алынган жигиттерди зордук менен айдап, казактарга кол салды. Суан Рабдандын биринчи аялы Күнгөдөн Галдан Серен болсо, токол аялы Сетержаптан–Соно Дабо аттуу эки уул төрөлгөн. Убагында бул экөө, так талашышып кан төгүүгө чейин барышты.

Чейрек кылымдан ашык күнөөсүз элди кырып, кандуу өкүмүн жүргүзгөн. Суаң Рабдан акка моюн сунганда анын уулу Галдан Серен 1727-жылы такты ээледи. Ал инисин куугунтукка алды. Соно Дабо агасынан качып Волга жээгиндеги калмактарга барып, баш калкалады. Эрдене Баатырдын урпагы Галдан Серен он сегиз жыл аралыгында бийлик жүргүздү. Ал өлөрүндө ордуна он үч жашар Суан Ажа аттуу (Držи-Бичаган-Себан-Аджа-Намджел аталган) ортончу уулун дайындаган. Ал тарыхта Ажа хан деген ат менен аталып калды.

Галдан Серендин күң аялынан Лама Баир– (Олоңбайыр) Ажа хандын эжеси. Галдан өлгөндө Олоңбайыр жыйырма бир, анын иниси Олоң Доржу он тогуз, экинчи аялдан төрөлгөн Ажа он үч, эң кичүү баласы Севан Даша жети жашта эле.

Контайчынын өлгөн тополондуу учурду пайдаланып калуу аракетинде Иледе барымтага алынган Даниел кожонун уулу кожо Жусуп, Иле суусунун боюндагы кыргыз-кыпчак урууларынын башын бириктирип, калмактарга каршы көтөрүлүштү уюштурду.

Көтөрүлүшкө кыпчак уруусунун башчысы Өмүр мырза жетекчилик кылып, кыргыз-кыпчактардан куралган колу менен Галдан Серендин аскерлерине каршы бетме-бет чыгышты.

Галдан Серен каратегиндик кыргыздарга чоң кол жиберди. Андан көп өтпөй эле Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү кыргыздарга каршы жортуулун кыргыздар ойрондоп таштaшты. Бадахшандан кайтып келе жаткан аскерлерди каратегиндик кыргыздар биротоло тып-тыйпыл кылып салышты.

Жунгарлар казак, Чыгыш Түркстан жерлеринен орун алгандан соң манжур кытайлардын саясатына моюн толгоп, бир нече жолу мурдагы монгол жерине жакын кытайларга тынчтык беришпеди. Контайчы өзүнүн уулу менен бирдикте көптөгөн колду алып, Хами шаарын талап, чапкынчылыгын улантып кыргыз жерин тебелеп келе жаткан эле.

1746-1748-жылдары калмактар Ферганага басып киришти. Өзбектер менен кыргыздардын биргелешкен колу бир нече жолу айыгышкан салгылашуудан кийин өрөөндөн кууп чыгышты. 1747-жылы Акмат бий баштаган кыргыз аскерлери Кашкарды чапкан калмактардан өч алууну көздөп, жоортуулга аттанышты, аларды каршы алышып, мурда болуп көрбөгөндөй эрдиктерди көргөзүштү. Калмак ноену, калмак байлары Зайзан Доржи баштаган он миң колдун үч миңи гана Жунгарияга эптеп жетти.

Жети-Суу аймагындагы калмактардын ордолору: Жети-Суудагы Ала-Тоону бойлой жана Балкашка көздөй аккан дарыялардын баштары, Алтын-Эмел менен Койбылдын аралыгындагы Иленин түндүк тарабындагы Көк-Тал менен Көк-Теректин аралыгы. Кегендин түндүк жээгинде жана Чарындан чыгыш тараптагы Кетмен тоолорунун түндүк капталынын бойлору, Чилитин жана анын куймаларынын жогорку агымдары, Ысык-Көлдүн түндүк, түштүк жээктери Кой-Суу жана Ак-Суу сууларынын аралыгын, Чоң Кемин өрөөнүндө жана Чүйгө куйган дарыялардын жогорку агымдары, Карагатыга чейин контайчинин башкы ордосу, Талки ашуусунун түштүк-чыгышындагы азыркы Кулжанын жанына жайгашкан болчу.

Жыйырма жылга жакын бийлик башында турган контайчы элге «Галдан тентек» деген ат менен белгилүү эле. Аты чуулу Галдан эч кимди аябады. Колунан кылычын түшүрбөдү. Түмөндөгөн кошууну менен казак-кыргыздардын жерине кайрадан басып кирди. Жоо тоскон жигиттер түмөндөгөн колго туруштук бере албады. Кан

кечкен кармаштан, жан алган айкаштан аман калгандар болбоду. Эр азаматтарынан ажыраган эл үрктү. Жан талпас, аман калуу аракетиндеги качкындар, баш паанек издешти. Ал тууралуу элде «Казак кайың сааганда, кыргыз Гисар, Көлөпкө киргенде» деген сөз кылымдарга улай айтылып калды.

Сүрүлүп келген калмактар Орто Азия аймагын басып кирип, эл үркүп-качып, ээн калган жерлерди энчилеп, ээн-эркин ээлеп алышты. Камдуу аскерлерин каалаган тарапка шилтешип, талап-тоноодон байлыкка маарышты. Кары-картаң, бала-чакаларды найза менен жебеге бута кылышты. Жумушка жарай тургандарды туткун кылып, айдап барышып, кул-күңдүккө жумшашты. Капсалаңдуу калмактардын «кара чабуулу» улана берди. Каршылык көрсөткөндөр чабылып, чачылды. Элдин көрбөгөн кордугу, тартпаган азабы калбады. Оюна эмне келсе, ошону жасаган контайчыдан эл жадады. Акырында он сан ойроттун контайжысына «Галдан тентек» деген ат коюшту.

Жыйырма жылга жакын кылычынан кан тамызып, күнөөсүз элдин ажалына себепкер болгон. Галдан Серен 1745-жылы өлүп, Жуңгарлар бийлик талашына түшүштү. Тактыны ээлөө үчүн ата балага, ага-иниге карабай бирин-бири аяшпады

Ажа хан акылсыз чыкты «Жаман атасы өлгөндө бир көбөт» дегендей, ал да атасын тартып, оюна келгенди аткартты.

-Атамын кайгысына кара кийгиле-деп, элинин баарына кара кийгизип, күндүзү очоко от жактырбады, кечинде шам күйгүз-дүрбөдү. Атасынын кара ашынан кийин «күлгөн кишини, үргөн итти» өлтүрттү. Эч бирине жаңы кийим кийгизбеди. Айылында-гыларды алыска чыгарбады. Ойроттор баланын ою менен боло алышпады. Ордо ичинде келишпөөчүлүк күч алып, ич ара чатак чыкты.

Калмактын билерман ноендору биригип, акылсыз Ажанын көзүн тазаламак болушту. Алардын пикири Лама Байырдын (кыргыздар Олоңбайыр дешкен) көңүлүнө да туура келди. Алар Ажаханга уу берип өлтүрүүнү чечишти. Лама Байыр инисин өз бөлмөсүнө чакырып, уу кошулган тамакты колуна сунарында, хандын эмчиси шекшип калып, тамакты өз колуна ала, босогого ыргытып жиберди. Босогону сагалап турган ит, төгүлгөн тамакты жалап-жуктап ичери менен бутун серппей, мүрт кетти. Айыптары ачылган Эренбуй, Олжой башында турган үч жүздөн ашуун

ноендор даргага тартылды. Жунгар хандыгынын маселеси ушуну менен эле тынчып калбады. Күндөн күнгө жанжалдар күчөй берди.

Калмактын белгилүү ноендорунун бири Септен баатыр ал кезде Ташкенди камалап жортуулда жүргөн. Анын атынан Ажанын агасы Лама Олоң Доржиге жашыруун кат жөнөтүлдү.

«Урматтуу ханзада Лама Доржи! Иниң Севан Доржи-Ажа али жаш. Азыр хан болууга жараксыз. Макул болсоң, атаңын ордуна сени хандыкка көтөрөлү. Жардам берүүгө мен даярмын» деген жашыруун кат кимдир бирөөлөр тарабынан Ажа хандын колуна түштү.

Ордо кеңешчилеринин пикири менен ачууланган хан ордого токтоосуз Септенди алып келүүгө, неондоруна тапшырма берди. Хандын шашылыш чакыруусун алган Септен жолго чыкканы менен ал хан алдына жете алган жок. Жолдо келе жатып табышмактуу өлүмгө дуушар болду. Ажаны бийликтен алууга болгон сыр, ачылбай купуя кала берди.

Тактыны тазалагысы келгендер Олон Доржуну колго алышты. Анын колу менен Ажа хандын кол алдындагы аскерлерди талкалап, хандын көзүн чукутуп, сүргүнгө айдатышты. Жаш хан сүргүндө жүрүп ооруп, өлдү. «Көп бириксе Ажанын аргасын кетирет» деген артында лакап калды. Анын өлүмү менен мурунку жаңжалдар андан бетер күчөдү. Ордо оюнунда бири-биринин башын алыш улантыла берди.

-Контайчынын кызы Лама Байыр кимге турмушка чыкса, ошол күйө хан болсун!- дешти чогулган ойрот-калмактар. Ошол кезде он сан калмактын, он ханы боло турган. Алар хан болууну самап, Олоңбайырдын көңүлүн таап, өзүн алмакка биринин артынан бир келишти.

-Мага колукту бол? деди, ноендордон мурда келгени.

-Маакул. Он сан калмактын хандарынын арасынан ким жеңишке жетишсе, ошол баатырга макулдук берем деди, Олоңбайыр тамаша-чынга жооткотуп.

Он сан калмак хандарынын арасында бири-бири менен тирешүү, хандын кызына ээ болуу аракетинен, кызганычтан улам, ортодо уруш чыкты. Калмактын чыгаан ноендору кан төгүп, жан аябай кармашып, ортодо жоокерлери талкаланды.Ынтымак кетип, калмак бийлигинин күчү ыдырады. Элде «Он сан калмакты, Олоңбайыр кыз бузду» деген лакап калды.

Элдик оозеки чыгармачылыкта «Шаамашыраб», «Машыраб дубана», Шаамашыраб Гүлгаакы» деген дастандар айтылып келгендиги маалым. Ал чыгармалардын эл арасындагы алгачкы башатынын окуясы кыска, уламыш катары айтылып, Гүлгаакыга ашык болгон Шаамашыраб дубананын ак уруп, кызга кайрылуусу, мусулман дининин актыгын, түпкүлүктүүлүгүн жайылтуу сыяктуу ырлар түзгөн. Олоңбайырды кыргыздар Гүлгаакы аташып, ал жөнүндө ыр, күү чыгарышкан. Бир айтымда калмактын ханынын ашкан сулуу Гүлгаакы деген кызын Шаамашраб дубана жактырып калып, кызды өзүнө үйрөтүү үчүн жети жыл контайчынын төөсүн акысыз кайтарды. Ал кездеги калмактар турук кылган жер Кара-Кыштак болчу. Олонбайырдын малы Кара-Кыштакта багылчуу. Олоңбайыр жылдын төрт мезгилинде тең келип малынан кабар алып туруучу. Эл кыдырган Шаамашраб аны көрүп:

-Олоңбайырга мен ашыкмын деп, атайлап ырдачу.

Олоңбайырдын адамдары аны угуп, кыздын алдына дуба-наны алып келет.

-Бул адамга жабыр көрсөтпөгүлө! Тийбей, эркине койгула! дечү кыз.

Шаамашраб ансайын сүйгөнүн ырга кошуп, безелене төгүп ырдап, ашыктыгын билдирчү.

Лайлаха иллаха,
Келмени бил, Гүлгаакы,
Жети жыл зар кылган,
Бендени бил Гүлгаакы,
Ашык болуп өзүңө,
Келгенди бил Гүлгаакы

-Мен сенден башканы жактырбаймын– дечү кыз аны тамаша-лап: ага болбой

-Төө кайтарган акыңы ал деп кыз айтса, дубана болбой акы албай жүрө берет.

Кара-Кыштакта эки-үч жыл удаа жут болот.

-Кимде ким, маалымды аман асырап калса, кызымды, жарым хандыгымды берем деп, контайчы жар чакыртат.

-Кургакчылык болуп турса, кантип асырамак элек дешип, элден эч ким чыкпайт.

-Мен асырап берем- деп дубана чыгат. Аны эл дубана Машраб-Шаа Машраб деп айтышчу.

Ал бир жыл өткөн кезде, контайчыга малын аман-эсен, санын кемитпей, эсептеп өткөрүп берет.

Контайчы эсептесе баары аман. Ал тургай төлдөгөнү төлдөп, баштагыга караганда саны эки эсеге көбөйүптүр.

Убада боюнча кийинки жылы контайчы Машрабга өргө көтөрүп, кызын берет.

Лайлаха иллало,
Билбейсиңби Гүлгаакы.
Мухаммеддин динине,
Кирбейсиңби Гүлгаакы.
Кел кетели жаннатка,
Жүрбөйсүңбү Гүлгаакы.

Шаа Машраб төө кайтарып келип, май менен бутунун кесилген жерин кайрып, майлап отурганда Гүлгаакы чечинип келип, анын маңдайына тура калат. Машраб олуя май менен Гүлгаакынын денесине баса койсо, жубайынын боюна бала бүтөт. Ал ай - күнүнө жетип төрөй турган болгондо Шаамашраб.

-Кош, сени кыяматтан тосуп алам- деп колун кармап -Эркек төрөйсүң. Баланын атын Котон кой деп, бейишке тирүү кетет.

Мисир шаарында Шаамашрабдын баласы төрөлүп, ошол шаарга падыша болот. Мисир орноду деп, шаардын аты Мисир болуп аталып калат.

Шаамашыраб тарыхый инсан. Бабарахим Машраб 1657-жылы (1640-жылы) Анжианда төрөлгөн. Бала чагы Анжиан менен Наманганда өткөн. Ал Наманган шаарында медреседе окуп, билимин андан ары өркүндөтүү үчүн Кашкарга барат. Ал жерден сураштырып отуруп, Аппак кожо олуяны табат. Анын алдында көп жылдар окуп, билим алат.

Бир окуяда Шаамашыраб эшегин минип алып, Оштун жанындагы Талдык суусунун этегинде Ак-Жардан Каратайды көздөй өтүп келе жаткан. Сайдын ортосуна келгенде, капылеттен, жогортон күүлдөгөн добуш угулуп, сай толгон сел келип, каптап кетет. Топурак, ташты агызган кыян төө өркөчтөнүп, тирүү жан койбоочудай күпүлдөп келип, сайга толот. Катып калган сайды омкоруп, бирде оң жээкти, бирде сол жээкти кемирип, жар кылган селдин күчү, жолоочуну чамындыдай агызып кетчүүдөй туюлат. Машраб дубана аркага кайта албай, же алдыга бастыра албай, аргасы кетип оозунан келмеси түшүп, калтырап-титиреп туруп калат. Бир топ мезгил өткөн соң, жамгыр басылып, ашып-ташкан

сел күчүн жоготуп, сайга из калтыра сарыгып агып калат. Селдин апаатынан улам жанынан түңүлгөн дубана ошол сайга «Башың көл, аягың чөл болсун» деп, бата кылып жиберген экен деген, аңыз эл арасында ушул күнгө чейин айтылып жүрөт. Ал тургай ошол сай бүгүнкү күндө Машраб-Сай деп аталып калган.

Аппак кожо* Бабарахим Машраб менен заман-даш. Аппак кожо (өз аты Идейатулла) 1681-1694-жылдар аралыгында Кашкарды башкаруучу болуп турган.

Дивана-и Машраб Балхта эс алып отурса мечиттен чыккан уламалар, зыйпат кылып, аш жеп жаткан болот. Арасындагы чоң молдолордун бирөөсү, имамга суроо бере кетет:

-Таксыр, аккан сууда арам жок дейбиз. Сайдагы суудан ар ким пайдаланат. Мал да туягы менен кечип келип, суу ичет. Ар ким, кир коогун жууйт. Кантип арам болбой калат?

-Аккан суу булганган жеринен, он жолу кулагандан кийин адал. Ичкенге, жуунганга боло берет.– деп жооп берет имам.

Алардын сөзүн угуп турган Шаамашыраб, имараттын төбөсүнө чыга кала, очоктун моорусунан молдолорго карай чыркатып, даарат ушатат. Отургандар таңдана, төбөнү карашса, олуя Машраб аларга карай заара кылганын көрүшөт.

-Бул эмне кылганын олуя? Казандагы бышкан даамды булгабадыңызбы? – дешет жабыла.

-Таксыр имам, «Суу булганган жеринен, он жолу кулагандан кийин адал» дебедиңби? Менин заарам он жолу эмес, силерге жеткиче жыйырма жолу кулады. Имамдын сөзү эки болбойт. Шарияттa калп айтуу күнөө. Тамактана бергиле деп, туруп кетет.

Шаамашраб бир жолу Балктын падышасы Махмуд катаган (кыргыздын катаган уруусунан) ханга мейманчылыкка барат. Хан аны сыйлап, дасторконду кенен жайдырып, дүйүм даамды толтуруп, палоо тартырат.

-Мен эмес, менин итим дагы, сен берген палоону жебейт дейт да, падышанын тактысынын алдында даарат ушатат.

-Падыша кол алдындагы элге, кандай мамиле кылса, мен да, так ошого жараша жооп бердим- дейт дубана ханга наразылана.

Махмуд хан соттоого буйрук берет.

-Мен өлгөндөн үч күндөн кийин падыша да өлөт- дейт. (Шаа Машраб олуя көзү ачык киши болгон).

Дубананы дарга астына алып барышат. Ал баш кесерге өзүнүн

*(Офок кожо)

устаты, акыры акылчысы Сахиб Кыран кожо берген бычак менен гана өлтүрүүнү өтүнүч кылып, желегинин ичинде катып жүргөн бычагын берет. Өзү барып, дарга мойнун салат. Баш кесер келип, хазирети Шаа Машрабдын кекиртегине бычак урат.

Машрабдын өлгөнүн угуп, Махмуд хан катуу нааразы болот.

-Олуя адам өлүмдөн коркоорун билмекке, тамашалап «Өлтүргүлө!» деп буйрук берип жатып, көздү кысканымда силер этибар албай калган турбайсыңарбы?-дейт.

Айткандай эле, үч күндөн кийин падыша да өлөт. Балктын жашоочулары аза кайгысына батышат.

Машраб өлгөндөн кийин шаарга тогуз дербиш-календарлар келишет. «Шаа Машраб өлдү» деген кабарды угуп, дербиш-календарлар ачууланышат.

-Эмне үчүн калп айтасыңар? Биз Шаа Машрабды Гераб чөлүндө, кепинин көтөрүп, итин ээрчитип, Меккеге баратканын өз көзүбүз менен көрдүк дешет.

Аны уккан вазир, Машрабдын мүрзөсүнө барса, мүрзөнүн кыбыла тарабы ачылып, ичи бош турганын көрөт.

Машраб мусулман дининин өкүлдөрү тарабынан сунуш кылынып, Балктын башкаруучусу, Аштарханиддер династиясынын тукуму Махмудкатаган өлүм жазасына буйрук бергени тарыхта маалым.

***

Колдун салаасындай болуп, жондору кыярган адыр этегинде, чалды-куйду боло чаржайыт жаткан коон түрлөнүп, сан жетпеген дөбөлөр санаалуудай саргайып көрүнөт. Кубарып, куусаң адырлардын колтуктары көк-жашыл тартып, ар жылгадан куюлуп түшкөн булак-суулардан улам, мезгил күз таяп баратса да ыраңын өзгөртпөй, салкындыкты кармап тургандай. Мурда күздөөнүн жакасына чейин, же бийик тоо этектерине суук түшүп, боз кыроо эртели-кеч каптап, мезгилдин өтүп баратканын эскерткенге чейин, эл тоо башынан эңкүүлөбөйт болчу. Жоо каптап, коркунуч көбүн коомайлаткандан бери, эл топтошуп, бири-биринен деги эле алыстабай калышкан. Күздөө, кыштоодо да, топтошкон тоолуктар чогуу, обочологондору жок. Мурда анча-мынча кабар-айтымдар, атчан айылчылагандардан, ат бастырып атайлап чыккан

жолоочулардан угулса, эми уюган айрандай кою, жанаша конгон коңшулардан эле угулуп жатты.

Кашкардан келген кабарданбы, же кимдир бирөөлөр атайлап айттырып чогултканбы, айылдагы баскан-тургандардын карааны коюдай. Ал тургай Анжиан Аксыдан аркы аймактардагы, аттуу-баштуу аксакалдар, эл бийлеген билермандардын келген саны улам, арбый баштады. Эл жакшыларынын улоолорун алып, колдоруна суу куйган, эшик ачып, төргө отургузган жигиттер биринен-бири өтүп, чуркап жүрүштү. Конок камы союштар союлуп, кемегелердеги кере кулач кенен казандарда эт кайнап, от табына кызыган казандардагы чызылдата жаңы бышкан борсок менен куймактан улам, дак болгон майдын жыты алыска кетет. Келин-кесек очок башында, жигиттер тамак ташып, ары-бери чуркагандардан жол тийбейт.

Ортодогу ак өргө ичи толо кадырман калк сыйлагандар. Аба-аксакал төрдү ээлеп, аларды улай алыстан келген меймандар, андан бери жаш-мүчөлүнө карай орун алган, көпчүлүк. Улуулар сүйлөсө, жаштар угуп, кеп талашкан, же жарыша сүйлөгөн эч ким жок. Адеп сактап, кезек менен айтылган аңгеме кызый берди.

-Акылмандыгыңарга баракелде, айланайын аксакалдар! Көргөл-дү көз жаздымга калтырбай, укканды Көңүлдөн чыгарбай, ташка баскан тамгадай айтып жатканыңыздар, там бербей коюга болбойт. Көпчүлүгүбүз көргөнүбүз көнүбүздөн көтөрүлүп, укканыбыз отурган жерде калып, кеп кадырын да, кеп айткан сиздердин да улуулугуңуздарга маани бербейт экенбиз. Көрсө, көбүбүз, курсагыбыз ашка тойгонго каниет кылып жүрө берет турбайбызбы. Элдин кенчи, байлыгы да сиздер экенсиздер. Силердин кимдигиңерге баа берип, барктай албаган айыптын баары бизде. Кол жарды болсо, болсун, эсти көөн жарды болбосун экен. Элдин бактысына бар болуңуздар! деп Иляз кеп салып отурган карыяларга ыраазычылык билдирди.

-Кечээ айылдагы аңгеме-дүкөндө көпчүлүк талашка түштүк-деп Мамрасул сөзүнө күбө тапмакка, алды-аркасына кылчая берди.

-Эмне талаш? Билип айтканга талаш жок- деди Абдырайым тамырчы. Билбеген айтып, укканды алагды кылат.

-Ап-бали. Бирөөлөрдү Эр Эшим хандын кайын журту Кашкардан дейт. Дагы бири Кубат бектин чоң атасы Калча бий Эр Эшим менен бирге келип Кашкарды бийлептир дешти? Ал Көкүм

бийге күйө бала болгону ырасбы? Мырзакул жар-жар сүйлөгөндөрдүн оюн чогуу эле айткан болду.

-Айтканыңарга караганда баарыңдын оюңар бирдей эле экен. Мен силерге бөлүп айтпай, баарын эле чогуу айтып берейин, деп Оторбай карыя чечиле, обдулуп алды.

Султан Сейид хан өзүнүн кичүү иниси Султан Халил-султанды кыргыздын ханы деп жарыялаады. Ал агасынын ишенимин аткарып, кыргыздарды бириктирип, күрөшкө үндөдү. Бирок, султандардын улуу агасы Мансур хан макул болгон жок. Ал бийлигин кыргыздардын ишенимине кирген иниси Султан Халил-султанга тарттырып жиберүүдөн коркуп, инисин куугунтукка алды. Агасынын кол салуусунан качкан Султан Халил Анжиандагы Жаныбекти көздөй качкан. Бирок, аны Мансур хан тарабынан жөнөтулгөн Султан-Сейид-Мухаммед мырза жана Султан-Али мырза колго түшүрушүп, Ак-Суу дарыясына чөгөрүп өлтүрүштү.

Ошол кездеги Моголстан аталган аймакта бири-бири менен бийлик талашуудан улам, ал аймакты башка элдер да басып ала баштаган. Өзгөчө Моголстандын тундук жактарынан баштаган кыргыздар күч алады. Ал эми чагатайлар деп аталаштыгы Мавераннахрды Аму менен Сыр дарыясынын ортосун ээлеп турушкан Аксак Темирдин урпактарына баш ийген элдерди Мухаммед Шейбанинин көчмөн өзбектери басып алышат. Ушундай шартта Моголстан ханынын бир тууганы Султан Сайид качууга аргасыз болду. Мухаммед Шейбанинин өзбектеринен жеңилүүгө дуушар болуп, ал өзбектерге каршы күрөшүн улантып жаткан жээни Бабурга качып барат да, өзунө караштуу адамдары менен Фергана өрөөнүндөгү көчмөн өзбектерден өрөөнду тартып алып, Анжиан шаарын ээледи.

Шейбанилердин аскердик күчтөрү ФерcharacterSetнаны бошотууга аттанышат. Аларга күчү жетпестигине көзү жеткен Султан Сейид хан Кашкар аймагын бийлеп турган моголдордун дуглат (дуулат) уруусунун эмири Абу Бекрдин ээлигин басып алуу үчүн жортуулга аттанат. Ал Ферганадан Алай тоолору аркылуу Кашкарга келип, кыргыз аскерлердин баштаган Мухаммед кыргыздын жардамы менен 1514-жылы Жаркенди жеңип, ал жердеги дуглат эмири Абу Бекрдин бийлигин жок кылат. Султан Сейид хан кыргыздардын кол башчысы Мухаммедге ыраазы болуп, көптөгөн кымбат баалуу белектерди берип, Моголстанга узататты. Ошондон баштап «Жаркен хандыгы», «Сейид хандыгы» башталды.

Жаркен хандыгын түптөгөн Султан Сейит хан чейрек кылым*, Жаркен хандыгын башкарды. Анын уулу Абдырашит хан тогуз уул, эки кыздуу болгон. Кыздары Хаджи ханым, Жалал ханымды шейбани урпактарынын султандарына күйөгө чыгышты.

Чоң уулу Абдылатиф султан, атасынын көзү барында Ак-Сууну башкарып туруп, Моголстандагы казак менен кыргыздарга жортуулга аттанат. Ал чабуулдан чоң олжо менен кайтканда, кыргыз-казактарды бириктирген Акназар хан аркасынан кубалап келип, Абдылатифти өлтүрдү. Уулунун өлүмүнөн кек алыш үчүн Абдарашит хан аскер баштап келип, алтымыш миңге жакын аскери бар Акназар ханды талкалап, анын ордуна Нooруз Акматты хандыкка коюп кайтты. Кайрадан кыргыз уруулары Жаркен хандыгынын бийлигине карап калды.

Мухаммед кыргыз Шейбани өзбектеринин бийлигинде турган Сайрам жана Ташен шаарларына бир катар жортуул-дарды уюштуруу. Ошол мезгилде Самарканды бийлеп турган өзбек ханы Көчкүнчүнүн уулу Абдулланы колго түшүрүп, туткундады. Бирок, элдик салтты улуу тутуп, Абдулланын хандын тукуму экенин эске алып, чоң сый көрсөтүү менен аны бошотуп жиберди. Кыргыз кол башчысынын мындай жоругу Султан Сайидге жакпады. Анын да себеби бар эле. Мухаммед Шейбанинин көчмөн өзбектери моголдор менен келишпес душман болчу. Алар моголдорго жана чагатайларга көптөгөн азап-тозокторду алып келишкен. Алар менен кыргыздардын мамиле түзүүсүнө түп тамырынан каршы турган. Анда да колго түшкөн хандын уулун Мухаммед кыргыздын кое бериши Султан Сейидге тоготпогондой болуп сезилди.

-Мусулмандарга каршы жортуул жасап, талап-тоноого барды- деп Мухаммед кыргызды могол ханы күнөөлөп, кыргыздарга каршы жортуул уюштурду. Ысык-Көлдун кун батышындагы капарсыз жаткан кыргыздарга күтүүсүздөн кол салды. Барскоон суусунун Ысык-Көлгө куйган жеринде могол аскерлери менен кыргыздардын ортосундагы чоң салгылашуу болду. Кыргыз кол башчысы Мухаммед колго түшүп, Сейид хандын ордосунда туткундалды.

Моголстандагы айрым көчүп жүрүүнү жактырган могол эмирилери Теңир-Тоодо көчүп жүргөн могол урууларын башка-рууга Сейид хандан уулун жиберүүнү суранышкан. Моголстан-дагы кыргыздарды баш ийдириш үчүн Сейид хан 13 жаштагы уулу Абдырашидди бир канча эмирдин коштоосунда жөнөттү. Уулуна

*(1533-1560-жылдар аралыгы)

жардам берүүгө жана кыргыздарга башчы болсун деп, Мухаммед-кыргызды жөнөттү. Ага кыргыздардын көпчүлүгү келип кошулушту. Өз душмандарына каршы өнөктүк түзүүгө казак ханы Касымдын аталаш иниси Таир да келди. Рашид аны өзүнүн Кочкордогу ордосуна кабыл алды. Экөөнүн мамилеси келишип, Таир карындашын Рашидге күйөөгө берди. Кыргыздар өз бир тууганы Абдулкасымды өлтүргөн зулумдугу үчүн өз ханын таштап кеткен казактарга караганда ишенимдүү болушуп. Таир тарапка кошула башташты. Бирок, андан көп өтпөй эле экөөнүн ортосунда араздашуу пайда болду. Казактар менен кыргыз урууларынын өз ара жакындашуусунан чочулаган Рашид Мухаммед кыргызды күнөөлөп, аны 1524-жылы кайрадан Кашкарга алып кетти. Мухаммед кыргыз Кашкарда он бир жылга жакын журуп 1533-жылы Султан Сейид хан өлгөндөн кийин гана Ала-Тоого, өз элине кайткан.

Атасынан мураскорлукту алып калган Рашид хан монголдордун үстөмдүгүн Кашкарга калыбына келтирүүгө аракеттенди.

-Абдырашит хан чейрек кылым ашык бийлик жүргүзүп 1570-жылы каза тапты. Анын уулдарынын чоңу Абдалкарим Кашкарды башкарып, атасы өлгөндөн кийин хандын даражага көтөрүлүп, мураскор болду. Абдалкаримдан соң анын бир тууган иниси Мухаммед Султан өлкөнүн өкумдары аталды. Ал хандыкты он сегиз жыл башкарды. Андан кийинки Сопу Султан боюнча маалыматтар болбоду. Андан кийин Курайиш султан, Абдалкарим хандан кийин бийликти уланта албады. Бирок он кунгө жетпеген убакытта хандык кылып, ордо тагында отурду. Андан соң Абдарахим султан бийликке келди.

Акыры жеңиш Абдылда хандын колуна тийди. Ал бытыранды Жаркен хандыгын бириктирүү максатында, өз алдынча бөлүнүп кетүү аракетиндеги кыргыздарды баш ийдирүүгө Ош аймагына кошуунун баштап кирди. Адигине уруусундагылар баргы Бакал баатырдын жетекчилиги менен катуу каршылык көргөзүшүп, Абдылда хандын колун аркага кайтууга аргасыз калышты. Жолдо баратканда отуз уул кыргыздарын баштаган Койсары бийдин колу хандын кошуунунун тымтыракайын чыгарды. Кыргыз Каракүчүк бий, Жолболду бий, Үчкуртка бий, Чаңкан бий, Ават, Шады баш болгон аскер башчылары хандын кошуунун камоого алышты. Согуштун алтынча күнү Үчкуртка бий Ханкулубекти туткундаганда, кошуундагылар алдасташып, бириндей баштады. Ажыбек, казы

Мухаммедбек, Учтук Кожо Мөнөк, Кожо Наки баш болгон жүз жоокерди кармашууга жөнөтүшүп, калгандары ханды калкалап, качып кетишти, Кыргыздар Казышахбекти, Ханкулубекти туткундашты.

Кыргыздардын чабуулунан аман кутулган Абдылда хан кийинки жылы Болорду алууга аттанды. Ал кезде Болордун акими болуп Шах Кызылдын уулу Шах Бабур кызмат кылчу. Хан Сары-Колго келгенде Мухаммед-Жусуп-мир-Хазар, Ризакасым-мир-Хазарлар тосуп чыгышты. Алар жетектеген аскерлер хандын кошуунун толуктады. Хан кыргыздарга каршы жүрүш уюштурду. Бирок, хан кайрадан жеңилүүгө учурады. Ага каарданган хан Нарын дарыясынын боюнда кыргыздарды аёсуз кыргынга учуратып, чоң олжо менен кайтты. Алардын аркасынан түшкөн Жолболду бий менен Койсары бийдин колу, алар Ак-Сайга барганда кууп жетишти. Хандын кошуунунун оң канатын башкар-ган, өзүнүн уулу Кашкардын акими Жолборс хан жана анын аталыгы Шахбазбек, сол канаттагы кытайлык аскерлерди баштаган хандын иниси Ибрагим хан согушка киришти. Кармаш катуу болду. Ибрагим хандын баатырдыгы менен хандын кошууну аман калды.

Хан ордого келээри менен кайрадан кошуунун толуктап Анжианга жүрүшкө аттанды. Ак-Суунун акими Мырза-Шахад-Чурасты жетекчиликке бекиткен болчу. Ал Какан дарбазасынын жанындагы Күл-Дөбөгө өргө тиктирип, тосуп алды. Кашкардын башкаруучусу Шахбазбек жана анын эмири Жолборс хан салт жүрүш менен Анжианга келишип, негизги дарбазаларын ээлешип, сепилди талап-тоношту. Жортуул ийгиликтүү болуп, хандын даңкы көтөрүлдү. Бирок, кийинки жылы кайрадан басып келишкенде, Адигине баатыр Бакал баш болгондордун катуу каршылыгына учурашып, шаарга кире алышкан жок.

Бирок хан жүрүштөн кайтканда Ибрагим ханды, Исмаил ханды, Мырза Хасанды, Мырза кетанды куугунтукка алды. Ал кыргыздарга болгон мамилесин өзгөртүп, чоң багыш менен кыпчактардын билермандарын Кашкарга Койсары бийди, Бүгүргө Черикги бийди,Котонго Сатым бийдин уулу Алдаярбийди дайындады. Жаңы Гисардын акимдигине Каракүчүк бийди, Жаркен, Кашкар, Ак-Суу, Котонго Өтүмүш бекти, Сатымбийди, Каракчыбийди башчылыкка дайындады. Андан көп убакыт өтпөй эле өз ара бийлик талашуудан мурдагы шаар башчылар бири-бирине чабуул уюшту-

рушту. Кыргыздар Абдылда хандын алтын ээрлүү аргымагын колго түшүрүштү. Хан бийлигин таштап Меккеге зыяратка аттанды.

Ысмайыл Жаркендеги тактыны ээледи. Ал Кашкарга сакчылардын башчылыгына Кашкар акими чоң багыш Койсары бийдин уулу Күчүк бийди дайындады. Андан көп өтпөй Кашкар бектери Сузукбек, Касымбек, Шарипбектер биригишип Күчүкбектин ордуна Тойчуну дайындашты. Койсары бийди жана анын жыйырма беш адамы менен кошо өлтүрүштү.Чоң багыш менен кыпчактардын ортосундагы ырк бузулду. Хан жана жогорку даражалуу кожолор Кашкарга жүрүшкө аттанып, чыгышты. Кыпчак бийлери Абак, Чигил, Кудайназарлар, Жолболду менен Жагырды чоң багыштарга кармап беришти.

Турпандын жашоочулары Туйгунбек менен Ажыбектин жетекчилигинде Турпанга хандыкка Ибрагим ханды отургузмак болушту. Ибрагим султан Абдарахим хандын үчүнчү уулу эле. Ал өзүнүн бир тууганы Султан Сейид Бабахандын ордуна отургусу келбеди. Баба хандын Абдарашид, Мухаммед Эминсултан, Мухаммед Момун султан аттуу үч уулунун ортосунда бийлик талашка түштү. Мухаммед Эминхан, Пичанда, Абдарашид хан Камулда болчу. Алардын таламдаштары өз хандарын бийликке чыгаруу максатында кармашууга өтүштү. Ордонун ээлөөгө жардам сурап, бардыгы контайчыга өкүл жөнөтүштү. Ага чейин кандуу кармаш улана берди. Бошокту хан Абдарашид ханды колдоп, Турпанга хандыкка көтөрдү. Мухаммед Эмин-хан шаардан качып чыгып кетти.

Мухаммед Эминхан Ак баш Бошокту ханга Турпандан атайын чабаганчы жөнөткөн болчу. Ал көмөккө аскерлерин баштап келип, Абдарашид хан менен Аппак кожону колдоду. Авазбек Жаркендин акимдигине, Каландарбек эшик ага, Кашкарды башкаруу Сопусултанга, Кудаберди султан Котонго башчы болду. Мухаммед Эмин хан аскерлерин Кучага баштап барды. Кучанын жашоочуларын, андан соң, Ак-Суудагыларды талкалап, Жаркенге келди. Барган жеринде бийликтегилерди алмашып, өз кишилерин койду.

Бабахан Абдарахимдин төртүнчү уулу болчу. Мухаммед Момун Султан Ак Баш хан Баба хандын үчүнчү уулу эле Турпандык, Кашкарлык бектер жыйналышып, аны бир добуштан колдошту. Кыпчак Арзумухаммедбектин жетекчилигиндеги экинчи топ Кашкарга жүрүш уюштуруп, Жаңы Гисарды чабуул менен алышты.

Кудайберди есаул менен Касым кожону өлтүрүштү. Андан соң Кашкарга бет алышты. Таныбек менен Сарыгбек сансыз аскерлери менен качып кетишкендиктен, согушсуз эле Кашкарды ээлешти. Кожо Максүт кожо менен Мубарак Шахбекти алар жазалоого, элге кармата беришти. Кашкар эли аларды өлтүрүштү. Жаркендин акими болуп Ахун Молдо Фазилаллах дайындалды. Мурабдык кызматты Алымбек ээледи. Кыргыздар Султанды Кашкарда туткундап, Турпандын көптөгөн жашоочуларын өлтүрүштү. Турпан бектери Кашкарга жүрүш уюштурууну чечишти. Алар жүрүшкө ханды да ала чыгышкан болчу, Чоң багыштар ханга келгенде, хан аларды ызат менен тосуп алды. Алимбектин адамдарынын ичинен ханга баш ийгиси келбегендер көп эле. Алар ханды туткундап алышты. Кашкарлыктар Жаркенке келишип, ак сөөктөрдү жана карапайым калкты талап-тоношту.

Арзумухаммед Султан Акмат султанды хан жарыялап жиберди да, өзү Жаркенге аким болду. Мир Алам-шах башында турган Турпандык бектер контайчыдан жардам сурап, чабармандарды жиберишти. Кабар жеткенден соң Чукул Кашка башында турган калмактар, Акбек башында турган Ак-Суу аскерлери,Авазбек жетектеген Куча аскерлери Жаркенди басып киришти. Кыргыздар шаарды таштап чыгып кетишти. Жаркендин акимдигин Муратбек, сакчылардын башчылыгын Мырза алам Шахбек башкарып калышты: Болотбек Кашкардын, Мырза Газыбек Котондун акими болчу. Чукул Кашка калмак аскерлерин жортуулга баштап чыкканда, көпчүлүк ага кошулуп кетти. Мырзалимшахбек Жаркенди ээлеп алды. Арзумухаммед Кашкарга аттанганда кыргыздардын кубаттуу колу Жаркенди ээлешти.

Арзумухаммедин жетекчилиги менен төлөс, кесектер, чоң багыш кыпчактар, кушчу, наймандар Кашкар жана Жаңы Гисардын көп калкы жети ирет жаркеге кол салышты. Чыгыш Туркстандагы алты шаар эли хандардын бийлик талашуусунан улам аябагандай жабырланышты. Бир тараптан хандыкты могол урпактары талашса, экинчи жактан кожолор аларга шыкак беришип, хандан кийинки орундарды ээлешке жан үрөштү. Үчүнчү жактан кыргыз уруу башчылары бийлик орундарды аларга алдыргысы келбеди. Кыргыз билармандары биригип, Эшим султанды хандыкка көтөрүшүп, Чыгыш Түркстандагы бийлик тизгини кыргыздардын колуна тийди.

«Жаркен хандыгынын» негиздөөчүсү Султан Сейит хандын урпактарынын арасында бийлик талашуу аябагандай күч алды. Султан Сейит хандын чоң уулу Абдарашит хандын уулдары менен неберелеринин ортосунда Турпан, Ак-Суу, Жаркен, Кашкар ордолорун ээлешке болгон күрөш кандуу кагылышка алып келди. Кыргыз уруулары менен кожолордун ортосунда өздөрүнүн талапкерлерин такка отургузуудагы кармаш күчөдү. Жунгар хандыгы ар бир шаарга мураскорлордун арасынан өздөрү каалаган султандарды дайындоого аскер күчүнөн жардам бергендиктен кармашта эбегейсиз кан төгүлдү. Кыргыздардын Арзумухаммед баш болгон кыпчак уруулары менен чоң багыштардын ортосундагы келишбөөчүлүктөн улам төлөс, кесек, кушчу, найман жана башка уруулардын өкүлдөрү ал тополоңдордун курмандыгына айланып бараткандыктан Чыгыш Түркстандык кыргыздар Ташкен жана Түркстанды бийлеп турган Эшим ханды жардамга чакырышкан болчу.

Кыргыз-казак биримдигинин ханы Эшим хан Султан Сейиддин мураскору Абдарахимдин кызын алып, могол хандарынын күйө баласы эле. Ал бир туугандар ортосундагы каршылыктан улам, Кашкарга келип, хандыкты ээледи. Дал ошол Эшим хандын кошуунунда Көкүм бийдин күйө баласы Калча бий кыргыздардын сол канатындагы уруулардын тобун жетектеп Эшим хандын бийлигине көмөктөш болуп, калмактарга каршы күрөш жүргүзгөн. Кашкар хандыгы кушчуларга жат эмес. Аны бийлөөгө Кубат мырзанын толук акысы бар. Аны кожолор жакшы билгендиктен чакырып отурушат.

-Ушундай балдар. Ынтымактан иш ырбаштайт. Күч бирдикте деп коет. Ынтымакташпаса күч бирикпейт.

-Андай кийин хан Тийиштин тагдыры кандай болду? Анын урпактары барбы?- деди отургандардын этегиндеги Эсен баатыр.

-Кайран кыргыздын тагдыры, курал менен гана чечилип жүргөн экен да? Хан Тейишти толугураак айта кетсеңиз?- деп Дөөлөт Эсен баатырга кошулду.

-Кыргыздын тагдыры татаал. Тээ, алмустактан эле тагдыры кылыч мизинде, найза учунда чечилип, жыргалынан, куурары көп замандарды кечирди. Эзелтен көз карандылыкка моюн сунбай, эркиндигин талашып келди. Жеңгенине сүйүнбөй, жеңилгенине күйүнбөй, жер кезип, журт которуп, батыштан чыгышка, түндүктөн түштүккө агылып, суудай суюлуп, кумдай куюлуп тоо-токой аралап,

жапан-чөл кезди. Бирде чоголдугун көргөзүп өктөм чыкса, бирде алсыздыгын билгизбей алыс көчтү. Аракети кайберендей качып жүрүүдө эмес, кабыландай качырып, душманына сырын бербегендигинде. Чабылып-чачылбай, элдигин сактап, урпактарын аман алып калуу камында эле. Аалам кезип, дүйнөнүн төрт бурчун аралап, тынч жайды турак кылуу болчу.Ошол себептен төгөрөктүн төрт бурчунда тең, кыргыз атабаган тоо-таш, жер-суу калган жок. Аларды кийинки көчүп келген элдер, өз тилдеринде айтышып, кыргыз койгон аталыш улам өзгөрүп баратат. Кыргыз эли жөн эл эмес. Алла-Таала даарып, колдогон эл. Жер-сууну атаса, анын көрүнүшүнө, өңү-түсүнө, касиет-сырына маани берген. «Ит ичпести ала көл», «Барса-келбес», «Алтай», «Кызыл-Жар», «Коңур-Тоо», «Сары-Челек», «Соң-Көл» ж.б толуп жатат мындай аталыштар. Ата-бабаларыбыз ар бир нерсеге паам-парасат салып, маанисин туюнуп, ылайык келген сөздү таап айтканына, ынанбай кое албайсың.

Байыртан берки жер-суу аталыштарынын мааниси канчалык терең экенин туюндук. Ошол аталыштарда ата-бабалардын тарыхы, санжыра,таржымалы айкын билинет. Элдеги лакап, макал жөн жеринен эле чыга бербейт. Жомоктун башы тарых. Ал чындыктан жаралат. Мына, аңгеме-дүкөнүбүздө жер-сууларды атадык. Макал-лакаптарды кошуп айттык. Уруулардын аталышын, таркашын божурадык. Ошол уруулар келип, элди түздү. Эл арасында эчен акылман-даанышмандар жашап өтүштү. Алар ар уруудан чыгышканы менен элдик болуп калышты. Чыгаан акылмандар, көрөгөч-көсөмдөр, өткөндү көөндө жат кылып, эртеңкини көрө билген, парасаттуу көсөмдөр, элдин тагдырын чечишкен. Жылдын төрт мезгилин жатка билишип, күн, убакытты болжоп, төп айтып, элдин аман-эсендигине кам көрүшкөн. Андайларды жараткан өзү жалгаган.

Ошол калбалуу-чалкеш замандарда, эл сактайм деген азаматтар, кыргынга аттанып, аман кайтпастыгын билип туруп, кашкая карыларга кайрылган.

-Элди көчүрүп, журт которгула! Ага чейин жоо колун кармап турабыз.

-Баатырдыгына баракелде! Элиң сага ыраазы. Сендей эри бар, эл жоголбойт! Сенин ысмың бизге сыймык.

-Эл аман болсо эр туулат. Балдарыбыз да бизге окшоп эл коргосун. Жамандыкты, амандык жеңет дешкен.

Жоо менен алышып-күрөшкөнгө көнгөн элдин аңгеме-ыры, жомок-дастаны баатырдыкты баяндап, кийинкилерди шыктандырган.

Кыргыз элин акыры келип, касиеттүү Ала-Тоо жери сактап калды. Ары аска-тоо, капчыгай-бийик зоо, албууттанып аккан суу, жалама зоодогу мөңгүлөр, атайлап келген жоого сүр болуп көрүндү. Жерине окшоп эли да ары каардуу, ары сүрдүү келип, катылгандардын катыгын берип, кайра тартпаган шердиги менен башкаларды сестендирди.

Акылмандар айтышты;

-Жерине карап, элинде мүнөз пайда болот- дешти.

-Жерин тартып алабыз, элин кул кылабыз дешип моңгол, ойрот-калмактар эчен жолу басып кирип, кандуу кагылышуулар болду.Ойроттор оюна жетинбеди, «өлөт» аталып, өлүм табышты. Кытайлар ойротторду-«элюттар» дешчү. Аларды туурап, кыргыздар да өлөт-аташты. Бирөөлөргө жамандык айтканда;

-«Өлөт алгыр», «өлөт тийгир»- деп каргыш билдиришет.

Моңгол-калмактар кыргыз-казакка кылымдап кыргын салды. Эки элди эр азаматтар бириктирди. Түбү бирге эл бирин-бири колдошуп, селдей каптаган жоону бирге жоолашып, доону бирге доолашып, жолун тосушту. Бул ынтымак айрыкча Эр Эшим менен көйкашка баатыр Көкүм бийдин мезгилинде айкын көрүндү. «Достук көп жылдык, кудалашуу миң жылдык» демекчи эки элдин өкүлү болгон Эр Эшим менен Көкүм бийдин достугунун этеги, кудалашуу менен уланды. Казак ханынын урпагы Эр Эшимдин бир тууган карындашы Сабыркан Көкүм бийдин колуктусу болду. Бул айтымдын таржымалы оо тереңде. Көкүм бий хан болгондон кийин, өз кызы Калыяны, сол канат кыргыздардын башчысы Калча мырзага берди Ханга күйө бала болгон Калча мырза кайынатасынын кошуунун башында жүрдү. Сол канат кыргыз жоокерлеринин башчысы кушчу Калча бийдин эрдиги элге элан болуп, көптүн сынына толду.

Кыргыз-казакка ар дайым коркунуч келтирген бухаралыктарга каршы күрөш күчөдү. Бухарадагы бийликти Иманкулу хан бийлеп, ортодо Ташкен талашка түштү. Эшим султан баш болгон казак төбөлдөрүнүн чабуулун, Анжиан, Аксы аймактарындагы кыргыз аскерлеринин башында турган Көкүм бий колдоп, кошуунду баштап барды. Казак-кыргыздардын чабуулуна туруштук бере албай Имамкулу хан Ташкен, Түркстан баш болгон шаарларды

тарттырып жиберди. Аймактардагы бийлик Эшим хан менен Көкүм бийдин колуна тийди.

Бирок, ишенимдин бардыгын, күйө баласы Көкүм бийге берген Эшим ханга казак башкаруучулары каршы чыгышты. Өз ара келишпестиктен ортодо чыр чыкты. Дал ошондон пайдаланган Иманкулу хан катагандын хан Турсундун бийликке келишине колдоо көрсөтүп, Турсунду «Ташкендин башкаруучусу» деп жарыялап жиберди. Кыргыз-казак биримдигинин күчү оболоп турганын билип, бийликке келген Турсун султан бухаралыктардын колдоосунан баш тартып, Көкүм бийге кошуулуга аргасыз болду. Ал ишенимдүү кыргыздардын колуна таянып, Шахрухия чебине чабуул коюп, ээледи. Ошол кезде Бухарада шейбенилердин мураскерлиги кулап, аштарханилер бийликке келишти. Аштарханилердин акимдери Бакы Мухамбет хан менен Вали Мухамед хандын кыргыз-казактарга жасаган жортуулдары ийгиликке жетише албай калды. Аштарханилердин мураскери Имамкулу хан кыргыз-казактардын Ташкен, Түркстандагы бийлигине ынанууга аргасыз болуп, ал аймактарды «Эшим ханга тартууланды» деп мойнуна алды.

Эшим хан кыргыз-казак ынтымагынын жеңишин калыс карап, Ташкен шаарын тең экиге, казак-кыргызга бөлүп берди. Казактар Чаңкулунун Карабайтигин, кыргыздар багыштын Көкүм бийин хандыкка көтөрүштү. Эшим хан эки ханга биримдик менен иш алып баруусун эскертип, эл бийлөөнүн, элдик каадаларды жүргүзүүнүн эрежесин, эки хандын элин чогултуп жарыялады. Ал кийин эл арасында «Эр Эшимдин эрежеси» деген лакапка айланды.

Көкүм бий Ташкен шаарын бийлөөдө ого эле чоң кызмат аткарды. Шаардын элин таза суу менен камсыз кылууда, дарыянын нугун каналдарга бурдуруп, суу куурларын жасаттырды. Ал суу куурлары кайдан келип, кайда барганын чиймеге чийдирип, эсебин алдырды. Аны калың кагазга жаздырып, сыртын көк тукаба менен каптатып, куржунуна салып, ала жүрдү. Аны эл «Көкүмдүн көк дептери» аташты. Көкүм бий да, шаар калкынын ынтымагы, бири-бирине болгон сый мамилелери боюнча эреже жаздырып, элге элан кылды. Аны кийин эл «Көкүм хандын көктөмөсү» дешти.

Көкүм бийдин иши элге жагып, оозго алынды. Анын даңкынын күч алышын каалабаган казак бийи Карабайтик, ичкүйдүүлүк менен бир күнү өзүнө чакырып, ага билдирбей тамагына уу коштуруп

берди. Көкүм бий аны үйүнө келгенде сезди. Ооруп төшөктө жатып калса да, заман тейине карап:

-Эки элдин ортосундагы ынтымакка доо кетпесин-деп, эч кимге билдирбеди.

Жаз келип, эл жайлоого көчүү аракетин көрө баштаган чакта, бийдин балдары жайлоого көчүүгө уруксат сурап келишти.

-Үйгө карлыгач уя салыптыр. Анын балапандары телчикkенге чейин, көчүүнү кое тургула-деди.

Анын себеби:

-Ажал кайып. Кокустан жол баратканда үзүлүп кетсем, эл кыйналып калбасын. Өлгөнүмдү билип, душмандарым табала-басын- деген оюу эле.

Көп өтпөй Көкүм бий дүйнөдөн кайтты. Анын зыйнатын кылган Калча бий баш болгон кыргыз бийлери менен баатырлары намыс дешип, тикесинен-тик турушуп, кызматын аткарышты.

-Тоо томкорулуп, таянган аска кулаптыр… дешип, үйлөрдү тиктиришип, өкүрүп эскеришти.

Көкүм бийдин сөөгүн Ташкендин Шайкантуар аймагындагы Карлыгач мазарына коюшту. Кийинчерээк төбөсүн көк боек менен боешуп, күмбөз салдырышты. Ал «Көкүмдүн көк күмбөзү» аталып кетти.

Карабайтиктин кара ниеттигин билген эл, кезинде Көкүм бийдин уулу Тейишке, анын жамандыгын билдиришпеди. Качан гана ал эр жеткенде, Карабайтикке кыр көрсөтүп, Ташкендин этегиндеги Кара-Тоодогу Бетегелүү Кой-Таш жайлоосун талашты. Эки элдин ортосунда катуу чабыш болуп, эр өлүп, кун куулду. Казак-кыргыздардын ыркы кеткенинен пайдаланган өзбектер, алардан Ташкенди тартып алмакка, чыр чыгарышты. Оң-сол отуз уулдун атактуу бийлеринин колдоосу менен Тейиш ак кийизге отургузулуп, хан көтөрүлдү. Ордону ортолук деп, мурдагы атактуу Омар шейхтин ордосу, ааламга белгилүү акындардын, аалымдардын мекени болгон Сыр-Дарыянын боюндагы Аксыкент-ке көчүрдү.

Тейиш хан элге калыс бийлик жүргүзүп, калмактардын чабуулуна каршы, эр азаматтарды уюштурду. Жуңгар ханы Галдан Бошокту баш болгон калмактардын чабуулуна туруштук берип, элди, жерди коргоодо көп жолу эр азаматтарды баштап чыкты. Кийинки бир теңдешсиз «калмактардын кара» чабуулунда, Тейиш хандын уулдары Аккочкор менен Каңкы набыт болду. Эл

мыктылары, билермандары чогулушуп, маслатта, оор кабарды ханга комуз менен угузмак болушту. Аны атактуу бир комузчу мойнуна алып, хан Тейишке келип, күү менен угузду.

Эч нерседен жалтанбас Аккочкор баатырынан айрылганын түшүнгөн хан Тейиш:

-Ак шумкар учса калкым бар.
Аккочкор кетсе, Каңкым бар- деп, жооп узатты.

Муңканган күү басылбады. Аны сезген Тейиш хан:

-Кайтпас жакка кайрылбай,
Кабылан Каңкым кеткен бейм-деп, оор күрсүнөт да;
-Байрагымды көтөргөн,
Батыл жүргөн төрт бала.
Биринен бири кем эмес,
Баары мага, тең бала.
Эң кенжеси Чиедир,
Эрезеге жеткенде,
Жалаңдаган жоо келсе,
Жалгыз өзү тиедир… деп, ордунан шарт туруп кетти.

Ошол күү кийин «Хан Тейиш» аталып, эл арасындагы чертилип жүрөт.

Тейиш хан балдарынан айрылып, ичинде кеги кайнайт. Калмактарга каршы, өзү аттанып барып, катуу жараланат. Казак жеринде көз жуумп, сөөгү ошол жерге коюлат.

-Хан сөөгүн талаага катырбай, өз жерине коебуз- деген баатырлар, сөөгүнөн этин «кылыч менен кырдырып, кымыз менен жуудуруп», Аксы жерине алып келишет.

Тейиш хандын урпактары (Иринжит) Кош-Дөбөдө турушат. Хандын биринчи аялы казак султанынын кызы болуп, андан Аккочкор, Каңкы төрөлгөн. Экинчи кыргыз аялынан Тиеке, Чиеке аттуу уулдар төрөлөт. Чиекенин аты кийин Чие аталып, Чие тары Аксы, Ала-Бука, Наманган, Кош-Дөбө аймактарында жашайт.

Ортодо отурган Оторбай карыя белиндеги бото курун бошотуп, нымдашкан чекесин сүртө, кесе толо күзгү кымыздан кылкылдата жутуп, отургандарга кайрыла:

-Ого! Чөп бышкандагы күзгү кымыздан күчү ай! Накта бал даамданганы, таңдайды такылдата, оозду кургата койгону, тим эле күчаладай го?

-Күзгү кымызды, күйөөңө бербе!– деп элибиз билип айткан белем. Күчүнө кирип, сөөккө жетет деди, Жолдош

-Күздүн кымызы күч-деп калышчу, илгерки карыялар. Көрсө, оттун күчү кымызга өтөөрүн билип айтышкан экен.

-Баягында айылга келген кожого кымыз сундук. Көп жерди аралай келип, чөлдөп калганбы, бир-эки кесе кайтартты. Улам беттери тамылжып барып, бир маалда отурган жайында «зикир» салып кирди. Мейманды тыюуну айып көрүп, баарыбыз аны карап калыпбыз. Акыры чарчап, суй жыгылды. Балдар «эс алсын» деп жаткырып коюшту. Бир мезгилде туруп алып:

-Кымызыңарга дары кошуп коюпсуңар– дейт.

-Кайдагы дары?

-Эч мындай болгон эмесмин дейт.

-Нак кымыздын күчү– десек араң ишенди.

-Баарыбыз эле кожо дейбиз. Бу кожолор теги жагынан кимдер? Кандай касиети бар?– деди азил-чыны аралаш, этек тарапта отурган Төлөк

-Кожолор өздөрүн Мухаммед пайгамбардан, алгачкы халиф-тердин тукумубуз деп келишет. Бул наам негизинен Мухаммбет пайгамбарыбыздын кызы Фатимадан тарагандарга ыйгарылыптыр. Динге баштоочулар деп түшүнөбүз– дей кетти Сапарбай молдо.

-Баягы мезилдердегидей болбой, кожолор да аз келип калды. Каншар угабыз, ал чындык бекен? деди Жайлобай.

-Кандай каңшаар? Төмөндө отургандар кулак түрө, бириси суроо берди.

-Иледеги кожолор козголуп, калмактарга каршы туруп жатыптыр дешет. Жайлобай «узун кулак», ортого сөз таштады.

-Ии, ошондон кеп сал?– дешти көпчүлүк дүрдүгө

-Көтөрүлгөндөрдүн башчысы Жусуп кожо деген имиш. Иле дарыясынын боюнда жайгашкан кыргыз-кыпчактарга атайлап кат жөнөтүптүр- деп айтып жатышат.

-Ии?

-Анда, эмне деди экен?

-Кайырдиндегилерге каршы, күрөшкө чакырыптыр.

-Ал кожо Жусуп, мурда калмактар менен алакада болгон-дуктан, кыргыздар ага түк ишенбей калышкан деп укчу элек- деди, Төлөк бак-бак эте.

-Айткандарыңдын баары тура. Ал айыбын актоо үчүн кат жөнөтүп жатпайбы.

-Катыңда эмне деди экен? Иса кызыкканын жашыра албай, шашыла сурады.

-«Мен күнөөмдү актап, каапырларга исламдын кылычы менен каршы чыгам. Бир нече жыл калмактарга моюн сунуп келгеним үчүн, алардан өч алам»- деп карганыптыр.

-Илеликтер кожонун сөзүнө ишенишиптирби? Шашкалаган Төлөк суроосун кайра кайталады.

-Алар өздөрү калмактардан ого эле жапа чеккендиктен, анын чакырыгын эп көрүп, кол курап жатышыптыр.

-Мусулмандар дини буурууларды кубалап чыгарганга, бириге алышаар бекен? Жайлобай күмөндөнө суроо катты.

-Ага биздин бекке окшогон, чыгаан көсөмдөрдөн башчы керек- деп Төлөк көпчүлүктүн кебине кулак түрө, унчукпай отурган Кубатты карай кеп жылдырды.

-Айтылган кабар, бизге да келип отурат. Ошол тууралуу сүйлөшөлү- деп, силерди топтоп отурам деди, Кубатбек ордунан обдула козголуп,

-Кана, молдоке, алдагы катты окуңузчу? деди, аксакалдарга жанаша отурган Сайдилда калпага кайрыла.

Ал койнуна колун салып, ором болгон кагазды жая, башын көтөрдү. Отургандардын баарынын көңүлү ага бурулду.

-Биссимилда ырахмоони иррохим- деп үнүн созо окуп кирди.

«Оо, Анжиан аймагынын улуу башкаруучулары! Кыргыз тууган-дардын билермандары!

Көп жылдардан бери, моголстандын көп шаарларын, жалпы эле мусулман жерин каргыш тийген кайырдиндегилер башкарып келди. Алардын зордук-зомбулугу, көрсөткөн азап-кордугу жанга батып, ал тургай чегинен ашты. Алла Тааланын амири менен жараткан өзү колдосо, кайырдиндегилерди өз туругу Иледен ары, сүрө турган кез келди. Көп жылдардан бери, мусулман калкына көрсөткөн каргашалуу азап-тозогу үчүн алардан өч алууга, газаватка чыгууга чакырабыз. Омиин!»

Сайдылда калпа Кубат мырзаны суроолу карады .

-Оку. Аны да, жарыя оку.

«Оо Анжиан аймагынын улуу кол башчысы, кыргыз тууган-дардын билерман бийи, Кубат мырза!

Сиздин чоң аталарыңыз менен биздин чоң аталарыбыздын ынтымагы эгиз эле. Сиздин чоң атаңыз Галижа бий (Калча бий) мусулман аскерлеринин кол башчысы, анык мусулмандардын чыгааны, менин тууганым азирети Хасан кожонун аброюн көтөргөн, жаркыраган жылдыз болчу Илайым, алардын жаткан жерлери

жайлуу, ыймандары жолдош болсун! Алардын рухун Алла Тааланын амири колдосун!

Ал (Калча бий) кылычы менен кайырдин каапырлардын (калмактардын) жолун бир нече жолу тороп, кыргын салып, артына сүргөн экен. Кудайым ал пенделерин, пайгам-барыбыздын үммөттөрүн дин исламга ак кызмат кылсын деп, газават үчүн жараткан эмеспи. Сиз, биздин сапты баштап кайырдиндегилерге каршы аттансаңыз эки дүйнөдө тең, мусулмандык парзыңызды аткарган болосуз. Эгер сиз кааласаңыз, элиңиз менен бирге келип, кошулууга ырахым эткейсиз?

Каапырлар менен джихат согушунда Сиз, бу дүйнөдө да, чын дүйнөдө да, газий аталып, миң бир эсе атакка жана соопчулукка ээ болосуз. Каапырлар менен кармашканды жараткан өзү жалгайт.

Бизге келип, кайырдиндегилерди аймагыбыздан кубалап чыгарыңызга, терең ишеним билдиребиз. Сөзүм бүттү. Оомийин! Салам дуба жолдогон Жусуп кожо».

Атайлап коштотуп ат чаптырып, Кашкар аймагынан жөнөткөн кат, бекти ойго салган. Анжиан аймагынын билермандарына тааныштырып, маслат өткөрүүнү ал туура тапкан.

Буга чейин, Жусуп кожонун өзү белгилегендей, «калмактардын союлун чаап жүргөнүнөн» кабары бар эле. Эми минтип, бейиши болгур чоң аталардын кылган кызматын ортого салып, дини мусулман калкынын биримдигин эске алып, кожолордун колунан кеткен намысын талашууга чакырган каты бир чети аны иренжитти. Ырас, чоң атасы Калча бий өңдөнгөн эчендеген кыргыздын кашкөй баатырлары мусулман аскерлерин баштап, калмактарга каршы күрөшкөнү, эчендеген эрдиктери менен кожолорду аброюн көкөлөткөнү чын. Калмактардын эчендеген бир чабуулун тороп, эчендеген кан төгүлгөн кармаштарда каршы чыгып кайтарганын эл оозунан, улуулардан угуп, билген. Кашкар аймагындагылардын да ал эрдиктерди баалагандыгын эсинен чыгарбай ортого салып Жусуп кожо мойнуна алып отурат.

Көрсө, эрдик эч качан эскирбейт тура. Чоң атасынын баатырдыгы, ар дайым өзүн да, шыктандырып келет. Кыргыз баатырларынын эрдигин, кожолор моюнга албоого аргасы да жок. Монголдор менен калмактар жамы Түркстан, айрыкча Чыгыш Түркстан аймагын басып алгандан берки жүздөгөн жылдар аралыгындагы күрөштө бекеринен «Моголстандын жапайы арстандары» «Тоо жолборстору» «Токой арстандары» деп

аталбаган. Аны тарых билет. Бирок, Жаркен хандыгын бүлүндүргөн да, так үчүн калмактарга саткан да так ушул кожолор эмес беле? Мусулман дүйнөсүн бийликке, жеке өздөрүнүн кызыкчылыктарына алмашкандар ушул кожонун аталары болбоду беле?

Мусулманчылыктын жол-жобосу куранда Мусулмандардын милдети парз, сүннөт деп аталат. Парзды аткаруу ар бир мусулман пендесинин милдети. Ал эми пайгамбарыбыз кеңеш кылган жол-жоболор сүннөттөр. Курандын касиеттүү чындык экендигин Мухаммед Алланын өкүлү-элчиси экенин чын ыкластан ишенип, тааныган ар бир адам мусулман. Анан кандай эле кожолор башка жолду чыгара коюшат?

Ыйыктардын ыйыгы аталган Махдум Аззамдын кенже уулу Ыскак кожо, чоң агасы Мухаммедимин кожо (Калан кожо) менен кармашып, тарыйкатчыларды таркаткан дал ошолор эле го? Экөө бирин-бири көрө албай, бир элди экиге бөлүп, ортолоруна от жагып, кыргын салгандар дал ушул кожолор эмеспи? Ислам дүйнөсүндөгү жамы мусулман пенделери ак туткан, ары таза, ары ыйык Шарият жолунан башка да «тарийкат жолу да бар» дешип, Ыскак кожонун тарыйкатчылары «кара такыялуулар»- «Ишкакия» аталышып, Мухаммедимин кожонун тарыйкатчылары «ак такыялуулар» - «Ишкыя» аталышып, бирин бири кырып, момун элди бүлүнтүп, кыян-жаян канга айланган кармаштын токтолушуна эч ким кепил боло албайт, эле го!

Алардын кесепетинен кожолордун, ал тургай кыргыздар жашаган Ак-Тоолуктар «ак тоолук», Кара-Тоолуктар «кара тоолук» болуп бөлүнүп, аесуз кыргынга учурашы, эки бир тууган кожонун кесепети эмеспи? Дал ушул кожолор биринен, экинчиси кызганып, кылымдар бою өчтү өчүрө албай, кекти кетире албай келген калмактарга -«Жунгар хандыгын Кашкарга орнотуп берем» деп он эки миң аскерин баштап келип, Жаркен хандыгын канга боеп, талкалашканы жалган беле?

Дал ошондон бери калмактардын «кол куурчагына» айланган кожолор байлык-бийликти талашып, кырдуу-бычак болушуп, атасына баласын күүлөп, кайыр диндегилерге «ак кызматтарын» арнап, дилин да, динин да соодалашканын Түркстандагы мусулман эли билбейт беле? Өздөрүн «Али пайгамбарыбыздын азиз урпактарыбыз» «ак сөөк кожолорубуз», «мусулмандардын пирибиз», «мусулман динин таркатуучуларданбыз» дешкени, анык

мусулман экендиктери, эми эстерине келдиби? Кайырдиндегилерге каршы согушууга Мухаммед пайгамбарыбыздын көк туусунун алдына биригүүгө жан үрөп, күйүгүп, эми түштөн кийин чакырып жаткандары кандай? Чын дүйнөнү эми эстеп, миң бир эки соопко ээ болууга кантип диттери барды? Мусулманчылыкты бетке тутуп, «газават» күрөшкө чакырып, жаамы мусулмандарды майдан сабына, бирге турууга үндөп жаткандары, акка моюн сунгандарыбы? Эми гана акылдарына келишкениби?– деди бий өз ичинен ойго чөмүлө.

Отургандар жабыла, андан кандай сөз чыгаарын, күтүп калышты.

-Чакырыкка кандай жоопту берели? деген ой менен чогулуп олтурабыз «Кенешип кескен бармак оорубайт» эмеспи. Кубат бий өргө ичидегилерге кыдырата карап, тегиз кайрылды. Калмак-ойрот баарыбызга эле, эзелтеден жоо. Ата-бабаларыбыздын кеги жана элек. «Коңушун тынч, жаның тынч» демекчи, тиги кыпчак кыргыздарыбыз дале жөн олтурушпагандай. Кантип колдобой кое алабыз? Бектин пикирине кошулган Жайлобай сөз улай кетти.

-Кожолор кожолор деп, баарыбыз эле колдойбуз. Деги алар качан,кайдан чыга калышкан- деди Төрө адатынча шашмалап.

Ортодогу Оторбай карыя анын суроосуна мыйыгынан күлө, үнүн жасап, түшүндүрө кетти.

-Туура, кожолор десе баарыбыз эле сыйлайбыз. Ал тургай жакшы иш болсо «кожо колдоптур»деп да айтабыз. Анын жөнү кожолор улуу уламалардын айтымында Али пайгамбарыбыздан таркагандар делет. Көпчүлүгү окумал келишип, элге динди таркатышканынан улам, алардын билермандарын «эшен пир» деп сыйынабыз? Менин түшүнүгүм ушундай. Ал эми китепте кандай айтылып жазылганын, Сайдилда калпа тагыраак айтып берсе керек деп, жанаша отурган молдого кайрылды.

Баятан бери бектен кандай сөз чыгарын күтүп, тым-тырс отургандардын арасындагы молдо, илбериңки бек тарапты суроолу карады:

-Айтса, айтып берейин. Бирок, бектин маслатинан кийин болсун– деди жумшак сүйлөгөн Сайдилда калпа, адатынча селдесинин учун сүлкүлдөтүп.

-Кожолор жөн жеринен чакырышпады. Жол оор. Той эмес.

Казат. Ойлонуп, бүтүм чыгаруучу маселе. Анан келди, «мусулмандык милдет» дептир куу кожо. Жолдош карыя сабырдуу сөзүн кошту.

-Балдар, Кашкар аймагы бизге жат эмес. Бир мезгилде Кашкарда туруп, андан Жаркен, Ак-Суу, Турпанга көчүп, кайра Фергана, Ташкенге келип, эзелтен берки көчмөн эл, жашоонун ыңгайына, мезгилдин шартына жараша, бирде Чыгыш Түрксан, бирде Паргана аймагын конуштадык. Кай жерде болбосун, кылкылдаган кыргыз жатат. Ал эми Кашкарда оң-солдун уруктары, бир тууган кыпчак-ичкилик туугандарыбыз турактайт. Кана, айткылачы? Аларды, кантип бөлөк дейбиз. Аттансак кожолорду эмес, өзүбүздүн элди коргогону, эзелки жоону сүргөнү барабыз – деди Төлөк.

-Мырза, өзүң баштасаң бара беребиз. Алдыбызда атыбыз, жаныбызда кылычыбыз белен. Үйрөнчүк жоо. Эскиден бери чабышып-алышып үйрөнүп калганбыз. Бирде алар, бирде биз жеңилип, жеңишке эч бирибиз ээ боло албадык. Калмактар качандан бери эле, элибизди жадатып келди. Биротоло кутулса, кутулалы- деген Мусанын сөзүнө отургандардын бардыгы күлүштү.

Бул сөз, ары күлкүлүү болгону менен баарынын ою айтылгандай эле. Кубат бек да туура көргөндөй башын ийкеди.

-Калпам, менин сөзүмдү толукта. Отургандарга тагыраак маалымат жеткендей болсун. Мен да билгенимди кошумчалай отурайын деди, Оторбай карыя, күлкүгө айландырган тарапты мостое карап.

Баарынын көңүлү молдо тарапка бурулду.

-Мусулманчылыктын милдеттерин аткаруу, ары таза, ары такыба шарият жолу менен жүргүзүлөт. Бул иш Мухаммед пайгамбарыбыздан бери улантылып, акыйкаттыктын жолу катары белгиленет. Бирок, дал эле ошол мезгилде эле, же Мухаммед алей саламдын көзү барында эле ислам диндеги айрым агымдар шарияттан да башка «тарикат» жолу да бардыгын далилдөөгө аракеттенишкен. Тарикат агымындагы айрым кожолор көптөн бери элдин башын айландырып, өз билгендерин жасап келишти. Шарият жолунан башка «тарикат деген «түбөлүк чындыкка» жетишүү «Алла (кудай) деген наамдын башкача айтылышы «муширик-Аллага шериктештик кылуучулар» деген «тарикатчылар» жана «ийшандар агымын» улантып келишкен.

Отургандардын бардыгы жабыла кулак түрүшүп, кепке муюшту.

-Араб тилиндеги тарыйкат деген сөз- жол деген маанини билдирет. Ислам дининин бардык диндик топторуна тараган тарыйкатчылар үгүттөөчү агым катары белгилүү. Агымды таратуучулар сопулар деп аталган. «Сопу» арабча «софий» (койдун жүнү) деген сөздөн улам келип чыккан. Бул агымдагылар эң алгачкы мезгилде өздөрүн башкалардан айырмалоо үчүн койдун жүнүнөн токулган таар чепкиндерди кийип жүрүшкөн. Тарыхый маалыматтарга караганда «софий» деген аталманы Абу Асим*аттуу араб адамы пайдаланган. Тарыйкатчылардын мүчөлөрү «мурид» (чындыкты издөөчү) дабатчылары «муршид» (жолго баштоочу) «пир» (жогорку дара-жалуу башчы) «эшен» (устаз) «тарыйкатчылар» жана «эшендер агымы» деп аталат.

Диндеги үгүттөөчү бул агымдын түпкү максаты бардык мусулмандарды шарият жолунан башка дагы бир «тарыйкат» жолу аркылуу түбөлүк чындыкка жакындоочу жана ага жетишүүгө болорун белгилешкен. «Түбөлүк чындык» деген- адам жана ааламдагы бардык көрүнүштөр жана кубулуштардын бирден бир уңгусу. «Алла» (кудай) деген наамдын башкача айтылышы эсептелет.

Алардын көз карашында адам жана аалам, ошондой эле ааламдагы баардык кубулуштар так ошол «түбөлүк чындыктын» ар түрдүү көрүнүшү Адам бул «түбөлүк чындыкта» жетише алат дешкен.

«Тарыйкатчылар» исламдын башка тармактары тарабынан «муширик» (Аллага шериктик кылуучулар) деп аталган.

Түрк элдеринин мусулман динине чейинки шамандык жана элдик ишенимдердин башка түрлөрү (түрдүү ырым-жырымдар) суфизмге каттуу тасир эткен. Суфизмге болсо суфисттик (ыйыктардын шейхи, шайык, олуя) агымынын мусулман актынынде жаралышында жана калыптанышына шарт түзгөн. Алардын негизги диндик кыймылы «зикир» делип, зикирден башка бардык кыймылдарды, айрыкча жекелик жана коомдук аракеттерди «жолдон тайгандык» деп караган.

Тарыйкатчылардын тобу, жетинчи кылымдан кийинки мезгилде араб Умабийа калпалыгынын (662-730-жылдары ара-лыгында) Багдат, Басыра деген жерде пайда болгон. Алар баштарынан дервиштик, сырдуу, сыйкырлык жана закондуулук деген үч баскычты өткөрүштү. Айрыкча он бир, он экинчи кылымда жашап өткөн атактуу философ Имам Мухаммед бининин

*(778-жылы өлгөн)

Мухамедгаззали* тарыйкатчылар менен ислам дининдеги башка тармактардын көз караштарын келиштирип, аларды ислам дининин закондуу жолуна алып кирген соң, алардын бир катар бирдиктүү көз караштары келип чыгып, мусулмандардын ичинде бир кыйла жогору орунга ээ болду. Алардын өз алдынча үгүтөөчү топтору майданга келди.Негиздөөчүлөр тарабынан аталган «кадырый агымы» «сухравардий агымы» «чешие агымы» «мавал-вия агымы» «нахшабандия агымы» Орто Азия аймактарындагы элге чоң таасир берген.

Кадырийа агымы он үчүнчү кылымдын башында Орто Азия жана Теңир-Тоо аймагына таасирин тийгизе баштаган.

Чыңгызхан Орто Азиядагы Бухара шаарын чаап алганда, бул жердеги кадырийачылардын эң жогорку даражалуу пири Мавлана Кожоакмат туткун кылынып, моңголдордун борборуна жиберилет. Көп узабай ал Ак-Суу аймагына качып келет да, Кетик деген шаарга (бул шаар кийин кумга көмүлүп калган) качып келет. Тоолук Темир хан Ак-Сууда Моголстан хандыгын түптөгөндөн соң, анын урпагы шайых Жамалиддин Туглук Темир ханды ислам динине тартат. Ошондон баштап тарый-катчылардын Кадырийа агымы бул аймакта ашкере таркала баштайт. Кийин анын уулу Аршеддин Валий (бейити Кучар аймагында) тарыйкатчылыкты кеңири таратат.

Тарыйкатчылыктын Нахшабандийа агымы он алтынчы кылымдан баштап Теңир-Тоо аймагына Моголстан ханды-гынын он биринчи ханы Султан Акмед доорунда (1487-1503-жылдар) Орто Азиядагы Нахшабандийачылардын пири кожо Тапсидин Самарканддан Турпанга келип таркатат. 1514-жылы Султан Сеит хан Жаркен хандыгын орноткон соң, анын алтынчы жылы Орто Азия Нахшабандийачылардын атактуу пирлеринен болгон Кожо Мухаммбет Жусуп биний Абдулла, Кожо Абдылла Ахрари сыяктуу-лар Фергана өрөөнүнөн кыргыз аймактары аркылуу Кашкарга келет. 1533-жылы Султан Абдурашит хан болгондон соң Нахша-бандийачылар Кашкар, Жаркенге таркатууга ашкере аракет-тенишет. Орто Азиядагы Касан шаарынын Дахбид деген жеринде турган Кожо Ахмед бинний Сейит Жалалиддин (Махдум Аззам) жана Кожо Мухамбет Шариптер Дахбидден Жаркенге келет. Мах-дум Азам Дахбидге келип өлөт.

1601-жылы Махдум Аззамдын кенже уулу кожо Ыскак чоң агасы Мухаммедемин (кожо Калан) менен каршылашып,

*(1099-1111-жылдар)

Дахбидден Жаркенге келип тарыйкатчылыкты таркатып, өзүнө караштуу адамдарды топтойт. Ал кыргыздар арасында он эки жыл туруп, ислам динин таркатат. Кыргыздар тарыйкатчылардын кээ бир тасирине учурап, онунчу кылымдарга Ирандык даңкы чыккан тарыйкатчылардын эң жогорку даражалуу өкүлү Шайыхы Мансуралла аны (856-922-жылдар) мураскерлик кылган Кожо Ыскакты олуя деп карашып, аларды өздөрүнүн куткаруучусу деп түшүнүшкөн. Ал эми Шайыхы Мансуралла ажынын өз доорунда жогоркудай көз караштары боюнча «мени көрсөң кудайды көргөндөй болосуң, кудайды көрсөң мени көргөндөй болосуң», дегендиги үчүн Иран шарият соту тарабынан өрт-төлүп, өлтүрүлгөнүн билишпей кыргыз уруларынын ичиндеги «сүнниний» тармагындагылар санжыралардын ичине кошуп жиберишкен. Алар «шайыхы Мансуралла ажы жана Анал уламышы», ошондой эле уламыштан келип чыккан «Кырк кыз» уламышы сыяктуу айтымдарды ойдон чыгарышып, кыргыздарга таркатышып. Шайыхы Мансур алла ажыны кыргыздын түпкү атасы кылып көрсөтүшкөн.

Кожо Ыскак Дахбидке келип өлөт. Бирок, ал өлгөндөн кийин Жаркен хандыгынын аймагында ислам динин «накта мураскерлери» деп аталган жана мусулмандардын ичиндеги «сүнниний» тармагындагылар кыргыздарды өздөрүнө кеңири тартышты. Ыскактын чоң агасы Мухаммедемин (кожо Калан) инисинин таасири кеңейип баратканын көрө албай Дахбидден Кашкарга келип, өз таламдаштарын топтоп, кожо Ыскактын таламдаштарына каршы чыгып. Ошондон баштап кожо Ысхак тараптагылар «кара такыялуу», кожо Мухаммедеминди жактоо-чулар «ак такыялуу» деген наамдар менен аталып, бири-бирине каршы кандуу күрөштөрдү башташып, Жаркен хандыгынын букараларынын, айрыкча кыргыздардын тынчын алышты. Кара Тоолук кыргыздар кожо Ыскакты колдошкону үчүн «кара тоолуктар» деген наам менен Ак-Тоолук кыргыздар кожо Мухаммедеминди колдогондор «ак тоолуктар» деп аталып калды. Тарыхый маалыматтарда «кара такыялуулар» «Ыскакыя» «ак такыялуулар» «Ишкыйа» деген наамдар менен баяндалат.

1624-жылы кожо Мухаммедеминдин чоң уулу Кожо Мухаммед Жусуп Дахбидден Мекке-Медина жана Памир кыргыздары жашаган аймактар аркылуу Кашкарга келип, «ак такыялуулар» менен «кара такыялуулардын» карама-каршылыгын ого бетер

күчөтүп, Жаркен хандыгын бийлик ээлерин экиге бөлүп, хандыктын тынчтыгын бузду. Султан Махмуд хан кожо, Мухаммед Жусупту Кашкардан кубалап чыгарды. Ал Ак-Суу, Кучар, Кара шаар, турпан сыяктуу жерлерде дервиштик кылып, аягында Комулга барды. 1616-жылы анын уулу кожо Идайетулла (кийин Авак кожо) ошол Комулда төрөлгөн болчу. Султан Махмуд өлгөндөн соң, кожо Мухаммед Жусуп менен уулу Идайаттулла ханзаде Жолборс ханды хандыкка көтөрмөлөшүп, «кара такыялууларга» ченемсиз кыргын жүргүзүштү. Кашкардын айланасындагы кыргыз уруулары «ак такыялууларды» колдоду. Ал эми Памир, Коенлун тоолорунун этегиндеги кыргыздар «кара такыялууларды» колдоду. Кожо Мухамбет Жусуп менен кожо Идейатулла козголоң чыгарганда кыргыздардын көпчүлүгү аларга каршы турушту. Себеби, (1635-жылы) Абдулла ханды бийликтен түшүрүп, Жолборс хандыгын түзгөндө кожо Мухаммбет Жусуп жана кожо Идайатулла баштаган «ак такыялуулар» кыргыз урууларынын үстүнөн кандуу кыргындарды уюштурушту. Чоң шаарлардагы кыргыз аким-бийлерин бийликтен кубалашты.

1670-жылы мурдагы кожо Ыскактын урпагы Шадип Жар-кен, Паскам, Каргалык, Меркит аймагындагы «кара такыялууларды» уюштуруп Жолборс хан жана анын таянычы болгон кожо Мухаммед Жусупту өлтүрдү. Жолборсту хандыктан айдап, Абдылда хандын иниси Исмаилды хандыкка көтөрдү. Кожо Идейатулла атасынын өлүгүн Кашкардагы Ийагу деген жерге (Кашкардагы Авак кожо мазарына) көөмп, Дахбидге качып кетет. Ал кийин Кашмир, Швзек, Чынхай, Гансу өлкөлөрүндө дервиштик кылып жүрүп, 1668-жылы Илеге барып, Жуңгар ханы Галдандын бутун кучактап, он эки миң аскерин баштап, Жаркенге келип, Жаркен хандыгынын 168 жылдык үстөмдүгүн талкалады. Жуңгар ак сөөктөрүнүн бийлигиндеги «ак такыялуулар» өкмөтүн орнотуп, өзүнө «Авак кожо» (Ааламдын кожосу) деген наам берди. Кийин эл ичинде Авак кожо деген наам менен аталып кетти.

Кожо Идайатулла Жаркен хандыгын талкалагандан соң, 1682-жылы кыргыз букаралары, айрыкча чоң шаарларда отурукташкан кыргыздар кыргынга учурады. Аман калгандары өз жерлерин ташташып, бийик тоолорго качып кетишти. Мындай куугунтуктоодон (1696-жылы) Авак кожо өлгөндөн кийин араң кутулушту. «Кара такыялуулардын» башчысы Данияал Авак кожонун бийлигин тартып алгандан кийин кыргыздардын абалы мурдагыдан бир топ

өзгөрүлсө да, эки карама-каршы топтун чыр-чатактарынан кутула алышпады. Авак кожонун кыргыздарга салган кыргыны, анын ойлогонундай болбой көпчүлүк кыргыз уруулары тарыйкатчылардын таасиринен оолакташып, эл ичине киришин катуу чектешти.

Теңир-Тоонун түштүк тарбындагы кыргыз уруулары Галдандын Кашкарга отургузуп койгон «куурчагы» Аппак кожого улам сокку берип турушту. Айрыкча Кашкар, Жаркен аймактарындагы Жуңгар аскерлери менен Аппак кожонун бийлөөчүлөрүнө оор коркунуч келтиришти. 1696-жылы Жаркен, Каргалык аймактарындагы уйгурлар менен Кызыл-Тоо аймагындагы кыргыздар Шады кожо аттуу адамдын жетекчилигинде Аппак кожого каршы көтөрүлүштү. Памир тоолорунун этектериндеги кыргыз уруулары аларды колдошту. Уруштa Аппак кожо өлтүрүлгөнү менен Галдаңдын ордун ээлеген Суаң Рабдан аскер жиберип, Теңир-Тоонун түштүк тарабын өзүнө баш ийдирди. «Ак такыялуу» кожолор менен «кара такыялуу» кожолордун карама-каршылыгынан пайдаланып, «кара такыялуу» кожолордун башчысы Даниел кожону (Шады кожонун уулу) колдоп, «ак такыялуу-ларды» аёсуз кырды.

«Искакия» тарикаты-диндик бийликти орнотууга аракеттенген топ. Ал Чыгыш Түркстанда жайылып, Жаркендеги хандык бийлик үчүн болгон жергиликтүү башкаруучулардын иштерине кийлигише баштады. Топтун ири өкүлдөрүнүн бири Исхак Вали уулу Кожо Шади (Мухаммед Яхья) өлкөнүн башкаруучусу Махмуд ханды бийликтен кулатууга аракеттенди. Андан соң Махдуми Аззамдын балдарынын улусу Мухаммед Амин, кожо Эшени Калан (кыргыздар Келең кожо дешкен) «ак тоолук» кожолордун кыймылын, анын бир тууганы Махдуми Аззамдын төртүнчү уулу Мухаммед Исхак Вали «кара толук» аталган кожолордун кыймылын улам колдоп жатты. «Исхакийа» тарикатынын өкүлү Аппак кожо Чыгыш Түркстандагы бийликти алууга жетишти.

«Кара тоолуктарды жактаган Кашкардын башкаруучусу Исмаил хан, Аппак кожону Чыгыш Түркстандагы бийликтен кетүүгө мажбур кылды. Исмаил хан Койсары бийди Кашкардын акими, уулу Күчүк бийди шаардын кароол башчысы кылып дайындаган. Ошондон көп өтпөй эле, кожолордун ич ара кутумдугу менен тымызын өлтүрүлгөн. Бирок, Тибеттин Далай Ламасынын кийлигишүүсү менен Жунгар ханы Галдан Бошокту Аппак кожону (1678-ж) Түркстандагы өзүнүн бийлик аткаруучусуна дайындаган. Аппак

кожо өлгөндөн кийин, кайрадан бийлик талашуу башталды. (1720-ж) Суан Рабдан «кара тоолуктардын» өкүлү Даниел кожону алты шаар аймагын калмактардын атынан башкарууга берди. Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы жана Алай тоолорунун тегерегиндеги жашаган саяк, сарбагыш, адигине урууларынын көтөрүлүшү Галдан Бошоктуга оор сокку болду. Ал ээлеген жерлеринен айрылды.

Анын ордуна келген Суан Рабдан өзүнүн аскерлеринен жиберип каратты. «Ак тоолук» кожолор менен «кара тоолук» кожолордун карама-каршылыгынан пайдаланып «кара тоолук» кожолордун башчысы Даниял кожону (Шады кожонун уулу) колдоп, «ак тоолуктарды» кыргын кылып, Теңир-Тоонун түштүк тарабын каратты. Суан Рабдан көтөрүлүшкө чыккан кыргыз урууларын экинчи баш көтөргүс кылуу аракетин де. 1723-жылы көп аскери менен Балкаш көлүнүн түштүк тарабына жана Теңир Тоонун аймагына чабуул жасап, ал жакта жашаган кыргыз-казак урууларын өзгөчө кыргын кылды. Теңир-Тоонун батыш тарабындагы кыргыз уруулары Фергана өрөөнүнүн Анжиан аймагына, Бухара жана Памир тоолорунун тегерегине, Коэнлун тоолорунун аймактарына качып, жер которушуна себеп болгон деп, сакалын сылай жанындагыларга кылчайды.

-Ой, атаңдын оозуна чычайын. «Кожолоруң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма» деген макал жөн жеринен чыкпаганго?

-Ооба. Ишенген кожолорубуз ушул жоорукка барса, иштин бүткөнү экен.

-Бу Жусуп кожобуз түштөн кийин акылына келген окшойт?

-Ошол үчүн катында өз айыбын мойнуна алып жатпайбы.

-Бу «кожолор түшкө чейин акылман, түштөн кийин айныйт акылдан»-деген айтым, анык окшойт.

-Элечек кийген катындарга окшогон кожолорун, эчки сакалдарын эрмектеп жүрө беришсин.

-Туура айттың. Кожолорго ишенич жок. Алар жоокер болуп да жарытпайт.

-Ооба. Кожолорду коюп, өзүбүздү билели.

-Кана бек. Күндү болжоп айт. Шайланып, жол камын көрөлү.

Баятан бери ар кими ар кыл сүйлөгөндөр, жабыла бекке тигилишти.

-Камылганы көрө бергиле. Алыскы-жууктагылар менен кабарлашып, жакынкы күндөрдө аттанабыз.

-Ооба. Ай арасын өткөрүп, жолго чыккыла!- деди Жолдош карыя көпчүлүккө кошулуп.

Төрдөгү карыялар козголо башташты. Сыртка чыкпай отуруп, айрымдарынын белдери талыганбы, малдашын жаза, буттарын суна кенен отурушту.

-Бүтүм баарыбызга маалым. Аттана турган болдук! Туурабы? Жайлобай отургандардан дагы кандай сөз чыгарын күтө суроо узатты.

-Иледеги кыргыздар шайланып жатса. Биз эмне, тим жатмак белек. Аттанабыз! Төлөк дагы да адатынча бакылдады. -Кептин баары бекте. Айт! деген күнү, аргымактардын куйругун чарт түйүп, кете беребиз. Мен туура айттымбы, бек?

-Ооба, Кашкар аймагы дале, ата конушубуз. Аттанабыз! Бирок, ал күндү чабармандар аркылуу, алдын ала кабар билдиребиз – деди Кубат. Сабырдуу отургандарды тегерете карап.

-Кана балдар, мейман чыгыш кылалы,

Аксакалдар козголгондо, төмөн жактар отургандар жапырт орундарынан турушуп, жол бошотушту.

***

Эр азаматтар! Биз касиеттүү Ала-Тоо жергесинин ишенимдүү уулдарыбыз! Биз өтө жооптуу милдетти аткарууга аттанып турабыз. Кашкар аймагындагы эл бизге бөлөк-бөтөн эмес. Кыргыз урууларынын жарымы ошол жакта. Алардын ойрот-торго биротоло күнкор болушуна жол бербөөгө,теңсиздиктен биротло куткарууга баратабыз. Кашкар аймагындагы өзүбүздүн уруулаштарга жана андан башка жалпы эле мусулмандарга бир туугандык жардамды бергени турабыз. Керек болсо, алардын азаттыгы үчүн каны-жаныбызды аябайбыз.

Жалпы эле түрк-мусулмандары ойрот-чүрчүттөргө көптөн бери күнкор болуп, айласыз жашап келишти. Дини исламдын кайыр диндегилерге тебеленбешин камсыз кылууга, зарылдык болсо азиз жаныбызды курман кылууга бараткандыгыбыз анык. Андай тагдыр, кимибиздин пешенебизге жазылганын бир Кудай өзү билет. Алланын буйругунан, тагдырдын жазганынан качып кутулуу мүмкүн эмес. Чыныгы ар намыстуу эр жигит, элди коргоп, жерди калкалайт.

Биз Ала-Тоонун татыктуу уулдары катары, душманга чабылар

кылыч, атылар жебе, сунулган найзабыз. Кыргыз деген намызды, ата-бубалардын ыйык рухун бийик көтөрүүдө ар кимибиздин жүрөгүбүздө ак дил, таза сезим, согуп турат. Мурункийинки тарых-таржымалдарды, же жүздөгөн жылдарды аңдыганыбызда Кашкар аймагы дин исламдын, болгондо да кыргыз журтчулугу жашаган ыйык мекен деп билебиз. Кайырдиндегилердин зомбулугу убактылуу гана. Ийгилик биз тарапта. Улуу жеңишке ээ болорубузду эч качан унутууга акыбыз жок. Бизди колдоого, көмөк көрсөтүүгө даяр турган улуу кытай дөөлөтү Чыгыш Түркстанда күчтүү кыргыз дөөлөтүнүн түбөлүктүү жашап турушун каалайт. Каапырларды кыргыз жеринин чегинен ары кубалап кетирүүчү күн, алыс эмес.

Биз Чыгыш Түркстандын элдери бир боордош, түрк атанын балдарыбыз. Бүтүндөй улук Түркстанды кайырдиндегилерден тазалоо вазийпасы бизге, кыргыздын эр жүрөк жигиттерине насип этиптир. Ал ыйык тапшырманы абийдүүлүк менен аткаруу жалпыбыздын милдетибиз. Ата Журт, эл, дин ислам барыбыз үчүн ыйык. Ага биз ак кызматыбыз менен жооп беребиз. Кашкар жолуна, Чыгыш Түркстанга карай аттаналы!

-Аттаналы! Аттаналы!

Көпчүлүктүн кубаттаган үндөрү тоо жаңыртты.

Керней-сурнай тартылып, бир ыргактагы добулбастын үнү дүңгүрөдү.

Кушчу уруусунун күн нурунун жаркып турган элеси чагылдырылган айчыктуу жашыл туусу тоонун желине желбиреп, бир кылка кийинген куралдуу колдун алдында баратты. Капчыгай өрлөп, жылга-жыбытты аралап, эзелтеден төбөсүнөн мөңгү кетпеген Алайдын карт тоолорун тепчип, күн чыгыштыбагытталган шаңдуу жүрүштүн баш-аягы алда кайда созулуп кеткен эле.

# *ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ*

Аппак кожонун неберелери чоң кожо Бурханидин менен кичи кожо Жахандар Акмат кожонун уулдары эле. Аппак кожо өлтүрүлгөндөн кийин Акмат кожо «ак такыялуу» кожолорду жетектеп, Кашкарды өз алдынча бийлик жүргүзмөк болгон. Жуңгар хандыгы Даниелдин жардамы менен Кашкарды чаап, Акмат кожону жана анын үй бүлөсүн барымтага алып, туткун катары Илеге алып барып койгон. Каш суусунун боюндагы Эрен-Кабырга деген жерге жайгаштырып, көзөмөлгө алган эле. Убакыт өтүп, он жылча жашаган Акмат кожо өлгөндөн соң, анын уулдары Бурханидин менен Жахан кожолор көзөмөлдө кала берди. Калмак ичиндеги тополоңдон улам Уч-Турпандын акимбеги Кожосыбек менен Ак-Суунун акимбеги Абдывахапбек контайчынын мураскору Дабачыга келишти. (1755-жылы) Иле аймагындагы Тенир кагандын генералдары Бандий менен Юң-Чан башкарышчу. «Жыгылсаң төөдөн жыгыл, буйласын кармай жыгыл» демекчи, кытай генералдары кайсыл гана маселе болбосун контайчынын макулдугусуз, өз алдыларынча иштерди чече алышкан эмес. «Ак кызматыбызды эске алып сөзүбүздү жерге таштабас»- деген мак-сат менен эки акимбеги, эки тараптан жаш контайчыга өтүнүчтөрүн айтып, суранып,жатышты.

-Улуу өкүмдар! Өзүңүздүн кабарыңыз бар. Кезинде пайду-балы бышык, эчен тоскоолдуктарга урагыс мамлекетибиздин Кашкар аймагындагы аброюн көтөрүүдө Аппак кожо ата-бабаларынан бери ак дилден, ак кызмат аткарып келишти- деди сөз баштаган Кожосыбек.

-Азирети Аппак кожонун урпактары да, аталарынын ишин жан-дилдеринен улап, кызмат аткарууга даяр- деп, аны коштоду Абды-вахапбек

-Аппак кожонун небереси Акмат кожо өлкөбүздүн ишенимдүү өкүлү Даниелдин жардамы менен дили бузуктардын тилине кирип, Кашкарды өз алдынча башкарууга аракет кылганын көпчүлүк билет.

-Ошол айыбы үчүн үй-бүлөсү менен туткундалып, Каш суусунун боюндагы Эрен-Кабыргада барымтага алынган.

-Акмат кожо көз жумгандан соң, улуу урматтуу атаңыздын буйругу менен анын эки уулу, көзөмөлдө кала бергенин өзүңүз жакшы билесиз?

-Улуу азирети! Өзүңүз ушул маселени кең пейилдик менен колго алаарыңызга терең ишенебиз.

-Атасыз калган эки бала сиздин кызматыңызда.

-Өлөөр өлгүчөктү сиздин жакшылыкты унутушпайт. Керек болсо шилтээр кылычыңыз, мээлеген жебениз.

-Ишеничиңизди актайт. Алар үчүн биз күбөлүккө өтөбүз.

-Улуу урматтуу өкүмдарым, Иледеги аскер башчыларыңызга бир ооз эле сөзүңүз.

-Бошотуп, кызматын көрүш, өзүңүздүн гана колуңуздан келет.

Эки акимбек эпилдеп, биринен бир өтө жаш хандын көңүлүн алууга жөн үрөштү.

-Аларды бошоткондо эмне?

Контайчы аларды сынамакка сырдуу тиктеди.

-Бошоткондо, сиздин шилтеген жагыңызга моюн толгобой, кандуу куралыңыз болуп беришет.

-Мусулмандар арасында, сиздин саясатты жүргүзүшөт.

-Сизге, сизге ишенген асман эгесине кол бала болуп беришет.

-Сиз дебеске, айлалары жок –деп экөө, биринен бири өтүп ынандыруунун аракетинде болушту.

Контайчыга ушул сөз керек эле. Анын тактыны ээлегенине аз эле убакыт болгон. Бийликке келээри менен ата-бабалары Галдан, Суаң Рабдан, Галдан Серендердин колдорунан чыгып кеткен бийликтерин, кайра калыбына келтирүүгө жан үрөп, куралдуу колун жака белдегилерге жумшап жаткан. Бирок, Дабачынын бийликти кармап калуу аракетине хошоут уруусунан билерманы Амурсана кедерги болуп, ыгы келсе тактыны ээлөөгө алдыртадан киришип жаткан. Тенир каганга алардын кимдигине карабай, тил алчагы керек. Эки акимбектин өтүнүчтөрү Дабачынын көңүлүнө төп келди. Ары кыйды, ары куу бийликтин «камчысын чапкан» акимбектер жандарын үрөй, контайчынын алдында төшөлүп турушту. Кашы менен серпилип, шилтеген жагына кылыч болуп чабыла турган, болгондо да, мусулмандар арасында ордонун саясатына ого эле ынтызар, мээлеген тарабына чакый турган, дал ушундайлар керек эле. Бурханидин Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы, Жахан кожо

түштүк батыш бөлүгүндөгү ар кыл улуттагы мусулмандарды башкарууга дайындалышты.

***

«О, эр жүрөк кыргыз-кыпчактар! Байыртадан бери силердин ата-бабаңар мусулман аскерлеринин алдыңкы сабында болуп келген. Эч качан ыймансыздарга баш ийип көрбөгөн. Алар биздин ата-бабаларыбызга терең ишенип, айтканынан чыккан эмес. Кудайга кызмат кылуу жана кайырдиндегилерге каршы согушуу ишенбегендердин колунан өлгөн- ишеним үчүн өлгөндөргө өтө чоң соопторду алып келет. Ишенбегендерди өлтүрүү–ишеним үчүн күрөшкөндөрдүн милдети. Мындай кыйынчылыктарды тарткан мусулман балдары эки дүйнөдө тең мактоого татыктуу.

Эгер ишеним үчүн күрөшкөндөргө талоончулук менен дүнүйө келсе ал ата-энеден калган мураска барабар. Эркектер жана эр азаматтар үчүн өзүнүн каалоосу менен ишенбегендердин баскынчылыгында жашап өткөрүү, намыссыздыкка барабар.

Улуу кудреттүү Кудай алдында, жашоом акырындап баратканда, өзүмдүн кара жүзүмдү, исламдын курч кылычы аркылуу калмактарды жок кылуу менен актагым келет. Калмактарга бир топ жыл аларга, айласыз баш ийип жүргөн күндөрүм үчүн өч алам. Куда кааласа ал саат, ал күндөр келет. Ислам үчүн газаватка жаамыңарды чакырам. Кат аягы. Омийин!

Иледеги кыргыз-кыпчактарга Жусуп кожонун каты келгенде, ого эле уу-дуу сөз болду. Ага ишенбегендердин катарында, кыргыздардын башчысы Өмүр мырза да бар эле. Бирок, калмактарга каршы туруп, өч алууга болгон кожонун чакырыгына кошуларын билдиргенде бардыгы аны коштоп кетишти.

Элчинин алып келген жообу Жусуп кожону ого эле кубандырды. Бирок, кожо Кашкарга келүүгө өзү үчүн эч кандай шылтоо таппады. Кайыр диндегилер уруксат бербейт. Аларды азгыруу үчүн амал ойлоп табуу керек- деп ойлонуп отуруп, кызматкерин чакырды.

-Сен бир нече күн, көпчүлүк билбес жерде жашап тур. Бир күнү Кашкардан шашылыш келген болуп, мына бул катты мага бер – деп анын колуна жазылган катты карматып, үйүнөн чыгарды.

Бир нече күн өтүп, кызматкер «шашылып келип», Жусуп кожого “кат берди”. Кожо кызматкерин ээрчитип, калмак башчысынын

алдына алып кирди.

-Таксыр! Кызматкерим Кашкардан бул катты алып келиптир- деп кош колдоп, таксырына катты узутты.

-Эмне деген кат экен?- деп жаш башчы көңүлсүз карап -Өзүң окуп бер! деп буйра сүйлөдү.

Жусуп кожо калтыраган колу менен каттын оромун жазып, башын чалкалата окуп кирди.

“Кушубак бек, кожо Момун баш болгон жаамы Кашкар бектеринин башчыларына төмөндөгүлөрдү маалымдайбыз. Бүтүндөй кыргыздар биригип, күн болжоп, Кашкарга төрт тараптан кол салып, жашоочуларды тоноого макулдашышты. Каршылык көрсөткөндөрдү туткунга алууну сүйлөшүшүп, аскерлеринин чогулуу жайын болжоп жатышат. Бизге алдын ала жардамдашууңарды өтүнөбүз. Ыңгайлуу учурду өткөрүп жиберсек, ишибиз оң болбой калаарын шашылыш билдиребиз».

Кат окулуп бүтөөрүн күткөн калмак башчысы ордунан секирип турду. Аркы-берки басып, зайсаң, ноендорун чакырууну талап кылды.

-Шашылыш аскер жөнөтүү зарыл- деди отургандарга карап.

-Аскерлерди камдашыбуз керек, таксыр!- деди ноендордун бирөөсү.

-Аларды кантип каржылайбыз?– деди экинчиси суроолу.

Зайсаң, ноендор пикир кошуунун ордуна, башчысына суроо менен кайрылышты. Алар өлкөнүн ичиндеги баш-аламандыкты көрүп-билип турушкан эле. Чогулгандар жабыла кожону тиктешти.

-Мусулмандарга кожонун тили өтөт. Бизди жеке калтыргыла!- деди жаш башчы.

Отургандар жабыла чыгып кеткенде, жаш контайчы тынчсыздануу менен ага кайрылды.

-Кожо Жусуп, сиз ары акылман, ары көрөгөчсүз. Биздин учурдагы абалыбыз сизге белгилүү. Жашыра турган эч нерсе жок. Бийлик ичинде баш-аламандык жүрүп жатат. Кыргыздарга каршы аскер жөнөтө албайбыз. Өзүңүз кыргыздарга каршы аттанып, Кашкарга барып, мусулмандардан кол курап, тополоңду бассаңыз, кандай болот? Мумкун, сиздин барганыңызды кыргыздар билсе, талоончулук пикирлеринен кайтууга, аргасыз болушаар.

Контайчы сүйлөп жатып, кожонун ар бир кыймылына аяр көз салып, канчалык деңгээлде бул пикирге кошулаар, кошулбасын баамдап жатты. Ал эми Кожо башын жерге сала, сүкүт тартып,

ичиндеги сүйүнүчүн, толкунданып жатканын билдирбеске, анын ар бир сөзүнө баш ийкеп отурду.

-Э, Алла, тилегимди бере көр?- деп ичинен Кудайга жалына, көрүнүшүндө бул ишке өзүн калыс адам катары көрсөтүүгө аракеттенип, сергек кулак түргөн болуп, анан барып пикирин билдирди

-Таксыр! Мындан көп эле чочулабаңыз. Менин баруумдун өтө эле зарылдыгы жок. Ал жакка, Абдылда кожо барса да боло берет. Эгер ал бүтүрө албаса, анда өзүм барайын.

Таксырынын көңүлү убактылуу болсо да басылгандай болду.

Контайчынын макулдугун алып, көңүлүн тындырган соң, кожо уулу Абдылданы Кашкарга жөнөтөөрдө:

-Уулум, башчыга берген кеңешимдин жөнүн аңдагандырсың. Кашкарга мен жөнөсөм, буга ишенимсиздер шектенишет. Барарың менен мага өзүңдүн ишенимдүү адамыңдан кат жолдо. Анда «Кыргыздар катуу чабуул коюп жатат. Абал оор. Мусулмандардын аракети катуу. Алардын чабуулуна күчүбүз жетпей жатат. Башчысын таап, кармаганга аракет болууда. Контайчынын берген тапшырмасын аткара албай жатабыз» дегин. Сенин катың колго тиери менен контайчыга барам. Ал шектенбейт. Менин Кашкарга барышыма жол ачылат.

Иш кожо ойлогондон да, ашык болду.

-Бүт жан-жаныбарлардын зарылдыгын, эңсөөсүн жана ой-тилектерин камсыз кылган кудуреттүү Кудайдан, дагы да баарыбыздын ниетибизди камсыз кылышын, кайырдиндеги-лерден тезирээк бошонуубузга жол берүүсүн зарыга тилейбиз. Исламдын бузулбас мунарасын мусулмандар ааламына орнотууга, ошол мунара азирети пайгамбарыбыздын үммөттөрүнөн талап кылган милдеттеринин ар дайым аткарылышына кеңири жол ачылышын тилек кылабыз. Э, Алла өзүң колдо! Бейпилдиктин касиеттүү нурлары мусулман ааламына жаркып, нурун чачып, мусулман пенделеринин дилине тазалыкты, ыйманды, ишеничти мол бергейсиң, Ойлогон оюбуз ырбаш таап, жакшылыктар ыроолонсун Оомийин!– деп Абдылда атасы менен кошо ниет кылып, алаканын жая, жүзүн сылап, коштошту.

Шашылыш келген Абдылда кожону Ак-Суулуктар кубана тосуп алышты. Ага үч миңден ашык аскер кошулду. Камыш кожо башкарган аймактагылар беш жүздөн ашык аргымактарын тартуулашты. Ал Кашкарга күтүрөгөн кол менен шашылыш кирип келди. Жаш кожону кастарлап күтүп алышып, кожолордун ыйык

тагына отургузушту. Ал атасы дайындаган катты жазып, өзүнүн ишенимдүү кызматкери Жаркендик акун кожо Абдылданын колуна берип, токтоосуз калмак башкаруучусуна чаптырды. Кат тууралу Кашкарлыктардын эч кими, эч нерсе билишпеди. Кат Илеге жеткенде, калмактардын тынчы кетип, дагы Жусуп кожого кайрылышты.

-Кашкардагы абалдын оордугунан кабардар болдук. Өзүңүз барып, ишти бир жаңсыл кылбасаңыз болбойт деген пикирди уккан кожо, ичинен кымыңдап, көктөн издегени жерден табылганына кубанып, өзүнчө отуруп Кудайга миң мертебе ыраазылыгын билдирди.

Жолго керектелүүчү буюмдарын өзүнчө бөлүп, калган дүйнө-мүлкүн калтырбай жүктөп, кербен тарткан кире менен өтө шашылыш жолго чыкты. Узун жолду кыскартып, Муз-Тоого чыгып, ал аркылуу Учка түштү. Капысынан ага Учтун башкаруучусу Кожосыбек алдынан чыга кала, анын көңүлүн алагды кылды. Ал козголоңчулардын башчысы катары, кожонун көңүлүнө көк таштай тийген эле.

Кожо Жусуп келгендин эртеси мечитке жума намазга барбады. Өзүнүн уулдары Абдылда менен Момун кожолорду жөнөтүп, аткара турган иштерди ойлонду. Кудаярбекти кармап, бир жаңсыл кылмайынча өлкөдөгү абал оңолбойт. Аны жок кылуунун жолдорун божомолдоп отурду.

Жусуп кожонун ордосундагы аялы Бинагаждеге кыргыз-кыпчак уруусунун ишенимдүү бир нече жигиттери кызмат кылчу. Алардын ичинен ишенимдүү он адамын бөлүп алып, алардын ичинен үчөөнү тандап, өзүнө чакыртты.

-Жакында зыяпат өткөрөбүз. Мен экинчи жолу «Чоң ата, тамекиден салып бериңизчи?»- дегенимде, силер Кудаярбекти кармап, ырчылардын канаасына алып барасыңар- деп аларды зыяпат өтүүчү жайдын бир бөлмөсүнө отургузду.

Зыяпатка чакырылган Кудаярбек ордонун ички эшигин ача берип, даярдалган шан-шөкөткө карабай, ичкеридеги адамдар кандайдыр бир шектүү иштер менен алектенип жатканын байкады. Зыяпатка келгенине өкүндү. Кайрылып, чыгып кетүүгө кеч болуп калган эле. Жусуп кожо тактыда отурганы менен жүзү ызгаардуу экенин байкады. Анын жанындагы кызматкерлери жылаңач кылычтары менен даяр турушканын көрдү. Аярлана калган Кудаярбекти көргөн кожо, кирээри менен каарып кирди.

-Кудаярбек, сен бизди жек көргүдөй, сага эмне жамандык кылдым эле? Сенин душман экениңди билип жүрүп, кечирип келгенмин. Сени оңолот деп үмүттөнүп, дагы да кечиримдүүлүк кылдым. Чыдамым бүттү. Сага кылган жакшылыктарды сен «Менин күчтүүлүгүмдөп коркушат»- деп ойлодуң. Сен калмактарга ишенимдүү адамсың. Биз бардыгын кудай үчүн жасайбыз. Эми кезегиң келди!

Кудаярбек кожонун ар бир сөзүнө башын ийкеп, аны урматтаганын билгизип, колун көкүрөгүнө ала ийилип, таазим этти. Капыстан эле!

-«Чоң ата тамеки салып бериңизчи?» деген аялдын үнү угулаары менен Тобокел кыргыз Кудаярбектин колдорун капшыра кармап, аны буюмдай колтугунан уйпалап кысып, тепкичтерден төмөн карай көтөрүп жөнөдү.

Кудаярбек алынын жетишинче кыйкырып, бошонуунун аракетин кылды. Ызы-чуу көбөйүп кетти. Ордодо отурган ар бир бектер, өз өмүрлөрүн ойлоп, кабатырланышты. Эч кими бул ишке аралашып, кожону «кой»- дей алышпады. Айрыкча Кушубакбектин денесин калтырак басып, анын жүзү «Кашмирдин шор талаасындай» кумсарды. Кожо тынчсызданганд арды тыюуга аракеттенди.

-Бектер, мырзалар кыжалат болбогула! Арабызда бир гана душман бар эле, ал жазасын алды. Кушубакбектин үй-бүлөсү тынч болсун. Аларга эч кандай жамандык болбойт– деди да, кожо Абдалмажитти карай эскерте:

-Кудаярбекти эмне кылып жатышат?– деп кекете сурады.

Абдалмажит Кудаярбектин Жусуп кожого болгон душмандыгын колдоп жүргөн. Кожонун кекерлүү сөзүн угуп ал:

-Эмне үчүн Кудаярбек тирүү? Аны өлтүргүлө!- деп кыйкырды.

Жусуп кожо өзүнө баш ийбегендерди ар дайым ушундай жазалоочу.

***

Искак кожонун урпагы Даниел кожонун уулу Жусуп кожо Кашкарга келип, шаардын калкын калмактарга каршы чыгууга үндөй баштады. Ошол эле максат менен Иледеги жашаган кыргыздарга да кайрылды. Андан Анжиан кыргыздарына кат

жазып, Кашкар аймагынан бүтүндөй калмактарды сүрүп чыгарууга жардам берүүлөрүн суранып, атайын адамдарды жөнөттү.

Иледеги кыргыздардын тобун кыпчак уруусундагы Өмүр мырза башкарып, кыргыз-кыпчак урууларын Котонго чогултту. Сары калпак уруулары баш болгон башка уруу топтору менен шашыла келишти. Алар кашкардагы кожонун акимдерин кызматтан кетиришип, алардын ордуна өздөрүнүн адамдарын коюшту.

Опурталдуу чак, шарттын оордугуна карабастан Кубат бийдин кабарын уккан Кашкар аймагынын тирелишкен калың тобу, кыргыз жигиттерин Улуу Чатта күтүп турушкан. Улам чабаганчыларды чаптырып, кабар алдырып турушкан кожолор Кубат бийдин жашыл туусу алыстан кылак эте көрүнгөндө эле, топ башылары аргымактарын чапкылап, утурлай жөнөштү. Аттарын демиктире, оңор эмес жерге чаап келишкени менен бир кылка тартып, сынын бузбай келе жаткан кыргыз колун аралай кирүүгө даашпады. Кээлери ат үстүнөн эңиле, колдорун көкүрөгүнө ала салам беришсе, кээлери аттарынан оонап түшүп, чөгөлөй отуруп, намаз окугансып тооп кыла, селделүү чекелерин жерге тийгизип жатышты.

Сымбаты келишкен аргымактарын туйлатып, сабын бузбай, тартиби менен келе жаткан кол, аларга токтомок тургай, көңүл да буруп койбостон, илгерилей берди. Катарлашкан куралдуу колду токтотууга даабай, алардын алдынан кыя өтүүдөн айбык-кан кожолордун тобу, арткы тарапты жандай чаап, куттук айта кыйкырышып, кол булгап жатышты. Ыргактуу согулган добул-бастын «дүп-дүп» эткен үнү сүрдүү угулуп, тээ алыстагы маңдайда, чыдамсыздык менен күтүп турушкан котолошкон көп караандардын да бүйүрүн кызыттыбы, кол булгалашкандары айкын көрүндү.

Кара комок боло, котолошуп турган көп караанга бир-эки чакырым калганда, алардын алдынан топ атчандардын карааны үзүлө чыкты. Кыйкырык чуу. Сүрөгөн үндөр. Баштарын жолук менен байланып, жеңил кийимчен чабандестер, күлүктөрүнө «көк бөрүнү» бөктөрө өңөргөн, бакыбат жигитти жандай чаап, улакты жулуп алууга улам кол сунуша, аргымактарын атырылта келе жатышты. Улак өңөргөн чабандес алдындагы аргымагына, өзүнүн күчүнө ишенеби, улам бучкактаган улакчыларга алдырбай, чымын-куюн боло аяк керип келе жаткан атына дем бере, бүлтүркөн камчыны оңду-солду шилтегендей, колдорун серпет. Аргымагы ан сайын жан үрөп чуркап, арттагыларга жеткирбей чамына

мейmандарга жакындай келди. Күү менен шериктерине алдырбай, чуркап келе жаткан күлүгүнүн тизгинин тарткан чабандес, желбиреген тууну жандай өтүп барып, ат мойнун бура кайрып, шамдагайлык менен чапка баскан улакты эки колдоп көтөрүп, жүрүштүү келе жаткан колдун алдына шалак эттире таштай, кайкып өттү.

Алдыга ташталган улактан улам, туу башы аярлай, ат тизгинин тарта, токтой калып, кол башчыга суроолуу тиктеди. Кол башчы ага көзүн ымдай, колун көтөргөндө күтүрөгөн кол, ат тизгиндерин тарта, токтоп калышты. Добулбас согулбай, узак жол басып келген аттардын гана энтиккендери угулуп жатты. Бая улак таштаган чабандес, күүлөнгөн күлүгүн кайрый келип, кол алдына тура кала, ат үстүнөн бүктөлгөн камчысын көкүрөгүнө ала, таазим эте үн салды.

-Ассалоом алейкум, азиз меймандар. Кош келиңиздер-деди кашкая күлүп.

-Ваалейкума атсалоом. Амансыңарбы туугандар– деди кошундун алдынан атын темине чыккан Алыке балбан.

-«Улак тартып» кадырлуу меймандарды тосуп алуу, ата-бабалардан уланган улуу салт-деди чабандес, ойкуштаган аргымагынын тизгинин тарта.

-Улуу кааданы урматтаганыңарга ыраазычылык. Жолдугуң болсун– деп шыгыраган алтын тыйындар салынган булгары калтаны ага сунду.

-Жолдугуңузга ырахмат. Дайыма кызматыңыздарга даярбыз.

-Ысмың ким мырза жигит?

-Бектемир

-Шериктериңер менен бизге келип, кошулгула?

-Жан дилибиз менен, мырзам.

-Анда, колдун алдына түш. Бизди баштан жөнө.

Бектемир жанындагы чабандес шериктерин ээрчите, сыймыктанган сезим менен алдыда келе жатты.

Жергиликтүүлөр оңор эмес жерге түрлөнгөн Кашкардын калы килемдерин узатасынан төшөп, урматтап турушкан эле. Туу алдына чыккан бийди, ат үстүнөн колтуктап түшүрүшүп, шаардын атактуу билермандары аталган ак калпактуу акса-калдар, орому эчен кабатталган селдечен кожолор кучак жая, кубаныч менен учурашып жатышты.

-Ассалоом алейкум, хан Кубатбек бахадур!

-Ассалоом алейкум, азирети таксыр!

-Ассалоом алейкум, өкүмдар!...

-Ваалейкума атсалоом,

-Кош келиңиздер? Жолдо кыйналбай келдиңиздерби?

-Ырахмат

-Биз сизди, жамы мусулмандардын коргоочусу деп билебиз

- Бизге жеңилбес, кол башчыбыз деп ишенебиз.

-Аа, ырахмат.

-Урматтуу, хан Кубатбек таксыр! Паргана, Жети-Суу аймактарынын коргоочуларына Кокон бийлигинин бекем сүйөнүчү, кыргыздардын гана эмес, жамы түрки элинин чыгаан баатырына чыгыш мусулмандарынын атынан таазим этебиз! Жаамы мусулман аскерлеринин кол башчысын Алла Тааланын амири колдоп-жөлөп жүрсүн- деп кожолордун башчысы колдорун көкүрөгүнө ала ийилгенде, аны тегеректеп турушкан селдечен кожолор жабыла баштарын силкилдете ийилишти.

Жалаң эмирлер гана кийүүчү таажылуу ак селдесиндеги бармактан чоң кымбат баалуу каухар ташты жалтырата тагынып, короздоно, койкойгон мойнун улам ийип, эткелинен келген кожо кызыл ала чепкенинин этегин жерге сүйрөлтө, эки колун көкүрөгүнө коюп Кубат бийдин алдында бөдөнөдөй бөйпөңдөп турду. Эки колунун манжаларында жыш кымбат баалуу асыл таштар чөгөрүлгөн алтын шакектери улам, күн нуруна чагыла жылт-жулт эте өзгөчөлөнөт.

Э көтөн кооз, көйрөң кожо. Абалыңа карап жасанбайсыңбы?– деди, бий ичинен жипкире

Кожонун көрүнүшүндө, турган турпатында бир да жоокердик, же аскер жетекчилик белги сезилбейт. Ал тургай анын көлөкөсүндөй ээрчип жүргөн жан-жөөкөрлөрү да ого эле жасанып, тойго келген меймандардай болуп бийдин көңүлүнө жак-пады. Меймандарды тосуп алуу шан-шөөкөтү бир топко созулуп, анан аларды зыяпатка ээрчитип жөнөштү.Бек баш болгон топ жаңы журтка көтөрүлгөн өргөлөргө чакырылды.

Сабын бузбаган кол, алдын ала даярдалган ыңгайлуу жайга жолум үйлөрүн тигип, жайлашып жатышты.

***

Жусуп кожо Абдалмажитти жаш кезинен тарбиялаган эле. Бирок, ал кийинки күндөрү кожолордун кылган ишине көңүлү толбой, ханзадалардан алыстай баштаган. Атасы өлгөндөн кийин ханзадалар бийликти кармай албастыгы белгилүү болчу. Ал Кубат мырзаны тосуп алууда Жусуп кожонун уулу Абдылда кожонун акимдерин өзүнө жакындатпады. Көптөгөн жигиттерин ээрчите келип, Анжиандык мырзаны чоң салтанат менен тосуп алгандан соң, зыянатка кирер алдын экө маектешти.

-Мажит мырза, бизди калмактарга каршы күрөшкө чакырып алдыңар. Бирок бир шаар менен экинчи шаардын мусулмандары өз ара чабышып жатканыңар кандай?– деп, бек маселенин ток этер жерине токтолду.

-Мырзам, туура байкагансыз. Дагы эле келип, калмактарга шылтоолоп, бийлик талашуу болуп жатат.

-Жусуп кожонун балдарынын колунда, калмактардын да аскерлери бар деп уктук?

-Аныңыз да туура. Жусуп кожо калмактардын колунан кутулуп чыгаарда, «кыргыздар шаардыктарга кошулуп, калмак бийлигин тартып алууга аттанышты» деп шылтоо тапкан. Калмактар ага ишенип «көтөрүлүшчүлөрдү» басууга кожону жөнөткөн. Кожо келгенден соң өздөрү кектешкен «ак такыячыларды» талкалоого умтулушту.

-Калмактарга каршы күрөш, кандай жүрүп жатат?

-Аны өз көзүңүз менен көрүп, баа бересиз азирети таксыр.

Аңгыча Абдылда кожо жетип келип, Кубат мырзанын алдына түшө, ал-жай сурашты.

-Таксыр, сиздин келгениңизге абдан кубанабыз. Буйруса, сиздин жигиттериңиз менен бирге, калмактарды биротоло Чыгыш Түркстандан кубалап чыгабыз деген ишеничтебиз.

-Аны көрө жатарбыз. Бирок, бул жерде кожолордун эки тобу, бири-бирине каршы, кармашып жатат деп угабыз.

-Аныңызда да туура. Бир тарабы биз. Биз сизге, сиздин эр азаматтарыңызга таянабыз. Сиз биз үчүн келдиңиз да, туурабы, таксыр?

-Биз бир да кожого каршы болгубуз келбейт. Экөө тең пайгамбардын урпактары Махдуми Аззамдын уулдары. Биз алардын иштерине аралашпайбыз.

Абдылда кожо Кубат мырзадан, мындай жооп алам деп күткөн да эмес эле.

-Үмүттүбүз Кубат мырзада эмес беле. Ал бизге таяныч болбойт. Кыргыздар Кубатты колдойт. Чакан колубуз менен душмандарыбызга туруштук бере албайбыз. Кашкардан кетүүгө тура келет деди ал, күңгүрөнө кайтып келе жатып.

***

Мүлдө Анжиан-Кашкар аймагындагыларга гана эмес, жамы Түркстан жумурияттарына маалым, ары сап тизип, аскер кураган, ары өзү каалагандай саясат жүргүзүп, бийлик тизгинин кармаган, бирде аскер башы, бирде хан аталган Кубат мырзанын Кашкар аймагына келиши оң-сол, ичкилик, кыргыз-кыпчак урууларынын билермандарын түйшөлттү. Бирары кол берип, ал-абал сурашканы, айрымдары конушуна куттук айтып, өрлүк-төгөнү, биринен сала, бири келип жатышты. Керээлден кечке ат алып, эшик ачкан, досторкон жайып, даам таттырган кызматкерлердин жандары тынбады. Ата-бабалардан бери уланып келген каадалардын бардыгы аткарылып, керилген кермелер, атайлап тигилген өргөлөр толуп, сарпайлар бул жакта турсун, канаттуу куш, кайберен-жапайы жаныбарлар, жасалгалуу жабдыктары менен ар кыл аргымактар, курал-жарак, буюм тайымдар, деги адам баласына керектелүүчү не деген гана асыл буюмдар тартууланды.

Келген-кеткен көпчүлүк арасында ар кандай өнөр, оюн-зооктор, кызыктуу тамашалар көрсөтүлүп, атактуу манасчылар тарабынан күпүлдөтө Манас баш болгон уламыш, жомок, айтымдар айтылып, сабын бузбаган санжыра, дастан-күүлөр уккандардын да, көргөндөрдүн да көөнүн карк кылды. Кашкая кабак жаркыткан кубаныч, шатыра шатман, шайыр күлкү алыска угулуп, келип-кеткендердин аягы эртеден-кечке, ал тургай күнү-түнү көпкө тыйылбады. «Катташпаса бир тууган да жат болот» демекчи калмактардын кесепетинен каттоосу үзүлүп калган туугандар бажаңдаша ал жай сурашып, өткөн-кеткендердин кабарларын билишип, кенен кесири боор батырышты.

Кашкар шаары байыркы Кытай даректеринде Сулэ аталып, Улуу Жибек Жолу каттамынын тому болгондуктан Батыштан Чыгышка, Түштүктөн-Түндүккө кыйма-чийме каттаган кербен, бул

калаага келип токтоп, малмата, буюм-тайым ооштурулгандыктан чоң соода борбору катары дүйнө элине таанымал эле. Какшыган өзөн жээгинде мусулмандар дүйнөсүнүн чеги, көп канаттуу уялаган эски жарды элестеткен Кашкар, жаңы келгендерге аябай эле жупуну көрүнгөнү менен ири соодагерлер, саякатчылар, алым окмуштуулар, илимди көксөгөн ар кыл өлкөлөрдөн келген өкүлдөрдөн улам, илим менен маданияттын борбору катары даңазасы артып турган.

Кубат мырза баштаган Анжиандык туугандарга учурашууну самаган жергиликтүү кыргыздардын өкүлдөрү жол тосуп чыгышкан эле. Бирок тополоңдо учурашууга үлгүрбөй, үлгүрүшсө да, өз алдынча болууну самаган туугандар кошо ээрчише келишкен. Кучакташышып көрүшкөндө Кубатбек аларга:

-Бейкам болгула. Анан сурашып, кеңири сүйлөшөбүз деген боюнча кожолордон колу бошой элек.

Алыке жоокерлерди жайгаштырып, сакчыларды чыңдаган соң, ортодогу Кубат мырзанын өргөсүнүн тегерегине коюлган, жан сакчылардын ар биринен кабар алып чыкты.

-Уруксатсыз киши өткөрбөйсүң деп ар бирине дайындап өз өргөсүнө келди.

Алыке келген туугандар менен ал-жай сурашып, ар бири менен таанышып отурду. Ары аксакал, ары сөзмөр Мамашарип карыя анык көңүлгө жакты. Ал Кашкарда медреседе окуп, билим алганын, бул жердеги элдин кулк-мүнөзүн жакшы билерин айта отурду.

-Бүгүнкүлөрдүн көбү эле, өздөрүн кожолордонбуз дешти. Кичипейил, элпек сыякатанат. Эмне болсо да, билимдер, динге берилген адамдар да. Алардын майиндиги жакты.

-Ал жагы да бар. Бүгүн кичипейил. Калганын мамилелешип көрөсүз, мырза. «Мал аласы сыртында, адам аласы ичинде», «Сылык сүйлөгөн менен күлүп сүйлөгөндөн түңүл» деген кеп бар эмеспи.

-Абаке, «билбеген жердин, ой-чуңкуру көп» дейт элибиз. Бир көргөнгө билбей, ойлонбой оюбузду айттык. Мени кечирип коюуңуз? Биз тарапта кожолорду ыйык көрөт эмеспизби. Биз көптү билген, окумал адам экенсиз, деги кожолордун ыйыктыгы ырaспы?

-Өздөрү ошентип айтышат. Бирок, Кашкар аймагында булардын кимдиги, бизге белгилүү.

-Деги ишенүүгө болобу?

-Эл «кожолор түшкө чейин акылман, түштөн кийин айырмасыз

капырдан» дешет. Не болсо да жоокерлердин өтө сак болуусун талап кылыңыз? Алардын азгырыгына киргендер болбосун.

-Алар кимдер?

-Алар тарыйкатчылар, эйшендер, же «акыйкат, чындыкты издөөчүлөр»-деп коюшат.

-Зикир чалып, ак ургандар эмеспи?

-Дал ошолор, тарыйкатчылар.

-Алар тыйып койсо болбойбу?

-Андай болгондо, өзүңүздөрдөн алыстатып аласыздар.

-Бул жерде куралсыз жашоо кыйын окшойт?

-Эң тура баамдагансыз. Ар кимден өзүнө бек, чыйрак болууну талап кылат.

-Тосуп чыккандар арасында кыргыздар аз көрүнгөнсүдү?

-Туура баамдагансыз. Сиздердин келишиңиздерге бир чети кубанышканы менен экинчиси, сестенип да турушат.

-Эмне себептен?

-Кожолор «кыргыздар биригип кетишсе, бийликтен кур калабыз» деп ойлошот.

-Эмне үчүн?

-Кыргыздардын Кашкарды ээлешин каалашпайт. Себеби Жаркен менен Кашкардын, деги эле Чыгыш Түркстандын кийинки жүз жылдык тарыхында кыргыздар бийлик тизгинин талашып, ордодогуларды баш көтөртпөй келишкенин өзүңүз жакшы билесиз.

-Биз аскерлердин катарын жергиликтүү кыргыздар менен толукташыбыз керек.

-Ал үчүн уруу башчылары менен байланышыңыздар. Ага чейин мен сизге аз болсо да маалыматтардан айта кетейин. Бу жарыкчылыкта бийликти жаман көргөн кишини учуратуу кыйын. Бизге кожолордун кулк-мүнөзү бештей эле белгилүү. Алардын кыргыздардан айырмасы, уруу урукка эмес, мушириктерге-өздөрүн «Пайгамбардын тукумубуз», «мусулман динин жайылтуучулардан-быз» дешип, айырмаланып турууну жакшы көрүшөт. Өтө эле уюмчул, газаватка көтөрүлүүгө ар качан даяр.

Бүгүнкү максаты да, калмактарга шылтоолоп бийликти колго алыш. Буга Кубат мырзанын оюу кандай экенин эми билебиз. Ага чейин сизге айта отурайын. Анжиандыктар айтмакчы Чыгыш Түркстандын тарыхында тарыйкатчылардын таржымалы тереңге кеткен. Тарыйкатчылар кимдер деп түшүнбөстүрсүз. Өздөрүнчө айтканда «түбөлүктүү чындык» ааламына алып баруучулардын

жолунда пайда болгон сопулар, эшендер, анан барып кожолор, кийинчерээк Кашкар, Жаркенде бөлүндү-жарынды болгон «ак такыячылар» жана «кара такыячылардын» агымы бийлик талашышып, согушуп келишти.

-«Тарыйкатчылар», «түбөлүк чындык» дегениңизге, уюмчул деп да, бая айта кеттиңиз, аларга түшүнбөдүм.

-Ооба. Кийинки мезгилде бул тараптагы сопу, эшен, кожолор мусулмандар дүйнөсүндө түбөлүктүү чындык ааламына алып баруучулар, же «тарыйкатчылар» агымын уюштурушкан. Арабча «софа», бизче- «сопу» -таза, такыба, ыйык дегенди билдирет. Сопулардын каада, ырым-жырымдары тээ тереңде дешимдин себеби, алгачкы сопулар уюму Мухаммед Алей Салам пайгамбарыбыздын тушунда эле, «ахл ас-суффа»- так айтканда мечиттин, же пайгамбардын үйүнүн көлөкөсүндө, паанасында жашап, күн көргөн үй-жайы жок, бечара мусулмандардан куралып, пайгамбардын осуятын, Курани Каримдин осуяттарын, же арабча «ах лас суни да и ва-л-жамаа» Суннаны так сактоону, ыксыз байлыктан, мансаптан, жаман жүрүм-турумдан өзүн алып качууну, ар түрдүү кыйынчылыктарга сабырдуулук менен чыдап, ар дайым тозок оту бар экенин көңүлдөн чыгарбоону, Алла Таалага күнү-түнү тынымсыз сыйынып, оозду бек кармоо күндөрүн көбөйтүүнү, жан кумарынан дил, аң-сезим кумарына жан дили менен берилип, көбүн эсе элдин жакыр катмары менен жакын болууну үгүттөшкөн.

Сопулар катардагы мусулмандардын кызыкчылыгын жактагандыктан аз убакыттын ичинде күч алып, исламдагы күч-кубаттуу агымдардын бирине айланган. Ага үгүттөгөн тарикат уюмдары пайда болгон. Ал уюмдун коркунучтуулугу төмөнкүсү жогоркусуна баш ийип, устазы үчүн керек болсо жанын да чабууга даяр. Сопулар муриддерден турган сопулуктун эң жогорку тепкичи, бул «хакийкат» дене кулчулугунан бошонуп, өзүнүн «мендигин» жоготуп, акыйкат чындыкка, же кудайга теңелүү менен жуурулушуп, жоюлуп кетүү болуп эсептелет. Чыгыш Түркстан аймагында ошолордун өкүлү болгон «ак такыялуулар» менен «кара такыялуулардын» карама-каршылыгы күчөп, кимиси бийликке келсе, кийинкисин талкалоону көздөшкөн. Ошол эки агымдын өкүлдөрү бири-биринен ичтери тарып, кан төгүшүп келе жатышат.

***

-Булардын башында ким дегендер отурат? Же жөндөн жөн эки топко биригип алышып, кармашып жатышабы?

Карыянын кеби аны таңдандырды. Ал аңгемеге ынтызар болгон мырзага чечиле кетти.

-Ушунча сурап калдың. Бул маселегет аз болсо да кайрыла кетейин. Он алтынчы кылымда белгилүү Орто Азиялык софий шейхтердин орден башчысы Накшабанди кожо Ыскактын даңкы кеңири айтылат. Ал Сейид Акмат Касанинин уулу Кожо Ыскак-Махдум-и-Аззам Чыгыш Түркстанда исламды тарка-туудагы аракети, өз учурунда өзгөчө даңазаланган эле. Кожо Ыскак бала чагынан эле өз атасынын мураскору болуп, уламыштарда Орто Азиядагы көчмөндөр арасында исламды таркатууга чыйыр салган аалым катары белгилүү. Ал азирети эшен жана «сыйкырчы» делип эл эсинде калган. Ал узак жылдар ыйык насаатчы катары көпкө жашаган. Кезинде шейх Лутфаллах Чистиден тарбия алат. Анын аброю тууралуу Кашкардын жана анын айланасындагы элдер арасындагы тургундар укумдан-тукумга «кулактарында шейх Кожо Ысакка моюн сунган мориддик сыргасы бар жана анын урпактары үчүн өздөрүн курмандыкка чалышат» деп айтылып келген.

Тарыйхатчылыктын Нахшабандия агымы Теңир-Тоонун тегерегине таратылышы Моголстан хандыгынын урпагы Султан Акматтын доорунда Орто Азиядагы Нахшабандиячылардын бир пири Кожо Тал-сидин Самаркандан Турпанга келип, Нахшабандиячылардын эрежелерин таркатат. Султан Сейит хан Жаркен хандыгын түзгөндөн кийин Орто Азия Нахшабандиячылардын атактуу пирлеринин болгон Кожо Мухаммед Жусуп биний Абдулла, Кожо Мухаммед Абдулла биний Кожо Абдулла Ахрари сыяктуулар Фергана аймагы аркылуу Кашкарга келет. Султан Абдырашид хан бийликке келгенде Нахшабандиячылар Кашкар, Жаркен аймактарына өзгөчө ара-кеттериди жүргүзүшөт.

Орто Азиядагы Касан шаарынын Дахбид деген жеринде турган кожо Акмат бинни Сейит Жалалидин (Махдум Аззам) жана кожо Мухаммед Шерип дегендер Дахбидден кыргыздар жашаган аймактарды аралап, Жаркенге өтүшөт. Махдум Аззамдын кенже уулу кожо Ыскак чоң агасы кожо Мухамметемин (Кожо Калаң) менен пикири келишпей Дахбидден кыргыздар жашаган аймактар аркылуу Жаркенге келип, тарыйкатчылыкты таркатып, өзунө пикирлештерди топтойт.

Шейх Кожо Ыскактын өмурундөгу ишмердиги эл арасында жомок катары айтылып келген. Ал кыргыздар, казактар жана калмактар жана башка уруулар арасында исламга чейинки диний ишенимдерин өзгөрткөн деген маалыматтар айтылат. Аны Хазрат-и Ишан (улуу даражалуу, касиеттуу) дешип ыйыктыгы, ардактуулугу бардыгын көкөлөтө айтышкан. Ал Теңир Тоонун туштук жана батыш аймактарындагы кыргыз урууларынын арасында он эки жыл туруп, аларды шаман дининен ислам динине баштайт. Тарыйкатчылардын эң жогорку даражалуу өкүлү Шайыхы Мансур алланын жана анын айткандарына мураскерлик кылып, толук аткарган кожо Ыскакты олуя деп кабыл алышып, аны жамандыктан жана динсиздиктен куткаруучу деп түшүнүшкөн.

Бир айтымда Курейиш султандын эң чоң уулу Кудайберди Банда хан кожо Ыскактын мюриди, жанажан досу болгон деп айтылат. Кудайберди Банда хандын энеси-Курейиш султандын жары оорудан каза табат. Жубайынын өлүмүнүнө кайгырган Курейиш султан улуу даражалуу такыба-Ыскак кожого адам жиберет да:

-Ал дуба кылганга келе алаар бекен? Барып айт! дейт.

Азирети кожо Чирадан Котонго келет. Курейиш султан улуу даражалуу кожого:

-Азирети кожом, менин аялымды тирилтип бериңиз? деп жалбарат.

-Эгер анын денесинде жашонун бир белиси, -жок дегенде дем алуусу болгондо, тирилтсе болмок. Иштин жайы, ал жашоодон өлүм абалына кеткендиктен, аны тирилтүү мүмкүн эмес,- деп жооп берет.

Курейиш султан анын сөзунө ишенбей.

-Тирилтиш ыйык Эшендин колунан кантип келбесин. Аны эл ыйыктардын ыйыгы, Азирети деп аташса. Колунан баары келет дешсе- деп ойлогон султан, көжөлуп сурана берди.

Айтканына ишенбеген султанга, Улуу даражалуу каарданып:

-О ага Алла ыраазы болсун! Алланын мээрими жана батасы аны колдоп журсун!-деп жооп берди.

Азирети кожом, Өзүңүз ыйыктардын ыйыгы болсоңуз. Болбогон иштерди болтуруп, кудайы момундарга жардам берип келсеңиз. Кантип эле, менин аялымды тирилте албайсыз?-деп кайра суранды.

Ага каны кайнаган азирети кожо;

-О, Курейиш менин айтканыма ишенбедиң. Сен тукумуң менен хандык бийликке жетпейсиң-деп ачууланып, Ак-Суууга аттанып кетет.

Хандын тукумдары болсо да Курейиш султандын урпактары Мухаммед Хашим-султан, Искендер султан, Чыңгыз султан жана Кудайберди Банда хандын балдары, жөндөмдүү ханзаадалар экендигине карабай хандык бийликке жетпей, бардыгы ырайымсыз кылычтыг курмандыгына айланышыптыр.

Азирети кожо Ыскакты Мухаммед хан Ак-Суудан утурлап тосуп алды. Ал келээри менен Кутлут Мухаммедха Чурас жана Назар мырза ордо беги Ыскак кожонун мюриддери болуп калышат. Улуу даражалуу такыба Ак-Сууда калды. Бирок, шаар калкы аны тоготушпады. Аны байкаган улуу даражалуу азирети кожо:

-О Кутлуг-Мухаммед мырза! Бул элге биздин келишибиз жыргалчылыктын жышааны экенин айтып кой. Биз бул жерге улуулардын (кожолордун) уруксаты менен көрпенделерди ыйман жолуна салыш үчүн келдик-деп айтты.

Азирети Ыскак кожонун мюриди, мырза Кутлуг-Мухаммед Чурас Ак-Суунун тургундарына барып:

-О журт. Бул такыбанын келишин эки дүйнө үчүн сыймык деп билгиле-деп жарыялады.

Эл арасынан бөлүнүп чыккан карапайым могол:

-Келгендердин бардыгы «Менин ушундаймын»: дешет. Биз анын ким экенин билбейбиз- деди.

-О пас адамдар, бул могол өлкөсун, силерге улуу даражалуу Махдуми Аззам тартуулаган. Бул турган асыл адам,ошол олуянын баласы болот-деди Кутлуг мырза.

Ушул учурда Уштур-Халифа колуна чоң таяк алып, аны улуу даражалуууга кезей баштады. Ал Ак-Суу тургундарына чейин ого эле узак аралыкта болгон. Аларда көтөрулгөн ызы-чуу улуу даражалуу такыбанын Ыскак кожонун жакшылык ыроологон айланасына жеткен жок. Бирок, ал окуянын сырын Уштур-Халифи ачып берди. Улуу даражалуу такыбадан кетип, ал ошол талаш жерге жанагы чоң таягын кармай келип, кыйкырган моголду чапты. Ал жыгылып, бир канча убакытка эсине келбей жатып, кайра эсине келгенде-«Хожом, хожом-деп бүгүлө ордунан турду.

Аны көргөн Ак-Суунун тургундары толкунданып, бардыгы кожо Ыскактын мюриддери жана достору болуп калышты. Алар Ак-Суу шаарына ханака тургузушту. Ошондон бүгүнкү күнгө чейин хана-

када болушкан адамдар каалаган максаттарына жетишет. Ал жай сыйына турган жана Кудай ыраймын ыроо-лочу жер болуп калды.

Мухаммед хан Абдырашид хандын бешинчи баласы. Ал өзунун бир тууганы Суфий султан менен жолугушмак үчүн Котондон Кашкарга кайтты. Экө жоолугуп калышты.

-О, менин султаным, сиздин атыңыз ким? деди кожо ысман.

-Менин ысмым Мухаммед деп, сылык жооп берди хан.

-Мен дайыма бул өлкөгө келишимдин сыры эмнеде деп ойлоп жүрчү элем. Мына эми, мени бул жакка ушул султандын ысмы, сүйүүсү жана ниети алып келгендигине ынандым- деп, кайра кайрылды

-Аттан Мухаммед! Күткөн болбойт. Аракет кылуу зарыл.

Мухаммед хан үйүнө келээр замат өзүнчө ойлонду;

-Мен улуу даражалуу такыбанын жолун жолдоочусу болор элем. Азырынча буга татыктуу эмесмин. Бул милдетти мен аркалай аламбы?

Бул жагдай улуу даражалуу такыбага маалым болуп, ал эки сап ыр жазып, анын жанында дайыма болчу Суфий аркылуу берип жиберди.

Жүрөктүн алсыздыгы, жүрөктүн кубалыгы тууралуу ойлонбо,
Ашык болгун, анткени сүйгөндөн келет ар кыл жардам.

Ыр жетээр замат Мухаммед хан улуу даражалуууга чуркап келип, анын мюриди болуп калды. Ханды ал тарбиялап жогорку даражага жеткизип-ыйман жана кемтиксиздиги жолуна түшүүгө тарбиялады. Абдалкарим хан өлөр замат, такка Мухаммед хан отурду. Ал хан болуп туруп, күнү-түнү намаз окуп, орозо кармады. Улуу даражалуу такыба:

-Мухаммед ханга айткыла. Эгер ал мага кудай акысы үчүн бир акыйкаттыкты берсе, мен алтымыш жыл бою кудайы намазга арнап, ыраазы болоор элем-деп айтты. Ошондон кийин хан адилет бийлик жүргүздү.

***

Кожо Ыскактын улуу агасы кожо Мухамметемин (кожо Калан) инисинин таасири улам кеңейип баратканына ичи тарып, Дахбидден Кашкарга келип, өз талапташтарын топтоп, кожо Ыскактын таламдаштарына каршы аракеттерди жүргүзө баштайт. Кожо Ыскак тараптагылар «кара такыялуу», кожо Мухамметемин тараптагылар «ак такыялуу» деп аталып, бири-бирине кандуу

күрөштөрдү башташып, Жаркен хандыгы жана анын карамагындагы улуттардын, айрыкча кыргыздардын тынчын алышат. Кожолордун кесепетинен Кара-Тоолук кыргыздар кожо Ыскактын тараптарын колдогондугу үчүн «кара тоолуктар», же « кара такыялуулар»-«Ыскакия, «ак тоолуктар» «ак такыялуулар»- «Ышкыя» деп, аталып калышат.

Бир тууган кожолордун бири-бирине көрө албастыгы кандуу кармаштын башталышы болду. Кожо Мухамметеминдин чоң уулу кожо Мухаммед Жусуп Дахбидден Памирдеги кыргыздар жашаган аймактар аркылуу Кашкарга келип, «ак тоолуктар» менен «кара тоолуктардын» карама-каршылыгын андан бетер күчөттү. Натыйжада Жаркен хандыгынын бийлөчүлөрү экиге бөлүнүп, ордонун ынтымагы кетти. Жаркен ханы султан Махмуд хан кожо Мухаммет Жусупту Кашкардан кубалап чыгарды. Ал Ак-Суу, Кучар, Кашкар, Турпан аймак-тарында дервиштик кылып, аягында Комулга кетет. Анын уулу кожо Идайетулла (кийин Ава кожо) Комулда төрөлөт. Ал султан Махмуд хан өлгөндөн кийин, кожо Мухаммед Жусуп Кашкарга кайтып, «кара такыялууларга» каршы аракеттерди улантат. Кожо Мухаммед Жусуп уулу Идейетулла экө ханзада Жолборсту хандыкка келишине көмөктөшүп, «кара такыялууларды» аесуз кыргынага учуратышты. Аларга каршы кожо Ыскактын урпагы Шадип Жаркен, Поскам, Каргалык, Меркит аймактарындагы «кара такыялууларды» уюштурушуп, Жолборс хан жана анын таянычы болгон кожо Мухаммед Жусупту өлтүрүп, Жолборс хандын бийлигин Абдылда хандын иниси Исмаил ханга алып берип, ордого отургузат. Кожо Идайетулла атасынын өлүгүн Кашкардагы Ийогу деген жерге (Кашкардагы Авак кожо мазарына) коюп, Дахбидге качат.

Идайетулла Кашмир, Чынхай, Гансу өлкөлөрундө дервиш-тик кылып журуп, кандай да болсун бийликке жетүүнүн жолун издейт. Өз максатын ишке ашыруу үчүн Илеге барып, Жуңгар ханы Галданга барып, «бийликти алып берүүнү» өтүнөт. Ойроттордун он эки миң аскерин баштап келип, Жаркен хандыгынын 168 жылдык үстөмдүгүн талкалап, Жунгар хандыгынын алдындагы «ак такыялуулар» бийлигин орнотуп, өзүнө «Ава кожо» (Ааламдын кожосу) деген наам берет. Ал өзун бийлик ээси катары эсептегени менен Жунгар хандыгынын куурчагына айланат.

Мухаммед Жусуп Кашкарга келгенден кийин Памир, Теңир-Тоо айланасындагы кыргыз урууларынын арасында оор бүлүк салды.

Кашкардын тегерегиндеги кыргыз уруулары «ак такыя-лууларды» колдоду. Ал эми Памир жана Коэнлун тоолорунун этектериндеги кыргыз уруулары «кара такыялууларды» колдойт. Мухаммед Жусуп менен кожо Идайетулла тополоңунда кыргыздар аларга каршы майданда турушту. Ал кезде Абдылда хан Жаркен хандыгына караштуу чоң шаарлардын бийлигин бүт бойдон кыргыз уруу башчыларына ыйгарган эле. Бирок, Абдылда хан бийликтен кетип, Жолборс хандыкка ээ болгондо кожо Мухаммед Жусуп жана кожо Идайетулла баштаган «ак такыялуулар» кыргыз урууларынын үстүнөн кандуу кыргын жүргүзүп аким бийлерди бийликтен кетиришип, көздөрүн тазалашат.

Жунгар ханы Галдан Комул, Турпан аймактарын басып алып, Кашкардагы «ак такыялуу» кожолордун башчысы кожо Идайе-тулланын (Авак Кожо) өтүнүчү менен Жаркен хандыгын ээлеп, Теңир-Тоонун түштүк аймактарын кошо ээледи. Ал жерлерди башкаруу укугун Авак кожого тапшырып берди. Өзүнүн кошуунун жиберип, Теңир-Тоонун батыш Монголиянын ички аймактарын басып, Чин империясына коркунучт уудурду. Калмактардын баскынчылыгына каршы Теңир-Тоонун түндүк тара-бындагы жана Алай тоолорунун тегерегиндеги жашаган саяк, сарыбагыш уруу-ларынын көтөрүлүшү, чоң аскердик күч менен Чин империясынын борбордук аймагына чабуул жасап жаткан Галданга оор сокку болуп, өзүнүн Теңир-Тоонун батыш тарабы-ндагы ээлеген жерлеринен айрылып калды. Чин империясы үч ирет Галданга каршы согуш жарыялады. Ошол кезде анын жээни Суаң Рабдан Иле шаарында көтөрүлүштү баштап, анын борборун тартып алды. Анын кесепетинен Галдан уу ичип өлдү. Суаң Рабдан бийликти ээледи.

Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы кыргыз уруулары Гал-даңдын Кашкардагы союлчу-куурчагы Аппак кожого тынымсыз сокку берип турду. Айрыкча Кашкар, Жаркен аймактарындагы ойрот аскерлери менен Аппак кожонун бийлөчүлөрүнө оор коркунуч болду. Жаркен, Каргалык аймагындагы уйгурлар менен Кызыл-Тоо аймагындагы кыргыздар Шады кожонун жетек-чилигинде көтөрүлүшүп, Аппак кожого каршы чыгышты. Ал согушта Аппак кожо өлтүрүлдү. Бирок, Галдандын оордун ээлеген Суаң Рабдан аскер жиберип Теңир-Тоонун түштүк тараптарын өзүнө каратты. «Ак такыялууларды» «кара такыялуу» кожолордун башчысы Даниял кожо (Шады кожонун уулу) кыргын кылды.

Аппак кожонун небереси кожо Акмат чоң атасы Аппак кожонун ээрчиген «ак такыялуу» кожолорду баштап, Жунгар хандыгынан бөлүп, Кашкарда өз алдынча бийлик кылууга аракеттенди. Жунгар хандыгы кожо Даниялдын жардамы менен Кашкарды чаап алып, кожо Акматты үй бүлөсү менен туткун кылып, Илеге алып кетти. Акмат кожонун уулдары кожо Бурханидин менен кожо Жахан Каш суусунун боюндагы Эрен-Кабырга деген жерде калмактардын көзөмөлүндө калышты.

Мамашарип аксакал баш болгондордун кеби боюнча шаарга жакынкы Файыз-Абад, Кан-Арык, Астыңкы-Артыш, Кызыл, Тогузак, Тозгун, Өстөн-Дайра, Арчу, Алтын-Артыш айылдарында кыргыздар чогуу жашаарын билди. Көпчүлүк ортосунда кеп учугу чубалып, тээ илгертен берки уламыштар, жер-суулардын кандай себептерден аталып калышы тууралуу сөз жүрдү.

***

Кашкар аймагындагы жер-суулардын аталыштары туура-сында элдик айтымдар ого эле арбын. Тээ байыртадан бери кыргыздын ата-бубалары турактап, көнөргүс тарыхын, көлбүгөн көмүш айтымын, унгулуу уламыштарын ташка чегилген тамгадай кылып, таштап кетишкен. Ал ооздон оозго, урпактан урпактарга уланып, ушул күнгө жетип отурат. Кашкар-эң байыркы кытай даректеринде Сулэ деп аталган. Ал эми Кашкар аталышта байыртадан бери жергиликтүүлөрдүн айтымындагы сөз себепкер. Мааниси кашы кар, маңдайы кар. Себебин карап, сарэсеп салган адамга, кашында Кебез тоосунун музу кашкайып, көрүнүп турат. Ал эми Артуш аталыш, туш тараптан келип кошулган жер «ар туш» аталат. Үстүнкү жана алдыңкы «Артушту» көргөндөр- ар тарабы туш келген жерди көрүп ынанат. Үстүнкү Артушта «эки сак» деген жер бар. Илгеркилерден уккан карыялар эки сак жашап, өткөн экен»- деп айтышат. Ал эми Байсак аталыштын мааниси «бир сагы» өтө эле байып кеткенинен улам, бири сак-Байсак болуп аталып калган.

«Баш керим»- деген аталыш «Миң жол» аркылуу айтылып калган дешет. Ал жер кыргыздардын кароолу турган жери болуп, Кашкар, Ит Жол, Кызыл-Сеңир, Чыгыш, Түштүк, Батыш. Түштүк-Башкерим жакка каратылган аскер көчүнөн улам аталыптыр.

Үч-Турпан жөнүндө эки түрлүү аңыз бар. Бириси Үч-Турпан деген сөздүн мааниси «Үч актармадан улам айтылып калган»

делсе, кай бирлери «Турпан деген адам атынан улам айтылган» дешет. Жер бетинде адамзаты пайда болгондон бери, көп өзгөрүүлөргө күбө болду.Тоолор чөгүп, деңизге айланды. Адыр урап, коо болду. Коо оркоюп, тоо болду. Ушундай алаамат заманда Турпан балээси (апаат) өкүм сүргөн. Жер бетиндеги бийик тоолорду көмгөн кырк кез суу каптаган. Ошондо пайгамбарды кемеге салып, Ажымулук деген көк тиреген бою бар адам, кемени түртүп айдап, оркойгон аска учуна, тоо баштарына тийгизбей жүргөн деп айтылат. «Турпан балээси (апааты) үч жолу болгондон улам -Үч Турпан аталып калган» делет.

үч-Турпандын дагы бир аты «Таш тура». Мындай аталышты «Курманбек» эпосундагы баш каарман Курманбек баатыр аркылуу чечмеленет. Баатыр Үч-Турпанды мекендеп, ошол аймакка бийлик жүргүзөт. Шаар салып, аны тегерете коргон курдурат. Ал Кашкардын ханы Аккан менен достошуп, бири-бирине катташып туруууну маслатташат.

-Менин калаам чоң. Аны тегерете коргон курдурдум. Сейил-деп, конок болуп кел. Дарбазасын алтындан жасаттым деп, чакырат.

Курманбек Аккан досунукуна келет. Курдурган калаасынын дарбазасы алтындан эмес. Анын эки тарабы таштан кыналган, адаттагыдай эле дарбаза эле. Аны көргөн Аккан

-Дарбазаң алтындан эмес, таш тура дейт.

Ошондон улам «Таш тура» деп аталып калган экен.

Турпан чөлкөмүнө назар салганда «Жылкычы Дөбө» «Ак-Жар» «Кулчулук» «Ит талаган» деген жерлер бар. Алар да Курманбек баатырдан улам айтылып калган делет. Курманбек баатырды калмактар жалгыздатып, өлтүрүп кеткен жер «Ит талаган» делип, ушул күнгө чейин айтылат.

Ак-Суунун мурдагы аты «Азык» аталчу. Азыр дале Ак-Суу дыйкандары «азык» дешет. Себеби, жер тегиз, түшүмү мол болгондуктан, «азык берчү жер» деп аталып келген. Байдан Күнөскө ашчу жайлоону «Коңур жайлоо» деп аташат. Көбүн эсе кыргыздар «коңур жылкы», «коңур жел», «коңур жайлоо» дешип, жердин жайыттуу, ыңгайлуу шартына карай атап келген. Бай менен Кучар шаарынын ортосунда «Эчкилик», «Кыргыз-Ата» деген жерлер бар. Анын жөнү «Сары талпак» аттуу аксакал, ошол аймакты жердейт. Ал кезинде эл ичинде урматка бөлөнөт. Эчкини көп өстүрүп «эчкилүү» аталат. Тууган-уругу, жолоочулар убай-чубай келип, аны

союшун, мейманкерчилигин көрүшүп, ыраазы болушат. Ошондон улам ал келгендерди жерге отургузбай, алдыларына эчкинин терисинен өңдөлгөн жумшактап талпакты салып бергендиктен «Сары талпак кыргыз атасы», «Сары талпак конушу» аталып жүрөт. Кийин анын көзү өткөндөн соң «кыргыз ата» деп аталып кетет.

Кучар шаары менен Шая ортосундагы «Тойбоду күнше атаке», Дадубва аталыштагы жердин да, өзүнчө мааниси бар. Ушак-Тал менен Күмүштүн ортосундагы бел Жаман-Айгыр аталат. Ал аңыздын айтылышына себепкер чарбадар кемпир болгон. Күмүш аттуу кемпир кезинде жаактууга жай бербеген, сүйлөгөнгө сөз бербеген, жапылдаган пенде экен. Аны көзү жокто «кара жаак» деп аташчу. Кара шаардагы калмактардын бир тобу Күмүштүн жайыттагы бир үйүр жылкысын сүрүп, айдап кетишет. Бир далай убакыттан соң Күмүш жылкысына барып, жоктойт. Үйүрдөгү жылкылардын карааны көрүнбөйт. Жайытта такалуу аттардын гана изи калган болот. Кемпир из артынан сая түшөт. Бир топ жерге барганда үйүр башы-айгыры жылкыларды сүрүп, аяк-быякка чыга калгандарын соорудан тиштеп, күү менен качыра кубалап, келе жатканын көрөт. Ошондо Күмүш кубанып

-Бул айгыр, жаман кыйын айгыр. Мага жоолуккан жер «Жаман Айгыр» аталып калсын дейт.

Ошондон улам ал жер «Жаман-Айгыр» аталып калат.

Күмүштөн Токсунга чейинки аралыктагы боз тоону «Айгыр-Булак» деп аташат. Буга чейин бул аймакты эл «Курган-Сай» деп аташкан экен. Ал кезде Токсун аттуу баатыр жашаган. Ал элине башчы болуп, атагы алыска тарайт. Анын сымбаты келишкен күлүк аты, дайыма үйүргө коюлат. Анын жанына бөтөндөр жакын келе алышпайт. Өзүнүн ээсинен башканы жанына жакын жолотпой, алдына келсе чапчып, артына барганын тээп, жакындаганды тиштеп, мине калганды мөңкүп, жыгып, эч бир жанга карматпайт.

Токсун баатырдын жанына өзү келип, этегин, колу-башын жыттап, окуранып турчу. Ал да кара кашкасын баласындай жакшы көрчү.Баатырдын тулпары казатта кууганына жетип, качса кутулуп, ээсинин эрдигине шериктеш болот. Токсун баатыр кара тулпардан тукум алсам деп, жылда үйүргө койсо да, эркек кулун туулбайт. Бир күнү суутканы аса байлап койсо, негедир түндөсү үркүп жүгөнүн үзүп, кайдадыр качып кеткен болот. Ошол түнү алай-дүлөй бороон улуп, топурак- кум сапырып, айгырдын изин көмөт. Баатыр

ары барат, бери барат. Аттын карааны, изи да көрүнбөйт. Ичи туз куйгандай ачышып, жакынкы жайыттардын баарын кыдырат. Эч жерде жок. Дареги билинбейт. Бөксө адырларды аралап, айдың талааларды кезет. Куумай кумдуу бир жерде, аяктай топуракты аңтара баскан аттын изи көзүнө чалдыгат. Аялы уул төрөгөндөй сүйүнүп, из кубалайт. Аңды-дөңдү ашып, аябай шашып, бир белести аша бергенде, кара айгыр очок оозундай, сокур булактан суу ичип турганын көрөт. Дал ошол жер кийин «Айгыр-Булак» аталып кеткен.

Токсун баатырды ат жалынан, эч бир жоо ала албайт. Тулпардын акылмандыгын билген калмактар, баатыр жол жүрүп бараткaнын, майда тал арасында пайлашып, кемер жарга жашынышат. Алыстан жаа менен атып, өлтүрүшөт. Токсун баатыр кара айгырдын башын кучактап, боздоп ыйлайт.

Көмүрдөй кара көрүнгөн,
Көөдөнгө жалы төгүлгөн.
Камыш кулак, кең сору,
Кашкам өттүң дүйнөдөн.
Кашкам эмес, канатым,
Кайрылып сынды мүрүмдөн– дейт… «Токсун баатырдын зары» деген дастан, эл оозунда айтылып келет.

Кайгыга чөккөн баатырды, майда тал арасында жашынып келишкен калмактар аркасынан балта менен кара кушка чаап, өлтүрүшөт. Дал ошол жер «Ушак-Тал» аталып калат.

Токсун баатырдын мүрзөсү Даванчиндин «Таруу-Булак» деген жеринде деп эл кеп кылышат.

Кара шаардын үстүндөгү жайлоо «Жылдыз» аталат. Ал аймакта жылдыздай болгон саныз торгой булактар, күндүзү күн нуруна, түнкүсүн ай нуруна чагылып, алыстан эле айкын көрүнүп турганына улам, ал жер «Жылдыз» деп аталып калган.

Кара-Жүл аталышта, ар кыл аңыз бар. Тээ илгери эл келе электе, кенен жайык талаада жылгын бедедей көгөрүп, баш аягына чейин созулуп жаткан эле. Кушчулардын бубалары келип жактырып, ушул жерди турак кылышат.

Бир айтымда моңголдор табылгылуу тоонун этегиндеги кең аймакты, турак кылып турушкан. Турпан баатыр монголдор менен салгылашып, акыры ушул жайдан сүрүп, айдан чыгат. Кур-Сай, Сары-Тикен, Орто-Сайдагы таш үйүлгөн бейиттер ошондогу монголдордон калган делет. Монголдор бул жайдан кетээринде

чоң көлдү байытып турган булак көзүнө, таар-таарлап кара жүндү шыкап, таш ташташып, ылай менен шыбап, булак көзүн бекитишет. Булак көзү бекиген соң, көл тартыла баштайт. Ошондон улам «Кара-жүн»аталып, кийин Кара-Жүлгө айланган имиш.

Баягы булактын ар тарабы кара балчыкка айланат. Ким бирөөлөрдүн айтуусу боюнча, «ал баткак-ооруга шыпа» делет. Жаман оору жармашкандар, денеси жара, кулгуна болгондор келип, баткакты шыбанышканда төрт-беш күнгө жетпей, жараттарынан айыгып кетишкенден улам, ал жер «Айыктык» аталып калат. Кара-Жүлдүн жайлоосу ушул күнгө чейин «Айыктык» делет. Андагы Ак- Чий, Кара Булак, Күншөнүн жогорку тарабын эл Үчүкө-Үч -Жайлоо аташат.

Эне-Сай өрөөнүндө «Каңгыт» деген тоо, «Кардык» деген токой болот. Анын мааниси тоого чыккан пенде, баш-аягы жок чытырман токойдо кайда барарын билбей, жол таппай, туш келди каңгып жүрө берет. Ошондон улам каңгып жүргөн жерди, баш-аягы билинбеген токойлуу тоону «Каңгыт» деп аташкан. Ал эми «Кардык» деген аталыш жыш токойдон улам айтылып калат. Ал токойго кирип, аралаган адам бир-эки күн эмес, жумалап, айлап, жылдап жүрсө да жол таба албайт. Эне-Сайлык кыргыздар:

-Токойду аралап жүрүп, карыдык- деп айтышчу. Бул айтым кийин барып, «ы» тыбышы түшүп, «Кардык» деп аталып калат.

«Чоң инген», «Кичине инген» деген жердин аттары жердин шартына, аба ырайынын өзгөрүшүнө байланышкан.

-Бул тоолор, кең тоолор. Жел жүрсө аска, коктулардан, шамалдан улам доош чыккан. Ал дооштун жаңырыгы тайлактын боздогонундай болуп угулган. Чоң тоону «Чоң инген», Кичине капчыгайлуу тоону- «Кичине инген» аташкан.

Сырткы Моңголияда «Эбел» «Үмүт-Үз», «Таргал» деген жерлер жөнүндө эл арасындагы ырда, терең турмуштагы болгон көрүнүш баяндалат.

Талгардын суусу талкан суу,
Тал башынан ашкан суу,
Тура келип каптаса,
Тирүү жан калбай аккан суу… деп айтылат. Анын жөнү Талгардын суусу киргенде, топурак-кумду аралаштыра ташып, кокту-колоттогу чычырканак, талдардын башынан ашып көтөрүлөт. Сел аймакты каптап, тирүү жан калтырбай, шыпырып кетет.

«Үмүт-Үз» деген жерди капылеттен келген кыян, болгон нерсени шыпырып, чайкап кеткендиктен, аны издебегиле делген. Себеби, тоо башын азыраак эле булут чалса, добул түшүп, жамгыр жаап, суу сиңбеген капчыгай ичи аркыраган селге толуп, этектеги жайыкта эч бир буюм калтырбай, таштан бери агызып, бар нерсенин баарын алып кеткендиктен «Үмүт-Үз» деп аталып калган.

Байыркы кыргызда Тибетти «Күн тийбейт» деп аташкан дешет Бара-бара «күнү» айтылбай «тийбейт» дешип, анан барып «Тибет» аталып калган деп божомолдошкон. Кээ бир карыялар кыргыздар Кызыл деңизден Инген тоолоруна, буурул түндөн, Тибетке чейин жашаган учурда, Тибеттиктер асман мелжиген бийиктикте, барып жетүүгө жагдайсыз, карым-катнаш жок, кооптуу болгондуктан «Аларга эч ким тийбейт» деп айтылып жүрүп, акыры «Тибет» аталып калган дешчү. Буга окшогон айтым-уламыштар ого эле көп экендигин отургандар биринен бири өтүп баяндап беришти.

***

Сөз аягы уламыштан уланып, санжырага кезек келди. Төрдүн ортосундагы чарсы бойлуу, жүзү жылдыздуу Мамашарип карыянын ар бир сөзү далилдүү, ары таамай айтылып, көптүн көңүлүн өзүнө бурду. Жер-суулардын аталышындагы уламыштарга кенен токтолуп, санжырага келгенде, талашка көп эле кошулбады. Көпчүлүк арасындагылар көбүрө-жабыра, билгендерин айтып жатышты.

-Аты чуулу Чыңгызхан Эне-Сайдагы кыргыздарга кысым көрсөткөндө көбү ар тарапка чачылып, ар кайсы элге аралашып кетти. Долон бий эгиз балдарын ээрчитип, тээ илгерки ата-бабалары жайлаган «асманында ай түнөгөн, жеринде күн күлүмсүрөгөн, күнөстүү Ала-Тоо аймагы кайдасың» деп, Теңир-Тоо аймагына келип жетет. Бир топ жылдан соң Нарын менен Кочкор ортолугундагы ашууда дүйнөдөн кайтып, сөөгү ошол жерге коюлат. Ошол ашуу Долон бели аталып калат. Анын Ак уул, Куу улдарынан тарагандар «отуз уул» аталып кетет. Куу уулдан Көбөш. Көбөштөн Босого, Каңдабас, Асыгаалы, Жайыл, Кулунчак, Карача, Сапарбай жети уулду болот. Босогодон Мундуз. Асыгаалыдан Чоңбагыш. Кулунчактан Басыз. Жайылдан Каратал, Каранай. Караталдан

Токтоболчу. Токтоболчудан Кушчу. Каранайдан Саруу. Кытай (Кутай). Сапарбайдан тукум калган эмес.

Кулунчак кийин Кулансарык деп аталып кетет. Себеби Кулунсарыктын жалгыз кула байталынан башка малы жок кедей болгон экен. Сапарбай тууганынын миң жылкысы болгондуктан аны Миңжылкы деп аташчу. Ал өз жылкыларын аяп минбей, Кулансарыктын байталын ноктолоп минип алып, жылкыларын бакчу экен. Ошондон улам «Сапарбайдын сан жылкысы көзүнө көрүнбөй Кулансарыктын кула байталын ноктолоп минип, жылкыны баккан экен» деген лакап, эл оозунда айтылып калыптыр. Ушул аймактагы Сапарбай аттуу жайлоо, ошол кунаса Сапарбайдын атынан аталып жүрөт.

Анжиандык санжырачылардын кээ бирлери ичкиликтердин таркашын, Кыргыздан Намырат, андан Субанкулу. Андан Шумат, Шермат, Пулат дешет. Шуматтан Найман. Шерматтан Султанша, Надырша. Султаншадан Кесек, Жоокесек. Надыршадан Бостон. Пулаттан Нойгут, Кыпчак деп белгилешет.

-Мен кушчуларга токтолоюн,- деди Мамaтибраим карыя айланасын кыдырата тиктеп.

Эки бир тууган Солусбек, Булгачы. Солусбектен каңды, бостон, тейит, абат, оргу жоокесек. Булгачгыдан кыпчак, нойгут, найман, төлөс, кесек, дуулат он уул ичкилик.

Ичкилик урууларынын Ала-Тоо аймагына келиши боюнча элде лакап айтылып калган.

-Абат ашып келген,
Нойгут басып келген.
Каңды качып келген,
Төлөс чачып келген.
Бостон кууп келген,
Оргу ооп келген.
Кыпчак жоолап келген,
Найман доолап келген.
Кесек кезип келген,
Тейит терип келген.

Кырк уруу кыргыз отуз уул (уруу), он уул (уруу) делип эки топко бөлүнөт.

Кеп баккан, кепке маани берген акылман, ойлору тунук ушундай адамдар гана элдин тарых-таржымалына күйүп кийинкилерге төкпөй-чачпай жеткирерине Алыке ынанды. Ичинен

аларга ыраазы болуп, алардын узун өмүр жашоосун кудайдан тиледи.

-Менин билишимче Жайылдан Каратал, Каратеңеш. Каратеңештен: Жоош, Мендуулат Меңдуулаттан: Оңочор, Жанкушчу, Тазкушчу, Каракушчу, Сакалды, Көккушчу, Чалике.Жаңкушчудан: Чейне, Чилжубут, Күнгөй.Чейнеден: Акбай, Эсенкелди, Баяш, Чүйлүболот, Саргалдак. Кагасты, Көзүжаман. Көзүжамандан Шаранот, Кубатбек.- деп Мамыр бий кошумчалай кетти.

-Сиздин айткандарыңыз бир аз башкараак болгондой Сартбай алымдын айткандарын уга элек окшойсуз деди Орокбай карыя.

Карыяга берилген суроо ыңгайсыз болгонун сезген Мамыр бий, сөз багытын башка жака бура кетти.

-Кубат бий баргылардын кызына үйлөнүп, Болумбий аттуу уулду болду- деп угабыз, ырасбы? Мамыр бий укканын эстеп,

-Ооба. Ырас- деди Алыке баш ийкей

-Тектүү жердин кызынан го?

-Баргы Ажы бийдин карындаштарынан болот деп угулган.

-Аларды илгертеден эле «хан баргы» деп коюшат. Бий, баргылар аркылуу оң канатты колго алып, туура кылыптыр.

-Ансыз дале, баргылардын бийи Ажы бий, Кубат бийдин жанажан, акыреттик досу-деп укчу элек?

-Эми баш алып, баргыларга ары дос, ары күйө, такыр ажырагыс болуптур.

-Кубат бийдин оң-солду түгөл колго алышына караганда биротоло чоң ишке камынгандый?

-Ооба. Казат жолуна башын сайып киришип, ойрот калмактарды Түркстан аймагынан биротоло сүрүп чыкканга белсенип отурбайбы?

-Бий жөн жеринен чоң ишке аттанган жок.

-Кандай ойду айтканы турасын?

-Бир болсо бий, кыргыз дөөлөтүн тикелейин деген максаты бар.

-Ал барыбызга эле айкын болуп турбайбы? Сол канатты түгөл өзү бийлейт. Оңду акыреттик досу Ажы бий аркылуу алып, «хан күйө» аталып, эми жаамы кыргызга билерма. Андан тизгин талаша турган кыргызда ким бар? Кыргыз үчүн күйөм дечүүлөр Кубат бийче болоор? Күнкорсуз дөлөт тикелейм деши ак.

-Жаамы Паргана, ал тургай Жети-Суу аймагындагылар бийди кол башчылыкка шайлашып, хан деп аташса, алардын ишеничин

актап, Анжиан-Арканы ойрот-калмактардан тазалап, биз тарапка-Чыгыш Түркстанга жөн келбеди. Кожолор да анын кайра тартпас, машыккан колунун эрдиктерине ишенип чакырышканы жөндөн-жөн эмес. Андан да бий «Кашкар-Жаркен аймагындагы кыргыздарым бар. Аларды калмак баскынчыларынан азат кылам» деп келди.

Буйруса, Катуу-Багыт-Кашкар, Анжиан-Арка аймактарындагы кырк ууру кыргыз биригип, өз алдынча ээлик болобуз. Андай иш Кубат бийдин колунан келет.

Отургандар бака-шака кеп талашышып, ар кими өз ойлорун айта баштады.

-Кушчу уурусунан илгертеден эле Кубатбекке окшогон эр азамат, баатырлар, хандар көп чыккан.

Үйдүн экинчи жагында отурган жигит кыйкыра сүйлөдү.

-Баатырларды го билебиз. Хан кимдер болгонун айта кет? деди каршысында отурган теңтушу.

-Ханын так билбейм. Бирок, Кушчулар бийлеген Кушан мамлекети болгон деген айтымды угуп жүрөм.

-Билбесең айтпа. Билгендердин сөзүн ук-деди бирөсү, аны тыйып.

-Өзүбүздү-өзүбүз мактай бербейли. Башка уруудагыларда да Кубат бий, Ажы бийге окшогон баатырлар арбын.

-Андай болсо, кайсы жерде, кандай баатырлар бар? Билгендерден угалычы.

Баятан бери чар жайыт, жарыша сүйлөгөндөргө кийлигишпей отурган аксакалдар, бири-бирин тиктешти.

-Кайра-кайра кайталанган калмактардын баскынчылыгынан улам Фергана өрөөнүндөгү Анжиян, Наманган тегерегинде Отуз уул, бостон, тейит, жоо кесек, дөөлөс, кыдырша, канды, басыз, галым кушчу, айбаш мундуз, чоң багыш, сунжек кытай уруулары көчүп келип, чогуу жашап калышты. Солтолор Анжияндын, Намангандын үстүндө, ага жамаатташ Сарыбагыш, Саяктар Оштун тегерегинде турду. Саякты Садыр жалпы жөнүнөн Гадай бий башкарды. Көк жүндү Ибалы бий, боз тумакты Ташыбек бий, моңолдорду Бирназар бий, желденди-Шапак бий, бугуну Бирназар бий, кытайды-Муса бий, саруунy-Садык баатыр бийлеп турушат–деп, угуп жүрөбүз. Оторбай карыя отургандардын сөзүн толуктады.

-Мен Кушан атадан укканым бар. Ал кишинин куйма кулак экенин эл билет. Акылы таза бир укканын эзели унутпайт. Эс-

тутуму тунук. Жазып да жүрөт- деп Сартбай алым сөз баштаганда, тургандардын бардыгы ага көңүл буруп калышты.

-Кыргыздын сол канатын түзгөндөр Чоңбагыш, Жайыл, босого, мундуз. жайылдан каратал, каранай. Караталдан токтоболчу үчсейит: Төрөсейит, Касымсейит, Сарысейит. Токтоболчудан кушчу. Кушчудан Каратеңеш. Жетиген (Ибраим Молдо). Жетиген-ден кыргый, Кыбал. Каратеңештен Жоош. Меңдуулат. Жооштон үчкуртка. Жантай, Үчкурткадан Сабатар. Сабатардан аманкушчу, каракужур. Жантайдан кайназар. Кайназардан Накай, Аксак бөрү, Сокур бөрү, Чүрпө,Майтык бий, Кенже, андан Итимбий. Меңдуу-латтан Чейне. Чилжут, Чалыке. Тазкушчу, Көккушчу, Каракушчу, Бирке, Шалка, Жолболду, Күңгөй, Сыртыкара, Жанкушчу. Жанкуш-чудан Калча, Кагазды. Калчадан Баба. Бабадан Кубат бий. Кагаздыдан Көзүжаман андан Шаранот. Алардын көбү Анжиандын жака белинде, Ноокен, Сузак айылдарында.

Сартбай аалымдын айтканы көңүлдөрүнө туура келдиби, отургандардын эч кими талаша алышпады.

-Калмактардын кийинки чабуулунда оң канаттагы солто уруу-сунун башчысы Талкан Наманган шаарынын үстүндөгү Сафит Буланды турак кылды Маргалаңдын тегерегиндеги чоң багыш уруусундагылар: Аксы, Сузак, Өзгөн тарапка сүрүлдү. Деги эле Жети-Суудагы калмактардан сүрүлгөн кыргыздардын оң канаты Наманган, Анжиян аймактарына келип, ичкилик жана сол канат кыргыздарына туруп калышты- деп угабыз, ал ыраспы? деди Отор-бай карыя Алыкеден.

-Оң канаттын жарымы-Адигиненин, Муңгуштун тукумдары илгертен эле Оштун тургундары болушат.

-Аның туура. Ичкилик менен сол канаттагылар аларга кийин келишкен.

Туура айтылган сөзгө, Алыке баш ийкеп отурду.

-Мен силерге Чүй, Көл тараптагы оң канат кыргыздары тууралуу айтып берейин,- деди Иле тараптан келген Абдыкапар карыя.

-Тагайдан Богорстон, Койлон, Кылжыр тарайт. Богорстондун Эштек уулунан Солто. Койлондон Кооз жедигер, Кылжырдан Орозбакты, Дөөлөс. Орозбактыдан он ата бугу. Дөөлөстүн тукуму Сарыбагыш. Андан Токо, Манап, Жантай, Элчибек, Таздар тарайт.

Бир айтымда Тагайдын тукумунан Богорстондун уулу Эштек мыкты чыгып, кезинде эл-жер коргоп, калмактар менен салгы-

лашып турат. Бир жолку салгылашта калмактын тайчысы Эштектин күрөң атын тартып кетет. Ага ачууланган Эштек отуз уулдун жигиттерин топтоп барып, калмактарды катуу чабат. Калмактар баш көтөрбөй калышат. Каршылашкан кармаш бир азга болсо да токтоп, эл тиричилик менен алек болуп калган чакта, кыргыздар Кашкарга мал айдап барып сатып жатса, уйгурлар баскынчылык кылып, алардын малын тартып алышат. Ага жини келген Эштек көп кол менен барып, Кашкарды чаап, ордодогу ханын кубалайт.

Эштек Кашкарды башкарып хан болуп турганда Теңир-Тоодогу кыргыздарды  Дөөлөстун баласы Кара Токо менен Манап башкарып калышат. Алар элди катуу эзип, жикке бөлүү күч алат. Эл ичинде:

Кара Токо, Манап ай,
Журтту калган карабай,
Бере бергин санабай,- деген сөз тарап, ошондон кийин, эл башкаргандар манап аталып кетет.

Эштектин уйгурлар күч менен кууп чыга албастыгын билгенден кийин, чечектин кагын кошуп, тамак жасап беришип, көп кошуун кырылат. Аны билип калган Эштек Балта, Түйтөнү, Кайдоолуну алып, качып чыгат. Эштек элине келгенден кийин, улуу баласы Солтого бийликти берет.

Ошол мезгилде саякты Каба бийлеп турган болчу. Кабанын аргымагын калмактар кармап алышат. Каба колун баштап барып калмактарды катуу чаап, эстеринен кеткис кыргын кылат. Калмактар Кабага кек түйүп, атын уурдатып кетишет. Кабанын аты бошонуп, качып келсе, Карачоронун баласы Багыш байлап алат. Аны угуп калган Каба Багышка барса, ал атты энчилеп, бербейт. Каба Кылжырдын Дөөлөсүн калыстыкка чакырат.

-Багыш мунуң жарабайт. «Тапкан сүйүнөт, тааныган алат». Өз атын, өзүнө бер- деп, Кабага алып берип коет.  Ошол күндөн бери эл арасында «Кабанын аты качса кармаба» деген лакап айтылып калат.

Багыштар Койлондун тукуму кооз Жедигер менен мамилелеш болчу. Аларды кошуп алып, бир жагы Ала-Белди ашып, бир жагы Чаткалды басып,  Ак-Суу тарапка өтуп, Бетегелүү Кой-Ташка чейин айылын чачыратып кондурат. Жедигерлер Майлы-Сай, Арсланбапты этектеп орун алат.

***

Жети-Суу аймагын ээлеген Калмактар элден көптөгөн мал, жер алып, бийлигин жүргүздү. Бири баскан, бириси басынган эл болуп калган чакта, Чүй боюн, Ысык-Көл, Таластын айланасын бийлеп турган калмактын Галдан Серен контайчысы:

-Кыргыздар баш көтөрүп, каршылык кылбасын. Эл бийлеген мыктыларынын балдарын ак үйлүү кылып барымтага кармайлы. Сарыбагыштан Үчүкөнүн уулу Маматкулду, солтодон Талкандын уулу Кошойду ордого бергиле деп талап кылат.

-Контайчы, мыкты жигиттерибизди сурап алып, өлтүрүп коюшпасын. Алардан айрылсак, кайырдиндегилерге өмүр бою кул болуп калабыз дешип, уруу башчылары бергиси келишпейт, Ал мезгилде солтону Талкандын Байболот деген уулу, сарыбагышты Сарысейиттин Кудаяны бийлеп турган. Экөө калмак ханына барышып:

-Кошой менен Маматкул үчүн кун алгыла. Канча десеңер да, төлөп берели дешет.

Калмактар алардын сөздөрүнө ынашпай Байболотту алып калышып:

-Кошой менен Маматкулду алып келсеңер бошотуп беребиз- дешип, Кудаянды жалгыз жиберишет.

Жол тосуп, алардын келишин күтүп турган жигит:

-Ат үстүндө Кудаян келет,

Байболоту жок келет.

Ээр-токуму бош келет!- деп кыйкырат.

-Калмактардан кандай бүтүм угабыз- деп дүрбөп турушкан журт аксакалдары, кайрадан маслатка чогулушат.

-Мейли, Кошой менен Маматкулду берели- дешип, Байболотту бошотуп келишет.

-Балдарыбызды барымтага берип, душманга көз каранды болуп жүргүчө, баскынчылар менен кармашабыз дешип, эл бийлеген билермандар Иледен, Чүйгө чейинки кыргыз урууларынын жигиттерине кабар беришип, кошуун курашат.

Элди тоо таянта көчүрүшүп, Чаткал, Таласка ашырышып Кошой менен Маматкул баштаган кол, калмактарды жапырып киришет. Катуу кармашта, кыргын көп болуп, кыргыз-казактар жеңилип, Галдама түндүк аймакты чаап, Ташкенди тартып алды.

Калмактын «кара жапырыгында» солто, сарбагыш уруулары катуу чабылып-чачылышып, ого эле алсыраштьі. Ысар, Гөлөпкө

сүрүлүштү. Бөтөн жерди турак кыла алышпай, айла кеткенде кайра тартышты. Солтону Кошой баштап, сарбагышты Маматкул жетектеп кыштын кычыраган суугунда тоңуп, эрте жаздын ала шалбыртында Кетмен-Төбөгө кайра келишти.

Бул сүрүлүүдө бугу уруусундагыларды Белек бий башкарып, Кетмен-Төбөгө келип, мал-жаны анча бүлүнбөйт. Уруудагылардын «жерден ооду» деген аты гана болбосо, анча чабылып-чачылышпады эле. Алар Кетмен-Төбөнүн суулуу жерлерине, кайракы күнгөйлөргө арпа, буудай, таруу эгишип, тоюнуп турушкан. Айлана-тегерегин тоо калкалаган өрөндө, кышкысын бозо ичишип, жайкысын бээ байлашып, көп дале жабыр тартышпады.

Белек бийдин аялы Кошойдун карындашы Жаркын эле. Белек кайнагасы Кошойду өрлүктөп, үйүнө чакырат. Кошой Дорбобаш, Койконазар, Чоңтаман Кенже, Иткүчүк аттуу жигиттерин ээрчите келет.

-Темселеп-тентип жүрүп, жигит күткөндү ким коюптур буга деп, ичинен сынтага Кошойду жактыра бербеген Белек козу сойдуруп, Дорбобашка эт сугунткан болуп, томукту кошуп берет. Дорбобаш какаса;

-Досум, тамак жегенди да билбейсиң деп, мазактамак экен.

Аны билген Кошой ызаа болуп, Белекке кек түйүп калат. Андан кийин Белек мейманга Маматкулду чакырат. Маматкул кырк жигитин ээрчитип барса, аны да тоготпой козу союп узатат. Кырк кишиге козу союш, салтта болбогон, шылдыңга барабар иш эле. Белектин келгиндерди селсаяк катары көрүп теңсинбегенине ызааланган Маматкул Кошойго келип:

-Белек бизди журт башы эле эмес, адам катары көрбөдү. Байлыгына эсирген немеге, кимдигибизди билдирип коелу. Бир каптап, тополоң салбайлыбы- дейт.

-Кой! Кантип тополоң салабыз. Мине турган атыбыз жок. Чаба турган кылыч, найзаларды кайдан алабыз? Ат «кара тил» болуп, эрлер тоюнсун дейт.

Бугунун жигиттери тентип келген солто, сарбагышты жерип, кези келгенде теңсинбей, басынтып турушат. Солто менен сарбагыш уруусундагылар, эптеп жан багыш учун тамак уулап, айыл аралашат. Бугулар күндө жоро бозо ичишип, чардашат. Жоронун эрке баласы да, бийи да өзу болуп, айтканы аткарылып, чакчарылган Белек бий, суусар тебетейди чекеге баса кийип, солто менен сарбагышка кыр көрсөтө баштайт. Бир жолу жазгы ала

шалбырттта бугулар жоро ичип жатса, көк өгүзүн минип, Маматкул саламчы болуп барып калат. Сыртка чыга калган бугунун бозого тойгон жигити;

-Баягы Мээнеткул дагы келе жатат- деп, үйдүн төрүндө кош жаздык койдуруп, кыңкая жаткан Белекке кабарлайт.

Аны, сыртка келип калган Маматкулдун кулагы чалат. Бирок, айла жок. Ач болгондон кийин, укпаган киши болуп, өгүзүн боз үйдүн бел кырчоосуна байлап, баш бага, үйдө отурган толо кишиге салам айтып, кирет. Жоро ичип жаткандар «ит келдиби, киши келдиби» дебей, саламына алик албай, күүлдөшүп, бири менен бири болуп, бозо куюлган кесени айландырышып иче беришет. Аягы менен тик турган Маматкул боз-ала болуп, чыгып кете албай, турган жерине тизелеп отура калат. Бозо куюлган чоң кара аяк Маматкулга сунулбай, отургандарга кыдырата бир тегеренип, кайра келет. Кайра эле Маматкулду аттатып, бозо сунула берет. Бир учурда Белек көзүн ачып, аны жаңы көргөн болуп;

-Огоо, Маматкул бий келген тура. Бийге бозо сунгула- дейт.

-Дем албас дешип, жыгач челекке толтура бозо куюшуп, Маматкулга сунушат.

Жоро бозонун тартиби, «дем албас» делгенден кийин, бозо кандай ийдишке куюлбасын, аны алган киши отурган жеринде «дем тартпастан» түгөтө ичиши зарыл. Кокустан бозону ичип жатып, дем алса, же жутпай, токтоп калса, «жыдыган» болуп эсептелет. Отургандардын максаты, бозону иче албаса, же кусса, же ичип жатып, дем алып, токтоп калса, аны «жыдыды» дешип, айып тарттырышмак. Экинчи келгис кылып, шылдыңдашмак.

Чөк түшө, тизелеп отурган Маматкул кош колдоп, бозону алып, жута баштайт. Көпчүлүктүн деми менен ысыган боз үйдүн ичинде анын башындагы түлкү тебетейдин кырындагы кары ээрип, ичип жаткан бозосуна тама баштайт. Аны көргөн Белек:

-Ээ, Маматкул аке? Жарыктык, тебетейиңизди силкип коюп ичиңизчи- дейт.

Маматкул жооп бербей, бозону түгөтө жутуп,

-Тебетейди силкээр кезде, силкейин- деп туруп кетет.

Ызаа болгон Маматкул түз эле Кошойго келип:

-Бугуларды чабабыз. Көпчүлүктүн ичинде ызаа кылды дейт.

Ага Кошой ынабайт. Ачууланган Маматкул:

Байгара менен Жамбылда
Калмакты «Калы менен Кутуда»

Кан ичкенде бирге элек.
Ысар менен Көлөптө,
Ыйлаганда бир элек.
Казак кайың саап,
Кыргыз Ысар киргенде,
Ак таман чоор болгондо.
Кайда эле, ушул Белек?

Өзүбүздөн кор болуп, шылдың уксам «кой» дейсиң деп таарынат.

-Мал көккө тойсун, ат «кара тил» болсун- деп айтпадым беле. Ошондо өч алабыз. Таарынчыңды кое тур- дейт Кошой.

Кийин жай толгондо, солто, сарбагыш куралып барат. Бугулар өздөрүнөн эки эсе көп солто менен сарбагышка каршы тура албай, айласы кетет.

-Аз айып, көп күнөө кылсак кечиргиле? Күнөөсүн тарталы дешет. Ортого саяктар түшөт. Ызаа болуп калган Кошой менен Маматкул:

-Тогуз байдын кызын берсин. Карапайым, букаранын кызы жарабайт. Анын үстүнө карартып мал берсин- дешет.

Бугулар айласы жок, маакул болушат. Төрт байдын кызын солто, төртөну сарбагыш алып, бирөсүн арага тушкөн саякка беришет.

Маматкул Белекке карап, башындагы тебетейин алып силкип;

-Тентип келип, буту чоорго айланып, ак таман болду- дедиң беле, бий! деп, какшыктаган экен.

Белек менен Маматкулдун чатагы «Токту союп, шылдыңдаганда, же жоро бозодо эмес». Белектин Маматкулдун таасиринен оолак болуу аракеттерине байланышкан эле. Ошого чейин аркалык кыргыздар жуңгарлардын баскынчылыгынан жер которуп кетишкенде Белек баштаган бугу уруусу алыс көчпөстөн, калмактар менен тил табышып, алакалаш болуп, кызматына өткөн. Контайчы аз сандагы урууларга Белекти башчы дайындап, мал-жанын бактырып турган. Өз алдынча болуп көнүп калган Белек Маматкулга жакындагысы келген эмес. «Калмакка кызмат кылгансың» деген шылтоо менен Маматкулдун кол топтоп барып, чабуунун аргасы мына ушунда эле.

***

Сарбагыштын Сарысейит аттуу уулунан Үчүкө, Түлкү, Кудаян, Эрдене деген уулдары төрөлөт. Үчүкө, Түлкү эр чыгып, Жаңыл Мырзанын колунан өлөт. Бийлик Кудаянга калып, ал өз элине хан болот. Дүнүйө менен бийликке мас болуп, жүрүм-туруму кара жолтой, акылдуу адамдарды көрө албаган, өз билгенин кылган, кежир эле. Бир күнү Кудаян өзүнчү отуруп, оолугуп, Санчы сынчыны алдына чакырат. Аны маңдайына отургузуп алып;

-Сени элдин бары эле сынчы дешет. Ар кимди сынайт экенсиң. Кана мени айтчы? Деп кыстайт.

-Сени сындап болбойт-дейт сынчы

-Сынагын мени. Мен киммин? Баатырмынбы, шерминби? Акылым кандай? Эл бийлеген бийлерден эмнем кем? Жоомарттыгым кандай? Же сараңмынбы? Канча өмур сурөм? Тукумум кандай болот? Эл бийлейби? Деги сыныңа толомбу? Ачык айт!-деп күпүлдөйт.

-Сени сыноого, сын чак келбейт. Кудай көптүн арасынан тандап, хандык бак берген.

-Андай деп сөздү бурмалаба! Ачык айтып, ак суйлө!

-Бийлигиңе салып, мени кыстаба. Сыныңды айтсам сенден сын кетет.

-Көргөнүңдү, билгениңди айт? Эгер антпесең, бул жерден жөн кетпейсиң!

-Көргөнүмдү айтсам, «жаман айттын» деп, мени кор кыласың. Астымдагы атымды, айыпка жыгып аласың. Кой Кудаян, бул пейилиңден кайт. Сынай албайм.

-Сынчы, сынчы десе көтөрүлөсүң. Сынай албасаң эмнең сынчы? Чын сынчы болсоң бетиме айт!

-Кой-кой десе, болбойсуң. Кордугуңду койбойсуң, көргөнүмдү айтсам, акыры оңбойсуң. Кадемиң каткан жандырсың, кара жолтой хандырсың. Сенин тушуңда, журт бузулат, качып-бозуп кысылат. Калкка тиет кесириң, как талаада карайлап, какшап калат жесириң. Каргашалуу Кудаян, каарданып эсирдиң.

Эсиңе түйүп, угуп тур. Аз жыл калды карап тур. Дүнүйөңдү чачасың, жөлөп, шашып күн батышка качасың. Көргүлүктү көрөсүн, ач кайкалаган куу белде, ачка калып өлөсүң. Жетим калат балдарың, жер шыпырат акыры, кемпир менен чалдарың. Өз тукумуң аз болот, назарлары пас болот. Калмак алат жериңди, карайлантат элиңди. Караан урган Кудаян, капкандай чабат белиңди. Ойрот алат малыңды, оргуштат каныңды!

Тике карап, бетке айткан сынчыга Кудаян каарданат.

-Акмак сынчы не дейсиң, Оозуңа келген сөзду айтып, не деп келжирейсиң- деп ачууланган Кудаян сынчыны чокуга чаап, астындагы атын жыгып алат.

Санчы сынчыдан сын, Кудаяндан сыр кетет. Сынчы айтканы төп келип, калмактардын кара чабуулунда, сарыбагыш эли Ысар, Көлөпкө сүрүлүп, Кудаян ач бел, куу жондо, кордук көрүп, өлүм табат.

Дал ошол Тагайдын урпактары Кудаяндын тобу менен Сыр-Дарыядан өтуп кеткенден кийин, Маматкул баштаган элдин бир бөлүгү аны ээрчибестен, аркага кайтышат. Кийин* Маматкул бий Ысык-Көлдөн сүрүлүп барган сарбагыш, солто, саяк, азык жана башка урууларды бириктирип, Ош, Анжиан, Наманган шаарларынын айланасына баштап келген эле.

***

Калмактар казак-кыргызга катуу бүлгүн салып, улам басмырлап, басып алып турган чактагы окуялар тууралу бир айтым бар. Эңеше бойлуу Эр Эшим баатыр чыгып, казак, кыргызды бир жерге топтойт. Аны хан тукуму дешип казак-кыргыздар өздөрүнө хан шайлашат. «Эл бийлеп, журт башкарууну кеңешели» деп, Эр Эшим Сырдын боюна, Ташкенден төмөн, Көк-Дөбө деген жерде кеңешке чакырат. Ага солтодон Чаа, сарбагыштан Сарысейит, саяктан Түгөл, Түнкатар, багыштан Көкүм, саруудан Төңтөрүк, Боркемик, кушчудан Кайназар, кытайдан Кангелди келишет. Эр Эшим эски салтты кайра козгоп, эл ичинде ынтымакты күч алдырып, биримдик боюнча эреже кабыл алат. Ал «Эр Эшимдин эрежеси» деген лакап эл арасында айтылып калат.

Эр Эшим казак, кыргызды бириктирип, Орто Азияны басып алган калмактарга каршы согуш ачат. Ынтымакташкан кошуун көп күч менен Ташкенден калмактарды кубалап чыгышат. Ташкен ал кезде он эки капкалдуу чоң шаар болчу. Алты капкасын казактарга, алты капкасын кыргыздарга берип:

-Өзүңөргө, жаккан ханды шайлап алгыла- деп, элге тапшырат.

*1720-30-жылдар аралыгында

Эр Эшим казак, кыргыздан топтолгон калың колду Самаркандга карай алып жөнөйт. Ошол кезде Самаркан хан ордосу

болчу. Каршылашкан калмактар Самаркандан алты шаарды көздөй качышат. Эңеше бойлуу Эр Эшим «ыйык досум» деп жүргөн катагандын хан Турсунуна ордону тапшырып, өзү алты шаарга жөнөйт. Жортуулдап баратып, Соң-Көлду жайлап жаткан саяк Түгөлдүкүнө конот. Түгөлдүн малы көбөйуп, чар тарапка жайылып жаткан экен. Ал Эр Эшимди кучак жайып тосуп алат. Жакшылап коноктоп, шарпкула деген тулпарын алдына тартат. Соогага ыраазы болгон баатыр эртеси жолго чыгат.

Кошуунду баштап барып калмактар менен кармашат. Алты шаарды ээлеп алган калмактар оңойлук менен моюн сунушпай, каршылык көргөзүшөт. Кыргыздар Эр Эшимге зор күч болуп беришет. Бир шаарды бошотуп,экинчисине өтүп капсалаңды катуу салган баатырдын колу алты жыл дегенде алты шаарды араң баскынчылардан бошотот.

Эшим хан кеткенден кийин казактардын улуу жүзүнөн чыккан Чаңкулунун  кара Байтигин хан деп аташса, кыргыздар акылдашып отуруп, багыштын баатыр Көкүмүн хан көтөрүшөт. Он эки капка шаарга экөө хан болгондон кийин бири-бирине кыр көрсөтүшүп, тымызын эрегишип, мамилелери келишпейт. Күндөрдүн биринде казактын кара Байтиги Көкүмгө уу берип өлтүрүп.

-Ата баласысың. Өкүмдарлык орун сага ылайык- деп, Көкүмдүн уулу Тейишти хан ордуна көтөрөт.

Анын максаты, жаш баланын башын айландырып, бийликти жалгыз өзү жүргүзмөк эле. Байтик Ташкенди жалгыз бийлеп калат. Көкүмгө уу берилип өлтүрүлгөнү, Тейишке да белгилүү болот. Ал эл камын көрүп, элди биримдикке үндөйт. Тейиштин ынтымакташтырууну каалаганына карабай казаккыргыздын ортосунда жер, жайыт талашуудан чыр чыгат. Эки эл чабышып, көптөгөн эр азаматтар бейкүнө набут болушат. Казак менен кыргыздын ортосундагы чоң чабыш Бетегелүү Кой-Ташта болот. Казак ханы кара Байтик өлөт.

Аларды байкоого алып турган өзбектер көтөрүлүп чыгышып, казак, кыргызды Ташкенден айдап чыгышат. Казак, кыргыздар Ташкен аймагынын айланасындагы Кожент, Бискент, Сайрам, Чолок-Коргон, Созок, Түркстанга куулат.

Жортуулга аттанган Эр Эшимден эч кабар билинбегендиктен, аны өлдү деп ойлогон хан Турсун «элди жоого чаптырбай, коргоп турам» деп, досуна берген антын бузуп, ордо чатагын чыгарат.

Өзүн чыныгы хан деп жарыялап, Эр Эшимдин тууган-уругун куугунтукка алып өлтүрүп, тирүү калгандарга тозоктун күнүн көрсөтөт.

Турсундун шертти бузуп, элди коргомок тургай, кыйноого салганын Эр Эшим Кашкарда жүрүп угат.

-Аттиң! Калмакка катуу бүлүк салып, биротоло талкалап, экинчи баш көтөргүс кыла албай калдым. Кайра тарттык. Өз элибиз «өздөн» кордук тартканын угуп, кантип чыдайбыз- деп Эр Эшим кошууну менен кайра тартат.

Арыш керген аргымагы алып учуп жөнөйт. Артынан эң жакын, ишенимдүү жигиттери куйрук улаш, ээрчип, шашып келишет. Ысык-Көлдун жээгине жеткенде жан жигитинин Тору айгыры жинигип өлөт. Ал жер кийин «Тору айгыр» аталып калат. Мерки менен Ашмаранын ортосуна келгенде жан жигиттери минген үч сур аталат. Ал жер «Үч-Сур ат» аталат. Олуя-Атага барганда кичи бурул, чоң бурул деген аттары өлөт. «Кичи Буурул, Чоң Буурул» ошондон улам айтылып калат.

Эшим хан эли конгон журтуна барса, эч ким жок. Тоо аралап, ат бастырат. Кеч кирип, алыстан бир айылдын карааны көрүнөт. Абайлап, түн жамына кабар алайын деп, ойлонуп турса, короо кайтарган бирөнүн үнү угулат.

«Катагандын хан Турсун,
Хан Турсунду ант урсун».
Кой кайтарган биздин кыз,
Козу салган биздин кыз,
Отун алган биздин кыз,
Оокат кылган биздин кыз,
Отту жакан биздин кыз,
Эңшегер бойлуу Эр Эшим,
Эсен барып, соо келсе,

Биздин кыздай, болоор бекен, сиздин кыз- деген унду угуп, ал атын бастырып келип, кароо четинде турган аялды ат үстүндө эңип алат.

-Короо кайтарганыңбы, же арманыңбы. Ачык айт- дейт.

-Эшим ханыбыз калмакка каршы аттанып кеткенинен бери кабар жок. Элин катагандын хан Турсунуна «кастарлап кара» деп тапшырган эле. Хан Турсун досуна берген шертин унутуп, элин чаап, Олуя-Атадан сүрүп, ар кайсыл жакка чачты. Эшим хандын

кызын кызалак кылып, жакшы көргөн катынын, хан Турсун алды деген жоопту укту.

Көрсө, короо кайтарган Эшим хандын экинчи аялы экен. Ал Турсун хандын элине кылган чыккынчылыгын түгөл айтып берди. Экөө табышышып, Эшим хан келгенин эч кимге билдирбесин айтты. Баатыр артына кайтып, кошуунунун алдынан чыкты. Бир тобун соодагерче кийинтип, курал-жарактарды, балбан жигиттерди мал-матадай кылып төөлөргө жүктөтүп, хан Турсундун ордосуна кирди. Кошуундун көбү сырттан каптап, хан Турсундун колун талкалап, өзүн туткундашты. Ошондон баштап эл арасында «Катагандын хан Турсун, хан Турсунду ант урсун»! деген сөз лакапка айланып кетти.

Эр Эшим ордого өзбек, казак, кыргызды чогултуп, ынтымакка бириктирди. Кошуун куруп улам каптап кирген калмактардын жолун тоскону барганда, калмактардын каптаган кара чабуулунда кошууну талкаланып, өзу каза болду. Казак, өзбек, кыргыз ортосу кайра бузулат. Андан пайдаланган калмактар кайра каптап кирет. Казак, кыргыз катуу чабылат. Кыргыздар Иле, Ысык-Көл, Чүйдөн ооп Ысар, Гөлөпкө качат. Казактар ачтан өлбөйлү дешип, ачкалыктан кайыңдын маңызын ичишет.

Эл оозундагы айтымдагы казак-кыргыз биримдиги, же Эр Эшим менен Көкүм бийдин калмактарга каршы күрөш жүргүзүп, Ташкенди бошотуп алуусу тарыхый окуя эле.

Он жетинчи кылымдын башталышында казак султандары кыргыздардын көмөгү менен Сыр-Дарыянын боюндагы шаарларды ээлеп алуу үчүн бухаралыктарга каршы күрөш жүргүзө баштады. Бухарадагы бийликти Имамкулу хан ээлегенден тартып, соода борбору катары саналган Ташкен үчүн талапкерлик күчөгөн эле. Эшим султан башында турган казак төбөлдөрүнүн аракеттерин Көкүм бий алгачкылардан болуп колдоп чыгат. Каршылыктарынан запкы жеген хан казактардын жана кыргыздардын кол салуусуна туруштук бере албай Ташкен, Туркстан баш болгон шаарларды Эшим султанга тарттырып жиберүүгө аргасыз болот. Натыйжада аймактарды Эшим хан жана анын ишенимдүү жардамчысы Көкүм бий башында турган кыргыздар көзөмөлдөп калат.

Казак башкаруучуларынын ич ара келишпестигинен пайдаланган Имамкулу хан Турсун султандын бийликти алышына колдоо көрсөтөт да, аны «Ташкендин башкаруучусу» деп жарыялайт. Эшим султан Көкүм бийдин карамагындагы кыргыз

конуштарына келет. Көп узабай бийликке келген Турсун султан бухаралыктардын колдоосунан баш тартып, кыргыздарга кошулат. Ишенимдүү кыргыздардын көмөгүнө таянып, Шахрухия чебине чабуул коет.

Бухарада шейбанилердин мураскерлиги кулап, Аштарханилердин бийлиги орноду. Казак ханы Тобокелдин башчылыгындагы кыргыз-казак урууларынын аскердик кубаты улам арта берди. Тобокел хан кыргыз төбөлдөрүнүн көмөгү менен кыска убакыт аралыгында Сыр-Дарыянын оң ыптасындагы бардык шаарларды каратып, Самаркан менен Бухараны көздөй жол тартканда, Бухаранын жаңы башкаруучулары болгон Аштарханилер кыргыз-казак аскерлеринин кысымын араң токтотушту.

Аштарханилер менен атаандашкан кыргыз-казак төбөлдөрү Чыгыш Түркстанга үстөмдүк кылууга аракеттенип, моңгол мамлекети менен ымала түзүүгө киришти. Могол төбөлдөрү кыргыз менен казактардын жакшы жайыттарын тартып алууга аракеттенишсе, кыргыз-казактар Чыгыш Түркстанга каттаган соода жолдоруна көзөмөлдү күчөтүштү. Аштарханилердин акимдери Бакы Мухамбет хандын, Вали Мухамбет хандын кыргыз-казактарга жасаган жортуулдары оңунан чыкпай калды. Аштарханилердин мураскери Имамкулу хан кыргыз жана казактардын Ташкен жана Түркстандагы бийлигин таанууга аргасыз болду. Ал аймактар «Эшим ханга тартууланды» деген, моюнга алуусу казак-кыргыздардын аскер күчүнүн биримдигин айкындады.

Мыкты даярдыктар менен камданган Имамкулу хан кайрадан кошуун баштап аттанып чыкты. Анын аскерлери жолунан жоолуккан кыргыз-казак айылдарын талкалап, Күнгөз менен Жылдызга чейин жетти. Сыр-Дарыянын жээктериндеги аймактарды кайра алышты. Анткени менен сол канаттагы түштүк кыргыз урууларынын кол башчылары Кутлук сейит уулдары Тилеке бий менен Каракытай мырзалар Анжианга чабуул жасашып, Аштарханилердин мураскерлерин жан соогалатышты.

Фергана кыргыздарынын башчысы аталган Көкүм бий Аксы, Талас, Анжиан аймактарындагы урууларды башкарган эле. Анын ысмы коңшу ээликтерге жана мамлекеттерге таанымал болчу. Казактардын башкаруучусу Эшим хандын эң жакын адамы катары бааланган. Экөөнүн достугу казак-кыргыз биримдигине өбөлгө түзгөн. Катагандардын султаны Турсун ханга жана калмактарга каршы күрөштө Көкүм бий Эшим ханды колдоп, жеңишке ээ

болуусуна өзгөчө көмөктөшкөн. Көкүм бий элди отурукташтырууда жаңы эрежелерди киргизгендиктен «Көкүмдүн көктөмөсү» аталып кеткен.

Могол мамлекетинин чыгыш бөлүгүнүн башкаруучусу Сейит хандын урпактары менен биримдик түзүп, өнөктөш болуп жүргөн Эшим султан Ташкенге келип, Турсун султан менен жарашып, аны колдоого алат. Ошол кездеги бухаралыктардын атынан Анжианды башкарып турган Абылай султанга каршы биргелешип чабуул коюшат. Сыр-Дарыя аймагы үчүн казак төбөлдөрү кайрадан талапкер боло башташат. Бирок алардын ич ара келишпестиги ийгиликти камсыз кылбайт. Кыргыздардын Көкүм бий баштаган жана Турсун султандын негизги таянычы болгон катагандардын бир бөлүгү менен калмактар басып алган Кашкарга жортуулга аттанат. Турсун султан Эшимдин Кашкарга кетишинин пайдаланып, атаандашынын ортосундагы шертти бузуп, анын мал-мүлкүн жана үй-бүлөсүн туткундайт.

Эшим хан Кашкардан келип. Турсунду чабат. Бир айтымда Турсун султан менен Эшим султандын беттешүүсү Сайрамдын чет жакаларында болуп өтөт. Көкүм бий башында турган кыргыздар Эшимдин негизги таянычы болгондуктан, алардын жардамы менен Турсун султан өлтүрүлүп, анын башы Имамкулу ханга жөнөтүлөт. Эшим султан кайрадан Ташкенди башкарып, шаардын алты капкасын Көкүм бийге ыйгарат. Кыргыз-казак ынтымагынын урматына мунара курдурат. Турсун султан менен болгон согуштан кийинки жылы Эшим хан да каза болот. Эл оозундагы уламышта ошол окуяны баяндаган «Катагандын хан Турсун. Убадага турбаган хан Турсунду ант урсун» деген сөз сакталып калган.

Көкүмдүн Ташкендин бир бөлүгүн башкарып турушу казак төбөлдөрунун көңулунө туура келбейт. Көкүмдү казактар өлтүргөн соң, кыргыздар казактарды Ташкенден айдап чыгып, Бухардын ханынын макулдугу менен Тейишти хан көтөрүшкөн. Казактарды Эшим хандын небереси «Тооке-Тейиш биримдиктин салтанаты катары таанылган» деген тарых булактарында белгиленген.

***

-Кушчу уруусу байыркы кыргыз каганаты мезгилинде Ак Суу, Турпанга уйгурларды кубалап келген деп, ата-бабаларыбызга мурункулар айтчу экен. Уч-Турпанды жердеп, бийлик кылып, көптөгөн жылдар турушат. Кийинчерээк Какшаалга сүрүлүптүр. Ошого чейин кушчулардын борбору Кара-Чий болуптур.

Кушчулар Чыгыш Түркстандагы бардык окуяларга катышып, монгол урпактары, кожолор менен бийлик талашууда, тизгинди бербей келишти. Көбүн эсе бийлөөчү топтордун башында туруп, ордо ээлеринин, арасында айтканын аткартып, ойлогонун бүтүрткөн абройдон эч түшүшпөдү. Илгертен берки «Каратал» ураанын чакырып, күн тамгасын желектеринен түшүрүшпөдү.

Сартбай алым сүйлөгөндө көпчүлүк дым боло, кулак түрүшүнөн улам, анын көп окуп, көптү билерине ушундай сөзмөр, акылман адамдар элдин сыймыгы экенине ынанган Алыке, таң бере угуп отурду.

-Кашкар аймагында көбүн эсе кушчулар Жай-Дөбө, Бычан, Аңгыз, Инген, Шейит, Жейрен-Булак Ак-Суу аймактарында жашайт. Чериктер менен кушчулар Ак-Чий, Кара-Чий, Жалаң-Чий, Кара-Булак, Сары–Булак, Кызыл-Күмбөз, Ак-Бейит, Кызыл-Аң, Кулан-Сарык, Уч, Ак-Өтөк, Жаман-Сууда аралаш. Кушчуларга аралаш чериктер Баш-Чакма, Сапарбай, Кара-Теке айылдарында, жашашат- деп, эл-жерди тааныштыра отурду.

-Калмак хандары Доржу менен Галдама Көк-Арт ашуусунун аркы бетинде жайгашкан, Доржу Тогуз-Тородо, Ноозан Какыр-Коргондо турган,- деп угабыз.

Айтымда Галдама кызы Макмалды калмактын бир төрөсүнө күйөгө бермек болот. Үйлөнүү тою жетимиш күнгө уланып, оюн-зоок отуз күн, кырк күн сый берилмек. Фергана, Кашкар, Иледен, Ысык-Көлдөн коноктор чакырылат. Конок тосуу үчүн отуз келин, отуз жигит дайындалат. Жол чаңдап, караан көрүнсө эле «Мына келатат» деп кабар беришет. Ал конок эмес эле, соодагерлер болуп чыгат. Он беш күн күтүшөт. Конок келбеген соң, аларсыз эле тойду башташып бир ай тойлошот.

Кызмат кылып, оюн-зоокко катышууга келген кыздар кетишет. Ашуунун белинде катуу бороонго буюгушуп, паана кылганга жай табышпайт. Биринин табынан бири жылымак болушат. Аларды баштап жөнөгөн абышка тегерегинен орун берет. Бороонго буюккан кыздар тоңуп өлүшөт. Жумгал менен Кочкор өрөөнүн ортосунда Кызарт-«Кыз-Арт», той өткөргөн жер Галдаманын

кызынын атынан Макмал, Мейман күткөн жер-«Мына келди» деп, аталып калды дешет. Ушинтип айтылып жүрөбү? деди Мамашарип аксакал Алыкени кепке тартып.

***

Анжиандык кыргыздар да көп кечикпестен Жусуп кожонун чакырыгы боюнча Иледеги кыргыздардан кийин жетип келишти.

Кубат бийдин башчылыгында кушчу уруусунан сырткары, Сопу мырзанын башкаруусундагы муңгуш, чоң багыш, тогуз кыпчак жана Өмүр мырза жетектеген таз кыпчак урууларынын адамдары да колдой баштады.

Кучар, Ак-Суу, Үч-Турпан аймактарынын бийлөөчүлөрү Эдилбек, Абдывахапбек, Кожосыбек аттуу уйгур бийлери, Жуңгарларга каршы көтөрүлүштү колдоп, ар бири өздөрүнчө кошуун курашты. Жунгар бийлигин жоюга болгон биримдикке чин империясынын жардам берүүсүн өтүнүшүп, ага атайын адам жиберишти. Ак Суу, Үч-Турпан, Ак-Чий аймагындагы кыргыз урууларынын башчысы Заман Кулубек кыргыздардан аскер топтоду. Жуңгарларга каршы биримдикке Эдибек, Абдывахапбек, Кожасыбектерге келип кошулду.

***

Урматту жоокерлер! Силер Анжиан, Аксы аймагынын эң мыкты уулдарынын өкүлдөрүсүңөр. Кашкар аймагындагы мусул-ман элине тууганддык колду сунуп, калмак баскынчыларына күнкөр болушуна бөгөт коюп, аларды теңсиздиктен куткарып, азаттык алып берүүгө келгениңерди так билесиңер. Кашкар эли бизге бөлөк-бөтөн эмес. Кырк уруу кыргыз элинин жарымы, өз тууган-дарыбыз. Керек болсо алардын азаттыгы үчүн дин исламдын динсиздерге тебеленбешин камсыз кылуу биздин милдет. Зарыл-дык туулса жанды курман кылууга аттандык. Андай тагдыр кимдин пешенесине жазылганын бир Кудайдын өзү билет. Эр жигиттер андай тагдырдан качып кутулуусу мүмкүн эмес. Чыныгы эркек, ариет-намыска башын саят. Кыргыз элинин чыныгы уулу катары, ар бирибиз элибизди коргоодо чабылар кылыч, атылар ок болуу ата бабалардан мурасталган. Ыйык тууну бийик көтөрүү милдетин мойнубузга алганбыз. Жараткан эгем, ар бириңди жамандыктан сактасын. Баары-ңардын аман болушуңарды каалаймын.

Тоо этегиндеги кең аянтта сап-сапка тизилген жоокерлердин маңдайында, ойкуштап жөн турбаган тобурчагын ары-бери бастырып, хан Кубатбек турду. Анын шыңга боюна башындагы түпөктүү күмүш туулгасы, торлонгон темир соотунун сыртынан курчанган эни кере карыш келген кечтелүү күмүш кемери жарашканы жоокерлерин суктандырды. Ал ар дайым жоокердик кийимин үстүнөн түшүрбөдү. Аны мезгил да талап кылчу. Бир эле Кубатбек эмес, ар бир кыргыз жоокери шайма-шай болуп,аты керүүдө,найзасы босогодо,кылыч,чокмору жаздыгында даяр турчу. Талаада өргүп калганда да, куралын колунан чыгарбай, атынын белин бошотпой, каңтара чылбырын белине байлап жатчу. Жоо басты-деген кабар угулары менен ордунан шарт туруп, уйкулуу көзүн ушалаганча, чуркап баратып, үзөңгүгө бут салбай атына ыргып минип, айгайлап жоого бет алчу.

Кубатбек аскер ишине берилип, жоокердик эреже-тартиптерин так сактоого өзгөчө көңүл бөлүп, кужурмөн тартипти ар бир жоокерден, алардын башчыларынан талап кылчу. Ар кандай адамдын жөндөмүнө, мээнеткечтигине, көздөгөнүн аткарууга тырышкан өжөрдүгүнө, оюн жашырбай бетке айткан тайбас-тыгына карап мамиле түзүүнү жакшы көрчү. Андайлардын ишмердигин баалап, урматтоочу. Бетке чабар, өз оюн бербеген өжөр, кимдир бирөөлөргө көз каранды болуудан качып, эркин ой жүгүртүп жашаганды жактырчу. Байлыгына чиренгендерди, сылан короз-дукту, мансапкор, бой көтөргөндү, бирөөлөрдү кемсинте сүйлөгөндөрдү жек көрүп, өзү баарына тегиз мамиледе болгон-дуктан эл аны кадырлашчу.

Курулуштарды тургузуп калың элди отурукташтырып, шаар куруп, аны борбор атабаса да, эл анын ак өргөсүн-хан өргө аташты. Аны борбор кылып Фергана өрөөнүнүн ар тарабынан датын айтып, зарыгын сурап, маслатташкан кадырын салып, кол курап, пикирин улап, бий-билерман букаралары келип турду. Жоодон запкы тарткан эл «хан ата», «калкалоочу падыша» «жаш болсо да баш» дешип, бекти паана кылышты. Айчыктуу туу алдында элдин уулдары биригип, «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып» турду тирелип. Ар уруунун бий, бектери, айыл аксакалдары маселе чечишип, кеңешишип, тентегин тескешип, чогоолун чочутушуп, биримдик менен иш жүргүзүштү. Эл ичинде ууру-кески азайды. Карактап, тартып алгандар кемиди. Чыр-чатак, аласа-бересе, доо дооламайларын баарын жыйын куруп, эл

алдында, бийлердин өкүмү, акыйкат аракети болду. Жыйындын тыянагы менен бүттү. Ага нааразы болгондор гана ханга келишти. Кун төлөө, айып тартуу адатка айланган эреже, салтка такалган иштер кесим менен чечилгендиктен, аны аттап эч ким арыз айтып даттанбады.

Капсалаңдуу мезгил, катаал шарт калкты ынтымакка, бири-бирине кайрымдуулук кылууга, алдуусу алсызына каралашууга алып келди. Айыл аксакалынын, бийдин бүтүмүнө эч кими моюн толгободу. Аткаруу милдетин моюнга алган хандык даражага жөн адам жете алган эмес. Ага ары акылман, ары өткүр, калыс,баатыр адамдар тандалган.

Ата-бабалардан кааданы кастарлап, санжыралуу салтты улап, калмактар капсалаңындагы катуу шартта, көпчүлүк эл өкүлдөрү чогулушуп, «жоого каршы элди бириктирип, башчы бол» дешип Кубатбекти шайлашып, аны кийин хан ат ашкан. Хан да бийлигине эсирип элди кууруп, өз өкүмдүгүн катаал жүргүзүүнү каалабады. Кай жерде капылеттен жоо басып алып, зордук-зомбулук көрсөтүп, элди тоносо-жоокерлерди баштап барып, өзү баш болуп, найза сунуп, кылыч чаап жигиттерин шыктандырды. Анын эр жүрөк жалтанбастыгы, элге жагып, «хан Кубатбек баатыр» аталды. Ал уруш өнөрүнө тасыккан, бекем тартипти сактаган, ынтымактуу жоокерлерин сапка тизип, ар бирин эрдикке шыктандырып айкаш талаасын көздөй алып жөнөчү.

***

Иледеги кыргыз-кыпчактар калмактардын көзөмөлүндө эле. Жусуп кожонун Иледен кайтып жатканда «Калмактарга каршы аттанып, исламды коргоп калууга» чакырган катын колдошуп кыргыз-кыпчактар Уч шаары аркылуу Котонго сүрүлүп келишинен улам, калмактар тынчсыздана башташты. Алар ушул күнгө чейин мусулман шаарларынан тынымсыз салык алып турушчу. Көптөн бери, ага көңүл бөлгөн да, эч ким болбоду. Бишкарамдын башчысы Мукарамбек, Файыз-Абаддын башчысы Ниязбек баштаган төрөлөр Кушубакбектен ишенимдүү кызматчысына келишип:

-Биз башчыбыздын буйругун аткарып жүрүп, көп жакшылыгын

көргөнбүз. Бизге кожонун кереги жок. Өлкөбүздү кожолор тоноду. Сизден бөлүнсөк, ошол эле күнү кыргыздарга тебеленди болобуз- деп даттанышты.

***

Кожо Сыдык Котонго келгенде көпчүлүк сый-сыпат менен тозуп алышты. Ал Шамсидин кожо менен жолугуп, экөө болуп жаткан окуялар туурасында сүйлөшүштү.

-Аскерлерди башкарууда бийликти Өмүр мырза баш болгон кыргыздарга бербейбиз деп, макулдашышты.

Котон шаарында Иледен келген кыргыз-кыпчактардын башчысы Өмүр мырзага Садык кожо келип, Газыбектин уулдарын тоноону дайындады. Бирок, ага чейин эле Садык кожонун адамдары Газыбектин балдарын жана алардын кызматкерлеринин колу-буттарын байлап келишкен эле. Кыргыздардан жана Котон шаарынын жашоочуларынан жети миңдей адам топтолуп, Садык кожонун башчылыгында Жаркенди көздөй бет алышты.

Аңгыча атайын жөнөтүлгөн чабаганчылар Газыбекке удалаш эки катты алып келишти. Алардын биринде «Кожо Жусуп он миңден ашык аскерди Жаркенди көздөй баштап келе жатат. Андан сырткары коңшулаш дубандардагы кыргыздар да, адамдарды жөнөтүштү. Келгендердин бардыгы кошулуп жатышат» деген кабар болду. Экинчисинде «Садык кожо Газыбектин балдарын, жакындарын туткунга алды. Ал кыргыздардан жана Котондун жашоочуларынан топтолгон куралдуу аскерлерди башкарып келе жатат. Газыбектин адамдарын Жаркендин дарбазасынын алдында өлтүрөт экен деп айтышууда» деген кат эле.

Газыбек баш-аягын жыйып, шашылыш камылга көрө башта-ды.

Жусуп кожо өз колун баштап, Кара-Киргe келип:

-Иледен чыккан кыргыздар сүрүлүп келе жатышат. Бүт аскерлерди топтогула! Биз даяр турушубуз керек- деп, жарыя кылды.

Жусуп кожо Жаркенге кат жөнөткөн күнү уулу Абдылда кожону миң жигит менен Боржунга жөнөттү.

-Иледеги кыргыздардын сары калпак уруусундагылар келе жатат деп, айтышууда. Сен аларды тосуп алганы кетип жатасың. Бирок, сенин негизги милдетиң -Жахан кожону калкалап, бошотуп алуу. Аны калмактар колдон чыгарбас үчүн Илеге алып жөнөшү мүмкүн деп, дайындады.

Өмүр мырза жетектеген Иледеги кыргыздар Жусуп кожого ишенимдүү эле. Алардын келишин күтүп жатты. Утурлата ат чаптырды, Өмүр мырза Жахан кожону калкалап, өзү менен ала келди. Жусуп кожо бир тууганы Жахан кожонун кайырдиндегилерди колунан бошотуп алуу көйгөйүнөн арылып, көңүлү бир жаңсыл болду. Коңшу аймактардагы кыргыздарга улам кат-кабарларды үстөккө-босток жөнөтүп жатты. Анын негизги ишеничи Кубат мырза башкарган Анжиандык кыргыздар эле. Ал дербиш-бакаулду колмо кол кылып, катты ээсине тапшырууну тактап, Кубат мырзага жөнөттү.

Садык кожо, Шамсидин кожо баш болгон Котондун аскер башчыларын, Өмүр мырза баш болгон кыргыз-кыпчактарды, Жахан кожону жана жалпы эле исламдын күйөрмандарын тосуп алуу чоң салтанат менен өткөрүлдү. Алар күтүрөгөн көп кол менен шаарга чабуул коюшуп, бийликте отургандарды бошотушуп, алардын милдеттерин өздөрүнө бөлүп ала башташты. Жусуп кожо аларга өзгөчө мамиле кылып, аскер жетекчилерине хан сарпайларын жаап, көп аскерлердин алдында Жаркен вилаетининде башчысы деп атап, Өмүр мырзага вазирдик орунду ыйгарды.

-Аллоо акбар! Мусулмандардын кайыр диндегилерге каршы күрөшүүгө күчү жетет. Калмактар ортосунда чоң жаңжал бир жаңсыл болоордо, каапырлардан кыргыздар баш тартышып, мусулмандарга кошулушту. Азыркы учурда кыргыздардын бир бөлүгү Котондо, бир бөлүгү Кашкарда. Кайырдиндегилер эми биротоло кубаланат деп, кыргыздарга ыраазы болгон Жусуп кожо, ичинен кымындап, жанындагылардан сырын жашыра албай уламдан-улам кыйкырып жатты.

-Кудай көрүп турат. Кантип биз Жусуп кожо менен бир шаарда тынч жашай алабыз?– дешти «кара такыялуулар».

-Ооба, Кашкар, Жаркен, Котон шаарларынын жашоочулары ынтымак деп ким айта алат?

-Кайырдиндегилерге кантип аз аскерлер менен каршы чыгууга болот?

-Сырттагы дубандардан кыргыздар келип, кайырдиндегилерди шаарлардан кубалап чыгууга жардам берип жатышканын айтышууда.

-Ал шаарларда ислам орноду дегенге ишенүүгө болобу?

Жусуп кожого ишенбегендер ар кыл ойлорун айтып жатышты

***

Ордодо Үч-Турпан шаарларына калмактар кайрадан басып кириши мүмкүн деген маселе талкууланып жатты. Ал шаарларга аскер жөнөтүүгө Жусуп кожо макул болбоду.

-Кайырдиндегилер бул шаарларга батынып кире алышпайт. Кокустан биздин аскерлер ал жакка барып жеңилсе, алар биздин аркабыздан кууп келишет. Анда биздин аскерлер жеңилип кайткан болот. Биздин аскерлердин арасындагы кыргыздарга көп эле ишене бербейм. Алар биздин аскерлер менен да чабыша кетиши мүмкүн.

Жусуп кожонун пикирине көпчүлүк кошула беришпеди. Жахан кожо Жусуп кожого билдирбей, аскер чогултуп, Яхья кожону башчы дайындап, жортуулга жөнөтмөк болду. Жети күндүн ичинде аскер даярдалып, Кашкарды каратууга жөнөтүлдү. Жусуп кожо оорусунан улам аларга кошула албады.

Ханзадалар Яхья кожо менен Момун кожонун аскерлери курал-жарактары шай, суутулган күлүк аттары менен толук камсыз болуп, согушка даяр турушкан. Канткен менен алардын жүрөгүн Жусуп кожонун өлгөндүгү тууралу кабар, калмактар башкарган аскерлерге кытай аскерлеринин көмөктөшкөнү жана аларга Бурханидин кожонун башчылыкка дайындалганы сарсанаа кылып турган. Бирок, аскер башчылары калмактардын иштери жакшы жүрүшпөй жатканын жана аларга шаардын жашоочулары көп дале каршылык көрсөтө албастыгын байкашты.

-Калмактар өздөрү бизди жеңе албаса да, аларга кытайлар жардам берсе, кийинкиси кандай болот? Биз аларга каршы чыкканыбыз менен алар баары бир күчтүү деген ойдогу көпчүлүк аскерлер, өзгөчө кыргыздар калмактардан көп жолу жеңилип, аларды жеңип чыгуу мүмкүнчүлүгүнөн күмөнсүштү. Аскерлердин көпчүлүгүнүн максаты уруштан пайда табуу эле. Калмактар менен урушканда да, шаарды коргоп тургандан да, пайда чыгаары күмөндүү болчу.

Элчилерден Бурханидин кожонун сунуштары угулганда Яхья менен Момун кожолор «Жаркен аскерлери катарларын бузуп, өз алдыларынча таркап кете электе Уч шаарына чабуул коюну» макулдашышты. Каршылаштарын шаардын дарбазасына чейин сүрүп, талкалоого баштап келген аскерлерге буйрук беришти. Чабуул башталды. Шаардын дарбазасын коргоп жаткан калмактардын аттары тоют жетишпегендиктен арык, алсыз, өздөрүнүн куралдары жетишсиз эле. Жүздөн ашыгы өлтүрүлдү, бир нечеси жарадар болду.

Кармаш дагы бир саатка созула, Кашкарлык аскерлер биротоло талкаланмак.

-Ушул учурда биз артка чегинсек, Учтун аскерлери заматта чабуулга кирет. Биз аны курчоого алып, бир да адамын куткарбайбыз- деп ханзаадаларды ишендирди Өмүр мырза.

Мусулман аскерлери бир азга чегиништи. Ыңгайлуу абалдан пайдаланып, мунку уруусундагылар алга умтулушту. Кашкар аскерлеринин катарына кошула башташты. Яхья кожо менен Момун кожо абалды толук байкап турушту. Башка тараптагы аскерлер согуш талаасына жеткенче болбой Жаркендиктер кармашуудан качып, кашкарлыктардан мурун артка чегиништи. Эки бир тууган кожо душмандарга караганда өздөрүнүн аскерлеринин катары улам бузулуп баратканына айкын ынанышты. Ал жерде болуудан коркушуп, орун которушту. «Шарты оор жерде, пайгамбарлардын да качышы мыйзамдуу» делгендей, алар качуунун аракетинде болушту. Учтун аскерлери менен кыргыздар кашкарлыктардын артынан түшүштү. Кашкар аскерлеринин арасындагы кыргыздар кийинки куугунчуларга кошулушуп, качкандарды, Жаркендин жашоочуларын тоной башташты.

Яхья кожо Кал-Тайлак аркылуу Жаркендик аскерлер менен Жаркенге, Момун кожо өз аскерлери менен Кашкарга кайтып жатышкан. Ханзадалардын жеңилгенин билгендер Жахан кожого кеңеш беришти.

-Колдун жеңилүүсүнө мунку уруусундагылар себеп болду. Учта болгон окуяны билдирбей коюуга болбойт. Биз муңку уруусундагылардан өч алалы. Ал үчүн «Силердин уруудагылар Учта болгон кармашта, бизге абдан жакшы кызмат кылды. Биз алардын тууганадарын жакындарын, тааныштарын конокко чакырып жатабыз» - дейли. Алардын келгендерин туткундап, үйлөрүнө барып, мүлктөрүн тоноп, калганын сүрүп айдап келүү, накта жаза болот дешти.

Жеңилүүнүн ызасына баткан Жахан кожонун тапшыруусу менен мунку уруусундагы кыргыздарга кабар жөнөтүлдү. Мунку уруусундагы согушка катышпагандар жапырт келишти. Жазалоо башталды. Кээлери туткундалып, кээси качууга үлгүрүштү. Калгандары жапырт жазалоого алынып, Жахан кожонун аскерлеринин куралдарын өткүрлүгү сыналды. Тирүү калгандарга кат жаздырышты.

-О, тынчтыктын падышасы, мусулмандын коргоочусу пайгамбарыбыздын урпактарына кызмат өтөөдөн баш тартуу жалпы исламдан баш тартууга барабар. Биз үчүн уят. Баш тарткандарга бу дүйнөдө да, аркы дүйнөдө да каргыш тийсин! Ал каргыш жетимиш муунга чейин жетсин. Ырас, бизден бир нечеси бул ишти башташты.

Биз алардан жийиркенебиз. Аларды кудай да, пайгамбар да күнөөсүнө ылайык жазаласын!– деп ар бирине кол койдурушту, ант алышты.

-Мусулман эч качан антты бузбайт. Өзгөчө куранды кармап ант бергендерге ишенебиз. Жаркендин калкынын мал-мүлкүн кайтарабыз- деп калган туткундарды Жахан кожо бошоттурду.

Кашкардын башчысы Кушчубакбек да качып бараткандардын пикирине кошулду. Алар «Дарсу» дарба-засынан чыгып, Түмөн дарыясын бойлой кетип баратышты. Кыргыздар кутүүсүздөн алардын жолун тосуп, жардын кырына шыкап, мүлктөрүн талап, өздөрүн туткундашты. Ага чейин Абдалвахап, Рахманкул, Найманбек, кыргыз Абдылда баш болгон Кашкардын эмирлери Бурханидин кожого келишип, ханзадалардын качып баратканын кабарлашты.

Кубат мырза менен Бурханидин кожо Жаркенди алууну кеңешишти. Кубат мырза Кашкар Уч, Ак-Сууну алууга колду баштап жөнөдү. Ага Бурханидиндин карамагындагы кытай-лардан алты жүз, калмактардан алты жүздөй аскерлер келип кошулушту. Аларга Иле, Ак-Суу, Күча, Уч, Кашкар, Жаркен кыргыздары, Сопу мырза баштаган кыпчак, Хаким мырза жетектеген мунку, чоң багыш урууларынын жигиттери кошулуп келишти. Бир топ күнгө даярдыктар көрүлүп, ар бир топко тиешелүү тапшырмалар бөлүштүрүлдү. Күтүрөгөн көп кол, эч кандай тосколдуксуз Жаркен шаарына келди.

Абдалвахап, Рахманкул, кыргыз Абдылда, Абдалкарим, Абдысатар, Осмондордун аскерлери Жаркендиктердин тоскоол-дугуна карабай көчөлөрдү жиреп, алга жылып баратышты. Бурханидин Бай-Адырдын төбөсүндө болуп, кармаштын жүрүшүнө көз салып турган. Капыстан чуу эткен үн чыгып, ызылдаган ок келип, кожонун жанында желбиреп турган туууга сайылды. Узакка атылуучу мылтыктуу ок, ал кезде эч кимде жок болчу. Бир гана Жусуп кожодо бар экенидигин көпчүлүк биле турган. Абдылда кожо «Мусахир» дарбазасынын жанында туруп Бурханидин кожону мээлеген болчу. Ок тийбей калды. Бурханидин Бай-Адырдан орун которгонун көргөн Абдылда кожонун аскерлери, көп деле чамынбай калышты.

Көчөлөрдөгү кармаш жай жүрүп, кээде токтоп калып жатты. Жаркендиктердин тайманбастыгы күч алды. Көчөлөрдө шыкала сүрүп бараткан душмандардын алдын тосо, жылдырбай токтотушса, айрым көчөлөрдө душмандарын чегинүүгө мажбур кылышты. Бурханидиндин аскерлери илгерилеген сайын, шаар-дыктар көп чыгым болоорун билгендер, ошончолук каршылык көрсөтүшүп, душмандарына чамдап чабуулга өтө башташты. Оор абал түзүлдү. Шаардыктар дагы бир жолу, тегиз каршылыктарын күчөтүшкөндө

Бурханидиндин аскерлери шаардын дарбазасынын сыртына сүрүлө чыгып калмак .

Капыстан Кубаттын колу баштаган кыргыздар аянтта пайда болуп, тайманбастык менен жаркендиктердин жолдорун тосушту. Катуу каршылыкка туш келген жаркендиктер ат мойнун буруугa аргасыз болушту. Кубат мырзанын туусу көчөмө-көчө аралап, алга жылып баратканы байкалып турду. Алар кечти жеңиш менен тосуп алышты.

Кожо Жусуп менен Өмүр мырза бир нече миң аскерлери менен Кучар аркылуу Котонго өтүшүп, ал жердеги Галдан Серен тарабынан жиберилген Медерчи аттуу салыкчысын жана анын үч жүздөн ашуун аскерлерин талкалап, Котон, Кучарды ээлеп алышты. Кожо Жусуптун агасы кожо Жахандин аскерлерине колдоо көрсөткөн Өмүр мырза Жаркенди ээлеп, кожо Жаханга вазир болду. Кожо Жусуп Анжиан кыргыздарынын башчысы Кубат мырзанын жардамы менен Кашкарды ээлеп, Ак-Суугa жүрүш кылды. Кожо Жусуп жолдо катуу ооруп калып, кошуунда жүрө албай Жаркенге кайтты. Кожо Жахан, Өмүр мырза, Кубат мырзалар Кашкар, Жаркен, Котон шаарларындагы жуңгарларга каршы күрөшүүгө биригишти.

Кудайдын буйругу менен кайырдиндегилер кожолордун улуусун сыйлоо менен ага аскерлеринин эки тобун кошуп беришти. Алар Ак–Суу шаарына келишкенде Жусуп кожонун таламдаштары тосуп алышты. Калмактар мусулмандардын улам көбөйүп баратканын билишип, чабуулга өтүштү. Кармаш бир саатка жетпеди. Кыргыздардын көп колуна туруштук бере албай алар Узун, Артушка карай качууга аргасыз болушту. Кожо алардын аркасынан куугунга түшкөндөрдү тыйып:

-Тим койгула. Ушул жердеги абалды, алар башчыларына айта барышсын- деди, кожо Жусуп кубанып, -Кайырдиндегилерди сүрүп чыгарып, жалаң гана мусулмандар өлкөсүн курабыз деп, жар салды.

***

Бурханидин Чин империясынын Турунтай, Данчын аттуу адамдары жетектеген манжу, ханзу аскерлерин баштап, Теңир-Тоодогу мусулмандарды Теңир каганга (Кытай падышасына) баш ийдирүүгө аттанды. Иленин тегерегиндеги уйгур жана кыргыз уруулары Бурханидинге келип кошула башташты. Бурханидин колу менен Ак-Сууга келгенде. Ак-Суу кыргыздарынын башчысы Заман Кулубек өзүнүн аскерлери менен ага келди. Андагы Акимбек Абдывахапбек аларды чоң салтанат менен тосуп алды. Андан Үч-

Турпанга өтүшкөндө Кожосыбек күтүп алып, бир канча күнгө сыйлап, анын бийлигине ыкырар экендигин билгизди

Жаркен, Кашкарды ээлеген «кара такыялуу» кожолордун башчысы кожо Даниелдин уулдары кожо Жахан, кожо Жусуптар бир нече миңдеген аскерлери менен Ак-Суу, Үч Турпанга келишип, Бурханидин кожонун колу менен карма-шууга даярдана башташты. Алар менен кошо жүргөн жуңгар бийлөөчүлөрүнө каршы согушууга камданып келишкен. Өмүр мырза Кубат мырзалар тогуз кыпчак, сары калпак, найман, чоң багыш, отуз уул ж.б кыргыздарынан түзүлгөн аскерлерин баштап, кожо Бурханидин тарапка өтүп кетишти.

-«Кара такыялуулардын» негизги аскер күчтөрү Өмүр мырза менен Кубат мырза жетектеген кыргыз аскерлери болчу. Бөлүнүүдөн улам кожо Жахан менен кожо Жусуптун колу алсыздап, алардын ортосундагы ынтымак ыдырады. Кожолордун аскерлерин баштаган кожо Такыя менен кожо Момун Ак-Суу өзөнүнүн боюнда кошуунду баштап, Бурханидин кожонун аскерлерине карай чабуулга өтүштү. Алардын согуштук абалын жакшы билген Өмүр мырза менен Кубат мырза кошуун-дарын байкатпастан алардын аркасына өткөрүшүп, капыстан сокку беришти. Өктөм чабуулга кожолор такак бере алышбады. Аз эле убакыттын ичинде курчоодо калуудан коркушуп, бир аз кармашуудан кийин талкаланган колдорун эрчитишкен Такыя кожо менен Мөмүн кожо каршылыктарын токтотушуп, качып кутулушту. Алар менен кошо жүргөн Жаркендин башкы беги Баатырбек менен анын уулу Обозбек, Каргалыктын акимбеги Мирныязбек менен анын уулу Мировозбектер Бурханидин кожого келип, ыктыярлары менен кошулушту.

Кожо Такыя менен кожо Мөмүн Жаркендге шашылыш бары-шып, болгон окуяны, кожо Жаханга кабарлашты. Абалдын татаалдыгын байкаган куу кожо, кыргыз урууларындагы айрым топторго шашылыш кабар бергизип, төрт жүз атчан кыргызды чогултушту. Уруштан кабары жок, кожонун чакыруусу менен келген кыргыздарды ортого алдырып, кырдырып жиберди. Бул абалды угушкан кыргыздар Кашкар, Жаркендге бир нече жолу чабуул жасашып, кожо Такыяга оор сокку беришип, колун биротоло талкалап салышты.

Бурханидин кожо Чин империясы жиберген аскерлерди баштап Какшаал, Кара-Чий жолу аркылуу Кашкар, Жаркендге жүрүшкө аттанып келе жатканда Кубат бий анын алдынан утурлап чыкты.

Кыпчактардын уруу башчысы уйгур-кыргыз бирimдигин түзүүчүлөрүнүн бири Өмүр мырза калмактарга каршы көтөрүлүштү жыйырма жылга жакын жетектеп мусулмандар арасында өзгөчө орунду ээлеген эле. Ал Ферганалык кыргыздарды жетектеген кушчу

Кубатбек менен бирдикте калмактарга каршы согушту уланта берди. Анын баатырдык жолу Ак-Суу, Уч Турпандан, Кашкарга чейин жеткен. Чыгыш Түркстанда кожолордун бийлиги жарыялаганда Өмүр мырза вазир болуп, кызматын аткарды.

***

Кубат мырза алдын Кашкарды калмактардан тазалап, Бурханидин кожонун колун тосуп алды. Ал Кубат мырзаны аскер башчылыкка бекитип, «Кубат бахадур», «Мусулман аскерлеринин кол башчысы» деп атады. Анан аз эле убакыт ичиндеги кыраакы, ишкер мүнөзүн, ар кандай ишке көзү жеткен баамчылдыгынан улам Кашкарды башкаруучулукка дайындап, «Кашкардын акими» деп жарыялады. Бир нече убакыт аралы-гында ал шаарды тартипке келтирип, калктын ишенимине ээ болду. Кубат мырза өзүнүн кыргыз аскерлеринен башка Ак-Суу, Үч-Турпан, Кашкардан кошулган уйгур аскерлери жана алты жүз калмак, эки жүз ханзу аскерлерин кошуп, Жаркенди алууга жөнөдү Жахан кожо үч миң аскер топтоп Кубат мырзага каршы турду. Кубат мырзаны жеңүүгө оңой болсун үчүн Токол мырза, Кожомжар валий, Орус мырза өңдүү кыргыздарды жалдап, уруштун алдыңкы сабына койду. Кашкар, Жаркент тегерегиндеги чоң багыш, муңгуш урууларынын башчылары Сопу мырза, Аким мырза, Абдылдабек мырзалар өз аскерлери менен Кубат мырзага кошулушуп, Жаркенди камап, ортого алышты. Бир канча күн согушкан соң, камалоого туруштук бере албай Жахан кожо баштаган кожолор, Жаркенди таштап, качып кетүүгө аргасыз болушту. Кубат мырза чоң салтанат менен Жаркендин ордосун ээлеп, Бурхандинге кабар жиберди.

Бурханидин кожо Жаркендке келип, Абдылдабек, Сары жасоол, Мөнгү бий жана уйгурлардан Кудайжарбектерге беш жүз аскер берип, беш топко бөлүп Жахан кожону кармоого жиберди. Котондун акимбеги Кошкелекбек аскерлерин баштап келип, Бурханидин кожо менен Кубат мырзанын кызматын кылууга даяр экендигин билдирди. Ошентип, Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы бардык чоң-кичине шаарлар, айыл-кыштактар Бурханидин кожону бийлигине өттү. Бурханидин кожонун аброю Кубат мырза аркылуу күндөн-күнгө көтөрүлө берди.

Жаркенде кожо Яхья улуу бекке (Шайык-бек) Кудайберди бек, Каргалыктын башчысы Мираузбек, Токтобек, кыргыз Кубат бий кошулуп, Жаңы Гисарга келишти. Шаардын беги калмактардын ишенимдүү адамы болчу. Ал кайырдиндегилердин жардамы менен бийликке келген эле. Тополоңчулардын келгенин билгенде, аны

коркунуч басты. Ансыз да кашкарлык кожолордун кылыгын билип жек көрчү. Яхья кожо келери менен аны дарга асууга буйруду.

Андан ары Кашкарга карай жол тартышты. Алардын аркасынан Жусуп кожонун өлгөндүгү туралуу кабар келди. Кожонун арбагына арнашып куран окушуп, жол улашты. Яхья кожо колду Кашкарга киргизбей, Артушка кеткен жол аркылуу Учка карай алып жөнөдү. Узак жол басышып Ак-Сайга барчу жол менен Учка жакындап баратышты. Кашкарга Жаркенден көп кол келе жатканы кожо Бурханидиндин оюна да келбеген эле. Яхья кожо менен Момун кожо Уч шаарына келип, көп колду жайгаштырышып, кол башчылар менен кеңеш башташты.

-Бурханидин жана анын иниси хан кожолорго жана шаардагы калмактарга элчи жиберип, алардын жообун күтөлү. Эгер алар баш ийүүгө макул болбосо, салгылашууга чыгалы деген, бүтүмгө келишти.

Элчи болуп Бишкарамдын башчысы Мукарамбек, Кашкардын казначысы Токтобек, Жаркенден Өмүр мырзанын аскер башчысы, кыргыздардын мунку уруусунун аскер башчысы Хаким мырза жиберилди. Алар Яхья кожо менен Момун кожонун «Силерди исламга баш ийдирүү максатында, биз Жаркен, Котон, Жаңы Гисардын аскер топтору, кыргыздардын кыпчак, тогуз кыпчак, сары калпак, найман, чоң багыш, отуз уул урууларынан куралган аскерлер менен келдик. Биздин аркабызда «Бахадур бий» аталган таанымал Кубат мырза жетектеген бир нече миңге жеткен кол келе жатат. Сансыз аскерлер менен бизге баш ийбеген шаардыктарды туткундайбыз» деген катын бетке тутуп барышты.

Бурханидин элчилердин талабын угуп, өзүн сабырдуу кар-моого аракеттенди. Элчи болуп келген «кара тоолук» кожолордун ичиндегилер каардуу жана талапкөй мүнөздүү, эч кандай мээримдүүлүктүн, мусулман динине берилген сабырдуулуктун белгилери байкалбаган адамдар эле.

Бурханидин кожо аларды алдыртадан байкап, алаксыта, убакытты созууга аракеттенди.

-Макул. Силердин талаптарды уктук, билдик. Мусулман адамы катары ар бириңден сабырдуу болууну өтүнөм. Менин да, силерге билдире турган ой-пикирлерим бар. Аны да угуп, өз алдыңарча, же чогуу ойлонуп көргүлө.

Ал убакыт өткөрүп, жумшак сөзү менен элчилердин көңүлүн өзүнө буруп, ар бирин ойго салып жатты. Алар баягы келген-дегидей эмес, жумшара кожонун сөзүн угуп отурушту.

-Силердин башчыларыңар, ошол кошуундагы кыргыздар, же башкалар эгер биздин аскерлерге келип кошулса, биз башчы-бызга

кат жазабыз. Катта мындай деп белгилейли «Бизден талап кылгандарга Кашкар мамлекетин бериңиз. Алардын ар бирин, бир нече тукумуна жете турган белек, дүнүйө-мүлктөр менен байытыңыз. Канчалык согуштан пайда тапса, аларга эч ким жолтоо болбосун. Биз тарапка, же хан тарапка өткөн ар бир Кашкарлыкка, же Жаркендикке чоң белектер менен жогорку кызмат мансабын сунуш кылыңыз. Дүйнө-мүлк наамына кызыл мөөрү бар, жети тукумуна чейин жеткен күбөлүк (жарлык) бериңиз?» деп, өтүнөлү. Бул иштин тыянагына чейин аракеттенүүгө пайгамбарыбыздын урпагы катары убада беремин.

Угуп отургандар анын жумшак, ары сыпайы мамилесине муюшту. Өзүнүн сөзү, кимдерге канчалык таасир этип жатканын кожо алдыртадан байкап, көз салып отурду.

-Пайгамбардын урпагы кантип эле жалган айтсын? деди отургандар, өз алдынча ойлонушуп.

Элчи болуп баргандардан Мухарамбек баш болгон бир тобу, талаптарын тайманбай айтышып, кайра кайтышты. Казначы Токтобек жана аны менен бирге барган кыргыздар, өздөрүнүн уруулаштарын көндүрүп Кашкар аскерлеринин ичин иритки салып, Жусуп кожонун өлгөндүгү тууралуу жагымдуу кабарды айттышып, Бурханидин кожо тарабына өтүүгө убадаларын беришти.

***

Бурханидин Жаркендин ордосун ээледи. Такка отуруп ишин баштады.Анын жакындары шаарды алуунун маслатын кылып, ойлорун ортого салып жатышкан. Сыртта ирээти менен оң-сол канатка бөлүнүп, шахмат тактасына окшош жайлаштырылган Бурханидиндин колу, тынчсыздануу менен азирети кожонун бүтүмүн күтүп турушкан. Аскерлердин курамы Кашкар, Жаңы Гисар, Ак-Суу, Уч, Кучар, Сайрам, Бая, Даулан шаарларынын калкынын өкүлдөрү, ошондой эле, калмактардан, кытайлардан жана бир нече тоолук кыргыз урууларынын уулдары, Сопу мырза, Хаким мырза баштаган тогуз кыпчак, Өмүр мырза баштаган таз кыпчак, муңку, чоң багыш урууларынан түзүлгөн кошуундар болчу.

Жаркендиктердин кырк миңден ашкан колунун алдында Бурханидиндин аскери майда, алардын бир бөлүгүндөй экени баарына маалым эле. Бир гана буйрукту чыдамсыздык менен күтүп жаткан эки тарап, бир мезгилде чарт айрыла, ташыган селдей болуп, бири-бирин көздөй агылып баратты. Аба жарган кыйкырыктан улам, кагышкан үзөңгү, «жарк-журк» эте күн нуруна чагылган курал-жарактуу кармашкан кол, кең аймакты ээлеп калды. Миңдеген туяк

үндөрүнө, айгай салган кыйкырыктар кошул-ташыл болуп, эзели шаар эли көрүп-укпаган, үрөйдү учуруп, акыл-эстен тандырган алаамат, агыла ташкындап келип, шарт эте кагылышты.

Жалаң гана темирлердин кагышканына, көп аттардын кысыла онтогону аралашып, ортолук деңиз толкунундай уламдан-улам серпиле, кайнап жаткан чоң казандай туюлду. Барк-барк эте кайнаган суу, улам буу чыгара коюланып, серпилип, ташып кетүүгө жылчык таппай, биринин үстүнө, кайра бири түшүп, быжылдай аңтарылган кайнак суу тартыла, анан какшып, жалаң гана сөөк менен таш калгансып, суусунан буусу артып, кең аймактын үстүн кара туман басты. Канаты болсо да, бул жерден эч бир жан, бийикке көтөрүлө учуп, аман кете албайт болчу. Бир маалда ат өлүгү, эр өлүгү улам артып, ортолукта кыймыл азайып, кан менен жин аралаша жыттанып, кең аймакты каптап кетти.

Көптүн иши көптүк кылды. Алга канчалык илгерилеп, жутунушса да, көп колдон жылчык таппаган арткы Газыбектин колу, эми согуш талаасын жээктей сүрүлүп, бири-бири менен былчылдаша кармашып жаткан Бурханидин кожонун колун курчап, шакектей кысып баратты. Аны байкаган Кубат мырза Бурха-нидиндин аскер башчыларына чегинүүнү сунуш кылды. Алардын аркасынан үзүлбөгөн Газыбектин колу, оңой эмес аралыкка сүрүп келе беришти. Жалаң коргонууну көздөп, чабуулга чыгууга камданбаган шаардыктардын алдыңкы чектериндеги аскерлердин өздөрү да, аттары да чаалыккан болчу. Алар шаардан алыстаган сайын, жүрүштөрүн акырындатып, куугунга көп эле кызыгышпады. Дал ошол чакта, кетенчиктеп келе жаткан калмактардын да шайы ооп, алсырай башташкан. Газыбектин колу ошол учурда өктөм чабуулга чыкканда калмактардын колу Жаркендиктерге бута гана болуп бермек.

Жаркендик аскер башы Газыбек каршылаштарына жетип жетпей, чабуул коюумуш болуп, арсарсып келе жаткан. Жаркен-диктердин абалын байкаган Кубат мырза Бурханидин кожонун алдыңкы чектеги аскер башчыларын өзүнө чакырып, чабуулга өтүүгө буйрук берди. Кетенчиктеп бараткан кол, куралдарын оңдой, аттарын келген тарапты көздөй бурушту. Баятан бери, тийип-качып, куугунда келе жаткандай түрлөнгөн Жаркендиктер аларды көрүп токтой калышты. Куугунга кызыккан Газыбек колу менен шаардын чегинен оңор эмес жайга узап кеткени эми гана эсине түшүп, шашылыш артына кайтууну ойлоду. Себеби ага, душманга чабуул койгонго караганда, сепилдин ичинде коргонуу ыңгайлуу да, ишенимдүү да эле. Ал төбөдөгү желбиреп турган тууну ороп, артка чегинүүгө буйрук берди. Аны байкаган кыргыздар чабуулга өтүп, күүлөнө сүрүп киришти.

Ат мойнун аркага бурган жаркендиктер абдаарып калышты. Кыйкырык-чуу менен сүрүп келе жаткан кыргыздарды көргөн жаркендиктер, бири-бирине карабай качып жөнөштү. Алдыңкы чектегилердин абалы, арткы тараптагыларга билине элек болчу. Алдыдагы желбиреген туу жок, алактап-шашып, кайрылып келе жаткандарды көргөн аркы тараптагылар да, аларга кошула качышты. Жаркендиктер «Мусахир» шаар дарбазасынан чыгып, Каргалыкка кеткен жолдо, бири-бирине карабай качып бара-тышты. «Качкан жоону катын алат» болуп, ачык аянттардын акыркы чеги, токойго улангандыктан качкындар токойго жабы-лышты. Чытырман токой ичинде денелери тилинип, кийимдери тытылып, ар бир дарактын бутагында кийимдердин айрынды-лары, кайгынын белгисиндей болуп, шамалдын эпкининен улам баш-аламан делбиреп турду.

Дене-баштары тилинип, кийимдери тытылган качкындардын алдуусу кыйынчылыктар менен Заравшан дарыясына жетишти. Дарыянын ылдам агышына карап, эл ал өзөндү Тез деп аташчу. Тез дарыясы ташкындап агып, жөн адамдарды гана эмес, төө, атчандарды оп тартып, чамындыдай агызып кете берчү. Дарыянын жээктеринде адам бою муз тоңуп, ортолуктун эки тарабын туташтыра муз каптап турган. Качкындар узак жолдо күйүгүп, калың токойдо тоңуп, чоң дарыяда агып, оңор эмес азаптарды тартышты.

Ханзадалар Жаркен шаарын таштап, кеткен күнү Газыбек жакын санаалаштарын топтоп аларга:

-Ханзадалар элди таштап, өздөрүнүн баштарын калкалап, жакын тууган-уруктарын жана дүйнө-мүлкүн ала качып кетишти деп айтты.

Аларды куугунтуктоого Баржигин калмактары, Жаркендин шаар башчысы Рахманкул, Жаңы Гисардын башкаруучусу кыр-гыз Абдылда, Сары есаул, Бахадур бектин балдары, Жолдош молдо, Абдысатар, Аюпалвахабдын уулу Абдырахман Зарки, Ихмат Иманбектин уулу баш болгон аскерлер жолго чыкты.

-Качкындарды туткундап келгиле! Аё деген болбосун. Алар өз жазаларын алышсын деп, бир тараптан Бурханидин кожо да куугун жөнөттү.

Кудай сүйгөн кожолор суукта кайыгышып, ээн талаада көрбөгөн азаптарды көрүшүп, ачка-арып отурган чакта, куугун алты тараптан курчап алышты. Кыргыз Абдылда, тоолук Рах-манкул жана Сары есаул Жахан кожонун жанына барышып.

-Таксыр, азирети Жахан кожом. Сиз каалагандай болсун. Эгер Мекке-Мединага ажы сапарына баргыңыз келсе, биздин адамдар жолго керектүүлөрдүн баарын даярдап, Индиянын чегине чейин узатып коюшат. Эгер бул өлкөдө калгыңыз келсе, Бурханидинге

болгон ачууну унутуп, андан тынчтык сурасаңыз мүмкүн, ал макул болор– дешти

Жахан кожо алардын талаптарына макул болбоого, аргасы калбай калган эле.

Абдылда кожо төрт ханзада жоктугун байкады. Алардын өлүү-тирүүсү күмөн болчу. Ал туткундап кетүүчүлөргө кайрылды.

-Эгер силер бизди өлтүрүүгө келсеңер, өлтүргүлө. Биз мындай абалда болууну каалабайбыз. Өзүбүз курчоодо, үй-бүлөлөрүбүз туткунда. Башта бизди өлтүргүлө? Калгандар эмне болсо, ошол болсун. Биз тирүү маалда, мыйзамсыз жаман иштерге каршыбыз. Төрт ханзаданы бизге таап, алып келгиле?– деди.

Алар кайрымдуу кыргыздардын колуна түшкөн эле. Ханзадаларды аман-эсен жеткирип келишти. Түн жарымында Аб-дылда кожо ары корккондуктан эс акылдарын унута, чарчаган Токто кожону, Назар кожо Сабырдын уулу Кырак-эректи, Мырза Хайдарканды, Шахабидин Бакаулдун баласын Жахан кожону алып келишти.

-О биздин улуу атабыз. Мен сейит урпактарынан, бул бал-дарды алып кеткенге, канча жолу уруксат сурасам да, терс жооп алгам. Эгер уругубуз үзүлсө, ата-бабаларыбызга ишенгендердин урпактарына кимдер бата беришет? деп кайрылды.

-Мен силерди улуу Кудайга жана менин түпкү атам азирети Мухаммедге- алланын элчисине тапшырдым– деп Жахан кожо дарманы кеткен калтыраган колу менен бетин сылап батасын берди.

***

1725-1727-жылдары калмактар Кыргызстандын түндүгүнө жортуул жасашты, 1736-1738-жылдарда Бадахшан тарапка үч ирет жортуулга чыгышты. 1744-жылы кыргыздар менен калмактардын ортосунда катуу салгылашуу болду. 1745-1746-жылдары калмактар Фергана тарапка чоң жортуул уюштурушуп, жеңилүү менен кайтты. 1748–жылы кыргыздар Кашкар шаарынын тегерегинде калмактардын 10 миң жоокеринен 7 миңин мерт кылышкан. 1749-жылдын жай айларында кыргыздар 30 миң калмак колунун 10 миңин жок кылышып, душманды чегинтүүгө мажбурлашкан. 1752-жылы Ысык-Көлдүн жээгинде калмактарга катуу сокуу берип, кыргыздар жеңишке ээ болушкан.

Калмактар менен кыргыздардын ортосундагы чоң согуш 1748-1749-жылдарга туура келет. Ал согушту негизинен кашкарлык кыргыздар жүргүзгөнү белгилүү. Адегенде Зайзаң Доржи, кийин Лама Доржи башкарган жунгар колу согушта жеңилип, көп колунан

ажыраган. 1749-жылы калмактар кыргыздарга каршы 27 миң аскерин жиберген. Жортуул үч айга созулуп, кайрадан баскынчы-лардын жеңилүүсү менен аяктады. Бул ири жеңиштер кыргыз-казак мамилелеринин тарыхындагы бурулуш мезгилдин башталышы, тагыраак айтканда Ата Журтту баскынчылардан толук бошотуунун башталышы эле. Бирок Жунгар хандыгы бытыранды кыргыз-казак урууларына караганда али кубаттуу болчу. Калмактардын бийлигине моюн сунуп, оор салыктарды төлөп турган.

Текестик калмактар черик уруусундагыларды чаап, бүлгүн кылды. Суук кабарды уккан саяк Балбак баатыр, кыпчак Турдумамбет баатыр экөө кол баштап барышып, калмактардын шорлорун шорподой кайнатышты. Ага чейин калмактар моңол-дордон чыккан Кебек баатырды баш кылып, бир нече баатырды кошуундары менен талкалап кеткен болчу. Эл оң канатка Балбак баатырды, сол канатка саруу Төлөк баатырды кол башчылыкка көрсөтүшүп, жалпы жетекчиликти кыпчак Турдумамбет баатырга ыйгарышты. Турдумамбет баатыр колду Торугарт, Беделдин-Бели, Сары-Төрдү аша Кара шаарга жете барды. Торуул калмактын небереси Нуркачы баш болгон калмактар менен Сасык-Жийденин талаасында беттешип, жеңишти тартып алды. Кыргыздар Нуркачынын бир тууган иниси Шуаң ноенду буктурмада колго түшүрүшкөндө эле, жеңиштин колго тиерине терең ишеникен болчу.

Бостон уруугунан Сейитказы баатыр Нуркачынын тукуму Төш менен беттешээрде, калмактар замбирек атып жиберишип, кыргыздар бир топ кыргынга учурашты. Тейиттерден чыккан Жаныш баатыр эр жүрөктүүлүгүн көрсөтүп, кыргыз баатырла-рынын бир тобун шыктандырды. Калмактарга Сун Келен баш болгон манжулар беш миң аскери менен жардамга жетип келди, Балбак, Жунуш, Каракурман, Төлөк, Айчеке, Намаз, Акыл баатырлар көп колго туруштук бере албай, айлалары кетип качаарда Качыке менен Түлөберди баатырлар он миң кол менен жете келип, аларды сүрөөнгө алышты. Калмактар каттуу талкаланып, майдан талаасын таштап качышты. Кыргыз колу качкан жоону кубалап, Текес аймагынын бир топ жерин жоодон тазалап, аларды экинчи келгис кылышты.

Балбак баатыр ошол согушта көп олжо менен кайтып, Турпандын түндүгүндөгү Ит Кусканга келгенде Торуул калмактын тукумунан Шарап атту сулуу кызды олжолоп өзүнө нике кыйды-рды.

***

Хандыктагы ич ара ынтымактын бузулушу, ошондой эле Орто Азия жана Чыгыш Түркстандын калкынын, тагыраак айтканда кыргыз, казак, өзбектердин көз каранды эместик үчүн тынымсыз күрөштөрү Жунгар мамлекетинин алын кетирди.

Жунгар хандыгында ич ара келишпөөчүлүк күчөдү. Байлар жана алардын карамагындагы карапайым калмактардын ара-сында, таптык тирешүүлөр башталды. Жунгар урууларынын төбөлдөрүнүн арасында бийлик үчүн айыгышкан кармаш жүрдү. Калмак эзүүсүндө турган элдердин азаттык күрөшүн күчөтүп, Азиядагы кубаттуу мамлекет болгон Жунгар хандыгынын кыйрашын тездетти.

Хандын аталаш тууганы Дундук Серендин небереси Даба-чыны колдогондор көбөйдү.

-Хандык даража, бир сага гана ылайык. Сенин гана колуңдан келет-деген күш-күштөө Дабачынын күнү-түнү оюнан кетпеди. Бийликтин ышкысына мас болгон Дабачы, бир күнү капылеттен эле, күп-күндүзү, чак түштө бир тууганы Олоң Доржуну мууздап өлтүрдү.

Ордо тополоңго түшүп, ноендор алапайын таппай жаткан кезде Дабачы хандык таажыны кийип, такка жайма-жай отуруп калган эле.

Бийлик төбөлдөрү сырттан жабалактап шашыла, кирип келишкенде:

-Жуңгар ханы мен. Билип алгыла!– деп өзүнүн өкүмдарлигин жарыялады.

Өкүмдарликти улуу тутуп, ага жан-дили менен кызмат кылууну мойнуна алып, тикесинен тик тургандар, жаны контайчыны кубатташып.

-Хан, хан. Хан! деп кыйкырышып, ага таазим кыла, бийлигине моюн сунушту.

Давачы хандыкты ээлеп, Галдаң, Саун Рабдан, Галдан Серен сыяктуулар караткан жерлерди жана элдерди кайрадан өз бий-лигине алууга аскерлерин жөнөттү. Бирок Давачы менен хошоут уруусунун башчысы Амурсананын ортосунда хандык орунду талашкан карама-каршылык күч алып, бири-бирине каршы, күч топтоп кириишти. Бийликте турган Давачыны көбү колдоп кетишти. Ызааланган Амурсана Чин империясынын күчү аркылуу Давачыны жок кылып, илгерки Жуңгарлардын бийлигиндеги ойрот урууларынын хандыгын кайра түптөмөк болду. Хандыкты көксөгөн Амурсана «Көктүн ээсине» чоң үмүт менен барды.

-Улуу урматтуу асман эгеси! Бир өзүнүздүн алдыныэга, атайлап башымы байлап, өзүм келдим. Өмүр бою өлөттөр (кы-тайлар, калмактарды элюттар деп атаган).Улуу кытай империя-сынын чекесине чыккан чыйкан болуп, кандуу кылычын кургатпай, душман

болуп келди. Канча бир жолу эскерткенге, канча бир жолу баш ийдиртип, чөгөлөткөнгө карабай, ышкырган жебесин мээлеп, учту найзасын сунуп, жүз жылдан ашык, тынчынарды алды. Акыры Жунгар контайчысынын мураскору бир өзүнүздүн акылман эскертүүнүздү эсине албай жүрүп, акыры о дүйнөгө кете берди. Анын ордуна кайдагы бир салпаяк келип, бир тууганынан хандык талашып, аны мыкаачылык менен өзү мууздап, мыйзамсыз ордо тагына зордук менен келип отурат.

Адам кейпи жок бир сөлөкөттү башпаана кылган кошомат-чылар аны жандап алышып, асман эгеси-өзүнүзгө тен ата бол-мокко, куралдарын белендеп отурушкандыгын алдын ала билдиргени, атайлап келип отурам. Кечиресиз, мендей кулунузду? Ак кызматынызды кылууга, кашыныз менен серпилип, көзүнүздүн агы менен тен айланып, аз да болсо кызматынызды кылып, ак дилинизди агартып, көкүрөгүнүздү сергитип, көнүлүзгө жагам деген максат менен асман ээсинин алдында турам- деп Амурсака улам таазим кыла, чекесин жерге тийгизип өтүнүп турду

-Улуу империяга, ак дилинизден кызмат кылууга өзүнүздү арнаганыңыз, ырасбы?

-Дал ошондой улуу урматтуу, азирети таксыр.

-Кандай жардам күткөйсүз?

-Жунгар бийлигин колго алууга, аскер күчүнөн жардам берет деген ишеним менен келип отурам, таксыр?

-Жардам берилсе, кандай максатка пайдаланмакчысыз?

-Бийлик колума тийсе, элюттарды сизге, чөгөлөтүүгө убада берем.

-Эгер бийлик, колуна тийбесечи?

-Өз колунуздан өлүүгө даярмын.

-Мм, де. Бийликке колун жеткен сон, мурдагы контайчыларга окшоп, кандуу кылычынды бетке кармап жүрбө?- деди император көзүн жүлжүйтө кытмыр карап.

-Андай кылбай калайын, өкүмдар. Асмандын гана эмес, ааламдын падышасы сиздин, алдынызга башымды төшөп, ант берем! Кызматынаыздан аянсам, кашык каным сиздики- деп улам жер өмөктөп, императордун алдында он эмес, жүз бүгүлө ийил-ди.

Улуу император көзүн жүлжүйтүп, Амурсандын ичи-койнун антара, сынап турду.

-«Түлкү кутурса, өз ийинине карап үрөт» деген чыгыш элинин макалын уккам. Көрөбүз. Армия берем. Калганы өзүндүн аракети-не, жараша болот.

-Бир ооз сөзүнүзгө жаным курман, таксыр!-деп Амурсана жан-алы калбай кубанычтан аптыга, арты менен кетенчиктеп чыгып баратты.

***

Душмандар менен көптөн бери мамилесин үзгөн, улам тополоң салып Улуу кагандын көңүлүнө көк таштай тийген Жуңгарлардын сазайын берүүгө «Көктүн ээси» Амурсананын сунушун кубануу менен кабыл алды. 1755-жылдын экинчи айында Бандий, Юаң-Чаң, Амурсана жана аны менен пикирлеш болгон Салардын курамында көп аскер жибеди.

Көктүн ээси Жуңгар хандыгындагы ойрот урууларын бийлигин алардын өз башчыларына Черинге дөрбөттөрдү, Банжурга хошоутторду, Галдан Серендин урпактарына чоросторду, Амурсанага-жуйттарды бөлүп берди. Бул чечим ойроттордун баш хандыгын алууну көксөгөн Амурсананы канааттандырбады. 1755-жылдын аягында Амурсана чин империясына каршы көтөрүлүшкө аттанды. Аны Теңир-Тоонун түндүк тарабындагы мусулмандарды үгүттөп Жахан кожо (Нурханиддин кожонун бир тууган иниси) коштоп чыкты. 1756-жылы чин им-периясы Амурсананын колун талкалоо учурунда Жахан кожо Кашкарга качып келип агасы Бурхандин кожону чиндерге каршы көтөрүлүүгө чакырды.

Агасы анын пикирине кошулбады. Улуу каганга чын дилинен берилгендигин билдирди.

-Таксыр, өзүбүз Мухаммед алей саламдын уругу болуп, ислам динин таркатуучулар-ааламдагы мусулмандар арасында ардакталган кожо аталсак, кайырдиндегилерге кантип кошулабыз? Уккан, кулака да коошпойт. Аны билген жаамы мусулмандар эмне дейт? Сиз джихатка жамы мусулмандарды баштаныз. Ошондо сиздин аброюңуз көтөрүлөт. Жаамы мусулмандар арасында чоң караан экениңиз билинет. Кайырдиндегилердин башкасы кими болсо да, бутуңузду өөп, тооп кылып, ыраазы болушат. «Таксыр», «азирети», «ыйык» дешип, сыйынышат. Бизге кеңеш берип, пеш болуп, төбөбүздө туруп бериңиз?

Кайырдиндегилер ыдырап турганда, аларды мусулман ааламынан такыр жок кылып, экинчи баш көтөргүс кылабыз. Арканызга көз салыңызчы, миндеген мусулмандар турат. Туу башы болуңуз? Карааныңызды көктөн көрүп, баш уруп туралы? Биздин ханыбызсыз. Ишенгенибиз сиз, деп- «Хан кожо» атайлы?. Хан ата-лып, башчы болуп бериңиз?- деп жанын сабап,жалбырап да, мусулманчылыкка

такап өтүнүп, көшөрүп, суранып турду. Аңгыча ал жерде тургандар убадалашкандай

-Хан кожо! Хан кожо!- деп кыйкырышып, баары жабыла коштоп, кыйкырышып, этегине тооп кыла чурулдашты. Жомоктогудай көрүнүш, бул окуя.

Ары мусулманчылыкка, ары кожо тукумунун аброюна такалган Бурхнидиндин башы тумандады. Көптүн кыйкырыгы аны магдыратып баратты. Өзүн көктө жүргөндөй сезди. Бурханидин кожо үчүн бул бир Кудайдын жиберген бактысы эле. Көз ачып жумгуча жаамы мусулмандарга хан боло калыш, кимдин оюна келген. Мындай кайыптан келген насипти колдон чыгарууга болбойт. Анткенде кээ болот. Алла Тааланын берген ырыскысын тепкенге барабар.

Дини башка ханзулардын камчысын чаап, бийлигине баш уруп, отурган жерине жастык болуп, төшөлүп турган чакта моюн толгоого эч кандай айла таппай турган шартта көпчүлүктүн кыстаган каалоосу кожонун башын кеңгиретип, ары-бери чайкоого мүмкүн-дүк бергизбей, шылк эте алга ийкелип «маакул» дегенге мажбур-лап койду.

Оюна келбеген, түшүнө кирбеген өкүмдарлик-хан аталыш кожонун башын тумандатты.

-Хан. Хан кожо!-деп көптүн кыйкырыгы кулагына жаңырып, көөнүн көкөлөтүп, боюн балкытты. Мындайды, эч күткөн эмес. Болгону ойрот-калмактарга каршы күрөшкө, көптүн сүрөмөсү менен келген. Жеңишке жетишерине ишенген да эмес. Аны ханзу төрөлөрүнүн жөлөмөсү, аймактагы мусулмандардын колдоосу аттандырган. Ата-бабаларынын көп жылдан берки исламдын эрежелерин таркатуудагы ак кызматтары, «азирети» аталыштары, көптүн көңүлүндө болуп, кайырдиндегилерге каршы көпчүлүктүн көтөрүлүүсүндө да, ыйык эшендердин урпактары эске алынган болчу. Аны эсине албаган кожо, өзүн башкага сезип, ааламга батпай турду.

-Тукумдарыбыз ак сөөк. Ыйык пайгамбардын насилибиз. Атайлап келишип, өзүнө, бала-чакаларына жана жакындарына жакшылык тилеген пенделердин, Алла Таала насип эткен шарият жолундагы ниеттеринин кабыл болушуна бирден-бир себеп-керибиз. Берген баталарыбыз аларга жол ачат. Бизден ыраазычылык албайын, пенде балдары тилек-максаттарына жете алышпайт. Момун мусулмандар пайгамбарыбыз Мухаммед Алеки Ассаламдын тукумдарына чын дилдеринен, ак көөүлдөрүнөн кызмат кылуулары милдет. Биздин ыраазычылыгыбыз, берген баталарыбыз менен гана алар ой-мүдөөлөрүнө жетише алышат,-дешип, бардык

жакшылыктарга өздөрүн себепкер сезген кожолор ата-бабаларынын осуяттарын улантып, кийинки урпактарга да, ушул ойду үйрөтүшкөн.

Аталарынын осуяттарын ыйык туткан ага-инилүү кожолорго алардын мээр-шавкат, ыкластары түшүп, берген баталарынын шарапаты менен «хан кожо», «аалам кожолору» болуп отурушат. Кожонун балдары айныксыз кожо аталгандай эле, башкаруучулардын балдары башкаруу сересине чыгуусу бузулгус эреже катары сезишкен. Алардын акыл-эсине, жөндөмүнө карабай мураскорлук биротоло энчиленген. «Кудай кылса, кубарыё барбы?» дегендей, ал энчиге башкалар ээ боло албайт. Мына, ошол азирети эшен-олуя аталарынын колдоосу менен «хан кожо» аталып, көкөлөдү. Мындай ыкыбал-ырыскерчилик кана, алардан башка кимде бар? Азирети эшан бубаларынын осуяттарын улап, эми минтип, кайырдиндегилердин ыйык күрөшүнүн төбөсүндө турушат.

-Э, Алла, ушунуңа да миң мертебе шүгүр. Эми казат жолуна Азирети Алинин сыйкырдуу кылычын колго тутуп, жаамы момун мусулман пенделерин баштап, «джигатка» аттануунун кези келди-деген кожо Бурханидин ата-бабаларынын рухуна тооб кылып, жүзүн аяр сылады.

Бирок, ыйык кожолорду туу тутуп, баскынчыларга каршы күрөштүн чакырыгы кайра эле кожолордун кызыкчылыктарына айланды. Ага-инилүү кожолордун бийликке жетүүгө болгон аракеттери кайра жанданып, бир калаа менен экинчи калаадагылардын ортосундагы каршылык күчөй баштады.Аны Кубат бий сезип, көпчүлүктүн күрөшүн кожолордун кызыкчылыгына эмес, баскынчыларга каршы бурду. Кожолордун согуштук аракеттердеги тажрыйбасыздыгы, ойрот-калмактардын жана алардын ишеничине кирген кызматкерлеринин өз кызыкчылыктарын колдон алдыргысы келбеген каршылыктары эбегейсиз кан төгүүлөргө алып келди. Ортолукта күнөөсүз шаар тургундары таланын-тонолуп, зордук-зомбулук күчөдү. Карапайым калк запкы чекти. Кубат бий жана анын уруш өнөрүнө маш жигиттери көпчүлүк арасында зомбулукту болтурбоонун аракетинде, тартипсиздикке баш-аламандын болушуна жол коюшкан жок. Мындай аракеттерди Бурханидин кожо да жана анын иниси Жусуп кожо да туура кабыл алышпады. Кайра өздөрүн башчы көргөзүшүп, буйруктарын аткартуунун аракетинде болушту.

-«Анжиан кыргыздарынын ханы», «ары акылман», «баатыр» деген эл оозундагы даёаза кожолордун итиркейин келтирди. Кыргыз бийинин кошуунунун тартипти сакташы, баш-аламанга жол бербеген ынтымагы, кайсыл жерде болбосун баалана берди. Ары уруш өнөрүнө маш, карапайым элге казап көрсөтпөгөн кошуундун

даёазасы бир шаардан, экинчи шаарга өздөрүнөн мурда жетип жатты.

Кашкар аймагындагыларга эрдиги жана адилеттиги менен таанымал болгон бийге, калың элдин ортосунда «баатыр» деп, «Кашкар шаарынын башкаруучусу» атап, кожо өзү жарыялаган.

«Анжиандык мырзанын көңүлүн алсам, ал мага кол бала болуп берет» деп ойлогон. Ырас, аскер өнөрүнө маштыгы, кандай татаал жагдайлардан болсун, жолун тапкан акылмандыгы, эчендеген айкаштардан айбыкпаган шердигине кожолордун эч бири тең келе албады. Барган жерлерди тескеп, тартипке салды. Ары катаалдыгы жана талапкөйлүгү менен «моюн толгогондорду чөгөлөт\п», айтканын аткартты. Ал тургай кожолор өздөрү да, жортуулда, майдан талаасында, анын дегенин аткарууга мажбур болушту. Уруш жолун беш колундай билип, кайсыл мезгилде, кай тараптан, кантип жүрүш кылаарын кыргыз мырза өзү билди. Ыйык аталган кожолор көп алдында караан болуп, «желек сымал желбиреп», анын айткан жагына, буйруган тарабына сүрүлүп жүрүштү. Көп катарында, ат үстүндө гана болбосо, чабуулга баштап, ач айкырык салып, жалаң куралды жалаңдаткан эрдиктери байкалган да жок. Майдан сабында жүргөндөр алардан эрдиктерди да күтүшпөдү. Болгону, курчоодон аман чыгышканда кожолор «колдоду»-деген гана түшүнүктө болушту.

-Кайырдиндегилерге каршы күрөш казабат. Мусулман баласы үчүн миң бир соопко барабар. Өлгөнү шейит, тирүүсү «газы». Аркы дүйнөгө барганда үңкүр-маңкирге сурак бербейт. Тез эле бейишке чыгат-деген кожолордун үгүтү мусулман пенделерин шыктандыр-ды. Чыгыш Түркстандын ар бир калаасын калмактардан тазалап, кийинки күрөшкө аттанаарда кошуун алдына чыккан мырзанын атын даңазалаган миңдеген жоокерлердин үндөрү биринен өтүп, бирине жетип, жеңиштин куңгуроосундай кагылды.

-Кубат баатыр! Хан Кубат! деген үндөр күрөш сабында-гыларды шыктандырса, ага-инилүү Бурханидин кожо менен Жусуп кожонун итиркейин келтирип, өзөктөрүн өрттөдү. Кызганычтан улам кабактары бүркөлүп, өңдөрү томсорду. Эртең эле «өздөрү чоң ишеним берген мырза», өкүмдарликке өтүп, бийликти колдорунан жулуп алчуудай туюлду. «Кыргыз падышасы» аташкан, мырза келгенден бери, кыргыз ууру башчылары ага таянышып, бийлик төбөлдөрүн тоготушпай, өз билгендерин кылышы, ага-инилүү кожолорго жакпай жүрдү. Бул аймакта, кайдагы бир анжиандык эмес, өздөрү бийлерин билдирип коймокко, Кубат бий жортуулга кеткен чакта, кошуундары менен кыргыздардын чоң багыш менен кыпчак уруулары жайгашкан аймактарга барышып, «шаардыктарды талап-

тоношкон» деген шылтоону беттерине кармашып, чаап, тоноп келишти. Аны уккан Кубат мырза кошуундун башчыларынын алдында, кожо Бурханидин менен кожо Жусуптун кол башчылыгына карабады.

-Мусулман мусулманды жабырлантбайт. Бир тууган деп билебиз. Жалпы мусулмандардын пири аталган кожолор, күнөөсүз журтту талоонго алынышын кандай түшүнөбүз, азирети кожолор?

-Таксыр- дешип, колдорун көкүрөктөрүнө ала ийилип, тике кароодон жазганышып, «бир касиети тиер бекен» деп кайрылыш-кан, көпчүлүккө көнгөн кожолор, мырзанын жалтанып да койбой, тике айткан сөзүнө теригишти.

Жахан кожо өзүнүн ким экенин эсине салмакка.

-Кайырдиндегилер баштанып, «өз бир туугандарын» тоногон-дорго көрүлгөн жаза!- деп эскерте кетти.

-Кайырдиндегилерден жапа-чегип, кордук тарткан момун-дарды чаап, «кандуу булоон» кылып, талап-тоного кантип дитиңер барды, азирети кожом?

-Астапр-р алла, кожолорго мындай кайрылууга мындай кине коюга болбойт. Бизди, кимдерге теңегиңиз бар, Кубат мырза?

-Мусулмандарды мусулмандардын чабышы күнөө болбойбу?

-Кубат бахадур! Ыйык кожолордун тукумдарын күнөөлөгүңүз барбы? Биз мусулманчылыктын чегинен чыккандарды жазаладык!

-Кожолор башында турган кошуундун, талап-тоноосун кайыр диндегилерден кантип айрымалоого болот?

-Кожо тукуму күнөө жасамак тургай, аны оюна да албасын, жакшы билесиз, бахадур Кубат мырза!

-Билдик «азирети кожом». Көрсө, кожолор үчүн мусулман-дарды чаап, тоноого жол табылат тура! деп Кубат шарт бурула, басып кетти.

Мырзанын жалтанбай кожолорду жарга такаганы айланада тургандарды таң калтырды. Аны ар кими, ар кандай түшүндү.

Кубат мырза турганда, өздөрүнө жол тийбестигине ага-инилүү кожолор, биротоло ынанышты.

Жахан кожо жергиликтүү бек, акундардын тобунун орто-сунда агасына «Хан кожо» деген атак берип, анын кол алдына он миң «ак такыя» сопуларды баштап көтөрүлүшкө аттанды. Көктүн ээсинин Теңир-Тоонун түштүк тарабындагы аймактагыларды башкарууга жиберген Аминдавды аскерлери менен кожо өлтүрүп, «кара такыялуу» кожолорду талкалап, улуу каганга караган жергиликтүү аким, бек, бийлерди бийликтен кубалап, өздөрүн куугунга алды. 1758-жылы Бурханидин кожо Кучар жана анын башындагы Ак-Суу,

Уч, Турпан, Кашкар, Жаркенд, Жаңысар, Котен аймактарын ээлеп, өзүнө «Баатыр хан» деген атак берип зоболосу алда кайда көкөлөп турду.

***

Бектин кожолорго көңүлү тойбоду. Кечээ эле калмактарга каршы аттанып, дин исламдын туусун көкөлөтүп, өзүн «хан кожо» атап, «кайырдиндегилерге казат кылам, жаамы мусулман дөөлөтүн тикелейм» деп, чин бийлигинин аскерлеринен кол курап, алардын шилтеген жагынан кайра тартпай, жасакерленип жүргөн эле. Бүгүн кайра кектешкен душманынын желегине айла-нып, чиндерге каршы курал көтөрүп отурат. «Суу ичкен кудугуна түкүргөн» кожолордун максаты эмне?

-Пайгамбардын уругунан болобуз. Ак сөөкбүз, бу жалган дүйнөдөн, чын дүйнөгө барганда да, дини бөлөктөр менен келише албайбыз. «Кайнаса каныбыз кошулбайт. Жабыштырса этибиз бирикпейт. Ниетибиз, дилибиз башка»- дешип, элди үгүтөгөн-дөрдүн кылганы ушубу?

Контайчы болуп, калмактарды кайрадан бийлейм деген Амурсана менен табакташ болуп, кече күнү эле атасындай жакын көргөн чин «бийлигинен бет бурганы эмнеси? Же «хан кожо», «баатыр кожо» деген атагына эсиргениби?

Тамчыдай болгон ойрот-калмактар ким да, көлдөй көлкүгөн кытайлар ким? Аны көрүп, билип турган кожолор мынча неге эсирет? Атаңын көрүү. Аз эле убакыт аралыгында бийлик, так талашуудан, бирин-бири жалмаган ойрот-калмактардын ыркы кетип, өз ара кармашуудан кан төгүлүп, эчен ноен, зайсаңдардын бейажал баштары кетти. Бийлик талашкандардын кесепетинен канчалаган момундар алардын курмандыгына айланды. Карапайым элди, эртеңки күндү ойлогон эч кимиси болгон жок. Ойрот-калмак дөөлөтү желдей сапырылды. Ынтымакты эстен чыгарышып, жүздөгөн жылдар аралыгында зордуктун күчү, зомбулуктун аракети менен араң тикеленген жуңгар мемлекети чынынын сыныгындай тыркырады. Курал менен түптөлгөн бийлик, курал менен ыдырады.

Эзели келишпес душманына кожолор эмнеге кошулуп отурушат? Бийлик үчүн дилин, динин берүү кожолордун ата-ларынан калган эски бир мураспы? Бул да болсо алардын бийликке болгон умтулуусу.

«Ак топучан», «кара топучан» болуп бөлүнүшүп, бирин-бири кырып, биринен экинчиси кызганып, «Жунгар бийлигин Кашкарга

орнотуп берем»- деп мындан элүү жыл мурун, калмактардын он эки миң аскерин баштап келип, Жаркен элин канга боеп, ордону бийликке сатканына тарых күбө.

«Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма» деген макал, эл арасынан жөн жеринен чыкпаптыр. Кожолор эмнеге «калмактар менен күрөшүп, боштондукка жетишебиз» дешкен. Бүгүн келип, кандуу жырткычтын бөлтүрүгү болгон Амурсана менен биригип, чин бийлигине каршы чыгып отурат.

Кытай оңой жоо эмес. Кыян-сел болуп каптаса калмагы да, ага табакташ болгон кожолор да чамындыга айланып өздөрүн эмес, аттарын таппай калат. «Алдын ала айтып берүүчүсү бар» кожолор аны билбейби? Билет. Билгенде да кандай? «Баатыр хан» деген атак, өкүмдарлик аны мас кылып, башын тумандатып, көзүнө эч нерсе көрүнбөй турган чагы. Эл тагдыры, эртеңи, эсинен көтөрүлүп, убактылуу бийлик сересинде калкып турган мезгили. Эми кытай тараптан соккон жел эпкининен кутула албайт.

Бек Чыгыш Түркстанга келээрде, кожолордун кайрылуусун алгандан соң ойлонгон. Калмактардан биротоло кутулушса, эки аймакты бир кылып, өз алдынча ээлик кылып, кыргыз дөөлөтүн тикелөөнү максаттанган. Аны Ажы бий колдойт. Уруу башчылары да ынтымакка баш бириктирүүгө ыкарар болоору анык. Себеби, калмактардын көрсөткөн кордугу сабак болду. Биригүүнү учур талап кылып турат. Бөлүндү болгондорду «бөрү» жеди. Чачылгандарга «чагылган» тийди. Калың калмактардын «кара чабуулдары» кимди болбосун эсине келтирди.

Ынтымакты туу көтөрүүгө максаттанган Кубат баатыр алкынган аргымагын алга теминди.

***

Кашкар, Жаркентте көтөрүлүш чыгарганда Бурханидин кожого жардамдашып, Кашкар, Жаркент, Котенди колго алууга көмөк-төшкөн кыргыз уруу башчылары Өмүр мырза, Кубат мырза, Абдылдабектер өз аскерлери менен тоо таяна кетишип, кожолорго алык-салык берүүдөн баш тартышты.

Чин аскерлери Кучарды ээлегенде Нурханидин кожонун колу Ак-Суу менен Уч-Турпанды таштай качты. Заман Кулубек баштаган Ак-Суулук кыргыздар Жахан кожонун аскерлерин кубалап жүрүп сокку беришти.

Ошол жылдын күзүндө Жахан кожо Жаркент суусунун боюнда бир нече ай генерал Жавхуйду камалады. Кашкардын батыш тарабындагы кыргыз-кыпчак уруусунун башчысы Акимбек башкарган

топ, Кашкарга чабуул жасап каршылаштарынын колун тымтыракайын чыгара кубулап, шаарды ээлеп алды. Нурханидин кожонун жолун тороп, Жахан кожонун колуна баруучу азык-түлүк, курал-жарактарды өткөрбөй, эки кожонун байланышын үзүп койду.Натыйжада кытай генералынын Жахан кожонун камалоо-сунан кутулууга жол ачылды. Акимбек баштаган кыпчактар менен айылдаш отурушкан адигине, мунгуш, сарбагыш өңдүү уруулар биригип Кашкар,Жаркентке чабуул жасап, ээлеп, кожолорго сырттан келүүчү жардамдарынын жолун бууп салышты: Кожо-лордун чаңы сапырылып, генерал Жавхуй кошуну менен аман калды.

1758-жылы бешинчи айда «Көктүн ээсинин» аскерлери Нурханиддин кожо менен Жахан кожо турган Кучарга чабуул жасап, шаарды тартып алды. Онунчу айда «Улуу кагандын генералы Жавхуй Ак-Суудан Марал-Башына чейинки шаарларды, андан соң Кашкар, Жаңысар,Жаркент, Котон шаарларын тартып алды. Бурханидин кожо менен Жахан кожолор Памир тоосунан ашып, Бадахшанды көздөй качты.

1759-жылдын жетинчи айында Чин аскерлери чон-кичине кожолорду Памирден өткөрө кубалап, Бадахшанга барганда, аким, бий жана андагы кыргыз уруу башчылары, аларга ат көөлүктөн жардамдашышып, бирге урушка киришти. Теңир-Тоонун батыш тарабындагы Бухара шаарына чейинки аралыктагы чоң он беш кыргыз уруулары Ажыбийдин жетегинде чин империясынын карамагына өтүүнү кеңешишти. Генерал Жав Хуй Кытананы Коконго жиберип, Ажы бийдин өтүнүчүн кабыл калды. Аны уккан Эрдене өзүн Чин империясына багынганын билдирди.

Жуңгарларга каршы согуш жарыялады. Жер жайнаган кандуу аскерлеринин алдынан чыккан ойрот-калмактар кимдигине карабай куралдын курмандыгына айланды.

Улуу каган Амурсананын артынан куугун салды. Кытайлардын калмактарды биротоло талкалоо саясаты кошумча болуп, Орто Азиядан Россиянын Астрахан аймагын көздөй аман калган калмактар качып, көчүп кетүүгө аргасыз болушту. Кыргыздар кубаттуу күчкө айланып, Чыгыш Түркстанда жергиликтүү элдердин кытай баскынчылыгына каршы күрөшүнө зор колдоо көрсөтүп турду. Чин бийлик төбөлдөрү бекеринен кыргыздарга кылдаттык менен абайлап мамиле кылып, аларды тынчтык сүйлөшүүлөр аркылуу өз тарабына тартууга, же бейтарап кылууга аракеттениш-
-пеген.

Чиндердин манжур мураскердиги бийлеп турган кытай тараптан катуу, кыйраткыч соккуга кабылышынан улам Жунгар хандыгы

кыйрап жок болду. Бир миллионго жакын эл, ырайым-сыздык менен өлтүрүлдү. Аман калганы Орусиягы, Орто Азияга качты. Алардын бир бөлүгү кыргыз журтуна баш калкалап, кийин «сарт калмак» деген жаңы урууну түздү. Чыгыш Түркстанды басып алгандан кийин Чин бийлиги бул аймакты Синь-Цзян (жаңы чек, жаңы ээлик) деп атады.

***

Жунгар хандыгын талкалаган соң, Чин бийлиги Чыгыш Түркстан жана Орто Азия элдерин багындырууга умтулуп коркунуч келтире баштады.

Чыгыш Түркстанда Кытайдын бийлиги орногондон кийин, андагы кыргыздардын бир бөлүгү Кыргызстанга журт которушту.

***

Орто Азия хандыктары жана чачкын кыргыз уруулары баш кошуп Жунгар хандыгына каршы тура албагандыгы ар дайым Чин империясынын көңүлүнүн борборунда болду. Жуңгар хандыгы Моңголия менен Халканы, Чыгыш Түркстанды каратып алышы Улуу кытай дөөлөтунун саясатын өзгөрттү. Манжу өкмөтү аскер күчү менен Жунгарлар менен кармашууга, андан соң Чыгыш Туркстанды каратып алууга кам ура баштады. Борбордук Азияда басып алуу саясатын жүргүзгөн Чин бийлиги « Жапайылардын колу менен жапайыларды каратып алуу» жобосун тутунду. Жунгар хандыгына каршы согушка чиндер казактарды, ал эми Чыгыш Түркстанга каршы кармашта кыргыздарды пайдаланышка аракет кылгандыгы ошол кездеги кытай булактарында айкын чагылдырылат.

Чыгыш Түркстан жөнүндө кол жазмалар жана алардыгы кыргыздар тууралуу маалыматтарда кыргыздар (буруттар) ойроттор менен кармашып «тополоңдон качып, тоо жамынган» эки ажырымга түндүк-түштүк канаттары бөлүнүп, оң жана сол канат кыргыз урууларынын жайгашуусу баяндалат. Кыргыздын түндүк-түштүк канаттары делинип, алар жашаган географиялык аймактар ыраатты менен аталат. «Си-юй-тучжи»- «Батыш аймактарынын географиялык жазылышы» аттуу дарегинде батыш жана чыгыш кыргыздары жөнүндө маалыматтар, «Циньдан Хуанюйси юй-тучжи»-Жогортон бекитилген Батыш аймактын географиялык баян-дамасында» батыш жана чыгыш кыргыздарынын чек арасы, калкы-нын жашоосу баяндалат.

«Сиюй-чжи»- «Батыш аймактар баяны», «Хуйцзян-чжи»-«Мусулман аймагы жөнүндө баян», «Вайицинсин»- «Сырттагы жапайылар жагдайы», «Да Цин личао шилу» - «Улуу Цин сулелеси тары-хы» «Сичуй яолюе»-«Батыш аймагы тууралуу негизги маалымат-тар жыйнагы», «Циньдин Синьңзянь шилюе»- «Улуу мартабалуу өкүмдар бекиткен Синьцзянь баяны» сыяктуу булактарда чек ара кызматынын системасы, бөтөн элди башкаруу, кыргыз (бурут) урук-журттарынын жайгашуусу, алардын чарбалык турмушу, ошол учур-дагы саясий абалы, андай шарттарга чара көрүү, башкаларды тес-көө ж.б.у.с. Кытай менен ар кандай алака-мамиле түзүшкөн мамле-кеттердеги жана андагы калктарга жапайы букаралары катары караган. Башкаларга эреже, талаптарын аткартуудa Көкө Теңир жалгаган дөөлөт башындагы мартабалуу өкүмдардын жана ал башкарган Кытайды көтөрө чалып, көкөлөтүүчү көз караштар өкүм сүргөн маалыматтар берилген.

Чин бийлик төбөлдөрү Орто Азияны айрыкча Кыргызстандын аймагын, географиялык шартын, жолдорду жана ашууларды, сууларды, шаарлардын жана айыл-кыштактардын жайгашын, кай жерде, кандай уруу-топтор жашаарын, алардын чарбалык иштерин аяр каттап, терең изилдөөгө алышкан. Зарыл учурда байланыш түзүп, алака жасоого же камынтпай басып алууну көздөп атайын элчилерди жөнөтүп турган. Ага кытай архивиндеги «Жуңгарияны тынчытуу башы» жана «Жаңыдан каратылган калкты кандайча башкаруу жөнүндө» өңдүү тарыхый булактарда берилет.

Манжур-цин аскерлеринин батышка жортуулу жөнүндөгү документ-материалдарды жана кытай жыл намаларын, алардын Чыгыш Түркстанды каратышы, кыргыздардын XVIII кылымдагы турмуш тиричилиги жөнүндө Бээжинде көп жыл иштеп, мекенине баалуу кытай жылнамаларын алып кеткен белгилүү орус чыгыш таануучусу А.С.Пушкиндин досу (акынга өз китептерин тартуу кылган) көбүнчө Иакниф ата деген кечилдик аты менен таанымал болгон, окмуштуу Н.И. Бичуриндин эмгектери тарых барактарын ачып, ишенимдүү далилдер менен маалымдалат.

**Уландысы бар**

## Пайдаланылган адабияттар, маалыматтар:


1. В.В.Бартольд «Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектери» Бишкек 2004
2. Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана (XIII-XVIII вв) Б. Кыргызстан 1996
3. Анвар Байтур «Кыргыз тарыхынын» лекциялары мамлекет-тик «Учкун» концерни 1992.
4. М.А.Салахетдинов «Сообшение о киргизах в хидайте наме» Мир-Хальад-Дина
5. М.А.Салахетдинов «Сочинение Мухаммед Садыка Кашкари» «тазкира-и-Ходжаган» как источник по истории киргизов
6. М.А.Салахетдинов «Сведения о киргизах в «Абдулла -намэ» Хафиз-и таныша
7. В. Мокрынин, В Плоских «Кыргызстан тарыхы» Б «Кыргызстан» 1995
8. Ө. Ж. Осмонов, А. С. Мырзакматова «Кыргызстан тарыхы» Б. «Педагогика» 2000
9. С. Аттокуров «Кыргыз санжырасы» Б.Кыргызстан 1995
10. «Легендарлуу ырчылар жана сынчылар» Б «Ала-Тоо» басмасы 1994
11. И . Есенберлин «Алтын Ордо» Б «Бийиктик» 2003
12. М. Нурматов II том Б «Турар» 2014
13. С. Закиров «Кыргыз санжырасы» 1996
14. «Кыргыздар» Б. «Бийиктик» 2011
15. Т. Абдыразаков Ноокат району
16. Китепке демилгечи Арынов Эргешаалы

Редактору: Маматибраим Самиев
Тех редактору: Тойчуев Канат
Компьютерге тергендер: Ыдырыс кызы Атыргул
Бекмамат Суранчыев.
Сүрөтчүсү: Абдуллаев Азимбек Коңурбаевич.

Терүүгө 19.12.15. берилди. Басууга 25.02.16. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 16/1. Офсеттик ыкма менен басылды.
Көлөмү 25 басма табак. Нускасы: 1300 даана. Келишим баада.

«Кагаз Ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86г
Тел.: (03222) 4-69-16

**Кубат бийдин Алайдын Мурдаш айылындагы урпактары:**

Кубат бийден Болумбий.
Болумбийден Чоболой. Чоболойдон Балкабек.
Балкабектен Шалаке, Шамаке.
Шамакеден Бактыбай, Бегимат.
Бактыбайдан Арык. Арыктан Боромбай, Токоной. Боромбайдан Зулпукар, Чоткара, Матай, Алатай, Сопу.
Зулпукардан Кара. Чоткарадан Маматемин. Матандан Сатар.
Алатайдан Нурдин, Койчубай. Нурдинден Рысбек, Надырбек.
Сопудан Түмөн, Чапкын, Аким.
Түмөндөн  Келдибек, Кубаныч, Токтогул, Бакыт, Совет
Чапкындан Алтын, Алмаз, Турусбек.
Акимден Баатыр, Азамат, Эрмек.
Токонойдон Аттокур, Исламбек.
Аттокурдан Маматкул, Турдубай, Шамши, Арын.
Маматкулдан Кадырмамат, Нурмамат.
Кадырмаматтан Кулам. Турдубайдан Чотон.
Шамшиден Кадыр, Апсамат.
Арындан Садыбакас, Эргешалы, Билал.
Бегиматтан Бейшегул, Айбаш. Бейшегулдан Календер.
Календерден Маматали, Мамат.
Маматалидан Балтабай, Абдыкайыр.
Балтабайдан Жээнбек.
Жээнбектен Нурпазыл, Мыйманбай.
Абдыкайырдан Сартбай.Маматтан Токтосун, Болум.
Токтосундан Жаныбай, Бектемир. Эсен
Айбаштан Таштан. Таштан Турдубай.
Чодондон Дүйшөн, Жорош, Жолдош, Эркин.

**Кубат бийдин Ноокен, Сузак аймактарындагы урпактары:**

Калча бийден Нарбото, Кубат бий, Сүйүндүк, (Мендуулат)
Кубатбийден Абайылда, Берк.
Абайылдадан Жаныке, Бекназар.
Жаныкеден Эгемберди, Ысмайыл, Төрөкелди, Маматали.
Төрөкелдиден Рахматилла, Маматалиден Сами, Шамшидин, Ашимбай, Жолборс.
Бекназардан Маат, Кулумбет, Исакул ажы.
Мааттан Атакул, Андан Жетимиш. Андан Авазбек.
Кулумбеттен Алдаш, Алдаштан Аван. Авандан Артык, Болот, Аширбек Жамгырчы.Исакул ажыдан Омор, Жунус, Береналы, Самат. Жунустан Камил. Саматтан Султан, Андан Назар. Назардан Курбан. Курбандан Чырмаш.Эргеш, Тиргеш, Кубаныч, Арзы, Асан. Берктен Рустам, Назар. Рүстөмдөн Чеке, Кылыч. Чекеден Мама, Акылбек. Мамадан Турдумамбет, Сулайман. Баймурат. Баймураттан Ысак молдо. Ысактан Абдырахман андан Берк, Айбек. Кулчук бийден Жумабай. Андан Кудайберди, Тайча, Капар. Кудайбердиден Малик, Мамадан, Орозали калпа андан Маматкул, Ахматкул
Капардан Токтомурат, Камчыбек, Мыктыбек, Кадыш.
Бердикожо, андан Баатыр, андан Кадырбек, Баймырза.
Күсөр бийден Субан, Атай. Сулаймандан Максыт, Маматкабыл, Исабай, Субандан Сыдык андан Токтомуш. Токтомуштан Акматжан, Маматжан, Жамгыр, Абдиллажан, Жоомарт.
Кыдыралиден Ажикул, Бекжигит андан Кенен, Кеңеш, Айбек.
Кылычтан Чоко. Андан Абди. Андан Султан. Андан Жантөрө.
Кубат бийден Абыл, Кабыл,
Абылдан Калмурза, Биймырза, Баймырза. Калмурзадан Касымбек, андан Сулайман калпа, Андан Али. Алиден Минай, андан Токтомамат.
Биймырзадан Аблаким, Ысакбек, Ысабай.
Сузактагы Баймырзанын балдары:
Баймырзадан Карабек Жумадил, Сары молдо (Кеминде). Карабектен Момун. Момундан Бекмамат, Жоробай, Бектемир, Орозбай, Олжобай, Жаанбай Жумадилден Калмырза, Биймырза, Баймырза, Күсөрбий, Кулчукбий, Чулчукбий, Кыдырали.
Калмырзадан Алимбек, Эшимбек, Шамек, Султан, Козубай, Кубат, Толубай, Сыргабай. Осмон, Ташболот.
Алимбектен Молдош, Кошой, Кумаша, Камил. Молдоштон Исамамат, андан Кубаныч. Камилден Сатыбалды, Капсалан, Шамши, Сали. Эшимбектен Абдыкерим, андан Торобек. Торобектен Өмүрбек, Мырзамбек, Мырзакул, Олжобай.Кубаттан Ашим, Темиркул, Турсунбек, Ашимдан Сыргабай, Кожали, Темиркул, Асил. Турсунбектен Тилек, Эмил, Бейшен. Кожалиден Кубаныч. Шамектен Жолдош. Козубайдан Акматали. Султандан Амиракул.
Толубайдан Мамажан, андан Сатарбек, андан Мурат.
Осмондон Рахманберди, Нурмамат, Бекташ. Нурмаматтан Токтосун, Токтогул, Токтомурат.Эшмурат, Рыскул. / Эшмураттан Амантай, Орозбек, Замир. Рахманбердиден Искендер. Рыскулдан Арсен. Бекташтан Ташболоттон Чомо, Батырбек, Мамаш, андан Тагай.